Мубара АБДИЛАТИПОВА

КЫЛЫМ КАРЫТКАН АЙЫЛ

(Тарых, таржымалдар)

КЫЛЫМ КАРЫТКАН АЙЫЛ

(Момбеков айыл аймагынын жана бул айылда төрөлүп-өскөн татыктуу инсандарынын тарыхый баяндары)

БИШКЕК- 2017
«Улуу Тоолор»

УДК
ББК
К

Китепти чыгарууну уюштурган «Инсан» коомдук бирикмеси, «Инсан KG» журналы.

Башкы редактору- Мубара Абдилатипова,
Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер Союзунун мүчөсү.
Редактору Самидин Стамбеков,
Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер Союзунун мүчөсү.
Корректору- Мунара Закирова
Дизайнер-жасалгалоочу Таттуу Маткалыкова.
Техникалык редактору —Жумадин Кадыров.

Абдилатипова Мубара
Кылым карыткан айыл. –Б. Улуу Тоолор. 2017. -- бет.

«Кылым карыткан айыл» китебинде азыркы Момбеков айыл аймагынын жаралуу тарыхы, тарыхый инсандар, бул аймакта жашап өткөн жана азыркы кезде дал ушул жерде, ошону менен Кыргызстандын башка аймактарында жашап, иштеп жатышкан татыктуу инсандардын өмүр, эмгек таржымалдары, ийгиликтери туурасында баяндалат. Мындан тышкары бул аймактын экономикалык, социалдык маданий тармактары, анда эмгектенишкен эмгек жамааттары, алардын жетишкендиктери жөнүндө керектүү маалыматтар да камтылган.

БАШ СӨЗ

Жакшы адамдын артында аңыз болчу жакшы кеп калат экен. Ошондуктан, бу тирүүлүккө келгенден соң, жакшы адам болуп өтүү бир чети инсандык парз болсо, бир чети Жараткан алдында анын милдети экендигин айта кетүүгө тийишпиз. Анан адам баласы үчүн бу жарыкчылыкка жашоо насип эткенден соң, ал ошол АДАМ деген улуу атка татыктуу болушу абзел. Залкар жазуу Чынгыз Айтматов белгилегендей адам болуу кыйын, ал эми күндө адам болуу ого бетер кыйын тура. Адам жашоодо артына из калтырарлык жашаса, анын көзү өткөндөн кийин да, ал туурасында узак убакка дейре жакшы кеп калат экен. Бири таза иштеп из калтырса, дагы бири бак олтургузуп из калтырат эмеспи. Кээси жакшы уул-кыздарды тарбиялап, мына ушул чыныгы ата, чыныгы эне болуу бактысы менен из калтырат дешет.

Мамлекет башчысы тарабынан 2016-жылды «тарых жана маданият жылы» деп жарыяланышы айылдардан тартып, өлкөбүзгө чейин, жок дегенде мекемеден тартып, мектептерге дейре тарыхты иликтеп, тактап, текчеге коюуга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ойлоп көрсөк, өз жеринин, өз ата тегинин тарыхын билбеген бул манкурттук тура. Бирок, жети атасын билбегени мындай турсун өз айылынын, ошол айылдан чыккан татыктуу адамдарды билбегендер канча. Мына ушул Момбеков айыл өкмөтүнүн тарыхын изилдеп жүрүп, бир жаш адамга туш келип калдык. Ал айтат: «Момбеков деген ким?». Биз андан кайсыл жерде жашаарын сурадык. Ал Момбеков айыл өкмөтүнүн аймагында жашай турганын айтты. Жашы он сегиз-он тогуздардагы баланын Момбековду тааныбаганын бизди таң калтырды. Көрсө азыр бардык эле ата-энелер, бардык эле мугалимдер өз айылы, өз айылынан чыккан белгилүү адамдар туурасында балдарга жана жаштарга дайыма эле айта беришпейт экен. Ошондуктан, бир аймактын тарыхын иликтеп жатып, мектеп окуучуларынын арасында да Момбековдун кандай адам болгонун, кайсыл кызматта иштегенин билбегендер жок деп айтсак, жаңылыштык болбой тургандыгына ынандык. Азыркылардан айырмаланып, Юсупжан Момбеков колхозду башкарып турганда там салбай, байлык топтобой өз жери, өз эли үчүн жан аябай иштегендигин билгендер бар. Анын ак эмгегин азыркыга чейин элге кызмат кылып жаткан заңгыраган имараттар, кабаттуу мектептер, саламаттыкты сактоо жайлары ашкере далилдеп турат. Мына ушул өз жерине, өлчөөсүз салым кошкон бул инсанды жакшы тааныбагандар айылдан чыккан башка адамдарды кайдан билсин.

Бул китепти жазуунун максаты да ал жазылып, колдоруна тийсе, жаштарга тарбиялык таасири болсун деген үмүт болчу. Өз тарыхын билбеген, элин сүйүп жарытпайт деген кеп бар. Ошондуктан, эмгек адамдары туурасында жазылган бул китеп ар бир үйдүн китеп текчесинде, мектептердин, айылдардын, айыл өкмөттүн китепканаларында сакталып калсын деген максат менен мына ушул кадамды баштадык.

Дагы айта кетчү сөз эл аралап жүрүп, иштеп өткөн бир катар адамдардын сүрөттөрү да калбай, алар туурасындагы маалыматтар алардын көзү өткөндөн кийин жакын адамдарынын көңүл кош мамилелеринин таасиринен жок болуп кеткен фактыларга кез келдик. Ал эми айрым бир инсандардын балдары өз ата-энелери туурасында маалымат берүүдөн ачык эле баш тартышты. Эл ичинде айтылып жүргөндөй биз көзү ачыктык кылбасак да, ким өз ата-энесине кандай мамиле кылса, кийин аларга өз балдарынан дал ошондой эле кайтарым болору күмөн эмес. Ошону менен катар эл ичинен өз ата-энелеринин сүрөттөрүн көз карегиндей сактап, үйлөрүнүн төрүнө илип, айткан акыл-насааттарын унутпай жадыбалдай жатка билген адамдарды да жолуктурдук. Алар өз балдарына да жакшы тарбия беришкен. Балким, мына ушундай адамдар болбогондо биз китептин материалдарын топтой албайт да элек. И баса кереги тийип калар деп. башында Кыргызстан туурасында кыскача маалыматтарды да киргизүүнү туура таптык.

Мүмкүнчүлүктүн болушунча, шартка жараша азыркы Момбеков айыл аймагынын жаралыш тарыхы жана айылдыктар туурасында, аталган айылдан чыгып, сыртта эмгектенип жатышкан адамдар жөнүндө кийинкилерге жазып калтырууга үлгүрдүк. Кээ бир адамдардын «азыр баарын интернеттен эле окуп алышат», « азыр эч ким китеп окубайт» деген пикирлери болгонуна карабастан, биз тобокел кылып баштаган ишибизди аягына чыгарууга кириштик. Интернетке да атайын изилдеп, жазган маалыматтар жүктөлөт. Эгерде биз сыяктуу адамдар ошол интернетке маалыматтарды киргизбесе, ободон келип түшпөйт го. Анан да, кайсыл бир учурда китепке болгон мурдагыдай урматсыйыбыз калыбына келип калар. Ошондо интернет аркылуу жайылтылган кээ бир керексиз, баш айлантма, тарбиялык таасири болбогон, тетирисинче терс жолдорго кириптер болууга түрткү берген маалыматттарды карабай калышар. Ошондо, биз журналисттер, жазуучулар, тарыхчылар жазып калтырган китептердин кереги тийип, аны издеп окуй турган кез да келер. Мына ушундай сезимдер менен биз Момбеков айыл аймагынын өткөн учуру жана азыркысы туурасындагы жазылган китепти өз окурмандарына сунуш кылып олтурабыз.

Автордон.

КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан өлкөсү — Орто Азиянын түндүк-чыгышында жайгашкан. Өлкө түндүктөн Казакстан, батыштан Өзбекстан, түштүк-батыштан Тажикстан, ал эми түштүк —чыгыштан Кытай Эл Республикасы менен чектешет. Кыргызстандын калкы 6,0 миллиондон ашуун адам. Анын 72,6% (4 млн 6 миң) кыргыздар, 14,34% (816,2миң) өзбектер, 6,87%(375,4миң) орустар жана дунгандар – 64 565, уйгурлар – 52 456, тажиктер – 50 174, түрктөр – 40 953, казактар – 33 701, татарлар – 28 059, азербайжандар – 18 946, корейлер – 16 807, украиндер – 14 485, немистер түзөт. Жалпысынан өлкөдө 80ден ашык улуттардын өкүлдөрү жашайт. Жалпы калктын 32,8% 14 жашка чейинки балдар түзөт. Эмгекке жарамдуулар калктын 56,1%, ал эми ишке жарамдуулардан улуулар — 8,7% түзөт. Кыргызстан — Чыгыш менен Батышты бириктире турган тогуз жолдун тоомунда — борбордук азия цивилизациясынын кан жолунда жайгашкан. Сулайман-Тоо, Өзгөндөгү тарыхый комплекс, Саймалуу таштагы сүрөттөр, Манастын күмбөзү, Таш-Рабат тарыхый кербен сарайы, Бурана мунарасы кыргыз жеринин байыркы тарыхтан калган кереметтери катары бааланат.

Эгемендүү Кыргыз Республикасы

1990-ж. мартта СССР Эл депутаттарынын 3-сьезди өлкөдө Президенттик бийликти белгилеген. Президенттик бийлик өлкөдө өкмөттүн ишмердигин аныктаган жана анын ишин көзөмөлдөгөн. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин иштерин эл чарбасын башкарууну, бюджеттик-финансылык системаны, эмгекке акы төлөө жана баалардын аныкталышын, мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөгөн. СССРде президенттик башкаруунун киргизилиши менен Казакстанда, Өзбекстанда ж.б. бир катар союздук республикаларда президенттик башкаруу киргизилген. 1990-ж. 27-октябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында альтернативалуу негизде Аскар Акаев Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп шайланган.1990-ж. 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинде “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү” Декларация кабыл алынып, Кыргызстан Советтер Союзунун курамындагы эгемен өлкө катары жарыяланган. 1991-ж. 22-январда Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 3-сессиясында “Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө” мыйзам иштелип чыккан. Мыйзам боюнча биринчи жолу Президенттин, вице-президенттин кызматтары киргизилип, жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттери, укуктук негиздери такталган. 1991-ж. 5-февралда республиканын борбор шаарынын тарыхый аты кабылына келтирилип, Фрунзе шаарына кайрадан Бишкек деген баштапкы аты берилген. 1991-ж. 8-майда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети республиканын жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссиянын курамын бекиткен. 1991-ж. 19-апрелде “Жер реформасы жөнүндө” мыйзам кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде 1991-ж. 31-августта “Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө” Декларация кабыл алынып, Кыргыз Республикасы көз каран-

дысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу жарыяланган. Көз каранды эместиктин шартында 1991-ж. 12-октябрда Аскар Акаев жалпы элдик шайлоодо Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 1991-ж. 20-октябрда Мамлекеттик коопсуздук жоюлуп, анын ордуна Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети, ал эми 3-декабрда Кыргыз Республикасынын Улуттук Гвардиясы түзүлгөн. 1991-ж. 8-декабрда Минск шаарына жакын Беловеж токоюндагы өкмөттүк резиденциясында Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы жана Украина Көз каранды эмес Мамлекеттердин шериктештигин түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюшат. 1991-ж. 21-декабрда Алматыда Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы, Украина, Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Тажикстан, Түркстан жана Өзбекстан КМШны түзүү келишимине кол коюшкан. 25-декабрда М. С. Горбачев СССРдин жоюлгандыгына байланыштуу СССРдин Президентинин милдетин аткарууну токтотқондугун билдирген.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик символдору:

1) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу;
2) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби;
3) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби Жогорку Кеңештин 1994-жылдын 14-январындагы токтому менен бекитилген. Авторлору — Асейин Абдраев жана Садырбек Дубанаев. Гербдин алдыңкы фонунда Ак шумкар эркиндиктин символу болуп эгемен мамлекетибиздин эң башкы белгиси катары түшүнүк берип турат. Андагы Ысык-Көл менен Ала-Тоонун элестери улуттук сыймыгыбыздын куту сыяктуу кабылданып, нурун чачкан күндүн турушу- түбөлүктүүлүк менен бейпилчиликтин белгиси. Ал эми бул ыйык элестерди айланта Кыргыз Республикасы деген алтын түстөгү жазуу жана токчулуктун, мээрмандыктын түшүнүгүн берип, байгерчилик турмуштун жышааны- буудай менен пахтанын сүрөтү орун алган. Жогорудагы белгилер өлкөбүздүн жана андагы жашаган элдердин өнүгүүгө, келечекке болгон умтулуусун, биримдигин айкындап турат. Келечек муундун бактылуу жашоосуна багыт берип турган гербдеги элестер элибиздин эртеңки жаркын турмушуна болгон чакырыктай мааниге ээ.

Кыргыз Республикасынын туусу 1992-жылы 3-мартта республиканын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген. Авторлору: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков, С. Иптаров, Ж. Матаев, М. Сыдыков. Кыргыз республикасынын мамлекеттик желеги кызыл түстө. Анын ортосуна алтын түстөгү бирдей өлчөмдө кырк нур болуп чачыраган күнгө окшош тегерек жайгаштырылган. Күндөй төгөрөктүн ичинде Кыргыз боз үйүнүн түндүгү кызыл түстө берилген. Желектин туурасы анын узундугунун бештен үч бөлүгүн түзөт. Жаркыраган төгөрөктүн диаметри желектин туурасынын бештен үч бөлүгүн түзөт. Күн жана нур чачыраган дискалардын диаметрлеринин салыштырмалуулуугу бештен үч бөлүгүнө барабар. Түндүктүн диаметри жаркыраган төгөрөктүн диаметринин жарымын түзөт. Желектин бир түстүү кызылдыгы эрдикти жана тайманбастыктын символу, жаркыраган алтын күн бейкуттукту жана байлыкты чагылдырат, ал эми түндүк - үй кутунун символу, аалам катары дүйнөнү алда канча кеңири түшүнүүдө бир айлампага бириктирилген кырк нур байыркы

кырк уруунун бирдиктүү Кыргызстанга бириккендигин айгинелейт. Түндүк өлкөдө жашап жаткан элдердин биримдигинин символу, желектин кырмызы түсү айкөл Манастын туусунун түсү болгон.

Кыргыз Республикасынын гимни - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен 1992-ж. 18-декабрында бекитилген. Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуев, Музыкасы: Н.Давлесов, К.Молдобасанов тийиштүү.

Кыргызстандын курамына 7 облус, 40 административдик район, 22 шаар жана 429 айыл-кыштактар кирет. Облустары (Бишкек шаарынан башкасы):

Азыркы учурда Кыргызстанда 7 облус, 44 район, 26 шаар, 493 айыл өкмөтү жана жыйырмадан ашуун шаарча бар. Жалал-Абад области боюнча 8 район, 5 шаар. Алардын бири Ноокен районунда Арал, Бүргөндү, Достук, Масы, Момбеков, Ноокен, Сакалды, Шайдан айыл өкмөттөрү бар.

Ноокен районундагы азыркы Момбеков айыл аймагы тээ Союз учурунда ар тараптан өнүккөн, көркөмү кооз, кереметтүү аймак болгон. Мындай кооздукту, мындай берешен аймакты карапайым калк өздөрүнүн бешене тери, кажыбас эмгеги менен жараткан. Айрыкча, Калинин атындагы колхоз деп аталып, аны Жусупжан Момбеков жетектеп турган чакта дүркүрөп өнүккөн аймак мына ушул жер эле. Ал учурда Калинин атындагы колхоздон төрт-Социалисттик Эмгектин Баатыры чыккан. Анын бири өзү жана калган үчөө Эшенкул Жусупов, Маткалык Амадалиев жана Малик Акчабаевдер. Бир чарбадан төрт Баатыр чыккан аймак Кыргызстандын башка жеринде кездешпеген. Демек, Калинин атындагы колхоз кезегинде Баатырларды жараткан аймак. Ошол учурда бул аймактын калкынын даңазасы тээ ааламга чейин тарагандай болгон.

Момбеков айыл аймагы

Айылдардын тарыхы

Кыла айылы

Кыла-Кыргызстандагы байыркы айылдардын бири. Айыл эмне себептен «Хила», «Хийла», «Хилла» деп аталып жүрөт. Илгери Маданият шаарында кыпчактар жашаган дешет. Кыпчактарды Ислам динине киргизүү үчүн арабдар келген деп айтылып калган.. Бирок, кыпчактар исламга кирбеген кезде арабдар бир амал ойлоп табат. Маданиятка суу Майлуу-Суудан келет. Ошол суунун башын таап бекитүү керек, кантип…

Бир акылман суунун башынан саман агызуу керек, деп сунуш берет. Саман агызылганда, кайсыл жерде саман айланып туруп калса, ошол жерди тосуу керек. Ошентип, шаар калкы суусуз калып, арабдарга багынып берет. Суунун башталыш жерин-амал, «Хийла», «Хилла» жолу менен табылгандыгы үчүн ушул аталыш пайда болгон делгендешет. Октябрь революциясына чейин Кыла, Бостон аймагы Майлуу-Суу болуштугуна

караган. Бул жерде Семетей болуш (1854-1925) жашап, Бостонду абад кылган, ал соода менен байыган экен. Жүздөгөн төөлөрү Кытайга товар менен кетсе, ошончо төөдө шайы, атластар Кылага, Бостонго келип турган. Семетей болуш Ботокарадагы Атакозу (1855-1918) ажы менен калың дос болуп, Атакозу 1907-1914-жылдар аралыгында маданияттыктар үчүн чоң мечит-медресе курдуруп берет.

Медресе үчүн кам кышты бышык кышка айландыруу үчүн жантак керек болгон. Атакозу ажынын бул ишин Семетей болуш аткарып, Рахманжандан тартып, Бүргөндүгө чейинки элди үгүттөп, керектүү жантак отун менен камсыз кылган жана көптөгөн малды союшка берген экен. Мына муну чыныгы достук десек болот. Семетей болуштун уулу Бекештин кыздары Турсунай, Айгүл, неберелеринен Тажидин, Нажмиддиндер бир болуп, 1984-жылда Семетей болушка аш берип, бузулуп кеткен эстелигин кайра тургузушту.

Ошентип, Семетей болуш мына ушул аймакта жашап, өткөндүгү айтылат.

Бостон айылы

Бул айыл тээ илгертен Бостон аталган. Улуулардан уланып, бүгүнкү күнгө чейин жеткен маалыматка караганда Улуу Октярь революциясынан мурда эле ушундай аталган экен. Николай тактан түшкөн маал. Бир да дарак жок, саратанда мээни көзөп өткөндөй болгон аптап, ушул жерде турган адамды көлөкөгө карай жетелейт. Бирин-серин кепелерде эл жашаган. Ары-бери өткөндөргө көлөкө болсун деп, тал, терек, жаңактын көчөттөрүн олтургузушкан. Анан ал көчөттөр бой керип өсүп, көлөкө берип, дал ушул жерде базар болгон. Анда чек ара деген жок. Өзбектер жашылча-жемиш ташып, даректардын түбүндө базарлык кылышкан. Жергиликтүү эл мына ушул базардан соода-сатык жасашкан. Бир эле жайында эмес, мезгилдин калган учурларында да бул жер базарга айланган. Бара бара элдин саны көбөйүп, отурукташа башташкан. Кийин бул калк жыш жашаган чоң айылга айланды.

Курулуш айылы

Тээ мурда бул айылда элдин саны өтө көп болбогон. Ар кайсыл жерде бирин-серин кепе сыяктуу кунарсыз үйлөрдө адамдар байыр алган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда 1943-жылдан поезддерге чиркелген вагондор менен немец, Кавказдан чечен, болгарлар жана түрктөр, күрттөр көчүп келе баштаган. Ошол кезде бул Совет өкмөтүнүн саясаты эле. Көчүрмө болушкандар негизинен жаш балдар-кыздар, кемпир-чалдар, кыскасы согушууга жарай албаган адамдар эле. Мамлекет аларга кыр-катар үйлөрдү куруп берип, бул айыл «Курулуш» деп аталып калган. Кийин 1957-жылдан чечендер менен болгарлар кайрадан өз Мекенине кетишкен. Ошол кезде колхоздор негизинен пахтаны көп эгишип, адам күчү жетишпей тоодо байыр алган жергиликтүү эл да келе баштады. Токтогул, Аксы аймактарынан да элди көчүрүп келген. Ошентип, бул айылда калктын саны өсүп, чоң бир «Курулуш» айылы пайда болду.

Көп-Там айылы

Колхоздоштуруу саясатынын жүрүшү менен мурда аз жашаган жерде көчүп келгендердин агымы көбөйө баштады. Илгертен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен тоодо байыр алып келген элди бир жерге отурукташтырып, колхоздорго иштөөгө тартышкан. Алар алгач майда чарбалардын, кийин ирилешкен колхоздордун мүчөлөрү болушкан. Тоолуу эл да жер иштетип, пахта жана башка эгин, жашылчаларды өстүрүүгө үйрөнүшкөн. Мурдагы саналуу тамдардын ордуна катар-катар жаңы салынган үйлөр пайда болгон. Ошентип олтуруп, чоң айыл пайда болуп, бул айыл «Көп-Там» деп аталып калды.

Эски Кочкор-Ата айылы

Бул өтө эски айыл. Карыялардын айтымына караганда бир кезде Азрет-Айып, Арстанбап Ата, Тоскоол Ата, Жолборс Ата, Кочкор-Ата, Авескен-Ата деген жети бир тууган жашаган дешет. Бул адамдар олуя адамдар болушуптур. Көчүп конуп жашашыптыр. Алардын ар бирине ар кайсыл жерди бөлүп берип, Кочкор-Ата мына ушул эски Кочкор-Атанын ордунда байыр алып калыптыр. Аны да акылы тунук, даанышман, касиеттүү адам болгон деп айтышат. Анан да анын турпатына караганда кең далылуу, булчуңдуу, балбан мүнөз касиети бар экен. Күрөшкө түшкөндө кимиси гана бет келбесин жеңип койчу деген сөздөр айтылат.

Кийин ал каза тапканда денеси ошол жерге коюлган. Кочкор Атанын бейити коюлган жер мазар болуп калган. Анын жогору жагында үңкүр бар. Бул аймакта жер алдынан жылуу булак суу чыгып, ал ыйык жана дарылык касиети менен өзгөчөлөнөт. Бул суу Кочкор-Ата суусу деп аталып, анын дарылык касиетинен шыпаа тапкандар көп. Азыр бир нече жерлерде булак суулары бар. Ал туздуу болгондугуна карабастан бул айылдын жашоочулары ичимдик суу катарында пайдаланышат. Анткени, аларга андан башка иче турган таза суу жок. Акыркы мезгилде эки жерде эс алуучу жай уюштурулган. Андан кол, бут, муун ооруларынан даба табуу үчүн келгендер арбын.

Бул айылдын жашоочулары мына ушул Жараткан тартуу эткен ыйык булактын суусун ичип, кышында аппак карга оронуп, жазында жашыл тулаңы жайкалган мына ушул Эски Кочкор Атада тукум улам жашап келишет.

Бул айылдын тоолорунан нефть жана газ чыгып, кыргыз нефтичилери аны бургулап өндүрүп, өлкөнүн экономикасына салым кошуп келишет. Ал эми айылдын ишке жарамдуу жашоочулары мына ушул нефть өндүрүүдө иштешип, өздөрүнүн жашоосун алгачкы нефть чыккан күндөн тарта улап келишет.

Жазгак айылынын тарыхы

1850-жылдары саяк уруусу ушул жерге келип олтурукташа баштаган. Ал мезгилде бакдарагы жок ээн жаткан, камыш баскан жер болгон. Жайында аябай ысык болгондуктан: «Бул жердин жазы «как» экен, ысыгы «как» кылат го адамды» дешкен.

Ошентип, жазы «как» экен деген сөздөн «Жазгак» айылынын аты келип чыккан. Ушул айылдан чыккан Калча бийдин уулу, Калы бий көп жылдар эл башкарып турган. Ошол мезгилде адырдагы кайрак жерлерге гана эгин эгилип келинген. Бирок элге суу чыгарып, суулу жерге да эгин эгиш керек болгон. Суу чыгарып, арык казуу үчүн да ошол мезгилде кыргыздар Кокон хандыгынын карамагында болгондуктан Кудаяр хандын уруксаты менен арык казып, суу чыгарышкан.

Эл Октябрь Революциясына чейин эле, пахта жана башка эгиндерди эге баштаган. Жазгак айылынын төмөн жагын Карзинка деше турган. Азыр ал жерди Бартак-Абад дешет.

Ошентип ошол кездеги «Жазгак» арыгы ушул күнгө чейин эле кызмат кылып, азыр ал арыктын нугу гана калды.

Улуу Октябрь Революциясы мезгилинде айыл тургундары да коллективдешүүгө багыт алышты. 1931-жылы беш колхоздо бардыгы болуп, 680 майда жандык, 77 жылкы, 70 бодо мал гана болгондугун айтсак чарбанын ошол мезгилдеги абалы бизге даана көрүнүп турат. Советтер Союзунун мезгилинде сүт фермасы жана борборлоштурулган тоют цехи Жазгак айылынын үстүндө жайгашып турган. Азыркы бийик болуп турган навес гранул цехи болуучу. Андан бери атала цехи жайгашкан. Тоютту майдалаган түтүндө кара малга жана адырдагы 40-50 короо койго ушул жерден жеткирип турган. Колхоздун сүт товар фермасында айылдаштар иштешип, өз салымдарын кошушкан. Алдыңкы малчылардын катарында Акматов Калмамат, Масиров Абакул, Султанов Казыбектер эмгектенишсе, алдыңкы саанчылар: Акматова Бегай, Султанова Турдукан, Маматова Толгонай, Кенжекулова Жамила, Мергенбаева Тунук, Шамшиева Тажи, Масирова Жеңиш, Тажикулова Мавлюдалар сүт өндүрүүнүн устаттары болушкан. Бул жердеги фермада 300 ашуун саан жана көптөгөн субай малдар багылган. Жазгак айлынын алдыңкы чабандары Тургунбаев Оторбек, Мамбеткулов Айдарбек, Аттокур Жолдошовдор ар бир тубар койдон жүз ондон, жүз жыйырмага чейин козу алышкан. Ал эми жылкы чарбасын өстүрүүдө фермада Жолдошов Тетештин чоң салымы кошулган. Колхоздун субай малын багып, эң алдыңкылардан аталган: Жумабаев Анаркул, Шамшиев Матсман, Шакиров Тагай, Иметкулов Дарманкул, Маматов Ражап, Кудайнараов Төөбай, Жунусов Эгемдердин да өз айылынын өсүп-өнүгүшүнө салымы чоң болгон. Билим берүү тармагынын устаттары-эл агартуунун отличниктери Борбиев Акынбай, Айдаров Жаркул, Борбиев Абдыкаар, Мамадалиев Шакиралилер да ушул айылда жашашкан. Ошондой эле Жазгак айылы мал чарбачылыгы жана пахта өстүрүү менен өнүгүп келген. Пахтачылык бригадаларында түшүмдүүлүктү гектарына 35 центнерге жеткиришкен. Алардын бири Төлөнова Сүйүнбү. Ал союз убагында пахтачылык бригадасын башкарган. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутат да болгон.

Улуу Ата Мекендик согушка катышып, жоо алдында эрдик көрсөтүшүп кайтпай калган Кудаяров Эргеш, Өмүрзаков Шамшилер да Жазгакта жашашкан. Улуу Ата Мекендик согуш демекчи, 1944-жылы согушта эрдик көрсөтүп, курман болгон Шалкалык Рахманжан Маткалыков Каганович атындагы колхозго башкарма болуп, айыл үстүнөн өткөн каналды өз колу менен каздырган. Бул согуш мезгилине чейинки 1936-1937-жылдар эле. Андан кийин бул колхоздо Жорокул Ахмедов башкарма болгон. Ал Улуу Ата Мекендик согушта

жоокерлерге белек катары өзүнүн колхозунан 100 кой,10 ат жиберген.

Коллективдеширүү жылдары Сакалдыдагы уюштурулган механизаторлук курсту бүтүрүп, Дадабаев Жусупжан, Анарбаев Тажимамат жана Турдубаев Турсунбай биринчи келген трактордуайылга айдап келишкен. Алар трактор башкарып, жер айдашкан. 1960-жылы пахта терүүчү машиналар келе баштаган. Механик, айдоочу Иметкулов Үрүш 1966-жылы комбайн менен 103, Салдаңбаева Зүлпия 95 тонна пахта терген. Мурун чигитти кол менен эгип, колхозчулар ар гектардан 7-8 центнер гана пахта өндүрүшкөн. Техника өскөн сайын түшүмдүүлүк да өсүп, гектарына эсептегенде 35 центнерге чейин жеткен. Жазгак айылындагы атагы алыска кеткен жана эң мыкты пахтачылар: Момунов Ажимамат, Артыгалиев Айтбай, Мамажунусов Мамат, Бабашов Аман, Салдаңбаев Самат, Абдураимов Үрмамат, Мырзабеков Касымбек, Жээнбеков Жолдош, Касымбеков Темир жана Султанов Тургунбай аттуу инсандар пахтага суу коюунун устаттары болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде айылдын баатырлары согушта эли-жери үчүн курмандыкка чалышса, бир нечеси согуш бүткөндөн кийин үйлөрүнө Жеңиштин туусун желбиретип кайтып келишкен. Алардын катарына «Даңк» орденинин 2 жолку ээси Арапов Ташмат кирет. Согуштун ардагерлери Урбаев Токтосун, Момунов Ажимамат, Сабыркулов Албай, Кошоев Эсенбай жана Мамадалиев Курманалилер согуш аяктагандан кийин колхоздо эмгектенишкен.

1979-1989-жылдардагы Ооган согушуна «Кызыл Жылдыз» орденинин ээси Адиев Эрнис жана Арапов Бакыт, Арстанов Абдыманап, Бараканов Ташмамат жана Кудайназаров Кадырбектер катышышкан.

Дагы Жазгак айылынын уулу ишмер Үсөн Сыдыков чыккан. Ал Союз убагында Базар-Коргон районунун 1-секретары болуп иштеген мезгилде райондун таштак жерлерин бак-даракту аймакка айланткан. Андан кийин мамлекеттик агропромдун төрагасы кызматына чейин жеткен. СССРдин Жогорку Советинин депутаты да болгон.

Юсупжан Момбеков Жазгак айылынын үстүндөгү адырларды өздөштүрүп, 1970-1980-жылдары сугат жерлерге айландырган.

Жазгак айлычыгышынан Кыла айылы, батышынан Чек айылы, түндүгүнөн Кочкор-Ата токой чарбасынын мистелүү адыр жерлери менен, ал эми түштүгүнөн болсо Өзбекстан менен чектешет.

Узак жылдык тарыхы бар Жазгак айылы Ош-Бишкек жолунун эки жээгинен орун алып, узатасынан созулуп жатат. Узундугу 2 чакырымга чейин созулган Ош-Бишкек жолу 1954-1955-жылдарыкурулган, ал мезгилде бул жол чаң баскан кара жол эле, кийин 1969-жылы кайрадан оңдолуп, асфальт төшөлүп, жаңы жол салынып, бул жол азырга чейин элге кызаат кылып келет. 1967-жылы айылга таза суу келген.

1960-жылдан кийин айылдын өнүгүшү башталган. Электирлештирүү, радиолоштуруу менен бирге газдаштыруу да ошол жылдан башталат. Ошол кезде айылда 300 түтүн эл бар болуп, райондон 20 чакырым алыстыкта жашашкан.

Колхоздор

Бул аймакта Совет бийлигинин орношу менен байлардан жерлер тартылып алынып, майда чарбалар түзүлө баштаган. Кийин алар биригип, чоң колхоздор пайда болгон. 1936-жылы Жеңиш, Жаңы-Арык, Көп-Там колхоздору биригип, Каганович атындагы колхоз уштурулган. Бул чарбанын биринчи төрагасы Жорокул Ахмедов болгон. Кийин 1946-1948-жылдары Абдраманов Тагай, 1948-1949-жылдары Мамиров Мамасалы, 1949-1951-жылдары Кебек Калмуратов, 1951-1955-жылдары Ахметов Абдыкадырлар жетектеген. 1946-жылы Кыла колхозу уюшулуп, аны Жусупов Эшенкул башкарган. Ал эми Калинин атындагы колхозду Дүйшембиев Токторбай, Мамытов Усупбектер башкарышкан. 1951-жылы үч колхоз бириктирилип, Калинин атындагы колхоз болгондон кийин Жусупов Эшенкул төрагалыкка шайланган. 1957-жылы ага Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы берилген. Кийин Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп, Юсупжан Момбеков шайланган жана ал 20 жыл чарбаны башкарган.

(Архивдик материалдар)

1927-жылы Жалал-Абад Кантонунун Майкент (Ноокент болушу керек) волостунун курамына Хиля селолук Совети кирген. Бул волостун курамында Хиля, Коньджага, Джаманга-Чорвак, Кульмансарбе, Кога Семендык, Кара-Кол, Язгак-Соку айылдары турган.

1939-жылы Ленин районуна Хиля селолук Совети кирген. Анын курамында: Абуй, Бостон, Джазкак, Джарарык, Джаркарыты, Каинджига, Көптал, Караджыгач, Кыркоо, Кочкор-Ата, Мистамасар, Пияза, Соку,Таштак, Ташпулак, Тильки, Уч, Кыла айылдары кирген. Жалпы калкынын саны 2989ду түзгөн.

1939-жылы Хиля селолук Советинин карамагында Каганович атындагы, Хиля, Калинин атындагы колхоздор караган.

Калинин атындагы колхозу 1931-жылы пайда болгон. Ошол жылы Хиля селолук Советине Хиля, Юлдашева, Жар-Арык, Стрелкова, Калинин, Абдрахман атындагы, Көк-Таш, Ак-Бата колхоздору караган. 1935-жылы Базар-Коргон району эки районго бөлүнгөн. Бул эки район Базар-Коргон жана Масы райондору. Калинин атындагы колхоз Масы районуна караган. 1935-жылы Базар-Коргон районунун аймагындагы Хиля селолук Советине Хиля, Юлдашева, Джар-Арык, Стрелкова, Калинин, Көк-Таш, Абдрахман жана Ак-Бата колхоздору кирген.

1943-жылы майда колхоздор биригип, Калинин, Каганович атындагы, Хиля колхоздору түзүлгөн. 1950-жылы СССР Министрлер Советинин токтому менен Хиля, Калинин атындагы колхоздору бириктирилип, Калинин атындагы колхоз деп аталган.

1953-жылдын май айына чейин Кебек Калмуратов колхозду жетектеген. Андан соң, Жорокул Ахмедов төрагалык кызматка келген. 1957-жылы 9-июлдагы чогулуштун №9-токтомунун негизинде Каганович атындагы колхоз «Коммунизм» колхозу деп өзгөртүлгөн. 1953-жылдын май айына чейин Кебек Калмуратов аталган колхоздун төрагасы болгон. Андан кийин Жорокул Ахмедов башкарган.

Ленин райондук аткаруу комитетинин 1959-жылдын 14-февралдагы №21-чечиминин

негизинде Коммунизм жана Калинин атындагы колхоздор биригип, бир колхоз болуп, Кыла атында калган. 1958-жылы жалпы калкынын саны 681ди түзүп, жер аянты 9330 гектарды ээлеген.

1978-жылы калкты саны 2675ке жеткен. Ал эми жер аянты 23131 гектарды түзгөн. 1965-жылы Ленин райондук аткаруу комитетинин 1965-жылдын 30-мартындагы №78- чечиминин негизинде Хиля колхозу Калинин болуп өзгөртүлгөн. Бул колхоздун төрагасы болуп Юсупжан Момбеков иштеген.

Кыла селолук Совети

Совет өкмөтү орногондон соң, Кыла селолук Совети пайда болгон. Ошол кезде Кыла селолук Советинин алгачкы төрагасы Сейитканов Камбар болгон. Андан соң, Анарбаев Ташболот, Молдобаев Абакул, Борбиева Таттыбү, Калмуратов Кебек, Чамашов Апсамат, Талиев Анарбай, Адиева Лайли, Тешебаева Айша жетектешкен.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 24-апрелиндеги №187-токтомунун жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу боюнча мыйзамдын негизинде Момбеков селолук Совети Момбеков айылдык башкаруусу болуп кайра түзүлгөн.

2009-жылы Момбеков айылдык башкаруусу Момбеков айылдык округу болуп өзгөргөн.

2016-жылдын айыл округу Момбеков айыл аймагы болуп өзгөртүлгөн.

Юсупжан Момбековдун «Биздин колхоз ушундай» китебинен үзүмдөр

«Асфальтталган тротуар колхоздун конторасына- маданият дворецине алып барат, кайра чарбалык короого жеткирет. Элдин топтолгон жери да ушул жер. Колхозчулардын бири жалпы чарбалык маанидеги жумуштар менен жүрсө, экинчилери бош убактыларын көңүлдүү өткөрүү үчүн келишкен. Кыштакты как жарып өткөн чоң жолдун эки тарабындагы бак-дарак түштүктүн аптабында жанга да, малга да көлөкө түшүрүп, дүпүйүп турат. Алардын түбүндө жылжып аккан суунун шылдыры аркы тараптагы пахта талаасында иштегендердин эмгегине күү чалгансыйт».

Улуу Октябрь революциясынын таңы атканга чейин эле бул аймакта да калк жашаган. Ар кайсыл жерде отурукташкан эл бай-кедей болуп байыр алган. Байлардын эшигинде жумуш кылып эптеп күн кечиргендери жайлоого көчөөр маалда алар менен бирин-экин малы менен кошо көчүп-конуп, ал эми колунда жоктору жакада калып, байлардын эгинин оруп, пахтасын жыйнап, чөбүн чаап эптеп көр тириликти өткөрүшкөн. Жайын кышын жылуу-жумшак турагы болбогондору жер кепелерде күн кечиришкен.

«Күн жаанчыл келип, өрөөнү сууга толуп, анын нымы талааларга жеткен жылы дыйкандын үйүнө да береке кирип, кубанычтын кучагына баткан. Кургакчылык өкүм сүрүп, Майлы-Сайдын ташы ташкынга жашырына албаган жылы шордуу пахтачы анча-мынча малын союп, өзөн боюндагы Көк-Таштын мазарына сыйынып, түлөө өткөрүп, бардык кырсыкты «алланын амири» менен түшүндүрүп кулу кол кала берген. Андай мезгилдер

нечен адамдын өмүрүн кошо алып кетип турган».

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын орношу Кыргызстандын Түштүгүндө, анын катарында бул аймактын кедей-кембегалдарынын маңдайына жаркыраган күн нурун тийгизди. Башына тартса бутуна жетпей, бутуна таратса башына жетпей, жарытылуу оокат ичпей, кыйынчылыкты көргөнү аз келгенсип, бай-манаптардын зордук-зомбулугуна чыдап келген сабырдуу элдин бешенесине эркиндик заман келди. Бирок, караңгы эл ал кезде мындай жаңылыкты бат эле кабыл ала коюшпады. Жаңы замандын жарчыларынын түшүндүрүүлөрүнүн негизинде бара-бара Совет бийлигинин артыкчылыгын, бул бийлик карапайым элдин бийлиги экендигин аңдап биле башташты. Ага чейин мүмкүнчүлүгү барлары окуп, алар да молдолордон эскиче билим алып келишкен болсо, эми жаштары советтик мектептерде сабатсыздыгын жоюу бактысына туш болушту. Ошентип, «кайсыл күнү бизге жарыкчылык болор экен деп», зар-какшап жүргөн элдин эңсегени колго тийди. Мурда байлар ата-бабасынан мурастап алган жерлер ортолукка өтүп, байлар менен кедейлердин бирдей укукка ээ болушу түшкө кирбеген окуя эле. Ошентсе да, бат эле тынчтык эмгек боло койгон жок. Анткени, мындай жашоо карапайым адамдарга жакканы менен өз байлыгынан кол үзө албаган байларга жаккан жок. Ошондуктан, алар жаңы заманга каршы чыгышып, ачыктан ачык эле каршы саясат жүргүзө башташты.

Оо кийин Айдар Сарыковдун айтканы бар.

-Жердешибиз Ниязбек Чодошевди өз көзүм менен көргөм. Анда мен 15-16га чыгып калган элем. Өткүр, шамдагай, чечкиндүү киши көрүнгөн көзүмө. Маданияттагы Атакозу дегендин медресесин бошоттуруп, бизге мектеп ачкан. Керезов Мырзабек, Ныязбеков Токтоназар болуп, ошондо окуганбыз. Ал бизге мандикерге барганын, Петербургду көргөнүн,падышаны жумушчулар тактан кулатканын, жолбошчыбыз Ленин эмгекчиге тең укук алып берегенин, анан окуу гана адамдын көзүн ачарын айтканын, азырынча турмуш кыйын экенин, келчегибиз кенен экендигин аңгеме куруп берүүчү. Кайран киши, кийин Көлбай корбашынын колунан каза тапты. Мыкаачылар Ниязбекти, үкөсү Найманов Мейманды да капысынан колго түшүрүп, мууздап кетишкен.

« Басмачылардын куйругу али үзүлбөдү. Бай-манаптардын укум-тукуму айрым адамдарды үгүттөп, тескери жолго салууга аракеттеништи. Кылымдар бою тилеген тилегине жеткен адамдар аларды ээрчий койгон жок. Совет бийлигинин алгачкы жемиштерин алар кантип бирөөгө бермек! Эмгекчилер акыйкат бийликке чын дили менен берилген азаматтардын эсебинен айылдык советтерге өздөрүнүн өкүлдөрүн жиберип жатышты.

… Кыштактын төмөн жагы. Ал жерди илгери Корзинка деп коюша турган. Анда Корзина аттуу байдын заводу болор эле. Ач көздүгүнө жараша аны эл корзинка деп аташкан. Эми ал жерди Батрак-Абад дешет. Кичи-Кыркоо,Чоң-Кыркоо, Кочкор-Ата, Кайрагач, Жар-Арык, Кой-Таш кыштактарын мекендеген кедейлер Батрак-Абадга чогулушкан. Дубалынан жарака кетип, бир чети урай баштаган жайдын үстүнө биринчи кызыл байрак илинген.

-Бул жерде беш кыштактын эли отурасыздар,-деди райондон келген өкүл толкунданып.- Алдыда албан милдеттер турат. Тап душмандары куралдарын жыйнаштырыша элек. Биз аларды өзүбүздүн бирдиктүү күрөшүбүз менен гана жок кыла алабыз. Бул со-

вет бийлигин чыңдоо дегендикке жатат. Бүгүнкү жыйналышыбыз ушул маселеге арналмакчы. Сиздердин беш кыштактын ар биринде айылдык Совети болот. Алардын составдарын өзүңүздөр шайлап алыңыздар.

Чогулгандар арасында кыймыл башталып, бир нерселер жөнүндө сүйлөшүүдө.

-Жолдоштор!-колун сермеди орто бойлуу кара жигит добушун бийик чыгарып.- Тынчсызданыңыздар биз баарыбыз ушул жерде туулуп, ушул жерде өскөнбүз, бир бирибизди жакшы билебиз. Айылдык советтерге ким шайлануруга татыктуу экендиги бизге маалым. Өмүр бою байдын малын багып, отунун жарып, суусун алып, жерден колун көтөрбөгөн батырактарданбыз. Эл башкаруу биздин колдон да келет. Ошолордон шайлайбыз. Мына, Суранбай аке, Мейманбү эже, Майрам эже…

Батрак-Абаддын комсомолдук уюмунун секретары Айдар Сарыков сөзүнүн аягына чыга электе дарбаза тараптан катуу кыйкырык угулду да, эл козголо түштү. Заматта эле топ адам дубалдын ар кайсыл жеринен ичке ыргып түшүп, президиумга умтулду. Абдулла байдын колундагы болот канжар Айдар Сарыковдун көкүрөгүнө сунулду. Так ошол убакта кан ичердин арт жагынан согулган күтүлбөгөн таяк Айдарды өлүм кучагынан алып калды. Көпчүлүк эл капысынан кол салгандардын баарын туткунга алышты».

Кедей-кембагалдардын маңдай тери менен табылган байлыгынан ажырап калбоонун жан-далбасын кылган байлар басмачыга айланып, күндүзү изин жашырып, түндөлөрү жортуп, же жалгыздап жүрбөй топ-топ болуп, элге бүлүк салып, көпчүлүк кооптонуп жашап жатышты. Ошентсе да эл ичинен чыккан жаңы замандын жарчылары жерге ээ болушкан эл менен бирге жүрүшүп, чарчоону билбей, күндү күн, түндү түн дебей иштешкен. Эл ичинде дале эскинин саркындылары бар.

«Жыйырманчы жылдардын орто чени. Өрөөндөгү эл келечекке багыт алып, шериктешип жер иштетүүгө өтүшкөн. Бай-манаптардын калдыктары болсо эл ичинен чыгып жаткан кез. Айыл-кыштактарда совет бийлиги барган сайын чыңдалып, калкка кадырлуу, душманга каардуу болгон учур. Хиля селолук Советинин председатели Суранбай Жээнтаевде тыным жок.

Бирок тынчтыкта эмгектенгендей, окуп, билим алгыдай мезгил беле?! Кара-Мисте менен Бака-Теректи мекендеген Сулайманбай, Мамсеит, Мамякуб, Эргеш өңдүү бай тукуму түн жамынып, күн ээндетип, калкты талап алып турат. Жерди шериктешип иштөө үчүн биригишкен дыйкандар күндүз керээлиден кечке пахта талааларында эмгектенип, түнкүсүн шактарга бекинишет. Суранбай Жээнтаев да алар менен бирге. Бирок, эмгек менен бирге калктын сабатын жоюу анын башкы максаты. Убакыт өткөн сайын анын ар бир сааты ошол максатка кызмат кылат. Суранбай жана анын жердештери эмгектенүүгө да, окууга да, басмачылардын калдыгына каршы күрөшүүгө да үлгүрүшөт.

…Адам колунан жаралып келе жаткан берекелүү мейкин талаа. Өрөөн тараптан кар кетип, жер ала-була тарта баштаганы менен суук өз күчүндө. Сай ылдый соккон муздак жел адырдагы ак кардын муздак илебин ала келгенсип бети-башты аймалайт. Маңдай жактагы Алаштын тоосунун үстүндө гана токумдай кара булут турганы болбосо асманда кенедей кир жок. Жаратылыштын мындай сулуулугуна суктанып Суранбай айыл аралап топ теректи багыт алып бара жатат.

Алдынан китептерин колтуктап мектепти көздөй чуркап бара жаткан Дадабайдын кичи

уулу Юсупжанды көргөн Суранбай толкундана түштү. Ананчы, өзү алгачкы жолу уюштуруп эшигин ачып берген кичинекей айылдык мектепте келечектин ээлери билим алып жатканына ким толкунданбайт.

Селодогу биринчи мугалим Калмурза Абдувалиевди да окуучулук кесипке Суранбай өзү үндөгөн. Эми ал калктан каржат топтоп мектептин имаратын тургузуунун аракетинде. Антпесе ар кимдин үйүнүн алдында чогулуп окуу мүмкүн эмес эле.

Ат тизгинин төмөн буруп, Суранбай ал күнү Жар-Арыкка чейин барды. Дыйкандарга кезигип, алдыда турган кош айдоо ишине даярдануу жөнүндө сүйлөштү. Ар кимдин пикирин укту, кеңешин берди. Бул күн анын эл үчүн жумшоого арналган кыска өмүрүнүн акыркысы экенин ал билген жок. Кайра тарта беришинде Суранбай басмачылар тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлдү».

Суранбайдын келечек муундар ак-караны таанып, окуп-билим алып, эл жаркыраган турмушта жашаса деген арзуу-үмүтү бар. Ал жаны кыйналып, бу тирүүлүк менен биротоло кош айтышып жатканын билип, жүрөгү менен туюп, жатса да ошол үмүттөрдү ал ишке ашыра албаса да, башкалар сөзсүз түрдө аткарарын миң кайталап айтып жатты. Анын жан-дүйнөсү канчалык кыйноо тарткан сайын душмандын табасы канып, жыргап, душманы биротоло талкаланып жаткандай сезилди. Бирок, бир Суранбайдын өмүрүн кыйганы менен жаңыдан өсүп келаткан жүздөгөн Суранбайлардын тамыры кайра терең-деп, төмөнгө да, чар тарапка да кенен жайылып баратканын ал көркөөлөр туюшкан жок. Суранбай ою тайкы, жексурлардын курмандыгы болду. Ошол кезде эмелеки чайыттай ачылган ак булуттар кайдадыр житип кеткендей айлананы караңгылык каптады. Душмандар менен каршылашып бир кезде өзү жалгыз экенин туйгандай кайран жигит кыйноо тартып, жанчылган денеси менен оо дүйнө кезип кете берди. Асманда көпкө дейре кара булуттар кетпей турду…

Ал 1922-жылы Коммунисттик партиянын катарына өткөн. Ошол кезде партиянын Устав-Программасын тайманбай аткарууга, ак ниети менен кызмат кылууга убадасын берген. Ал өзүнүн аз өмүрүндө Базар-Коргон өрөөнүндө коллективдештириүү саясатына активдүү катышкан.

«Хиля селосун көрктөндүрүү, элди жаңыча жашоого үйрөтүү, мектеп, маданият имараттарын куруу Суранбайдын демилгелеринин бири болгон».

Бирок, ошол кезде жаңыдан баш кошуп, жаңы жашоого багыт алышкан элдин булардын баарын бир заматта аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон.

Суранбай сыяктуу жаңы Совет өкмөтүнүн кадрларынын өмүрү кыйылганы менен душмандар бардыгын жок кылууга кудурети жеткен эмес. Муну менен жаңыча жашоого бет алуу токтоп калмак беле. Бул элдин кыжырдануусун ан сайын күчөтүп, дагы да биримдик, дагы да тайманбастык менен жаңы замандын артыкчылыгын кеңири жайылтууга бет алышты. Кантсе да, жаңы замандын маани-маңызын ар кандай түшүнгөндөр жок эмес, бири туура түшүнсө, кээси ыргылжың, дале күмөнү бар. Көпчүлүк биргелешкен чарбаны кандайча уюштурунун жолун издеп жатышты.

«Байлардан кордук көргөн кедей-кембагалдар жалгыз эчкисине чейин ортого алып келишти. Байлардын малдары тартылып алынды. Мен бай деп үзөнгүнү чирене тээп темингендердин бардыгын кара жумушка иштете баштадык»,-дейт 1930-жылдан берки

партиянын мүчөсү Айдар Сарыков.-Кедейлердин 20га жакын түтүнү колхоз деп аталды. Чарбанын кулачы жайылып өсүүгө багыт алды. Байлар аны көрө алышпады, эл арасында ушак таратышты, большевиктердин саясатын тескери түшүндүрүүгө аракеттеништи. Алдыртадан купуя ишке камынышты. Алардын түпкү ою алгачкы коллективдүү чарбанын малын талап, мүчөлөрүн таратып жиберүү, анын «түбөлүк эместигин» эл алдына ачып берүү болучу.

-Эл-журт, большевиктер алдап жатышат силерди!

Күндөрдүн биринде кыштак аралап бир топ жигит ушул урааңды таштады.- Алдап жатышат!

Эргеш, Чыйбыл, Бообек өңдүү ак сөөктөр тез эле көчөдөгү элди жыйнап жиберишти.

-Колхоз болордо бизди кызыл сыя менен катташпады беле,-деди Эргеш минген атынан түшпөй туруп, жыйналган элге карап,-эми көк сыя менен жазылган тизмени көрсөтүп жатышат.

-О, калайык,-деди топ арасынан суурулуп чыгып ортолоп туруп, селолук Советтин председатели Исламакун Жолдошев,- ушул жолду өзүңөр тандап албадыңар беле, же аны силерге бирөөлөр таңуулаганбы? Ойлонуп иш кылгыла! Бузукуларга алданбагыла. Силердин жолуңар туура жол!

-Ким колхозго киргиси келсе- тизмесиз келе берсин,-деди Исламакун кесе сүйлөп.- Тарагысы келгендерге жол ачык. Эч ким бирөөнү зордоп колхозго киргизбейт. Биргелешип жер иштеткендин, мал баккандын артыкчылыгын бара-бара турмуш көрсөтөт. Байманаптар биздин алгачкы жылкы оор абалыбыздан пайдалангысы келип турушат. Кана, айткылачы, ким каалабайт колхозду?!

Дыйкандар үчүн коллективдештирүү эмне бере тургандыгын алгачкы күндөрдө эле түшүнүшкөн көпчүлүк Исламакун тарапты колдоп кетишти.

-Албетте, сиздер үчүн кыйынчылык болуп жатат,- сөзүн улантты Жолдошев.-Муну ар кимибиз көрүп-билип турабыз. Жем-чөп жок туруп малыбызды ортолоштуруп алганбыз. Жада калса кой корообуз, атканабыз да болбоду. Мына эми бир жутка туруштук бере албадык. Арабыздагы бузукулар ушуну гана күтүп турушпайбы. Буга алдангабагыла, баарыбыз бир каршы турсак кандай кыйынчылык болбосун артта калат. «Көп түкүрсө көл болот»,-деген эмеспи. Көптөсөк жеңебиз. Бытырасак душман да, жокчулук да, бизди тезирээк тепсеп жиберет.

-Биз ТОЗ болобуз,-дешти бир топ дыйкан чуулдап кол көтөрүп. Уставды алып келгиле. Түшүнөлү.

Тигиндейрек жагында элден анча обочо эмес Аскаралы, Акмат олтурушат. Тике туруп бетме-бет сүйлөшүүдөн корккону менен бир нерсе жөнүндө өздөрүнчө кеңешип жатышты. Элдин агымын көргөндөн кийин алар топко сөз ката алышпады.

Топ тарап, алардыын ары жагында ТОЗ уюшулуп, дыйкандар колуна күрөк алып жер каза баштады. Анча-мынча чигит эгилди.

…Ошол жылы пахта жакшы болду. Шериктешип иштөөнүн алгачкы жемишин күткөн дыйкандын кубанычы койнуна батпайт. Пахтачылар аянттарды акыркы сугаттан чыгарып, терим алдында дем алыш уюштурушту.

-Кечээ эле көбүбүз келечегибизге ишенген эмеспиз, чынбы,-деди Исламакун Жолдо-

шев.-Бирок ишибиз оңунан чыкты. Баарыбыз бир кишидей болуп эмгектенсек, каалаган оюбузга жетет экенбиз. Карачы талааларыбыздагы пахтанын абалын. Бирин-экин мал да курала баштады. Алгачкы тракторлор келди. Машинаны өз балдарыбыз-Дадажандын уулу Юсупжан менен Анарбайдын уулу Тажимат башкарып жүрүшөт. Айылыбызда мектеп курулуп жатат. Балдарыбыз окуйт, билимдүү-илимдүү болушат. Өзүбүздүн эмгегибиз менен биз алардын бак-таалайлуу турмушуна жол ачабыз.

Орто бойлуу, кара-тору, чың денелүү адамдын ишенимдүү сөзү топту ынандыргандай болду. Калк Исламакун дагы эмнелерди айтар экен дегенсип алдыга умтулду.

-Албетте келечекке көз жүгүртүү, ал жөнүндөгү пикирди ортого салуу кызык нерсе,-деди Жолдошев бир аз ойго чөмүлө түшүп.-Анткени, биздин башыбыздан эмнелер өтпөдү. Бул жерде турган дыйкандардын көбү ата-бабасынан бери байга жалданып, ооокаттуунун отун жагып, күлүн чыгарып келгендер эмессиздерби. Улуу Октябрь андайлар үчүн эркиндиктин таңы болду. Бирок, ошол эркиндик өзү келген жок. Ал үчүн туу туткан партиябыз көп күч жумшады. Нечен мыкты уулдарыбыз элдин бак-таалайы үчүн күрөштө курман болушту.

Бир оокумда, басмачылар, качкыла! —деген үн чыкты. Кокусунан чыккан ачуу үн Бостонду ызы-чууга бөлөдү.-Басмачылар!

Аңгыча берки коктудан чыга топ атчан сепилди аралап кирип келди. Кашат тараптан дагы чаң уюлгуду. Качуунун пайдасыздыгын көргөн Исламакун менен анын жолдоштору ордунан жылбады. Арык жээгиндеги тамдардын биринен Сейиткандын Камбары чыгып, Бүргөндүнү көздөй ат оозун бурганда жашоо үмүтү алардын көкүрөгүнө келди. Жакшы ат минип, жаңы курал менен жабылгандардын арасынан Акмат баш кесер суурулуп чыкты. Ал чокчо сакалын ирбеңдетти да, беш атарын балчайган жаагына жакындатып келип туткундарды көздөй ат үстүнөн суна берди.

-А-а. сен да ушул жерде экенсиң да,-деди атынан ыргып түшүп Акмат Исламакунга жүткүнүп.- Издегеним жолумдан чыкты. Түштүңбү эми колума. Өз колум менен…

-Капысынан кол салуудан башка колуңдан эч нерсе келбейт, ит! Аябагын, сенден жакшылык күтпөйм, эч ким сенден жакшылык күтпөйт,-деп Исламакун ордунан ыргып турду. Акматтын колу титиреп, оң колундагы узун канжар алаканга жабышып калгандай сезет. Үн катпастан ал Исламакунду карай тике баратат. Исламакун да кыймылсыз тишин кычыратат. Өлүм анын алдында турат. Кутула алабы? Эмне кылулу керек? Мындайда акыл да жыйналбай калат көрүнөт. Мыкаачы жакындап келди. Мылтык оозу табарсык тарапка сунулуп, тээк басылды. Исламакун бир аз теңселе түштү. Акмат канжар бычагын кынынан сууруп алды да, Исламакундун башын кесип коон-дарбыздардын арасына ыргытты.

Базар ичиндегилер заматта тарап жок болушту. Берки четте айыл активи, мурдагы кембагал Төрөкан Кулетов колу буту байлануу жатат. Андан арыраак жерде саясий бөлүмдүн кызматкери Бейшеке Кошоев таңылып таштalган. Акмат-паңсат аларды жийиркеничтүү карайт.

-Бошотуп жибергиле,-деди ал Төрөкан акенин жанына келип,- кетсин мындан.

Арыгыраак, шырыма чапан кийген кара жигит Төрөкан акенин бутун чечип, колун аркасына байлап:

-Кете бер,-деди.

Бир аз ойлоно калды да, Төрөкан аке арык алдындагы боз тамды карай бет алды. 10-15 кадам шилтегенче болбой арт жактан атылган ок аны көмкөрөсүнөн түшүрдү.

Базарда ээсиз калган тамак-ашты талап-жыйнап алышып, басмачылар коктуну өрдөп адырды көздөй жөнөй беришти. Алар Бейшеке Кошоевдин ким экендигин тааныган да жок. Ошондуктан аны суракка алуу үчүн жайдак атка таңып айдап алышты. Камбардан кабар уккан ыктыярдуу отряддын жоокерлери алардын изине түшүштү. Кочкор-Атанын жогору четинен алгачкы чабуулдан корккон басмачылар Кошоевди таштап качышты. Баш кесерлерди ошол күнү ыктыярдуу отряд Ак-Таштын белине чейин кууп барышты. Алышта Акун басмачы менен Халбек-паңсат окко учту. Кийинки бир кармашууда Аскараалы менен Акмат мыкаачылар колго түшүп, эл алдында кондуу жазаны алышкан.

Ошол кезде жаңы заманды курууда канчалык тоскоолдуктар болгондугуна карабастан элден суурулуп чыккан калктын уулдары көпчүлүктү артынан ээрчитип, Октябрь Революциясынын саясатын жайылтышкан.

..Жогор жагын Кара-Жыгач деп коюшат. Этек тарабы Бостон. Анын кокту-колотторун өрдөгөн адам Алаштын тоосуна чейин чыгып кетет. Айылдан төмөн карай Гүлистан кыштагына бет алып, арт жагына көз чаптырсак Кара-Таш менен Ак-Таштын аскалары, Арсланбаптын шаркыратмасы даана көрүнөт. Айдараалы аке айткан аңгемелер ошол жерлерде болгон. Анын бардыгы азыркы биздин колхоздуку. Жолдун тиги тарабы Өзбекстанга тиешелүү. Жердештерибиздин ушул күнкү турмушу үчүн күрөшкөн Исламакун бул жерде курман болду. Анын төмөнүрөөк жагында гектарынан 35-40 центнерге чейин туруктуу түшүм берген жерлерибиз бар. Бостондун оң тарабынрдагы боз талаада Кочкор-Ата поселогу өсүп чыкты. Исламакундун ойлогон ою, тилеген тилеги жердештери тарабынан ишке ашып жатат».

Бул аймактын элдин келечеги үчүн күрөшкөн менмин деген жигиттери колхоз курулушуна каршы чыгышкан басмачылардын колунан курман болушкан. Отузунчу жылдарда Камбар Сейитканов, Айдар Сарыков, Турумтай Керимбаев, Карачач Анаркулова, Мырза Караев, Ороз Айдаралилев өңдүү эл ичинен чыккан калктын уул-кыздарды эң алгачкылардан болуп ТОЗдорду уюштурушкан.

«Карыя колхозчу, өндүрүштүн активдүү катышучусу Камбар Сейитканов уюшулманын алгачкы жылдары туурасында буларды айтат:

-300-400 башка жакын кой-козу, эчки-улактын башын бириктирдик. Андан башка ТОЗ-до жалгыз ат жана эки-үч буурсун бар. Жер айдоо башталганда эмне кылаарыбызды билбей калдык. Мен ТОЗдун жетекчиси элем. Айыл-ападагыларды жыйнап кеңештик. Байларды мажбурлап иштетүүнү чечтик. Бирок, алар да өз билгендерин бербеди: « биз атка минип беребиз, буурсунун өзүңөр кармап алгыла»,- дешти алар. Айласыздан макул болдук. Ошол жылы Сакалдыда уюштурулган механизатордук курсту бүтүрүп, жердештерибиз Юсупжан Дадабаев менен Тажимат Анарбаев бизге жардам үчүн берилген тракторлордун ишине алгачкы күндөрдө ишене бербеди. Качан гана ээн жаткан куу талааны коңторуп, эгүүгө даярдай баштаганда алар машинага ишенимдүү мамиле кыла баштады.

Азыркыдай дыйканчылыктын маданияты ал кезде кайда?! Анын үстүнө шериктешип жер иштетүү кедей-кембагалдарды анча көп кызыктырбады. Айылдагы коммунисттер,

активисттер чогулуп, жердештерибизди кайсыл жол менен алып кетүүнүн жолун издедик. Биздеги бир жол-коллективдештирүү эле. 1933-жылы Хилянын калк ошол жолго келишти. Мени чарбанын председателдигине шайлашты. Анда 60 гектарге жетпеген аянта пахта өстүрүлгөндүктөн бир четинде эгүү аяктай элек жатса, экинчи жагын каткалаң басып, жаш гозо биринчи күндөн эле зыянга учуроочу. Баш көтөргөндөр күндүзгүсүн пахта талааларында иштеп, түнкүсүн басмачылардын калдыктарынан сезденип, ар кайсы жерди пааналашат. Эмгектенген адам чарчачу, чаалыгуучу. Жайкысын бүт аянтты отоо чөп басып кетет. Кетменден башка курал жок, ошого карабастан адамдардын келечекке болгон ишеними бекем эле.

Колхоз ортосундагы малыбыздын саны өсө берди.1934-жылдарда 12 бээ, 8 ат 40ка жакын уюбуз бар болучу. Кой-эчкилерибиз да чакан эки короого жетип калган. Малга тоют даярдоо деген да түшүнүктүү нерсе. Адырдын чөбүн дыйканлар орок менен оруп жыйнашат. Чөп чаап жыйноочу машиналар ал кезде биздин түшүбүзгө да кирген эмес. Орулган чөптү боолап, анча-мынчасын атка жүктөп, көбүн жөө көтөрүп, кокту-колоттордогу таш короолорго жеткирчүбүз. Колхоздун душмандары муну да көрө алышпады. Жыйналган чөпкө өрт койгон учурлары көбөйдү».

Ал кезде бир нече майда чарбалар түзүлгөн. Алардын бири Камбар Сейитканов жетектеген артель. Буга Хиля селосунун малчылары менен дыйкандары биригишкен. Коллективдештирүүгө каршы чыгышкан бай-манаптын калдыктарынын жүргүзгөн арамза иштерине карабастан өндүрүш жылдан жыга жогорулап бараткан. Пахтачылык эң бир киреше берүүчү тармакка айланган. Малдын саны көбөйүп, эт, сүт, жүн көп алына баштаган.

Капысынан СССРге Германиянын кол салышы менен жашоо бир нукка түшө баштаган элдин турмушу дагы кыйынчылыкка туш болду. Билегинде күчү бар ар бир эр азамат Мекенин коргоого кан майданга аттана баштады. Айылда аялдар, кемпир-чалдар калышты. Ал эми мектепте окуган жаш балдар сабактан кийин талаада негизги күчкө айланышты. Айылда элдиш жашоосу кыйындады. Канчалык кыйынчылык болбосун элдин максаты батыраак немецтер жеңилип, жергебизде тынчтык орноп, согушка кеткендер аман-эсен кайтып келишсе деген тилек болду. Алар бардык жасаган ишин жеңиш үчүн арнашты. Аялдар талаада да иштеп, кечкисин үй жумуштарын бүткөрүшкөндөн соң, согуштагы күйөөлөрүнө, балдарына кийим-кече тигип, азык-оокат камдап жөнөтүп жатышты.

Советтик жоокерлер немецтер басып алган айылдар менен шаарларды бошотуп, немецтерди Берлинге чейин кууп барып, 1945-жылдын 9-майында Жеништин Кызыл Туусун илишти. Бул күн кылалыктар үчүн да эстен кеткис улуу күн болуп калды. Кубанычтуусу көптөн күткөн Жеңиштин орношу болсо, өкүнүчтүүсү кан майданга кеткен бир катар азаматтардын кайтпай калышы, көпчүлүгүнүн денесинен көзүнөн, бир кол, бир бутунан ажырап майып болуп кайтышы эле. Ошентсе да, тирүү келгендери элдин бактысы болчу. Жай турмуш жүрүп, бардык аракет бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө бурулду. Элдин биргелешкен, ынтымактуу эмгеги менен согуштан кийин чарба өнүгүүгө бет алды.

1930-жылдардын аягында Камбар Сейитканов жетектеген артелдин аймагында Калинин атындагы, «Көп-Там», «Чүңөт», «Көк-Таш», «Жаңы-Арык», «Хиля», согуштан кийин «Жеңиш» чарбалары пайда болгон. Аларда бардыгы 126 үй-бүлө уюшкан. Алгачкы

жылы бардык колхоздо 250 гектар аянта пахта өстүрүлгөн. Колхозчулар ар гектар аянттан 7,5 центнерден пахта өндүрүшүп, мамлекетке 170-175 тоннадан «ак алтын» жөнөтүп турушкан. Ошол кездин шартында бул жаман көрсөткүч эмес эле.

Алгачкы колхоздордо болгон мал да саналуу эле. 1931-жылы айылдагы 6 колхоздо бардыгы болуп 780 майда жандык, 77 жылкы, 70 бодо мал гана болгон.

Алгачкы колхоздордо болгон мал да саналуу эле. Жогоруда айткан колхоздун малы калган чарбалардын жарымына жакынын түзгөн. 1931-жылы айылдагы алты колхоздо бардыгы болуп 780 майда жандык, 77 жылкы, 70 бодо мал болгон.

Ошол жылы колхозчулар республиканын бүткүл эмгекчилериндей эле Кыргызстандын жана анын Компартиясынын жарым кылымдык юбилейин белгилешкен. Мына ушул жерде партиянын ишинин салтанаты үчүн өз өмүрүн арнашкан Суранбай Жээнтаев, Исламакун Жолдошев, Төрөкан Кулетовду, өмүрүнүн акырына чейин коллективдүү чарбанын экономикасын өнүктүрүүгө салымын кошкон Өмүрзак Нурмамбетов менен Олжобай Ташбаевдин, Урбай Азалиев менен Кушназар Шералиевдин, Мейманбү Кулматова менен Бүсайра Нуралиеванын, Майрам Тиллебаеванын, Зубайда Дулатованын, Таттыбү Борбиеванын, Сыдык Нурмамбетов менен Айдаралыв Курбановдун, Мадамин Айдаровдун, Борбу Сулаймановдун, Дөөлөталы Осмоналиевдин элестерин көз алдыга келтиришип, алардын эмгеги кийинки жаштарга өрнөк экендигин айтышты.

Чарбаны уюштурууга жана өндүрүшкө активдүү катышкан элүүдөн ашык карыяга «Ардактуу колхозчу» деген наам берилген. Алардын катарында Айдар Сарыков, Камбар Сейитканов, Карачач Анаркулов, Ороз Айдаралиев жана башкалар бар.

1975-жылы Калинин атындагы колхоздун аймагында 870ке жакын үй-бүлө жашаган. Чарбадагы колхозчулардын жалпы санынын төрттөн үч бөлүгүнө жакынын 35-40 жаштагы адамдар түзгөн.

«Ишке ыраазылык болгон жерде биримдүүлүк да туулат. Ал эми бирдиктүү коллективде эмгектенүү жеңил да, жемиштүү да болот. Ошол эле мезгилде колхозчуларды кесипке ээ кылуу менен чектелип калбастан, алардын квалификациясын тынымсыз жогорулатып туруунун чаралары көрүлгөн.

Өрөөн « ак алтынга», өрүшү малга толуп турган учур ушул кез. Пахта аянты гана 1000 гектарга барабар. Мындан тышкары көп жылдык чөп, жүгөрү, жашылча жана башка өсүмдүктөр эгилет. Кайрак жерлерде болсо дан эгиндери өстүрүлөт.

Дыйканчылыктын эң кирешелүү тармагы -пахтачылык. Жыл сайын пахтачылар гектарынан 35-40 центнереден «ак алтын» алышып, дүң жыйымды 3400-4160 тоннага чейин жеткирүүдө. Ал эми өткөн 1974-жылы болсо чарбадагы пахтанын ар гектарынан 40,0 центнер түшүм жыйналып алынды.

Пахтанын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн канчалык эмгек талап кылына тургандыгы баарына маалым. Демек, гектарынан 40 центнерден туруктуу түшүмдүн өстүрүлүшү үчүн колхозчулар канча күч жумшап жаткандыктарын да көз алдыга элестетүү кыйын эмес. Маселе ошол күчтү жана каражатты бекерге сарптоо эмес, анын үзүрлүү жемишин камсыз кылууда турат».

1963-жылга чейин артель пахта даярдоонун мамлекеттик тапшырмаларын бирде аткарса, бирде аткара албай келген. 1970-жылдардан кийин колхоздун экономикалык көрсөткүчтөрү бир топ жогорулаган. 1974-жыл зор жогорулаштын жылы болгон. Ошондон

тарта бир да жолу белгиленген чекке жетпей калган мезгил болгон эмес. Чарба өрөөн боюнча гектарынан туруктуу рекорддук түшүмдү алып келген. Ошого жараша колхозчулардын эмгегине акы төлөөнүн совхоздук системасы боюнча ар бир айга гарантиялуу суммадагы акча төлөнгөн. Колхозчунун ар бир айда орточо иштеп тапкан негизги эмгек акысы 1974-жылы 137 сом болгон.

Өндүрүштү кеңири механизациялоо колхозчулардын эмгегинин мүнөзүн түп тамырынан бери өзгөрткөн. Механизатордук кесипке ээ болгон адамды ар бир үй-бүлөдөн ккезиктирүүгө болгон. Жер айдоо, чигит эгүү, катар аралыктарда иштөө, тоют, дан эгиндерин оруп-жыйноо өндүү жумуштардын бардыгы толук бойдон механизациялаштырылган. Эмгекти көп талап кылган пахта жыйноодо да техника өз ордун ээлеген.

Механизатордук кадрлардын түшүмдүүлүгү тоңдурма айдоо, чигит эгүү, түшүм жыйноо, тоют даярдоо өндүү компанияларда машиналарды эки нөөмөттө пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген. Анын натыйжасында жумуш өз убагында сапаттуу бүткөрүлгөн.Дыйкандар сезон учурунда түнкүсүн да эмгектенишкен. Жаз менен күздө колхоз талаасынын кайсыл тарабына барабагын күн-түн дебей эмгектенген адамдар болгон. Эмгектенүүгө түрткү болгон бир гана материалдык кызыкчылык эмес, коллективизмдин күчүндө, ар бир колхозчунун өз артелинин кожоюну экендигин сезе билгендигинде жаткан.

1974-жылы «Ак алтындын» дүң жыйымы 44232 центнерге жеткен. Ал эми алдыңкы бригадалар мындан да жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылышкан. Малик Акчабаев башкарган №7-бригадада 122 гектар аянттын ар гектарынан 53,6 центнерден пахта алынган. Бригадада мамлекетке пахта сатуунун беш жылдык планы төрт жылда эле 167,3 процентке орундалды. Социалисттик Эмгектин Баатыры М.Амадалиев башкарган №10-бригадада болсо гектарынан алынган түшүм 51,1 центнерге жетип, беш жылдыктын тапшырамасынан тышкары төрт жылда эле 379 тонна пахта даярдалган.

Гектарынан 40 центнерден түшүм алуу пахтачылар үчүн эч кандай кыйынчылыкты туудурбаган. Ошол кезде Маткалык Амадалиев, Турсунбай Сарманкулов, Малик Акчабаев, Амиракул Купахунов, Сатыбалды Баялиевге окшогон пахтачылар өсүп чыгышкан. Алар башкарган бригадалар жана звенолор жыл сайын ар гектардан 40-50 центнерден түшүм жыйнашкан.

Мал чарбасы да колхоздун ири тармагы эсептелген.1975-жылы 2000ге жакын уй, 20000ден ашык кой жана 400 жылкы болгон. Жылына даярдалган сүт- 12500 центнерди, эт-4000 центнерди, жүн-690 центнерди түзгөн. Тогузунчу беш жылдыктын өткөн жылдарында мамлекетке 1717 тонна эт,4341 тонна сүт, 2873 центнер эт сатылган. Эгерде 1956-жылы ар уйдан араң гана 837 килограммдан сүт саалып алынган болсо, 1975-жылы бул цифра 2000 килограммга жеткен. Ар бир койдон жүн кыркып алуу, эт, сүт даярдоо да бир кыйла көбөйгөн.

Ошол кезден 40-45 жыл мурда 400-500 баш кой менен жалгыз сокур аттан башка малы жок артелдер райондо мал чарба продуктыларын даярдоонукн көлөмү жагынан басымдуу орунда турган. Бул кезде жыл сайын мамлекетке 500-600 баш борго байланган бодо мал, миңдеген койлор өткөрүлгөн. Малчылардын башкы макксаты малдын башын барган сайын өстүрүү, продукцияны көбүрөөк жана арзанираак өндүрүп алуу, фермаларды механизациялаштырууну кеңири тармакта жүргүзүү болуп саналат. Ал максатка жетишүү үчүн күрөштө ондогон мал чарбасынын устаттары өсүп чыгышты. Кечээ эле

баткак менен аралашып, эртели-кеч уй саап, сүтүн чанач менен ташып, кол менен бышып, май чыгарган саанчылар акыркы мезгилде уй саалуучу, тоют майдалап акырларга жеткирүүчү кык тазалоочу техниканын ээси болушкан. Фермаларда эмгекти көп талап кылуучу процесстер бүт бойдон механизациялаштырылган. Мейликан Маялнова, Тоту Кудайназарова, Толгонай Маматова, Суусар Мусурманкулова өндүү саанчылар ар бир уйдан жылына 2000-2200 килограммдан сүт саап алып турушкан.

Коомдук малдын бардыгы короо-сарайлар менен камсыздалган. 1973-жылы Майлы-Сай менен Кочкор-Атанын нефтичилеринин жардамынан пайдаланып,155 гектар кайрак жерлерге суу чыгарылып, жерлер өздөштүрүлгөн. Анын шарапаты менен дан эгиндеринин, жүгөрү көп жылдык чөп аянттары кеңейтилип, мал чарбасы үчүн тоюттун кошумча резервдери эгилген. Эгерде 1971-жылы 434 тонна эгин өндүрүп, 4869 тонна силос, 33398 тонна кесек тоют даярдалса, 1973-жылы 1058 тонна эгин, 5626 тонна силос, 452 тонна кесек тоют топтолгон.

Колхоздун кирешесинин башкы булагы пахтачылык менен мал чарбасы болгон. Эгинчиликтен, жашылча, мөмө-жемиш жана башкаларды өстүрүүдөн да аз киреше алынчу эмес. Сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыгына назар таштасак, төмөнкүдөй болгон.

	1960-1965-жылдарда	1966-1970-жылдарда	7-беш жылдыкка караганда өсүшү (процент м-н)	1970-жылы алынган	1965-жылга салышт. өсүш (процент) менен	1960-жылга салыш. өсүш (проц) м-н
Ар гектардан алынган пахта	24,6 центнер	33,3 центнер	35,3	35,4 ц	34,0	36,0
Мамлекетке сатылган пахта	15658 т.	19295 т.	23,2	3963 т.	18,0	27,6
Ар бир уйдан саалган сүт	1283 кг.	1758 кг.	37,0	1947 кг.	35,0	133,0
Мамлекетке сатылган сүт	31380 ц.	46320 ц	47,6	10127 ц.	29,0	204,0
Ар бир койдон алынган жүн	2,37 кг.	2,87 кг.	21,1	3,35 кг.	28,0	56,0
Мамлекетке сатылган жүн	2730 ц.	3530 ц.	29,3	806 ц.	30,0	94,0
Мамлекетке сатылган дан	2930 ц.	3175 ц.	8,7	440 ц.	100,0	-
Мамлекетке сатылган пилла	350 ц.	440 ц.	25,7	97,0 ц.	20,0	80,0
Алынган дүң киреше	9,374 миң сом	9,374 миң сом	36,4	3,01 мин сом	29,0	119,0

Колхоздун экономикасынын жылдан жылга өнүгүшү, коомдук байлыктын көбөйүшү, колхозчулардын турмушунун жакшырышы түздөн түз пахтачылыкка байланыштуу экендиги жогорудагы таблицадан көрүнүп турат.

Уюштуруу жагынан колхоздун негизин бригадалар жана мал чарба фермалары түзгөн. Пахтачылык бригадалары участокторго биригишкен. Мындан тышкары өндүрүштүн талабына ылайык, сезондук компанияларды жүргүзүү боюнча айрым учурларда звенолор да уюштурулган.

Пахтачылык боюнча трактордук бригадалар техника менен жабдылышы жагынан комплекстүү-механизациялаштырылган бригадаларга жакындашкан. Алардын ар бирине жер, анда иштөө үчүн техникалар берилген. Жер айдоо, түшүм жыйноодон башка процестердин бардыгы бригадалардын өз күчү менен бүткөрүлгөн. Чарба бутка тура баштагандан тартып, айыл чарба өсүмдүктөрүн алдыңкы технология менен багып-өстүрүүгө жетишкен.

Бригадалар технологиялык картанын негизинде иштеген. Которуштуруп айдоо түшүмдүүлүктүн булагы болгон. Ошол мезгилде мурдагы 20-25 жыл мурда пахта талааларында 2-3 гана трактор иштей турган. Түшүм жыйноону механизациялоо мурда дыйкандардын тилеги болгон. Эрте жаздан тартып бир кар жааганга чейин ар бир түп гозонун түбүндө дыйкандын маңдай тери, түйшүкүү аракети турган сыяктуу көрүнөр эле. Кээде ошол маңдай тер кар алдында калып, кайран түйшүк бекерге кетчү. Анткени, түшүм эккенден, жыйнаганга чейин кол менен топтолуп алынаар эле.

Кийин пахтачылыктагы негизги процесстер бүт бойдон машина менен бүткөрүүгө жетишишкен. Жазгы чигит эгүү, аянттарды жумшартуу мезгилинде пахта талааларын кыдырган адам жүздөгөн тракторлордун иштеп жатканына күбө болоор эле. 1975-жылы Калинин атындагы колхоздо түрдүү маркадагы 125 трактор, 37 эгин жана пахта жыйноочу комбайндар, 50 автомашина, көп сандаган сеялкалар, чиркелүүчү машиналар бар эле.

Андан бир канча жылдар мурда минералдык жер семирткичтер да жетишсиздик кылаар эле. Аянттарга кезек менен жер семирткич беришкен. Кээде бир участокко азоттук семирткич беришсе, келерки жылы фосфор беришчү. Ошол жылдары негизги жер семирткичтер жетиштүү болду, кала берсе татаал жер семирткичтен бери жетиштүү өлчөмдө камдап алышчу. Транспорт жетиштүү болгондуктан, мал чарба короо-сарайларынан кыкты бүт бойдон ташып талааларга чачышчу. Азоттук жана фосфордук жер семирткичтердин берилүү нормаларынын өсүшү өсүмдүктүн нормалдуу жетилишине шарт жаратчу.

Дыйкандар гозонун илдетине туруштук бере ала турган Ташкент-1 сортундагы пахтаны өстүрө башташкан. Калинин атындагы колхоз бул сорттогу пахта өстүрүү боюнча өрөөндөгү бирден бир үрөндүк чарбага айланган. Пахтачылар анын элиталык чигиттерин коңшу чарбаларга жөнөтүшкөн. Чигит чарбасын тартипке келтирип, ак балек илдетине туруштук берүүчү гозо өстүрүүгө кирише электе гектарынан 30 центнерге жетпеген түшүм алынып жүргөн Маткалык Амадалиевдин бригадасында 1975- жылы 50 центнерден жогору түшүм алынган. Келерки жыл үчүн күрөш мына ушул Социалисттик Эмгектин Баатыры жетектеген бригадада бир жыл мурда пахтанын түшүмү жыйналып жаткан учурдан башталган. Бригададада аянттардын бир четинде такыркы косектер үзүлүп

алынып жаткан мезгилде экинчи жагында гозопаялар жулунуп, тоңдурмалоо иштери башталат. Тоңдурма топурактын нымдуулугуна жараша 30-32 сантиметр тереңдикте айдалат. Тоңдурмалоо алдында семирткичтер чачылат. Кийинки кездерде тоңдурмалоодон мурда фосфордук азыктарды берүү бридададa жыл сайын кайталанган. Гектарына кеминде 350-400 килограмм суперфосват жер семирткичин эрте жаздагы малалоо алдында атайын сеялкалар менен чачышчу.

Калинин атындагы колхоздун дыйкандары жер шартына ылайык чигит эгүүнү апрель айынын биринчи он күндүгүндө башташкан. Чигит 50Х60 сантиметр схемасында эгилчү. Чигит эгүү 7-8 күндүн ичинде аяктаган. Бул мезгилде механизаторлор катар аралыктарды эки багытта культивациялашкан. Алгачкы культивациялоо менен бирге гектарына 100-120 килограмм минералдык семирткич кой кыгына аралаштырылып чачылган. Өсүмдүк вегетациялык мезгилде азык заттардан да, суудан да өксү кылынбаган.

«Техника канчалык жетиштүү болуп, минералдык семирткичтерди көп бербегин, агротехникалык чаралардын бардыгын күзгүдөй кылып ишке ашырбагын өсүмдүккө тиешелүү ным бербесе мол түшүм алуу үчүн аракет текке кетерин дыйкандар жакшы билген. Колхоз жыл сайын сугат тармактарын кеңейтүү жана жакшыртуу боюнча маанилүү иштерди жүргүзүп жатышы да мына ушундан улам. Бетондоштурулган каналдар, насостук станциялар курулуп жатат. Бригаданын мүчөлөрү андан келген суунун бир тамчысын коротпостон гозого жеткирүүнүн аракетинде болушат. Сугат мында агат боюнча жүргүзүлөт. Адатта биринчи сугат мезгилинде гектарына 700-750 кубометр, экинчи сугатта 1000-1100 кубометрге чейин суу чыгымдалат. Эреже катары үчүнчү сугат маалында аба кургак келипп, топурактагы нымды гозо интенсивдүү сиңире баштайт. Бул учурда гектарына чыгымдалган суу 1200 кубометрге чейин көбөйтүлөт. Ал эми төртүнчү сугатта норма бир кыйла азайтылат. Ал эми агат башына кык төгүп, сууну ошол аркылуу өткөрүп, өсүмдүккө ширин суу берүү адат болуп калган. Гектарына 50 центнерден ашырып түшүм алууда сугаттын ушул ыкмасы чечүүчү роль ойногондугун бригаданын мүчөлөрү өз тажрыйбаларынан көрүштү».

(«Биздин колхоз ушундай»)

Маткалык Амадалиев өз бригадасын 1951-жылдан тартып башкарган. Бригаданын пахта аянтынын бир ууч топурагынын составы да ага маалым болгон. Анткени, анын бүт өмүрү пахта талаасында өткөн. Жердин чыныгы дыйканы, устат пахтакер-жердин да, техниканын да, өсүмдүктүн да, адамдын да тилин таба билген. Ал башкарган бригада чейрек кылым ичинде пландан тышкары 1790 тонна пахтаны мамлекетке тапшырган. Эгерде 1966-70-жылдарда орточо түшүмдүүлүк 38,8 центнерге айланса, 1971-1974-жылдары 47 центнерге, ал эми 1974-жылы 51,1 центнерге жеткен.

Ага 1972-жылы «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген ардактуу наам берилген.

Малик Акчабаев жетекчилик кылган №7-бригаданын дыйкандары жыл сайын гектарынан 50 центнерден ашык түшүм алып келет. 1974-жылы бригаданын пахтачылары 118 гектар аянттын ар гектарынан 55 центнерден түшүм жыйнашкан. Түшүм жыйноого кеминде 45 адам катышкан. План боюнча ар бир теримчи күнүнө 50 килограммдан пахта терүү белгиленген. Алгачкы төрт күндүн ичинде кол менен терилген пахта тогуз тоннага пландаштырылган. Андан ары коссектер массалык түрдө ачыла баштаган. Сентябрь

айынын орто ченинен баштап бир айга чейинки мөөнөттүн ичинде күндөлүк норма 80 килограммга жеткирилсе, анда ар күнү 3600 килограммдан пахта даярдоого тийиш болгон. Андан кийин улам түшүм азайып, терип алуу үчүн көбүрөөк күч жумшоого туура келгендиктен норма 40 килограммга чейин төмөндөгөн.

Малик Акчабаев башкарган бригада 1974-жылы рекорддук түшүм өстүрүп, андан мурдагы төрт жыл ичинде эле тогузунчу беш жылдыктын тапшырмаларынан тышкары 339 тонна пахта даярдаган. 1973-жылы бригаданын мүчөлөрү Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Алля Анаров атындагы байгени жеңип алышкан. Мындагы ар гектар аянт колхозго 2600 сом киреше берген.

Малик Акчабаевдин бригадасындагылар пахтадан гана эмес көмөкчү тармактары боюнча да мыкты көрсөткүчтөргө ээ болушкан. Тогузунчу беш жылдыктыны төртүнчү жылында бригадада ар гектар жүгөрү аянтынан 60 центнерден дан, көп жылдык чөптөрдүн ар гектарынан 126 центнерден кургак чөп даярдалган.

	1931-	1940	1950-	1960-	1970-	1974-	1974- (план)
Пахта аянты (гектар)	310	143	875	1185	1118	1166	1000
Ар гектардан алынган пахта (центнер)	7,5	11,7	13,2	26,2	35,4	37,8	40,0
Дүң жыйым (тонна)	230	873	1150	3106	3963	4423	4000
Колхоздун жалпы акчалай кирешеси (миң сом)	67,0	405	713	1,378	3,013	3.388	3,500
Колхозчулардын эмгек акыларына бөлүнгөн акча (миң сом)	23,0	129	262	473	1,312	1,494	1,500
Бөлүнбөс фондуга чегерилгени (миң сом)	12,0	101	142	303	762	800	800
Капиталдык курулуштар курулду (миң сом)	-	-	43	162	334	542	612
Маданий фондуга чегерилгени (миң сом)	-	-	8,0	18,1	129,7	178	185
Коомдук фондуларды кошкондо ар бир үй-бүлөнүн алган акчасы (сом)	-	-	612	864	2015	2038	2100
1 адам күнүнө жумшалган акча (сом)	-	092	1,17	1,79	4,53	4,52	4,60

Таблицада далилденгендей бара бара колхоздун экономикасы чыңдалып, өндүрүштүк көрсөткүчтөр жогорулап олтурган. Калинин атындагы колхоз республикадагы эң кубаттуу колхозго айланган. Албетте, мында ошол кезде чарбаны жетектеген ар тараптан тажрыйбасы мол, уюштургуч жана көрөгөч жетекчи Юсупжан Момбековдун өлчөөсүз эмгеги зор болгон.

Коллективдүү чарбанын кирешеси көбөйгөн сайын колхозчулардын материалдык турмуш деңгээли да улам жакшырып олтурган. Мунун өзү жыл сайын эмгекти көп талап кыла турган процесстерди кеңири механизациялоонун, капиталдык курулуштарды көбүрөөк куруунун, пахтачылардын, малчылардын турмуш-тиричилигин мындан ары көтөрүүнүн чараларын көрүүгө мүмкүндүк берген. Колхоз кийинки тогуз жылдын ичинде 4 миллион (1966-1974-жылдарда) пландан ашык 4 миллион 378 миң сомдук продукцияны мамлекетке сатышкан. Заңгыраган клуб, мектептер, мал чарба короо-сарайлары жана башка имараттар, замандын татаал техникасы мына ушул каражатка келип жаткандыгын ар бир колхозчу жакшы билген. Колхоз жалаң капиталдык курулушка гана тогуз жылда 9 миллион сомдон ашык каражат чыгымдаган.

«… 1970-жылдын апрель айы. Жаз жарышы улам күчөп бара жаткан мезгил. Бүткүл өлкөнүн эмгекчилери менен бирге колхозчулар да улуу жолбашчыбыз В.И.Лениндин туулганына 100 жыл толушун эмгектеги ийгиликтер менен белгилөө үчүн күрөшкө чыгышкан. Өткөн ишибизден жыйынтык чыгарып, алдыга жаңы милдеттерди коюу максатында колхоз башкармасы менен партиялык уюмунун кеңири кошмо заседаниеси чакырылды. Залга адамдар жык толгон. Кезек сөз алып, каалагандар ичтеринде ойлорун ортого салып, улуу жолбашчыбыздын 100 жылдык юбилейине кандай ийгиликтер менен келгендиктери жөнүндө толкунданууменен сүйлөп жатышты. Акырында төмөнкүдөй токтом кабыл алынды.

В.И.Лениндин туулган күнүнө 100 жыл толушунун урматындагы социалисттик мелдештин шарттарын орундаткандыктары үчүн №7- бригада (бригадири М.Акчабаев) жана сүт-товар фермасына (ферма башчысы жолдош Ахметов) түбөлүккө сактоого эстелик иретинде Кызыл Туу тапшырылсын.

Колхозду уюштурууга активдүү катышып, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон, чарбанын экономикасын чыңдоого салымдарын кошуп, иши менен да сөзү менен да башкаларга өрнөк болгон 16 карыяга, артелдин Уставына ылайык «АРДАКТУУ КОЛХОЗЧУ» деген наам берилип, айлык пенсиялары 40-45 сомдон белгиленсин.

Көп жылдар бою тынымсыз өндүрүштүк, бир гана участогунда иштеп, жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылгандыктары үчүн төмөндөгү колхозчуларга «Эмгек сиңирген колхозчу» деген наам берилип, негизги айлык акыларына кошумча 10 процент эмгек акы төлөнүп турсун.

1.20 жылдан ашык убакыт бою пахтачылык бригадасын башкарып, ар жылы өндүрүштүк пландыи ийгиликтүү орундаткан, кийинки он жылдын ичинде эле пландан ашык 750 тонна пахтаны мамлекетке тапшырган, дыйканчылыктын маданиятын көтөрүп, эмгекти көп талап кылуучу процесстерди механизациялоого көңүл буруп, жаңылыкты тайманбастан өз ишине киргизип, бригададагы пахтачылардын кеңешчиси, окутуучусу болгон Маткалык Амадалиевге;

2. Өрөөндө алгачкы тракторлордун бирин башкарып, ошондон бери 35 жылдан ашык убакыт бою өз кесибин уланткан, жылдык тапшырмалардын аткарылышына дайыма өзүнүн салымын кошуп иш десе ичкен ашын жерге койгон, техниканы бапестеп күтүп, билгенин жаштарга үйрөткөн, эмгеги менен эл оозуна алынып, кадыр-баркка э болгон Тажимат Анарбаевге;

3. Отуз жылдан ашык «күрөгүн алып суу жыккан», жердин да, өсүмдүктүн да тилин билген, колхоздо агат боюнча жылжытып сугарууну биринчилерден болуп киргизип, башкаларга үйрөткөн, гозону кандыра сугарып, шанасына шана, косегине косек кошкон, сугат мезгили бүткөн соң кетменин жыйнап, башка ишке билек түрүнө кирген мыкты сугатчы Султан Жапаровго;

Социалисттик мелдештин шартын эки жылдан бери ийгиликтүү аткарып, даңктуу юбилейге карата татыктуу белек камдаган төмөндөгү колхозчуларга «Күжүрмөн эмгектин лауреаты» деген нгаам берилип, жобо боюнча акчалай сыйлыктар ыйгарылсын.

1.Жаштайынан өз тагдырын колхоз өндүрүшүнө байлап, коллективди аңсезимдүү эмгекке тарбиялаган, гозосун баладай асырап, колхоздо гана эмес бүткүл республикада рекорддук түшүм өстүргөн, көлөм үчүн гана эмес, сапат үчүн тынымсыз күрөшкөн, өзү башкарган бригаданын гана көрсөткүчү эмес, бүткүл өрөөндүн мол түшүмдүүлүгүнүн аракетин көрүп, жалаң гана жогорку класстагы үрөндүк материал берген, акыркы төрт жылдын ичинде гана колхозго 176 миң сомдон ашык пайда келтирген бригадир Малик Акчабаевге бул наам менен бирге 250 сом сыйлык тартуулансын.

2. Кыштын суугуна тоңуп, жайдын ысыгына какталып, кой артына түшкөн, арбын төл, көп жүн алып, жердештерин кубандырган, көп жылдан бери оторунан чыгашага жол бербеген, мал багуунун сырын беш колундай билген чабан Камчыбек Кочкорбаевге ардактуу наам менен бирге 150 сом акчалай сыйлык бероилсин.

3.Койлордун жүн кыркып алуунун оренбургдук ыкмаларын колхозго таратуулчулардын бири, элект кайчысын колунда ойнотуп, жүндү сапатуу кыркып, дайыма жогорку класска тапшырган, өрнөгүн жаштарга таратып, жалпы жогорулашты камсыз кылууга дилгир, алдыңкы кыркымчы Жакшыбай Акылбековго бул наам менен бирге бир килем тартуулансын.

4.Коомдук мал чарбада эмгекти көп талап кылуучу процесстерди механизациялоого умтулуп, көп да, арзан да продукция өндүрүп жаткан, иштеринде биринчиликти дайыма ээлеп, малын аман асырап, уйлардын сүттүүлүгүн көбөйткөн саанчы Салия Жакшыбаева менен малчы Ражап Маматовго ардактуу наам менен бирге ар бирине 100 сомдон акчалай сыйлык тапшырылсын.

«Ардактуу колхозчу», «Эмгек сиңирген колхозчу», «Күжүрмөн эмгектин лауреаты» деген наамга татыктуу болбогон жогорудагы колхозчуларга күбөлүк каттар тапшырылып, чарбанын «Ардак китепчесине» жана В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейине арналган эмгек летописттеринин китепчесине каттalсын жана атайын альбомго сүрөттөрү тиркелсин…

Чогулушта «Ардак тактага» үчүн алдыңкы колхозчулардан 42 адамдын сүрөтүн тарт-

тырып алуу маселеси колхоз башкармасына тапшырылды. Андан соң көп сандаган механизаторлорго, малчыларга, саанчыларга, теримчилерге, бригада башчыларына жеке сыйлыктар, айрым бригадаларга болсо коллективдүү сыйлыктар ыйгарылды.

Мына ушулардын бардыгын салмактап көрүп, бригада мүчөлөрүнүн да эмгегин баалап, колхоз башкарамасы менен партиялык уюму, алардын эмгегине жараша ар бирин сыйлоо үчүн ушул эле жолу 1150 сом акча бөлдү».

(«Биздин колхоз ушундай»)

Колхоздун башкармасынын төрагасы Юсупжан Момбеков эң башкысы адамдын эмгегин баалап, аларга моралдык да, материалдык да колдоо көрсөтүп турган. Бул багытта атайын колхоздун башкармасынын токтому менен социалисттик мелдештерди уюштуруп, кызыктыруу чараларын көргөн, атайын номинацияларды ыйгарган. Анын дагы бир мисалы.

1. «Эмгеги сиңген колхозчу» колхозчу наам алгандарга атайын күбөлүк тапшырылып, сүрөттөрү көргөзмө доскага илинет, таржымалы «Ардак китепчесине» жазылып, түбөлүк сактоо үчүн колхоздук музейге өткөрүлөт.

2. Ай сайын иштеп тапкан нгегизги эмгек акысына кошумча 10 процент акы төлөнүп турулат.

3. Карыган кезде колхоздук персоналдык пенсия чектелет.

4. Жылына бир жолу колхоз эсебинен курорттторго же санаторияларга жиберилет, же республиканын аймагына туристтик жүрүштөргө жөнөтүлөт.

Колхоздун жетекчилиги ошол кезде элдин эмгегин баалап, аларга шарт жаратып, кала берсе ден соолугуна чейин камкордук көргөн. Чарбанын экономикасын көтөрүүгө өздөрүнүн эмгегин жумшап келген айылдыктар колхоз тарабынан ар тараптан камкордукка алынып турган.

Кыргыз ССРинин жана анын Компартиясынын 50 жылдык юбилейиниин алдында колхзоз башкармасы менен партиялык уюму өндүрүштүн алдыңкыларына «Эмгек сиңирген механизатор» деген ардактуу наамды ыйгаруу жөнүндөгү жобону бекитишкен.

«1. «Эмгек сиңирген механизатор» деген ардактуу наам колхоздук өндүрүштө көп жылдардан бери тынымсыз иштеген ак ниеттүү, моралдык жактан туруктуу, көпчүлүккө кадыр-баркы бар, жүрүш-турушу жагынан жаштарга үлгү болорлук, эмгек тартибин бузбаган, техниканы жакшылап күтүп, толук кубаттуулукта, өндүрүмдүү пайдаланган, күйүүчү жана майлоочу майларды үнөмдөп, запастык бөлүктөрдү, дөңгөлөктөрдү жана башка баалуу материалдарды орду менен колдонгон, техниканы башкаруу эрежелерин тура сактап, алдыңкы тажрыйба менен илимдин жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүгө дилгир, өз кесибин өрөкүндөтүп, белгиленген нормасын дайыма орундатып жана ашыра орундатып, жумушту сапаттуу бүткөргөн шоферлорго, трактористтерге, комбайнерлорго, бульдозеристтерге жана башка механизаторлорго ыйгарылат.

2.Бул наам бригадалардын, фермалардын, инженер-техникалык тармактагы бөлүкчөлөрдүн жана алардагы коомдук уюмдардын сунушу боюнча берилет. Мында ошол сунуш кылган жерлерде да, өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн үч жылдык деңгэли, ардакту наамга сунуш кылынып жаткан механизатордун бир эле трактордо же баш-

ка машинада жылына кеминде 304 күн бою ишке катышусу эске алынат.

3. «Эмгек сиңирген механизатор» деген ардактуу наамга татыктуу болгондорго атайын күбөлүк каттар берилдип, ысымдары колхоздун «Ардак китепчесине » жазылып калтырылат.

4. Эмгек сиңирген механизатор« деген наам ыйгарылган, механизаторго трактордун же башка машинанын маркасына, аткарган жумушуна карап 100 сомдон 150 сомго чейинким сыйлык кошо тапшырылат».

(«Биздин колхоз ушундай»).

1973-жылы колхозчулардын алган киреешелеринин чыгымдалышына анализ жүргүзүп, талдоого пахтачылардын, малчылардын, механизаторлордун, катардагы колхозчулардын 17 үй-бүлөсүн алышкан. Ошол 17 үй-бүлөнүн колхоздон эмгек акы иретинде алган каражаты жыл ичинде 3303 сомго айланган. Мындан тышкары алардын ар биринин огороду, менчик балы, тоок-өрдөгү болгон. Орто эсеп менен андан колхоздук баада 377 сомдук продукция түшкөн. Ошентип орто эсеп менен бардык киреше 3980 сомго айланган. Ал эми кээ бир үй-бүлөлөрдүн жылдык кирешеси 5000 сомдон ашып кеткен.

Колхозчулардын эмгек акысынын жана коомдук керектөө фондуларынын пайдаланылышынын салыштырма көрсөткүчтөрү

Колхозчулардын негизги эмгек акыларына төлөнгөн каражат (миң сом)	470	972
Кошумча эмгек акыга төлөнгөн каражаттар (миң сом)	16	491
Колхозчулардын балдарын бакчада, яслилерде багууга чыгымдалган каражаттар (миң сом)	2,8	25
Пенсия жана пособияга төлөндү (миң сом)	4	197,3
Колхозчуларга бекер ысык тамак берпүүгй чыгымдалган каражат (миң сом)	-	16
Бардыгы:	492,8	1701,3

Колхозчулардын эмгек акылары үчүн кийинки 11-12 жылдын ичинде үч эсеге, ал эми пособие жана пенсиялары үчүн 20 эсеге жакын каражат көбүрөөк чыгымдалганын жогорудагы таблицадагы көрсөткүчтөр далилдейт. Маанилүү чарбалык компаниялар мезгилинде колхозчулдарга ысык тамак да бекер уюштурулган. Колхозчулардын балдарын коомдук чарбанын эсебинен бактырууга кеткен чыгым 8-9 эсеге көбөйгөн. Мунун баары өзүн өзү актай турган чыгым болгон. Эгерде 1961-жылы колхоз эсебинен пенсия жана пособияларды алуучулардын саны 16 адам болсо, 1975-жылы 680ге жеткен. Мурда пенсиянын көлөмү да төмөн болгон. Бул жылы кээ бир колхозчулар ай сайын 80-120 сомдон пенсия алып турушкан.

« Өмүр бою тракторист болуп иштеп жүрүп пенсияга чыкан Эшенкул Юсуповдун айлык пенсиясы 120 сомдон, Улу Ата Мекендик согуштун майыбы, ошого карабастан өндүрүшкө активдүү катышкан Нышан Алыбаевдики-100 сомдон, коллективдүү чарбаны өз колдору менен куруп, бүткүл өмүрүн жана экономикасын чыңдоого арнаган Усупбек Мамытовдун, Айдар Сарыковдун жана башка көп сандаган карыялардын пенсиясы 80-100 сомдон чектелген».

(«Биздин колхзоз ушундай»)

Ошол мезгилде колхоздун аймагында эки жерде эки кабат балдар бакчалары иштеп, келечек муундарын камкордукка алган. Алар жыл бою тынымсыз иштеп турган. Мындан тышкары үч участокто сезондук балдар бакчалары уюштурулган. Жыл ичинде колхоз боюнча 360 жаш бала колхоз эсебинен тамактандырылат, кээ бирлерине бекер кийим берилет. 1960-жылы бул максат үчүн колхоздо 1242 сом чыгымдалган болсо,1970-жылы 40600 сом, 1974-жылы 54500 сом сарпталган. Бул балдар бакчалары колхоз тарабынанкаржыланып, иштеп турушу күн сайын 200 колхозчунун өндүрүшкө катышууларына мүмкүнчүлүк жараткан.

Улу Ата Мекендик согуш жеңиш менен аякталган жылы колхоздо турмуштан кыйналган 303 түтүн,1613 адам калган. 1974-жылы түтүндүн саны 860тан ашып, колхоз аймагында 5793 адам жашаган. Алардын ичинен 1500дөн көбүрөөгү колхоздук өндүрүшкө катышкандар.

Колхозчулардын саны айылдагы жаштардын эсебинен өскөн. 1950-жылдарда колхоздун аймагында 261 гана жеткинчек мектепте окуган болсо,1970-жылы алардын саны 1762ге,1975-жылы 2057ге жеткен. 1960-жылы колхоздун аймагында 1 сегиз жылдык жана 2 башталгыч мектеп болгон, окучулардын саны 732 болгон. Мектептердин имараттары жепирейген, терезеси төөнүн көзүндөй, ичи караңгы, алды жер, сыз, кээде быкшытып гозопая жагып жылытыла турган. 1974-жылы эки орто жана бир сегиз жылдык мектепте 2000ден ашык колхзозчулардын балдары окуп, билим алышкан. Мектеп имараттары балдарга билим берүүнүн жана тарбиялоонун талаптарына жооп бергидей кылып салынган жана окуу куралдары менен жетиштүү түрдө камсыз кылынган. Эки орто мектептин имараттары борбордук жылыткыч системаларына бириктирилген.

Селонун борборунда 650 орундуу маданий дворец колхзозчулардын маданий руханий дүйнөсүн кеңейтүүнүн очогуна айланган. 1975-жылга чейинки беш жылдын ичинде колхоздо эки клуб, адистер, мугалимдер, малчылар үчүн 87 турак үй курулган. Малчынын үй бүлөсү мурдагы жыртык алачыкта эмес, татынакай акталган стандарттуу үйлөрдө

жашоо бактысына ээ болгон. Жайкысын жайлоого көчүшкөнү менен кышкысын кайра келип айыл ичиндеги колхозчудай эле газ, электр жарыгын пайдаланышат. Мындан тышкары ошол кезде айыл чарба адистери, селолук интеллигенттер үчүн да үйлөр салынган. Алардын сырткы көрүнүшү шаарлардагы үйлөрдөн эч кандай өзгөчөлөнгөн эмес. Чоң терезелүү, бийик үйлөрдүн алдына бак тигилген, суу түтүгү, канализация, газ киргизилген. Мындан тышкары ошол жылы ар бир квартирасынын ички пайдалуу көлөмү 60-70 чарчы метрди ээлеген эки кабат үй да курулуп бүткөрүлгөн. Анда тамак ичүүчү, балдар бөлмөлдөрү, ашкана, мончосу да бар. Төрт жылда эле чарба маданий-турмуштук обьектилерди, турак жайларды куруу үчүн 3,5 миллион сом сарптаган. Мындай каражат Улуу Ата Мекендик согуштун алдындагы жылдар ичинде Калинин атындагы колхоздун бардык капиталдык курулушуна чыгымдалганынан 2,5 эсеге көп.

Тогузунчу беш жылдыктын акыркы төрт жылында эле эки орто мектептин, бир сегиз жылдык мектептин жана 4 жерде балдар бакчаларынын имараттары курулган.

Коммунизм участогунун калкы колхоздун борбордук короосунан бир кыйла алыс жайгашкан. Транспорт маселеси көйгөйдү жараткандыктан, айылда жашаган колхозчулар селонун борборундагы маданий двроецке барып кино көрүүгө көп убакыт керектешет. Ошондуктан, бул жерде атайын клуб курууну көтөрүп чыгышкан. Бул сунушту колхоздун башкармасы менен партиялык уюму колдоого алышып, маданий-агарттуу иштерин жүргүзө турган клубдун имаратын куруп берген.

Мурдагыдай колхозчулар тезектин түтүнүн буруксутуп, үй-үйүнүн жанына гозопаяны үйүп жыя бербей калышкан. Анткени, газдаштыруу маселеси чечилген. Көпчүлүк үй-бүлө көгүлтүр жалын менен үй жылытып, тамак-бышырууга жетишкен. Газ бир чети арзан эле. Колхоздун эли мурдагыдай отун даярдап, тезек жыйып, камылга көрүү убарагерчилигинен кутулушкан. Жумушан чарчап келген колхозчу кечкисин тез гана тамак-ашын бышырууга шарт жаратылган. Газдаштыруу, материалдык жактан гана колхозчуларга пайда келтирбестен, маданияттуулукка да үйрөткөн.

Ошол кезде айыл калкынын дагы бир утушу телефондоштуруу маселесинин чечилиши эле. Ал үчүн колхозго автоматтык телефон станциясы курулган. Артелдин башкармасы бардык участоктор, бригадалар менен телефон аркылуу байланыша алышкан. Бара бара ар бир колхозчунун үйүнө телефон коюла баштаган. Кыштак менен шаардын ортосундагы айырмачылык жоюлуп, эл маданияттуу жашоого өтүшкөн.

Айылдыктар жаңы турмушта жашоого өтүшкөн. Күнү түнү электр жарыгы өчпөгөн. Мурда бригадирлер үймө үй кыдырып, жумушка чыгарышчу. 70-жылдардан кийин колхоздук радио түйүнү аркылуу кечкисин өткөн күндөгү өндүрүштүк иштердин жыйынтыгы чыгарылып, жалпы колхозчуларга жарыялана баштаган. Андан кийин диктор эрткеңки күндүн милдеттерин айтып берчү. Бир адам керек болсо аны издеп чапкылабастан колхоз башкармасы радио же телефон аркылуу чакыртып алуу жолуна өтүшкөн.

Калктын бакыбаттуу жашоосу, алардын ар бир үйдо радлиоприемник, телевизор, муздаткыч, кир жуугуч машиналар менен камсыз болгонунан ашкере далилденген. Бара бара колозчулардын турмуш тиричилигинде өзгөрүүлөр болуп, алардын жашоосу Майлу-Суу шаары жана Кочкор-Ата поселогунан айырмаланбай калган. Үйлөр план боюнча курулуп, татынакай болуп акталып, айланасы жашыл бактар менен курчалган. Элдин ру-

ханий байлыгы өсө баштаган. Гезит-журнал, китеп окууга кызыккандар көбөйгөн. Аларга руханий азык берген колхоздун аймагында 5 китепкана иштеп турган. Алардын жалпы китеп фондусу 30 миңге жеткен. Мындан тышкары 465 үй-бүлө өздүк китепканага ээ болгон. Коммунисттер менен комсомолецтер марксизм-ленинизмдин чыгармаларынын бардыгын өздөрүнчө жазылып алып окушкан. Колхоздук жана селолук китепканалардын, окуу үйлөрүнүн окуучулары чабандар, механизаторлор, пахтачылар, дыйкандар, саанчылар, айылдык интеллигенттер болушкан. Колхозчулардын сүйгөн жайы өздөрүнүн китепканасы эле. Ал артелдин башкармасынын имаратынын экинчи кабатынан орун алган. Ал эки бөлмөдөн турган. Колхоз башкармасы менен партиялык уюму китепкананын фондусун байытуга акча каражатын аяшпаган. Жыл сайын чарба миңдеген сом акча чыгымдап, жаңы-жаңы китептерди сатып алчу. Борбордук, республикалык, областтык газеталардын миңдеген нускаларын жазылып алып турушкан.

Бул кезде чарбанын аймагында 70тен ашун мугалимдер жана адистер иштешкен.

1973-жылдын жаз-жай айлары кургакчыл келип, коомдук мал үчүн тоют даярдоо коркунучта калган. Кийин колхоз жүгөрүдөн силос даярдоло боюнча тапшырманы да орундата албай калган. Ошого карабастан малдын санын өстүрүүнүн планы анын бардык түрлөрү боюнча ашыра орундатылып, мамлекетке пландан тышкары 41 тонна эт, 228 тонна сүт, 50 центнер жүн, 4 центнер жибек пилласы тапшырылган.

Жунусов Эгем өзүнө бекитилген 82 ноопазды жогорку семиздикте асырап, ар биринин тирүүлөй салмагын орто эсеп менен 324 килограммга жеткирип этке өткөргөн. Оторбек Тургунбаевге, Анаркул Жумабаевге жана башка көп малчыларга бекитилген бадалардан да чыгаша болгон эмес.

1974-жылдын жыйынтыгы менен колхоз эт,сүт, жүн даярдоонун беш жылдык планын өткөн төрт жылда эле орундатып койгон. Ошондой эле малдын башын өстүрүү боюнча 1974-жылдын тапшырасы да ийгиликтиүү аткарылган. Сүт товар фермасы төрт жылда эле беш жылдык пландагыдан тышкары 456 тонна сүттү мамлекетке тапшырган. Орто эсеп менен колхзоздо ар уйдан 2000 килограммдан ашык сүт саалып алынган.

Кой товар фермасында 10-15 жыл мурда койдон жүн кыркып алуу кол менен аткарылчу. Мында кой да кыйналып, кыркымчы да кыйноо тартып, акырында кыркылган жүндүн классы төмөн болуп, мамлекетке өткөрүлчү. Кийин койлордон жүн кыркып алуу борборлоштурулган пункттарда жүргүзүлө баштады.

Колхоздогу фермалар, бригадалар, звенолор арасында социалисттик мелдеш уюштурулган. Эки тараптын тең максаты сөзсүз жеңип чыгуу эмес, тескерисинче жалпы жогорулашка жетишүү, тигил тараптын да, бул тараптын да көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.

Калинин атындагы колхоз Өзбекстандын Избаскент районундагы XX партсьезд атындагы колхоздун пахтачылары менен өз ара социалисттик мелдешке чыгышкан. Ар гектардан 43-45 центнерден түшүм алуу аларга адатка айланган көрүнүш болгон. Колхоздун дыйкандары тажрыйба алмашуунун жүрүшүндө аларга барып үйрөнүшкөн. Алар да буларга келип билбегенин үйрөнүп турушкан. Ошол кезде Стахановдук кыймыл кеңири жайылтылган.

Калинин атындагы колхоздон Социалисттик Эмгектин баатырлары, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаттары өсүп чыгышкан. Бул да коллективдүү эмгектин жемиши болгон.

Чарбада көбүнчө дың жерлер өздөштүрүлүп келген. 1961-жылдан тартып эле 231 гектар аянтча суу чыгарылып, тегизделген. Онунчу бюеш жылдыкта 372 гектар жер өздөштүрүлгөн.

Партиялык уюм колхоз башкармасына эң жакын жардамчы болгон. Ал чарбанын бардык иштерине кийлигишип жана көзөмөл кылып келген. Жалпы колхоздук партиялык уюмдан тышкары бригадаларда, фермаларда 6 баштапкы партиялык укюм жана эки партиялык топ иштеген. Профсоюздук жана комсомолдук уюмдардын да таасири күчтүү болгон. 1975-жылы профсоюздардын саны 224кө жакынды түзгөн, комсомолдун 160 мүчөсү болгон.

Мурда айылдыкктардын шайлоо дегенден түшүнүгү болбогон. Дыйкандар өздөрүнүн өкүлдөрүн Совет бийлигинин органдарына шайлаш башташкан. Малик Акчабаев, Сүйүнбү Төлөнова Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланышкан. Көп колхозчулар райондук, селолук Советтерге депутат болушкан. Алардын катарында Социалисттик Эмгектин Баатыры Маткалык Амадалиев жана башкалар болгон.

Колхозчулар өздөрүнүн бешене тери менен үй-бүлөлүк экономикасын чыңдай башташкан. 1974-жылы ар бир адам- күнүнө 4,52 сомдон каражат бөлүнүп, эмгек акы үчүн бардыгы 1,495 миллион сом чыгымдалган. Бул 1960-жылдагыга караганда 1,022 миллион сомго көптүк кылган. 1975-жылы болсо колхозчулардыын эмгек акылары үчүн 1,5 миллион сом каражат бөлүнгөн. Бул жылы чарбанын кирешеси 3,5 миллион сомго жеткен.

Колхоздун экономикасы барган сайын кубаттанып, анын негизинде кыштактардын көчөлөрү асфальттанып, тротуарлар салынган. Айылдын түптүз көчөлөрүн бойлоп, түнкүсүн электр лампочкалары жаркырап жанып турган. Каналдарга көчөнүн угу боюнча көпүрөлөр салынган.

Ал эми 1974-жылдын жыйынтыгы менен 1166 гектар аянттын ар гектарынан 38 центнерден пахтанын түшүмү алынган. Дүң жыйым 4423,2 тоннага жеткирилген. Тогузунчу беш жылдыктын тапшырмасын колхозчулар төрт жылда аткарышкан. Малик Акчабаев жетектеген №7-бргиданын мүчөлөрү гектарынан 53,6 центнерден пахта алышкан. Алар төрт жылдын ичинде беш жылдык пландан ашыкча 338 тонна пахта тапшырышкан. 1974-жылдын планын 167,3 процентке аткарышкан. Социалисттик Эмгектин Баатыры Маткалык Амадалиев жетектеген №10-бригаданын мүчөлөрү ар гектар аянттан 51,1 центнерден түшүм жыйнап алышып, тогузунчу беш жылдык пландан тышкары 379 тонна пахта даярдалган. №3,2,1-бригадаларда да жыл сайын жогорку түшүм өстүрүлүп келет 1975-жылдык көрсөткүчтөргө назар таштасак, мал чарбасында уй 1900,андан саан уй 660, кой 20000, андан 85и соолук кой, 400 баш жылкы болгон. Ар жүз тубар малдан 85тен жогору музоо, 105тен ашык козу, 75тен кулун алынган. Ар бир кутудан 52 килограммдан жогору пилла өндүрүлгөн. Ар бир саан уйдан 2000 килограммдан жогору сүт саалып алынган. Ар бир койдон 3,5 килограммдан жогору жүн кыркылып алынган. Бул жылга белгиленген ар гектардан 36,5 центнерден пахта, сугат жерден гектарынан 30 центнерден, кайрактан 11,3 центнерден, дандык жүгөрүдөн 50, көп жылдык чөптөн гектарынан 110 центнерден түшүм алуу планы да ашыгы менен аткарылган.

Жыл сайын адыр жерлер өздөштүрүлүп, айдоо аянттары кеңейтилип, мол түшүмдүү аймакка айланган.

Тарыхый инсандар

Эгемберди казы Канай уулу (1881-1976)



Ал Х1Х кылымдын аягында, тактап айтканда, 1881-жылы Майлы-Суу өрөөнүндө туулган. Өмүрү негизинен Сары-Бээ, Келен, Чилмайрам тоо, Кыла чөлкөмдөрүндө өткөн. Ал 1976-жылы 96 жашында ааламдан өткөн. Атасы Канай колунда бар, кедей-кембагалдарга кам көргөн киши болгон. Ал: “Кыргыздын түптүүлүгү кысталган кезде бир муштум болуп түйүлүп ынтымакка келгени санжыраларыбызды сары алтындай болуп сакталып турат,- деп көп айтчу. — Кыргыз бир Атанын үч уулунан тарайбыз, түбүбүз бир, бизди ажырата турган күч жок”.

Ал Жедигер уруусунун Үсөн ата уругунан болот, өз атасы — Канай, чоң атасы — Жуматай, андан ары Куттуу Сейит. Кангелди, Каратал, Үсөн, Жедигер болуп уланып, акыры Койлон атага барып такалат. Эгемберди казы жаштайынан илимге кызыгып, диний билимге ээ болгон. Өзбекстан, Кыргызстандын бир катар медреселеринде сабак берген.

Андан кийин казылык милдетти аткарып, бирөөнүн көңүлүн оорутпаган, бирөөнү өйдө, бирөөнү төмөн санабай, калыс чечим чыгарган, эл журтуна тегиз болгондугу үчүн, адилеттүүлүктү аздектеп, эл оозуна илинген. Ал жашаган доордо Совет өкмөтү жаңы орноп, телчигип жаткан, басмачылык мезгил, ортолук чарбаларды уюштуруу, элди отурукташтыруу, калкты тегиз кат-сабатка үйрөтүү сыяктуу толуп жаткан, келечек үчүн зор мааниге ээ болгон аракеттердин жылдарында ал ар дайым акыл калчап иш жүргүзүп, эли-журтуна рухий тирек болуп, тар жолдо таяныч, кысталганда нур чачып берген шам чырак болгон. Жашоодон адашкандардын, адилетсиздикке кабылгандардын, жер талашкандардын, эр өлтүрүп кагышкандардын жана башка ушуга окшогон турмушта кездешчү толуп жаткан жагдайларга туш болгон адамдардын тагдырын ал калыс жайгарып, адилет чечип, жайгарып келген. Элдин назарына алынган адам болгондуктан анын үйүнөн эч убакта адам үзүлгөн эмес, ошолордун баарын тосуп алып, сыйлап, узатып турган. Ал кезде биз жашаган аймактагы элдин аш-тою, жакшылык-жамандык иштери Эгемберди казысыз өтчү эмес. Казы ошондой жакшы-жаман иштердин бардыгында тикесинен тик туруп, өткөрүлүп жаткан иштердин көркү болгон. Өзү дагы сарайында жулкунтуп бешалты ат кармап, аларды таптап, байгеге кошкон саяпкер адам болгон. “Ат кармап, ат минген адамдын арманы болбойт”,- деген кепти көп айтып, “Жылкылар жылкы баласы жаралганда жаралган. Атты жакшы багып, адамга мамиле кылгандай көңүл бургула. Жылкы баласынын көзү ачык болот. Жашооңорго үзүр, үйүңөргө оомат алып келет”,- деп

насаат берчү.

Эгемберди казы Совет түзүмүнүн учурунда да алдыңкы адамдардын катарында болуп, Майлы-Суу, Кочкор-Ата шаарларын түптөө учурунда иштөөчүлөрдү көп жолу эт менен камсыз кылып турганын көп айтышат.

Учурунда Эгемберди казы тууралуу эл оозунда айтылган чыгармалар да болгон, алардан бир үзүндүнү келтире кетели:

Э-э, Эгемберди казы деп,
Эстеп жүрөт билгендер.
Эл оозуна киргенин,
Эшиткен баалап билгендер.
Кара кылды как жарган,
Калкын тегиз башкарган.
Ошол доорду башкарган,
Оор милдетти аткарган.
Жан бар жерде жаңжал бар,
Тополоң чыкса токтоткон,
Туйгун эле казыбыз,
Таң калчубуз баарыбыз.
Аттиң дейбиз баарыбыз,
Азамат эле казыбыз.
Өксүйбүз кээде баарыбыз,
Өткүр эле казыбыз.
Самайбыз кээде баарыбыз,
Сырттан эле казыбыз.
Эстейбиз кээде баарыбыз,
Эл уулу эл казыбыз...

Мына ошентип, Эгемберди казы көсөмдүгү, айлакерлиги, даанышмандыгы. туруктуулугу, акылмандуулугу менен кыргыздын чыныгы уулу экендигин Совет өкмөтүнө көрсөтө алган. Ал кең пейилдигинин жана алдыны көрө билген көрөгөчтүгү менен колхоздоштуруу мезгилинде биринчилерден болуп, өз каалоосу менен мал-мүлкүн кеңеш өкмөтүнө өткөрүп берген. Ал жаңы замандын артыкчылыгын билип, өкмөттүн жаңы саясатын колдогон. Ал эми кийин Майлуу-Суу шаарынын өсүп-өнүгүшүнө да салым кошкон.

Калы бий

(Мырзакулов Мамасейиттин баяндамасы боюнча жазылды)

Жазгак айылында жашаган Саяк уруусу ХУШ кылымдын орто ченинен бери ушул аймакты жердеп келишет.Бул жерде аларды Сары уулу саяктар дешет. Сарыдан Шербек жана Качыке төрөлгөн. Шербектен-Береналы (Жаман киши) жана Кудайназар, ал эми Качыкеден-Айти, Кашкар, Чоң мурун (Кенжалы). Береналынын Садык, Калча, Мырза,Чигитей, Арзы, Иметей, Олокон, Айбаш, Конокбай, Кочкорбай, Курбанали деген 11 уулу болгон. Береналы жаштыгында жоо келатат дегенде өзү жалгыз аттанып, айлакерлик менен жоону артка кайтарган дешет. Ошондон кийин Береналыны жеңелери «Жаман киши» деп калышат. Аны Берен бий деп да аташкан. Себеби, кийин ал бий да болгон экен. Берен бий өлгөндөн кийин бийлик баласы Калчага калган. Калчанын балдары-Өмүр менен Калы. Өмүрдөн —Бабаяр, Молдояр, Кожояр, Айдар, Чыйбыл, Карабай, Жаркынбай деген жети уул тараган. Калчадан бийлик анын экинчи уулу Калы бийге өтөт. Калы бий Кокон кандыгынан тартып, орустар келгенге чейин бийлигин жүргүзгөн. Аны элге күйүмдүү, кайрымдуу бий болгон дешет. Жасаган ишинин бири калкты уюштуруп, арык каздырып, суу чыгарткан экен.

Калы бий эки аялга үйлөнүп, экөөнөн биригип, сегиз уул, үч кыздуу болгон. Биринчи аялынан Стамкул, Кудаяр, Жаныбек, Ниязбек, Таабалды, Жолой, Кошой-жети уул. Экинчи аялынан Касымбек.

Калы бийдин Стамкулдан-Мырзакан, Атакан, Мырзакул, Асан, Үсөн, Дарманкул, Кудайберди, Мырзаш, Токтогул-9 уул. Булардан азыр төртөөнөн тарагандар барбыз. Мисалы, Мырзакул чоң атам, Эркинбек менин өз атам.

Калы бийдин Кудаярынан-Тилеке, Атамбек, Ажымырза, Эргеш, Шермат, Атамырза-6 уул. Эргеш менен Атамырзасы Улуу Ата Мекендик согушта курман болушкан. Ал эми Шерматтан Адашбек, Анарбек, Алмазбек-3 уул. Союз учурунда Базар-Коргон районунун биринчи катчысы болуп иштеп, бул аймакты экономикалык жактан гүлдөткөн, эгемендүүлүк жылдарынан тартып, мамлекет үчүн татыктуу кызмат кылып келген Үсөн Сыдыковдун байбичеси- Калы бийдин уулу Кудаярдын уулу Шерматтын кызы Уулкан баш болгон 6 кыз бар.

Калы бийдин Таабалдысынан-Адилбек, Райимбек, Курбанали-3 уул болгон. Ал эми Кошойунан- Сүйүнбай, Эсенбай,Урбай-3 уул. Урбай Калы бийдин небереси. Ал азыр Жазгак айылында жашайт.

Калча бийдин уулу Калы бийдин өзү туурасында айтсак, ал көп жылдар бий болуп келген. Ал кезде эл кайрак жерлерге гана эгин эгишчү. Ал эми суулуу жерге да эгин эгүү үчүн суу жетишсиз эле. Ал эми арык казып, суу чыгаруу үчүн Кокон кандыгынан руксат алыш керек болчу. Ал мезгилде 1860-1970- жылдардын аралыгында Кудаяр кандык кылган. Калы бий жана ушул аймактын эли руксат алуу үчүн Маке деген адамды Кокон кандыгына жөнөтүшкөн.(Маке-бул Кыладагы Арстанбековдордун чоң атасы). Себеби, Маке жашында Кудаяр кан менен тааныш болгон дешет. Маке Коконго барып, Кудаяр канга киргенде эле келе чакчаңды деген экен. Ошондо Кудаяр кан жигиттерин чакырып,

аны каматып коюптур. Анткени, элдин көзүнчө сылык болбой, урматсыздык кылдың деген. Кийин эч ким жогунда чакыртып алып, андан эмне жумуштап келгендигин сураганда Маке эл, жер жөнүндө айтып келип, келгендеги максатын билдирген. Кудаяр кан мөөр басылган уруксат кагазын берип, ат мингизип, тон кийгизип Макени кайра жөнөтүптүр. Бул адамдын Кокон кандыгына барып, уруксат кагазын алып келгенин ушул кезге чейин айыл аксакалдары айтып жүрөт. Ошентип, «Жазгак» арыгы казыла баштайт. Бул арыкты казганга аркы өйүздөн Конгайты бий да жардам берген. Себеби, ал Калы бий менен куда болушат. Муну Зулумбек абамдын таякелери Абдымомун менен Абдыкайымдын айткандары бар.

Арык казууга көп күч, каражат жумшалган. Жайлоого көчкөн эл кой, малынан анда иштегендер үчүн таштап кетишкен. Калы бий эл менен Сере жайлоосуна көчүп баратканда көчтү чоң жолго салдырып, өзү төтө жол менен кетчү экен. Анткени чоң жолдо кедей-кембагалдар да бий келатыптыр деп жалгыз, жарым козусун союп убара тартпасын деген.

Майлуу-Суу дарыясынан башталган Арык Кылага чейин казылат. Ошол кезде Октябрь революциясына чейин эле калк пахта жана дан эгиндерин эге баштаган. Айылдын төмөн жагын илгери «Корзинка» деп коюша турган. Анда Корзин аттуу байдын пахта заводу болгон. Азыр ал жерди Батырак-Абад дешет. Эл ошол Корзин байга пахталарын сатышкан. Калы бий башында болуп, ошентип Жазгак арыгы казылып, суу чыгарылып, эгин аянттары кеңейген. Калы бий каза болгондо айылдын жогору жагындагы тегиздикте боз үйлөр тигилип, бийдин ашы берилген. Бийдин балдары Самарканддан бышкан кыш алдырып, ошол кездеги архитектура боюнча жолдун алдындагы мазарга күмбөзүн тургузган. Бирок, 1936-1937-жылдары колхоздун пахтасын кургатабыз деген шылтоо менен күмбөзүн буздурушкан. Эгерде бул күмбөз бузулбаганда азыркы күндө архитектуралык эстелик катарында сакталып турмак.

Калы бийдин мал-кой, жылкылары айылдын үстүндөгү адырды каптап турчу экен. Бир ирет кенже уулу Кошой койлорду санап келели деп жөнөп калганда Калы бий: «Эй, Кошой койду уруу албаса, же карышкыр тийбесе эмнесин санайсын, санасаң да санына жетпейсин, андан көрө улагыңды чапкын»,-дептир. Бул сөздү Кошойго келген Борбу угуп калат, андан кийин экөө кой санабай эле улак чапканы кетишиптир.

Революциядан кийин бийдин балдарын кулакка тартып, сүргүнгө айдайт, кээси качып кетишет, үй-мүлктөрүн конфискациялап, малдарын колхозго өткөрөт. Менин чоң энем небере келини болот. Айтып калчу: шыпыргысына чейин эч нерсе койбой алган, деп. Ошол кезде Сталиндик буйруктун мааниси мындай болгон экен: байлардын гана малын алгыла, өздөрүнө тиешелүүсүн калтыргыла деген. Бирок, жергиликтүү бийлик андай кылган эмес. «Биздин Көк айгыр менен Тору айгырды колхоздун активдери көп жылдарга чейин минип жүрүштү» деп, атам айтып калаар эле. Бийдин Таабалды деген уулу сүргүндөн качып, өз жерине келип, каза тапканда, бирок, бийликтин ырайымсыздыгынан күндүзү эмес, түндөсү чырактын жарыгы менен жерге жашырышат.

Ошондо менин чоң атам Мырзакул « ушундай кадыр-барктуу адамды түндөсү койдук», деп арман кылгандыгын атам жаш кезинде угуп, айтып калчу. Калы бийдин дагы бир небереси Дарманкул Стамкул уулу жакшы атты минип, үч-төрт жолдошу менен Ооганстанга өтүп кетиптир. Мен «Кыргыздар» деген китепти окуп жатып, француз окумуштуусу-

тюрколог Реми Дордун Кичи Памир жана Чоң Памирдин эли жөнүндө айтып келип, бирок иш жүзүндө бийлик биз айтып өткөндөй эле Дарманкулдун жана анын жакын беш-алты адамдарынын колунда болгон дейт. Менин оюмча Дарманкул Рахманкулдун оң колу болуп кызмат кылган. Ал Дарманкул Калы бийдин небереси болушу мүмкүн. Себеби, бул жерден аттанган зирек жигит Ооганстанга жетпей эле Памирде Рахманкулдун колунда башкаруучу болуп калышы ыктымал. Демек, Памирдеги кыргыздарда Калы бийдин да урпактары болушу шексиз. Калы бийдин биринчи уулу Стамкул ыстарчын (староста, старшина) болгон. Ал эми Калы бий, акыркы бий болгондуктан, бийлик Семетей болушка (волосной деген орусча) өтсө керек. Семетей болуш Кочкор-Атадан Шамалдуу-Сайга чейин башкарган. Ал 1924-жылы каза болот. Сөөгү Ак-Бейит мазарына коюлат. Калы бий өзү революцияга чейин эле каза болгон. Сөөгү Калы бийдин күмбөзү аталган Жазгактагы мазарга жолдун боюна коюлган.

Семетей болуш баяны

Семетей Беки уулу 1854-жылы Бостон айылында туулган. Атасы Бекинин Маралбек, Чакай, Төрөкул, Дубана, Каракыз деген балдары болуп, кенжеси Семетей эле. Беки өзү кедей адам болгондуктан тун уулу жашы бир топко барып калгандыгына карабай бойдок жүрөт. Ошондуктан айыл ичиндеги адамдар бул беш бир тууганды: «Бекинин беш бойдогу» деп айтып коюшчу экен. Күндөрдүн биринде Избаскенге Кетмен-Төбөдөн бир бай келип, ушул жерлик бир адам менен сүйлөшүп калат:

-Мен тээ алыстагы Кетмен-Төбө деген айылдан, ат арытып жол карытып келдим. Мага койлорумду бакканы бир бала керек. Силердин айылыңарда ошондой балдардан барбы? Бар болсо кунуна бир кой бермекмин дейт.

-Биздин Кыла айылында бир Беки деген кедей адам жашайт. Анын беш баласы бар, балким ошол сизге өзүнүн бир баласын бергени ыраазы болот чыгаар. Жүрүңүз мен сизди анын алдына алып барайын деп экөө жөнөшөт. Бекинин алдына барып анын ыразычылыгын алышат да, беш баланын эң кенжесин он бир жаштагы Семетейди бай Кетмен-Төбөгө кой кайтарууга алып кетет. Күндөн күн өтүп, айдан ай өтүп бир жыл деген-де Семетей айылына атасын көрүүгө келет. Жайдын ысык күнүндө беш бир тууган тыштагы супада уктап жактан убакта, кошунасы сыртка даарат алганы чыгып кызык окуяны көрөт. Супадагы жаткан балдардын эң четиндеги Семетейди ак кийимчен, ак сакалдуу колунда таягы бар киши үч ирет таягы менен түртүп өтүп кетет да, үч метр жылып барып көздөн кайым болот. Көргөн көздөрүнө ишенбеген кошунасы багымдат намазын окуп алып Бекинин алдына кирет:

-Сүйүнчү эле сүйүнчү! Сенин балдарыңдын эң четинде жатканын ак кийимчен, ак сакалчан киши үч ирет таягы менен түртүп өттү. Эми ал баландан бай же болбосо болуш чыгат. Бүгүн бир эчки союп кудай өткөрбөсөң болбойт дейт. Беки коңшусунун айтканын кылып, эчки союп кудайы өткөрөт. Андан эки күн өткөндөн кийин Семетей кой бакканы Кетмен-Төбөгө жөнөт кетет. Ошондон кийин байдын койлору эгизден төрөп, кээде үч эмден да төрөп баштайт экен. Байдын байлыгы артып, аябай байып кетет. Бир күнү бай Семетейди жанына чакыртып :

-Балам сени кызыр аллейки саламдын өзү колдоптур, мына сен келгенден бери минтип койлорум көбөйүп, короомо, пулум да көбөйүп куржунга батпай калды.

-Ооба, атам айткан ошентип. Мен тиги күнү үй-бүлөмдү көрүүгө айылга барып келбедим беле, ошондо мага арнап кудай өткөрүшкөн.

-Уулум Семетей, короомдо коюмду кайтарып жүрсөң да өз баламдай эле болуп калдың. Өзүңдүн коюң миңден ашты, эми ошол коюлоруңду айдап сени атаңа алып барып тапшырып келейин балам.

-Макул, бай ата… Ошентип алар Семетейдин айылына койлорду айдап жөнөшөт экен. Жолдо келе жатышып бай:

-Ушул жерде бүгүн дем алабыз, чатыр тиккиле. Мен шам намазымды окуп алайын, ага чейин койлорду жакындатып айдап келип койгула дейт. Семетей койлорду айдап келе жатып, жолдон бир жыланды көрүп калып, аны кумурага салып алат экен. Келип байга жыланды көрсөтүп кандай жылан экендигин сурайт. Бай Семетейге жыланды өлтүрүп андан шорпо кылуусун буйруп көзү илинип уктап кетет. Эрте менен туруп Семетейге жыландын шорпосун алып келүүсүн айтат. Семетей шорпону пиалага куюп көтөрүп келет. Анда бай:

-Семетей уулум, ачыгын айтчы, бул шорпонун даамын таттыңбы же татпадыңбы?

-Бай ата, мен жөн гана шорпонун тузун көргөнмүн…

-Анда байлык сага өтүптүр деген экен бай.

Ошентип бай миң кою менен Семетейди алып барып атасына тапшырып келген экен. Ошондон тарта Семетейдин койлору көбөйүп, Майлуу-Суу менен Кашкардын ортосуна батпай кетип, акыры Семетей койлорун Анжиянга алып барып сата баштайт. Анжиянга барганда да Семетей чайканада чайын ичип олтура берчү экен. Ошол жердеги соодагерлер өздөрү койлорду сатып акчаларын алып келип беришчү дешет. Акчаларын санабай алып, куржунуна салып, андан санабастан, соодагерлердин акысын берчү экен. Акчасы аябай көбөйүп, эми Казакстандан төө алып келмекчи болот. Семетей бир туугандары жана Эргеш учар болуп Жамбулга жөнөшөт. Ал жерден жүз ак түстөгү төө алып келет да, алардын жыйырмасын кирпич заводуна бөлөт. Анткени ал төөлөр менен отун ташылчу экен. Ал эми калган сексен төөнү, кырк-кырктан бөлүп эки кербен даярдайт. Кийин бул кербендерди Кашкарга соодага жөнөтөт. Кербенди жасаш үчүн Анжияндагы Миркамил бай досу аркылуу сексен төөгө сексен түркмөн килемин алдырат. Төөлөргө он беш коңгуроо тагылып, ар бир коңгуроо бир чакырымга жетип, он беш коңгуроо оң беш чакырым жерден угулчу экен.

Эки кербенди даярдап бүтүрүп Семетей бир туугандары жана Эргеш учар болушуп алты адам Алайга жол тартышат. Семетейдин Алайга сапар тартканынан Курманжан Датка алдын ала кабар табат да, алардан келишинин максаты эмнеде экендигин сурайт. Ошондо Семетей:

-Датка эже мал да көбөйдү, аларды багуу үчүн суу жана чөп керек экен. Алардын суусун берип, жемин жедирип турбасан малга да убал экен. Ошондуктан Кашкарга кербен жөнөтсөм деген ниетим бар эле. Эми сиз орустун чек арачылары менен сүйлөшүп берсеңиз, сизге аябай ыраазы болоор элем дейт. Курманжан Датка макул болуп, орустун чек арачысын чакыртат да, ал менен сүйлөшүп бир тай туяк жана алтын берет:

-Бул алтынды алгын, сага биздин ыраазычылык болсун.

-Мен алтынды албаймын, мени Датканын баласы багат дейт чек арачы. Анда Семетей:

-Жок дегенде Россиядагы балдарың үчүн ал, аларга аз да болсо жардам болсун.

-Сиз бул алтынды менин балдарыма эмес, Даткан айымга бериңиз, мамлекеттик иштерде жардамы тийсе жакшы да деген экен чек арачы. Ошентип Семетей алтынды Даткага бериптир. Семетей:

-Сен жолдогу каракчылар менен сүйлөшүп бер, биз жолдон кербенди алып кетип жатканда бизге кол салышпасын дейт. Ошентип Семетей каракчылардын башчысы менен сүйлөшүп аларга бир тай туяк алтын берсе, каракчылар башчысы:

-Силер эмне биздин үстүбүздөн күлүп жатасыңарбы? Мынча алтындын баары бизге көптүк кылат!

-Бул алтын сага көптүк кылып жатса, менин кербеним келгенде ак дасторконуңду жайып чайыңды берип, кайра узатып коесуң деп, дагы бир тай туяк алтын берген экен Семетей. Ошентип ал Кытайга катачу соода кербенин баштап кайткан экен. Бир күнү Майлуу-Суунун аркы өйүзүндө болуш шайлоо болуп өтөт. Шайлоого генерал жана губернатор келет. Губернатор болуштукка жарай турган талапкерлерди көрсөткүлө дейт. Ошондо бардык ошол жерде чогулган элдин баары бирден Семетейдин талапкерлигин сунуш кылышкан экен. Ошентип Семетейди өзү жок эле болуштукка шайлап коюшат. Болуштук иш да Кытайда соода ишинде жүргөндө башталды. Семетейдин кербени Кытайдан кайтып келе жатышып, Акманды аралап бара жатканда Кайырманын эл журту кербенди тамаша кылып турушкан экен. Ошол жерде турган миңдеген адамдардын ичинен Семетейдин көзү бир кара каш, сүттөй аппак жүздүү, торпок көздүү сулууга түшүп калат. Семетей болуш бир кичинекей баланы чакырып, бул карагат көздүү пери кимдин кызы экендигин сурайт. Бала ал Молдо Ибраимдин кызы экендигин айтат. Болуш айылына келет да, эжесин чакыртып, ага эки аял кошуп берип, баягы торпок көз кызга жуучу жөнөтөт. Кызга жуучулукка келишсе Ибраим Молдо:

-Мен Семетей болушка кызымды эмес, кызыл битимди да бербеймин деп жуучуларды жолго салган экен. Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Семетей дагы эжесине эки аялды кошуп берет да, аларга төрт тай туяк алтын берет да, бул калың эмес экендигин, калыңын башка бере тургандыгын айтып, кыздын үйүнө жөнөтөт. Ошентип аялдар барышса бактысына Ибраим Молдо менен уулу ажыга кетишкен экен. Жеңелерине баягы болуш берген төрт тай туяк алтынды көрсөтүшөт. Кызга айтышса мен көрөйүн, өңдүү-түстүү болсо тиемин дейт. Ал жердеги аялдар менен жеңелери:

-Биз Семетей болушту көрүмсүз, түрү суук адам деп укканбыз, биздин кыз өзү аябай сулуу болгондуктан, ага да өзүнө ылайык бала керек да. Силер жакшысы балаңарды башка алып келгиле, Анан биздин кыз көнөт дешет экен. Муну уккан болуш жанына Алымкулду чакырат да:

-Менин ордума Молдо Ибраимдин кызын көргөнү сен барасың, кийин менден аны талашып отурбагын дейт. Семетей болуштар барышып, атайын тигилген ак өргөөгө түшүшөт. Ошондо кызга болочок жолдош деп өргөөдө отурган Алымкулду көрсөтүшсө, кыз макулдугун бериптир. Кызды алып келе жатышканда болуш:

-Ээ, саяктар, мундуз эли да аябай кыйын калк келет, балким бизге башка эле өңү суук бир кызды салып берип жүрүшпөсүн, сен барып тигинин элечегин түртүп жибер дейт. Жигиттердин бири барып элечекти түртүп жиберсе, кыздын бети ачылып өзү эле болот. Бирок жеңелери:

-Эмнеге мындай кылдыңар? Кыздын кырк чачы улуу дейт кыргызда, силер азыртан ушундай кылып жатсаңар, кийин биздин кызды не деген абалга саласыңар!

-Ээ, бизге кызымды эмес, кызыл битимди да бербейм деген экенсиңер, биз да ошол кызбы же башкабы деп карап жатабыз да деген экен болуш. Ошентип Бостонго барса тиги кыз күткөн Алымкул жок. Ошондо кыз жанына Карагызды чакыртып:

-Ажы эже мени алдаган экенсиңер да. Эмнеси болсо да болду, бирок менин көңүлүм Алымкулга түшүп калды эле. Эми молдо чакыртып, Семетей болушка мага ысытма кылдыргыла дейт. Ошентип Семетей болушка нике кыйдырат. Арадан көп айлар өтүп Молдо Ибраим ажыдан кайтып келе жатып, бул жерде калган балдары, урук-туугандары менен Пахта-Абадтан жолугат. Атасы ал-жай сурашып бүткөндөн кийин баягы «Ырысбү жүрөбү?» деп, кызын сурайт. Ырысбүнү Семетей болуш алып кетти деп жооп беришет. Ошондо атасы туруп, тескери батасын бериптир.

-Ылайым түшкөн жериңде көгөрбө, балалуу болгун, бирок көп жашаба деген экен.

Семетей болуш үч жылга чейин кайын атасын ар кандай тойлорго чакырат, бирок кайын атасы келбей коет экен. Ал мезгилде калыңды 9дан берчү экен. Болуш бардык малдын түрүнөн 150дөн бериптир. Ошондо Кайырмага мал толуп кеткен дейт. Баягы кызды бересиң дегендер аз алып, бербейсиң дегендер көбүн алыптыр. Семетей болуштун аялы Ырысбү болуштан Молдомусан, анан Баарканды төрөйт. Ал эми кичүү баласы Жөкөштү төрөгөн күнү каза болот. Ошол учурда Ырысбү 24 жашта экен. Атасынын берген тескери батасы оңунан келет. Болуштун айылында бир Тиленбай деген жигит жашаптыр, ал жаңы гана үйлөнүп Жоромырза деген уул көрөт. Болуш Тиленбайды алдына чакырып:

-Ээ сен, эгерде буудай керек болсо арабалап ал, акча керек болсо ажыдан ал, бул менин баламды өзүңдүн балаңа кошуп эмчектеш кылып багып бергин деп Жөкөштү Тиленбайга берет. Тиленбай Пахта-Абадда кумар ойноп жатып, баардык акчаларын уттуруп жиберет. Акырында аялын сайып, аны да уттуруп коет. Тиленбай алдында олтурган жигитке:

-Сен Семетей болушка баргын. Атыңды токтотпой баргын да, бул жагдайдын баарын ага төгүп чачпай айтып бергин дейт. Жигит атын чаптырып барып болушка болгон окуяны айтып берет. Анда болуш:

-Акмак десе, канча акча керек болсо менден сураса болбойбу? Мен өзүм бермекмин да! деп жинденип, эжесин чакыртат да, ажы куржундарга алтын толтуртат. Избашыга алтын салдырып, өзүнүн ишенимдүү адамы Стамбайды ага кошуп жөнөтөт. Барышса Тиленбайды жыгачка байлап, алдына бере салып коюшуптур. Кумар ойнолгон чайкананын ортосуна Стамбай алтынды алып барып коет да:

-Туугандар, бул куржундагы толгон алтындар Тиленбайдын аялынын куну, эми аны бизге кайтарып бергиле дейт. Ошондо кумарчылардын бири чыгып, бул алтындар Тиленбайдын аялынын куну экен, тиги куржундагы алтындардын жарымын алгыла, ал эми

бул куржундагы алтындарга Тиленбайдын катынына окшогон алты катын келет дептир.

Эми Нажимидин аванын айтуусу боюнча бир күнү апасы Урбай устаны чакырып кел дептир. Сен армияга кетсең агаңды үйлөйбүз, үй салбасак болбойт дейт. Урбай устаны чакырып келгенден кийин ал бир үй, бир дализдин ордун түптөп эртең келем деп кетет. Эртеси эртең менен баягы Тиленбай келет, «эмнеге мага айтпадыңыз үй салсаңыз, мен бир эмес 16 үй салсам да болуштун мага кылган жакшылыгынан кутулбаймын »,-дейт. Аңгыча Урбай уста келип калат, ага апам кечирим сурап, бул акем мен салып берейин деп суранып жатат дейт да, ага 20 сом акча берет. Ал ыраазы болуп кетет. Ошентип Тиленбай Нажимидин ава экөө үйдү бүткөрүшөт. Ошондо апам 600 сом акча берет, анын 40 сомун гана алып, 560 сомун кайтарып берет, мен бекер бүткөрүп берем деген деп. Нажимидин ава апасынан сураптыр, эмнеге акчаны албайм деп жатат. Ошондо Тиленбайдын кумар ойногон жеринен болуш кантип куткарып алгандыгын апасы айтып бериптир.

Ошентип ал күндөр да өтүп бир күнү, Семетей чайканада чайын ичип олтуруп бир бала жүргөнүн көрөт. Анын ким экендигин чайканачыдан сураса, чайканачы билбестигин айтат. Болуш баланы жанына чакырат да :

Эй, бала бери келчи, кайдан келдиң? Бул жерде эмне менен алек болуп жүрөсүң? Ата-энең кайда? деп суроо салат.

Анда бала:

-Менин аты жөнүм Иманбек Текеев. Атам 1914-жылы мени Санк-Петербурга окууга алып барган, 1917-жылкы революциядан кийин байлардын балдарын окуудан чыгарып салышып, ошол мезгилден тарта минтип өз курсагымды өзүм багып жүрөм дейт.

-Мен Кылалык болуш боломун, сен илимдүү экенсиң, мага писир (секретарь) болуп иштейсинби дейт. Бала макулдугун айтат. Ошентип баланы Кылага алып барып, бир атты миңгизип, бир атты жетелетип, куржундарга дүйнө жүктөтүп, Аксыдагы ата-энеңе алып бар деп, элине жөнөтөт. Иманбек айылынан бир жарым ай дегенде кайтып келип ошондон тарта болуштун кызматын кылып калат.

1922-жыл. Болуштун Кайназаров Ажимат деген кайниси бар болгон экен. Ал генерал Алиев менен бирге Кызыл Армияда командир болуп кызмат кылган. Ажимат бир күнү жездесине кабар жөнөтөт:

-Буденныйдын командачылыгы менен беш жүз атчан кавалеристтер поезд менен Жалал-Абадка келип түшүштү. Алардын максаты Фергана өрөөнүн баскынчылардан тазалаш. Силер жакка да барышы мүмкүн, өзүңөргө сак болгула дейт. Ошондо болуш өз элинен жыйырма атчан мергенди чакырып, күлүк ат жана курал менен камсыздандырып, канжыгасын экиден чаң чыгаруучу шыпыргы байлатып:

-Кууса ар бириңер ар тарапка качасыңар, ал эми бириндеп куугандарды атасыңар, Масыдан ары Бирликтин алдынан тосуп чыккыла да, аларды Анжиян тарапты көздөй качып алып кеткиле дейт. Жигиттер болуштун айтканын аткарышып, чаңытып барышып чалгынчыларды адаштырышат да, өздөрү Үч-Коргон тарап менен кайтып келишет. Анжиянга Лениндеп Фергана өрөөнүн атууну токтоткула деген телеграмма келет. Анда бир убакта өздөрүнүн ичинен большевиктер чыгып токтотот деген маани жазылган. Ошентип, дагы тынчтык өкүм сүргөн. Ошол убакта Ошентип Семетейдин кайынатасы Молдоибраим ажынын тун уулу Мамажан ажы Кызыл-Үңкүрдөн Кочкор-Атага келет, Семетей

кайнисине кеңеш салат:

Балдарым жетим калды, тага-журтунан уулум Молдомусага кыз алып берсемби дейт. Ошондо Мамажан ажы өзүндө кыз бар экендигин айтат. Семетей Мамажан ажынын он төрт жаштагы Шарапат деген кызын Молдомусага алып берет.

Болуштун эжеси келиндерди катуу кармачу экен. Жаңы келин эртең менген эрте туруп эшик шыпырып жатса, болуштун үстүнө он сегиз жаштагы жылаңач келин келип кирип кетет. Жаңы келин ажы эжесине кирип болгон окуяны төкпөй чачпай айтып берет. Эжеси тез күйөөңдү чакыр, мен Ибраимди чакырайын дейт. Болушту эки уулу эки жагынан кармап сыртка алып чыгышат. Арадан бир жарым саат убакыт өткөндө болуштун алды артынан эки молдо окуп жатып, араң өзүнө келтиришет. Болуш өзүнө келгенден кийин ажы эжесине:

-Камынгыла, мени басырык баскандан тарта бизге дүнүйө келе баштайт дейт. Чындап эле кой, кара мал, кекилик, улар, теринин түрү Чүй, Талас тараптардан. ал эми Анжиян, Фергана тараптан коон-дарбызына чейин келе баштайт. Келгендерди сыйлап мейман кылып, алып келген дүнүйөлөргө жооп кылып, писирине жаздырат да, ар бир калтага алтын салдырып, кеткендердин колдоруна карматат. Ошондо бир өзбек айтыптыр:

Мен жүз коон алып келип, миң коондун пулун алып кетип жатамын. Мындан ары да болуштун байлыгына байлык кошулсун деп кыйкырат.

Эми муну мындай таштайлы, болуштун кайрымдуулугунан кепти баштайлы. Семетей болуш ар жылы эрте жазда куржунуна пулун салып алып элди кыдырат. Бир жерге барса бир киши өгүз менен кош айдап жатыптыр, ал-жай сурашкандан кийин «уюң барбы?». «Уюң жок болсо, мына пулду алгын да, өгүз кош, уй сатып алып, бала-чакаңды бак, союшуңа кой алгын деп андан ары жөнөп кетет экен. Дагы бир жерге барса бирөө кетмен чаап жатыптыр. «Өгүз кошуң жокпу?», деп сурайт. Жок болсо ме бул акчага өгүз кош, уй, кой сатып алып, оокатыңды кыл,- дейт. куржундагы акчасынан берет. Ошондо тиги киши:

-Болуш бул мен кантип кайтарам бул акчаларыңды дептир.

-Мен сага акчаларымды кайтар дебедим, сага бекер акча, мен ошол үчүн да болушмун дептир. Болуштун максаты ким аракет кылса, ага жардам берип, дыйканчылыгын жасап турмушун оңдоого көмөк көрсөтүү болуптур. Анан да кудай бергенге берет деген сөз да ошондон калган экен. Буларды Нажимидин аванын апасы Шарапат өз көзү менен көргөн экен.

Бир күнү Семетей болуш Пахта-Абада барып алтын дүкөнүнүн жанынан өтүп кетип баратып, избашчы Жолдошматка: «Сен ушул жерде туруп тур, мен жеңеңе белек алып алайын» дейт. Кезекке турган эл көп, алар болушту көрүп, «кыргыздын мончок алганга пулу бар бекен», дешип шылдыңдашат.

-Ошондо болуш белиндеги алып камарын чечип көрсөтөт да:

«Келе колуңду бер, мен бул магазинди магазинчиси менен кошо сатып алайынбы»,- дейт. Ошондо өзбектер «Азилдешпей эле турсак болмок экен», деп болушка тан беришиптир. Анан алар «Болуш аке болду эми, кезек сиздики», дегенде «эми алып бүттүм», деп кете берген экен.

Семетей убагында мал базарга барып, көпүрө менен өтүп Избаскендин наркы бетиндеги чайканада олтура берер эле. Намангандан, Кетмен-Төбөдөн келген соодагерлер

короосу менен кой сатып алганда болуштан келип пул алышат да, кайра эки-үч базардан кийин үстөгү жок пулун алат. Ошол жердеги соодагерлер андан акча алышып, эки-үч базарлыктан кийин үстөгү жок болуштун акчаларын кайтарып беришчү. «Эмнеге үстөк албайсыз»,- деп адамдар айтышса:

-Эй туугандар кийинки базар көрөсүңөр, мен элдин иши жүрсүн деп үстөк албай жатам дептир. Кийинки базарда болуш келбей калат, базардын иши дым болуп жүрүшпөйт. Ошондо бирөөсү ат чаап болушка келет, болуш ака барбасаңыз болбой калды дейт. Болуш келгенде соода жүрүп кетиптир. Ошондон кийин эмнеге үстөк албайсыз деген сөзүн коюшкан экен.

Күндөрдүн биринде Семетей болуш Избаскенге баратса ылдыйкы көпүрөдөн өтүп жогорку көпүрөдөн кырк чакты адам тебетейин колго алып, чакырып калышат. Семетей болуш «Силер кимсиңер? ,деп сурайт. Алардын ичинен курсагы аттын ээринен ылдый көздөй түшүп турган киши:

Мен Керимбай болуш боломун, Семетей болуш тагамдыкына баратам, жолду көрсөтүп кой дейт. Тагам деген себеби, Керимбай болуштун апасы ушул жактык саяк кызы болчу. «Сен кимсиң?» дегенде «Мен ушу Кылалык болом», деп коет.

-Ушул жолдун тээ этегине барсаңар адашпайсыңар, болуштун адамдары бар дейт Семетей.

Болуш өзү ылдыйкы жол менен атты каттуу чаап, алардан бир сааттай мурда келет. Келери менен ажы эжесине Керимбай болуш келатат, күтүп алууга даярдангыла, дейт. Жолдун боюнан ак өргөгө чейин үч жүз метр килем төшөлөт. Килемдин эки тарабына жыйырма алтын казык кагылат. Керимбай болуш бу кандай болду деп, келип туруп калат. Күтүп алган адамдар «бастыра бериңиз болуш сиз үчүн салынган » дешет. Качан гана Семетей болуш өзү «Ээ болуш бастырыңыз, килем адамдан азиз эмес бастырыңыз »,-деп эшиктин алдынан кыйкырып үн катканда килем менен Семетейди көздөй бастырган экен. Жигиттер Керимбайдын атын алганда анын көзү алтын казыкка түшүп, тиктеп турганда жанындагы жигити «болуш басыңыз эл карап турат, уят болот»,-деп алып кеткен экен. Баягы кагылган жыйырма алтын казыкка конок болуп келген жыйырма жигиттин аты байланат. Ар бир казыктын аралыгы төрт метрден болгон. Ошентип Керимбай болушту жылкы союп, кой союп беш күн мейман кылат да кийин Анжияндагы досу Миркамилдин үйүнө мейманчылыкка алып барат. Ал жерде досу күнөсканада апрель айында бышкан коонду алып чыгып, Керимбай болуштун колуна карматат. «Жытын жыттап көрүңүз, жыты бар бекен», дегенде Керимбай болуш жыттап көрүп, «сиздин дыйканчылыгыңызга ырахмат бай ага», дептир. Ошондо Керимбай болуш мына болуш мына байлык, мен болушмун деп жүрүптүрмүн, деп башын ургулаптыр.

Арадан эки жыл өтүп Керимбай болуш Семетей болушту тойго чакырат. Суусамырга жүз үй тиктирип, өзүнүн өргөөсүнөн жыйырма метр ары Семетейге өргө тиктирет да, ал жерге килем салдырат. Кетмен-Төбөлүктөр «эмне ал кан бекен килем салгыдай», дешип сөз кылышат. Анда бул жакты көрүп барган жигиттери «оозуңарды жапкыла, болушту уят кыласыңар, Семетей 300 метрге аттардын алдына килем салган» дептир.

Эми Семетей болуштун балдарынан сөздү баштайлы. Болуштун тун уулу Ибраим.

1918-жылы байларды галош алгыла деп пахта пунктуна чакырат. Байлар чындап эле

галош алганы барышат. Бардыгы келгенде эч ким калбадыбы эми деп, пункттун эшигин жаап, баарынын колуна кишен салдырыптыр. Пункттун төр жагына пулемет орнотуп, солдаттарды коюп койгон экен. Ошол бойдон байларды Жалал-Абад түрмөсүнө айдап келиптир. Кийин түрмөгө Калыбийдин кызы Турсунайым энебиз жана келини Шарапат экөө барып, аны көрүп келишиптир. Акыркы көргөнү ошол болуп, акыры түрмөдө өлгөн экен. Экинчи уулу Муса 1942-жылы Пайтыкка Баян аттуу эженин үйүнө барат. Ошол мезгилде иниси Жөкөш да Пайтык военкоматында иштеп турган. Пайтыкта жашап жүрүп ошол жерде 1945-жылы ааламдан өтөт да, сөөгү ошол жерге коюлат. Үчүнчү уулу Жөкөш Ташкенттеги аскердик окуу жайдын финансы факультетин бүтүргөн. Ал жылдар 1938-1939-жылдар эле. Өкмөттөн окуу жайга байлардын балдарына диплом да, кызмат да берилбесин деген буйрук келген. Жөкөшкө да диплом берилбей турган болуп калат. Ошол мезгилде Жөкөш Сүйүнбаев Акматбек Сүттүбаевич менен бирге окуп, диплом алуусуна жардам берет. Кийин ал киши Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болгон. Сүйүнбаев мугалимдеринен сураптыр. «Жөкөштүн атасы өлгөндө бул жаш эле, күнөөсү жок, дипломун бергиле», дептир. Ошентип дипломун алып кызмат ордуна илешип, Ташкентте НКВД да төрт-беш ай иштеп калат. Бир күнү жогору жактан байманаптын балдары ишке алынбасын, кармалсын иш орундуктарынан бошотулсун деген буйрук келет. Тизмеде Жөкөштүн да фамилиясы болуп, ал кабинетинин ачкычын секратарына калтырып өзү кетет. Калың кийинип алып поездге келет да, эшалонго түшүп алып, Казакстандын Кызыл-Ордосуна келип түшөт. Жолдун боюнда турса арабалар өтүп калат, алар райондордон эгин тартып келген арабалар экен, алар менен кошо кайсыл бир районго барат. Ал жерде дипломун көрүп иш берет, бирок төрт-беш ай иштегенден кийин баягыдай буйрук дагы келет, ал жерден да мурдагыдай эле жол менен кетип, Жамбулга барат. Ал жерде Жамбул областтык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. Кайра-кайра куугунтук болуп, бул жерде да иштей албагандыктан, баягы атасынын писири Иманбек Текеевдин сунушу менен фамилиясын Текеев Жөкөш деген наамга өзгөртөт. Андан кийин Тянь-Шань шаарында сберкассанын башчысы болуп иштейт. 1938-жылы Иманбек Текеев репрессия мезгилинде атылып кетип, сөөгү Ата-Бейитке коюлат. Кийин акталган. Иманбек Текеев 1932-1933-жылдары Тажикстандын тоолуу Бадахшан автономиялуу областынын секретары болгон. Кыргызстандын сотунун төрагасы болгон. Жөкөш ошол адамдан тарбия алган. Сот болуп иштеп турганда Керимбай болушту Суусамырда соттогон. Ошондо 11 жашар Жөкөштү ала барган экен. Иманбек Текеев репрессиядан кийин ааламдан өткөндөн кийин Жөкөш кайрадан фамилиясын мурункудай Бекиев кылып өзгөрткөн. 1993-жылы атасынын күмбөзүн тургузуп, анын 150 жылдык мааракесин өткөргөн жана Кочкор-Атадагы №-15- мектепке Беки уулу Семетей наамы берилген. Туугандарынын өтүнүчү менен менен Жөкөш Масыга көчүп келет да, ал жерде да сберкассанын башчысы болуп бир жыл иштеген. 1994-жылы ааламдан өтүп сөөгү Масыга коюлган. Семетейдин жалгыз кызы 1922-жылы Бүргөндүдө жашаган Назан аттуу жаш жигитке турмушка чыгат. Бирок тилекке каршы бала жытын жыттай албай бала көрбөй инисинин колунда ааламдан өтөт.

-Курманжан датка той кылып бүтүн кыргыздын кыйындарын чакырат. Аксакалдар биргешип алышып датканын тоюна эмне алып барабыз дегенде, датканын малы Алайдын

чөбүнөн да көп, мен алтын беремин, ошону алып барасыңар дейт. Кара-Дарыянына аксакалдары келип, Семетейден жамбы сураган, Жамбыны берип, өзүнүн эсебинен бир тай туяк алтын берип, « даткага айтып койгула, мен тоюна кийинчерээк барам, азыр Кокондо ишим чыгып калды дейт. Алайда Семетейге арналып атайы ак өргө тигилип, бирок Семетей ал ак өргөгө бара албай калган экен. Атайын арналып үй тигилгенинин себеби, элдин алып барган соорундарын Мадыдан эле тосуп алып, эсепке алып, Алайга кабар берип турчу экен. Семетейдин берген алтынына жараша ак өргө тигилсе керек. Семетейдин күлүк чабыры Чыбыке кийин карыганда Семетей болуш эмес эле кан болуп өткөн дечү экен. Алган соорунун ошол жерде эле элине таратып берчү экен. Үйүнө айдап келчү эмес дешет.

Семетейдин небереси Орунбай 1970-жылдары Өзгөндө студент болуп жүргөн мезгилде бир киши ага жолууп, Семетей болуштун ага бир короо кой таштап кеткендиги жөнүндө айтат. Кокондуктар салык алганы келишкенде короосунда бир-эки уйу болсо, салык албагыла алардын салыгын мен төлөйм дечү экен. Ал эми короосу толо малы болсо алгыла дечү экен. Айтылуу Жантай беш-алты аксакалдары менен олтурса, кичиинекей уулу Шабдан барып, « ата бир кой бериңизчи», деп сураптыр. Атасы ала бер деп руксат бергенин укkан Шабдан досунун үйүнө чейин чуркап барат. Анын чуркап баратканын карап туруп, кудай буюрса уулум, элге күйүмдүү болот экен деп ойлоп коет. Чынында Шабдан Баатыр андан да артык касиеттерге ээ инсан болуп чыгат. Шабдан баатырга бир жагынан байлык келсе, экинчи жагынан элге таратып турчу экен. Шабдан баатырдан кийин эле берешен адам Семетей болуш болсо керек дешет.

Семетейдин улуу баласы Ибраимдин балдары: Мамаш, Төлөмурза. Төлөмурзанын баласы: Сүйүнали.

Экинчи уулу Молдомусадан: Арстанбек, Тажидин, Орунбай, Нажимидин.

Нажимидинден: Маматали, Даниярбек, Нуралы, Шералы, Жумалы.

Орунбайдан: Эмил.

Үчүнчү уулу Жөкөштөн: Дамир, Аван, Асан, Адыл.

Семетейдин Карагыз деген эжеси Жедигерден бир жигитке турмушка чыгып, ажыга барып келишт. Үч бала төрөп, үчөө тең ааламдан өтөт. Кийин жолдошу да дүйнө салат. Ушундан кийин күйөөгө чыкпайт. Семетейдин иш башкаруучусу болуп, баардык байлык анын колунда болот. Семетей болуш жөнүндөгү баянды небереси Нажимидин 1952-жылы «Сере»жайлоосунда болушка жыйырма сегиз жыл кызмат кылган, эң ишеннимдүү адамы Стамбай абадан угуптур. Калганын өз апасы Шарапаттан укkан экен.

Мырзакулов Мамасейит

Ботобай Жунусов (1884-1976)

1884-жылы Эски Кочкор-Ата айылында жарык дүйнөгө келген. Балалык кези кышында адырлары ак карга жамынып, жазы менен жайында жашыл майсанга оронуп, саратан менен күздө боз чалган аймакта өттү. Эс тарткандан баштап мезгилге жараша мына ушундай өзгөрүүлөргө туш болгон чар тарабын адырлар курчап турган жерде чоңойду.

Ал кезде Совет өкмөтү орной элек, советтик делген мектеп жок, окуу эмне экенин билген эмес. Эс тарткандан мал багып тиричилигин жасап келди. Бой жеткенде үй-бүлө куруп, төрт кыз. эки уулдуу болгон. Уулдары жаш кезинен чарчап калып, кыздары чоңоюшуп, эрезеге жетти. Алар да бүлө күтүштү. Тун кызы Данагүл 85, Барчыны 70 жашка чейин жашап өтүштү. Үчүнчү 76 жаштагы кызы Бүажар ушул тапта Эски Кочкор-Атада атасы байырлап келген үйдө жашайт. Кенже кызы 74кө чыкты. Ал Жазгак айылында жашоо кечирүүдө.

Ботобай карыянын аты азырга чейин аңыз кеп болуп айтылып келет. Кезегинде эл ичинде нускалуу сөзү, даанышман кеби, ойго терең акылы менен өзгөчөлөнүп, эл арасында кадыры сиңип, урмат-сыйга ээ болгон. Анын өзгөчөлүгү Жараткан берген табыпчылыгы бар эле дешет. Оорулуунун тамырын кармап көрүп, кандай илдетке чалдыккынын дароо айтып берчү. Дагы бир касиети сынык чылыгы. Бул да кудайдын ага берген белеги. Колу, буту сынгандын баары мына ушул адамдын колунан оңолуп, кадимкидей болуп калчу.

Анын башында дайыма шишик турган. Анын да өзүнчө окуясы бар. Бир күнү издөөдө жүргөн качкын аныкына конуп калат, ал адамдын таржымалын билбеген Ботобай табып үйүнө жаткырат. Аны үйүнөн милиция алып кеткенде качып жүргөн адам экенин билет. Ошондо качкынды жашыргансың деп. Милиция алып барып камап коет. «Билбейм» дегенден башканы айтпагандыктан, мойнуна алдыруу үчүн башына кундак менен уруп шишитип салышат. Анын милиция алып кетип, камап койгонунан кабары бар, адамдар келип, « бул адам табыптык өнөрү менен элди дарылап жатат, анын башка эч кандай кемчилиги жок. Кылмышкер да эмес, элдин убалына калбагыла. Канча оорулуу адам аны күтүп олтурат, бизге бошотуп бергиле», деп арыз менен кайрылышат. Ошондо миилциянын начальниги бөтөлкөнү майдалап сындырып, чүпүрөккө байлап, темир тордун арасынан Ботобайга сунат да: «Эгерде табып болсоң ушул чүпүрөктүн ичиндеги бөтөлкөнүн сыныктарын чогултуп берчи. Чын эле өнөрүң болсо бошотоюн,-дейт. Ошол кезде Ботобай табып күбүрөнө окуп чүпүрөктөн чыгарбай туруп, бөтөлкөнү тик тургузуп жиберет. Анын касиетине таң берген начальник: « мындан ары бул кишини сурап, тынчын албагыла»,-дейт да, бошотуп жиберет. Бирок, ошондогу башындагы шишик кетпей кала берет.

Анын дагы бир өзгөчөлүгү араб тилин билген.

Дагы бир касиети жамакчылык өнөрү болгон. Куюлуштура сөз айтып, төгүп ырдаган. жамакчылык, төкмөчүлүк, чечендик касиетери болгон. Айтылуу залкар акын Барпы менен айтышкан дешет. Акын менен анын жакындык байланышы болгон, экөө теңтуш катарында жылуу мамиледе болгондуктан, көбүнчө чогуу жүрүшкөн. Ботобой молдонун дагы бир өнөрү санжырачы болгон. Бул багытта ал көптөгөн эмгектерди чогулткан. Милиция Бөтөбай Жунусовду кармап кеткенде бир сандык китептерин да кошо алып кетип, ошол бойдон кайра кайтарып беришпеген.

Учурунда анын оозунан ырлары менен санжыраларын жазып алгандар болушкан. Бирок, жазып кеткен бойдон алар жарыкка чыгарышкан эмес.

Ботобай Жунусовду көбү таанып, аны жогору баалашкан. Бул инсан 1976-жылы 18-декабрда жарыкчылык менен коштошкон.

Социалисттик Эмгектин Баатырлары

Бир кезде Калинин атындагы колхоз республикада экономикасы жагынан өнүккөн ири чарба болгон. Бул аймактын калкы өз эмгеги менен бакыбаттуу жашоону камсыз кылган. Элдин турмуш жыргалчылыгын жакшыртууга айрыкча Юсупжан Момбеков колхозду жетектеген жылдары олуттуу көңүл бурулган. Жашоонун советтик образы мына ушул учурда калыптанган. Ал учурда кабаттуу мектептер, балдар бакчалары, саламаттыкты сактоо жайлары, клубдар жана ушул сыяктуу бир катар социалдык имараттар Юсупжан Момбеков иштеп жаткан учурда курулган.

Колхоздун калкы биримдикке, ынтымак жана биргелешип иштөө менен ийгиликтерди камсыз кылышкан. Союздун учурунда Калинин атындагы колхоздон Социалисттик Эмгектин төрт Баатыры чыккан.

Юсупов Эшенкул (1915-1993)



1915-жыл Кыла айылында туулган. Совет өкмөтүнүн таасири эл арасына сиңип, жапырт сабатсыздыкты жоюу башталып, мектептердин саны көбөйө баштаган учурда ал да мектепте окуп, билим алган. Андан соң, алгачкы эмгек чыйырын колхоздо иштөөдөн баштаган. Колхоз өндүрүшүнө активдүү салым кошкон жана алгач бригада башкарган.

1941-1944-жылдын аралыгында Улуу Ата Мекендик согушта кан майданда болуп, күжүрмөндүүлүк менен салгылашып, немецтик баскынчылардан эл-жерин коргоого катышкан. Айыгышкан салгылашууда денесинен жарадар болуп, өз айылына кайтып келген.

Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн бир нече төш белгилер, медалдар жана «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган.

Эшенкул Юсупов экинчи топтогу майыптык алып, согуштан кайткандан кийин да айылга келгенден соң, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүдө колхоздо иштеген. Ал колхоздун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенип, чарбанын экономикасын көтөрүүгө салым кошкон. 1957-жылы ага «Социалисттик Эмгектин Баатыры» ардактуу наамы берилген.

Байбичеси Жусупова Катча менен узак жылдар бирге жашап, 4 уул, 3 кыздуу,17 неберелүү болушкан.

1993-жылдын 4-июнунда 78 жашында дүйнө салган.

Момбеков Юсупжан (1926-1983)



Бул кишинин басып өткөн жолун жаза берсек ак кагазга сыйбайт сыягы. Эли үчүн, жери үчүн кызмат кылган бул инсан 1926-жылы 3-октябрда Майлуу-Суу шаарындагы Бедре-Сай айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Момбек жана апасы Тойчу беш балалуу болушкан. Беш уулдун эң туну Юсупжан, анан Алимжан, Аманжан, Токтобү, Тотукан болгон.

Юсупжан эң алгачкы эмгек жолун Ленин районундагы Рахманжан атындагы колхоздо учетчик болуп иштөө менен баштап, андан кийин Карл Маркс атындагы колхоздо бухгалтер болуп, андан соң колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары болуп эмгектенген.

1953-жылы эл ишеним көрсөтүп, Бүргөндү айылдык кеңешине депутаттыкка шайлашкан.1956-жылы Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнө катышып, көргөзмөнүн медалы менен сыйлануга татыктуу болгон.

1958-жылы борборубузда бухгалердик эсептөө курсун аяктаган. Колхоз башкармасынын төрагасы болуп иштеп жүрүп, 1971-жылы Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган.

1961-жылы Калинин атындагы колхозго көчүп келишкен, ошол кезде ал колхоздун председатели болуп шайланган.

1965-1969-жылдары Калинин шайлоо округуна,1971,1975,1982-жылдары катарынан Хиля айылдык кеңешине депутаттыкка шайланган.

1979-1980-жылдары Ленин райондук Советинин депутаты катарында эл ишенимин аткарган.

1966-жылы колхоз өндүрүшүн уюштуруудагы өлчөөсүз эмгеги үчүн «Ардак белгиси» орденине татыктуу болсо, 1967-жылы айыл чарбада көрсөткөн ийгиликтери үчүн күмүш медалы,1970-жылы Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган. 1971-жылы ага эмгектеги жетишкендиктери үчүн Ленин ордени ыйгарылган.

Момбеков айылынын эл агартуу тармагына да өзүнүн чоң салымын кошкон,1964-жылы анын эмгеги менен 10 класска ылайык мектеп ачылып, мында 30дан ашуун мугалим эмгектенген. Мына ушул эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Президиуму тарабынан Мактоо баракчасы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 1971-1972- окуу жылдары анын колдоосу менен эки кабаттуу чоң мектеп курулуп, пайдаланууга берилген. Бул билим уясы 12 класстык бөлмө,1 спорт зал, 1 устакана,1 ашканаы ичине камтыган эле. Азыркы учурда бул мектепте 900дөн ашуун окуучу билим алып, 41 мугалим иштеп жаткан убагы. Мектеп куруп гана тим болбостон андагы окуучулардын окуу тарбия иштерине өз көзөмөл жүргүзүп турган. Анын билим берүү тармагына өзгөчө көңүл бурган жана камкордук көргөн эмгеги бааланып, 1972-жылы билим берүү министрлиги тарабынан «Элге билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

1973-жылы Юсупжан Момбековго СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан Ленин ордени менен кошо «Социалисттик Эмгектин Баатыры» ардактуу наамы жана «Орок жана Балка» алтын медалы ыйгарылган.

1974-жылы ал жетектеген чарба Бүтүл Союздук социалисттик мелдеште жогорку көрсөткүчкө жетишкендиги үчүн төш белги, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгына карата эстелик медалы менен сыйланган.

Мындан тышкары өзү жетектеген колхоздун элинин жашоо деңгээлин көтөрүүдөгү эмгеги мамлекет тарабынан ар дайым жогорку сыйлыктар менен бааланып келген. Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын изилдөөсүнүн негизинде даярдалган «КСЭ» китебинен Юсупжан Момбековдун ысымы да орун алган.

Көп жылдык эмгеги бааланып, СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен 1982-жылы да ал Ленин орденине татыктуу болгон.

Ал өзүнүн билимин жана эмгегин азыркы Момбеков айыл аймагынын өсүп-өнүгүшүнө, элдин жакшы шартта жашоосуна сарптаган.

Чынында бул инсан тарыхта калгандай улуу эмгектерди жараткан. Анын чыныгы жетекчилик уюштуруучулук эмгеги менен Союз учурунда ал жетектеген Калинин атындагы колхоз экономикалык жактан өнүккөн ири чарбага айланган. Мектептер, ооруканалар, балдар бакчалары, маданият үйлөрү, балдар бакчалары жана башка социалдык имараттар курулган. Ошол кезде айылдар газдаштырылган. Көчөлөрго асфальт бастырылып, каналдар курулган.

Калк үчүн ак ниети менен кызмат өтөп келген татыктуу инсан Юсупжан Момбеков 1983-жылы дүйнө салды.

Азыр бул инсандын ысмы аңыз кеп болуп айтылып калды. Анын ысмы өзү жашап-иштеген айыл аймагына ыйгарылып, ушул тапта Момбеков айыл өкмөтү аталып олтурат. 2010-жылы ал өзү курдурган Маданият сарайынан атайын жай берилип, Юсупжан Момбековдун өмүр, эмгек, ишмердүүлүгүн баяндаган музей уюштурулган.

Кезегинде өзү башкарган чарбаны экономикалык жактан жогорку бийиктикке жеткирип, республикадагы эң алдыңкы колхозго айландырган бул инсан чыныгы уюштургуч жетекчи, элдин камкор адамы, таза жана ак ниет эмгеги менен көпчүлүк таанылган даңктуу адам болгон. Бүгүнкү күнгө чейин Юсупжан Момбеков туурасында жакшы пикирлер айтылып, анын жасаган эмгеги унутулбай келет.

Маткалык Амадалиев (1926-1995)



1926-жылы Кыла айылынын Калинин атындагы колхоздун Коммунизм участкасында жарык дүйнөгө келген. Мектеп мезгилине чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, жашы жеткенде айылдык мектепте окуган. Ал балалыгынан эмгекке үйрөнүп, жигиттик куракка келгенде өз айылын көтөрүүнү максат кылган. Ошол кезде деле мектепти бүтүргөндөн соң, билимин улантканкандар болгон. Ал айыл жеринде иштөөнү чечкен. Бир чети окууга да мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Мына ошондуктан өзүнүн биринчи эмгек жолун Калинин атындагы колхоздо иштөө менен баштаган. Жаш кезинен колхоздо эмгектенүүнү баштап, 15 жашынан тартып бригадада учетчик болуп иштей баштаган. Өз ишин бат өздөштүрүп, анын эл менен иштөө жөндөмдүүлүгүн байкашкан колхоз жетекчилеринин колдоосу менен 1951-жыл ошол эле колхоздун бригадасынын башчылыгына дайындалып, бул кызматында 1986-жылга чейин эмгектенген.

Натыйжада Маткалык Амадалиев пахтачылык бригадасын 1951-жылдан тартып башкарган. Ал бул кызматты да ийгиликтүү өздөштүрө алган. Жер сырын, өсүмдүктү өстүрүүнүн ыкмаларын жадыбалдай жатка билип, айыл чарба тармагынын чыныгы адиси болуп жетилген. Бригаданын пахта аянтынын бир ууч топурагынын составы да ага маалым болгон. Анткени, анын бүт өмүрү пахта талаасында өткөн. Жердин чыныгы дыйканы катарында анын ысмы көпчүлүккө бат эле белгилүү болгон. Устат пахтакер техниканын да, өсүмдүктүн да, тилин таба билген. Бригаданын ар бир мүчөсү менен тил табыша иштеп, жакшы эмгектенгендердин эмгегин жогору баалаган. Ал башкарган бригада чейрек кылым ичинде пландан тышкары 1790 тонна пахтаны мамлекетке тапшырып, эмгектик жогорку көрсөткүчтөрдү жараткан. Эгерде 1966-1970-жылдарда орточо түшүмдүүлүк 38,8 центнерге айланса, 1971-1974-жылдары 47 центнерге, ал эми 1974-жылы 51,1 центнерге жеткен. Маткалык Амадалиевдин бригадасында 1975-жылы 50 центнерден жогору түшүм алынып, республикада рекорд койгон.

Ага 1972-жылы «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген ардактуу наамдын берилиши да бул инсандын баа жеткис эмгегинин жемиши болгон.

Анын өмүрүнүн эң мазмундуу жана баалуу ирмемдери пахта талаасында өткөн. Өзүнүн бүткүл өмүрүн колхоз өндүрүшүнө арнаган.

Маткалык Амадалиев чыныгы дыйкан, пахта өстүрүүнүн устаты гана болбостон өз балдарынын сүйүктүү жана камкор атасы болгон.

Артына из калтыраарлык өмүр кечирген эмгек адамы 1995-жылы дүйнө салган.

Малик Акчабаев (1932-2001)



1932-жылы жарык дүйнөгө келген. Анын балалыгы өзү туулуп-өскөн айылда өткөндүктөн ишке аралашып үйрөнгөн өспүрүм эрте эле талаа ишине аралаша баштаган. 1952-1958-жылдары пахтачылык бригадасында звено башкарган. Ишке берилген жана ак ниет эмгектенген жигит 1961-жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. 1962-жылы пахта бригадасында учетчик болуп дайындалган жана текшерүү комиссиясынын төрагасы милдетин да аткарган. 1962-жылдан баштап колхоздо жүгөрүчүлүк жана пахтачылык бригадасынын башчысы болуп иштеген. 1966-жылы ага партиялык тапшырма катарында жүктөлүп, эң арттагы бригадага башчылыкка жөнөтүлгөн. Ошол кезде бригада мүчөлөрүнүн күч-аракетин биримдикте эмгектенүүгө буруп, ишти уюштура билген. Анын натыйжасында ал жетектеген бригада бат эле жогорку көрсөткүчтү жарата баштаган. Ошол эле жылы сезондо бригада боюнча 110 гектар аянттан жогорку түшүм өстүрүп, көрсөткүчтү 139,4 процентке жеткирген. 1967-жылы ар гектар аянттан 40,1 центнерден түшүм алган, планды 144 процентке орундаткан.

1967-жылы эмгектеги жогорку ийгиликтери үчүн эл чарба жетишкендиктеринин бүткүл союздук көргөзмөсүнө катышып, коло медаль менен сыйланууга татыктуу болгон. 1969-жылы пахта аянтынын ар гектарынан ал жетектеген бригада жогорку түшүм алып, мамлекетке 559 тонна пахта тапшырган. 1970-жылы эмгектеги эң жогорку ийгиликтери үчүн «Эмгектин лауреаттыгына» ээ болгон. Малик Акчабаев жетекчилик кылган №7-бригаданын дыйкандары жыл сайын гектарынан 50 центнерден ашырып түшүм алып келишкен . 1974-жылы бригаданын пахтачылары 118 гектар аянттын ар гектарынан 55 центнерден түшүм жыйнашкан. Анын айыл чарбасындагы татыктуу эмгеги бааланып, 1971-жылы «Эмгек Кызыл Туу», 1973-жылы Ленин ордендери менен сыйланган.

1975-жылы Кыла шайлоо округунан Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланган. 1980,1988-жылдары партиянын Ленин райкомунун мүчөсү болгон. 1982-жылы Ош областтык Советине депутат катарында элдин ишенимин аткарган.

Малик Акчабаевдин айыл чарбасын көтөрүүгө кошкон салымы, эмгектеги жараткан жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Ленин ордени менен кошо «Социалисттик Эмгектин Баатыры» ардактуу наамы берилген.

1985-жылы Кыла, 1987,1990-жылдары Момбеков айылдык Советтеринин депутаттыгына эл ишеним көрсөткөн.

2006-жылы Бостон айылдагы мектепке Малик Акчабаевдин ысымы берилген.

Бул инсан 2001-жылы жарыкчылык менен коштошкон.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары

Азыркы Момбеков айыл аймагынын дал борборунда Улуу Ата Мекендик согушта кан майданда кайтпай калган жоокерлердин урматына тургузулган эстелик жана анын жанында өчпөс от турат. Миллиондогон советтик жоокерлердин өмүрүн кыйган бул ааламаттан бери 75 жыл, ал эми Жеңиштин Кызыл Туусу орногонуна быйыл 71 жыл толсо да карт тарыхтын баракчарында жазылып калган кандуу согуш дале унутулган жок. Улуу Ата Мекендик согушка бул аймактан да 500дөн ашык эр азаматтар катышкан. Алардын 323үү кайтып, өз үйүнө келген жок. Ар жылы Жеңиш майрамында жүрөктөргө так салган ошол ааламат кайрадан эске түшүп, кайтпай калгандардын жаркын элесине таазим этилет. Кайтып келген жоокерлердин да ушул бүгүн аягы суюлуп, бир тобу дүйнө салган.





« Тиги кыймылсыз таш менен өчпөс шамды аянтычтуу карап тургандардын балким бир тууганы, балким уулу, балким өмүрлүк жолдошу мекен үчүн курман болгондур. Жердешибиз Кубат Жуматаев катуу кагылышуулардын биринде укмуштудай эрдик көрсөтүп, курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген. Усупбек Юнусалиев, Шамши Өмүрзаков, Усупжан Абдуллаев, Сүйөр Султанов, Коконбай Кожоев, Арзыкул Алымжанов жана башка жүздөгөн уландарыбыз баскынчыларга каршы кармаштарда курман болгон. Алар азыркы жыргал турмуш, бейпилчилик үчүн кан төгүштү, айылыбыздагы азыркы өзгөрүүлөрдү көрбөй калышты».

«Биздин колхоз ушундай», деген китебинде Юсупжан Момбеков мына ушундайча жазган.

Фашисттик Германия Советтер Союзуна капысынан кол салган 1941-жылы Мекенди коргоого аттанышкан азаматтардын көпчүлүгү кырчындай болгон жапжаш жигиттер болчу. Бирок, алардын жүрөгүндө Мекенди сүйүү, аны көз карегиндей сактоо, коргоо сезими оргуштап, жаштык оту жалындап турган. Ошол жалынды баскынчылардын аткан оту өчүрүп салды. Бирок, жүрөктөгү ок биротоло өчкөн эмес. Он беш республиканын биримдиги, бирдей соккон жүрөктөр немецтердин мизин кайтарып, аткан огун жүрөктөрдөн сууруп алды. Канчалаган жаш өмүрлөр кыйылганы менен алар күнү бүгүнкүчө тирүүдөй адамзаттын жүрөгүндө жашап келет. Ал жигиттерде Мекенчилдик улуу сезимдер бар болчу. Бул китептеги өмүр таржымалын сөз кыла турган аталарыбыз ошол кезде октон да жалтанбаган жаш жигиттер эле…

Абдуллаев Абдурахман (1897-2014)



Маданият аймагындагы Ботокара кыштагында туулган. Атасы молдо Абдулла Совет бийлиги орногондо айыпсыз (кош тегирмен, кош өгүзү болгону үчүн) кулакка тартылып, короо-жайлары тартып алынат. Абдуллаев Абдурахман үй-жайсыз калгандыктан, 1933-жылы Бүргөндүгө көчүп келип, Ношкен, Бүргөндү, Кыла пахта даярдоочу пункттары боюнча өрт өчүрүүчүлөрдүн башчысы болуп иштейт. 1942-жылы 16-февралда Ленин райондук аскер комиссариаты тарабынан фронтко жөнөтүлөт. Ошондо анын төрт уул, бир кызы бөтөн бирөөнүн үйүндө кала беришкен, жаңыдан жарыкчылыкка келген кенже кызы али кыркы чыга элек болгон.

Ал кан майданда жүрүп, өз үй-бүлөсүнүн үй-жайсыз калганына тынчсызданып, Бостон айылындагы Кыла пахта даярдоочу пунктка көчүп келүүлөрүн дайындагандыктан, 1942-жылы күзүндө анын айткан жерине көчүп келишип, отурукташышкан. Абдуллаев Абдурахман Орел областынын Болхов шаарында аскердик бөлүктүн 97-дивизиясында кызмат өтөгөн. Советтик аскерлер 1943-жылы 29-июлда фашисттерди Болхов шаарынан кууп чыгышат. Ошол күнкү жеңишке беш күн калганда от күйгөн кан майданда каза табат. Согушта курман болгон аскер, партизан, офицерлерге арналган “Книга памяти” аттуу үч томдук эстелик китептин 3-китебинин 14-бетинде бул инсан жөнүндө: “Абдуллаев Абдурахман1897-г. р. Рядовой, погиб в бою 24 июля 1943 года. Похоронен в г. Болхове, Орловской области”,- деген жазуу бар.

Анын балдары атасы жөнүндө толугураак маалымат алуу үчүн Болхов шаарынын аскер комиссариатына эки жолу кат менен кайрылышкан. Алар Абдуллаев Абдурахман-коюлган жай жана ошондогу согушта курман болгон жоокерлерге арналып тургузулган эстелик, андагы чегилген ысымдар тууралуу кененирээк маалымат беришкен.

Көп жылдан кийин 2014-жылдын 3 -13-сентябрда уулу Абдрахманов Мирзаабдулла атасы курман болгон Орел областынын Болхов шаарына барып, аскер комиссариатынын аскер комиссары Иван Иванович Кондрашев аларды (Абдылдаев Нигмат, Валиш, Умид, Хамид Азиза) жылуу маанайы менен тосуп алган. Ал жерде К. С. Балашова менен Ленин көчөсүндөгү Улуу Ата Мекендик согушта советтик жоокерлер менен офицерлер жаткан мемориалга жетишип, бул жердеги обелискте жазылган атасы Абдуллаев Абдурахмановдун аты, фамилиясын окушту.

Бул инсандын төрт бир тууганы Төлөнбай (1901-1944-жж.) Сталинградда курман болгон, Хажымырза (1906-жылы туулган), Омаралы (1910-жылы туулган) дайынсыз кетишкен. Өмүрлүк жубайы жолдошун 50 жыл күтүп, 1992-жылы 86 жашында каза тапты. Анын балдары Хабибулла, Аманулла, бул ааламдан өтүштү. Уулу Тайбулла 83, Мирзаабдулла 86 жашта. Ал азыр бир нече китептердин автору. Атасы кеткенде кыркы чыкпай калган Калискан да 2014-жылы дүйнө салган.

Матмусаев Калбай (1900-1988)



1900-жылдын 19-октябрында Кыла айылында туулган. Октябрь революциясынын таасири менен кедейлер тең укукка ээ болуп, сабатсыздыкты жоюу башталганда ал да өзү кырдуу жаштар менен мектептен билим алган. Бирок, ал кездеги шартка жараша 4-классты гана бүтүргөн. Бул ошол учурдагы билим алууну эңсеген жаштар үчүн чоң жетишкендик эле. Ал жетилип, жигиттик куракка келгенде байлардын жерлери тартылып алынып, артелдер түзүлүп, колхоздор уюштурула баштаган. Жаңы замандын саясатын жеткилең түшүнгөн жигит колхоз өндүрүшүнө катышкан. Жөндөмдүүлүгүн байкашкан жетекчилер ошол кезде аны бригаданын башчылыгына дайындашкан. Бул кызматын абийирдүүлүк менен аткарган.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен Мекенди коргоо үчүн билегинде күчү бар азаматтардын катарында ал да кан майданга жөнөгөн. Алгач Советтик жоокерлердин катарында немецтик Германия менен согушууга катышкан. Кийин орус-япон согушунда болгон. Ошентип, жеңиш орногондон кийин да кан майданда болуп, жоокердик милдетин улантып, 1946-жылы өз айылына кайтып келген.


Улуу Ата Мекендик согуштан кайтып келгенден кийин бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө активдүү катышкан.

Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн 1945-жылы «Германиянын үстүнөн болгон жеңиш», 1947-жылы «Будапешти алгандыгы үчүн», «Венаны бошотондугу үчүн», 1948-жылы «Япониянын үстүнөн болгон жеңиш», «1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон жеңиштин» 30,40, СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 50,60 жылдык медалдары, «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган. Ага Япониялык империалисттер жана Германиялык баскынчылар менен болгон Улуу Ата Мекендик согушка катышкандыгы үчүн Сталиндин колу коюлган ыраазычылык каты жөнөтүлгөн.

Колхоздун экономикалык жактан өнүгүп, алдыңкы чарбалардын катарына теңелишинде Калбай Матмусаевдин да салымы чоң. Ал өзүнүн ак ниет жана жигердүү эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнаган. Мына ошондуктан, 1979-жылы ага колхоздун «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган.

Согуштун ардагери Калбай Матмусаев татыктуу балдарды тарбиялап өстүргөн. Өз үй-бүлөсүнүн кадыр-барктуу адамы болгон. 1988-жылы жарыкчылык менен коштошкон.

Анарбаев Ганыбай (1908-1989)



1908-жылы Каракалпакстанда Чымчык Көл деген жерде туулган. Үч жашында агасы Ташболот менен ачарчылык мезгилинде кара курсактын айынан Базар-Коргонго келип, Мака-Торпок деген жерде жашап калышкан. Андан соң, эс тартып калганда Кылага келип байыр алышкан. Бул жерде жашоо бир кыйла жакшыраак болгон. Кайрымдуу адамдардын жардамы менен эки бир тууган окуп, сабатсыздыгын жоюшкан. Агасы Ташболот 30-жылдары колхоздоштуруу учурунда Кыла селолук Советинин төрагасы болуп иштеген. Ал эми Ганыбай Анарбаев үйлөнгөндөн кийин аялы, бир баласы каза болуп, Марапат Эргешова деген башка аялга баш кошкон. Өзүнүн эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнаган. Пахта талаасында керээлиден кечке иштеп, гозо көчөттөрүн багып-өстүрүп, түптөрүнө суу тарап, бешене терин агыза эмгектенген. Баары эле өсүмдүккө суу коюуну биле беришпейт, анткени анын да өз сыры болот. Ал сугатчылык кесипти мыкты өздөштүрүп, суу коюунун устаты болду. «Түнкү сугат-көчөткө кубат»,-демекчи түндөсү ай жарыгында агаттарга суу тарачу.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Ата-Журтун баскынчылардан коргоо үчүн кан майданга аттанган. Немецтер басып алган кыштактар менен шаарларды душмандардан бошотууда кан жанын аябай салгылашкан. Мына ошол кандуу согушта көзүнө осколка тийип, госпиталда дарыланып жаткан. Акырында көзү майып болуп, 1944-жылы өз жерине кайтып келген.

Ал айылына кайткандан соң, согуш аяктай элек, тылда элдин жашоосу жеңил эмес болчу. Согуштан жарадар болуп кайткандар, кары-картаңдар, жаш балдар талаада тыным албай иштеп жатышкан. Ошентсе да, жумушчу күчү жетишпей турган убак болчу. Үйдө тим олтуруп калчу учур эмес. Ошондуктан, кетменин колуна алып, колхоздун пахта талаасында суу кое баштады. Жүгөрү, буудай, арпа талааларында жан аябай иштеп, ал баккан өсүмдүктөр бат жетилип, түшүмү да арбын болчу. Ал учурда жакшы иштеген эмгектин алдыңкыларына килем, идиш-аяк сыйлыкка берилер эле. Өзүнүн саламатчылыгынын өтө жакшы эмес экендигине карабастан, колхоздун экономикалык жактан өнүгүшүнө карапайым эмгеги менен салым кошту. Пенсияга чыкканга дейре үйдө олтурбай, эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнады.

Согуштун таасири анын саламатчылыгын улам начарлатып, 1989-жылдын 6-майында дүйнө салды. Алты уул, алты кыздын эң камкор атасы эле. Мына ушул балдарынан 62 небере, 64 чебере, 49 кыбыра бул жарыкчылыка келип, Ганыбай Анарбаевдин уучун улап жаткан кез. Ал эми анын артында мына ушундай көрүнүктүү из калды.

Субанов Карим (1910-1987)



1910-жылы 2-декабрда илгерки Каганович атындагы колхоздо орто жашаган үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда жигиттик куракка жетип турган убагы болчу. Ошол кезде өзү курдуу жигиттердин катарында ал да эл жерин коргоо үчүн кан майданга жөнөйт. Согуштун от күйгөн апаатын өз башынан өткөрөт. 1941-1943-жылдары Сталинградда мото аткычтар кошунунда жүрүп, ошол эле жерде кандуу салгылашууда взводдо туруп, снайпердин огу анын жаагынын оң жагынан кирип, сол жагынан чыгып кеткен. Анын жаагына талаа госпиталында тез жардам көрсөтүлүп, кийин аскердик госпиталга жөнөтүлгөн. Анын бир тууганы Далимбек Улуу Ата Мекендик согушка кеткен бойдон айылына кайтпай калган. Анын бактысы ден соолугунан жабыр тартса да, айылына аман-эсен кайтып келип, өз үй-бүлөсүн кубанычка бөлөгөн. Субанов Керим экинчи топтогу майыптык алгандан кийин, 1943-жылы өз айылына кайтып келген. Ошол учурда эр жеткендердин баары согушка кетип. айылда кемпир-чалдар, аялдар жана жаш балдар калган. Ошону менен бирге кан майданда жарадар болгондор келе баштаган. Колхоз ишине адам күчү жетишсиз болуп турган кез эле. Ал дароо колхоз ишине аралашып, Каганович атындагы колхоздун мал чарбачылыгында үзүрдүү эмгектенген. Бул инсан өз ишине берилген ак ниет эмгекчи катарында дароо эле колхозчулар арасында урмат-сыйга ээ болгон.

Бул инсандын согуш мезгилиндеги каарман эмгеги текке кеткен эмес. Кан майданда Сталинградды коргоодо үч жыл аябай оор салгылашууга катышкан эмгеги бааланып, Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн:

1944-жылы «За боевые заслуги», 1946-жылы «Япониянын үстүнөн болгон Жеңиш үчүн», 1948-жылы «Германиянын үстүнөн болгон жеңиш үчүн», «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөндүгү үчүн», 1965,1975,1985-жылдары Улуу Ата Мекендик согуштун 20,30,40 жылдына карата юбилейлик медалдар, 1978-жылы СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн 60 жылдык медалы, 1985-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени менен сыйланган.

Бул инсан 3 уул, 3 кыздын бактылуу атасы болгон. Тирүү кезде алмончоктой болгон 17 небере көргөн. Жашоодо татыктуу жашап өткөн Субанов Карим 1987-жылы дүйнө салган. Анын артында 27 небере, 30га чукул чебере калган. Ал өзүнүн каарман эрдиктери жана уул-кыздары, небере, чеберелери менен артына өчпөс из калтырды.

Субанов Аким (1912-2005)



1912-жылы Кыла селолук Советине караштуу Каганович атындагы колхозунда туулган. Анын балалыгы ошол кездеги катаал учурга туш келген. Совет өкмөтү орногондо сабатсыздыкты жоюу маселеси күч алып, кыргыз жаштарынын катарында ал да мектепке тартылып, бар болгону 4-класс билим алууга жетишкен. Жаш кезинен тетик, жаңы жашоого умтулган өспүрүм кесип алууга далалат жасап, ошол кезде жаңы замандын таасири менен ачылып, жаштарды өзүнө тарта баштаган кесиптик техникалык окуу жайынан айдоочулук курсту бүтүргөн. Байлардын жерлери тартылып алынып, колхоздор уюштурула баштаганда, бул жаңы саясатка ал да биринчилерден болуп аралашкан. Коллективдүү чарбаларды өнүктүрүүгө салым кошуу ниети менен ал трактор башкарып, жерлерди айдап, эгин эгип, жер иштетүүгө катышкан. Өзүнүн жаштыгын жана эмгегин жаңыдан курулган Совет бийлигин чыңдоого, колхоздорду өнүктүрүүгө жумшаган.

1939-жылы Советтик Армиянын катарына жоокердик милдетин өтөөгө чакырылган. Ал аңгыча эле 1941-жылы гитлердик баскынчылар Совет жергесине кирип келгенде Субанов Аким да эл-жерин душмандардан коргоого кан майданга аттанган. Кайсыл жерди фашисттик Германия басып алса советтик жоокерлердин катарында ал да, ошол жерде болуп, СССРдин шаарларын баскынчылардан бошотууда өзүнүн күжүрмөндүүлүгүн көрсөткөн. Согуш жүрүп жаткан мезгилде Польша, Украина, Чехословакияга чейин жол басып, нечендеп от күйгөн күндөрдү өз башынан өткөргөн. Өз Мекенин сүйгөн чыныгы жоокер катарында ак ниети менен кызмат кылган. Кан майдандагы салгылашууда өзүнүн адистиги боюнча айдоочулук кесипти аркалаган. Денени көзөп өтчүүдөй ышкырган октон жалтанбай кан майданда ок тийип каза болгон жоокерлерди согуш талаасынан ташып, жарадар болгондорун госпиталга чейин жеткирген. Ошол кездеги азаптуу күндөрдү сөз менен айтып түшүндүрүү жеңил эмес элек. Көптөн арзып күткөн тилектери аткарылып, жергебизде Жеңиштин туусу желбиреген 1945-жылы ал дароо өз айылына кайтып келген эмес. Андан ары орус-япон согушуна катышып, Хиросимада жоокердик милдетин уланткан. Андан соң гана 1946-жылы өз айылына кайтууга мүмкүнчүлүгү болгон. Натыйжада, 6 жыл эр жигиттик милдетин согуш талаасында өтөгөн.

Өз жерине кайтып келгенден соң, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө активдүү катышкан. Бул жерде да өз кесибин улантып, Каганович атындагы колхоздо трактор айдап, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө катышкан. Өз милдетин жоопкерчилик менен аткара билген кесип ээсине чарба жетекчилери айдоочулуктан соң, механик кызматын аткарууну тапшырышкан. Бул кызматын да ал жигердүүлүк менен чын пейилден аткара билген. Андан кийин «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк мекемесинде жигердүүлүк менен

эмгек жолун уланткан. Бул жерде жашы жетип, пенсияга чыкканга дейре эмгектенген. Анын өз ишиндеги ак ниет эмгегин баалап, өндүрүштүк мекеменин жетекчилиги эки ирет алгач «ГАЗ-52», кийин «УАЗ» автоунааларын сыйлыкка тапшырган. Ал эми партиянын Ленин райондук комитети жана райондук аткаруу комитети бул инсандын согуштагы каарман эмгегин баалап, улуу Жеңиштин 55 жылдык майрамынын шарапаты менен Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу эски Кочкор-Ата айылынан турак үйдү белекке берген.

Бул инсандын согуш мезгилиндеги каарман эмгеги текке кеткен эмес. Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн:

1944-жылы «За боевые заслуги», 1946-жылы «Япониянын үстүнөн болгон Жеңиш үчүн», 1948-жылы «Германиянын үстүнөн болгон жеңиш үчүн», «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөндүгү үчүн», 1965,1975,1985,1995-жылдары Улуу Ата Мекендик согуштун 20,30,40,50 жылдыгына карата юбилейлик медалдар, 1978-жылы СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн 60 жылдык медалы, 1985-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи даражадагы ордени менен сыйланган. Андан сырткары СССРдин коргоо министри А.Гречкодон, Кыргыз ССРинин согуш комиссары И.Губаревден, Ош областтык согуш комиссары К.Алтыбаевден, Кыргыз Республикасынын бир нече курдай куттуктоо баракчаларына татыктуу болгон.

Субанов Аким 2005-жылдын 7-апрелинде дүйнө салды. Ал тирүүлүктө өрнөктүү өмүр сүрүп, татыктуу жашоо кечирген. Байбичеси Пайзикан менен 54 жыл ынтымактуу өмүр сүрүп, жети уул, үч кыздын бактылуу атасы болуп, алардын үйүнүн төрүндө дөөлөттүү карылыкты сүрдү. Азыр анын артында 54 небере, 100дөн ашык чебере, кыбыра калды. Ал карт жоокер, мекенчил инсан, эмгектин чыныгы устаты жана өрнөктүү адам катарында көпчүлүктүн эсинде калган.

Молдобаев Абакул (1912-1987)



Энеси тогуз ай омурткасы сыздап боюна көтөрүп, аны жарыкчылыкка алып келген жыл 1912-жыл болчу. Кыла айылында, карапайым адамдын үй-бүлөсүндө анын балалыгы өткөн. Улуу Октябрь революциясынын таңы атып, эзилген эл эркиндикке кеткен 1917-жыл ал беш жашта болчу. Караңгы элдин сабатсыздыгын жоюу саясаты жүрүп, кезеги келгенде ал да мектепте окуп, билим алган. Бара бара жаңы замандын таасири менен бай, кедейдин укугу бир болуп, колунда болгонун ортого кошуп, жерлер биргелешип иштелип, ал да артель уюштурууга катышкан. Совет бийлигин тамырынан кыркып жок кылууга умтулуп, байлыгын бергиси келбеген байлар басмачы болуп чыга келди. Ошондо жаңыны сезе билген көз карашы, көөдөнүндө кайраты толуп турган жигит НКВДнын мүчөсү болгон. Ушул милдетти аркалап жатып, басмачыларды жоюуга активдүү катышкан. Эми жашоо нукка келе баштаганда Улуу Ата Мекендик согуш чыкты. Менмин деген Мекенин коргоого аттанган азаматтардын катарында ал да кан майданга аттанды. Магнитагорск шаарында баскынчылар менен болгон айыгышкан согушта жамбашынан оор жарадар болуп, госпиталга жаткырылды. Айыккандан соң, согуш бүтпөй жатып, 1943-жылы өз айылына кайтып келди. Эгерде жарадар болбогондо жоокерлердин катарында Мекенин душмандардан коргоп, жеңиш болгонго чейин кан майданда салгылашмак. Ал тылда Жеңиш үчүн салым кошту. Келген күндөн көп өтпөй Калинин атындагы колхоздо пахтачылык бригадасын башкарды. Биринчи эле жылы ар гектар аянттан 34 центнерден түшүм алды. Кийин ал дан бригадасын да жетектеди.

1957-жылы жетишкен ийгиликтери үчүн 407 маркасындагы «Москвич» жеңил унаасын сыйлыкка алган жана СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышып, атайын медаль менен сыйланган. Ошону менен бирге ошол жылдын 28-февралында ага «Эмгек Кызыл Туу » ордени ыйгарылды. 1958-жылы да мына ушул көргөзмөнүн медалына татыктуу болгон. Ошол жылы аны жердештери Хиля айылдык кеңешине депутаттыкка шайлашты. 1958-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун «Кыргыз ССР инин жер иштеринин устаты» деген наамга татыктуу болду.

Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ага 1967,1976-жылдары Жеңиштин 25,30 жылдык, СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн 60 жылдык, 1970-жылы В.И. Лениндин 100 жылдык, 1976,1977-жылдары «Эмгек ардагери» медалдары ыйгарылган.

1987-жылы күтүлбөгөн жерден 76 жашында дүйнө салды. Ошол кезде 5 уул, 4 кызынан 50 небереелүү, 2 чеберелүү болгон. Азыр болсо Абакул Молдобаевдин артында 100дөн ашык небере, 50дөй чебере, 20дан ашык кыбыра бар. Бул дөөлөттүү карынын артында калган көөнөрбөс изи.

Молдобаев Мейман (1913-1989)



1913-жылдын 4-сентябрында туулган. Совет өкмөтүнүн сабатсыздыкты жоюу саясатынын негизинде мектепте 4-класс билим алган. Эс тартканда колхоздоштуруу саясаты жүргөндө ал колхозду уюштурууга катышкан. Ал эми Улуу Ата Мекендик согуш башталып, элдин башына кыйынчылык түшкөн кезде өз каалоосу менен жалтанбастан кан майданга аттанган. Эр жигиттик курагы от кечкен апаат күндөргө туш болгон. Өзү сыяктуу жоокерлердин катарында Мекенди коргоодо каармандык менен салгылашкан. Немецтер басып алган айыл-кыштактарды бошотууда эр жүрөктүүлүк менен эмгектенген.

Жергебизде жеңиш туусу желбиреп, Жеңиш орногондон кийин аман калган жоокерлердин катарында 1945-жылы өз жерине кайтып келгенден соң, өз өмүрүн чарбанын ишине арнаган. Ага чоң ишеним менен Каганович атындагы колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басарлык милдети жүктөлгөн. Бул кызматта көп жылдар үзүрдүү иштеп, өзүн дасыккан адис катарында көрсөтө алган. Андан соң, ага мал чарба фермасынын башчылык милдети тапшырылган. Бул кызматын да ак ниеттүүлүк менен аткарып, бул тармактын өсүп-өнүгүшүнө чоң салымын кошкон. Кийинки кезде ага жылкы фермасын жетектөө тапшырылган. Бул жумушта да өзүнүн чечкиндүү, жоопкерчиликти эң жогору койгон кадр катарында көрсөттү. Бул кызматында эс алууга чыкканга дейре иштеди. Ал пенсияга чыккандан кийин да жашылча бригадасын жетектеген. Акырында кой чарба фермасында кой кыркымды уюштурууга активдүү катышып жүрдү.

Ал өзүнүн жалындаган жаштыгын Мекенди коргоого арнаса, андан кийинки курагын жалаң колхоздун экономикасын көтөрүүгө жумшап келди. Анын Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы эмгеги «1941-1945-жылдардагы немецтик Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин 25 жылдыгы», «В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык», «Эмгек ардагери » медалдары менен бааланган.

Жубайы Мейликан менен бактылуу жашоо кечирип, алты уул, төрт кыз жарыкчылыкка келген. Бул инсан 1989-жылы 76 жашында дүйнө салды.

Анын артында уул-кыздарынан тараган 35 небере, 29 чебере калды. Балдары мезгилдин агымына жараша жашоо кечирип, окуп, атайын билимге ээ болушту. Тун кызы Айчүрөк ушул тапта Жалал-Абад шаарындагы экономика жана ишкердик университетинде иштейт, КРнын «Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланган. Үч кыз, эки уулдун бактылуу энеси. Чолпон кызынын кесиби эсепчи, калган уул-кыздары да турмуштан өз ордун табышкан, ар биринин өздөрү тандаган турмуш жолу бар.

Мамыров Молош (1914-1994)



1914-жылы 10-сентябрда Ленин районуна караштуу Кыла айылында туулган. Төрт жашында ата-энесинен ажырап, атасынын иниси Калмураттын колунда чоңойгон. 1941-жылы согушка кетип Калининград, Белоруссия фронтунда кызмат өтөгөн. Кенигсберг, Калининград шаарларын бошотууга катышып, жеңиштин алгачкы даамын таткан.

Согуш мезгилинде 1945-жылы I даражадагы “Ата Мекендик согуш” ордени, 1948-жылы “Кенигсбергди алгандыгы үчүн”, “Эрдиги үчүн”, “Германияны жеңгендиги үчүн” медалдары жана алар менен бирге эле “Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы каарман эмгеги үчүн” медалы, 1965-жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 20 жылдыгы», 1975-жылы ушул эле медалдын 30 жылдыгы,1969-жылы “СССРдин куралдуу Күчтөрүнө 50 жыл” юбилейлик медалы, 1975-жылы «Эмгектин ардагери» медалы менен сыйланган. Согушта жүргөн мезгилинде ал алты жолу жарадар болгон, айыгып чыгып, кайраттуу жоокер Мекендин тынчтыгы жана бүтүндүгү үчүн кайрадан алты жолу согушка аттанган.

Согуштагы учурлар кээде эскерип калчу, бир жолу Каратай деген досу экөө катарлаш чабуулда кетип жатып, досуна ок тийип, каза табат, анын документин алып, чөнтөгүнө салып, чабуулун уланткан. Аңгыча немистер менен бетме-бет келип калып, кол менен кармаш башталган. Ага бир немис офицер туш келип, экөө аябай алышат, анан жыгылып кетип, колу өзүнүн автоматына тийип калат. Автоматты алып эле баягы офицердин жүрөгүнө такап, өзүн жоготуп, магазиндеги огу түгөнгүчө ата бергенин көп айтып калчу.

Бир жолу сыйлык катары бир жума дем алышка чыгышат, себеби беш чалгынчы болуп чалгынга жөнөшөт, байкатпай немецтердин окобуна түшүп аңдып калышат. Бир немец офицери ырдап келе жатканын угушуп, ого бетер бугуп калышат да, пайлап туруп аны колго түшүрүп, окоптон чыгарып кетишет. Бирок 100 метрге жетпей немистер байкап калып, ок жаадыра башташат, ошондо бир тажик чалгынчы каза таап, калгандары эптеп аман кутулуп чыгышып, бир тилди кармап келишкени үчүн бир жума дем алышкан экен.

1946-жылы өз туулуп-өскөн жерине келип, бир туугандарынын көзү өтүп кеткенине күбө болгон. 1948-жылы үйлөнгөн жубайы Кайры менен үч уул, эки кыздуу болушкан. Балдарынын баары жогорку билимдүү. Согуштан келгенден кийин ал колхоздо сугатчы болуп иштеген. 1963-жылы звено боюнча 20 гектар жердин ар бир гектарынан 30 центнерден түшүм алып, планын 122 пайызга аткаргандыгы үчүн Мактоо баракчасы менен сыйланган. 1974-жылы ардактуу эс алууга чыккканга чейин ушул жумушун аркалаган. Ал азыркы күнгө чейин жашаганда 27 небере, 21 чеберенин чоң атасы, таятасы катарында төрдө дөөлөттүү карылыкты кечирип олтурмак, бирок 1994-жылы 2-февралда дүйнөдөн кайткан.

Мурзакматов Кара (1916-1992)

1916-жылы туулган. Анын балалыгы эң кыйын кезеңге туш келген. Ал жаш кезинен Совет бийлигинин таасири күчөп, колхоздоштуруу саясаты жүргөн мезгилде, мына ушул саясаттын эл арасына кеңири тарашына салым кошкон. Колхоздорду өнүктүрүүгө активдүү салым кошкон бул инсан кийин Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагалыгына дайындалган. Бул кызматта ал өзүнүн чыныгы уюштуруу жана жөндөмдүү жетекчи катарында көрсөтө алган. Андан соң, колхоздун башкармасынын төрагасынын мал чарбачылыгы боюнча орун басары, пахтачылык бригадасынын бригадири, алма бак чарбасынын жетекчиси сыяктуу эң жооптуу кызматтарда иштеген.

1943 -1944-жылдары Улуу Ата Мекендик согушка катышып, советтик жоокерлердин катарында эл-жерин душмандардан коргоодо жан аябай салгылашкан. От кечкен кан майданда катаал сыноолорду өз башынан өткөргөн. Өзү сыяктуу жоокерлердин катарында эл-жеринин тынчтыгы үчүн жигердүүлүк менен салым кошкон.


Кара Мурзакматов немецтик баскынчылар менен болгон согуштагы көрсөткөн каармандыгы үчүн аскердик күжүрмөн сыйлыктар жана бир нече медалдар менен сыйланган. Майдандан кайткандан кийин бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү жумуштарында үзүрдүү иштеп, эмгектин чыныгы үлгүсүн көрсөткөн. Бул инсан колхоз ишинде да жемиштүү иштеп, калк арасында кадыр-баркка ээ болгон. Эмгегин элге арнап, эс эс алууга чыккандан соң, дөөлөттүү карылыкты баштан кечирүү бактысына ээ болгон.

Ал эмгектеги жетишкендиктери үчүн 1957-жылы “Ардак белгиси” ордени менен сыйланган. 1957-жылы Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн (ВДНХ) Алтын медалы, 1965-жылы Улуу Жеңиштин 20 жылдыгынын урматына “Биздин ишибиз ак, биз жеңгенбиз” эстелик медалы, 1970-жылы “В. И. Лениндин туулган күнүнүн жүз жылдыгын белгилөөдөгү күжүрмөн эмгеги үчүн” эстелик медалы, кийин “Эмгектин ардагери” медалы менен сыйлануага татыктуу болгон.

Ал үй-бүлө күтүп, татыктуу балдарды тарбиялаган жана алардын окуп-билим алышына аталык камкордугун көргөн.

Өз эли, жери үчүн таза жана ак ниети менен кызмат кылган өрнөктүү инсан Мурзакматов Кара 1992-жылы дүйнө салган. Ошентип, бул инсан өзүнүн өмүрүн колхоз ишине арнап, артына кайталангыс из калтырган.

Сүйөркулов Аскар (1916-2005)



1916-жылы кыргыздардын башына ааламат күн түшүп, көпчүлүк Үркүнгө качкан маалда жарык дүйнөгө келген. Атасы Сүйөркул мал-мүлкү көп бай адам болгон. Совет өкмөтү орногондо мына ушул байлыгы үчүн ал кулакка тартылып, бирок кандайдыр бир себептер менен тез эле кайтып келген да эски Кочкор-Ата айылында ал үй-бүлөсү менен жашап калышкан. Сүйөркулов Аскар бир үйдө үч бир тууган тарбияланышкан. Ал бир туугандарынын эң улуусу болгон. Ошентип, анын балалыгы Совет өкмөтү орноп, анын таасири кеңири тарай баштаган учурга туш келген.

Мектепте окубай калганы менен балалыгынан тың, жигердүү өскөндүктөн турмушка жарамдуу болчу. Эл ак-караны таанып, Совет өкмөтү колхоздорду уюштурган учурда ал жаштыгына карабастан кара жумушка бат аралашып, колхоздо иштеп калган. Керээлиден кечке талаада тыным албай, үзүрдүү иштеп, эгин эгип, эгин жыйноо өнөктүктөрүндө жакшы эмгектенгендиктен бат эле оозго алына баштаган. Колхоздун кандай жумушу болбосун так аткарып, жоопкерчилик менен иштей билгендиктен, тез эле көзгө көрүнүп, андан соң, колхоздун мал чарбасында иштеп калган. Алгач малчылык кесипти аздектеп, кийинчерек чабандык кесипте жигердүүлүк менен иштеп келген. Карамагындагы койлорун мыкты асырап, ар жүз баш койдон 125тен ашырып козу алган. Анын жигердүү эмгеги менен мындай көрсөткүчтөр жыл сайын кайталанган. Койлордон төл алууда эмгектик ийгиликтерди камсыз кылгандыктан, алдыңкы чабан аталып, колхоз жетекчилиги тарабынан кийин ага жылкы багуу тапшырылган. Жылкычылык кесипти да бат өздөштүрүп, мында да жетишкендиктерди жараткан. Эмгектеги жараткан эң жакшы ийгиликтери үчүн дайыма колхоз жетекчилиги тарабынан алкыш алып, баалуу сыйлыктар менен сыйланган. Ал өзүнүн баа жеткис кайратман эмгегин жалаң колхоздо мал чарбасынын өнүгүшүнө арнап келген.

Сүйөркулов Аскар бактылуу үй-бүлө күтүп, 6 уул, 2 кыздын камкор атасы болгон жана аларды татыктуу тарбиялап, турмуштан өз ордуларын табууларына колдоо көрсөткөн.

Бул инсан кадыр-баркы менен дөөлөттүү жашоо кечирип, 2005-жылы 92 жашында дүйнө салган.

Абдымомунов Оморбай (1916-1999)



(Сүрөттө оңдо)

1916-жылы Үркүн мезгилинде Кылада туулган. Ата-энеси Абдымомун менен Анаш кедейчиликти башынан кечирип, турмуштун оор сыноолорунда жашашты. Бай-кедей доору аларды да татаал турмушка кабылткан. Мына ушулар жана наристе Оморбай сыяктуу балдардын бактысына бир жылдан соң, В.И. Ленин башында турган Улуу Октябрь революциясынын аппак таңы атып, анын таасири бул аймакка кечигибирээк кеткен. Совет бийлигинин шарапаты менен окуу эмне экенин билбеген Оморбай өңдүү жаштар үчүн турмуш даңгыр жол салып берди. Ал да мектепке барып, кат-сабатын жоюп, билимге ээ болду.

1936-жылдын эрте жазында Советтик Армиянын катарына чакырылып, үч жыл кызмат өтөгөндөн соң, фин согушу башталып, ага катышты. Анан эле Германия СССРге кол салып, кан майданда от кечип калды. Жоокердик милдетинин тогуз жылынын алты жылы согушта өттү.

Анын эки бир тууганы Анарбай менен Сыдыкбай да Ата Мекендик согушка катышып, алар кайра кайтпай калды. Эр жеткен үч баласы бирдейинен апааттуу урушка кетип, анысы аз келгенсип, эки баласын жоготуп, атасы Абдымомун биротоло мүгдүрөп калды. Оморбай Абдымомунов 1945-жылдын кеч күзүндө Жеңиш менен айылына кайтып келди. Ошол кезде кыйынчылыкты тартып, жашы да өтүп, каныгып калган учуру эле. 1947-жылы өзүнчө үй-бүлө күттү. Жубайы Зулфия Совет мектебинде окуп, болгондо да эң мыкты окуган. Мугалим болбой калган учурда окуучуларга сабак да берчү тура. Ошондой зирек өскөн кыз турмушту да бир калыпта алып кетти. Ал жолдошуна эң жакшы жар болуп берди. Өз алдынча да билим алып, китептерди үзбөй окуган, турмушка, заманга болгон өзүнчө көз карашы терең зайып эле.

Ал эми Абдымомунов Оморбай согуштан келгенден кийин Калинин атындагы колхоздо бригадир болуп иштеди. Кийин гидротехник кызматын аркалап, пенсияга чыккандан кийин да, 1985-жылга чейин адистин жоктугунан мына ушул милдетин аткарып келди.

Анын согуштагы көрсөткөн эр жүрөк аракети 1947-жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы эмгектеги арыкчылыгы үчүн», 1967,1995-жылдары «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 20,50, 1989-жылы «СССРдин куралдуу күчтөрүнө» 70 жыл медалдарга татыктуу болду.

Бул инсан жубайы Зульфия менен ынтымактуу жашоо кечирип, беш кызга, эки уулга татыктуу ата болду. Азыр 23 небере, 36 чебере анын өрнөктүү өмүрүн улам келет.

Ал 1999-жылы жарыкчылык менен биротоло коштошту.

Мамыров Абдираим (1916-1975)



1916-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал мектепте окуп, 7-классты бүтүргөн. 1939-жылдан тарта жоокердик милдетин өтөгөн. Дал ошол мезгилде 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, кайрадан кан майданда эл-жеринин тынчтыгы үчүн салгылашкан. Ал согуш учурунда ар кандай сыноолордо өзүнүн Ата Мекенин коргоодогу жоокердик чыныгы эрдиктери менен ийгиликтүү өткөн. Ошол себептүү ал КПССтин катарына кабыл алынган. Ал майданда 1946-жылга дейре болгон.

Согуштан кийин бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө активдүү катышкан. 1940-1950-жылдары Каганович атындагы колхоздо башкы эсепчи,1950-1952-жылдары колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары,1952-1954-жылдары бригадир,1954-1956-жылдары Ленин районундагы Бирлик колхозунда партиялык уюмдун катчысы,1956-1961-жылдары Хиля колхозунда пахта бригадири, 1961-1964-жылдары Калинин атындагы колхоздун төрагасынын орун басары, 1963-1973-жылдары гидротехник болуп эмгектенген.

Анын согуштагы көрсөткөн эрдиктери мамлекет тарабынан сыйлыктарга татыган. 1944-жылы «За оборону Сталинграда», «Ата Мекенди коргоодогу каармандыгы үчүн», «Рейстагды алгандыгы үчүн», 1945-жылы «Кенисбергди алгандыгы үчүн», ошол эле жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиш », 1949-жылы «За боевые заслуги», «За отвагу», 1965, 1970-жылдары «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин 20, 25 жылдыгы, 1969-жылы «СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн 50 жылдыгы»,1970-жылы В.И.Лениндин туулган күнүнө карата «Эмгектеги күжүрмөндүүлүгү үчүн» медалы, Ленин ордени менен сыйланган. Душмандар басып алган шаарлар менен кыштактарды бошотуудагы эң мыкты күжүрмөн эрдиктери үчүн Советтер Союзунун башкы командачысы, Маршал Сталинден көптөгөн жолу алкыштарды алган.

Анын колхоз өндүрүшүндөгү талыкпаган эмгеги элдин ишенимин арттырып, 1967, 1971-жылдары Кыла селолук Советине депутаттыкка шайланган.

Ал натыйжада, Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки мезгилде колхоз өндүрүшүнө активдүү катышкан. Калинин атындагы колхоздун экономикасын жогорулатуудагы анын эмгеги чоң болгон. 1975-жылдын 18-ноябрында ааламдан өткөн. 2010-жылы эл депутаттарынын Ноокен райондук кеңешинин депутаттарынын чечими менен бул инсандын ысмы Бостон айылындагы көчөгө берилген.

Кубатов Мейманкул (1918-1991)



1918-жыл Бүргөндү аймагынын Кызыл-Кыя айлында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып,1926-жылы Кызыл-Кыя айылындагы мектепке кирип, окуган. 1933-жылдан Жалал-Абад шаарындагы педогогикалык окуу жайына тапшырып, бүтүргөндөн кийин, мектепте мугалим болуп эмгек жолун баштаган.

1938-жылдан Советтик Армияга чакырылып, жоокердик кызмат өтөөсү аяктагандан кийин Улуу Ата Мекендик согуш башталып, Белорус фронтунда атчандар двизиясында калып кеткен. Ошол мезгилде Белорус фрондунда кызмат өтөгөндөрдүн ичинен үчөө гана кыргыз болгон. Согуш жүрүп жатканда денесинин көп жерине ок тийип, бутунун манжалары иштебей калган.

Согуштан 1942-жылы күзүндө кайтып келгенден кийин Ыктыярдуу Отряд түзүлгөндө анын катарына кошулуп, согуштан качкандарды органдарга өткөрүшкөн. Ошол кезде уурулар да көбөйгөн. Бир курдай Меңдибай карыянын жалгыз уюн уурдап, камыштын арасында бекинип жаткан жеринен анын каршылык көрсөткөнүнө карабай кармап, уйду ээсине тапшырган.

Согуштан кийин 1946-1948-жылдары Калинин атындагы колхоздо финагент (салык кызматкери) болуп эмгектенген. 1950-1953-жылдары партиянын Ленин райондук комитетинде инструктор болуп иштеген. Бар болгону 7-класстык билими болгондугуна карабастан, анын жигердүү, уюштургуч эмгеги бааланып, комсомолдун Ленин райондук комитетинин биринчи катчылыгына шайлашкан. 1962-1964-жылдары Ленин райондук керек-жарак коомунун Бүргөндү, Кыла участкаларында соода түйүндөрүн жетектеген.1965-жылдан тартып, Калинин атындагы колхоздун №1-бригадасын башкарган. Пахтачылыктагы №1,2,3-бригадаларын жетектеген. Эмгектеги ийгиликтери үчүн «Москвич-407» жеңил унаасы менен сыйланган. Ал пахтачылыкты мыкты өздөштүргөн тажрыйбалуу дыйкан-адис болгон. 1966-жылы «Пахтаны азыктандыруудагы биздин тажрыйба» аттуу китепчеси «Кыргызстан» басмасынан басылып чыккан. 1972-жылы колхоздун дың жерин өздөштүрүүгө катышкан. Кийин район боюнча көрсөтмө иретинде ар колхоздон экиден адам кошуп түзүлгөн бригаданы жетектеп, Токтогул районунда эки жыл иштеп, жер иштетүүнүн жолун үйрөтүп келген. Колхоз тарабынан Оренбургга тоют даярдоого жөнөтүлүп, ал жерде эки жылдан кем эмес иштеген. Пенсияга чыккандан кийин да Майлуу-Суу каналынын жээгинен эки гектар жерди өздөштүрүп, суулу аймакка айландырышкан. Эмгек жолунун акыркы жылдарында элдин суранычы менен пахта кабыл алуу пунктунда таразакеч болуп иштеп жүрүп, кадырлуу эс алууга чыккан.

3 уул, 5 кызга жана 11 небереге кадырлуу ата болгон. 9 чебереси бар. 1991-жылдын 16-февралында 72 жашында дүйнө салган.

Жүдөмүшов Токтор (1916-2002)



(Жүдөмүшов Токтор ортодо).


1919-жылдын 22-февралында Базар-Коргон районунун Беш-Бадам айылында төрөлгөн. Кийинчерээк бул инсандын айтымына караганда жашы жетип мектептин босогосун аттап, мугалимдеринин таалим-тарбиясын алып, 5-класска чейин окуган. Балалыгы артта калып, чыйрак өскөн өспүрүм жигиттик куракка келип, комсомолго кабыл алынган. Ар тараптан жөндөмдүү жаш жигит бул уюмдун алдыңкы мүчөсү болгон. 1939-жылы Советтик Армиянын катарына жоокердик кызмат өтөөгө чакырылып, кайтар кезде капысынан немецтик баскынчылар СССРге кол салып, Улуу Ата Мекендик согуш башталып, жоокердик милдетин кан майданда улантууга туура келген. Дароо аткычтар фронтунда кызмат өтөп, немецтер басып алган айылдар менен кыштактарды бошотууга катышкан. Кулак тундурган ок жааган кан майдандагы салгылашуу мезгилинде денесинен жарадар болгон. Госпиталда жатып, дарыланып, кайрадан согушка кирген. Немецтик фашизмдин үстүнөн болгон Улуу Жеңишке каармандыгы менен салым кошкон. Жеңиш орногондон кийин да жоокердик милдетин өтөөсүн улантып, 1946-жылы өз айылына кайтып келген. Ошол кезде тылда колхоз жумуштары карылар менен аялдардын жана өспүрүм балдардын колунда калып, өндүрүш аксап турган. Мына ошондуктан, Токтор Жүдөмүшов да өзү сыяктуу майдандаштары менен чогуу бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө салым кошуп, колхоздун жумуштарында эмгектенген.

Токтор Жүдөмүшов Улуу Ата Мекендик көрсөткөн эрдиги үчүн «Ата Мекендик согуштун катышуучусу», «Жуков», «1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 50,70 жылдыгына карата медалдар менен сыйланган. Ага СССРдин Куралдуу күчтөрүнө 70 жыл, В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалдары да ыйгарылган.

Колхоз өндүрүшүндө өзүнүн карапайым эмгеги менен айыл чарбасын көтөрүүгө катышкан. Айылда ал өзүнүн инсандык сапаттары менен да урмат-сыйга татыган. Акыркы мезгилде карылыктын доорун сүрүп, дөөлөттүү жашоо кечирген. Үй-бүлө күтүп, үч кыз, эки уулдуу болгон. Азыр андан 25 небере, чебере тараган.

2002-жылдын 6-ноябрында орозо башталып, ал он күн орозо кармаган. Ооз ачардан кийин кечинде тарава намазын окуп, бүтөрү менен жайнамаздын үстүндө 16-ноябрда дүйнө салган. Бул инсандын жайнамаз үстүндө, болгондо да ыйык Орозо айында дүйнө салышына баа бергендер мындай жагдай өтө аз боло тургандыгын, бул инсандын кудай сүйгөн пенде экендигин, жакшы адам катарында мындай адамдар бейишке чыгаарын айтышкан.

Эргешов Тешебай (1920-1998)



1920-жылы 12-январда Ош областынын Ленин районуна караштуу Кыла айылында кол өнөрчүлүктү аздектеген устанын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Атасынын жанында жүрүп, андан устачылык өнөрдү үйрөнүп алгандыктан, балалыгынан кол өнөрчүлүк менен алектенген. Жаш жеткенде мектепке барып, грамматикага кызыккан жана жакшы окуган. Ал кесиби боюнча мугалим болгон. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине чейин Каганович атындагы орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. Ошол кездеги Калинин атындагы колхоздо биринчи мугалим мына ушул Тешебай Эргешов болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш башталган кезде эл-жерин душмандардан коргоо максатында мугалимдик кесибин курал менен алмаштырып, кан майданга жөнөөгө туура келген. Анткени, ошол кезде бардык эр азамат жигиттердин Мекенди коргоодон артык милдети жок болчу. Ошентип, 1941-жылдын 10-январында Тешебай Эргешов Советтик Армиянын катарына жоокердик милдетин өтөөгө чакырылган. Кандуу согуш ааламатын өз башынан кечирген кыргызстандык жигит 1941-1945-жылдары от күйгөн майданда салгылашып, эл күткөн жеңиштин жергебизде биротоло орношуна өз салымын кошкон.

Согуш апааты бүткөндөн кийин ал Коми АССРинин Сыктывкар шаарына экспедитор болуп иштегени кеткен. Дал ушул жерден ал болочок жубайы Людимила Николаевна Тимушева менен таанышкан. Сыктывкар шаарынан кайтып келгенден кийин ал Калинин атындагы колхоздо техник, андан соң ветеринар болуп эмгектенген.

1971-жылы эмгектеги эң мыкты көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн Ленин райондук эксплуатациялоо участкасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 1977-жылы карапайым кесип ээсине «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылган.

Тешебай Эргешов Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөн эрдиги үчүн 1979, 1989, 1995-жылдары «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 30,40, 50 жылдык, 1980, 1989-жылдары «СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн» 60, 70 жылдыктарына карата медалдар менен сыйланган. Бул инсан 1985-жылы экинчи даражадагы «Ата Мекендик согуш» орденине татыктуу болгон.

Тешебай Эргешов өзүнүн жубайы менен кырк жети жыл бирге ынтымактуу жашоо кечирип, сегиз кыз, үч уулдуу болгон. Бул инсандын артында из калтырып, 21 небере, 45 чебере жарыкчылыкка келген. Анткени, ал 1998-жылдын 9-июнунда бул аалам менен коштошкон.

Борбиев Үркүнбай (1920-1978)



1920-жылы Майлуу-Суунун Сары-Бээ айылында туулган. Ошол мезгил Улуу Октябрь революциясы орноп, калктын сабатсыздыгын жоюу, андан кийин артелдерди, колхоздорду уюштуруу саясаты жүрүп, эл жаңы жашоого кадам таштай баштаган убак эле. Бирок, жаңы замандын орношу жеңил болгон эмес.

Элдин жашоосу калыпка түшүп, карапайым адамдар эркин турмушта өмүр кечирип, колхоздор өнүгүүгө бет алган убакта капысынан Советтер Союзуна Германиянын кол салышы, элдин үрөйүн учуруп, бир заматта асманды кара туман каптап, Мекенди душмандардан сактап калуу ыйык милдет болуп турган. Ошол кезде бул ааламат кыргыз жигиттеринин катарында Үркүнбай Борбиевдин да кан майданга өз эркы менен аттанышына түрткү болгон. Натыйжада,1942-жылы июнь айында Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, баскынчылар басып алган шаарларды, кыштактарды бошотууга күжүрмөндүүлүк менен катышкан. Өзү сыяктуу майдандаштары катарында анын да жүрөгүндө Ата-Журттун бекемдиги, элдин тынчтыгы үчүн « кан-жанымды аябаймын» деген патриоттук сезим оргуштап турган. Душмандар менен аеосуз салгылашуу жүрүп жаткан учурда капысынан ок тийип, 1943-жыл оор жарадар болуп, госпиталга жеткирилген. Бул жерде айыгып чыкканы менен биринчи топтогу майыптык берилип, кайрадан согушка кирүүгө мүмкүн болгон эмес. Ошондуктан дарылангандан соң, өз жерине жөнөтүлгөн.

1943-жылы согуштан кайтып келгенден кийин Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздо иштеп жылкы фермасын башкарган. Андан соң, уй фермасына башчылыкка дайындалган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында колхоздо кассир болуп эмгектенген.

Согушта көрсөткөн күжүрмөн эрдиги үчүн «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 20, 30 жылдык, СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн 50 жылдык, В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата, көп жылдык үзүрдүү эмгеги үчүн «Эмгек ветераны» жана ушул сыяктуу медалдар менен сыйланган.

Бул инсан татыктуу жашап, өмүрүнүн акырына чейин дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирген. Ал татыктуу үй-бүлө күтүп, төрт уулдуу болгон. Азыр анын артында 15 небере, 15 чебере бар.

1978-жылы 7-декабрда 58 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Кийин Момбеков айыл өкмөтүндө көчөлөрдүн бирине бул инсандын ысмы ыйгарылган.

Мамажанов Абдипатта (1921-1994)



Оңдон экинчи

1921-жылы Өзбекстандын Пахта-Абад районундагы Чоома кыштагында туулган. Өз сабатсыздыгын жоюуну максат кылган өспүрүм мектептин босогосун аттап, 7-класс билим алган.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал жыйырма жаштагы кырчылдаган жапжаш жигит болчу. Ошол кезде Мекенин баскынчылардан коргоо максатында өз жүрөгүнүн каалоосу менен кан майданга аттанган. Немецтерден Сталинград шаарын бошотууда айыгышкан салгылашууда көкүрөгүнө жарылган минанын чачырандысы тийип, оор жарадар болгон. Ошол жерден госпиталга жеткирилип, дарыланып жаткан. Госпиталдан чыккандан кийин кайрадан салгылашууга мүмкүн болгон эмес да, 1943-жылы өз айылына жөнөтүлгөн.

Денесинде осколканын калдыктары калып, анын ден соолугуна таасирин тийгизген. Саламатчылыгына карабастан, Каганович атындагы колхоздо бригадир болуп иштей баштаган. Кийин Каганович, «Коммунизм» колхоздору биригип, Кыла колхозу түзүлгөндө колхоз бул чарбанын өндүрүшүнө катышкан. Иштеп жүрүп, Оштогу эсепчилерди даярдоочу курста окуп, адистикке ээ болгон. Кесип алгандан соң, Калинин атындагы колхоздо кассир, эсепчи болуп эмгектенген. Анын жер иштетүүдөгү тажрыйбасын эске алышкан колхоздун жетекчилери кайрадан бригада башчылыгына дайындашкан. Ал бул жумушунда эс алууга чыкканга чейин иштеген.

Анын Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөндүүлүгү үчүн Германиянын үстүнөн болгон Улуу Жеңиштин юбилейлик медалдары жана төш белгилери менен сыйланган.

Үй-бүлө күтүп, жубайы Сабира менен 49 жыл бирге өмүр сүрүп, 14 бала көрүшкөн. Алардан үч уул, эки кыз аман калган.

1994-жылы 73 жашында дүйнө салган бул инсандын артында азыр 23 небере, 50дөн ашык чебереси өсүп, жетилип келатат. Бирине чоң ата, башкасына таята болгон бул инсан туурасында «биздин чоң атабыз, же таятабыз согушка катышып, эрдиктерди көрсөткөн»,-дешип мактануу менен айта алышат.

Найманов Асылбек (1922-1989)



1922-жылы 5-апрелде Жалал-Абад облусунун Ленин районундагы Кызыл-Алма айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1933-жылы айылдык мектептин 4-классын бүтүргөн.

1938-жылы март айларында Кыла айылына келип айыл чарбасында эмгек жолун баштаган. Өз билимин өркүндөтүү максатында Жалал-Абаддагы зооветеринардык окуу жайына кирип, 1940-жылы аяктаган. Ошол 1940-жылдан баштап, Кыла айылында мал доктур болуп иштеген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 1941-жылы Найманов Асылбек да эл-жерин баскынчылардан коргоо үчүн кан майданга аттанган. Согушта чалгынчы болгон, душмандарга каршы советтик жоокерлер менен Калининград багытында салгылашкан, кийин Украинанын согуш талаасында гранатанын сыныгы тийип, катуу жарадар болот. Саратов облусунда аскердик госпиталда дарыланып, 1943-жылы декабрь айында кайрадан согушка кирген. Ал согуш учурунда Советтик күжүрмөн аскерлер менен бирге душмандарды сүрүп, Германиянын Кенигсберг шаарына чейин барып, жеңишке күбө болуп кайткан.

Найманов Асылбек 1945-жылы сентябрда элине кайтып, эмгек жолун улантканкан. Ошол күндөн баштап колхоздо мал доктур, кампачы болуп иштеген. Көп жылдар бою №4-бригадага бригадир болуп, пахтадан мол түшүм алып, эмгектенип алдыңкылардан болгон. Социалисттик Эмгектин Баатырлары-Юсупжан Момбеков, Эшенкул Жусупов менен бирге дың жерлерди өздөштүрүүгө өз салымын кошкон.

Майлуу-Суу өрөөнүндө “Достук” каналын куруу боюнча идея көтөрүп, ошол каналды курдурууга активдүү катышкан. Найманов Асылбек кийин колхоздун башкы мурабы болуп иштеген. Эмгеги өз убагында бааланып, Ардак грамоталар менен сыйланган. Ал эми 1970-жылы В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата “Эмгектеги кааркандыгы үчүн” медалы менен сыйланган.

Ал беш уул, үч кызды татыктуу тарбиялады. Эл ичинде өмүрүнүн акырына -1989-жылы бул ааламдан кеткенге чейин туура, калыс сүйлөп, жаштарга насаатын айтып, кадырлуу карыя болду. Элибиз бүгүнкү күнгө чейин анын атын урмат-сый менен эскерип келет. Ал адамдын мүнөзү, ак эмгеги, жөнөкөй жүрүм-туруму дайыма элинин эсинде сакталат.

Кошоев Эсенбай (1922-2005)



Кошоев Эсенбай 1922-жылы 6-сентябрда Ленин районунун Мойнок айылында туулган. Балалыктын ар кандай ирмемдерин мына ушул айылда өткөрүп, ата-энесинин мээрими менен чоңойгон. Азыркы Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу Жазгак айылындагы мектептен 4-класстык билим алган.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал он тогуз жаштагы жигиттик куракта болчу. Ааламат күч алган мезгилде 1943-жылы эл-жерин баскынчылардан коргоого ал да кан майданга чакырылган. Ал жерде аткычтар дивизиясында кызмат өтөгөн. Андан соң, пулемотчу болуп, согуш апаатынын оор учурларын башынан өткөргөн. Элдин тынчтыгы үчүн кан жанын аябай согушкан. Эсенбай Кошоев оор салгылашуу учурунда капысынан немецтерге колго түшүп, туткунга алынган. Советтик жоокерлер немецтик фашизмди жеңгенде душманга колго түшүрүлгөн жоокерлердин катарында ал да бошотулган. Ошентип, ал немецтик баскынчылардын үстүнөн болгон Улуу жеңиш орногондон кийин өз айылына кайтып келген.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Кошоев Эсенбай эр жүрөктүүлүгү үчүн 1943-жылы «»За отвагу» медалы менен сыйланган. Ал өз жерине кайтып келгенден кийин ар бир жеңиш майрамында көңүл сыртында калган эмес. « 1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 30,40,50,60 жылдык медалдарына татыктуу болгон. Ага « Жуков» медалы да ыйгарылган.

Ал согуштан кайткандан кийин эл чарбасын калыбына келтирүү жумуштарына активдүү катышкан. Колхоздун кой-товар фермасында учетчик болуп иштеген. Андан соң, алгач жылкы фермасынын башчылыгына дайындалган. Ал эми кийин сүт товар фермасын башкаруу жоопкерчилиги жүктөлүп, мына ушул кызматтарда ар-намыстуулук менен эмгектенген. Жайын-кышын мал чарба фермаларында иштеп, бул тармактын өнүгүшүнө салым кошуп келишкен. Айыл чарбасында иштеп, 11 жыл бригада башкарган. Эмгектеги ийгиликтери үчүн В.И.Лениндин туулган күнүнүн 10 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган.

Жубайы Айшакан экөө ынтымактуу жашоо кечирип, төрт уул, беш кызга чыныгы ата-эне болушкан. 36 небере, 38 чебереге кадырлуу чоң ата, таята болду.

Улуу Ата мекендик согушта кан кечип, кыйынчылыкты башынан кечирсе, өз жерине келгенде үзүрдүү иштеп, эмгегинин ырахатын көрдү. Уул-кыздарын татыктуу тарбиялады. Азыр ар баласынын турмуштан тапкан өз орду бар.

2005-жыл 84 жашында дүйнө салды.

Арапов Ташмат (1923-1998)



1923-жылдын 15-августунда Ош областынын Ленин (ал кезде Масы) районуна караштуу Кыла селолук Советинде туулган. Жаңы заман келип, жерлер ортого алынып, колхоздоштуруу учуру кызуу башталган учурда мектептин босогосун аттап, жетинчи класс билим алган.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 16 жаштагы өспүрүм болгон. 1942-жылы 17 жашка чыкканда эл-жерин душмандардан коргоого кан майданга аттанган. Өзүнүн чыныгы жоокердик сапатын көрсөтө алган кыргыз жигити бөлүмдүн командирине чейин жеткен. Немецтер баскынчылык менен тартып алган шаарларды бошотууда күжүрмөндүүлүк менен салгылашкан. 1943-жылы согуш талаасында сол колунан жарадар болгону менен госпиталда дарыланып, айыккандан кийин кайрадан урушка кирген. Улам бир шаарды бошотуп, кийинкисине кайра жөнөп, немецтерди сүрүп олтуруп, Берлинге чейин барган. Ал 1945-жылы Жеңишти Берлинде тоскон. Бирок, жеңиш орноор замат өз жерине жөнөтүлгөн эмес. Жоокердик милдетин 1947-жылга чейин улантканы, кыскасы 6 жыл согушта болгон.

1947-жылы өз айылына келгенден кийин Каганович атындагы колхоздо пахтачылык бригадасын жетектеп, аны 17 жыл башкарган. Кийин тоют бригадасын жетектеп, Ленин райондук суу чарба башкармасында гидротехник болуп эс алууга чыкканга дейре иштеген.

Ал дайыма сыйдын үстүндө жүргөн. Жеңиштин юбилейлик майрамдарында Москва шаарында өткөн Жеңиш параддарына нечен курдай чакырылган. Ошол кезде майдандаш досторуна жолугуп, ар бир барышында Кремлдин жанында жана башка тарыхый жерлерде сүрөткө түшүшкөн.

Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн «За отвагу», 1944, 1945-жылдары 3,2-даражадагы «Даңк» ордендери, 1945, 1946-жылдары «Немецтик фашизимдин үстүнөн болгон жеңиш үчүн», «Берлинди алгандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган. КПССтин катарына кабыл алынып, ишенимдүү мүчөсү болгон.

Үй-бүлө күтүп, аялы Насип менен 50 жыл ынтымактуу жашоо кечирип, 4 уул, 3 кыздуу болушкан. Эгерде азыр тирүү болгондо 26 небере, 41 чебере көрүп, бактылуу карылыктыбаштан кечирип олтурмак. Бирок, Арапов Ташмат 1998-жылдын 22-декабрында 75 жашында дүйнө салган. Бул инсандын басып өткөн эмгек жана согуштук жолу жаштарга үлгү. Ошондуктан, кийинкилерге өрнөк болсун деп, мындай кадырлуу инсандын ысмы көчөгө коюлган.

Жолдошов Каримжан (1923-1991)



1923-жылы Өзбекстандын Пахта-Абад районунда туулган. Турмуш шартына байланыштуу мектепте окубай калган.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 18 жаштагы эми гана өсүп келаткан жапжаш жигит болгон. Бирок, жаштыгына карабай Ата Журтту баскынчылардан коргоого чакырылып, ал өзүнүн жоокердик милдетин каармандарча өтөгөн. Душмандар басып алган шаарларды бошотууга катышып, алгачкы оор салгылашууларда болуп, акыркы мезгилде душмандар жеңиле баштаганда аларды артынан кубалап олтурушуп, советтик жоокерлер Германиянын чек арасынан өтүп, Берлинге чейин барып, ошол жерде жеңиш туусун илишкен. Мына ошол жоокерлердин катарында Жолдошов Каримжан да болгон.

1945-жылы ал Жеңиш менен кубаныч артып, өз айылына кирип келген. Анын аман келиши үй-бүлөсү үчүн эбегейсиз чоң бакыт эле. Анткени, айылдаштарынын арасынан да согушта курман болуп, өз элине келбей калган жоокерлер болгон.

Айылга келгенден кийин Калинин атындагы колхоздо сугатчы болуп иштеген. Жөнөкөй тил менен айтканда сугатчылык жөнөкөй иштей эсептелгени менен устаттын устаты гана өсүмдүккө кандыра суу тарай алган. Айдын жарыгында өсүмдүктөргө суу коюп, күндү күн, түндү түн дебей, колхоз ишине эмгегин жумшаган. Андан соң, тамеки, пахтачылык бригадаларында звено башкарган. Тамеки өсүмдүгү кеңири тараганда ал мына ушул өсүмдүктү эгип, мамлекетке кургатылган таңгак-таңгак тамеки тапшырды. Акыркы мезгилде жибек куртун багып, планын 200 пайыздан ашырып аткарды. Бул жумуштарда аялы Көпайсин дайыма чогуу иштеди.

Каримжан Жолдошов жубайы Көпайсин менен ынтымактуу жашоо кечирип, таалайлуу балдардын ата-энелери болушкан. Бул үй-бүлөдө төрт кыз, үч уул жарык дүйнөгө келип, алардын мээрими менен өсүп-жетилишти. Каримжан Жолдошевден 30 небере, 50дөн ашык чебере тараган.

Ал Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, майыбы болгон. Бирок, майыптыгы боюнча алган пособиесин алуудан баш тарткан. Кийин пенсияга чыкканда гана бешене теринен табылган каражат катарында ала баштаган.

Ал 1991-жылдын 18-июлунда 68 жаш курагында жарыкчылык менен коштошту.

Орозбеков Абдыкадыр (1924-2004)



1924-жылы 1-майда Кыла айылында туулган. Балалыгы ошол кездеги кыйынчылык кырдаалга туш келди. Жашы жетип, окууга дилгир болгон бала мектептин босогосун аттап, 7 жылдык билим алган.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы Орозбеков Абдыкадыр сыяктуу мекенчил жигиттерди кан майданга барышына мажбур кылган. Ошол кезде ал он жети жашта болчу. Смоленск шаарын баскынчылардан бошотуу учурундагы каардуу согушта анын сол бутуна ок тийип, талаа госпиталында операция жасалган. Кийин аны аскердик госпиталга жеткиришип, жарадар бутунун сөөктөрүн тазалап, кайрадан операция жасашкан. Кийин айылга келгенде айтып жүрчү экен: « мен эки жолу төрөлгөнмүн» деп. Ошентип ал, 1942-1943-жылдары кан майданда эл-жерин баскынчылардан коргоодо баатырларча салгылашкан.

Орозбеков Абдыкадыр биринчи топтогу майыптык алгандан соң, 1943-жылы өзүнүн киндик каны тамган айылына кайтып келген. Бирок ал ден соолугуна карабастан, колхоз жумушуна аралашпай кое алган эмес. Алгач дан эгиндеринде учетчик болуп иштеп, кийин саан фермасында учетчиктик жумушту аткарган. Ал он сегиз жыл мына ушул кызматты аткарып, кийин автогаражда эмгектенип, 1984-жылы эс алууга чыккан.

2004-жылы 12-майда 80 жашында каза болгон.

Айрыкча анын Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгектери 19 орден-медалдар менен бааланган.1977-жылы СССРдин Жогорку Советинин президиуму тарабынан “Эмгек ардагери” медалы, 1969-жылы СССРдин Жогорку Советинин президиуму тарабынан юбилейлик медаль, 1985-жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 40 жылдыгына карата каармандыгы үчүн “Ата мекендик согуш” ордени, 1968-жылы 12-июнда “За боевые заслуги”, 1967, 1975,1985,1995-жылдары Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 20, 30,40, 50 жылдык, 1969,1978,1988-жылдары СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн 50,60,70 жылдык,1996-жылы “Жуков” медалдары менен сыйланууга татыктуу болгон.

Үч уул, бир кыздын камкор атасы болгон, уул-кыздарынан он беш небере, он алты чебере жарыкчылыкка келген. 2008-жылы Кылга айылындагы бир көчөгө анын ысмы берилген.

Төрөканов Байжигит (1924-2001)



1924-жылы 22-июнда Жалал-Абад облусундагы Ленин районунун Кыла селосунда туулган. Атасы Төрөкан болуш болуп, алар бакыбаттуу жашоо кечиришкен. 1932-жылы атасы Төрөкан болуш атылып, 8 жашында атасыз калган. Бирок, окуп-билим алууну эңсеген өспүрүм мектептин босогосун аттап,1931-жылдан 1934-жылга чейин Масы мектебинде окуган. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу окуусун андан ары уланта алган эмес, бирок, жакшы окуп, билим алгандыктан 11 жашынан эле Каганович атындагы колхоздо буудай бригадасында эсепчи болуп эмгек жолун баштаган. 1941-жылы Масы МТСинен үч ай окуп, трактторист кесибине ээ болгон.


Ошол кезде Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жаткан кез эле. Эр жигиттик куракка келген согуш эмне экенин билбеген жаш жигит -Байжигит Төрөканов да 1942-жылы июль айында жоокердик милдетин өтөө үчүн чакырылып, согуш оту күйгөн кан майданга аттанган. Самарканда үч айлык даярдоодон кийин согуш талаасына жөнөтүлүп, Сталинград салгылашуусуна катышкан. Ошол мезгилде эки ири мамлекеттин ортосунда айыгышкан согуш күч алып, советтик жоокерлер үчүн «душманды жеңебиз» деген патриоттук сезим күч алган. Алардын катарында Байжигит Төрөканов да болгон. 1944-жылы Воронеж облусундагы салгылашууда капысынан денесинен оор жарадар болуп, госпиталга жеткирилгген. Ошол жерде ага согуштун экинчи топтогу майыптыгы берилип, өз жерине кайтарылган . Келери менен өндүрүшкө катышып, 1946-жылдан 1956-жылга чейин Ленин районунун Каганович атындагы колхоздо айыл чарбада ар кандай жумуштарды аркалаган. Негизинен ал эсепчилик, бригадирлик милдеттерди аткарган. 1956-жылдан 1958-жылга чейин Калинин атындагы колхоздун мал чарба фермасынын башчысы, 1958-жылдан 1962-жылга дейре кой чарба фермасынын башчысы болуп эмгектенген. 1962-жылдан 1964-жылга чейин Ленин районунун салык бөлүмүндө салыкчы болуп, Карл Маркс, Калинин, Рахмандан атындагы колхоздорун тейлеген. 1964-жылдан 1984-жылга чейин Калинин атындагы колхоздо улуу эсепчи болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи топтогу майыбы, согуштун ардагери Төрөканов Байжигит согуштун “Даңк” ордени жана ондогон медалдары менен сыйланган.

Жубайы Төрөканова Инаят көп бала багып-өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» ардактуу наамына ээ болгон. Алар он баланы тарбиялап, атайын орто жана жогорку билим алууга камкордук көрүшкөн.

Бул инсан 2001-жылдын 21-июнда дүйнө салган.

Анарбаев Аким (1924-2000)



1924-жылы Кыла селолук Советине караштуу «Коммунизм» айылында жарык дүйнөгө келген. Мезгилдин шартына ылайык мектепке окууга киргени менен бар болгону 2-класстык билим алууга жетишкен. Андан кийин окуусун улантууга мүмкүнчүлүк болбой калган. Эс тарта баштаганда эле жаш кезинен колхоз ишине аралаша баштаган.

1941-жылы немецтик фашизмдин Советтер Союзуна кол салаары менен 15 республикадан билегинде күчү бар кайраттуу азаматтардын баары согуш талаасына аттанышкан. Алардын улуттары ар башка болгону менен бир гана максат-душманды Совет жергесинен сүрүп чыгаруу эле. Көп жоокерлердин катарында анын да сезиминде мына ушундай патриоттук дух орун алган. Ал Сталинградды коргоодо өзгөчө каармандык менен салгылашкан. Душманды улам сүрүп олтуруп, советтик жоокерлер Германиянын аймагынан өтүп, Берлинге чейин барышканда, ал да Жеңишти мына ушул жерде тоскон. Ошондогу кубанычты сөз менен айтып түшүндүрүү кыйын эле.

Согуштун алоолонгон оту анын ден соолугуна да залакасын тийгизген. Согушта колуна, сол кулагына, көкүрөгүнө осколка тийип, оор жараланган. Госпиталда дарыланып, айыккандан соң, 1945-жылы өз айылына жеңиш менен кайткан.

Келгенден соң алгач ички иштер кызматында эмгектенген. Андан соң, Каганович атындагы колхоздо кассир кызматын аркалап, кийин кой-товар фермасынын башчылыгына дайындалып, бул кызматын жоопкерчилик менен аткарып, колхоздун кой чарбасынын өнүгүшүнө өз салымын кошкон.

Улуу Ата Мекендик согуштагы денесине алган жарааты анын саламатчылыгына чоң залакасын тийгизип, ден соолугуна терс таасирин берген. Мына ушунун айынан барган сайын саламатчылыгы начарлап, акырында 2000-жылдын 22-мартында бу тирүүлүк менен коштошкон.

Ал согуштун ардагери, кийинки мезгилде колхоз өндүрүшүндө татыктуу иштеген өрнөктүү инсан катарында айылдаштары арасында кадыр-баркка ээ болгон. Өз үй-бүлөсүнүн күйүмдүү адамы, балдарынын камкор атасы болгон. Эки кыз, төрт уулдуу болуп, 26 небере, 10го жакын чебере көргөн.

Субанов Калмамат (1924-2015)



1924-жылы жарык дүйнөгө келген бул инсандын балалыгы кыйын кезеңге туш келип, ошол доору айылда өткөн. Жашы жеткенде мектепке барып, мугалимдеринен таалим-тарбия алып, 1950-жылы Каганович атындагы толук эмес орто мектебин эң жакшы баалар менен аяктаган. Ал балалыгынан зирек, тетик өскөн.

Улуу Ата мекендик согуш башталганда ал он төрт жашта болгон. Ал учурда да колунда байлыгы бар, же кызматта иштеген адамдардын балдары өз бийлигинен жана байлыгынан пайдаланып, балдарын Армиядан алып калууга аракеттенген. Алар жөнөкөй, карапайым адамдардын балдарын Армияга жөнөтүшкөн. Мына ошондуктан Субанов Калмамат да он төрт жашка чыкканда уй фермасынын башчысынын баласынын ордуна жиберилип, эмгек Армиясында кызмат өтөгөн. Билеги күчкө толо элек, али жигиттик куракка жетпеген жаш өспүрүм, өз айылынан, ата-эне мээриминен алыста жоокердик милдетин аткарып, бирок жаш кезинен көзү каныгып, ак-караны таанып, Мекендин ыйыктыгын сезип, жигиттик куракка келгенде айылына кайткан. Бирок, келгенден соң, жашы жетип кайрадан өз ордуна жоокердик милдет өтөөгө чакырылып, Жеңиш үчүн өз салымын кошкон. Ошол кезде ал Казакстанда көмүр кенинде, кийин аэропортто кызмат өтөгөн. Ошентип, ал жоокердик кызматын тогуз жыл өтөп келген.

Өз жерине кайра кайтып келүүсү менен эле Калинин атындагы колхоз өндүрүшүнө катышкан. Алгач сугатчылык жумушту аткарып, кийин тракторист болуп иштеген. Тапшырылган ишти так аткарып, жумуштун жоопкерчилигин жакшы билген Калмамат Субановдун эмгегин баалаган колхоз жетекчилери аны беде, жүгөрү өстүрүү боюнча звено башчылыгына дайындашкан. Бул милдетти да жогорку жоопкерчилик менен аткарып, ал жетектеген звено мүчөлөрү түшүм алууда жакшы көрсөткүчтөрдү жаратышкан.

Эмгеги менен элге таанылган Калмамат Субанов 1960-1977-жылдары катары менен Кыла айылдык Советинде депутат болуп шайланып, калк кызматын да абийирдүүлүк менен аткарган.

Анын Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөн эрдиктери жана колхоз өндүрүшүндөгү кайратман эмгеги баалуу, акчалай жана бир катар өкмөттүк сыйлыктар менен баалангган.

2015-жылы бул инсан бу тирүүлүк менен коштошкон.

Момунов Ажимамат (1924-2012)



1924-жылдын 1-апрелинде Ош областынын Кыла селолук Советинде туулган. Совет өкмөтүнөн кийин элдин сабатсыздыгы жоюла баштаган учурга анын жарык дүйнөгө келген убагы туш болду. Ошол кезде колхоздоштуруу саясаты да кызуу жүрүп, бирдейинен эки саясат-биринчиси жаштарды мектепте тартуу болсо, экинчиси коллективдүү чарбалардын түзүлүшү эле. Бул кезегинде өтө кыйынчылык менен жүрүп, эл татаал тагдырларга туш да болушкан. Ошол учурда ал мектептин босогосун аттап, башталгыч класс билим алган.

1943-жылы Батышта согуш оту алоолонуп күйүп жатканда кан майданга Мекенди коргоого аттанган. Душмандар менен болгон аеосуз согушта эр жүрөктүүлүк менен салгылашып, өз өмүрүн кыюуга да даяр болчу. Бет келген душманды жеңип, батыраак эл тынчтыкка жетишсе деген максат бардык жоокерлердей эле анын да максаты эле. Советтик жоокерлердин катарында ал да душманга тайманбай каршы турду. Мына ошол оор мезгилде катуу салгылашуу учурунда оң колун ок тешип өтүп, сөөгүнө кадалган. Эки жамбашына, ичине осколка тийген, жарадар болуп, госпиталга жеткирилген. Ошол кезде дарыгерлер ага экинчи топтогу майыптыкты беришти. Акыры элдин тилеги кабыл болуп, Советтик Армиянын майтарылбас эрдиги менен душмандарды улам сүрүп, алар ээлеп алган шаарларды бошотуп олтуруп, Берлинге чейин барышкан.

Ал өз жерине Жеңиш менен кайтып келди. Тылда элдин абалы оорлошуп, чарба бүлүнүп калган. Жоокер үчүн үйдө олтурууга болбой турган кез эле. Ал Калинин атындагы колхоздун талаасына чыгып, катардагы колхозчу болуп иштей баштады. Кетменин колуна алып агаттарга суу тарады. Пахта теримине да катышты. Бригадада табелчи болуп иштеди.

Согуштагы көрсөткөн каармандыгы үчүн ага 1965-жылы «1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон жеңиштин» 25 жылдыгы, 1985-жылдын 11-мартында «Ата Мекендик согуш», ошол эле жылы Жеңиштин 40 жылдыгы, 1988-жылы СССРдин куралдуу Күчтөрүнө 70 жыл, 1995-жылы Жеңиштин 50 жылдыгы, 1996-жылы «Жуков», Жеңиштин 60 жылдык медалдары менен сыйланган.

Кең далылуу, булчуңдуу, балбан турпаты бар бул адам бир караганда сүрдүү көрүнчү, мүнөзү курч, сөзүндө турган сапаты болгон. Жашы токсонго келгенде 2012-жылдын 25 мартында дүйнө салган. Бир уулунан 7 небере, 10 чебере жарыкка келген. Жубайы Бааринса менен өмүрлүккө баш кошуп, жетимиш жылга чукул бирге ынтымактуу жашашкан.

Асранкулов Ысмайылжан (1924-2002)



1924-жылы жарык дүйнөгө келген. Жашы жетип, мектепке барып, башталгыч мектепте билим алган. Ошол кезде баары эле бар болгону 4-класска чейин билим алган. Көпчүлүгүнө бир чети андан ары билимин улантууга турмуштук шарт да мүмкүнчүлүк бербеген.

Анын да балалыгы артта калып, жигиттик куракка келгенде капысынан немецтик Германия күтүлбөгөн жерден СССРге кол салып, Мекенди коргоо ыйык милдети пайда болгон. Ошентип, Улуу Ата Мекендик согуш башталганда кыргыз жигиттеринин катарында 1941-жылы ал да кан майданга аттанып, Украина фронтунда Ата Мекенди баскынчылардан коргоо үчүн салгылашкан. Немецтер басып алган шаарларды бошотууда Ысмайылжан Асранкулов да эр жүрөктүүлүгүн көрсөткөн. Ал чалгынчылардын катарында кызмат кылган. Ошол учурда 11 чалгынчы душмандар жайгашкан жерге чалгынга барып, капысынан байкап калышып, немецтердин курчоосунда калышкан. Мына ушундай кырдаалда аеосуз кармаш жүрүп, чалгынчылардын ону душмандардын огунан каза таап, жалгыз өзү тирүү калган. Ошондо оор жарадар болуп, эс-учун жоготуп өзүн билбей жаткан жеринен советтик жоокерлер таап алышып, госпиталга жеткирип, анын өмүрүн сактап калышкан. Ал бир жыл бою жаратынын оордугунан госпиталда дарыланып жаткан. Анткени, башынан оор жаракат алып, денесинин он эки жерине автоматтын огу тийген. Ошондуктан, ал согуш оту өчө электе эле дарылангандан соң, 1943-жылы өз айылына жөнөтүлгөн.

Согуштан кайтып келгенден кийин көп өтпөй «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк мекемесинде, андан кийин курулуш уюмунда мастер болуп иштеген. Мына ушул жерде Майлуу-Суу каналынын курулушуна активдүү катышып, Кочкор-Ата шаарчасындагы курулуштардын курулушунда иштеген. Аталган курулуш уюмунда пенсияга чыкканга дейре эмгектенген.

Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн «1941-1945-жылдардагы немецтик баскынчылардын үстүнөн болгон жеңиштин» 20,25, 30,40,50,65 жылдык медалдары, СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн юбилейлик медалдары, «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган.

Жубайы Максуда менен 52 жыл ынтымактуу жашоо кечирип, төрт уул, төрт кызды эң жакшы тарбиялашкан. 33 небереси, 38 чебереси бар.

2002-жыл 78 жашында жарыкчылык менен биротоло коштошкон.

Чамашов Апсамат (1925-2000)



1925-жылы 3-мартта Кыла селолук Советине караштуу Каганович атындагы колхоздо туулган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал он жети жаштагы курактa болчу. Өтө жаш экендигине карабастан эл башына кыйынчылык түшүп турганда менмин деген азаматтардын катарында ал да кан майданга аттанган. Украина фронтунда аткычтар бөлүмүндө кичи лейтенант аскердик чини менен командирлик кылган. Ал эр жүрөк жоокер катарында өз Мекенинин тынчтыгы үчүн салгылашкан. Андан соң, аткычтар взводунун командири болгон. Советтик Армиянын жеңишке жетиши үчүн Чамашов Апсамат сыяктуу кыргыз жигиттери эр жүрөктүүлүк менен салгылашкан. 1945-жылдын 26-октябрында аскер комиссарынын приказы менен бошотулуп, өз айылына кайткан. Согушта граната жарылып, башынын сол жагына анын чачырандысы тийип, жарадар болгон, ага экинчи топтогу майыптык берилген. Ага «1941-1945- жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин» медалы, Улуу Жеңиштин 25,40,50-жылдык медалдары, В.И. Лениндин туулгандыгынын 100 жылдык юбилейлик, СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдык медалдары менен 1979,1988-жылдары, 1984-жылы «Ветеран труда», 1985-жылы «Ата Мекен» ордени ыйгарылган. Согуштан кайткандан соң, колхоз өндүрүшүнө активдүү катышкан. Колхоздо көп жылдар бригада башкарып, атактуу бригадир болгон. 1967-жылы СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышкан. 1977-жылы Ленин райондук кеңешине депутаттыкка шайланган.

Ал согушка кетип, от күйгөн майданда салгылашып жүргөндө айылда калган жубайына ыр менен жазган катын Тажи эне жаттап калыптыр. Кийин небересине айтып берген. Ошондогу жоокердин ыры:

Армиядан кат жазып,
Бассам-турсам ойлоном.
Азып-жазып ок тийсе,
Өлөмбү деп ойлоном.
Көмүлбөстөн талаада,
Каламбы деп ойлоном.
Кара-кузгун этимди,
Талайбы деп ойлоном.

Айылына кайтып келген Апсамат Чамашов кийин өз жеринин гүлдөп-өсүшүнө өлчөөсүз салымын кошту. 2000-жылдын 17-июнунда 76 жашында бул ааламдан кетти. Анын саламатчылыгынын начарлашына согуштун кесепетинен алган тагынын таасири да болду. Азыр анын тогуз уул, бир кызынан 38 небере, 1 чебереси бар.

Урбаев Токтосун (1924-2010)



1824-жылы 20-майда Жазгак айылында жарык дүйнөгө келген.

Бул инсандын өткөн таржымалына сарасеп сала турган болсок, атасы Токтосун, анын чоң атасы Урбай, Урбайдын атасы Азизалы ажы, Азизалы ажынын атасы Асан бөзчү болгон. Чоң аталары Асан станок менен жиптен бөз токуп, аны сатып, соода-сатык жасаган. Ошол себептүү өз атына кошуп, Асан бөзчү деп аташкан. Анын баласы Азизали болжолдоп айтканда 1950-жылдардан (толук маалыматы жок) кийин туулган. Атасынан калган байлыгы баласына калып, мал, кою, жылкылары көп болуп, бай жашаган. Анын жылкыларынан колунда жок адамдар сурап, күчүн пайдаланышкан. Ага кошумча эл жаңгак, алма, сыяктуу токой жемиштерин терип келип, ага тапшырышкан. Азизали ажы жыйналган жемиштерди кербен менен Бухара, Самарканд, Ташкент шаарларына алып барып сатып, ал тараптан түрдүү кездемелерди алып келип, соода-сатык жүргүзүп, элге кызмат кылды. Мусулманчылыктын улуу жана ыйык милдетин өтөө ниети менен 1985-1986-жылдары Мекеге жөө барып, бир жыл сегиз айда Ажылык парзын аткарып келген.

1916-жылы эл Үркүнгө качканда Азизали ажы өз журтунан кетпей калган. Бир катары Афганистанга да карай качышкан. Ошол кезде мына ушул дүрбөлөңдөн пайдаланып, элдин мүлкүн талап-тоногон басмачылар пайда болушкан. Алар Азизали ажынын жылкыларын тартып алганы аз келгенсип, катуу жазалашып, бекитип койгон алтынын да алып кетишкен. Алардын ур-токмогунан денесинен оор жарадар болгон Азизали ажы эки күндөн соң, бул ааламдан кол үзүп, ал каза тапкан. Мына ушул кезде уулу Үрбай 12-13 жашар тестиер бала болгон.

Совет бийлиги Түштүк жергесине 20-жылдарга жакын келген. Ошол кезде уулу Үрбай 20ларга чыгып калган. Ошол кезде Совет өкмөтүнүн адамдары аны байдын баласы деп кулакка тартышканда туугандарынын жардамы менен бошотулган. Андан соң, атасынан калган мал-мүлкүнүн баарын колхозго тапшырып, өзү колхоз өндүрүшүндө арабакеч болуп иштеген.

Ал жашы жеткенде өзүнө жар күтүп, үйлөнүп, үй-бүлө күткөн. Жаңы заман орноп, анын саясаты калың журтка жайылып, колхоздоштуруу кызуу жүргөн. Бирок ага каршы чыккандардын карама-каршылыгы күчөп турган учурга Токтосун Үрбаевдин балалыгы туш келди. Бирок, жаштарды мектепке тартып, алардын билим алуусуна Совет өкмөтү чоң көңүл бурган. Ал да мектепке барып, сабактан бошогон мезгилде 9 жашында колхоздо табелчи болуп иштеген. Анткени, ал окууга дитин коюп, жакшы окуган, эсепкысапты жакшы билген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал да кан майданга аттанып, Ата Журтту баскынчылардан коргоого салым кошкон. Ал Украина фронтунда күжүрмөндүүлүк менен салгылашкан. 1945-жылы немецтер жеңиле баштап, жеңиш болоор алдында оор жарадар болуп, госпиталга жеткирилген. Тийген октон сол буту жабыркаган, снаряд жарылганда белине осколка тийип, денесинин алты жеринен жарадар болгон. Госпиталда бир жылдан кем эмес жатып, айыккандан соң, 1946-жылы өз жерине айылга жөнөтүлгөн.

Согуштан келгенден соң, Бүргөндүдөгү машина трактордук станциясын курган жана бүткөндөн кийин аны жетектеген. Ошол учурда колхоздорго техникаларды мына ушул станция аркылуу бөлүштүрүп беришкен. Кийин Рахманжан атындагы колхоздо парткомдун катчысы болуп иштеген. Андан соң, Ленин райкомунда айыл чарба башкармасынын башчысынын орун басары болуп иштеп турганда согуштун залакасынын таасиринен ден соолугу начарлагандына байланыштуу өз каалоосу менен кызматынан бошогон да, Калинин атындагы колхоздо унааларга май куюучу станцияда иштеп, бул жумушта узак жылдар эмгектенип, эс алууга чыккан.

Үй-бүлө күтүп, жубайы менен узак-жылдар чогуу, бактылуу жашап, 7 уул, 4 кызга татыктуу жана камкор ата болгон. Азыр анын артында 43 небере, 46 чебере калды. Балдарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирер мезгилде 2010-жылы бул инсан жарыкчылык менен биротоло коштошкон.

Анын Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөн эрдиктери көптөгөн орден-медалдарга татыктуу болгон. Тактап айтканда анын эмгеги бааланып, 1945-жылы «За отвагу» ордени, 1946-жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиш»,1947-жылы «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагагы эмгектеги артыкчылыгы үчүн»,1967, 1978, 1988-жылдары «СССРдин Куралдуу күчтөрүнө» 50, 60, 70 жылдык, 1965, 1975,1988,1995-жылдары «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын үстүнөн болгон Жеңиштин» 20,30,40,50,60-жылдык, И.В.Сталиндин туулган күнүнүн 130 жылдык, 1996-жылы «Жуков» медалдары, 1985-жылы экинчи даражадагы «Ата Мекен» ордени менен сыйланган.

Токтосун Урбаевдин көзү өткөндөн кийин Жазгак айылындагы чоң көчөгө анын ысмы ыйгарылган. Бул инсандын эл-жеринин тынчтыгы үчүн каарман эмгегин баалагандык деп түшүнүүгө болот.

Мамадалиев Курбанали (1925-2013)



1925-жылы 12-декабрда Ленин районуна караштуу Кыла айылында жарыкчылыкка келген. Мезгил өтүп. балакатка жеткенде мектептин босогосун аттап, мугалимдеринен таалим-тарбия алып, 6-класска чейин билим алган. Андан соң, Жалал-Абаддагы кесиптик техникалык окуу жайында окуп, тракторист-айдоочу адистиге ээ болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан кийин баскынчыларды Совет жергесинен сүрүп чыгып, өлкөнүн тынчтыгын камсыз кылып, коргоо максатында 1943-жылы өз каалоосу менен он жети жашында кан майданга аттанган. Алгач Акмола шаарында алты ай аскердик даярдыктан өткөндөн кийин Украинада аскердик аткычтар полкунда кызмат өтөгөн. Согушта күжүрмөндүүлүгүн көрсөткөндүгү үчүн 1944-жылдын 14-сентябрында Кыргызстан Ленин комсомолунун катарына кабыл алынган. Душман басып алган Украинанын Житомир, Курган, Беричев шаарларын бошотууга катышкан. Согуш аяктап, жеңиш орногондон кийин өз айылына дароо кайтып келген эмес. 1946-жылга чейин жоокердик милдетин өтөгөн. Кан кечкен согушта жыйырма эки жеринен жаракат алып, бир нече ирет госпиталда дарыланып, кайра согушка кирген учурлары көп болгон.

Кан майдандан кайткандан кийин Кыла колхозунда механизатор болуп иштеп, колхоз өндүрүшүнө активдүү катышкан. Механизатор болуп иштегенден кийин мал чарба фермасында оператор болуп эмгектенген.


Анын Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыгы «1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңиш»,1949-жылы «Советтик Армиянын жана Аскер-Деңиз флотунун 30 жылдыгы», 1967-жылы «1941-1945-жылдардагы Германиянын үстүнөн болгон Жеңишке 20 жыл», 1979-жылы «СССРдин куралдуу күчтөрүнө 60 жыл», 1985-жылы Жеңиштин 40 жылдыгы, 1988-жылы «СССРдин куралдуу күчтөрүнө 70 жыл»,1995-жылы Жеңиштин 50 жылдыгы, 1996-жылы Жуков, Жеңиштин 60,65 жылдык медалдары-ордени менен сыйланган. 1991-жылы «Ата Мекендик согуш» орденине татыктуу болгон. Согуштагы алган жаракатынын таасиринен ага 2 топтогу майыптык берилген.

Үй-бүлө күтүп, эки уул, төрт кыздын атасы, 16 небере, 2 чеберенин таалайлуу чоң ата, таятасы болгон.

2013-жылдын 4-апрелинде өрнөктүү өмүр кечирген бул инсан дүйнө салды.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутаттар

Төлөнова Сүйүнбү (1936-2016)



1936-жылы 10-июнда Майлуу-Суу шаарына караштуу Көпүрө-Башы айылында туулган. Атасы Меңдигулов Камбар өз бешене тери менен жашоо кечирген карапайым адам болгон. Ал эми апасы Нусупова Алтын Сүйүнбү балакатка жете электе бул ааламдан өтүп, эненин мээримине толук тойбой калды. Бирок, апасынын бир тууганы-тайэжеси Көгөр өз тарбиясына алып, чоңойтуп, өстүрдү. Калинин мектепте 7-классты аяктады. Төлөнов Гуламкадырга жаш кезинде турмушка чыгып, үй-бүлө күттү. Анан талаага чыгып иштеп, колхоз жумушуна аралашты. Пахта терим мезгилинде алдыңкы теримчи катарында таанылып, бешене тери менен эмгегинин үзүрүн көрдү. Пахта терүүнүн устасы болуп, күнүнө 120 килограммдан ашырып пахта терип жүрдү. 1954-1963-жылдардын аралыгында алдыңкы теримчи катарында эмгектин чыныгы үлгүсүн көрсөтө алды. Бир эле мисал, 1963-жылы ал пахта териминин бир эле сезонунда кол менен 8 тонна пахта терип, тапшырган. Мындай ийгилиги үчүн Ардак грамота менен сыйлануунга татыктуу болгон. Бул эмгектик ийгилик аны дагы да жаңы ийгиликтерди жаратууга дем берген. Бир чети анын уюштургуч жакшы сапаты бар эле. Ошондуктан, колхоз жетекчилиги анын аракетин жана эмгегин баалап, ага ишеним көрсөтүп,1964-жылдан пахтачылык бригадасын жетектөөнү тапшырды. Бул ишенимди да өзүнүн эмгеги менен актады.»Эл эмгегин жер жебейт»-дегендей эле бул кылган кызматы үчүн ага 1966-жылы «Эмгектеги артыкчыгы үчүн» медалы ыйгарылды. Эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн 1964-жылы ала «Эмгек сиңирген колхозчу» наамы берилген.

1967-жылы өзүнүн эмгектеги эң мыкты артыкчылыктары үчүн, ага чоң ишеним берилип, КПССтин катарына кабыл алынды. Ошол эле жылы дагы бир чоң ишеним жүктөлүп, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланды. 1970-жылы В.И.Лениндин жүз жылдыгына карата «Эмгектеги артыкчыгы» үчүн юбилейдик медалы, 1973-жылы «Эмгек Кызыл Туу» орденине татыктуу болду.1984-жылы «Эмгектин ардагери» медалы менен сыйланган. Ал эми 1975-жылы социалисттик мелдеште алдыңкы орунга ээ болуп, «Тогузунчу беш жылдыктын жеңүүчүсү» төш белгиси менен сыйланды.

1968-жылы 2 ирет СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышкан.

1965,1967, 1975-жылдары Ленин районундагы Кыла айылдык Советинин депутаттыгына үч ирет көрсөтүлүп, элдин ишенимине ээ болду.

Бул аялзаты беш уул, эки кыздын бактылуу энеси болгон. Он жети небере, беш чебере көргөн, таалайлуу эне болчу. Дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип жаткан убагында 80 жаш курагында 2016-жылдын 1-мартында бул жарыкчылык менен коштошту.

Каримов Акмаджан



1948-жылы 5-январда Өзбек ССРинин, Анжиян областынын, Избаскен районундагы, Ленин атындагы колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1966-жылы мектепте онунчу классты аяктап, механизатордук курсту кошо бүтүрүп, адистикке ээ болгондон кийин 1966-жылы Ленин районундагы Калинин атындагы колхозго үй-бүлөсү менен көчүп келип, байыр алып, жашап калышкан.

Үй-бүлөдө балдардын эң улуусу болгондуктан, анын окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Ошондуктан ошол эле жылы сентябрь айынан колхоздо талаага чыгып, пахта теримине катышып, кол менен пахта буласын терип, алдыңкы теримчи да болгон. Кийинки 1967-жылдан колхоздо мектептеги алган механизатордук адистиги боюнча техниканын рулуна олтуруп, чарбанын ар кандай жумуштарында иштей баштаган. Кандай гана жумуш болбосун так, жоопкерчилик менен аткарган жаш жигит бат эле чарба жетекчилеринин сынына толгон. Ал бул механизатордук жумушунда 1990-жылга чейин иштеген. 1990-жылдан баштап 2004-жылга чейинки жылдардын ичинде колхоз талаасында талыкпастан эмгектенип, дасыккан дыйкан, айыл чарбасынын алдыңкы кызматкери катары таанылып, эл-журттун урматтоосуна арзыган. Эмгекчилдигинин, ар кандай оор иштен качпай ак ниети менен эмгектене билгендигинин натыйжасында өз замандаштарынын катарынан алдыга озуп чыгып, аты алыска кеткен сыйлуу устат катары таанылган. Мамлекеттик чарбалар жоюлгандан кийин устакана башчысы, 2005-жылдан 2013-жылга чейин Таштак айылындагы “Эмгек-Берекеси” пахта тазалоочу заводдо механик болуп эмгектенип, 2014-жылдан баштап ардактуу эс алууга чыккан.

Үй-бүлөлүү, эки уул, беш кызы бар, балдарынын бардыгы өздөрүнүн турмуш жолун табышып, бакыбаттуу жашоо кечирип келишет.

Анын эмгек жолунда мазмундуу ирмемдер кайталанган. Эгерде артка бир кылчайып карасак, 1967-1990-жылдардын ичинде жүгөрүдөн мол түшүм алып, ар жылы жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин онунчу жана он биринчи чакырылыштарында депутаттыкка шайланып, парламенттен эл кызматын аткарган. 1985-жылдан Коммунисттик партиянын мүчөсү катарында да татыктуу ишенимге ээ болуп, партиянын активдүү мүчөсү катарында таанылган. 1984-жылы жүгөрүдөн мол түшүм алгандыгым үчүн үчүнчү даражадагы “Даңк” ордени менен сыйланган. 2008-жылы персоналдык пенсияга чыккан.

Ушул тапта Бостон айылында кадыр-барктуу инсандардын бири. Анын өрнөктүү өмүрү менен уул-кыздары гана эмес, жаштар да сыймыктанышса жарашат. Анткени, ал татыктуу иштеп, бешене тери менен балдарды тарбиялап, өстүрүп, эрезеге жеткирген. Азыр балдарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип жаткан убагы.

«Эл эмгектен эскерет»

Адам өмүрү кымбат. Ошол кымбат өмүрлөрүн биздин ата-бабаларыбыз турмушта бирде жокчулук, бирде кыйынчылык, бирде азап, бирде арман менен өткөрүшүп, баскынчылардын зомбулугун көрүп, алардын маңдайына жарк этип, Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын таңы атып, жаркыраган жашоого туш келишкен. «Айдын он беши жарык, он беши караңгы» деген сымал кылымдар бою канчалык кыйынчылыкка бет келбесин муундан муунга уланып, кыргыз деген улуу журт бүгүнкү күнгө чейин келип жетти.

Кыргыз калкынын катарында азыркы Момбеков айыл аймагынын эли да башынан оорду да, жеңилди да, кайгыны да, кубанычты да, кыйынчылыкты да, жыргалды да көрдү. Карт тарыхтын баракчарын сыдырып карасак, жөнөкөй тил менен айтканда бир кезде өткөн заманда жакырчылык көнүмүш болгон. Эки-үч эчкинин сүтүн бир үй-бүлө бөлүшүп, аталага катыктап ичишкен кез болгон. Нан анда-санда гана дастарконго коюлган. Байдыкында той болсо шорпо ичишкен, эти тийсе тиет, тийбесе жок. Атайылап мал союу деген кайда? Бир чапанды бир биринен сурап кийген күндөрдү өткөрдү бу эл. «Жаңы көйнөк тийген күнү аны Мамасейит бай менен Токтоболот байдын жигиттери тартып алып коюучу. «Битибиз торгойдой» болгон мезгил баштан өткөн. Чалдар этинин кычышканына чыдабай мардек менен качышканын көрчүбүз»,-деп бир кезде колхоздун карыя мүчөсү Борбу Сулайманов айткан экен. «Биринчилерден болуп колхозго киргенмин. Анда жалгыз тоогубуз да жок эле. Кемпирим экөөбүз баш кошконубузга да жарым кылымдай убак өтүп кетти. Уулубуз Камал 1924-жылы жыйын мезгилинде туулган. Ошонун колундабыз. Уул, келиним, кызым колхоз өндүрүшүндө. Турмушубуз эл катары, шүгүр. Үй-бүлөбүз сегиз адамдан турат. Үчөө жумушка жарактуу.

Уулум Камал №8- бригадада звено башчысы. Бой жеткенден тартып, ушул колхоздо иштейт. Армияда болгон. Келиним Гүлсана да ушул жерде төрөлүп, ушул жерде өскөн. Анарбүбү да өндүрүштө иштейт. Ал 8-классты бүтүргөндөн кийин өз артелинде эмгектенүүнү каалап калган… Колхозчуларга гарантияланган эмгек акы төлөө системасында өтүүгө байланыштуу биз жыл ичинде иштеп тапканыбызды мурдагыдай кийинкиге калтырбастан бүт алабыз». (Ю.Момбеков. «Биздин колхоз ушундай«)

Жокчулукту башынан өткөрүп, колхоздоштуруу алгачкы кыйынчылыктарын жеңип, бир калыпта жай турмушка өткөндө курсагы тое тамак жеп, бүтүн кийим кийип биргелешип иштөөнүн жыргалын көргөн Борбу Сулайманов сыяктуу карыялар бүгүн арабызда жок. Алар Совет өкмөтүнүн бийлигинен кийин колхоздоштурууга катышып, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда тылда иштеп, жеңишке салым кошуп келишкен. Тылда эгин эгип, түшүм жыйнап, азык-түлүк камдап, майдандагы жоокерлерге жөнөтүп турушкан. Асыл тукум жылкыларды өстүрүп жөнөткөн да мына ушул тылда эмгектенишкен кайраттуу эл болгон. Алардын уучун улаган кийинки муундар бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүдө, колхоздун экономикасын чыңдоого өлчөөсүз салым кошуп келишти. Көпчүлүгү керээлиден кечке талаада иштеп, айыл чарбасын көтөрүүгө, элдин жашоо деңгээлин жакшырууга салым кошушту. Эмгеги менен өрнөктүү жашап иштеген инсандардын катарында пахтачылар, малчылар, саанчылар, жылкычылар, механизаторлор, айыл чарба адистери, жана башка кесип ээлери бар.

Эмгек ардагерлери

Аттокуров Атамкул (1887-1978)



1887-жылы жарыкчылыкка келген бул инсан да балалыкты өз башынан өткөрүп, жаштык кезди кечирди. Ал кезде Октябрь революциясынан мурда Кылада Төрөкан, Сарыбаш, Аттокур аттуу үч бир тууган жашаган. Төрөканы ушул аймакта болуштук доорду сүргөн. 1916-жылдагы Үркүндө эки ортодо кыйналган эл Кытайга качканда алар ушул жерде калышкан. Муундан-муунга уламыш болуп айтылып калган чоң таш жерге чөгүп калган. Ошондо Аттокур балдары Атамкул, Мырзакул, Абдимиталип менен мына ушул ташты жерден көтөрүп чыгарганда кадимки кемпир олтургандай көрүнгөн. Ошондуктан, эл «Кемпир таш» деп атап, ыйык катарында көрүшкөн. Кийин союз учурунда кран менен көтөргөндө кемпир таштын башы сынып калган. Кайрадан бириктирип аны «Ач мазарга» коюшкан. Сөз ыңгайы келгенде айта кетчү сөз, ачарчылык учурунда ачкачылыктан көз жумган адамдар коюлган жай «Ач мазар» деп айтылган. Бул биринчи мазар болгон. Атамкул Аттокуров тууралсында айтылганда мына ушундай тарых таржымалы да айтылуусу тийиш болду.

Атамкул Үркүндө 29 жашта болгон. Падыша тактап кулаганда Буденныйдын армиясы келип эл эч нерседен түшүнүгү жок, дагы нелер болуп кетер экен деп турган. Ошол кезде Төрөкан болуш колунда бар адам эле дешет. Алтынын көмүп коюп, 16-жылдары көчөбүз дешип, калтырып кетишкен. Анан кетпей калышкан, бирок болуштун аялдары алтындарын таппай калышкан. Атамкул малын өз эркы менен колхозго кошкон делет. Кыскасы Төрөкан болуштун туугандары малдарын колхозго бергендиктен кулакка тартылбай калган. Атамкул Аттокуров Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Урал тоосунда металь чыгаруучу заводдо эмгек фронтунда кызмат кылган. 1945-жылга чейин ушул жерде жоокердик милдетин өтөгөн. Ал айылына кайтып келгенде балдары көз жумуп, 12 жаштагы баласы Карабай калган. Аялы кетип калган. Уулун жанына алып Таш-Көмүрдө шахтада иштеген. Баласы шахтада каза болуп, өзү жалгыз калганда туугандарынын чакыруусу менен Кылага келип, үй-бүлө күткөн. Ошондон тартып, Калинин атындагы колхоздо 1946-жылдан тартып, мураб болуп иштеген. Колхоз башкармасы анын таза жана ак ниет, талыкпаган эмгегин баалап, «Ардактуу колхозчу» наамын ыйгарган. Кийин анын татыктуу эмгеги үчүн «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылган.

Аялы Салия менен 1978-жылга чейин чогуу жашап, бир кыз, төрт уулдуу болгон.

1978-жылы 91 жашында дүйнө салган.

Нуров Төлөн (1898-1974)



Кыргыз элине өз изин калтырып, айылында кадыр-баркка ээ бул инсан 1898-жылы Кыла айылында орто жашаган үй-бүлөдө жарыкчылыкка келген. Төлөндүн атасы Нур айылында атагы алыска чейин белгилүү кадыр-барктуу кишилердин бир болгон. Болгон байлыгын баласына калтырып кеткен. Кийинчерээк Төлөн өзүнүн тегирменин иштетип, эгинин тартып элге кызмат кыла баштаган. Бей-бечара, жетим жесирден кайрымдуулугун аябаган. Унду бекер да тартып берип, ал менен эле тим болбостон аларга бекерге ун да берип , ач калганды тоюндуруп турган.

Бирок, Улуу Октябрь революциясы орногондон кийин ал да байлардын катарында кулакка тартылып, элден жардамын аябаган бул инсан кайрадан акталып чыккан. Анткени ал буга кошумча өзүнүн карамагындагы мал жандыктарын колхозго өткөрүп берген эле. Ошондой эле чек аралар жаңы гана белгиленип, бекемделе башталаганда бул ишке да активдүү катышкан.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде да элдин керегине жарап, фронтко материалдык жана финансылык жактан жардамын аяган эмес. Ошону менен биргеликте Улуу Ата Мекендик согушта өзүнүн Ата мекени үчүн курман болгон жоокерлердин балдарын да багып алган. Алардын бири Юрий деген орус баласы эле. Мындан тышкары жетим-жесирлерди да багып тарбиялап өстүргөн.

Кыргыздар жаңы гана отурукташып, эл кат сабатын жоюу убагына келгенде Кыла айылындагы эң алгачкы мектеп мына ушул Төлөн Нуриевдин жашаган үйү болгон. «Дүйшөндүн мектебиндей» болгон бул жайда айылдык жаштар билим алууга умтулушкан. Ошол мезгилдин талабына ылайык бул инсан кат тааныган эмес. Эгерде кат сабаты ачылып, билим алууга жетишкенде эл үчүн иштеп, элинин камын ойлогон инсан болмок. Байбичеси Үпөл менен ынтымактуу жашап, 10го жакын балалуу болуп, бирок тилекке каршы алардан үчөө гана жарыкчылыкта тирүү калган. Уулу Токтосун 1942-жылы 17 жашында согушка кетип, гүлгүн курагында каза таап, өз жерине кайра кайткан эмес.

Ак иштеп, таза жүрүп, муктаж адамдардан жардамын аябаган бул карапайым инсан 1974-жылы 24-мартта 76 жашында дүйнө салган.

Кулушев Мурат (1898-1988)




1898-жылы 11-ноябрда Кыла айылында туулган. Ал кезде Совет өкмөтү орной элек, падышалык Россиянын доору сүрүп турган кез, бай-кедей болуп, эл эки тапка бөлүнгөн заман. Анын бактысына Октябрь революциясы орноп мына ушул эки тап жоюлуп, үстөмдүк кылган байлардын бийлиги кулап, жаңы доор, жаңы бакыт келди. Ошондо да көпкө чейин кедей-кембагалга эркиндик берген Октябрдын ак таңынын маани-маңызын оо көпкө чейин түшүнө алышпады. Ал эми байлар болсо өздөрүнүн байлыгын сактап калуу менен убара. Акырындап Совет өкмөтүнүн таасири Кулушов Мурат сыяктуу жаштарга да тийди. Бирок, турмуш шартка байланыштуу мектепте окуй албады. Жаңы замандын шардабы менен байлардын кылымдар бою ата-бабасынан бери менчиктеп алган жерлери ортого алынып, артелдер, колхоздор уюшулганда активдүү катышып, колхоз өндүрүшүндө иштеди. Окубаганы менен ак-караны аңдап билип, жаңы замандын артыкчылыгын түшүнгөн, тетик жигит колхоздун бригадасын башкарды. Эгин сууларын туура бөлүштүрүп, суу мурабы болду. Улуу Ата Мекендик согушта кан майданга жөнөтүлбөй, тылда иштеп калды. Ошол учурда жылкыларды багып, өстүрүп, согушка даярдап жөнөтүүгө катышты. Жылкы багып, бээ асырап, кымыз өндүрүп, колхозго өткөргөн. Ал убагында колхоз ишине активдүү катышып, мал чарбасын көтөрүүгө бараандуу салым кошкон.

Кезегинде мүнөзү токтоо, бирок орду менен сүйлөгөн, сөзгө бай, иштин майын чыгара иштеп, колхозду курууга активдүү катышкан бул инсандын эмгеги мамлекет тарабынан бир топ сыйлыктарга татыган. Төшүнө жаркыратып, орден-медалдарды таккан, дешет анын балдары, бирок кандайдыр бир себептер менен бүгүнкү күнгө чейин сакталбай, жоголуп кетиптир. Бирок, аны көрүп-билгендердин айтып жүргөнүнө караганда жакшы иштеп, эмгеги бааланып келген.

Бул инсан аялы Пазилат менен өмүрүнүн кийинки көпчүлүк учурун жылкы чарбасына арнашкан. Ак ниет эмгеги менен таза иштеген бул инсандар үч кыз, беш уулдуу болушуп, аларды татыктуу тарбиялап эрезеге жеткиришкен.

Кулушов Мурат дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип жаткан кезде 1988-жылы 90 жашында бул ааламдан өткөн.

Сарыков Айдар (1901-1990)



1901-жылы Кылада төрөлгөн. Анын балалыгы өтө кыйын кырдаалга туш келген. Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы орногондо ал он алты жаштагы өспүрүм эле. Бирок ошондо ал кедей-кембагалдардын бактысына келген жаңы замандын артыкчылыгын аңдап билген.

«…Ал жашаган кыштактын төмөн жагын илгери Корзинка деп коюша турган. Анда Корзина аттуу байдын заводу болор эле. Ач көздүгүнө жараша аны эл корзинка деп аташкан. Кийин ал жерди Батрак-Абад дешчү. Кичи-Кыркоо,Чоң-Кыркоо, Кочкор-Ата, Кайрагач, Жар-Арык, Кой-Таш кыштактарын мекендеген кедейлер Батрак-Абадга чогулушкан. Дубалынан жарака кетип, бир чети урай баштаган жайдын үстүнө биринчи кызыл байрак илинген. Совет бийлиги орногон алгачкы учур. Айылдык Советтер түзүлүп жаткан. Аларда да мына ушундай Советтер түзүлмөк болуп, эл чогулган.

-Тынчсызданыңыздар биз баарыбыз ушул жерде туулуп, ушул жерде өскөнбүз, бир бирибизди жакшы билебиз. Айылдык советтерге ким шайлануугa татыктуу экендиги бизге маалым. Өмүр бою байдын малын багып, отунун жарып, суусун алып, жерден колун көтөрбөгөн батырактарданбыз. Эл башкаруу биздин колдон да келет. Ошолордон шайлайбыз. Мына, Суранбай аке, Мейманбү эже, Майрам эже…

Батрак-Абаддын комсомолдук уюмунун секретары Айдар Сарыков сөзүнүн аягына чыга электе дарбаза тараптан катуу кыйкырык угулду да, эл козголо түштү. Заматта эле топ адам дубалдын ар кайсыл жеринен ичке ыргып түшүп, президиумга умтулду. Абдулла байдын колундагы болот канжар Айдар Сарыковдун көкүрөгүнө сунулду. Так ошол убакта кан ичердин арт жагынан согулган күтүлбөгөн таяк Айдарды өлүм кучагынан алып калды. Көпчүлүк эл капысынан кол салгандардын баарын туткунга алышты».

Ошондогу комсомол уюмунун катчысы Айдар Сарыков жаңы замандын саясатын жайылтууга активдүү катышкан. Айрыкча колхоздор уюштурулганда жаңы заманга каршы чыгышкан байлардан куралган басмачылар менен аеосуз күрөшкөн. Басмачылар нечен курдай анын өмүрүн кыюуга аракеттенишкен. Кийин ал колхоздун мал чарба фермасын да жетектеп, мал алып келүүгө Нарынга чейин барган. Билим алууну эңсеген жаңы замандын жанрчысы болгон бул адам Фрунзедеги партиялык мектепте да окуган. Акыркы мезгилде пенсияга чыккандан соң, балчылык менен алектенген.

Анын колхоз курулушуна катышуудагы каарман эмгеги бир катар өкмөттүк сыйлыктар менен бааланган. Байчерикова Турдубу менен 40 жылдан ашык чогуу жашап, Бегайым аттуу бир кыздуу болгон. Азыр кызы Бегайым Сарыкова Бишкек шаарында жашайт.

Сарыков Айдар 1990-жылы 90 жашында Фрунзе шаарынын Воронцовка айылында жашап, бул ааламдан өткөн.

Султанов Алдөмөт (1903-1988)




1903-жылы санжыралуу тарыхы бар, эзелтен бери аты сакталып келаткан эски Кочкор-Атанын жогору жагында тоо арасында байыр алган үй-бүлөдө жарыкчылыкка келген. Жаш кезинен атасынан ажырап, төрт бир тууган апасынын кароосунда калышкан. Балалыгы татаал жана оор кырдаалга туш келген. Бирок, канчалык кыйынчылык менен балалыгы өтсө да кичинесинен зирек өскөн бала мечитте окуп, диний билим алып, араб тилин жакшы өздөштүргөн. Совет өкмөтү орногондо он жети жаштагы жаш кези. Кийин колхоздоштуруу башталганда Совет өкмөтүнүн бул саясатына активдүү катышкан. Ал жаңы замандын артыкчылыгын билген. Ошондуктан, жалындуу сөзү менен карапайым адамдарга жаңы замандын маанисин түшүндүрүп, аларды артынан ээрчите алган.

Улуу Ата Мекендик согуш аяктаганда Эски Кочкор-Атадан Каганович колхозунун Коммунизм участкасына көчүп келишкен. Ошол кезде колхоз ишине каршы чыгышкан басмачыларды жоюуга активдүү катышкан. Анын колхоз курулушундагы чечкиндүү аракеттерин көрүп-билген советтик жетекчилер колхоздун төрагасынын орун басарлыгына дайындашкан. Ал бул кызматында ак ниет эмгеги менен иштеген. Ал өзүн мыкты кадр катарында көрсөтө алган жана ошол кезде КПССтин катарына кабыл алынып, партиянын жаңы саясатын элге кеңири түшүндүрүүгө бардык аракетин жумшаган. Акырында Совет бийлиги толук калыптанып, колхоздоштуруу ишинин аягы ийгилик менен аяктаган. Колхоздор өнүгүүгө бет алып, майда чарбалар ирилештириле баштаган. Ушул учурда ал өзүнүн эмгегин колхоздордун өсүп-өнүгүшүнө жан оту менен жумшаган.

Султанов Алдөмөттүн кийин эмгек жолу колхоздун мал чарба фермасын жетектөө менен улантылган. Бул жумушун ак ниеттүүлүк менен аткарган. Ал убагында колхоз ишине берилген, анын түптөлүп, өсүп-өнүгүшүнө өз салымын аябай кошкон. Колхзоз ишинен эмгегин аябаган бул инсан 1968-жылы эс алууга чыккан. 1988-жылы 84 жашында Султанов Алдөмөт жарыкчылык менен биротоло коштошкон.

Азыр Көп-Там айылында Султанов Алдөмөттүн татыктуу иштеп, кадыр-барк менен жашоо кечиргендигин айтышат. Ал 11 балалуу болгон. Азыр бул инсандан тараган 38 небере, көптөгөн чеберелеринин алды окуп, билимдүү болуп, үй-бүлө күтүп, арты эми өсүп келаткан наристелер. Көрсө бул инсан артына мына ушундай татыктуу из калтырыптыр.

Мамажакыпов Азак (1912-2007)



1912-жылы 2-июлда туулган. Анын балалыгы өтө кыйынчылык доорго туш келген. Ошол кездеги эл кандай жашаса анын үй-бүлөсү да мына ошондой кырдаалда жашоо кечиришкен. Ал беш жашка келгенде Улуу Октябрь революциясынын таңы атып, анын таасири кыргыз жергесине да билине баштаган. Ал эми байлардын жерлери тартылып алынып, орто чарбалар түзүлүп, андан ары кооперативдер, колхоздор уюштурулуп жаткан кезде ал он алты, он жети жаштагы тестиер бала эле. Балакатка жетип, ишке жарай баштаганда ал да колхоздорду уюштурууга катышкан. Ал учурда белгиленген саатка чейин иштөө кайда. Таң агарып, агарбай жатып талаага келип, каш карайганда, буудай бышкан мезгилде кырманда түндөсү иштеген кездер да көп ирет кайталанган.

Мезгил зымырык куштай өтүп, доордун кыйынчылык мезгилдери артта калды. Ал колхоздун мал чарбасында чабандык кесипти аркалады. Бул кесип канчалык ардактуу саналганы менен түмөндөгөн түйшүгү көп эле. Мамлекет бул тармакка айрыкча көңүл буруп, анда эмгектенген малчылардын иштөө жана жашоо шартына өзгөчө көңүл буруп келген. Өзүнүн өмүрүн жана эмгегин кой чарбасына арнаган бул инсан кой артында жүрүп, канчалык кыйынчылыгын көрсө да, эмгегинен ошончолук баар тапты.

Ал жубайы Токтокан Мамажакыпова менен ынтымактуу жашоо кечирип, бекем жана туруктуу үй-бүлө күттү. Жети кыз, үч уулдуу болушуп, аларга чыныгы аталык жана энелик тарбиясын беришти. Окуп, билим жана татыктуу кесипке ээ болууларына камкордук көрүштү.

Эмгегинен да, үй-бүлөсүнөн да бакыт тапкан бул инсан карылыктын бактылуу доорун сүрдү. Анжиандагы медреседен диний илим алган дин чөйрөсүндө таасирдүү адам болгон. 1995 жана 1998-жылдары эки ирет мусулман баласынын ыйык жери болгон Сауд Аравияга-Мекеге барып, Ажылык парзын өтөп келген.

Өрнөктүү иштеп, татыктуу жашаган Мамажакыпов Азак ошол кадыр-баркы менен 2007-жылы бул ааламдан өттү.

Мамадалиев Сарыбай (1912-1981)



1912-жылы Жалал-Абад областынын Кыла айылында жарыкчылыкка келген. Балалыгы айылда өтүп, жаш кезинен зирек өскөн. Билим жана кесип алууну эңсеген жигит 1931-жылы Сакалдыдагы МТСте трактористтердин курсун бүтүп, тракторист адистигине ээ болгон. Биринчи эмгек жолун баштаган ошол кездеги Рахманжан атындагы колхоздогу алгачкы механизаторлордон мына ушул Сарыбай Мамадалиев болгон.

Бирок, кийин окуп, билим алууну көздөп, 1937-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына кирген. Аталган окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, 1940-жылдан Көк-Таш айылындагы мектепте математика мугалими болуп, окуучуларга билимдин уюткусун бере баштаган. Ошол кездеги шартка жараша мугалимдик кесибин да алмаштырууга туура келген.


Тактап айтканда 1945-жылдан Кыла колхозунда башкы бухгалтердик кызматты аркалаган. Андан кийин колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары кызматында эмгектенген. 1949-жылы үй-бүлөсү менен Бостон айылына көчүп келишип, мына ушул айылда байыр алып жашап калышкан.

Сарыбай Мамадалиев Бүргөндү айылдык керек-жарак коомуна караштуу дүкөндө аялы Пати экөө дүкөнчү иштешкен. Ал кезде дүкөнчүлөр элге керектүү товарларды өздөрү ташып келүүгө милдеттүү болушкан жана кайсы бир нерсе дүкөндө жок болуп, бирок кампада бар болсо жоопкерчилик тартышкан. Эсеп-кысап иштери так болуп, кандайдыр бир шылуундук кылгандар катуу жазаланган, ошондой шартта алар элди сапаттуу жана таза тейлөөгө гана жетишпестен, айлык, жылдык пландарын ашыгы менен аткарышып, жетекчилердин ишенимине киришкен. Ошол эле маалда таза жана так иштеген Сарыбай Мамадалиев жубайы экөө адал эмгеги менен иайылдыктардын урмат-сыйына да ээ болушкан.

Мамадалиев Сарыбай 1959-жылдан Ленин райондук даярдоо конторасында даярдоочу болуп эмгек жолун уланткан жана ал жумушта 1974-жылга чейин иштеп, пенсияга чыккан.

Ал жубайы менен бирге 41 жыл чогуу ынтымактуу өмүр сүргөн. Бул инсан 1981-жылы январь айында дүйнөдөн кайткан. Аялы Пати 2008-жылы 90 жашында дүйнө салган. Бул инсандар кезегинде таза иштеп, татыктуу жашап өтүшкөн.

Мурзакулов Жумаш (1914-1998)



1914-жыл Ош областына караштуу Кыла айылында туулган. Анын балалыгы жана жаштыгы ошол учурдун кыйын кезеңдерине туш келген. Ошол тата-ал шартта өсүп-жетилип, мезгилдин өктөмдөрүн өз башынан өткөргөн. Дайыма анын оюнда окуп, билим алып. кесипке ээ болсом деген үмүттөр оргуштап турган. Ошол себептүү Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумда окуп, бул окуу жайын эң жакшы баалар менен ийгиликтүү бүтүрүп, атайын адистикке ээ болгондон кийин Каганович атындагы колхоздо алгач ветсанитар болуп эмгек жолун баштаган.

Ал өз кесибинде татыктуу иштеп, элдин да, жетекчилердин да сынына толгон. Ошону менен бирге тил үйрөнүүгө абдан дилгир болгон. Айта кетсек араб тилин эң жакшы өздөштүргөн, эркин сүйлөп, которо да билген. А Натыйжада ислам динин жакшы билген илимдүү адам болгон.

Ал колхоздо ферма башчысы болуп узак жылдар эмгектенген. Колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары болуп да иштеген. Акыркы убакта мал чарбасында ветеринардык дарыгер болуп эмгектенип, эс алууга чыккан. Ал Жорокул Ахмедов колхозду жетектеп турганда чогуу иштеп, ал кызматтык командировкаларга кеткенде, же кандайдыр бир зарыл жумуштар менен иш ордунда болбогон учурда анын ордунда калып, убактылуу чарба жетектеген учурлары көп болгон. Анткени, ошол кезде ал башкарманын эң таянган, ишенген кадрларынан эле.

Ал 1944-жылдын 6-апрелинде Акматова Калбү экөө баш кошуп, бекем үй-бүлө курушкан. 54 жыл чогуу жашап, алты кыз, беш уулду жарыкчылыка алып келишкен. Өз балдарына чыныгы аталык мээримин берип, камкордугун көрүп, аларга татыктуу тарбия берген. Уул-кыздарынын ар бири атайын кесипке ээ болуп, турмуштан өз ордуларын табышкан.

Ал 1998-жылдын 3-сентябрында 84 жашында бул аалам менен коштошту. Эгерде азыр тирүү болгондо 42 небере, 8 чебере көрүп, балдарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкты кечирип олтурмак.

Аттокурова Салия



1916-жылы эл башына кыйынчылык түшүп, кыргыздар Кытайга качышкан маалда туулган. Ошол кезде анын ата-энеси эч кайда кетпей жашаган жеринде кала беришкен. Бирок, ошол учурдагы каатчылык кезди өз баштарынан өткөрүшкөн. Совет доору келип, элдин сабатсыздыгы жоюла баштаган. Алар колхоздоштурууга да катышышкан.

Кийин атасы эмгек фронтунда болгон. Бирок, ал жакта ден соолугу начарлап, каза тапкан. Салия эненин атасы Абдалинин сөөгү эмгек фронтунда болгон жерде калып кетет. Апасы чиедей балдары менен жөө-жалаңдап барып, жолдошунун денесин алып келүүгө кудурети жетпей аргасыз олтуруп калган.

Апасына каралашкан кыз кара жумушка эрте аралашты. Колхоздун жумушун жасап, жашынан пахтага табелчи болуп үч иштеди, кийин пахта бригадири болуп эки жыл эмгектенген.

Турмуштун оор жүгүн жаш кезинен өз мүрү менен көтөрдү. Жаш кезинен турмушка бериштi. Бирок, бир кыздуу болгондо жолдошу каза таап, кийин башкага күйөөгө чыкты да экөө таттуу жашоо кечирип, беш балалуу болду. Ал бала тарбиялап, үй тиричилигин да жасап, колхоз ишине да чыгып жүрдү. Баласын бешикке бөлөп, башына көтөрүп алып, талаа четине бешикти коюп, керээлиден кечке жер чаап, чигит эгип, пахта терген күндөрү кабагым-кашым дебей жан оту менен иштеди. Бешинчи баласы төрөлгөндө 1965-жылы Кара-Суудагы селекциялык станцияда үч ай окуп келгенден кийин Калинин атындагы колхоздун лабораториясында лаборант болуп иштеди. Анын 1935-жылдан 1968-жылга чейинки эмгеги катардагы колхозчулуктан тартып, лабораторияда иштөө менен арналды. 1969-жылдан Ж.Турусбеков атындагы мектепте техничка, кийин кайрадан колхоздун талаасында, андан соң, «Гүлкайыр» балдар бакчасында, «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк бирикмесине караштуу техникалык транспорт башкармасынын машина трактордук цехинде күзөтчү болуп эмгектенди.

Азыр жашы жүзгө жакындап калган дөөлөттүү эне Көп-Там айылында жашайт.

Жумабаев Анаркул (1920-2003)



Ош областынын Эски Кочкор-Ата айылында 1920-жылы жарык дүйнөгө келген. Анын чоң аталары Көлдөн көчүп келишип, малчылык менен алектенип, жашаганга ыңгайлуу дешип, мына ушул жерде отурукташып калышкан. Анын балалык кези да мына ушул айылда өттү. Жапшы жетип мектептин босогосун аттап, окуп-билим алууга умтулду. Ошол кезде шартка жараша 4-класска чейин билим алган.

Ата-энесинин жакшы тарбиясынан улам жаш кезинен эле чыйрак болуп өсүп, эмгектенүүгө үйрөнгөн. Мына ошондон улам ал өтө жаш кезде эле колхоз ишине аралаша баштаган. Ошол учурда талаага суу чыгаруу үчүн эл кол менен канал казышкан. 12-13 жаш өспүрүм кезинде улуулар менен бирге ал да канал казышып, мезгилдин өктөм учурларында калк менен бирге болгон. Андан кийин колхоздорду уюштуруу иштерине аралашып, жерлерди иштетүүгө да активдүү катышкан. Эр жетип жигиттик куракка келгенде Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик милдетин ар-намыстуулук менен өтөп келген. Андан соң, чарба жетекчилери анын жөндөмүн байкашып, колхоздун №3-бригадасына бригадирликке ишеним көрсөтүшкөн. Бул ишенимдин өтөөсүнөн чыгып, элдин башын бириктирип, жер иштетип, анын түшүмдүүлүгүн арттырууга умтулган. Бригада башчылыгынан соң, кой чарба фермасында иштеп, чабандык кесипти аркалап келди. Ал кой багуунун жолун үйрөнүп. сырын билип, бул кесипти да эң мыкты өздөштүрүп, ар жүз баш койдон 110дон ашырып козу алган мезгили көп болду. Баккан койлорунан арбын төл алып, асылдуулугун арттырууда жетишкен ийгиликтери үчүн ага 1958-жылы сыйлыкка «ГАЗ-2» маркасындагы «Волга» автоунаасы берилген. Ошону менен бирге ошол жылдын 16-октябрында ал кой чарбасындагы талыкпаган үзүрдүү эмгеги үчүн «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган.1961-жылы көрсөткүч мындан да жогору болгон. Анын ар бир жараткан эмгектик жетишкендиктери бааланып турган.

Ошентип, бул эмгек адамы 1983-жылы эс алганга чыкканга чейин колхоздун койлорун багып, кой чарбасынын өнүгүшүнө салымын кошуп келгендигин момбековдуктар азыр жакшы билишет.

Жубайы Жумабаева Жамила экөө 57 жыл бирге жашап, бекем үй-бүлө курушуп, он балага ата-эне болушту. Азыр анын артында 35 небере, 17 чебере калды. Анткени, 2003-жылдын 4-майында 83 жашында дүйнө салды.

Мамадалиев Парпибай (1921-2012)



1921-жылы Ноокен районундагы Кыла айылында орто жашаган дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Парпибайдын чоң атасы Султан илгери бай адам болгондуктан анын атасы Мамадали да колунда мал-жаны бар болуп өзүнө тың эле. Ошол кезде эл аябай кызын кезеңге туш болушкан, анткени коллективдештирүү колунда бар бай адамдардын мал-мүлкү тартып алына баштаган. Парпибайдын атасы да кулакка тартылып, болгон дүнүйөсү конфискацияланган. Жашап жаткан үйүн да мектепке алып коюшкан.

Ошол мезгилдеги заман агымын түшүнгөн Парпибай Мамадалиев сабатсыздыгын жоюп, билим алууга жумшайт. Төрт бир туугандын эң улуусу болгондуктан, ал окуусунан сырткары апасына каралашып, бир туугандарын кошо багышты. Кыйынчылык кендирди кесип тургандыктан, күндөлүк тиричиликти өткөрүү үчүн апасы менен бирге машак терди. Эс тартканда колхоз ишине да катышты. Зирек жигит 1938-1939-жылдары колхоздун 4-бригадасында эсепчи болуп иштеди. Ошол кезде сабаттуу адам сейрек болгондуктан, ал окуп билим алгандыгы үчүн аргасыздан мына ушул жумушта иштетишкен. Ал эми анын курбалдаштары комсомолго өткөндө « кулактын тукуму» деп аны кабыл албай койгон. Бирок, «революциядан кийин төрөлгөн балдар Совет өкмөтүнүн балдары» деген В.И.Лениндин айткан сөзүнөн кийин аны комсомолго кабыл алышкан. Жаңы саясатка жан дили менен берилген Парпибай Мамадалиев согушка чейин комсомол уюмун жетектеп, көптөгөн жаштарды комсомолго кабыл алып, артынан ээрчите билген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда өз жүрөгүнүн каалоосу менен аскер комиссариатына барып, Мекенди коргоого кан майданда кызмат өтөөнү суранган. Эки колу ийининен жогору көтөрүлбөгөндүгү үчүн согуштан калтырылып, комсомолдук ячейканы жетектөө жүктөлүп, тылда калып, жеңиш үчүн салым кошо баштайт. 1943-1945-жылдар аралыгында колхоз башкармасынын төрагасы Жорокул Ахмедов, Парпибай Мамадалиев жана Мейман абалар Шамалды-Сай темир жол станциясынан согуштагы жоокерлер үчүн 3 араба дан жөнөтүшкөн.

1944-1949-жылдардын аралыгында колхоздун мал чарбасында эсепчи болуп иштейт. Ден соолугуна карабай мал чарбасында учетчик, кийин ферма башчысы милдеттерин аткарган. 1951-1958-жылдары пахтачылык бригадасын жетектеген. Андан кийин бал аарысын өстүрүүнү колго алып, аарычылык бригадасын да башкарган.Ал учурда комсомолдук эпкиндүү кыймыл күчөгөн. Айыл чарбасында комсомолдук жаштар бригадаларын уюштуруу колго алынган. Ошол кезде Калинин, Кыла, Каганович колхоздору биригип, Калинин атындагы колхоз уюштурулуп, жаштар бригадасын жетектеп Нарын областынын Ат-Башы районунан кой айдап келүү тапшырылат. Жол азабын тартып бараткан кезде башына катуу суук тийет. Мына ушунун айынан дарыланса да ден соолугунан жабыр

тартып, оор жумуштарды жасоого мүмкүн болбой, колхоздун башка иштерине катышат. 1962-1963-жылдары дан эгинге бригадирликке дайындалган. 1970-жылга чейин бригадир, учетчик кызматтарын аркалайт. Ошол жылдан механизаторлордун бригадасын жетектеп, дың жерлерди өздөштүрүрүп, сугат жерге айландырууга катышат. Алсак, Полот дөбө, Тегирмен Таш, Жандоо, Улак ойноор сайлары түздүк, түшүмдүү жерлерге айландырылат. «Достук» каналынын курулушунда механизаторлордун бригадасын жетектейт. Анын канал курууда эмгегин өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Анын канал жээгине жаштар үчүн катар-катар үйлөр курулса, иш менен камсыз болушса, сыртта иштегени кетпей өз жерин гүлдөтүп-өстүрүшсө деген арзуу тилеги бар эле.

Мамадали атабыз ошол кезде,
Малын алып Кытайга качкан эмес,
Эл ичинен уккам даалай сөздү,
Өз элинин козусун да каткан эмес.

«Кулак» деген ошол кездин жаман сөзү,
Атама, чоң атама да жаккан эмес.
Эмгегин арнады жалгыз өзү,
Атамкемдин эмгеги турат элес.

Мына заман өзгөрдү, баары жаңы.
А атакем арабыздан кетти узап.
Анын көөдөнүндө кетти баары,
16-жыл, басмачылык кез, согуш тагы.

Бир кылымга зымырап жетип жашы,
Атакем баркы менен өмүр сүрдү.
Баарыбыздан алыстап кетсе дагы,
Көбү анын кадырлуу баркын билди.
Бул анын уулдарынын жүрөктөн чыккан ыр саптары болчу.

Мына ушундай татыктуу баага ээ болгон инсан дөөлөттүү жашоо кечирип, 2012-жылдын 25-июнунда урмат-сый менен дүйнө салды.

Мырзакматов Аман (1921-1999)



1921-жылы жарык дүйнөгө келген. Ошол кезде Совет өкмөтү жаңыдан орноп, анын таасири калың калкка тарай баштап, элди сабатсыздыктан арылтуу маселеси курчуган учур. Ал да окууга жарап калган мезгилде мектепке кабыл алынып, 4-класска чейин окуган. Жергиликтүү кадрларды окутуп жана кесип алууга Совет өкмөтү терең маани берип, ал да Кыла селолук Советинде алгачкы болуп, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга кирип, окууга мүмкүнчүлүк алган, окууну бүткөндөн кийин ветеринар адистигине ээ болгон. Ошол жылдан тартып колхоздо ветеринар болуп эмгек жолун баштаган. Ал өзүнүн өмүрүнүн эң кымбат күндөрүн мына ушул кесипке арнаган. 1947-жылдан 1979-жылга чейин колхоздо ветеринардык дарыгер болуп иштеп, коомдук малдардын ар кандай илдеттеринин алдын алуу менен көзөмөл жасап, мал чарбасынын өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде салым кошуп келген.

Белгилеп кетүүчү жагдай, Мырзакматов Аман Калинин атындагы колхоздун эң биринчи ветеринардык дарыгери болуу менен аталган колхоздун тарыхында калды. Бул инсандын көзү өтсө да азыркы күнгө чейин « айылдагы алгачкы дарыгер болгон», дешип анын ысмын урмат-сый менен тилге алышат.


Аман Мырзакматов дарыгерлик кесибинде өз учурунда жемиштүү иштеп, элдин алкоосуна арзыган. Жетекчилер аны өз ишин мыкты билген, дарыгерлик кесиптин устаты катары баалашкан жана анын дарегине нечен курдай алкыштар ыйгарылган. Анын бул тармактагы өлчөөсүз эмгеги бир катар сыйлыктарга, анын катарында «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалына татыктуу болгон. Ал ошол кезде өзүнүн эмгекчилдиги, өз ишин эң жакшы өздөштүргөндүгү менен өзгөчөлөнүп турган.

Кыскасын айтканда бул инсан өмүрүнүн акырына чейин колхоздун биринчи ветеринардык дарыгери деп айтылган жылуу пикирлер менен жашап өттү.

Өз кесибинин устаты 1999-жылдын 18-октябрында бул тирүүлүк менен кош айтышып, дүйнө салды.

Бирок, татыктуу иштеп, даңктуу жашады. Жубайы Мырзакматова Токтокан менен 50 жылдан ашык бирге өмүр сүрүп, үч уул, беш кызга бактылуу ата-эне болушту. Азыр алардан тараган 39 небере, 38 чебере мезгилдин агымы менен жашоо кечирип келет.

Кудаяров Шермат (1921-1990)



1921-жылдын 10-июнунда Кыла селолук Советинде туулган. Анын да ойносо оюнга тойбой турган балалыгы ошол кездеги өзү кырдуу курбалдаштары сыяктуу оор кырдаалга туш келген. Балалыгы Арстанбапта өттү. Анын чоң атасы Калы бий учурунда эл бийлеген ушул чөлкөмдө өзүнүн кадырбаркы бар адам болгон. Азыр Калы бийден тараган-дар бул аймакта арбын. Кудаяров Шермат да мына ушул Калы бийдин тукуму. Анын балалыгы өткөн учурда эми гана Совет өкмөтү орноп, эл жерге, теңдик укугуна ээ болгон учур эле. Бирок, турмуш шартка байланыштуу убагында мектепте окуй албады. Кийин эс тартканда иштеп жүрүп, 1967-жылы Калинин сегиз жылдык мектебинде кечкисин окуп бүтүрдү.

Ал Оштогу бухгальтерлерди даярдоочу курстан окуп, адистик алды. Бир нече жолу аскердик даярдыктан өттү. Эсеп-кысапка так, жоопкерчиликти сезе билген сапатын байкаган колхоз жетекчилери Калинин атындагы колхозго учетчик кылып дайындашты. Катарынан алгач пахтачылык бригадасында, анан кой, мал чарбаларында учетчик болуп иштеди. Өмүрүндө эмгек жолунун көп учуру мына ушул кызматка арналды. Ал кезде учетчик, бригадирдин жардамчысы катарында анан да ошол бригаданын эсеп-кысабын толук жүргүзгөн адис катарында эсептелчү. Бул жумуш да ар кимге тапшырыла берчү эмес. Элди алдабаган, таразадан уурдабаган таза адам гана ушул ишке дайындалчу. Кудаяров Шерматта мына ушундай өзгөчөлүк боло турган. Анан кайрададан эсеп-кысап жаатында кассир болуп иштеди. Төрт жыл мына ушул кызматты аркалады. Кийин колхоздун кампа башчылык милдети жүктөлдү. Кайрадан кассирлик кызматына келди.

Акыркы мезгилди саламатчылыгынын айынан жумушунан өз арызы менен бошоп, эс алууга чыкты. Жөнөкөй, бирок жооптуу жумушта ак ниети менен иштеген бул адамдын ысмы азырга чейин жылуу пикирлер менен тилге алынган мезгил арбын.

Өзүнүн уул-кыздарын да мына ушундай тазалыкка, бирөөнүн акысын жебей туура, калыс иштөөгө үйрөттү. Үч уул, жети кыз ата-эне үмүтүн актаган, ушул тапта ар бири турмуш куруп, ушул инсандын өрнөктүү жолун улаган.

Ал бул ааламдан өтө эрте кетти. Бул инсандын жарыкчылык менен коштошкон учуру 1990-жылы ал бар болгону 69 жашта эле.

Салиев Калбай (1923-1994)



1923-жылы 2-июлда Көк-Таш өрөөнүндө орто жашаган дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Балалык чагы Майлуу-Суу шаарында өтүп, мектеп жашына жеткенде ошол жердеги орто мектепте билим алган. Колхоздорду уюштуруу саясаты кызуу жүргөн мезгилде ал бой тартып, эрезеге жетип калган учур болчу. Ошол кезде 1935-жылы Көк-Таш айылынан Кыла айылдык Советине көчүп келишкен да дал ушул аймакта байыр алып жашап калышкан. Бул жерде ал колхоз өнүгүшүнө активдүү катышып, 1949-жылдан эгин өстүрүүдө учетчик болуп дайындалып, эмгек жолун баштаган. Ал бул милдетти жоопкерчилик менен аткарып, өз ишинде так жана туура эмгектендиктен, 1955-жылы мал чарба фермасынын башчылыгына дайындалып, бул кызматта да жемиштүү иштеген. 1964-жылдан пахтачылык бригадасында төрт жыл табелчи болуп эмгектенген. Ошол кезде бул милдет колхоздогу жооптуу милдет катары эсептелген. Табелчилик жумушун кылдат аткара билген Калбай Салиев 1968-жылдан талаачылык бригадасынын башчылыгына дайындалган.

Андан соң, бул инсандын эмгек жолунда өзгөрүүлөр жаралган. Колхоздун бригада башчылыгынан керек-жарак коомуна жумушка өтүү менен эмгек жолунда бурулуштар болгон. 1970-1973-жылдары анын эмгек жолу Карл Маркс атындагы колхоздун Бүргөндүдөгү участкасында соода-сатык мекемесинде иштөө менен улантылган. Ал эми 1974-жылдан Калинин атындагы колхоздоун аймагында дүкөндө эмгектенген. 1976-жылдан кайрадан айыл чарбасына келип, колхоздо бригада башчылыгына дайындалган. Бул милдетти бир топ жылдар бою аркалап келип, жердин маданиятын көтөрүүгө, түшүмдүүлүктү жогорулатууга өзгөчө көңүл бурган. 1984-жыл жашы жетип пенсияга чыккандан кийин да ошол кездеги пахтадан кийинки эле кирелешүү тармак саналган тамеки көчөттөрүн бюагып-өстүрүүдө алты жыл бою иштеп, ар жылы таңгакталган тонналаган тамеки өстүргөн. Ошол кезде тамеки көчөттөрүн өстүрүүдө эң жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып, планын 153 пайызга аткаргандыгы үчүн 1985-жылы анын эмгеги бир топ сыйлыктар менен бааланган.

Өмүрлүк жубайы Айымкүл менен элүү жыл бирге жашап, ынтымактуу жашоо кечиришкен. Бул инсан беш кыз, төрт уулдун кадырлуу атасы. 39 небере, 51 чеберенин, үч кыбыранын чоң ата, тай атасы болуп, дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип олтурган чагында 1994-жылдын 27-январында бул ааламдан узады.

Молдобаева Мейликан (1924-1984)



1924-жылы Каганович атындагы колхоздо бул жарык ааламга келип, жашоо бактысына туш болгон. Ошол кезде колхоздоштуруу саясаты кызуу жүрүп жаткан кез болчу.

Совет өкмөтүнүн сабатсыздыкты жоюуга алгылыктуу көңүл буруп, жергиликтүү жаштардын окуп, билим алышына шарт жаратып, камкордук көрүп жаткан убакка анын да балалыгы туш болгон. Ал да өзү кырдуу өспүрүм жаштардын катарында мектепке барып, 7-классты ийгиликтүү аяктаган. Ошол учурда Улуу Ата Мекендик согуш башталып, тылда кары-жаш менен бирге ал сыяктуу кыздар да колхоз жумуштарында иштөөгө мажбур болушкан. Жетинчи класс билими бар болгондуктан, жаштыгына карабастан колхоздун бригадасында бригадир болуп иштеген. Кызматка толук жарактуу эркектердин баары согушка кеткендиктен, өзү курдуу жаштар менен бирге колхоз өндүрүшүнө активдүү катышкан. Күнү түнү ат минип алып, элди ишке уюштурган, жумуштан качкандар менен тынымсыз иштөөгө туура келген мезгилдер көп кайталанган, бир жагынан Батышта согуш жүрүп, экинчи жагынан тартип катуу болгондуктан, колхоздо норманы аткарбай калуу таптакыр болгон эмес. Нормага жетпей калгандар түнкүсүн айдын жарыгында да иштеген күндөр көп кайталанган.

Согуш аяктап, Жеңиш орногондо бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө да катышкан. Согуштан аман кайткан жоокер Молдобаев Мейманга өмүрлүк жар болуп, экөө ынтымактуу үй-бүлө күтүшкөн. Бирок, иштебей үйдө олтуруп калган эмес. Колхоздо пахтачылык бригадасында үзүрдүү иштеп келген. Айрыкча пахта терим учурунда кол менен пахта терген. Ал пахта терүүдө да чебер теримчи экендигин көрсөтө алган. Жарыш уюштурулганда теримчилердин алдыңкы сабына чыгып, нечен курдай алкыштарга, сыйлыктарга татыган. Эмгектеги ийгиликтери үчүн ага «Эмгектин ударниги» төш белгиси ыйгарылып, сүрөтү колхоздун Ардак тактасына илинген. Кийин жолдошу мал чарба фермасын жетектеп, ал саанчылыкты кесип катарында аздектеп, бул жумуштун да майын чыгара аткарган.

Ал кайраттуулугу, чечкиндүүлүгү менен көп колхозчу аялдардан айырмаланып турган.

Төрт уул, төрт кызды тарбиялап чоңойткон. Азыр анын уучугун улаган 35 небере, 29 чебере Мейликан Молдобаеванын өрнөктүү өмүрүн улап келет. Ал 1984-жылы ааламдан өткөн.

Эгембердиев Токон (1924-2004)



1924-жылдын 10-мартында Майлуу-Суунун капталында жайгашкан Жедигер-Көлмө деген жерде туулган. Балалыгы мына ушул аймакта өттү. Турмуш шартка байланыштуу мектепте окуй албай калганы менен өз алдынча сабатсыздыгын жоюп, билим алууга умтулган. Ошол учурдагы жаңы заманды артыкчылыгын өз көз карашында баамдай билген. Ошондуктан, колхоздун өндүрүшүнө жашынан тартып активдүү катыша баштаган.

Алгачкы эмгек чыйырын Калинин атындагы колхоздо сугатчылыктан баштап, бул кесипте он төрт жыл эмгектенип, «өсүмдүктүн каны» эсептелген суу коюунун ыгын, сырын эң жакшы өздөштүргөн. Ошол учурда түнкүсүн айдын жарыгында талаадагы эгин аянттарын сугаруу өзүнчө бир ыкма болгон. Себеби, «Түнкү сугат-өсүмдүккө кубат» деген сөздүн да өзүнчө мааниси бар эле, күндүзү өсүмдүктү сугарууга караганда түнкү сугаттын пайдасы чоң болгон. Кезегинде ал тууралуу «Алдыңкы сугатчы» деген темада макала гезит бетинде басылган. Кийин кой чарбачылыгынан эмгек жолун уланткан. Жаңы туңгуч койдон ал кезде жүзүнөн 70-80ден төл алынган. Бул инсан 92ден төл алып, Ардак грамота менен сыйланган. 1972-1984-жылдары колхоздун тубар коюн багып, жүзүнөн 107ден төл өндүргөн. Андан соң, колхоздун ирик койлорун багып, ар бир койдон беш килограммдан жүн өндүрүүнү камсыз кылган. Эмгектик ийгиликтери үчүн сүрөтү колхоздун Ардак тактасында илинип турган.

Ал жакшы жашады. Мүнөзү чечкиндүү, айылда кандай маселе жаралбасын оң жагына чече билген акылман жагы бар эле дешет. Жубайы Авазкан менен 44 жыл бирге ынтымактуу жашап, алты уул, эки кыздуу болушкан. Тун уулу Тояли Майлуу-Суу шаарындагы электр лампалар акционердик коомунда иштейт, Абдыразак жеке чарбада, Абылкашым курулушта, Курманали Россияда, Адинахан, Данахан үй кызматында, Абдимиталип, Кылычбек фермер. Баарынын өздөрүнүн бешене тери менен куралган бакыбаттуу жашоолору бар.

Өрнөктүү иштеп, татыктуу жашаган Токон Эгембердиев 2004-жылы 80 жашында дүйнө салды. Азыр анын артында 37 небере, 13 чебере таалайлуу жашоо кечирип жатышкан кез. Ал эми байбичеси Авазкан 77 жашта, уул-кыздарынын төрүндө бактылуу карылыкта жашоо кечирип келет.

Эгембердиев Токон карыянын ысмы өзү жашаган Кыргоо айылындагы көчөгө ыйгарылган. Бул анын көп жылдык үзүрдүү эмгегин баалагандык.

Байчерикова Турдубү (1924-2003)



1924-жылы Нарын областынын Ат-Башы районунун Ак-Моюн айылында туулган. Анын балалыгы да өзү сыяктуу балдардай эле өтө катаал кырдаалга туш келген. Жаштыгы Улуу Ата Мекендик согуштун татаал мезгилинде эр жигиттер кан майданда баскынчылар менен согушуп, тылда оор эмгек күч алган учурда өттү. Жашы жетип, мектептен билим алып, аны аяктагандан кийин Жалал-Абаддагы мугалимдерди даярдоочу институтта окуп, мугалим адистигине ээ болгон. Ошол кезде ал Кылалык Сарыков Айдар менен таанышып, экөөнүн жылдызы келип, турмуш курушкан. Алар кырк жылдан ашуун чогуу, бактылуу жана мазмундуу жашашкан.

Байчерикова Турдубу өз кесиби боюнча Калинин атындагы мектепте мугалим болуп үзүрдүү эмгектенген. Ал өзүнүн билимин келечек ээлерине берип, эмгегин алардын болочоктогу жаркын жашоосу үчүн жумшаган. Согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү учурунда ал жалаң мектепте, үзүрдүү иштеп, балдарга билимдин чыныгы уюткусун берүүгө умтулду. 1986-жылга чейин өзүнүн жүрөгү менен тандап алган мугалимдик адистигин аздектеген кесип ээсинин Калинин атындагы мектепте окуучуларга татыктуу билим берүүдөгү эмгеги чоң болгон. Мектепте иштеп, окуучуларга таалим-тарбия берип жүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтун сырттан окуп бүтүргөн. Ал өз өмүрүн жана талыкпаган эмгегин жашы жетип, эс алууга чыкканга дейре келечек муундарга арнап келген.

Анын эмгеги бир катар медаль, төш белгилер жана «Эмгек ардагери» медалы менен бааланган.

Өмүрүнүн акырында жолдошу (бул инсан Улуу Октябрь Революциясы орногондон кийин жаңы Совет өкмөтүнүн таасири Түштүк Кыргызстанга чейин жеткен убакта колхоздоштурууга активдүү катышкан адам болгон. Ошол учурда жаңы саясатка каршы чыккан басмачылар нечен жолу анын өмүрүн кыюуга аракеттенишип, бирок максаттары ишке ашпай калган) Айдар Сарыков менен Фрунзе шаарына көчүп кетип, Воронцовка айылында жалгыз кызы Бегай менен жашап калышкан. Бул кызынан төрт небере көргөн. 2003-жылы 80 жашында мына ушул айылда дүйнө салган.

Кочкорбаев Камчыбек(1925-1990)



1925-жылы 15-июнда Ош областынын Ленин районунун Кыла айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ошол мезгилдеги өзү теңдуу балдар жана жаштар сыяктуу анын балалыгы да татаал кырдаалга туура келген. Эң башкысы эркиндиктин жарчысы болгон Улуу Октябрь Революциясынын ак таңынын атышы ал өңдүү балдардын бактысы эле. Ошентип, ал да жаңы Совет өкмөтүнүн мектебинде окуп, билим алган. Эркин окуп, эркин эмгектенүү анын бешенесине да насип эткен.

Камчыбек Кочкорбаев 1955-жылдан колхоздун кой чарбасында иштей баштаган. Карапайым жигит өзүнүн жөндөмү, мээнеткечтиги менен жетекчилердин ишеничине кирген. Тапшырылган ишке жоопкерчилик менен мамиле кыла билгендиктен, аны 1961-жылдан Калинин атындагы колхоздун башкы чабандыгына дайындашкан. Ошол кездеги жооптуу милдет болгон кесипти ал жакшы өздөштүрүп кеткен. Себеби, короо толгон мамлекеттик койлорду көз карегиндей сактай жана бага билүү баарынын эле колунан келе берген эмес, ошону менен бирге бул милдет өз ишине тыкан, ак иштеген адамдарга гана жүктөлгөн.

Чабандык кесиптеги татыктуу эмгеги үчүн ага ишеним берилип, ошол жылдан Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. Ал чабандык кесипти аркалоо менен ошол мезгилде колхоздун экономикалык деңгээлин көтөрүүгө зор салымын кошкон. 1955-жылдан бери 1990-жылга чейин кой чарбасында чабан болуп иштеп, бул кесиптин ысык-суугуна күйүп, төл жана жүн кыркып алууда пландарын ашыгы менен тапшырып, бир топ мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон.


Ал 1973-жылы койлордон төл, жүн алуудагы эмгектик жетишкен ийгиликтери жана алынган төлдү аман асырагандыгы үчүн «Эмгектин лауреаттыгына» ээ болгон. 1975-жылы «Тогузунчу беш жылдыктын жеңүүчүсү» төш белгиси, 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган.

1978-жылы эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн ага сыйлыкка «Жигули» автоунаасы ыйгарылган.

Азыркы учурда он баланын ардактуу атасы. 34 небере, 50 чеберенин чоң ата, таятасы болгон.

Пенсия жашына жеткенде чабандык кесибин уулу Адылбекке өткөрүп берген. Бирок, пенсиясын алууга үлгүрбөй 1990-жылы 65 жашында дүйнө салган.

Кубатова Бурулкан (1925-1999)



1925-жылы Көк-Таш айылында жарык дүйнөгө келген. Ал көп балалуу үй-бүлөдө тарбияланган. Төрт уул, үч кыздуу үй-бүлөдө чоңоюп, ал кыздардын үчүнчүсү эле.

Ата-эненин мээрими астында балалык кез өтүп, секелек убак артта калып, бойго жетип, болочок жолдошу Мейманкул Кубатовго өмүрлүк жар болду. Ошентип, 1948-жылы экөө турмуш жолуна бирге кадам ташташып, бекем, ынтымактуу үй бүлө курушту. Мына ушул ажайып жашоо турмуштун өйдө-ылдыйын, анан да кызыктуу ирмемдерди өз ичине камтыды. Эки инсан курган бактылуу үй-бүлөдө жашоо кадимкидей уланып, 43 жыл бактылуу өмүр сүрүштү. Татыктуу эмгектенип, өрнөктүү жашашты. Алардын таалайлуу өмүрү көптөгөн үй-бүлөгө үлгү болду.

Бурулкан Кубатова өзүнүн эмгек жолунда өмүрүн өз балдарына жана колхоздун балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенип, мындагы балдарга өзүнөн жаралган уул-кыздарындай мээримин төгүп, аларга камкордук көрүү менен иштеди. Анын 30 жылдай ашуун эмгеги балдар бакчасында балдар менен өттү. Жаш балдарды жан дили менен жакшы көргөн бул аялзатын балдар да жакшы көрчү, дайыма анын мээримин өз энесиникиндей кабыл алган наристелерге ал өзүнүн эмгегин сарптады. Бул аялзаты жетим жесирлерден кайрымдуулук жардамын да аячу эмес.

Бурулкан Кубатова өзүнүн жасаган иши, үлгүлүү жүрүш-турушу, акылдуу кеби менен кадыр-барк тапты. Анын акыл-насаатына кулак салган боз улан, жаңы гана турмушка кадам койгон үй-бүлөлөр да чекилик кетирсе, кайра түзөлүп, ынтымакка келишчү. Ошол үчүнбү айтор Бурулкан энебиздин эл ичинде «Болуш эне» деген аты бар эле.

Бул дөөлөттүү эне үч уул, беш кыздын сүймөнчүктүү энеси, жыйырма бир небере, үч чеберенин кадырлуу тай эне, чоң энеси болгон. Турмуштун баалуулугу энеден төрөлгөн балдардын жаманчылыгы болбой татыктуу өсүп-жетилиши тура. Катарынан төрөлгөн наристелер эрезеге жетип, эненин кубанычы эле, эненин тарбиясы алардын турмушунун жемиши, бүгүнкү бакыбаттуу жашоолорунан көрүнөт. Эң башкысы кезегинде бул Бурулкан энеге Жараткан берген бактысы болчу.

Айтимбетов Кайым (1926-2005)



1926-жылы бул дүйнөгө келген. Кайымдын төрөлүү мезгили аябай татаал кырдаалга мезгилге-Улуу Ата Мекендик согуш башталып, колунда курал кармаган жаш уландар, эли жерин коргоону каалаган азаматтардын баары замбиректин үнү кулакты тундурган, кан болсо дайрадай аккан майдан тарапка жол алышкан. Ал эми тылда жалаң жаш балдар, кары-картаң, аялдар калган. Ошентип Кайым да он беш жашынан тарта тылда эмгектене башталган. 20 жашында атасынан, 22 жашында апасынан ажырап, бир туугандарын багуу эми Кайымдын мойнуна жүктөлгөн. Ошол мезгилдер ал үчүн аябай оор эле, бир жагынан Улуу Ата Мекендик согуштун айылга да тийгизген таасири болсо, анан да анын кыйынчылыгы, экинчи жагынан жетимчиликтин, жетишпестиктин азабы…

Согуш аяктап, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө кадамдар башталып, бара-бара турмуш нугуна түшө баштаган. Ал ошол кезде колхоз өндүрүшүндө талыкпай иштеди. Карапайым жигит өзүнүн бешене тери менен жашоо кечирип, эмгектин маңызын, артыкчылыгын сезе. туя билди. 1947-жылы тагдыр буйруп анын бактысына жакшы кыз туш болду, өмүрлүк жары Бүйрөк менен баш кошуп, бекем, туруктуу үй-бүлө күттү, Экөө бирдейинен бир бирине таяныч болуп, колхоз өндүрүшүндө жигердүү эмгектеништи.

Кайымдын Айтимбетовдун колхоздун айыл чарбасындагы татыктуу эмгеги бааланып, атайын 1957-жылы Москвага чакыртылып, «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган.

1970-жылы Лениндин 100 жылдыгына карата «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган. 1990-жылы «Эмгек ардагери», 1996-жылы «Жуков» медалдары ыйгарылды.

Жубайы менен бактылуу жашоо кечирип, эки кыз, төрт уулду тарбиялап, эрезеге жеткиришти. Жубайы 2005-жылы жарыкчылык менен коштошту. 2006-жылы бул инсан да 63 жашында дүйнө салды. Анын артында 22 небере, 47 чебере калды.

Жүдөмүшов Тешекул



1926-жылы (паспортунда 1928-жыл деп жазылган) июнь айында жарыкчылыкка келген. Анын балалыгы Көп-Там айылында өттү. Жашы жеткенде Семетей болуштун мейманканасында Мамаке мугалимден окуган. 1940-жылы 5-классты бүткөн, 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталганда окуу токтотулуп, андан ары билим ала албай калган. Ошол кезде 14 жашта болгон. Батышта согуш оту алоолонуп, ал эми тылда карапайым эл кыйынчылыкка чыдап, жер иштетип, мал багып, жеңиш үчүн салым кошууга умтулган. Жаш балдардын катарында ал да колхоз ишинде тынбай эмгектенген. Мектепте окуп, билим алгандыктан, ага алгач пахта бригадасында, кийин дан бригадасында табелчилик жумушту тапшырган.

Согуш аяктап, жеңиш орногондон кийин 1949-жылы ал колхоздун коюн алып, чабандык кесипти аздектеп келди, кышында кыштоодо байыр алып, жайында жайлоого көчүп түйшүктүү, бирок ошол кездеги ардактуу кесипти аркалады. Алгач ирик кой бакса, кийин 500 койду бордоп багып, ар биринин салмагын 70 килограммдан кемитпей семиртип, мамлекетке өткөрүп жүрдү. Бир да жыл планын аткарбай калган убак болгон эмес.

Тешекул Жүдөмүшовдун эмгектик жетишкендиктери бааланып, эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнө катышууга мүмкүнчүлүк берилген. Айыл чарба кызматкерлеринин сьездинде 90 эмгек алдыңкысына сыйлык тапшырып, алардын катарында ал да айыл чарба министри Болот Мамбетовдун колунан 10 метр чийбаркут алган. Ал кезде мындай баалуу сыйлыктар да өтө жакшы эмгектенген кесип ээлерине ыйгарылган. 1970-жылга чейин ал колхоздун малын багып, жубайы Гүлай менен саанчылык кесипти аздектеп, уйлардан арбын сүт өндүрүп келди. 1974-жылдан кайрадан тубар кой багып, төл алуунун пландарын ашыгы менен аткарган кездер көп ирет кайталанды.

Ал учурда алдыңкыларга берилгени көбүнчө килем, кыжым, кой боло турган. Анан да эмгектеги ийгиликтери үчүн «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси менен «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылды.

Татыктуу иштеди, барктуу жашады. Үч уул, беш кызга кадырлуу ата болду. Катарынан 30 небере, 8 чебере көрдү, алардын бактысына сүйүндү. Уул-кыздары турмуштан орун табышты, атанын кадырына сыйынышты. Азыр 90 жаштагы карыя байбичеси Гүлай менен Көп-Там айылындагы урмат-сыйга бөлөнгөн татыктуу инсан.

Эрменов Мундуз (1926-2012)



1926-жылы 9-майда Ош областынын Ленин районунда азыркы Тоскоол-Ата токой чарбасынын Мисте Мазар айылында жарык дүйнөгө келген. Анын боз улан кези каардуу согуш мезгилине туура келип, гүлгүн жаш курагы чоңдор менен теңме-тең эмгектенип, фронттогу кан кечкен аталардын, агалардын жеңишине арналган.

1947-жылы март айында Эрменов Мундуз НКВДнын ички аскерлер курамында аскердик милдетин Украинанын Киев шаарында өтөгөн.

Эл чарбасын көтөрүү үчүн немис туткундарынын эмгегин пайдаланышкан. Молдавиядан немис туткундарын коштоп келип, аларды иштетүүгө ошол кездеги кызыл аскердин жоокери Мундуз Эрменов да активдүү катышкан.

1951-жылы аскерден келип, 1952-жылдын март айынан тартып, Каганович атындагы колхоздо дан эгиндери бригадасын жетектей баштайт. Ал жылдары адырдагы кайракы жерлерди (суу чыкпаган жерлерди) буурсун менен айдашып, кол күчү менен эгин жыйнашып, ар гектар аянттан 22 центнерден түшүм алууга жетишкен. Мындай түшүм алуу ошол мезгилдеги, эң зор ийгилик, жогорку көрсөткүч болгон. Ал эми 1957-жылы айыл чарба өндүрүшүндө алдына ат салдырбаган мыкты адис катары Эрменов Мундузду ошол мезгилде стратегиялык зор мааниге ээ болгон пахта өндүрүшү боюнча бригадирликке которушат. Алгачкы эле жылы ар гектар аянттан 30 центнерге жеткирип, пахтанын түшүмүн алышкан. Мындай ийгиликтер жылдан жылга жогорку көрсөткүчтөргө көтөрүлүп олтуруп, акыркы 1980-1986-жылдары пахтачылыкта түшүмдүүлүк гектарына 40 центнерден 45 центнерге чейин өсүп жеткен. Бул ошол кездеги рекорддук көрсөткүч болгон.

Өмүрүнүн дээрлик 35 жылын бригадирликке, жалпы 46 жылын республиканын айыл чарбасына арнаган. 1986-жылы республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыккандан кийин да эки жыл эмгектенген.

Анын айыл чарбасындагы татыктуу эмгеги 1971-жылы 21-мартта СССР Жогорку Советинин Президиумунун «Күжүрмөн эмгеги үчүн» медалы,1977-жылы 10-январда «Эмгек Кызыл Туу» ордени, 1984-жылы 18-августта СССР Жогорку Советинин Президиумунун чечими менен «Эмгек ардагери» медалына , КРнын Ардак грамотасына татыктуу болгон.

1970-жылдан тартып, алты жолу Кыла айылдык Советине, 1975-1985-жылдары Ленин райондук Советине депутат болуп шайланган.

Жубайы Эрменова Санталат менен 1956-жылы баш кошушуп, ынтымактуу үй-бүлө курушкан жана алты уул, төрт кызга татыктуу ата-эне болушкан. 36 небере, 5 чеберенин бактылуу чоң ата, таятасы болгон.

2012-жылдын 20-апрелинде 86 жашында дүйнө салган.

Мырзакматов Калил (1926-2000)




1926-жылы 1-сентябрда Ош областынын мурдагы Ленин (Ноокен) районуна караштуу Кыла аймагында туулган. Жашы жеткенде балалыгы өткөн айылындагы мектептен билимге ээ болгондон кийин, 1951-1954-жылдары Советтик Армиянын катарында Сочиде кызмат өтөгөн. Жоокердик милдетин үлгүлүү аткаргандыгы үчүн аскердик бөлүктүн командири тарабынан алкыштарды алып, Ардак грамоталар менен сыйланган. Аскердик такшалуудан ийгиликтүү өтүп, айылына кайткан жаш жоокер өз жеринде калып, эмгектенүүнү чечкен. 1955-жылдан баштап, өз мезгилинин алдыңкы, билимдүү жаштарынын бири катары Ленин районунун Кыла селолук советинде катчылык кесипти аркалай баштаган. Ошол кезде бул кызматтын кадыр-баркы жогору болгон. Анын үстүнө Калил Мырзакматов ал милдетти чоң жоопкерчилик менен аткарып, илериңки жана кичи пейил кызматкер катары бат эле көпчүлүккө таанылган. Кийин колхоздун өндүрүшүнө активдүү катышып, чарба иштерине аралашып, эмгек жолун татыктуу уланткан. Тактап айтканда Калинин атындагы колхоздо кассир, мал чарбасы боюнча эсепчи, андан кийин 1993-жылга чейин кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, бул кызматтарда жемиштүү эмгектенип, урмат-сый менен ардактуу эс алууга чыккан.

Ал эмгектик да, үй-бүлөлүк да бактысын таба алды. Өзүнө жарашкан жар күтүп, экөө ынтымактуу жашоо кечиришип, жети уул, эки кыздын бактылуу ата-энеси болушкан. Балдарынын баарын адамдык касиетти бийик сактоого тарбиялап, окутуп, турмуштан өз ордуларын таап алышында бул инсандын чыныгы аталык эмгеги бар. Атанын берген татыктуу тарбиясынын жемиши чыгар, азыр бул инсандын уул-кыздары окуп, тандап алган кесиптери аркылуу түрдүү тармактарда эл кызматын аркалап жатышат.

Демек Калил Мырзакматов кадыр-баркы бар, кыргыздын нукура элдик каада-салттарын, нускалуу үрп-адаттарын мыкты билген жана баалаган карыя катары эс алууга чыккандан соң да кадыр-баркы менен жашап, 2000-жылдын 1-майында 74 жашында дүйнө салган.

Усанбаева Мактымай



1926-жылдын 1-июнунда Кыла айылында туулган. Эс тартканда мектепке кирип, 7-классты аяктап, ошол эле убакта мектепте мугалим болуп, окуучуларга сабак берген. Улуу Ата Мекендик согушта да түшкө чейин окуучуларды окутса, сабактан соң, колхоз ишине жардам берген. Анын Жаңы-Турмуш орто мектебинде мугалим болуп иштеген убагы 1942-жылдан башталган. Ал эми 1949-жылдын 2-апрелинен тартып, Ленин райондук китепканасынын башчысы болуп иштей баштаган. Ал бул жерде көп жылдар эмгектенген. 1964-жылдын 20-августунан Кыла айылдык китепкананы жетектесе, 1972-жылдын 26-февралынан балдар китепканасынын башчысы болуп иштеген. Ал өзүнүн эмгегин жалаң адам баласына руханий азык берген китепканада иштөөгө арнаган.

Ал 1969-жылы Токмоктогу маданий агартуу окуу жайын аяктап, квалификациялуу китепканачы адистигине ээ болгон.

1976-жылдын 1-февралынан тартып, Усанбаева Мактымайдын өзү көнүгүп, каныккан китепкана ишиндеги эмгеги улантылып, Кыла айылдык кеңешинин Калинин атындагы колхозундагы китепканада иштеп, айыл элинин китепке болгон кызыгууларын арттырууга умтулган. Ал учурда китепканадан кары-жаштын агымы үзүлчү эмес. Мектеп окуучусунан тартып, пенсиядагы карыга чейин китепке кызыгуу өтө күчтүү болгон. Алар китеп окуу менен жалаң жакшылыкка тарбиялаган бул руханий байлыктын кереметин сезип, турмушка болгон көз карашын кеңейткен.

1976-жылдын 10-декабрынан китепканалар борборлоштурулган учурда Кыла селолук Советиндеги китепканада китепканачы, 1980-жылдын 1-мартынан аталган китепкананын Калинин участкалык филиалында ага китепканачы болуп эмгектенген. Андан соң, китепкананын №1-филиалында жигердүү иштеген.

Үй-бүлө күтүп, эки кыздуу болуп, аларга энелик чыныгы тарбиясын берген. Азыр кенже кызы Рабыкан менен Кочкор-Ата шаарында жашайт. Эмгектик да, үй-бүлөлүк да бактысын тапкан, 90 жаштагы кадыр-барктуу, дөөлөттүү эненин 8 небереси, 24 чебереси, 6 кыбырасы бар.

Бегимкулов Үтүр (1926-1996)



Оңдо

1926-жылдын 13-июнунда Жазгак айылында туулган. Атасы Бегимкул ошол кезде болуш болуп, эл бийлеген дешет. Апасы Раатбү төрт баласына энелик мээримин берип, убактысын дайыма балдарынын тарбиясына жумшаган. Ал жашы жетип, мектепке кирген учурунда колхоздоштуруу кызуу жүрүп жаткан. Ошону менен бирге сабатсыздыкты жоюу да курч маселеге айланган. Ал бар болгону 3-класска чейин гана мектепте окуган. Ошол учурда күтүлбөгөн жерден Улуу Ата Мекендик согуш башталып, билегинде күчү, жүрөгүндө жалыны бар жигиттер менен улуулардын баары согушка кетип, колхоздо жумушчу күч жетишпей калган. Мына ошондуктан, тылда да жумуш кызып, күчтүн көпчүлүгү Үтүр Бегимкулов сыяктуу жаш балдарга жүктөлгөн. Ошол кезде он беш жаштагы өспүрүм бала, улуулар менен бирге менен жер чаап, эгин эгип, кырманда буудай сапырып, жумуштун оор-жеңили деп тандабай талаада иштеди.

Согуш аяктагандан кийин, бир чети тынч жашоонун өкүм сүрүшү эл үчүн кубаныч болгону менен жумуш токтогон жок, кайрадан бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн жапырт киришишти. Мына ушул учурда эрезеге жетип, жигиттик куракка келип калган Үтүр Бегимкулов колхоз өндүрүшүнө активдүү катышты. Кийинчерээк мал чарбасында эмгек жолун улантып, бир короо кой алып, кышында кыштоодо кыштаса, жайында жайлоодо жайлап, чабандык кесипти аздектеп келди. Ал бул тармакта 1983-жылы пенсияга чыкканга дейре, баары болуп, 41 жыл жемиштүү эмгектенди. Кезегинде жүз тубардан 100дөн ашырып, көрсөткүчү андан да жогорулап, ар жүз баштан 150дөн төл алган учуру болду. Адал эмгек, чыныгы бешене тер менен жаралган эмгектик жетишкендиктер анын атын алыска таратып, төшүнө жаркыратып, орден-медалдар тагылды.

Анын чабандык кесиптеги үзүрдүү эмгеги «Ардак белгиси» ордени менен бааланып, «Эмгек ветераны» медалы менен сыйланды.

Жубайы Ашираим экөө 1946-жылдан чогуу жашап, 50 жыл өмүр сүрүштү. Беш кыз, үч уулга татыктуу ата-эне болушту. Алардан эки уул, төрт кызды эрезеге жеткиришти. Алардан 30 небере, 17 чебере жарыкчылыкка келди.

Эмгегин жалаң мал чарбасына арнаган бул инсан 1996-жылы 26-июнда жарыкчылык менен коштошту.

Уметалиев Эргеш (1926-2000)



1926-жылдын 19-июлунда Кыла айылында жарык дүйнөгө келген бул адамдын да өзүнүн өткөн тарых тарыжмалы бар. Ал кезде баары эле мектептен орто билим алган эмес. Жаңы өкмөттүн таасири кеңири жайылып, карапайым элдин бактысына эркиндиктин нуру жанганы менен көрө албас, бут тоскондордун айынан турмуш бат эле оңоло койгон эмес. Ошондуктан, мектептен бар болгону 4-класстык билим алып, сабатсыздыгын жойгон. Андан ары окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Эс тартып, ишке жарап калганда жасаган жумушу колхоз иши болду.

1945-жылдан тартып, колхоздун жылкысын багып, кыргыз эли эзелтен кастарлап келген жылкыны өнүктүрүүгө салымын кошуп, эмгегин жалаң мына ушул кесипке арнады. Өмүр бою мына ушул жылкычылыкты аркалап, бир эмес, үйүр-үйүр жылкы багып, жылкычылык канчалык түйшүктүү болгону менен ырахатын да көрдү. Төрт, кээде беш үйүр жылкылары дайыма жакшы, семиздикте багылчу. Байбичеси Малика бээ саап, экөөлөп кымыз өндүрүп, Майлуу-Суу шаарындагы ооруканага өткөрүшчү, калганын колхозго тапшырышат.

Ошентип, кышында кыштоодо, жайында жайлоодо байыр алып, жаштыгынан тандап алган кесибинин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, кандай гана мезгил болбосун жылкычылыктын ыгын да, сырын да өздөштүрдү. Каныгып, тажрыйба артты. Дасыккан жылкычы атына конду. « Жылкы адам канаты» деп бааланып келген жылкычылыкка өзүнүн көп жылдык баалуу эмгегин сарптаган Эргеш Уметалиев 1987-жылга чейин үзүрдүү жана жемиштүү иштеп, эс алууга чыкты.

Анын жылкы чарбасын өнүктүрүүдөгү кайратман эмгеги «Эмгектин эпкиндүүсү», «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгилери менен бааланды. 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалына татыктуу болду.

Ал эмгегинен да, үй-бүлөсүнөн да бакыт тапты. Жубайы Малика менен 45 жыл бир жастыкка баш коюп, ынтымакттуу жашоо кечиришти. Төрт уул, төрт кызды тарбиялап өстүрүп, эрезеге жеткиришти. Ата-эненин үмүтүн актап, алар да окуп, билим алып, татыктуу жетилишти. Турмуштан өз ордуларын таап, үй-бүлө күтүштү. Эгерде азыр бул инсандын көзү тирүү болгондо 37 неберени, 63 чеберени жетелеп, алардын бактылуу күлкүсүнө машырлана жашоо кечирип олтурмак.

Атаганат, кымбат өмүрдүн аздыгы, 2000-жылы 74 жашында дүйнө салды.

Көчөров Маман (1926-2012)



1926-жылы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал Совет бийлигинин таасири Кыргызстанда кеңири жайылып, жаштардын билим алып, окуусуна мамлекет өзгөчө көңүл буруп жаткан мезгилде анын балалыгы өттү. Бирок, ошол кезде кырдаал жеңил эмес болчу. Эл эми гана жаңы саясаттын артыкчылыгын түшүнө баштаган. Эң бир чоң утуш, карапайым эл караңгылыктан кутулуп, эркиндикке, өз укугун талашууга, эркин окуп, жашап иштеп, эркин сүйлөө эркиндигине ээ болду.

Беш жылга созулган Улуу Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктап, эл ошол татаал кездеги бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө жапатырмак киришкен мезгилде ал да колхоз ишине аралашып, алгач чабандын жардамчысы болуп эмгек жолун баштап, кийин бул кесипти биротоло өздөштүрүп, өз алдынча кой багып, колхоздун кой чарбасынын өнүгүшүнө салым кошуп келди. Төл алуу, жүн кыркуу жумуштарында пландарын ашыгы менен аткарып, жетишкен ийгиликтери үчүн колхоздун, райондун, республикалык деңгээлдеги сыйлыктарга ээ болгон.

1972-жылы ал чабандык кесиптеги ийгиликтери, ар бир койдон 120дан жогору төл алуудагы баа жеткис эмгеги үчүн Калинин атындагы колхоздун жетекчилиги тарабынан «Москвич-412» маркасындагы жеңил автоунаасы менен сыйланууга татыктуу болгон. Мындай сыйлык мыкты иштеп, эмгектеги жогорку көрсөткүчтөрдү жараткан чыныгы кесип ээлерине гана ыйгарылаар эле.

1979-жыл анын турмушундагы кубанычтуу ирмемдерди камтыды. Кой чарба тармактагы көп жылдык үзүрдүү эмгеги үчүн ага «Эмгек даңкы» ордени тапшырылган. Мал чарбасына жана колхоздун экономикасын көтөрүүгө кошкон чоң салымы үчүн эмгеги бааланып, эс алууга чыгар алдында экинчи жолу өкмөт тарабынан «Нива» унаасы менен сыйланууга татыктуу болгон.

Жубайы Бурулай менен узак жылдар ынтымактуу жана бактылуу өмүр сүрүп, он баланы тарбиялап, окутуп, кесипке ээ болушуна чыныгы ата-энелик камкордугун көрүшкөн. 2012-жылы бул тирүүлүк менен коштошкон инсандын уул-кыздарынын ар бири азыркы кезде республикабыздын булуң-бурчунда турмуш жолуна ишенимдүү кадам таштап, үй-бүлө күтүп, элге кызмат кылышып, мезгилдин агымы менен жашоо кечирип келатышкан убагы.

Атамкулов Элбек(1927-1990)



1927-жылы Майлуу-Суу өрөөнүндө кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жаш кезинен ата-энесинин колунда тарбияланып, балакатка жеткенде айылдык мектепте 7 жылдык билим алган. Окуусун улантууга ошол кездеги оор кырдаал, турмуштук кыйынчылыктар мүмкүнчүлүк берген эмес. Балалыгынан чыйрак, тетик өскөн жигит, турмушка жөндөмдүү болуп, жетилгендиктен жаш убагында эле айылдык кеңештин катчысы болуп эмгектене баштаган.

Жигиттик куракка келгенде 1946-жылдан Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик милдетин да ар-намыстуулук менен өтөп келген. Андан соң согуштан кийин кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүүгө активдүү катышып, колхоздун кандай гана жумуштары болбосун иш тандабай ак ниет эмгегин сарптаган. Анткени, жашынан анын ой-тилеги айылда калып, өз жеринин өсүп-өнүгүшүнө салым кошуу болгон.

1959-жылдан Калинин атындагы колхоздо тоют бригадасында ошол кездеги өтө жооптуу, бирок баалуу кызмат болуп эсептелген учетчиктик милдетти ак ниети менен аткарган. Жашынан иштеп, бул жумушту так жана жоопкерчилик менен аткарууга каныгып калган Элбек Атамкуловго 1962-жылдан колхоздун сүт товар товар фермасында учетчик болуп иштөө тапшырылган. Бул жерде да атына жаман сөз угузбай, кемчилик кетирбей, алдына камчы салдырбай таза иштеген. Тапшырылган жумуштун майын чыгарып, дайыма кынтыксыз, туура иштеп келген кесип ээсине колхоздун жетекчилеринин ишеними артып, 1963-жылы аны сүт товар фермасынын башчылыгына дайындашкан, бул кызматты 1965-жылга чейин аркалап келген. 1965-1968-жылдары кой-товар фермасынын башчылыгына которулган, мында да жемиштүү иштеген.1968-1970-жылдары диспетчер, 1970-1977-жылдары кайрадан сүт товар фермасында учетчик болуп үзүрдүү иштеп, 1977-жылдан өмүрүнүн акырына чейин колхоздо тоют цехин башкарып иштеген.

1990-жылы катуу оорудан улам, саламатчылыгы начарлап, пайгамбар жашы деп эсептелген 63 жаш курагында бул ааламдан биротоло коштошкон.

Бирок, аз жашаганы менен өз өмүрүн колхоздун экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүнө жигердүү салым кошуп келген бул инсандын басып өткөн эмгек жана өмүр жолу кийинки муундарга өрнөк болуп келет.

Кадыров Курбанали (1927-2015)



1927-жылы Курбан айт күнү жарыкчылыкка келген. Анын ысмын да мына ушул ыйык күнгө байланыштырып коюшкан. Балакатка жетип, эс тарткан кезде мектептин босогосун аттап, мугалимден «А»деген арипти үйрөнүп, 4-классты бүтүргөн.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 14 жашар бала кези. Үйдө жатчу учур эмес. Ойносо оюнга тойбой турган мезгилде анын балалыгы мына ушул татаал кырдаалга туш келип, колхоз өндүрүшүнө катышкан. 13 жашынан атасынан ажырап, турмуштун катаалдыгын башынан өткөрдү.

1950-1954-жылдары Түркмөнстанда Советтик Армиянын катарында эр жигиттик милдетин өтөгөн. 1955-жылдан колхоздо эмгек жолун улантып, эки жыл финагент болуп иштеген. Өз ишине берилген эмгеги менен курдаштарынан айырмаландыктан, 1962-жылы КПССтин катарына кабыл алынды. 1968-жылдан колхоздо устачылык менен алектенип, бул өнөрдүн ыгы менен сырын өздөштүрө баштайт. Бара бара жетилип, такшалган уста болуп чыга келди. Колу сындуулугунан аны баары кадырлаша турган. Бул кесипте 1983-жылга чейин эмгектенди. Андан соң, 1988-жылга дейре колхоздо пахтачылык бригадасын башкарып келди. Ошол жылдан тарта бригадирлик ишин тапшырып, өзү билген жер сырын өздөштүрдү. Катардагы колхозчулук жумушунда пенсияга чыкканга чейин эмгектенди.

Өзүнүн эмгек жолунда чыныгы бешене тери менен жашоо кечирип келди. Ал колхоз өндүрүшүндөгү үзүрдүү эмгеги үчүн «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган.

Айылда омоктуу сөзү, акылдуу кеби менен кадыр-барк менен жашады. Түйүндүү маселе чыга келгенде анын акылы менен оң жагына чечилээр эле. 2006-жылы Ажыга барып, мусулманчылыктын улуу жана ыйык парзын өтөп келген. Айылдагы көчөгө бул инсандын ысмы берилген.

Байбичеси Айсара менен 62 жыл бирге жашап, беш уул, алты кызды тарбиялап эрезеге жеткиришти. Элдин эсинде каларлык өрнөктүү өмүр сүрүштү. Көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн жубайына «Баатыр эне» ордени ыйгарылган. Алар 43 неберелүү, 44 чеберелүү, 8 кыбыралуу болушкан.

2015-жылдын 25-сентябрында 88 жашында кадырлуу карыя жашоонун бардык кубанычтары менен жыргалын артка калтырып, оо дүйнө сапар алып кете берди.

Жунусов Эгем (1927-2014)



1927-жылдын 18-апрелинде Кыла селолук Советине караштуу Калинин атындагы колхоздо жарык дүйнөгө келген.

Айыл жеринде балалыгы өтүп, жашынан ишке үйрөнгөн зирек бала бой тартпай туруп эле колхоз өндүрүшүнө катыша баштаган. Согуш башталганда он төрт жаштагы өспүрүм кезде болгон. Тылда калган кары-картаң, жаш балдардын катарында ал да колхоз жумуштарынан калбай күнү түнү иштеген учурлар көп болгон. Анткени ал кезде, бардык жасалган аракеттер «Жеңиш үчүн» деген ураан менен жүргөн. Балакатка жетип, жигиттик куракка келгенде колхоздун пахта, эгин талааларында сугатчы болуп эмгектенди, суу коюунун да өз ыгы, сыры болот эмеспи. Анткени, өсүмдүктүн бат жетилиши, түшүмдүн мол болушу сугатчынын эмгегине байланыштуу. Бул кесиптин кыйынчылыгы болгону менен бара бара баарын үйрөндү. Турмуштун кыйынчылыгы аны жашынан каныктырып, эмгекке такшалтты. Техника жок болгондуктан, жерди соко менен айдап, эгин эгишти. Бул жумуштарга да дайыма эринбей катышты.

Эгем Жунусов 1959-жылдан мал чарбасында иштей баштады. Колхоздун биринчи туут кунажынын багып, музоосун башка асырап карап, кезеги келгенде сүт товар фермасына өткөрүп берип, кийинкисин алып, аны да дал ошондой шартта жакшы карачу. Бир да музоону чыгашага учуратпай жакшы баккандыктан, жетекчилер анын ишине ыраазы болуп, башка жерге барганда анын эмгегин өрнөк катарында мисал келтиришип, курч, чечкиндүү, сөзгө бек, кайратмандыгын дайыма мактоо менен айтышаар эле.

Ал 1987-жылга чейин мал артында жүрүп, бул иштин өтөөсүнөн дайыма ийгиликтүү чыкчу. Кесиптин оорун да, жеңилин да көтөрдү. Акыры акебети кайтып, эмгегинин жемишин көрдү. Алдыңкылардын катарында даңкталып, алкыштарды, сыйлыктарды алды. 1970-жылы «Эмгек сиңирген колхозчу», 1975-жылы «Тогузунчу беш жылдыктын жеңүүчүсү», 1984-жылы «Коммунисттик эмгектин ударниги» төш белгилери, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланды.

Жубайы Арзыкан Жунусова менен ынтымактуу жашоо кечиришти. Алардын үй-бүлөсүндө сегиз уул, эки кыз жарыкчылыкка келишти. Атанын камкордугу менен уул-кыздары окуп, билим алып, ар түрдүү кесиптерге ээ болушту, өздөрүнчө үй-бүлө күтүшүп, ар бири бакыбаттуу жашоо кечирип келишет. Азыр Эгем Жунусовдон тараган 32 небере, 11 чебере бул инсандын өрнөктүү өмүр жолун улап келишет.

Бул эмгек адамы балдарынын төрүндө дөөлөттүү жашоо кечирип, 2014-жылы 87 жашында дүйнө салды.

Мисиров Абжапар (1927-2015)



1927-жылы Үч-Терек районундагы (азыркы Токтогул) Жаз-Кечүү сельсоветинде кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Согуш башталган жылдары өгүзгө, бээге кош кошуп, колхоздо иштеген, чана менен кырмандан кампага дан ташыган. Согуш бүткөндөн кийин жети жылдык мектепти аяктап, 1953-жылы Жалал-Абаддагы бир жылдык зооветеринардык окуу жайын бүтөт. Ошол жылы тага журту Кылага көчүп келишет да, эки жыл мал чарбасында санитар болуп иштейт. 1955-1956-жылдары Советтик Армияда кызмат кылып, Эстониянын Тарту шаарында кызмат кылат. 1956-жылдан 1986-жылга чейин 30 жыл бир кесипте табелчи болуп эмгектенип эс алууга чыккан. Ал абдан таза, жөнөкөй инсан. Өткөн кылымдын 70-80-жылдарында областыбызда пахта планы абдан курч болчу. Пахта сезону жылдын аягына 25-29-декабрларга чейин созулар эле. Башканы кой мектептердин ар бир окуучусу күнүнө 80 килограммдан кем эмес пахта терүү боюнча норма белгиленчү. Ал норманы аткаруу милдет болгон. Кээ бир окуучулар 90-100 килодон ашыра пахта терип, башкаларга үлгү болушар эле. Албетте, Абжапар Мисировдун балдары дагы эл катарында эмгекте сыналышкан. Бир жолу анын өзүнүн балдарынын бири терген пахтасын тарттырганда 99 килограмм чыгып калат. Тараза четинде тургандар: “Балаңыз эмеспи, бир кило пахта кошуп коюңуз, жүз кило болуп калсын”,- деп сунуш кылышат. -Жок, мүмкүн эмес, талаага барып бир килограмм пахта терип чыксын,- деп айтканын азыр да эскерип калышат.

Тунгуч кызы Бурабия Мисирова 1975-жылы орто мектепти бүтүп, ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик университетине өз күчү менен өтүп, 1980-жылы анын филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. Азыр ал мугалим, отуз жылдан бери өз адистиги боюнча районубуздагы Б. Дамашев орто мектебинде эне тили боюнча окуучуларга сабак берүүдө. Абжапар Мисиров ушул кызынын аракетин калган төрт уул, эки кызына үлгү катары көрсөтүп, аракет кылган адам, сөзсүз ийгиликке жетишет деп ишендирген.

Уулу Эркинбек Мисиров КМУнун тарых факультетин бүткөн. Азыркы учурда Кочкор-Ата шаарында “Кыргызнефтегаз” ААКда документтерди сактоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатат. Талантбек Мисиров — Бишкектен Кыргыз медициналык институтун бүткөн, Кочкор-Атадагы ооруканада реанимация бөлүмүндө иштейт. Кызы Сапаргүл Мисирова дагы Бишкекте, тигүүчүлүк кесиби боюнча окууну бүтүп, шаарда тигүүчү болуп эмгектенет. Эмилбек Мисиров — мединститутту бүтүп, азыр өзү окуган институтта иштейт. Самарбек Мисиров — Кочкор-Атадагы кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн. Шаардагы өрткө каршы кызматында иштейт. 17 небере, 4 чебере көргөн.

Эмгек ардагери, айылдын кадырлуу аксакалы, жаштардын насаатчысы — Абжапар Мисиров Бостон айылында жашап, 2015-жылы каза тапты.

Төлөнов Гуламкадыр (1928-1997)

1928-жылы 5-декабрда Кыла айылында туулган.1953-жылы Пишпепте техникумда окуп бүтүргөн, бирок ага чейин эле билимге сугарылгысы келген жаш талант Андижандагы институтту бүтүрүп, агроном кесибинин ээси болгон.

Анын алгачкы эмгек чыйыры 1953-жылы Бүргөндү машина-трактордук станциясында участкалык агроном болуп иштөө менен башталган. Андан кийинки эмгек жолу 1955-жылы Калинин атындагы колхоздо агрономдуктан улантылган.1959-жылдан «Кыла» жибек пилласын кургатуучу цехтин башчысы болуп эмгектенген. 1961-жылы «Кыла» колхозунун башкы агроному кызматын жигердүүлүк менен аркалап, 1963-жылдан Ленин райондук өндүрүштүк айыл чарба башкармалында иштеген. 1970-жылдан Бүргөндү айылындагы мектепте мугалимдик кесипти аркалап, билим берүү тармагына келген.

Ал өз кызматындагы татыктуу эмгеги үчүн 1957-жылы “Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган. 1957-жылы бүткүл союздук эл чарба жетишкендиктеринин күмүш жана 1966-жылы «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдарына татыктуу болгон.

1984-жылы Бүткүл союздук «Билим» коомунун» мүчөсү катарында коомдук ишти да жоопкерчилик менен аткарган.

Дайыма өз милдетин жоопкерчилик менен так аткарып, жемиштүү иштеп келген Гуламкадыр Төлөнов кесиптештери арасында кадыр-баркка ээ болуп келген.

1997-жылы эмгеги менен өрнөктүү жашаган бул инсан 69 жашында жарыкчылык менен коштошкон.



Төлөнов Гүламкадыр төмөндө биринчи катарда

Борбиев Алакул (1928-2013)



1928-жылы 11-июнда Кыла селолук Советинде туулган. Жашы жеткенде айылдагы мектептин босогосун аттап, сабаттуулугун жойгон. Эр жигиттик куракка келгенде 1950-жылдан Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин абийирдүүлүк менен аткарып, жемиштүү кызмат өтөгөн. 1955-жылы Фрунзедеги бухгалтердик техникумдун алдындагы колхоздордун председателдерин даярдоо боюнча республикалык айыл чарба орто мектебине кирип, 1958-жылы аталган мектептин толук курсун ийгиликтүү аяктап, агроном адистиги боюнча кесипке ээ болгон. 1958-жылдын 16-сентябрында ага кенже агроном адистиги берилген.

Өз ишине берилген жигит жетекчилердин сынынан өтүп, жаш жана ишенимдүү кадр катарында 1959-жылы КПССтин катарына кабыл алынган.

Ал окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп келгенден кийин участкалык агрономдуктан эмгек жолун баштаган. Өзүнүн тырышчаактыгы, жөндөмдүү аракети менен өз кызматын өздөштүрүүгө умтулган. Кыла колхозунда агроном болуп иштөө менен эмгек жолун улантып, өз кесибин мыкты билип, жакшы өздөштүргөндүктөн кызматы улам жогорулап олтурган. Өзүнүн чыныгы эмгеги менен жердин агротехникасын мыкты өздөштүргөн, түшүмдүүлүгүн жана асылдуулугун өстүрүүгө белсенип аракеттенген адис башкы агрономдукка чейин жеткен. Ал бул кызматтарды жемиштүү аткаруу менен бирге колхоздун айыл чарбасын көтөрүүгө бараандуу салым кошкон. Мына ошондуктан ал туурасында жылуу кеп болгондо өз ишинин устаты, дасыккан агроном катарында өрнөк катарында аты атталаар эле.

Ынтымактуу жана туруктуу үй-бүлө күтүп, эки уул, алты кызга камкор ата болгон. Уул-кыздарынын окуп, адистик алышында жубайы Уулкан экөө чыныгы ата-энелик милдетин аткарышкан. Эгерде ал азыр тирүү болгондо 25 небере, 23 чебере көрүп, бактылуу чоң ата, таята болуп, алардын төрүндө олтурмак. Анткени, татыктуу иштеп, өмүрүнүн акырына чейин дөөлөттүү жашаган бул инсан 2013-жылы 86 жашында бу жарыкчылык менен коштошкон.

Борбиев Алакул тирүүлүктө инсандык асыл сапаттары менен жакшы адам катарында абройлуу жашап өттү. Мына эми асыл атанын жолун анын уул-кыздары улам келишет. Адам баласынын жакшы иши артта мына ушинтип аңыз кеп болуп калары турмуштун чындыгы тура.

Мамырова Кайры(1928-1997)



1928-жылы 25-июлда Ленин районуна караштуу Хиля кыштагында туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, ошол эле айылдагы мектептен алтынчы класска чейин окуп, билим алган. Мектепти аяктагандан соң, колхоздо пахтачылык бригадасында эмгектенген. Түшүм өсүп-жетилгенге чейин кетмен чаап, көчөттөрдү өстүрүп, терим мезгилде кол менен пахта терип, нормасын ашыгы менен аткарып, теримчилер арасында эмгектин чыныгы үлгүсүн көрсөткөн. Эртеден кечке тыным албай эмгектенип, каш карайганда үйүнө кайткан мезгилдер көп кайталанган. Демек, анын жаштыгы ак булалуу пахта талаасында өттү.

Мезгил зымырап өтүп, секелек кез артта калып, бойго жеткен гүлгүн куракка келип, өзүн жактырган жигитке түбөлүктүү жар болду. Анын өмүрүндөгү турмушка кадам таштаган учуру 1948-жыл болчу. Өмүрлүк жолдошу менен ынтымактуу жашоо кечирип, биргелешип, турмуштун оор-жеңилин чогуу көтөрүштү. Жарыкчылыкка көз ачып келишкен алмончоктой болгон балдарына энелик мээримин берип, үй тиричилигин да жасап, колхоздун талаасында да жигердүү иштеп келди. Анын өмүрүнүн көпчүлүгү колхоздун ар кайсыл жумуштарында, пахта талаасында эмгектенип өттү. Сезон учурунда пахтанын планын ашыгы менен аткарып, дайыма жетекчилердин алкышын угуп, сыйлыкка да, сыймыкка да бөлөндү.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Мекенин коргоого жараган эркектердин баары кан майданга аттанып, тылда жеңиш үчүн деген күжүрмөн эмгек тынымсыз өкүм сүрүп, мына ушул кезде Кайры Мамырова сыяктуу эмгекчил аялдар күн тынымын албай, үй бетин аз көрүп, белсенип иштешти. Ошол эл башына кыйынчылык түшкөн оор күндөрдө өзүнүн эмгегин тылдагы күрдөөлдүү иштерге жумшаган бул аялзатынын кайратын көбү билген. Күн тынымын албай керээлиден кечке жеңиш үчүн салым кошуу ошол кездеги ар бир адамдын тилеги болгон.

Анын күжүрмөн эмгеги 1975-жылы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин отуз жылдыгында юбилейлик медаль менен бааланган. 1977-жылы колхоз өндүрүшүндөгү үзүрдүү эмгеги үчүн ага «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылган.

1997-жылы 12-июлда 69 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Ал үч уул, эки кыздын кадырлуу апасы болчу. Жыйырма жети небере, жыйырма бир чеберенин бактылуу чоң энеси жана тай энеси болгон.

Шакиров Өсөр (1928-2008)



1928-жыл Анжиан шаарында туулган. Атасы Шакир эмгек менен үй-бүлөсүн баккан, анан балбан адам болгон. Апасы колу сындуу, чебер аял болгондуктан, «чебер эне» дешчү. Шакир балбан Өсөрдү бала кезинен багып алган.

Анын өз атасы Абдыракман дүйнөдөн кайткандан кийин атасыз жашоонун азабын тартып, кыйынчылыкты баштан кечиришкен. Апасы уулу Өсөрдү алып, айылга туугандарынын жанына көчүп келген. Ал учурда эл кыйынчылыктан чыгуу үчүн адырларга буудай, сулу, арпа эгип, ал бышканда тегирменге тартып, нан жаап жеп, күн кечиришкен. Ошол убакта Шакир балбан тегирменчи болуп иштеген. Өсөрдүн апасы баласы менен тегирменге буудай алып барып тарттырып жешчү. Тегирмендин ташын өгүз менен айландырышат. Ал кичине бала болгондуктан, бир күнү барганында өгүзгө минги-зишин суранат. Шакир балбан баланын суранычын аткарат, ал өгүзгө олтуруп алып, тегирмендин ташын айландырат. Шакир балбан жалгыз жашаган. Өсөрдүн апасынын жалгыз баласы менен тиричилигин өткөрүп жатканын угат. Ошондон кийин, экөө үйлөнөт да, Өсөрдү бооруна тартып, өз баласынан кем кылбай багып чоңойтот. Өз атына жаздырып, өзүнүн аталык тарбиясын берет. Бир аз убакыттан кийин тегирменин тапшырып, дыйканчылык менен алектенип, жер иштетип, коон-дарбыз эккенге өтөт.

Өсөр Шакиров 1935-жылы биринчи жолу мектепке барат. Мектепте окуп жүрүп, трактордуу башкарганды үйрөнөт. 13 жашынан трактор айдай баштайт.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда трактор башкарып, колхоздо иштейт. Аны техниканын тилин билген адис катарында баалашат. Кийин айдоочулук кесипке да окуп, колхоздун машина-трактордук паркында механик болуп иштеген. Техникалардын тетиктерин жадыбалдай жатка билген. Бузулган жерлерин оңдоонун устаты болуп калган. Мына ушундай жөндөмдүүлүгү үчүн колхоз жетекчилери аны чарбанын башкы инженерлигине дайындашкан. Ал Сабыржан, Мамасалы, Кенже, Эргеш, Рахман, Тургун, Анарбай сыяктуу көптөгөн шакирттерди үйрөтүп, техниканын сырын билген чыныгы адис болгон.

Шакиров Өсөр 1975-жылы Кыла айылдык кеңешине депутаттыкка шайланган. Анын татыктуу эмгегин баалашкан жетекчилер 1980-жылы «Урал» мотоцикли, 1987-жылы «Москвич» жеңил автоунаасы менен сыйлаган.

Өзүнө жаккан жар күттү. Жубайы менен бактылуу өмүр кечиришип, беш уул, алты кызды бешене тери менен багып чоңойтту.

2008-жылдын 18-февралында 80 жашында дүйнө салды. Азыр анын 47 небереси, 70ке чукул чебереси бар.

Акбаров Төлөш (1929-2006)



1929-жылы Ленин районундагы Кыла колхозунун Чек айылында туулган. Беш жашында атасынан ажырап, жашоонун кыйынчылыгын балакатка жетпей туруп башынан өткөргөн. Канчалык турмуштун оорчулугуна карабастан, жашы жеткенде мектептин босогосун аттап, билим алууга умтулган. Ошол жаш кезде атасынан ажыраган төрт бир тууган балдар апасынын карамагында калышкан. Жашынан колхоз ишине аралашып, пахтага суу коюп, кетмен чаап, талаада тыным албай иштеген Төлөш Акбаров эмгек адам баласынынжашоосунун азыгы экендигин жаш кезинен түшүнө билген.

Турмуштун оор-жеңилин өз мүрү менен өткөргөн күндөр балалык кезди артка таштап, жигиттик куракка жеткенден кийин Советтик Армиянын катарында чакырылып, жоокердик кызмат өтөгөн. Ал жерде аскердик машыгуулардан өтүп, каныгып да, такшалып да, ошону менен бирге бирге жыгач устачылык өнөрдү үйрөнгөн.

Жоокердик милдетин өтөп келгенден кийин колхоздун курууучулар бригадасында иштеген. Чарбанын адистери, малчылары үчүн курулуп жаткан үйлөрдүн курулуштарына активдүү катышкан. 50-жылдардан кийин колхозчулар Төлөш Акбаров жана ал иштеген бригада мүчөлөрү курушкан үйлөрдө жашашкан.

Андан соң, колхоздо бак өстүргөн багбанчылыкты кесип катарында өздөштүргөн. Агасы Мамазулум колхоздогу бак өстүрүүнүн сырын билген багбан болчу. Ал олтургузган көчөттөрдү бапестеп багып, бак өстүрүүнүн сырларын да үйрөнгөн. Бактын ар бир түбүн көз карегиндей асырап, бапестеп баккан. Анын кийинки кездеги жашоосу бакчылык менен байланышкан. Учурунда анын багын көпчүлүк «Төлөш атанын багы» дешкен. Пенсияга чыккандан кийин өзү да жер өздөштүрүп, көчөттөрдү олтургузуп, бак кылган. Ал тиккен бактар да көйкөлүп өсүп, «Төлөш атанын багы» болуп калды.

Ал үй-бүлөдө кадыр-барктуу ата катарында аброй менен жашады. Беш уул, беш кыздуу болуп, баарын эрезеге жеткирди. 1996-жылы Ажыга барып, мусулманчылыктын да улуу парзын өтөп келди.

2006-жылдын 19-сентябрында 77 жаш курагында дүйнөдөн кайтты.

Мамасабиров Жаркул (1930-2007)



1930-жылы Ленин райондагы (ал кезде Масы) Калинин атындагы колхоздун Көп-Там айылында жарык дүйнөгө келген. Кандай гана шарт болбосун жакшы тилек, арзуу үмүт менен тапкан баласын бөбөлөп өстүрүшкөн ата-энесинин мээримине бөлөнүп, камкордугу менен чоңойду. Жаңы замандын шарапаты менен окуп, эл керегине жарасын деген тилекте атасы мектепке берип, окуп, билим алышына камкордук көрдү. Мектепте жакшы окуп, адептүү жүрүп, жакшы тарбияланган өспүрүм 7-классты ийгиликтүү аяктады. Ал кезде мектепте окуган баланы билимдүү деп эсептеп, кадр катарында колхоз ишине тартаар эле. Эми гана бой жетип бараткан жапжаш жигит колхоздо секретарь болуп иштеп эмгек жолун баштады. 1952-1955-жылдар аралыгында ал секретарь, андан соң, бригадада учетчик кызматтарын аркалады. Жакшы эмгектенип, улам ишке быша баштаган жигит 1956-жылдан тартып, Калинин атындагы колхоздо эсепчилик кызматты аткарды. Бул милдетти ал так, жоопкерчилик менен аткаргандыктан, чарба жетекчилеринин ишенимине арзыган. 1960-жылдан кайрадан колхоздо учетчик,1961-жылдан эсепчи, кампа башчысы болуп эмгектенип, кандай гана жумуш болбосун жоопкерчилик менен аткарган Жаркул Мамасабировго колхоз жетекчилери 1978-жылдан кайрадан баягы көнгөн кызматы -учетчиликти тапшырышты. Баарынын эле колунан бул кызмат келе берчү эмес. Анткени эсепти так билген адам гана ушул ишти аткарчу. Анын үстүнө учетчиктик кызмат так, таза, туура иштөөнү талап кылчу. 1988-жылы ал колхоздун пахтачылык бригадасынын бригадирлигине дайындалды. Бул кызматында менчиктештирүү саясаты жүрүп, жерлер элге берилип, колхоздор тарап кеткенге чейин иштеп, кадыр-баркы менен эс алууга чыкты.

Байбичеси Темиржан менен ынтымактуу жана бактылуу өмүр сүрдү. Он балага татыктуу ата болду. Балдарынын жакшы өсүп-жетилип, турмуштан өз ордун таап, жашоо кечиришинде анын аталык камкордугу чоң болгон. Ошентип, татыктуу уул-кыздарды өстүрүп, мотурайган небере, чебере көрүп, ынтымактуу үй-бүлө курушту. Балдарына камкор ата, жубайына ишенимдүү жолдош болду. Балдарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирди.

2007-жылдын 7-октябрында 77 жашында дүйнө салды.

Кимсанбаев Сабыржан (1930-2011)



1930-жылдын 1-октябрында Ленин районунун Кыла селолук Советинде дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык-чылыкка келген. Үйдө беш бир туугандын экинчиси эле. Жашы жетип, мектептин босогосун аттап, 3-класска чейин окуган. Ал кезде башталгыч билими менен колхоздун жооптуу кызматтарын аркалашкан. 1940-жылдан тартып, 10 жашынан талаада иштей баштаган. Ал учурда талаада соко менен жер айдашкан, дан эгип, пахта өстүрүшкөн. Ошол кезде колхоздорго механизаторлук кадрлар зарыл болгон. Бир чети өзү техникага кызыккандыктан, Жалал-Абаддагы механизаторлорду даярдоочу курста окуп, адистикке ээ болгон. Андан соң, өз кесиби боюнча трактор башкарып, колхоздун бардык айыл чарба иштерин жасоого катышкан. Жер тегиздеп, үрөн эгип, трактордун рулуна олтуруп, тапшырылган ишти майын чыгара аткарган. Жөнөкөй, карапайым кесип ээси өзүнүн адал эмгеги менен айылдаштары арасында кадыр-барк тапкан. Анын эмгегин ошол кезде «Хиля» колхозунун башкармасынын төрагасы Юсупжан Момбеков өтө жогору баалаган жана нечен курдай Ардак грамоталар, Ардак баракчалары менен сыйланган. Бул сыйлыктар ошол учурдагы баалуу сыйлык болгон.

Элүү жылдан ашык эмгегин колхоз өндүрүшүнө, анын өсүп-өнүгүшүнө сарптаган. Бешене тери, ак ниети менен иштеп, таза эмгеги менен үй-бүлөсүн баккан. Алты уул, төрт кызга камкор ата болуп, аларды да жашынан эмгектенүүгө үйрөткөн, эмгек гана адам баласын эрезеге жеткирип, барктуу кыларын аларга билгизген. Тилегине жараша балдары да ата үмүтүн акташты, мезгилге жараша турмуштан өздөрүнө ылайыктуу орун табышты. Мына азыр алар да бири ата, экинчиси эне болду. Дөөлөттүү кары неберечебере көрдү. Алардын бешенесинен сылап, чоң ата, таяталык доор сүрдү. Азыр анын 51 небереси, 40 чеберези бар.

Бактылуу карылыкты баштан кечирген карыя 2011-жылдын 26-февралында 85 жаш курагында өз кадыр-баркы менен каза тапты. Ал колхоз өндүрүшүндө ак ниети менен иштеп, таза эмгегин сиңирди. Жакшы адам, чыныгы инсан катарында жашап өттү.

Момбекова Жумагүл



1930-жылы Кыла айылдык Советине караштуу мурдагы «Коммунизм» колхозунун Көк-Там айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Арзыкул, апасы Ажар бешене тери менен жашоо кечирген айылдын жөнөкөй, карапайым адамдарынан болушкан. Ал жаш кезинде атасы Арзыкул Ата Мекендик согушка кетип, немецтик баскынчылардан Мекенди коргоо үчүн кан майданда салгылашкан. Бирок, ал согуштан кайра өз айылына кайтпай калган. Апасы Ажар беш баласын өзү багып, ата ордуна ата, эне ордуна энелик милдетин аткарып, турмуштун оор жүгүн өз мүрү менен көтөрүүгө аргасыз болду. Эне бапестеп баккан беш баласынан экөө калган. Аларды да жеке өзү тарбиялап, өстүрүп, согуштун оор күндөрүндө тылда иштеп, колхоз ишинен бир күн да калбай, тынымсыз эмгектенген.

Жашынан турмуштук кыйынчылыкты көрүп, эрезеге жеткен Момбекова Жумагүл 17 жаш курагында Юсупжан Момбековго турмушка чыккан. Бул инсандын Калинин атындагы колхозду жетектеп турганда эмгектик ийгиликтерге жетишинде, анын натыйжасында «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген жогорку наамга ээ болушунда мына ушул карапайым аялдын да салымы болгон. Ал ар дайым жолдошуна камкордук көрүп, ага татыктуу жар болгон жана жашоодо ага дайыма колдоо көрсөтүп келген.

Азырга чейин аны жердештери «Баатырдын аялы», же «Момбековдун байбичеси» дешип ысмын урматтоо менен тилге алышат. Ушул тапта Юсупжан Момбеков экөө чогуу жашап, турмуштун оор-жеңилин бирге тартышкан жөнөкөй үйдө жашоо кечирип келет. 86 жаштагы дөөлөттүү эненин бүгүнкү күнгө чейин эл ичинде кадыр-баркы бар.

Төлөнов Айтмамат (1930-1994)



1930-жылы Кыла селолук Советинин аймагында туулган. Ал мезгилде бай-кедей жоюлуп, Совет өкмөтү тарабынан байлардын жерлери тартылып алынып, артелдер, колхоздорду уюштуруу кызуу жүрүп жаткан кез эле. Анын балалыгы мына ушул өзгөрүүлөргө, бирок кыйын кырдаалдарга туш келди. Эс тартып, балакатка жеткенде мектепке кирип окуй баштады. Сабактан кийин, колхоздун талаасына чыгып, чоңдорго кол кабыш кылчу. Ошентип, мектептен 7-классты аяктады. Андан соң, колхоздо жер өздөштүрүүгө катышып, ал кезде кара эгин деп койчу эгин эгүүдө тыным албай эмгектенди. Он үч жашынан атасынан ажырап, алты айлык иниси жана апасы менен калган. Үйдө ишке жараганы жалгыз өзү болгондуктан, керээлиден кечке тыным албай колхоздо иштеген. Мектепте окуп билим алгандыктан, эсепти жакшы билет дешип, табелчилик жумушту тапшырышкан. Бул так жана жоопкерчиликти талап кылган кызмат болгондуктан, өтө кылдат иштөөгө туура келген. Анан көп өтпөй Шаркыратма деген жерге картошка эгип, анын түшүмү мол болгон.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы элдин башына кыйынчылыкты туш кылган. Тылдагы ар бир ишке жараган адам колхоз ишинен калбай кечке тынымсыз иштешкен. Ал эми Төлөнөв Айтмамат колхоздун коюн өлүм-житимсиз багып, төл жана жүн планын дайыма ашыра аткарып келди. Анын көп жылдык үзүрдүү эмгеги кой чарбасынын өсүп-өнүгүшүнө жумшалды.

Бул инсандын Жараткан берген таланты боло турган. Ыр жазып, комузду жакшы чертип, коңур үнү менен жакшы ырдай билчү. Ар кандай мааракелер, тойлор анын катышуусу менен көркүнө чыгаар эле. Колу сындуу уста болгондуктан, жыгачтан идиш-аяктарды өтө чеберчилик менен жасай турган. Боз үйдүн бардык жыгач эмеректерин келиштире жасап, көргөн адамдын көңүлүн өзүнө бурчу. Жер иштетип, анын сырын жакшы билген, өзгөчө дагы бир өнөрү бак көчөттөрүн улаштыра билген.

Анын колхоздогу көп жылдык үзүрдүү эмгеги 1970-жылы В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, 1973-жылы «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси, 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалы менен бааланды. Эмгектеги жакшы көрсөткүчтөрү үчүн 1986-жылы 1-даражадагы дипломго татыктуу болгон.

Ал 1994-жылдын 11-майында 66 жашында дүйнө салды. Эгерде азыр тирүү болгондо 9 кыз, 3 уулдан тараган 33 небере, 11 чебересин көрүп, кичинекелерин эркелетип, маңдайынан сылап, балдарынын төрүндө олтурмак.

Жолдошов Тетеш (1930-1993)



Оңдо

1930-жылы Кыла селолук Советинде туулган. Мектепте бар болгону 4-класска чейин билим алган. Кичинесинен колхоздо иштеп, мал чарба жумуштарына аралашып, он алты жашынан Калинин атындагы колхоздун жылкысын багып, жылкычылык кесипти аздектеп келди. Өспүрүм кезинен эмгекке үйрөнүп, улам жылкычылык кесиптин ысык-суугуна күйүп, кыйынчылыгына чыдап, такшалып, дасыгып жүрүп олтурган. Карамагындагы жылкыларды дайыма жогорку семиздикте багып, бээлерди аман асырап, кымыз өндүрүп, колхозго өткөргөн.


Ал эмгектеги ийгиликтери үчүн колхоз тарабынан «Москвич» унаасы менен сыйланган. Экинчи жолу 1982-жылы жүз баштан 100дөн кулун алып, эмгектик ийгиликке жетишкен жылкычыга малчылардын Сере жайлоосунда өткөрүлгөн слетунда «Нива» автомашинасы сыйлыкка тапшырылган.

Жубайы Бактыкан Жолдошева эмгекте дайыма ага көмөктөш болуп, бээлерден мол кымыз өндүрүп, кымыз жасоонун чыныгы устаты болгон. Күнүнө 32-33төн кем эмес бээ саап, бал кымыз жасоого жетишкен бул үй-бүлөнүн жасаган кымызын ичкендер көп болгон.

Жолдошов Тетеш 1946-жылдан 1986-жылга чейин жалпысынан кырк жыл жылкы артында жүрүп, бул түйшүктүү жана жооптуу кесипти аркалап келген. 1986-жылы жашы жетип эс алууга чыкканда кийин атасынан өрнөк катарында жылкычылыкка үйрөнүп калган уулу Камытбекке жылкыларын өткөрүп берген. Ошентип, баласы да ата кесибин ийгиликтүү улантып кеткен. Ал бул кесипти 1997-жылга чейин аркалап келди.

Жолдошов Тетеш жубайы Бактыкан Жолдошева менен татыктуу жашоо кечирип, үч уул, эки кызды тарбиялап өстүргөн. Бул инсан 1993-жылы 63 жашында дүйнө салган. Эгерде азыр тирүү болгондо 18 небере, 12 чеберени көрүп, алардын маңдайында дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип олтурмак.

Купахунов Амракул (1931-2003)



1931-жылдын 5-январында Ленин районунун (ал кезде Масы) Кыла айылында туулган. Анын балалыгы мына ушул айылда өттү.

Эмгек жолун колхоздун талаасында колхозчулуктан баштаган. Ишке тетик, жөндөмдүү жигит ошол кезде өзүнүн ак ниет эмгеги менен жетекчилердин сынына толгон. Таң агарып атпастан, талаага келип, күүгүм киргенге дейре талыкпай эмгектенген Амракул Купахуновдун ишке так, жоопкерчиликтүү мамилесин көбү билген. Мына ошондуктан, ага ишеним менени техника тапшырылып, аны да билгичтик менен башкара билген. Терим мезгилинде комбайндын рулуна олтуруп, пахта терип, бункерден тонналаган була төккөн эмгекчил инсан убагында « техниканын устаты» аталган. Сезон ичинде өзүнө берилген нормасын ашыра аткарып, дайыма социалисттик жарышта мөөрөйдү башкаларга бербей алдыда болуп келген. Өзүнүн таза, жигердүү эмгеги менен жашынан эле белгилүү боло баштаган. Эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн ага нечен курдай сыйлыктар ыйгарылган. Бир курдай Ленин комсомолу тарабынан «Эң мыкты жаш пахта терүүчү» төш белгиси менен сыйланган. Бул анын талыкпаган, ак ниет эмгегинин жемиши эле.


Өзүнүн эмгек жолунда катардагы комбайнерлуктан кийин талаачылык бригадасында бригадир, андан соң, колхоздун башкы агроному кызматтарын аркалаган. Бул иштеринде жердин түшүмдүүлүгүн арттырып, маданиятын көтөрүүгө өз салымын кошкон. Ал бир чети чыныгы дыйкан, бир чети жер сырын жакшы билген агроном эле. Өз ишине берилген, жөндөмдүү адис 1963-жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган.

Анын колхоз өндүрүшүндөгү эмгеги бааланып, 1966-жылдын 30-апрелинде «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйлануруга татыктуу болгон.1973-жылы ага Ленин ордени ыйгарылган. Бул ошол кезде эң жогорку сыйлык болгон. 1984-жылы « Эмгек ардагери» медалы берилген.

Ал туруктуу жана бекем үй-бүлө күткөн. Жубайы менен турмуштун арабасын бирге тартып, ынтымактуу жашоо кечирип, үч кыз, төрт уулдуу болушкан.

Татыктуу иштеп, өрнөктүү жашаган бул инсан 2003-жылдын 1-августунда 72 жаш курагында каза тапкан.

Тургунбаев Мадан (1931-2015)



1931-жылдын 15-августунда Майлуу-Суунун Бедре-Сай айылында бул ааламга келген. Анын балалыгы Улуу Ата Мекендик согуштун катаал учуруна туура келди. Менмин деген эр жигиттер кан майданга аттанып, тылда калган жаш балдар, кары-картаң, аялдар менен бирге балакатка жетпей туруп, Жеңиш үчүн өзүнүн балалык салымын кошту. Соко айдашып, буудай эгишип, кол менен орок орушуп, кырманда буудай сапырышты. Баскынчылар жеңилип, жеңиш болор күн келер бекен, карын тое тамак жеп, тынч жашоо кечирер бекенбиз деп эңсеген улуу-кичүүнүн арасында ал да бар эл. Канчалык кыйынчылык болсо да бардык күч-аракетин майданга азык-түлүк, кийим-кече жөнөтүп, колхоздун жумушун да аткарып күн кечирген күндөр көп болду.

Ал 18 жашынан Калинин атындагы колхоздо жашынан жылкы бакты. Кийин мал чарба фермасына өтүп, малчылык кесипте иштеди. Жашынан тартып, кара жумушка бышып, колхоздун мал чарбасынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошту. Бул түйшүктүү, ары ошол кездеги кадырлуу кесиптин ысык-суугуна күйүп, эмгекке такшалып, эмгек менен бышты.

1963-жылы Бурмакан аттуу жар тандап, үй-бүлө күтүп, турмуштун жолуна бирге кадам ташташтары. Жубайынын кесиби мугалим. Алгач балдар бакчасында, кийин мектепте иштеп, окуу өндүрүштүк бригадасын да жетектеди.

Тургунбаев Мадан 1966-жылга чейин мал чарба фермасында эмгектенсе, кийин айдоочулук кесипте иштеди. Колхоздун айыл чарба жумуштарынын баарына активдүү катышты. Суу ташучу унаасы менен короолорго суу жеткирип, малчыларды таза суу менен камсыздап келди. Мал-койго тоют ташыды.

1979-жылдан баштап, айыл чарбасында иштеди. Кериле кетмен чаап, өсүмдүккө суу тарап, кырманда талыкпай эмгектенип келди, бешене тери, ак эмгеги менен жашады.

Жубайы Бурмакан менен 42 жыл чогуу жашап, төрт уул, төрт кыздуу болду. 27 небере, көптөгөн чебере көрдү.

2015-жылдын 27-мартында 85 жашында бактылуу карылыктын доорун сүрүп олтурган кезде бул эмгекти сүйгөн карапайым инсан бу тирүүлүк менен кош айтышты.

Абдымомунов Самидин (1930-1998)



1930-жылдын 15-майында Кыла айылынын Коргон деп аталган жеринде Абдымомун, Анаш Калматовдордун үй-бүлөсүндө ыңаалаган үнү жаңырып, он үчүнчү наристе жарыкчылыкка келгенде аруу үмүт менен атын Самидин деп коюшту. Анын балалыгы ата-эненин жылуу мээримине оронуп өттү.

Мектепте окуп, жетилип, Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумга кирди. Бул окуу жайы ошол кездеги мал чарба адистерин даярдоочу жападан жалгыз окуу жайы болгон. Аталган окуу жайын 1952-жылы аяктап, алгачкы эмгек жолун Ленин районундагы Сакалды айылында веттехник болуп иштөө менен баштады. Ал кезде Сакалды, Каганович, Кыла колхоздору бир ветеринардык участкага караган. Өз кесибин бат эле өздөштүрүп, жөндөмдүү адис катарында жетекчилердин сынынан өтүп, 1963-жылы коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. Иштеп жүрүп, билимин жогорулатууну көздөгөн жаш кадр 1976-жылы Өзбек ССРинин Самарканд шаарындагы Куйбышев атындагы айыл чарба институтун аяктап, жогорку билимдүү ветеринар адистигине ээ болгон. Ошентип ал райондук деңгээлде иштей баштаган.

Ал Ленин (Базар-Коргон менен бирге) районуна караштуу райондор аралык Акман айылындагы асыл тукум музоолорду өстүрүүчү комплексти уюштуруучулардан болгон. Андан соң, Кыла айылында малдарды дарылоочу (изолятор) жайын ишке киргизген. Малдардын жугуштуу ооруларын алдын алуу багытында тынымсыз эмгектенгендиктен, жасаган аракеттеринин үзүрү болгон. Малдын «Сибир жарасы» оорусун аныктап, бул оору чыккан аймакты тактап, анын негизинде жерге көмдүрүп, бетондотуп, айланасын тосмолоткон. Койлордун жугуштуу ооруларына каршы жайыттарда мончолорду уюштурган, кыркым өнөктүктөрүн уюшкандыкта жүргүзгөн.

Ал өзүнүн эмгегин колхоздун мал чарба тармагынын өнүгүшүнө сарптаган. Татыктуу эмгектенип, үй-бүлөсүндө балдарына ишенимдүү ата болгон. Төрт уул, төрт кызына камкор ата болгон жана аларды жакшы тарбиялаган. Балдарынын ичинен Бакыт Абдымомунов ата кесибин улантып, ветеринардык кесипке ээ болгон. Тун уулу Алмасбек живопись искусствосу жаатында ийгиликке жетишти. 1988-жылдан СССР жана Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, маданияттын мыкты кызматкери. Жубайы Арзиматова Зыйнаткан Жалал-Абад шаардык казына башчысы болуп он жети жылдан ашык эмгектенди. КРнын финансы тармагынын отличниги.

Абдымомунов Самидин өрнөктүү иштеп, татыктуу жашады. 1998-жылы 68 жашында дүйнө салды. Жердештери анын ысмын Кыла айылындагы көчөлөрдүн бирине ыйгарышты.

Мамажакыпов Пазыл



1942-жылдын 7-мартында туулган. Балалык наристе кези өтүп, мектеп жашына жеткенде Каганович, азыркы Жусуп Турусбеков атындагы мектептин босогосун аттады. Мугалимдеринен билимдин чыныгы уюткусун алууга аракеттенип, мектепте жакшы окуп, 7-классты ийгиликтүү аяктады. 1962-жылы кесип алууга умтулган өспүрүм Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга окууга кирди. Бул жерде билим алууну улантып, анын аралыгында 1962-1966-жылдары Советтик Армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылып, эр жигиттик бул ыйык милдетин Тынч океандын жээгинде жайгашкан аскердик базада өтөдү. Анын жоокердик милдети деңиз үстүндө кораблде Аскер-Деңиз Фронтунда өттү.Ошол жерде ал Улуу Ата Мекендик согуштагы немецтик баскынчылардын үстүнөн болгон Жеңиштин 25 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланды. Дал ушул жерде аскердик чыныгы такшалуудан өтүп, жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөп келгенден кийин адистикке ээ болгондон соң, алгачкы эмгек жолун 1970-жылы Калинин атындагы колхоздо ветеринар болуп иштөө менен баштады. Малдарды эмдөө, дарылоо, төл өнөктүгүн өткөрүп, кышында кыштоодо, жайында жайлоодо байыр алды.

1975-1995-жылдары Ленин райондук ветеринардык станциянын Калинин атындагы колхозу боюнча участка башчысы болуп иштеди. Андан соң, колхоздун карамагындагы малдарды тейледи. Короо-сарайлар, коомдук малдар менчиктештирилгенден кийин элдин менчик малдарын ветеринардык көзөмөлдөн өткөрүп, өз кесибин улантты.1994-жылы ветеринардык станциянын участкалык бөлүмүн уюштурду. Ошентип ал 2002-жылы пенсияга чыккандан кийин да, 2007-жылга дейре өз адистиги боюнча эмгектенип келди.

Азыр 75 жаштагы карыянын 2 уул, 4 кыз, 28 небере, 9 чебереси бар. Балдарынын төрүндө, неберелеринин маңдайында Момбеков айыл аймагына караштуу Кыргоо айылында дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип келет.

Касымбеков Зайнап (1933-1985)



1933-жылы 5-майда Ош областынын Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинде туулган. Мектепке кирип, мугалиминен «А» деген арипти үйрөнүп, турмуштук шартка байланыштуу мектепте окуп, бар болгону 2-классты аяктаган. Андан кийин окуусун улантууга шарты болгон эмес.

1954-1955-жылдары Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик милдетин өтөгөн. Келгенден соң, колхоздун кой чарбасында иштеп, мына ушул тармактын өсүп-өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде салым кошо алды. Тубар кой багып, бир чети оор жана түйшүктүү, экинчиден ошол кездеги баркталган жана даңкталган сыймыктуу кесип болгон чабандык кесипти аздектеп, бешене тери менен иштеп келди. Ар жүз баш койдон 125тен кем эмес козу алып, эмгектик ийгиликтерди жараткан кубанычтуу ирмемдер анын турмушунда көп кайталанды. Ар жылы төлдүн жыйынтыгы менен мындай эмгектик жогорку көрсөткүчтөр үзгүлтүксүз кезикти. 1980-жылы дагы төл алуудагы чоң жетишкендиктери үчүн ага колхоз жетекчилери тарабынан «Москвич-412» маркасындагы жеңил унаа сыйлыкка тапшырылды.

1984-жылга чейин түйшүктүү, ары жооптуу чабандык кесибинде үзүрдүү иштеп, эмгектик бактысын кой артында жүрүп тапты. Бул кесип канчалык оор жана машакаттуу болгону менен кыйынчылыгына чыдап, жыргалын да көрдү. Мына ушул кесиби менен алкыштарды алды, сыйлыктарга ээ болду.

Жубайы Абиба анын жакын жардамчысы катарында жолдошуна таяныч болду. Алар 41 жылга чукул бирге жакшы жашашты. Төрт уул, эки кызга таалайлуу ата-эне болушту.

Бирок, ал балдарынын ийгиликтерин толук көрө алган жок. 1985-жылы бар болгону 57 жашка келгенде шум ажал арабыздан алып кетти. Бирок, көзү тирүүсүндө төрт небере көрүп, небере жытын жыттап калды. Азыр тирүү болгондо 83 жашка чыкмак да, 26 небере, 27 чебере көрмөк. Ошентсе да, аз жашаганы менен артында «жакшы адам эле», «даңазалуу чабан болгон» деген жакшы бир кептер калды.

Назарматова Марапат (1933-2002)



1933-жылы август айында Кыла селолук Советинде туулган. Балалыгы аталган айылда өтүп, мектепте окуп билим алган. Кийин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын аяктап, адистикке ээ болгондон соң, Коминтерн мектебинде башталгыч класстар мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1952-жылдан үй-бүлөлүк шартка байланыштуу мектептеги жумушун таштап, колхоздо иштеген.

Ал секелек кези өтүп, суйкайып бойго жеткен курагында өзүнө жаккан жигитке жар болуп, ага турмушка чыгып, көп бала төрөгөн. Бирок, алардан Зулпукар, Зуура, Жыпар аттуу уул-кыздары гана калган. Ошондуктан, анын эң башкы максаты мына ушул балдарын камкордукка алып, чыныгы энелик мээрими менен саламатчылыгы чың багып-өстүрүү болгон. Ал балдарына өзгөчө көңүл буруу менен татыктуу тарбиялап, ал эми күндүзү колхоздо иштеп, талаа иштерине да эмгектенген. Айрыкча пахта бышканда керээлиден кечке тыным албай пахта терип, теримде үлгүлүү теримчи катарында катышкан. Дайыма нормасын ашыгы менен аткарып, башка колхозчулардан айырмаланып, алдыңкы теримчи аталган. Анан теримчилердин ар бирине агат бөлүп берип, алардын коромжусуз теришине көзөмөл жасап, «чанакчылык» милдетти да аткарган. Анан калса эркектерден калышпай сугатчы болуп иштеп, бул кесиптин түйшүгүнө чыдап, иштин оор-жеңилине көнүп, эң башкысы өсүмдүккө чеберчилик менен суу тарай билген устат болгон.

Ал Ленин райондук сотунда заседателдик милдетти көп жылдар аткарып келген.

Бул аялзатынын эмгеги 1976-жылдын 25-декабрында «Эмгек даңкы» ордени менен бааланган. Улгайса да кайратынан жазбаган чечкиндүү, эркин күчтүү аял болгон. 2002-жылы 79 жашында коркустуктан ааламдан өткөн.

Ал балдарына чыныгы тарбиясын берген. Айылдыктар азыр бул үй-бүлөнү жашоосу түптөлгөн үлгүлүү үй-бүлө катарында билишет. Эненин тун уулу Зулпукар кесиби зоотехник. Мал чарба тармагында 21 жыл эмгектенген. Кызы Зуура ишкердик менен алектенет. Жыпардын кесиби акушер, азыр Россияда иштейт.

Каримбердиев Жакыпбек



1934-жылы 3-сентябрда Хиля айылынын Көк-Там кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атасы Каримберди, апасы Алтын талаада жер иштеткен карапайым колхозчу болушкан. Жакыпбек мектеп жашына чейин үй-бүлөсүндө ата-энесинин камкордугунда тарбияланса, кат сабатын айылдагы Каганович атындагы орто мектебинен ачып, 1953-жылы жетинчи классты бүтүргөндөн соң, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумуна келип тапшырган. Ал техникумду 1957-жылы ийгиликтүү аяктап, ветеринардык техник адистигине ээ болгон. Анын алгачкы эмгек чыйыры «Социализм» колхозунда өз адистиги боюнча иштөө менен башталган. 1958-жылдын июль айынан «Коммунизм» колхозунда ветеринардык техник болуп эмгектенген.

1963-жылдан өз билимин жогорулатуу максатын көздөгөн Каримбердиев Жакыпбек Алма-Ата шаарындагы зооветеринардык институтуна кирип, аталган окуу жайын 1970-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү адис катарында диплом алууга жетишкен. Андан соң, Калинин атындагы колхоздо башкы ветеринардык дарыгер болуп, эмгек жолун улантканан. Ал ушул жооптуу кызматында 20 жыл татыктуу эмгектенген. Ошол кезде чарбада 20 миңдей кой, 700 жылкы, 2000 кара мал болгон. Ал өзүнүн эмгегин мына ушул мал чарбасынын өнүгүп-өсүшүнө, мал чарба продукцияларынын арбын алынышына жумшап келди. Ал кезде таң саарынан жумушка жөнөп, түндө балдары уктаган мезгилде үйүнө кайтчу. Өлчөөсүз эмгегин колхозго арнап келген бул инсандын алган сыйлыгы бир гана В.И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата берилген юбилейлик медалы болгон. Андан башка өкмөт тарабынан эч кандай жогорку сыйлык ыйгарылбаган. Бирок, сыйлыкка умтулбаган ветеринардык дарыгер өзүнүн кастарлап сүйгөн кесибинде урматсый менен татыктуу эмгектенген.

Бирок, ал таза жана татыктуу иштеп, өрнөктүү жашады. Эки уул, үч кызга бактылуу ата болду. 11 небере, 14 чебере көрдү. Азыр 84 жаштагы бул карыя Көп-Там айылында жашайт.

Жакыпов Тургунбай (1935-2005)



1935-жылдын 6-мартында Кыла айылында жарыкчылыкка келген. Ата-энесинин андан мурда катарынан төрөлгөн эки уулу чарчап, мына ушул баласы туулганда аруу-үмүт менен туруп калсын деп Тургунбай коюшкан. Андан мурда төрөлгөн эжеси Марапат, карындашы Кайрынса, иниси Усупжан менен ал да бир үйдө ата-эненин эң мыкты тарбиясын алышты. Жашы жеткенде айылдагы мектептин босогосун аттап, 4-класска чейин билип алгандан кийин Кочкор-Атадагы жатак мектебинен окуп, ийгиликтүү бүтүрдү. Андан соң, Оштогу айыл чарба техникумун бүтүрүп, инженер-механик адистигине ээ болгон. Ал Коммунисттик партиянын катарына жаш кезинде өттү жана партиянын активдүү мүчөсү катарында кызмат өтөдү.

Окуусун аяктагандан кийин Калинин атындагы колхоздо партиялык комитеттин катчылыгына шайланган жана бул милдетти жоопкерчилик менен аткарган. Ал убагында үлгүлүү коммунист, жөндөмдүү кадр катарында татыктуу иштеди. Ал өзүнүн эмгек жолунда колхоздо башкы инженер, элдик контролдоо тобунун жетекчиси болуп эмгектенген. Кийинки эмгек жолу колхоздун машина трактордук паркында техникалык коопсуздук инженери болуп улантылган. Акырында элдик контролдоо комитетин жетектеп келди.

Тапшырылган ишке так, өз кызматын ак ниеттүүлүк менен аткарган адис бир нече ирет колхоздун, райондун, областтын жана Кыргыз Республикасынын, элдик контролдун Бүткүл Союздук комитетинин Ардак грамоталары менен сыйлануруга татыктуу болгон. Бир нече төш белгилер жана «Эмгек ардагери« медалы менен сыйланган. Элдик контролдун Бүткүл Союздук сьездине делегат болуп шайланган.

Ал өз ишинин устаты катарында көпчүлүктөн айырмаланып турган. Адамгерчилиги, боорукердик, эң башкысы инсандыктын жогорку сапаттары менен көпчүлүк арасында кадыр-барк тапкан.

Тургунбай Жакыпов өз үй-бүлөсүнө камкор жолдош жана татыктуу ата болгон. Үч кыз, бир уулдун таалайлуу атасы эле. Азыр тирүү болгондо беш небере, үч чебересинин маңдайынан сылап, балдарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип олтурмак. Дагы кийин жарыкчылыкка келе турган наристелерге чоң ата, таята болмок. Бирок, саламатчылыгынын айынан 2005-жылдын 16-декабрында 70 жаш курагында оо дүйнө узады.

Сариев Орозбек (1935-1998)



1935-жылы эски Кочкор-Ата айылында жарыкчылыкка келген. Эс тартып, балакатка келгенде №16-мектепте, кийин кечки мектепте окуп, татыктуу билим алган. Ал жашаган эски Кочкор-Атанын аймагындагы адырлардан ошол кезде нефть чыгып, өндүрүлө баштаган. Ошондуктан, бул айылдын бир топ жаштары «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк бирикмесине иштөөгө тартылып, кезегинде бул айылдын калкынын жашоосуна чоң көңүл бурулган. Ошол жаштардын катарында Сариев Орозбек да аталган мекемеде алгач оператор болуп эмгек жолун баштаган. Ишке жөндөмдүү жаш жигит өзүнүн тетиктиги менен бат эле өз ишин эң мыкты өздөштшүрө алган. Кийин аны машинисттикке которушкан. Анын 42 жылдык эмгеги нефть жана газ өндүрүүчү мекемеде мына ушул баалуу сырьену өндүрүүгө арналды. Албетте, «Кыргызнефтегаздын» тарыхында бул мекеменин нефть өндүрүшүндө анын да өзүнө таандык эмгеги бар. Ал эмгектенген кыргыз бургулоо иштер башкармасынын адистери менен жумушчулары негизги нефть булактарын өндүрүүчүлөр саналат. Орозбек Сариев 1946-жылдан мына ушул мекемеге караштуу «Фергананефтегаз» бургулоо башкармасында эмгек жолун улантты. 1965-жылдан нефть, газ скважиналарында бургулоочунун жардамчысы кызматын аркалап, кийин Избаскент участкасында иштеди. Ал өзүнүн эмгегинин көпчүлүгүн нефть, газ өндүрүүнүн операторлугуна арнап келди.

Анын эмгек китепчесинде 1955-1991-жылдар аралыгында «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк мекемесинде иштегендиги тууралуу маалыматтар жазылган. Бул мекеме кийин акционердик коом аталып калды.

Анын бул тармактагы баалуу жана эбегейсиз эмгеги бир катар сыйлыктар менен бааланган. 1973-жылы ага «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси ыйгарылган. Себеби жумушчулар арасында жайылтылган социалисттик мелдеште ал эмгектеги эң мыкты көрсөткүчтү жаратып, алдыңкылардын сабына кошулган. Ал кесиптештери арасында өз адистигин мыкты өздөштүргөн тажрыйбалуу жана татыктуу кесип ээси катарында белгилүү болгон.

Үй-бүлө күтүп, төрт уул, беш кызга татыктуу ата болгон. Бирок, ал аз жашап, 1998-жылы 63 жашында дүйнө салды.

Рахманов Дубана (1936-2013)



Анын ыңаалап жарыкчылыкка келген мезгили 1936-жылдын 5-октябры эле. Ал кезде балалыктын бактылуу ирмеми кайда. Жашоонун татаалдыгынан балакатка жетип-жетпей жатып, кара жумушка аралашчу. Ал да өзү теңдүү кылалык курбалдаштары менен 1943-жылы жети жашынан мектепке кирип, окуп да, анан эмгектенип да үйрөндү. Каганович атындагы мектептен 7-классты бүтүргөндөн кийин Ош шаарындагы бухальтердик окуу жайында кесип алуу үчүн билимин улантты. Адептүү жүрүп, тырышчаактык менен окуп, өзү эңсеген эсепчилик адистигине ээ болду. Кесип алсам, өз жеримде иштесем деген арзуу-үмүтү ишке ашып, Кыла селолук Советинде эсепчи-статистиктен эмгек жолун баштады. Ишке тетик, жөндөмдүү адис экендигин бат эле көрсөттү. Эсеп-кысапты так өздөштүрүп, ак ниети менен таза иштеген кадрды текшерүү комиссиясынын төрагалыгына шайлашкан. Андан соң, ОБХСтин кызматкери болду.

Ал өзүнүн эмгек жолунда инсандык эң сонун сапаттарын көрсөтө алды. Адамгерчилиги мол, турмуштук да, эмгектик да тажрыйбасы арткан татыктуу кадр болгон. Айылдыктар аны мына ушул сапаты үчүн баалашчу жана ага ишеним көрсөтүп, Кыла айылдык кеңешине бир нече ирет депутаттыкка шайлашты. Эмгектеги мыкты көрсөткүчтөрү үчүн ал «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» деген төш белги менен сыйланып, мындай сыйлыкка жана сыймыкка ал 1973,1973,1977-жылдары катарынан жетишти.

Рахманов Дубана өз үй-бүлөсүндө бактылуу жана камкор ата болду. Жубайы Рабыкан менен турмуштун ачуу-таттуусун бирге татып, 57 жыл чогуу жашап, ага ишенимдүү жана берилген жолдош, эки уул, үч кызга татыктуу ата болду.

Өз жеринде өзүнүн өрнөктүү өмүр, эмгек жолу менен үлгү болгон бул инсан 2013-жылдын 17-январында 77 жашында дүйнө салды. Эгерде азыр тирүү болгондо 12 небери, 3 чеберени көрүп, алардын маңдайын сылап, карсылдап күлүп, жаркылдап олтурмак. Бул инсанды сөзгө чечен, ойго терең, адамдын акылын аңдай билген, алдыны көрө алган, көптү билген, көптү көргөн, адамгерчилиги мол, дегиси ар тараптан адамдык сапаттарга бай инсан эле дешет азыр да аны билгендер. Ошентип, анын артында « жакшы адам болчу», деген сөз калды.

Мамышова Саламат



1936-жылы 15-мартта Момбеков айылында туулуп өстү. Бала кезинен сүйкүмдүү наристе ата-энесинин маңдайында бактылуу балалыкты башынан кечирди. Убакыт аккан дайрадай өз агымында агып, ошол кездеги сүйкүмдүү наристе суйкайган сулуу кыз болуп жетилди. Жашы он бешке келгенде Тууганбай аттуу келишимдүү жигиттин жары болуп, үй-бүлө күттү. Жолдошу аябай боорукер жана жароокер инсан эле, жубайы менен бешенесине жазылган кыйынчылыктарды бирге башынан өткөрүшүп, бактылуу доор сүрүштү.

Саламат Мамышова он алты жашка келгенде эң алгач өзүнүн эмгек жолун Кыла атындагы колхоздо №3-бригадада баштады. Таң саарлап атаары менен талаага жөнөп, ак булалуу аймакта үзүрдүү иштеп, жигердүү эмгектенди. Терген пахтасын мол жыйнап, кийин тамеки өстүрүп, анын да өз планын ашыгы менен тапшырып, мамлекетке өткөрүп берчү.

1969-жылы жолдошу Тууганбай ааламдан өтүп, алты баласы менен жалгыз калган. Эми түйшүгү мурдагыдан да көбөйүп, үйдө аял, сыртта эркектин милдетин аткаруу түйшүн тартты. Бирок эрктүү аял, кош көңүлдүккө алдырбады. Ошол кезде белин бекем бууп, балдарынын келечеги үчүн колхоздо да үзүрдүү иштеп, балдарына энелик мээримин чачып, эң мыкты тарбиясын берген. Алардын окуп, билим алып, эрезеге жетишине энелик чыныгы камкордугун көргөн. Колхоздо өзүнүн бешене тери менен кызмат кылып эң мыкты теримчи аталып, акчалай жана моралдык сыйлыктарга жетишти. Мындан тышкары:

“Коммунисттик эмгектин ударниги”, 1970-жылы В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейлик медалдарына, «Эмгек ардагери ” медалына татыктуу болду. 1986-жылы ардактуу эс алууга чыгып, бирок үйдө олтуруп көнбөгөн аял 1990-жылга чейин иштеп келди. Азыркы убакта жашы сексендеги дөөлөттүү эненин турмуштан ордун табышкан беш уул, бир кызы бар. Отуздан ашык небере, жыйырмадан ашуун чеберенин энеси болуп бактылуу карылыктын доорун сүрүп жаткан мезгили.

Амадалиев Абдыразак (1936-1997)



1936-жылдын 8-мартында Кыла айылдык кеңешине караштуу Коммунизм айылында туулган. Жаш кезинде эле атасынан ажырап, апасынын тарбиясында калган. Алар төрт бир тууган болушкан. Балардын баары эркек болуп, ал эң кенжеси эле.

Мектепте 7-класска чейин билим алган. Ал эс тарткандан тартып, жаш кезинен эле талаада иштеп, эмгектенгенге үйрөнгөн. Анын жашынан максаты мектепти аяктасам, айылда калып, өз жеримде эмгектенсем деген тилек болгон. Мына ошондон улам, мектепти бүтүргөндөн соң, Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, кесипке үйрөнүп, механизатор адистигине ээ болгон. Адистик алгандан кийин Каганович атындагы колхоздун №10-бригадасында комбайнчы болуп эмгек жолун баштаган. Өзүнүн техникасы менен жер айдап, буудай эгип, дан жыйноо мезгилинде бункерден тонналаган дан төккөн. Ал кезегинде өзүнүн бешене терин даркан талаага төгүп, ак ниет эмгеги менен жердин сырын өздөштүрүп, жер иштетүүнүн жолун эң мыкты өздөштүргөн. Өзүнүн кесибин жана эмгегин жер иштетүүгө арнаган Абдыразак Амадалиев айыл чарбасына бараандуу эмгек сиңирген.

Жубайы Адашкан менен ынтымактуу жашоо кечирип, 5 уул, 2 кыздуу болушкан. Ал жубайына чыныгы жолдош, балдарына камкор ата болгон. Бирок, балдарынын маңдайында дөөлөттүү карылыкты көрүү ага насип эткен жок. Бар болгону 61 жашында 1997-жылы бул ааламдан кетти. Азыр анын артында 28 небереси, 4 чебереси калды.

Мезгилдин агымы менен балдарынын үчөө Россияда иштеп жатышат. Тун уулу «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда эмгектенет. Үч баласы ишкердик менен алектенет. Аз жашаганы менен татыктуу эмгектенип өткөн бул инсан балдарына эң жакшы тарбия бере алды. Мына ошондуктан улам, анын балдары турмуштан өз ордуларын таап, мезгилдин агымы менен жашоо кечиргенге үйрөнүштү.

Ал талыкпай иштеди, татыктуу балдарды тарбиялагандыктан, артында «Абдыразак Амадалиевдин балдары жакшы өсүп-жетилишкен, атанын чыныгы уулу болушту»,-деген аңыз кептер айтылып калды. Бул чыныгы атанын артында калтырган кайталангыс издери эмеспи.

Мусурманкулова Суусар (1936-1996)



Ата-энесин кубантып, үйгө сүйүнүч тартуулап, 1936-жылы Кара-Көлдө жарыкчылыкка келген. Бой керип өсүп, эрезеге жеткенде бардык кыздарга таандык болгон үй-бүлөлүк бакытты Жараткан ага да насип этти. Турмуш шартка байланыштуу Сабырбек Мусурманкуловго жар болуп, Калинин атындагы колхоздо байыр ала баштады. Жаш үй-бүлө сүт-товар фермасында бири малчы, экинчиси саанчы болуп иштеп, бир бирине таяныч болуп, турмуш жолуна бирге кадам ташташты. Мал чарба фермасында малчылар үчүн салынган үйдө жашап, мал чарбасында иштеп калышты. Түйшүктүү кесипти аркалашып, ысык-суукка карабай бирде кыштоодо, бирде жайлоодо байыр алышып, колхоздун малын асырап, арбын сүт саап алып, нечен курдай алкыш, баалуу сыйлыктарга татышты. Жаш үй-бүлөнүн жигердүү эмгеги көз жаздымда калган жок. Мусурманкулова Суусар жетекчилердин ишенимине кирип, КПССтин катарына кабыл алынган. Ошол учурда бул бир чети чоң жоопкерчилик болчу, мурдагыдан да жакшы иштеп, ийгиликтерге жетүүгө умтулду. Ан сайын ишке болгон жоопкерчилик күчөп, пландагыдан ашырып сүт саап алууга аракеттерди жасады.

Дайыма эмгектик жогорку көрсөткүчтөрдү жаратууга жетишкен алдыңкы саанчыга ишеним көрсөтүлүп, Кыла айылдык Кеңешинин депутатыгына шайланды, бул да чоң ишеним болчу, элдин наказдарын аткарып дагы сынга толду. Саанчылык кесибин аздектеп, улам өрүш ала эмгектенип келди. Ар бир саан уйдан 3000-3500 килограммдан сүт саап алып, саанчылардын алдыңкы сабында жүрдү.

Анын ысымына көп ирет алкыш сөздөр айтылып, эмгеги баалуу сыйлыктар, Ардак грамоталар, төш белги, медалдар менен бааланды. Ал сыйлыкка да, мактоого да, элдин ишенимине да манчыркап кеткен жок. Баягы карапайымдыгынан жазбай, жөнөкөй, бирок мээнеткеч саанчы катарында бешене тери менен эмгегин уланта берди.1976-жылы Калинин атындагы колхоз боюнча эң биринчи алдыңкы саанчы катарында «Жигули» жеңил авто унаасы менен сыйлануу татыктуу болгон.

Жараткан ага энелик улуу бакытты да насип этти. Үч уул, үч кызга таалайлуу эне болду. Ал уул-кыздары эрезеге жетип, убайын көрөр кезде бул ааламдан кетти. Азыр тирүү болгондо анын уучун улаган 23 небере менен 19 чеберенин маңдайынан сылап, балдарынын төрүндө балпайып олтурмак.

Молдобаев Каканович



1936-жылдын 4-апрелинде Ленин районунун Кыла селолук Советинде Жаңы-Кыштак, азыркы Курулуш айылында туулган. Анын жарык дүйнөгө келип, ысмынын коюлушу да эсте каларлык убакка кез келген. Ошондо Каганович колхозу уюшулуп, Жорокул Ахмедов башкармалыкка шайланып, жыйналыш болуп жатканда, анын атасына балалуу болгондугун сүйүнчүлөп келишкен. Ошол жерде олтурушкан адамдардан бул кабарды уккан башкарма колхозго Кагановичтин атынын берилген күнү төрөлгөн наристенин ысмын «Каганович болсун» деп зал жаңырта үн салган. Мына ошентип, ага Каганович деген ат берилген. Наристе кези артта калып, балакатка жеткен биздин каарманыбыз 1948-жылы Каганович мектебинин босогосун аттап, 1-класска окуганга барган. Жаштайынан зирек өсүп, жеткилең билим алууга умтулган Каганович Молдобаев 1954-жылы өзү окуган мектептин 6-классын бүтүргөн.

Бара-бара айлар айга, жылдар жылга алмашып, кудум эле учкан куштай мезгил зымырады. Бир кездеги наристе балалыгын узатып, өспүрүм курактуда артка таштап, жигит болуп жетилди. Турмуш жолуна ишенимдүү кадам таштап, өзүнө жар тандап, үй-бүлө курууга ниеттенип, 1956-жылы өзү арзыган Рабы аттуу кыз менен бирге турмуш жолуна кадам ташташып, үй-бүлө күтүшкөн.

Анын биринчи эмгек жолу мектепти бүткөндөн кийин эле Каганович атындагы колхоздо арабакеч болуп иштөө менен башталган. Ошол кезде арабакечтик эң жооптуу иштердин бири эле. Талаадан жыйналып алынган пахта, тоютту тиешелүү жерлерге ташып-жеткирип, күн сайын саарлап, элди талаага жумушка алып барчу.

1956-жылы Жалал-Абаддагы механизаторлорду даярдоочу курста окуп, адистикке ээ болгон. Анан трактор айдап, пахтанын катар аралыктарында иштеди. Комбайн менен пахта терди. Бир сезондо 130 килограммдан бункерден пахта төктү. Кийинки эмгек жолу колхоздо кара мал, жылкы багуу менен улантылды. 24 жыл мал чарбасында талыкпай иштеди. Жерлер менчикке берилбей туруп, ижарага жер алып, жер иштетип, пахта экти. Бешене терин төгүп иштеген жер ээсинин эмгегинен түшүм мол алынды. Бир ирет гектарынан 40 центнерден жогору түшүм алып, 25 тонна пахта жыйнады. Кийинки жылдары да бул баалуу өсүмдүктү өстүрдү. Тамеки эгип, таңгактап, тамеки жыйнап, колхозго өткөрүп жүрдү. 77 жашка чыкканга дейре чаалыкпай жер иштетип келди.

Байбичеси Рабы менен 53 жыл чогуу жашап, үч уул, төрт кыздуу болушту. 30 небере, 20дан кем эмес чебере көрдү. Азыр 81 жаштагы бул карыя кайратынан тайган эмес. Дале жер иштетип, жер менен сырдашып келет.

Арзыкулова Чыныгүл



1936-жылы Кыла селолук Советинде туулган. Шартка байланыштуу мектепте окууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Ошондуктан, жаш кезинен турмушка чыгып, жолдошу менен өзүнчө түтүн булата баштаган. Ал талаа жумуштарына да жашынан катышты. Жаз келери менен кетмен көтөрүп талаада иштеди, жер тегиздеди, гозо көчөттөрүн чөптөн арылтып, түптөрүн жумшартуу, жегенелөө, чеканкалоо жумуштарын аткарып, терим мезгилинде пахта терди. Күндөлүк нормасын ашыгы менен аткарып, алдыңкы теримчилердин сабында жүрдү. Эгерде нормага жетишпей калса, түндө айдын жарыгында пахта терген учурлары да болгон. Үй жумуштарын түн ичинде жасап, эртеси таң саарынан талаага ишке жөнөчү. Керээлиден кечке талаада тыным албай, күүгүм киргенге чейин кол жоорутуп, бел оорутуп иштеген алдыңкы колхозчулардын сабында мына ушул Чыныгүл Арзыкулова да болгон. Карапайым аялдын кайратман эмгеги колхоздун экономикасынын көтөрүлүшүнө сарпталды. Бешене терин даркан талаада тамызып, кажыбас-кайрат менен мээнет кылган күндөрү азыр да эсинен кете элек.

Жолдошу кырк жашында эрте ааламдан кетип, эки уул, үч кызынын жоопкерчилиги да жеке өзүндө калган. Сыртта эркектин, үйдө аялдын жумуштарын жасап, бирок кабагым-кашым дебей, уул-кыздарына таалим-тарбиясын берип, бешене тери менен тапкан эмгеги менен багып чоңойтту. Турмуштун оор-жеңилин, жакшы-жаманын көрдү. Бирок, бир да ирет жумушка барбай, чаалыктым деп үйдө жатып алган убагы болбоптур. Бир кезде өзүнүн көп жылдык эмгегин колхоздун айыл чарба жумуштарына арнап, тыным албай иштеген күндөр эми артта калды.

Азыр караса өткөн өмүр көз ирмемчелик көрүнүп, кечээ эле болгондой таризде. Бирок, ошол кездеги мезгилдин өктөмү, жашоонун өйдө-ылдый кыйынчылыктары артта калды. Азыр Көп-Там айылында жашайт. Балдары чоңойду, эрезеге жетишти. Чачтарын ак бубак басып, жүзүн бырыштар уялап, улгайды. Бирок, уул-кыздарына татыктуу эне болду. Азыр 7 небере, үч чебереге чоң эне, тайэне. Жараткандын берген мына ушул таалайына ыраазы.

Маматалиева Гүлпар



1936-жылы 20-июнда азыркы Ноокен селолук Советинде чабандын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энеси мына ушул чабандык кесипти аркалашып, Гүлпар да алар менен кышында кыштоодо, жайында жайлоодо болуп, балалыгы мына ушундай шартта өттү. Балалыгынан мал артында жүргөн ата-энесине кол кабыш кылып, жашынан ишке тетик, эмгекке шыктуу болуп чоңойду.

Эс тартып, бой жеткенде Садирбек Маматалиевге жар болду. Экөө 1986-жылдан тартып, үй-бүлө күтүп, турмушта бир бирине таяныч болуп, 41 жыл чогуу жашашты. Колхоздун жумуштарында четте калган жок. 37 жыл пахтачылык бригадасында талыкпай пахта терди. Терим башталганда дайыма талаага таң саарынан келип, күүгүм киргенде кайтышаар эле. Сап кууган теримчилер менен жарышып, этектеп пахта төгүп, күн сайын болбоду дегенде 100 килодон, эң көбү 200 килограммга жеткирип, кол менен пахта жыйнады. Ар беш, он күндүктүн жыйынтыгын чыгарганда дайыма алдыңкылардын сабында анын аты да жазылчу. Кээде акчалай, кээде баалуу сыйлыктарга ээ болгондо көңүлү толкуп, ан сайын теримге болгон ышкысы артып, кийинки беш күндүктө мурдагыдан да шерденип эмгектенип келди. Ошентип, нечен курдай сыйга, сыймыкка да ээ болду. Дайыма алакан толтура акча алып, түрдүү түмөн буюмдар сыйлык катарында ыйгарылды. Эртеси кайра шыктанып, нормасын эки барабар ашыра аткарган күндөр болду. Өлкөбүздө баалуу сырье деп эсептелип, эгиле баштагандан тартып, тамеки көчөттөрүн өстүрдү. Кырманда иштеп, кургатылган тамеки жалбырактарын таңгактады. Колхоз өндүрүшүндөгү көп жылдык үзүрдүү эмгеги үчүн 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалына татыктуу болду.

1991-жылы эс алууга чыкты. Төрдө бирге дөөлөттүү карылыкты көрөр кезде жолдошу Садырбек Маматалиев 1997-жылы 71 жашында дүйнө салды.

Азыр Гүлпар Маматалиева Көк-Там айылында жашайт. Бир уулунан жети небере, жети чебере көргөн. 80 жаштагы эне улгайса да кайратынан жазбаган, неберелеринин маңдайында бактылуу карылыкты баштан кечирип турган убагы.

Мырзакматова Алмакан (1937-2010)



1937-жылдын 10-июнунда Ленин районунун Кыла селолук Советинин «Коммунизм» участкасында төрөлгөн. Мектептен 7-класска чейин билим алган. Андан ары окуусун улантууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Жапжаш кезинде Токтогул районунун Өзгөрүш айылына турмушка чыккан. Жолдошу Теңгебаев Арык менен Үч-Коргондун Боз айылында жашоо кечирип, колхоздун малын багышты. 1961-жылдан Кыла айылынын «Коммунизм» участкасына көчүп келип, байыр алышты. Ал жолдошуна күйүмдүү жар, төрт уул, төрт кызды жарыкчылыкка алып келип, балдарына татыктуу эне болду.

1961-жылдан тартып, Калинин атындагы колхоздун талааларын кезип, пахта өстүрдү. Ошол кезде №10-бригадада алдына камчы салдырбай алдыңкы теримчи аталып жүрдү. «Алмакандай эч ким пахта тере албайт. Башкалар эки агатта жүрсө, ал төрт агаттын пахтасын бирдейинен терип, кадам жылбай, бир этегин 20 килолоп жерге төгөт. Канча теримчини көрсөк да, Алмакандай пахта терүүнүн устатын көрө элек экенбиз», -дешип таң калгандар көп болушкан. Башкалар кечке терген пахтаны ал бир терип чыгышында эле жыйнап алып, нормасын түшкө чейин аткарып койчу тура. Бир сезондо 10 тонна пахта терген учуру көп кайталанган. 1971-жылы анын үзүрдүү эмгеги «Ардак белгиси» орденине татыктуу болгон. 1973-жылы КПССтин катарына кабыл алынды. 1975-жылы «Тогузунчу беш жылдыктын эпкиндүүсү» болду. 1981-жылы ага жогорку сыйлык «Эмгек Кызыл Туу » ордени ыйгарылды.1983-жылы анын эмгегин баалашып, «Москвич» жеңил унаасын сыйлыкка тапшырышкан. Катарынан бир нече ирет жергиликтүү кеңешке депутаттыкка шайланды. Бул анын таң агарбай талаага келип, кечки күүгүмгө чейин бешене терин агызып, пахта терген күжүрмөн эмгегинин жемиши эле.

1987-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Уул-кыздары турмуштан орун алып, ата-эненин үмүтүн акташты. Дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип жаткан убакта 2010-жылдын 22-июнунда оо дүйнө узады.

Мураталиев Жоомарт



1938-жылы 20-сентябрда Бостон айылында туулган. Жусуп Турусбеков атындагы мектептен 7-класстык билим алып, Жалал-Абаддагы кесиптик-техникалык окуу жайында окуп, айдоочулук кесипке ээ болгон. Эмгек жолун Кыла, андан соң Калинин атындагы колхоздо мына ушул адистик боюнча баштап, 1958-2001-жылдардын аралыгында өз кесибинин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, сырын үйрөндү. Улам такшалып жүрүп, олтуруп тажрыйбалуу, дасыгып, өз кесибинин устатына айланды. Эмгектик да, турмуштук да бай тажрыйбага жетишти.


Эгерде ушул тапта артына бир кылчайып карай турган болсо айдоочулукту туу тутуп, анын кыйынчылыгына кайыл болуп, барктап иштептир. Көрсө ким кайсыл кесипти сүйсө анын өзүнө таандык кадыры, баркы болот тура.

Колхоздор дүркүрөп иштеп турганда гектарлаган жерлер иштетилип, жылга-жыбытка, короо-сарайларга мал-кой, жылкылар толуп, иш бир күн да токтобой кайсыл тармак болбосун кызыган эмгек өкүм сүрөөр эле. Убакыт менен эсептешпей, таң аткандан күүгүм киргенге, кээде түн бир оокум болгонго дейре колхоз ишинен бошочу эмес. Түн ортосунда келсе да, эртеси эртелеп, кадимкидей жумушуна ашыгаар эле. Эртелеп туруп, унаасынын ар бир тетигин көздөн кечирип, бузулган жери болсо өзү оңдоп, анан көңүлү жайланып, рулга олтуруп, ишине карай сапар алчу. Эмгек жолунун жарым кылымга жакын убактысынын тогуз жылы колхоздун машина-трактордук паркында механиктик жумушка арналды. Бул иш да өтө жооптуу жумуш болчу. Ар бир техника анын көз алдынан өтчү. Кезегинде колхоздун коомдук малы үчүн тоют камдап, Чүй бооруна, Талас, Токтогул райондоруна, андан ары Оренбург областына чейин унаасы менен кыдырды. Күндүзү мындай турсун түн ичинде көзү уйкуга илинбей жол жүргөн күндөр көп болду. Ошондо да чаалыктым, чарчадым деп айткан жок. Пенсияга чыкканда да кесибин бир кыйла убакытка чейин таштай албады.

Жубайы Дилбар менен 51 жыл жашоо кечирди. 12 уул-кызды эрезеге жеткирип, 63 небере-чебере күттү. Азыр Бостон айылындагы кадырлуу карыялардын бири.

2008-жылы Ажыга сапар алып, Жараткан колдоп, жолу ийгиликтүү болуп, Ажы болуп кайтты.

Орозбеков Абитали (1938-2012)



1938-жылдын 25-мартында Кетмен-Төбө өрөөнүндө туулган. Ал алты жашка чыкканда ата-энеси жер которуп, Кыла селолук Советине караштуу Көп-Там айылына көчүп келишип, жашап калышкан. Каганович атындагы толук эмес орто мектепте окуп, билим алган. Өзүнүн алгачкы эмгек жолун катардагы колхозчулуктан баштаган. Өз ишине берилип иштеп, кандай гана тапшырма болбосун так аткарууга алгачкы күндөн эле үйрөнгөн. Көпчүлүктөн айырмаланып ишке тетиктиги, жөндөмү менен жетекчилердин сынына толуп, 1964-жылдын 14-октябрында комсомолдун Ленин райондук өндүрүштүк башкармасы «1-Интернационал» колхозунун комсомолдук-жаштар бригадасынын активдүү мүчөсү болуп жигердүү иштеп жаткан учурда эң мыкты жетишкендиктери үчүн мактоо баракчасы менен сыйлаган. Бул анын эмгектеги эң биринчи сыйлыгы болчу.

Ал комсомолдун активдүү мүчөсү болгон. Уюштургуч жөндөмүн байкашкан жетекчилер ага ошол кезде комсомол жаштар звеносун башкаруу жоопкерчилигин тапшырышкан. Ал жетектеген звенонун жаштары пахтадан жогорку көрсөткүчтөгү түшүм өстүрүп алгандыгы үчүн Абитали Орозбековго комсомолдун Ош обкомунун Ардак грамотасы ыйгарылган.

Айыл чарба өндүрүшүнө активдүү катышып, татыктуу салым кошкон Абитали Орозбеков 1970-жылы В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгында юбилейлик медаль, СССР Министрлер Советинин Президиуму тарабынан «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» төш белгисине татыктуу болгон. Анын колхоздун экономикасын көтөрүүдөгү эмгеги бааланып, 1984-жылы «Эмгек ардагери » медалы менен сыйланган. 1959-жылдан 1992-жылга чейин өзүнүн кайраттуу эмгегин жалаң колхоз өндүрүшүнө арнап келген. Чарбанын экономикасынын көтөрүлүшүндө бул инсандын да белгилүү деңгээлде салымы болгон.

Татыктуу иштеп, бирок жөнөкөй жашады. Өзүнүн басып өткөн өрнөктүү жолу менен артына бараандуу из калтырып, кийинки жаштарга үлгү болорлук өмүр сүрдү. 2012-жылдын 14-майы анын үй-бүлөсү үчүн оор жоготуунун күнү болду. Анткени, бул инсан дал ушул күнү бул ааламдан узады.

Абитали Орозбеков татыктуу балдарды тарбиялады, аларга камкор ата болду. Ал эми азыр анын уул-кыздары чыныгы атанын жолу менен жашоо улап келишет.

Мырзахматов Усупахмат



1938-жылы 15-сентябрда Калинин атындагы колхозду колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Анын балакатка жеткендеги биринчи максаты мектепте окуп, жакшы билим алуу болсо, экинчиси жигит болуп жетилип, өзү каалаган кесипке ээ болуу менен элге кызмат кылуу болчу. Мына ушул максатына 1959-жылы Фрунзедеги бухгалтердик техникумду ийгиликтүү аяктап, бухгалтердик эсеп адистигине ээ болгондо жетишти. Анын айыл чарбасына керектүү атайын адистикке ээ болуу тилеги да 1961-жылы Токмоктогу кесиптик техникалык окуу жайын аяктап, тракторист, машинист деген кошумча адистик алышы менен аткарылды.

Айылда төрөлүп, өсүп-чоңойгон карапайым жигиттин эмгек чыйыры да карапайым жумушчулуктан башталган. Анткени, 1965-жылдан тартып эмгек жолун Токтогул ГЭСинде 3-разряддагы слесарлыктан баштаган, ошол эле жылы 13-апрелден аталган мекемеде ага бухгалтер болуп эмгек жолун уланткан.1967-жылдан тарта жабдуулар боюнча инженер кызматын аркалаган. 1969-жылдан соода тармагында эмгектене баштаган, Бүргөндү айылында бухгалтер, магазиндин башчысы болуп иштеген.

Кийинки мезгилде билим берүү тармагынын эсеп жаатына кызмат которду. 1976-1980-жылдары Кочкор-Ата жатак-мектебинде эсепчи болуп, эмгек жолун улантып келди. 1986-жылдан тарта дал ушул мектепте башкы эсепчилик кесипти аркалаган.

Мезгилдин талабыбы, же жашоонун агымы сыягы эмгек жолунда башка тармактарда да иштөөгө кез келди. 1988-жылы айыл өкмөтүндө статисттик кызматта иштеди.

Өзүнүн эмгегин эсеп-кысап жаатына арнап келген Усупахмат Мырзахматов 1998-жылдан тартып, ардактуу эс алууга чыккан.

Үй-бүлө күттү. Жакшы иштеп, жакшы жашады. Алты уул, эки кыздын атасы жана отуздан ашуун небере, жетиден ашуун чеберенин чоң ата, тай атасы. «Ата» деген улуу аброй менен барктап келди. Жакшы бала, адептүү кыз тарбиялап, алардын турмуштан өз ордуларын табышына аталык милдетин аткарды. Балдарынын төрүндө куттуу өмүр кечирди.

Жоробаев Камилжан (1938-1994)



1938-жылдын 8-мартында Калинин атындагы колхоздун Чек айылында жарык дүйнөгө келген. Ал үч жашка чыкканда Улуу Ата Мекендик согуш башталып, ошол кездеги балдар сыяктуу анын наристе кези да мына ошол кыйынчылык мезгилде өттү. Согуштан кийин жеңиш орноп, аман калгандар өз жерине кайтып, эл тынч жашоого багыт алган учурда ал мектептин босогосун аттап, билим алууга умтулду. Мектептен кийин алыска кетпей өзү туулуп-өскөн айылда колхоздо айдоочу болуп иштеп калган. Андан соң, өндүрүштө иштеп жүрүп, кесип алууну эңсеген жигит Оштогу айыл чарба техникумун сырттан окуп, атайын адистикке ээ болду. Ошол мезгилдин аралыгында колхоздо 20 жыл пахтачылык бригадасын башкарган. Бир чети ишти уюштура билген жетекчи болсо, экинчиден дайыма колхозчулар менен чогуу жүрүп, жердин сырын, түшүм өстүрүүнүн ыкмаларын эң мыкты өздөштүрдү, жер устаты болду, дыйканчылыкта бай тажрыйба топтоду. Мына ошондон улам ал жетектеген бригада дайыма 120-130 гектардан кем эмес жерди иштеткен. Ар гектар пахта аянтынан 35 центнерден жогору, 45-50 центнерге чейин түшүм алган мезгилдер болгон. Ар жылы жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып, ийгиликке жетишкен мезгилдер көп ирет кайталанган. Пахтанын мамлекетке тапшыруунун планын колхоздо биринчи болуп толтурганда «Москвич-412» унаасы менен сыйланган.

Камилжан Жоробаевге колхоздун тоют бригадасын башкаруу милдети да жүктөлгөн. Бул ишти да жоопкерчилик менен аткарып, колхоздун малы үчүн арбын тоют топтоп, анын дарегине жылуу пикирлер айтылган учурлар да аз эмес эле.

Бригадирлик жумушунан кийин Калинин атындагы колхоздо участка башчысы болуп иштеген. Бул мезгилде курулуш бригадасын жетектеп, Фрунзе шаарындагы Ош базарын курууга катышкан.

Анын айыл чарбасын көтөрүүдөгү татыктуу эмгеги В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейлик медалы менен бааланган. 1975-жылы «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү», »Тогузунчу беш жылдыктын жеңүүчүсү» төш белгилери, 1972-жылы «Ардак белгиси» ордени, 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган.

Үй-бүлө күтүп, жубайы менен ынтымактуу жашоо кечирип, беш уул, эки кыздуу болгон.

1994-жылы ден соолугунун айынан 54 жашында каза тапкан.

Мурзакулов Абдимиталип



1939-жылдын 10-мартында Кыла колхозунда жарыкчылыкка келген. Ал Ленин районунун Алаш токой чарбасындагы азыркы Тоскоол айылындагы мектепте 4-класска чейин билим алган. 1951-жылы үй-бүлөсү менен Майлуу-Суу шаарына көчүп келишип, окуусун мына ушул жерде уланткан. Ал өзүнүн биринчи эмгек жолун 18 жашында шаардагы кен башкармасында жумушчулуктан баштаган. Кийин Кыла айылына көчүп келишип, мына ушул жерде биротоло байыр алып жашап калышкан.

Келери менен эле колхоз ишине аралаша баштаган. Кой чарба фермасында иштөө негедир анын табиятына төп келген сыягы, 1961-жылдан колхоздо чабандык кесипте иштей баштаган. Алгач эле 450 баш колхоздун кою бөлүнүп берилип, аны багып-өстүрүү жоопкерчилиги да кошо жүктөлгөн. Мына ошентип, чабандыктын түйшүктүү, ары жооптуу болгон машакаттуу күндөрүн өз башынан өткөрдү. Койлорун зоотехникалык эрежелердин негизинде асырап, баарын талаптагыдай баккандыктан, төлдөгөн мезгилде жүзүнөн ар жылы 120-127ден козу алган. Бул ошол кездеги жогорку көрсөткүч болгон. Жүндүн планын да аткарууга өзгөчө көңүл бурган. Ар бир баш койдон 5 килограммга жеткирип жүн кыркып алчу. Өз өмүрүн чабандык кесипке арнагандыктан, анын кыйынчылыгына, түйшүгүнө чыдап, арбын төл, көп жүн алуунун жолун, ыгын жакшы билгендиктен, дайыма белгиленген планын ашыгы менен аткарып, чабандар арасында уюштурулган социалисттик мелдеште алдыга озуп чыкчу.

Өмүрлүк жары Касиет менен бирге кышында кыштоо байырлап, жайында жайлоодо бири чабан, экинчиси жардамчы чабан болуп, колхоздун койлорун чыгашага учуратпай багып келишкен. Алардын бул кесиптеги түйшүктүү эмгегин колхоз жетекчилери билишип, дайыма ишеним көрсөтүп, эмгегин баалап келди. Канчалык чабандык кесиптин түйшүктүү күндөрүн, кыйынчылыгын тартса да, ошончолук эмгегинин үзүрүн, эмгегинин ырахатын көрдү.

Жубайы Касиет менен ынтымактуу жашоо кечирип, он балага татыктуу жана камкор ата болду. Азыр Көп-Там айылындагы кадырлуу адамдардын бири. Ал эми уул-кыздары чоңоюп эрезеге жетип, ата-эне үмүтүн акташып, үй-бүлө күтүшүп, өздөрүнчө турмуш курашты.

Мергенбаев Мамасалы



1939-жылы ошол кездеги Ош областына караштуу Ленин районунун Кыла айылында туулган. Анын балалыгы Улуу Ата Мекендик согуш башталган катаал учурга туш келди. Эркектердин баары кан майданга кетип, тылда жаш-кары дебей «Жеңиш үчүн» деп кара жанын карч уруп, үй бетин көрбөй колхоз ишинде иштеген оор күндөрдө анын балалыгы өткөн. Элдин көптөн күткөн тилеги кабыл болуп, Жеңиш орногондо ал бар болгону алты жаштагы бала эле. Бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү өкүм сүрүп, элдин тынч жашоосу калыбына келе баштаганда жашы жетип, мектепте окуп билим алды.

Мамасалы Мергенбаев1958-жылдан Калинин атындагы колхоздун №1- бригадасында катардагы колхозчу болуп эмгек жолун баштаган. 1960-жылга дейре мына ушул жумушту кесип катарында аркалап, андан соң, 1961-1963-жылдары ошол эле Калинин атындагы колхоздун №1-бригадасында эсепчи болуп эмгек жолун уланткан.

1963-1966-жылдарда Советтик Армиянын катарында жоокердик кызмат өтөгөн, ал жактан аскердик жактан гана эмес, саясий көз карашы, билими жагынан да такшалуудан өтүп, турмушка калыптанып кайткан жигит комсомолдук ишке тартылган. 1966-1969-жылдарда Калинин атындагы колхоздун комсомол комитетинин катчысы, 1969-жылдан 1975-жылга чейин Кыла айылдык кеңешинин жооптуу катчысы болуп иштеген. 1975-1976-жылдары аталган колхоздо №3-пахта бригадасынын бригадири, 1976-1977-жылдары колхоздун кадрлар бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. 1977-жылдан 1985-жылга чейин Ленин райондук айыл чарба башкармалыгында көзөмөлдөөчү адис болуп иштеген. Ал эми 1999-жылдан тартып пенсияга чыккан.

Эмгектеги жетишкендиктери үчүн “1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 20 жылдыгы” юбилейлик медалы, 1966-жылы Аскердик бөлүктүн, Октябрь революциясынын 50 жылдыгына карата КРнын маданият министрлигинин, 1981-жылы республикалык элдик контролдоо комитетинин Ардак грамоталары, “В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы”, “Улуу Октябрь Социалисттик революциясына 90 жыл” эстелик медалдары менен сыйланган. Ошондой эле областтык ички иштер башкармалыгынын жана Кыла айыл өкмөтүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган.

Касымбеков Темир



1939-жылы Майлуу-Суунун Көгөй айылында туулган. Атасы Осумбек, апасы Мейликан ал үч жашка келгенде каза таап, атасынын бир тууган иниси Касымбектин колунда тарбияланган. Беш жашында Кыланын «Жаман айыл» деп аталган (азыркы Жазгак) айылына келген. Мектепте бар болгону үч ай окуп, ооруп калып, мектепке бара албай калган. Эжеси Нышанбү талаада иштеп, күнүнө бир жарым норма аткарып, ошого жараша берген аталасынын жарымын өзү ичип, жарымын мына ушул иниси Темирге берип, эптеп күн өткөрүшкөн. Эжеси ооруп калганда балакатка жетпей туруп, иштөөгө туура келген. Жашынан жетимдиктин азабын тартып, согуш учурунда тылда ачарчылык күч алып, элдин жашоосу кыйындаган мезгилде он эки жашынан колхоздун талаасында кош айдап, балалыктын эмне экенин билбей чоңойгон. Күрүчтүн гүрмөгүнөн жасалган атала ичип, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп, кээде загара нан жеп жашоо кечирген. Үйдө да курсак тоерлук жарытылуу тамак болгон эмес.

Согуш аяктаганда пахта териминде, малга тоют даярдоодо иштеди. 1958-жылдан тартып, пахтачылык бригадасынын алдыңкы теримчиси аталып, кол менен пахта терүүнүн өрнөгүн көрсөттү. Күнүнө 120-130 килограммдан кем эмес пахта терип, күндөлүк нормасын бир жарым эседен ашырып аткарды. Теримдин жыйынтыгын чыгарганда дайыма алдыда болуп, нечен курдай радиопремник, кол саат сыяктуу буюмдарды сыйлыкка алчу. Беш жыл теримде иштесе, ошончо жыл биринчилердин сабында жүрдү. 23 жыл пахтага суу коюп, сугатчылыкты аздектеди. Кээде кызматынан алынган учетчик, же башкалар сугатчылыкты тапшырса, эгилген өсүмдүктөрдүн баарын сууга алдырып жиберип, жазаланган кездер болгон. Ошол кезде өтө чеберчиликти талап кылган бул жумуштун баркы жогору болчу. Ал баарынын эле колунан келчү эмес. Мына ошондуктан Темир Касымбековдун эмгеги бааланбай койгон жок. «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Эмгектеги каармандыгы үчүн», акырында «Эмгек ардагери» медалдары менен сыйланды.

Азыр бактылуу карыя. 8 баланын атасы, 20дан ашык небере, бир чебере көргөн. 2015-жылы байбичеси Бурулай эне менен ажылыктын улуу парзын өтөп келишкен.

Абдураимова Тиллекан



1939-жылы 10-апрелде жарыкчылыкка көз жарып келген. Ата-энеси колхоздор уюшулганда активдүү катышып, бешене тери менен жашоо кечирип, өз эмгектери менен балдарын багып келишкен. Кийин бири мал багып, экинчиси уй саап, мына ушул кесипти ардактап келишти. Анын кыйынчылыгын көрүшкөнү менен ушул кесип аркылуу тиричиликтерин өткөрүшкөн. Кызы Тиллекан да балалыгынан ата-энесине каралашып, мал багуунун жолун билип калган, жашынан апасына кол кабыш кылып, үй саап алууну да өздөштүргөн. Эртең менен кечинде саан саашса, калган учурда күндүзү жүгөрү данын жыйнап, кызылча өстүрүп, анын түшүмүн жыйнап алууга катышкан.

Ал бой жетип, убагы келгенде болочок жолдошу Момун менен баш кошуп, жашоо кечиришти. Экөө биргелешип, бири бирине таяныч болуп, жашынан өзү иштеп көнгөн иши болгон саанчылык кесипти аздектеди. Жолдошу Момун Абдураимов да өмүр бою мал артында жүрүп, колхоздун малын бакты, анын ысык-суугуна күйдү, үзүрдүү эмгегинин ырахатын көрдү. Бирок, өмүрү кыска экен, 1991-жылы пайгамбар жаш деп эсептеген 63 жаш курагында бул ааламдан кетти.

Ал эми өзүнүн эмгегин жалаң уйлардан сүт саап алууга арнап, бул кесипти ардактап, дайыма ак ниети менен үзүрдүү иштеп келген Абдураимова Тиллекан ушул тапта дөөлөттүү кары. Уул-кыздарынын сыйлуу адамы. Алар «эне» деген атына сыйынып, дайыма төрүнөн орун берип келишет. Ал азыр Момбеков айыл аймагынын Жазгак айылында жашайт. Жараткан бул энеге 30 небере, алмончоктой болгон 31 чебере берди.

Эмгегин колхоз ишине арнап, ал эми үйдө уул-кыздарын тарбиялап, энелик мээрими менен өстүрүп келген эненин жашап өткөн өмүр жана эмгек жолу билген адамга үлгү болчуудай. Анткени, ал ар кандай мезгилдин, ар кандай өктөмүнө чыдап, жашоонун ооржеңилин өз мүрү менен көтөрүп, колхоздун мал чарбасына салымын кошуп келди. Кезегинде Калинин атындагы колхозду республикадагы ири чарбалардын катарына теңөөгө үлүш кошушкан Тиллекан Абдураимова сыяктуу чыныгы эмгек адамдары көп болушкан.

Рахманова Рабыкан (1939-2013)



1939-жылдын 13-августунда Көп-Там айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Тогуз жашында атасы Борбу, апасы Айымсарадан 12 жашында ажырап, ардактаган атанын, алпештеген эненин мээримине тойбой калды. Бирок, агасы Абдималиктин колунда тарбияланып, анын камкордугу менен эрезеге жетти. Секелек кыз кези өтүп, балакатка жетип, бой тарткан сулуу кыз болгондо 17 жашында Дубана Рахмановго сүйүктүү жар болду. Жашынан турмушка каныгып, үй-бүлөлүк ынтымакты бекемдеп, таттуу жашоо кечирди. Турмуштун оор-жеңилин, жакшы-жаманын, баарын бирге көтөрдү. Чынында баш кошкон жолдошуна татыктуу жар болуп берди. Алмончоктой балдарды төрөп, аларды алпештеп чоңойтту. Бирге сүргөн 57 жылдык өмүрүндө үч уул, эки кызга камкор эне болду. Кечинде тамагын жасап, нанын жаап, үй тиричилигин аткарып, балдарына энелик тарбиясын берүүгө жетишсе, күндүзү даркан талаада жан оту менен иштеди. Аялмын дебей кериле кетмен чаап, эркектерден калышпай жер тегиздеп, агат алып, эгин эгип, пахта өстүрүп, түшүмүн терди. Маңдайынан терин агызып, бешене терип, ар бир көчөттүн түбүндө калтырды. Жалгыздап эмес, коштоп агаттарда ак бадырактай болгон пахталарды терди. Кара турган адам анын колго кол илешпей, алакан толтура булаларды үзүп, улам этекке салып, анан бир заматта жерге үйө таштап, кайрадан эле теримге киришкенине бир чети суктанса, бир чети таң калып, анын эмгегине «баракелдээ» дешэр эле. Анын эмгегине суктангандар да, таңдангандар да болгон. Эмгеги менен элге жагып, жетекчилердин ишенимине кирип, айылдык кеңештин депутаттыгына да шайланган. Бирде пахта терсе, бирде талаа станындагы балдар бакчасында өз балдарынан кем калтырбай колхозчулардын балдарына камкордугун көрдү, тамшанып ичкен даамдуу тамактарды жасап берип жүрдү. Кандай жумуш тапшырбасын кынтыксыз, кемчиликсиз аткарып, канча ирет алкыш, сыйлык алды.

2013-жылдын 27-майында жашы 74тү утурлап калганда оо дүйнө салды. Бир өкүнүч балдары үчүн эненин кайырсыз кеткени, экинчиси айылдаштары жакшы аялинсанынан ажырады. Бирок, артында макталып айтыла турган жакшы сөз калды.

Муратов Сабыр



1939-жылы Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинде жылкычынын үй-бүлөсүндө туулган. Кыла мектебинде 7-классты бүтүргөн. 1959-1962-жылдары Россиянын Свободный шаарында жоокердик милдетин өтөгөн. Келгенден соң, Бүргөндүдө үч жыл механизатор болуп, айыл чарбасында эмгектенген. Андан соң, 1966-жылдан кой чарба фермасында кой кыркымга активдүү катышып жүрдү. 1967-жылы ал өзүнчө кой алып, чабандык кесиптин ысык-суугуна аралаша баштады. Алгач эт багытындагы 670 баш эркек козу бакты. Максат аларды жакшы асырап, багып, жогорку семиздикте этке өткөрүү болчу. 1970-жылы ар бир койду 66 килограммдык салмакка жеткирип, тапшырды. Бул цифра айтканга оңой болгону менен кой артында жүргөн адам үчүн аны багып-өстүрүүдөгү тун уйкусунан безип, күн тынымын албай иштеген кайратман эмгеги жеңил эмес болчу. Убагында жем берип, убагында суу ичирип, кезкези менен сейилдетип, ветеринардык дарылоолорду өз кезегинде жүргүзүп, жана ушул сыяктуу түйшүктөрдү тартып олтуруп, акырында ийгиликке жетишти. Анын мына ушул эмгеги колхоз тарабынан бааланып, сыйлыкка ыйгарылган «Москвич» унаасы менен сыйланды. Кайрадан ошондой эле сандагы эркек козу алып, багууну баштады. Бул ирет убагы келгенге чейин карап, ар бир койду 55 килограмм менен этке өткөрүп берди. Ошентип, 12 жыл кой багып, чабандык кесипти туу тутуп, аздектеп келди. Аялы Айшакан аны менен кошо чабандыктын ысык-суугуна күйүп, жардамчы чабан эле. 1979-жылдан жылкы багып, тубар бээ саашты. Үч үйүрдөн жылкы багып, кымыз өндүрүп, колхозго тапшырышты. Ар бир сезондо 4 тоннадан кем эмес кымыз жасашты. 18 жылдык эмгегин союз тараганга чейин жылкычылыкка арнашты.

1995-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Жубайы Айшакан менен турмуштун даамын бирге татышып, үч уул, төрт кызга бактылуу ата-эне болушту, аларды эрезеге жеткирип, турмуштан өз ордуларын табууларына алардын эмгеги чоң болду.

Азыр Курулуш айылында жашашат. Айылдагы кадырлуу карыялардын бири Сабыр Муратовдун эмгеги билген адамга азыркы жаш муундар үчүн үлгү гана болуп келет.

Кадырова Салкын (1940-1999)



1940-жылдын 14-июнунда Ленин районунун Калинин атындагы колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1947-жылы Калинин атындагы сегиз жылдык мектебинин босогосун аттап, 1954-жылы аталган мектепти аяктаган. Мектепти бүткөндөн кийин окуусун андан ары уланткан эмес, өз жүрөгүнүн каалоосу менен колхоздо калып иштөөнү чечкен. Алгач колхоздун мал чарба фермасында саанчы болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Бир жылдын аралыгында эле ал өзүнүн жөндөмүн көрсөтө алган. 1955-жылы ал Ленин комсомолунун катарына кабыл алынган.

Ал өзүнүн эмгегин мал чарбасына арнады. Уйлардан арбын сүт өндүрүп, продуктуулугун арттырууга салым кошуп келди. 1964-жылы ал Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынды. 1966-жылы алдыңкы саанчы катарына, эмгектик ийгиликтери үчүн ага «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы ыйгарылган. 1967-жылы өзүнүн карамагындагы уйлардан көп сүт өндүрүп алуудагы эмгектик жетишкендиктери үчүн ага колхоз жетекчилиги тарабынан жеңил автоунаасы сыйлыкка берилген. Көп жылдар саанчы болуп иштегенден кийин, анын өз ишине болгон так жана жоопкерчиликтүү мамилесинен улам, сүт товар фермасынын башчылыгына дайындалган.

Андан соң, №5-6-бригадаларда пахтачылыкта иштеген. 1970-жылы ага экинчи жолу «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы ыйгарылган. Ал өз ишинин татыктуу устаты катары эмгегинин үзүрүн көрүп, көпчүлүккө таанылган.1971-жылы ал Кыла селолук Советинин депутаттыгына шайланган.

Ал өз балдарына татыктуу эне болгон, аларга мээримин берип, бардык эмгегин сарптаган. 1971,1972,1974-жылдары ага 1,2,3-даражадагы «Эне даңкы» ордени ыйгарылган. 1986-жылы СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышып, бул ирет ал коло медаль менен сыйланган.

Ал жогоруда аталган бригадаларда иштеп, өзүнүн эмгегин пахтачылыкка арнаган. Ал эмгектеги жетишкендиктери үчүн 3-даражадагы «Даңк» орденине татыктуу болгон.1988-жылы ал жетектеген бригада пахта планын ашыгы менен аткаргандыгы үчүн «Москвич» машинасын сыйлыкка алган. 1989-жылы Ленин райондук Советине депутаттыкка шайланган.

Ал жолдошу Нурбаев Залимбек менен 24 жыл чогуу жашап, сегиз уул-кыздуу болушкан. Аларга мээримин берип, эң жакшы тарбиялашты. 1999-жылы 59 жашында бул ааламдан узаган.

Рахманов Турдубай (1940-1994)



1940-жылы 16-сентябрда Кыла айылдык кеңешине караштуу Коммунизм участкасында туулган. Атасы Рахман жер иштетип, жер гүлдөтүп, катар-катар көчөт тигип, багбанчылыкты аздектеген мээнеткеч адам болгон. Баласы Турдубайдын балалыгы жазында түрдүү түмөн түс гүл ачып, күзүндө мөмөсү бышып төгүлгөн берекелүү мына ушул бак арасында өттү. Атасынын 2 гектарды ээлеген мөмөлүү багынын түшүмүн колхозчулар да көрүшөөр эле. Колу ачык, март, берешен адам эле. Апасы Ражап 5 кыз, 2 уул төрөп, балдарын алпештеп өстүргөн. Турдубай бир туугандарынын кенжеси эле. Балалыгынан атасынан мээнетти үйрөндү. Эмгектин артыкчылыгын, эмгектин жашоодогу кадыр-баркын билди.

Жашы жетип, билим алууну көксөгөн бала Калинин атындагы колхоздун аймагындагы мектептин босогосун аттап, мугалимдеринен «А» деген ариптен тартып жеткилең окуп, алардын тарбиясын алып, 7-классты ийгиликтүү окуп бүтүрдү. Андан соң, өз айылынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошуу максаты менен атайын кесип алууну максат кылып, Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, механизатор адистигине ээ болду.

1960-жылдан Советтик Армиянын катарына чакырылып, Украинада жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөдү. Ошол кезде жоокердик милдетин күжүрмөндүүлүк менен аткаргандыгы үчүн аскердик бөлүктүн грамотасы менен сыйланган.

Кийин эмгек жолу Токтогул гидроэлектр станцияларында башталды. Андан соң, Ош суу канал мелиорация башкармалыгында иштегенде Ленин, Базар-Коргон райондорунда канал казуу жумуштарына активдүү катышты. Анын эмгеги бир нече Ардак грамоталар менен бааланды. 1979-жылы «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгисине татыктуу болду.

Эмгек жолунун акырында Кочкор-Атадагы «Анар» заводунда жемиштүү эмгектенди. Жубайы Зулайка менен 25 жыл чогуу жашап, 2 уул, 3 кыздуу болушту.

Турдубай Рахманов аз жашады, бирок, жакшы адам катарында таанып-билгендердин эсинде калды. Анткени, жапжаш курагында 1994-жылдын 22-сентябрында 54 жашында күтүлбөгөн жерден жүрөк оорусунун айынан ааламдан кетти.

Сыдыков Абдумомун (1940-2010)



1940-жылы 20-мартта Ош областына караштуу Ленин районундагы Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган.

1947-жылы Кыла башталгыч мектебине кирип, кийин ушул эле Кыла айылында он жылдык мектепте 1957-жылга чейин окуп тарбияланган.

Эмгек жолун 1961-жылдан 1963-жылга чейин Кыла колхозунда пахта бригадасында учетчик болуп иштөө менен баштаган. Ошол эле жылы бир жылдык бухгалтердик курсту бүтүп келген.

1964-жылдан баштап эсепчи бухгалтер болуп иштеген, кийин механизация боюнча бухгалтер, мал чарбасы боюнча бухгалтер, башкы бухгалтердин орун басары, андан кийин башкы бухгалтер болуп иштеген. Бардыгы болуп 33 жылдан ашуун финансы-экономика тармагында эмгектенген, эсепчи болуп иштеп жаткан мезгилде сырттан Кыргыз Мамлекеттик Университетинин бухгалтердик факультетин бүтүрүп, бухгалтер-аудит кесибине ээ болгон.

1984-жылдан Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары болуп, ушул кызматта 1996-жылга чейин, тагыраак айтканда 12 жыл эмгектенген.

1996-жылдан Калинин атындагы колхоздун текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп, колхоз реформага кеткенге чейин иштеген. 2000-жылдан ардактуу эс алууга чыккан.

2000-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Момбеков айыл өкмөтүндө Аксакалдар Кеңешинин төрагасы болуп эмгектенип келген.

Сыдыков Абдумомун төрт уулду тарбиялап эрезеге жеткирип, окуп-билим, татыктуу кесип алышына аталык чыныгы камкордугун көргөн жана алардын өздөрүнчө турмуш курап, үй-бүлө күтүшүнө жол салган.

Сыдыков Абдумомун колхоздун жана айылдын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн:

1977-жылы “1976-жылдагы социалисттик мелдештин жеңүүчүсү”, 1984-жылы «Он биринчи беш жылдыктын ударниги”, СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы, 1996-жылы “Эмгектин ардагери” медалы менен сыйланган.

Сыдыков Абдумомдун эмгегин айылдаштары баалап, 2008-жылы «Сыдыков Абдумомун атындагы көчө» деп өзү жашаган көчөгө ысмын ыйгарышкан.

Бул инсан 2010-жылдын июль айында дүйнө салган.

Ажыкулов Мамат (1940- 2011)



1940-жылы 5-майда Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу Бүргөндү айылында туулган. Атасы Ажыкул, апасы Орозгүл чабандык кесипти аркалап келишкен. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган.

1959-жылы Ош областында караштуу Ленин районундагы Калинин 7 жылдык мектебин аяктаган дан соң, билим алууну эңсеген өспүрүм, 1959-жылдан 1963-жылга чейин Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумду окуп бүтүргөн. Өзүнүн кесип алууга болгон умтулуусу ишке ашкандан кийин алгачкы эмгек жолун 1961-жылы мурдагы Калинин атындагы колхоздо зоотехник болуп эмгектенүү менен баштаган.

1963-жылы үй-бүлө курган. 1964-жылдан 1967-жылга чейин Советтик Армияда жоокердик кызмат өтөп келгенден соң, 1967-жылдан 1972-жылга чейин Калинин атындагы колхоздун кой чарбасында зоотехник болуп өз адистиги боюнча иштеген. 1972-жылдан 1994-жылга дейре Калинин атындагы колхозунда сүт-товар фермасынын башчысы болуп эмгектенген. 1996-2009-жылдар аралыгында Момбеков айыл өкмөтүнүн Аксакалдар сотунун төрагасы милдетин ар-намыстуулук менен аткарган. Татыктуу иштеп, өрнөктүү жашоо кечирген бул инсан 2000-жылы жаш курагы боюнча ардактуу эс алууга чыккан. Ажыкулов Мамат өз учурунда Калинин атындагы колхоздун социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүшү үчүн кошкон үзүрдүү эмгеги үчүн сыйлыктарга татыктуу болгон.

Артка бир кылчайып карасак, анын биринчи сыйлыгы 1959-жылы окуудагы жетишкендиктери үчүн Калинин мектебинин жетекчилиги тарабынан берилген Мактоо грамотасы болгон. Андан соң, 1970-жылы Кыргызстан КП Ленин райондук комитети тарабынан “Грамота”, 2001-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Ардак грамотасы” менен сыйланган. Ал эми 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына татыктуу болгон. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин төш белгиси, мындан сырткары областтык жана райондук мамлекеттик администрациялардын бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Ажыкулова Зуура менен үч уул, беш кызды татыктуу тарбиялап өстүрүштү, 24 небере, 9 чеберелүү болушкан.

Ажыкулов Мамат 2011-жылдын 19-ноябрда оорудан улам дүйнөдөн кайткан.

Мамашова Анипа



1940-жылы 1-июлда Ноокен, мурдагы Ленин районундагы Кызыл-Туу айылында туулган. Атасы Маматалы Турдукулов колхоз өндүрүшүндө иштеген. акырында акыркы мезгилде бригада башкарып, ал эми апасы Касиет жибек пилласын багып эмгектенишкен. Ошол кездин шартына жараша айылдык орто мектептин жетинчи классын аяктаган. Бирок жапжаш убагында,1958-жылы өз айылында жашаган кыргыздын карапайым жигити Мамашов Акунжанга турмушка чыккан. Ошол кезде жолдошу колхоздо сугатчы болуп иштечү.

Өзүнүн басып өткөн эмгек жолу жөнүндө Анипа: «Мен айрым аялдарга окшоп жеңил иш жасабадым, мындайча айтканда аялдардын ишин жасаганым жок, эркектер сыяктуу эмгектенип келдим, бир жагынан турмуш, ал эми экинчи жагынан өзүм көндүм. Трактордун сеялкасына олтуруп чигит эгип, анан өсүмдүккө азык салып, техника катар аралыктарда жүргөндө, анда да трактордун жанынан кеткеним жок. Гектарлап пахта айдап, эгинге суу куйдум» деп айтып калат.

Эмгек жолу биринчи Кыла колхозунда, кийин Калинин атындагы колхоздо сугатчы болуп иштеп башталган.1958-1990-жылдардын аралыгында пенсияга чыкканча мына ушул жумушта эмгектенген. Ал кезде Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Юсупжан Момбеков эле. Түнү кырманга келсе, бир гана Анипа агрегатта иштеп, калгандары уктап жатышыптыр. Бир чети буга таң калса, бир чети ыраазы болуп эртеси ага дем алыш берет. Кийин да 5 жыл иштеп пахтага, бедеге суу койду. Эмгек жолунун акыркы жылдарында звенону башкарды. Биринчи ийгилиги бул, ал жетектеген звенодо тамекинин планы ашыгы менен аткарылып, колхоздо биринчи орунду алганы болгон. Мамашова Анипа биринчи жолу Кыла айылдык советине депутаттыкка шайланып, эл ишенимин аткарган.

Жолдошу менен бекем үй-бүлө күтүп, 4 уул, 1 кыздуу болуп, 1969-жылы жолдошу каза таап, тун уулу он жашта, кенжеси эки жашта калып, жумушка балдарынын жоопкерчилиги өзүнө жүктөлүп, үй-бүлө түйшүгүн өз мүрү менен көтөргөн.

Ал татыктуу эмгеги, элге жасаган кызматы үчүн айылдык кеңешке 6 жолу жана райондук кеңешке депутат болуп, калк кызматын да аркалаган. Пахта терим мезгилинде кырманда пахта жайып кургатып, пахта жүктөдү.

Анын мындай солк этпеген, кайратман эмгеги 1975-жылы “Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү” төш белгиси, ”Эмгектин ардагери” медалы менен бааланган.

Азыр 76 жаштагы эмгек кадырманы Кыла айылында жашап жаткан мезгили. 14 чебере жана 10 небереси бар.

Маматова Толгонай



1940-жылдын 10-июлунда Ленин районундагы Рахманжан атындагы колхоздун Беш-Мойнок айылында туулган. Кийин анын ата-энеси Кыла айылына көчүп келип, ушул жерде байыр алып жашап калышкан. Анын балалыгы мына ушул айылда Улуу Ата Мекендик согуш оту батышта алоолонуп күйүп, эркектердин баары кан майданга кетип, тылда күжүрмөн эмгек өкүм сүрүп, эл башынан оор мезгил өтүп жаткан кезде өттү. Карын толо тамак жебеген күндөр көп болгон. Кабыргасы ката элек секелек кыз да нан болбогон кезде апасы бышырган аталаны ичип чоңойгон. Мектепте окуп билим алууга да шарты болбогон. Атасы Кадыр согушка кетип кайтпай калган. Убагы келгенде аны болочок жолдошу Ражап Маматовго турмушка беришкен. Колхоздун малын багып келген атасы ооруп калып, уулу Ражап ата кесибин улантып кетти.

Ал эми Толгонай уй саап, саанчылыкты кесип катарында үйрөндү. Күн сайын бир эмес, жыйырмадан ашырып уй саады. Анын уйлары илбериңки кармап, сылагылай сааган колдоруна үйрөндү. Бара бара желини сүткө толуп, анын колу тиери менен ийип берчү. Уйлардын эмчегин тарткан сайын улам көбүктөнө челек бат эле сүткө толуп чыкчу. Анткени, канчалык жакшы азыктандырып, жакшы караса, уйлар ошончолук сүттү көп береер эле. Себеби күн сайын белгиленген норма боло турган. Ошентип, 40 жылдан кем эмес, саанчылык кесипти ардактап, тонналап сүт өндүрдү.

Мелдеште дайыма алдыңкы саанчылардын катарынан калбады. Сыйлыкка дайыма килем, кыжым жана ушул сыяктуу буюмдарды алаар эле. Улгайып, пенсияга чыкканга дейре уйлардан саан саады.

Ал эки уул, эки кызга мээримдүү жана камкор эне болду. Үмүт менен бапестеп баккан балдары эненин ак-тилегин акташты. «Баланчанын баласы жаман чыгыптыр» дедирбей жакшы, татыктуу өсүп жетилишти. Өздөрүнчө үй-бүлө күтүштү. Азыр таалайлуу эненин 11 небереси, 5 чебереси бар. Ушул тапта бактылуу эне өз бактысына ыраазы. Толгонай Маматова Жазгак айылындагы эл кадырлаган энелердин бири. Жердештери анын бир кезде жакшы иштеп, эмгегин колхоздун мал чарбасынын өнүгүшүнө арнап, алдыңкы саанчы болуп, жемиштүү иштегенин жакшы билишет.

Анарбаева Рахима



1940-жылы 8-мартта Бүргөндүнүн Айдарбек айылында туулган. Атасы Камчыбеков Максуталы Карл Маркс атындагы колхоздо алдыңкы чабан болгон. Апасы Абибакан жардамчы чабан болуп, экөө колхоздун мал чарбасынын өнүгүшүнө салымдарын кошуп келишкен. Рахима Жеңиш мектебинде 4-класс билим алып, Карл Маркс атындагы орто мектептин 5-классын аяктап, кийин окубай калган.

1965-жылы Таш-Көмүр аймагына Анарбаев Тынарбекке турмушка чыгып, экөө өмүр жолун бирге улашкан. Кайын атасы Анарбай болуш болгон. Совет өкмөтү орноп, кулакка тартаарда Өзбекстанга көчүп кетип, жашап калган. Жолдошу экөө Өзбекстандын «Шарк Жылдыз» колхозунда мал чарбасында эмгектенген. Ал колхоздо саанчы болуп иштеген. Турмуштары бир нукка түшүп, жашоолору жакшырып калган мезгилде капысынан жолдошу 44 жашында каза таап, 38 жашында жолдошунан ажырап, үч уул, төрт кызы менен 1990-жылы Кыла айылына көчүп келип, ошондон тарта жашап калышкан. Ал балдарын өзүнүн бешене тери менен багып чоңойтуп, уулдарын турак-жай менен камсыздап, үй-бүлө күтүшүнө колдоо көрсөтүп, атанын милдетин да аткарды. Бул жерге келгенде ал колхоз ишине аралаша баштап, чарбага өзүнүн эмгеги менен салым кошуп, коомдук жумуштарга тартылып, бат эле абройго ээ болгон. Балдары мектепте окугандыктан, карым-катнаш жасап, демөөрчүлүк жактан колдоолорун да көрсөтүп келген.

Ал балдарынын баарын окутуп, турмуштан орун табышына камкордук көрдү. Тун баласы Жумалы Бишкектеги автожол институтун бүтүргөн, азыр Майлуу-Суу шаарындагы электр лампалар акционердик коомунда иштейт. Жунусалы, Бегалы «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда, кызы Зулпия аталган өндүрүштүк мекемеде эсепчи, Манзура Бостон айылдык ФАПта, Назгүл суу пайдалануучулар ассоциациясында эсепчи, Жылдыз энергетик, азыр Россияда иштейт, ошентип балдарынын баары мезгилге жараша өз кесиптери менен иштеп, бакыбаттуу жашоо кечирип келет. Ушул тапта 18 неберенин бактылуу чоң эне, тайэнеси. Ал көп бала төрөп өстүргөндүгү үчүн бир катар орден, медалдарга татыктуу болгон. Ушул тапта эс алууда, Кыла айылында жашайт. Дале коомдук жумуштардан четте калбай Камилжан Кимсанбаев көчөсүндө аялдар кеңешинин төрайымдык милдетин аткарат.

Баратов Абдумомун



Бардык эле улуу инсандар сыяктуу Абдумомундун басып өткөн жолу да бараандуу жана санжыралуу. Ал 1940-жылы 24-февралда «Коммунизм» участкасында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кийин Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептен он жылдык билим алган. Мектепти аяктагандан соң, Бүргөндүдөгү кесиптик-техникалык окуу жайында окуп, механизатор адистигине ээ болгон. Кесипке ээ болгон жигит өзүнүн алгачкы эмгек жолун өз айылына келип механизатор болуп эмгектенүү менен баштаган. Анын 1961-1964-жылдарындагы эмгек жолу өз адистиги менен колхоз өндүрүшүнө арналган.

1964-жылдан тарта техника башкарып, пахтанын үрөнүн эгип, түшүм бышкан мезгилде комбайндын рулунда олтуруп, « ак алтын жыйнап, бункерден тонналаган ак була төктү.

Ошол кезде өзүнүн комбайны менен күнүнө 20-24 тоннадан ашуун пахта терип, колхоздун пахта планынын аткарылышына өз салымын кошуп келди. Өз кесибинин устаты катарында таза иштеп, алдыңкы комбайнерлордун сабында жүрдү. Анын колхоз өндүрүшүндөгү жигердүү эмгеги бир катар сыйлыктар менен бааланган.

1968-жылы Ленин комсомолу тарабынан Ардак грамота менен сыйланган. Ошол кезде ал комсомолдун алдыңкы мүчөсү катарында бул жаштар уюмунун турмушуна да активдүү катышкан. Эмгеги менен алдыңкы комбайнер аталган кесип ээси Кыргыз Республикасынын ички иштер министирлиги тарабынан Алкыш алган.

Абдумомун Баратов 1964-жылдан тартып кадырлуу эс алуу мезгилине чейин комбайнерлук кесипти аркалап келди.

Анын эмгектеги жетишкендиктери бааланып, колхоз жетекчилери тарабынан 1978-жылы «Москвич» автоунаасы менен менен сыйланууга татыктуу болгон.

Өзүнүн эмгегин айыл чарбасынын өнүгүшүнө арнап, жемиштүү иштеп келген Абдумомун Баратов 2005-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Момошов Өкүм



1940-жылы 15-августта Кыла айылында туулган. Турмуш шартка байланыштуу анын балалыгынын алгачкы жылдары Токтогул районунда өтүп, кийин ата-энеси менен өз айылына-Кыла селолук Советине кайтып келип, биротоло байыр алып жашап калышкан. Анын өспүрүм кези Кылада өттү. Жашынан иштеп, жаш кезинен эмгекке үйрөндү. Буга да атасынын таасири бар. Уулун дайыма жанына алып жүрүп, иштегенге, эмгектин маани-маңызын билгенге көнүктүрдү. Атасы Момош колхоздо катардагы колхозчу болуп иштеген. Кийин мал багып, бул ишти кесип катарында өздөштүрдү. Мына ошол кезде ал эки жыл атасы менен кой багышты, бул учурда Өкүм тогуз жаштагы жаш бала эле. Жаштыгына карабастан балалыгынан эмгекке үйрөнүп, турмушка бышты.

Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, тракторист-машинист адистигине ээ болгон. Мына ушул кесиби боюнча Калинин атындагы колхозде эки жыл тракторист болуп эмгектенип, бул кесибинде кадыр-баркы менен иштеди. Анын кийинки эмгек жолу кой кыркымда улантылып, бул жерде да 1965-жылга чейин үзүрдүү иштеп келди.

1965-1968-жылдары Казакстандын Караганда шаарында аскердик милдетин өтөгөн. Ошол кезде ал окуп, айдоочулук кесибине да ээ болгон. Советтик Армиянын катарынан келгенден соң, 1969-жылдан 1996-жылга дейре колхоздо айдоочулук кесибинде иштеп, аздектеп келди. Ал өз кесибинин устаты катары кадыр-барк тапты. Анын эмгеги дайыма баалуу сыйлыктар менен бааланып келген. Анын татыктуу эмгеги эки ирет « ГАЗ-93», «ГАЗ-53» автоунаалары менен бааланган. Айылдаштарынын ишенимине кирген бул инсан Кыла айылдык кеңешине депутат болуп шайланган.

2005-жылдын 31-декабрында Өкүм Мамашовго Момбеков айылдык кеңешинин депутаттарынын чечими менен «Ардактуу атуул» наамы берилген. 2016-жылы «Ноокен районунун ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган.

Бул инсан өзүнүн беш уул, үч кызынын, 30 небере, 6 чеберенин бактылуу атасы, чоң ата, таятасы.

Мисирова Шакар



1941-жылы 6-августа Ленин районунун Бостон айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген.1950-жылы мектеп босогосун аттап, мугалимден «А« деген арипти үйрөнүүгө дит койгон кыз жакшы окуп, билим алып, 1959-жылы билим уясын аяктаган.

Ал мезгилдин шартына жараша турмуш жолуна эрте кадам таштаган. Болочок жолдошу Мисиров Абдыкалилге турмушка чыгып, өздөрүнчө ынтымактуу үй-бүлө күтүшкөн. Ошондон тарта, экөө турмуш жолуна бирге кадам ташташып, жашоонун ысык-суугун, оор-жеңилин бирге көтөрүшкөн. Ал жолдошуна татыктуу жар болгон.

Шакар Мисирова 1960-жылдан тартып, анын өмүрүнүн эң кымбат ирмеми колхоздун талаасында эмгектенүү менен өттү. Терим мезгилинде бардык күч-аракет түшүмдү убагында жыйнап алууга багытталган жооптуу учур болгон. Мына ушул кезде таң агарып атпастан талаага чыгып, күүгүм киргенге дейре пахта терген. Керээлиден кечке тыным албай иштеп, күнүнө 250-300 килограммдан түшүм жыйнаганын айтса азыр жомоктогудай сезилет. Бирок, ошол кездин шартында бул чындык эле. Анткени, терим кызыган учурда түндө айдын жарыгында пахта терген мезгилдер да болгон.

Күндүзү талаада иштеп, кечинде жумуштан кайтканда балдарына энелик мээримин, чыныгы тарбиясын берип, камкордугун көргөн. Катарынан жарыкчылыкка келип, улам өсүп келаткан уул-кыздары да татыктуу өсүп-чоңоюшкан. Жасаган кызматы үчүн бир катар ардак грамоталар менен сыйланган. 1978-жылы ага «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», В.И.Лениндин туулганы күнүнө карата 100 жылдык юбилейлик медалдары менен сыйланган. 1977-жылы ага колхоз өндүрүшүндөгү ак ниет эмгеги үчүн «Коммунистик эмгектин эпкинүүсү» төш белгиси ыйгарылган. Ага бир курдай «Москвич» унаасы сыйлыкка берилген. 1975-жылы Бостон айылдык, 1982-жылы Ош областынын Ленин районунун Кыла айылдык, 1984-жылы Ош областтык Советтерине депутат болуп шайланган. 1980-жылы Лениндин туулган күнүнүн 110 жылдыгына карата Ардак грамота менен сыйланган.

1998-жылдан тарта ардактуу эс алууга чыккан.

Орозбекова Шырман



1942-жылдын 15-июнунда Кыла селолук Советине караштуу Каганович атындагы колхоздун Көп-Там айылында туулган. Турмуш шартына байланыштуу мектепте окуп, билим алууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Балалык кези артта калып, секелек кыздан бой керген курагына келгенде өз айылына Абитали аттуу жигиттин бактысына туш болду. Ал кезде жалаң үйдө олтуруу кайда. Аял-эркек бирдейинен колхоздо иштечү. Үй тиричилигин да жасап, балдарына камкордук да көрүп, күндүзү керээлиден кечке талаада эмгектенди. Эркектерден калышпай мүрүнө кетменин көтөрүп алып, талаага барып, жер тегиздеп кетмен чапты, өсүмдүк өскөндө түптөрүн жумшартып, отунан арылтып, бышкан кезде түшүмүн кол менен жыйнады. Өзү кырдуу аялдардан калышпай, түндөсү үй жумуштарын жасаса, күндүзү эмгегин жер менен иштөөгө арнап келди. Кийин тамеки өстүрүү кенен жайылды. Бул мамлекеттик чоң саясат болду кезегинде. Киреше берүүчү тармак делип, бирок, аял-эркек, жаш балдарга чейин мына ушул өсүмдүктү камкордукка алууга көңүл бурулдү. Ошондо, жыты буркураган тамеки талаасында жалбырактарын үзүп, үйгө келип тизип, короонун айланасы бош калбай үйдүн чатырына чейин, кургатып, анан ар бир үйдө таңгактап, мамлекетке тапшырышчу. Ал да мына ушул өтө татаал, түйшүк талап кылган өсүмдүктү багып-өстүрдү. Ошол эле мезгилде тыттын жалбырактары чыкканда эрте жаздан май айына чейин жибек курттарын багып, буласын өндүрүп, колхозго өткөрүп жүрдү. Бул өсүмдүк да жашаган үйлөргө чейин багылган кирешелүү тармактын бири болчу. Анын да кардары чыкпай калганга чейин жибек курттарын бапестеп бакты.

1977-жылы «Коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү» төш белгиси, 1984-жылы «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланды. 1987-жылы 23-августа бүткүл Кыргызстандын эмгекчилеринин слету Базар-Коргон районунда өткөрүлүп, ошондо Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Апсамат Масалиевдин колунан «Жигули» унаасын сыйлыкка алды.

Ал үй-бүлөдө да өз бактысын тапты. Беш кыз, үч уулду тарбиялап өстүрүп, эрезеге жеткирген таалайлуу эне болду. Көп бала төрөп өстүргөндүгү үчүн «Энелик» медалдары менен сыйланды.

Азыр 74 жаштагы кадырлуу эне Көп-Там айылында жашайт. 25 небере, 10 чеберенин бактылуу чоң эне, тайэнеси.

Акматова Бегай (1942-1986)



1942-жылдын 1-июнунда Ленин районуна караштуу Бүргөндү айылында туулган. Апасынан беш жашында, атасынан тогуз жашында ажырап, алардын мээримин толук көрбөй калган. Балакатка жеткенче бир тууганынын колунда тарбияланган. Агасы Ысмайыл колхоздо механизатор болуп иштеп, өз балдарынын катарында камкордук көрүп, карындашы Бегайды камкордук менен багып өстүргөн.


Ошол мезгилдин шартына жараша турмушка эрте кадам койгон. 1959-жылы аны болочок жар катарында тандаган Калмамат Акматов менен баш кошуп, турмуш жолуна бирге кадам ташташкан. Ошол жылдан жолдошу колхоздун малын бакса, ал түмөн түйшүгүнө чыдап колхоздун малын сааган. Ал кезде талап күчтүү, план да жогору болчу. Нормага жетем деп керээлиден кечке малдарды жем-чөптөн өксү калбай бапестеп багып келген. Быйыл планын аткарса, кийинки жылы дагы үстүнө кошулча берчү тура. Ар бир саан уйдан 4000 килограммга чейин сүт саап алып, алдыңкы саанчы аталчу. Ак ниет эмгеги менен алдыңкылыкты колдон чыгарбай келген саанчынын эмгегин эске алышкан партиялык уюмдун коммунисттери аны КПССтин катарына кабыл алууга сунуш беришкен. Коммунист катарында ал өз ишине жана тапшырылган жумуштарга жоопкерчилик менен мамиле кылган. Дайыма партиялык чогулуштарга, конференцияларга чакырылып, алдыңкы саанчы катарында докладдар менен чыгып сүйлөгөн. Анын жалындуу сөздөрү убагында саанчы-малчылардын кайратына кайрат кошуп, эргип иштөөгө шыктандырган.

Ал жарышта дайыма алдыда болчу. 1973-жылы ар бир саан уйдан 4200 килограммдан сүт саап алып, эмгектеги жогорку көрсөткүчтөрдү жараткандыгы үчүн «Жигули» автоунаасы менен сыйланган. 1980-жылы ага Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ыйгарылган. Ошондуктан, анын эмгеги бааланып, «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси менен сыйланган. Мындай сыйлыктарды, төш белгилер менен медалдарды көп ирет алган.

Ал өзүнүн эмгегин саанчылык кесипке арнаган. Ал эми үйүндө беш уул, эки кызын багып-өстүрүп, тарбиялоого убакыт бөлө билген жана аларга энелик чыныгы камкордугун көрө алган.

Ал аз жана мазмундуу жашаган. 1986-жылы бар болгону 44 жашка чыкканда капысынан ден соолугунун айынан дүйнө салган.

Баялиев Сатыбалды (1943-2012)



1943-жылдын 12-мартында Кыла селолук Советинин Бостон айылында ата-энесин кубантып жарык дүйнөгө көз жарып келген. Апасы Кагаз көп бала төрөгөнү менен бири да токтобой ушул наристе жарыкчылыкка келгенде ырым кылып, бирөөгө берип, андан сатып алып, атын Сатыбалды деп коюшкан экен. Мына ошентип, ал аман-эсен чоңоюп, ата-энеси балага болгон үмүтү ишке ташкан. Атасы жаш кезинен эле тирүүлүк менен кош айтышып, Сатыбалды жалгыз гана апасы менен чоңойгон. Анын балалыгы ошол кезде Батышта согуш жүрүп тылда элдин жашоосу оор мезгилде кыйынчылык менен өткөн. Ал апасы экөө гана эмес, башкалар да жетишпестикте турмуш кечиришкен.

Жеңиш орноп, кыйраган чарба калыбына келип, колхоздо өндүрүш илгерилей баштаганда ал мектепке барган жана аяктагандан кийин Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайын аяктап, механизатор кесибине ээ болгондон кийин колхоздо тракторист болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. Кийинчерээк ал техниканы жакшы өздөштүрө билгендиктен машина-трактордук паркына механиктикке которулган. Ал бул милдетин да абийирдүүлүк менен аткарган. Андан кийин колоз жетекчилеринин ишеними менен жашы пенсия курагына жетер алдында колхоздо бригада башчылыкка дайындалып, бул кызматында жоопкерчилик менен иштеген.

Жубайы Ырысбү колхоздо теримчи болуп иштеп, дайыма алдыңкылардын сабында жүргөн. Ошол учурда 200 килограммга жеткирип пахта терип, теримчилердин арасында жайылтылган жарышта алдыңкылыкты берчү эмес.

Бул үй-бүлөдө алты уул, эки кыз жарыкчылыкка келип, ата-эненин татыктуу тарбиясын алышкан. Бул инсан 25 небере, 8 чеберелүү болгон. Байбичеси Ырысбү 2011-жылдын 5-апрелинде ден солугунун айынан ааламдан кеткен. Андан бир жыл өткөндө жапжаш курагында, бар болгону 69 жашында 2012-жылы 4-июнда бул аалам менен коштошкон. Бул инсан өз бешене тери менен ак ниет эмгектенип, айыл чарбасын көтөрүүгө өз үлүшүн талыкпай кошуп келген.

Жакыбалиев Төлөн (1943-2011)



1943-жылдын 7-ноябрында Калинин атындагы колхозго караштуу Кыла айылында туулган.1950-жылы Жусуп Турусбеков мектебине кирип, 8-классты ийгиликтүү аяктаган. Эр жигиттик курагына жеткенде 1963-жылдан Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Эр жигиттик милдетин ар-намыстуулук менен өтөгөгөндөн соң, айылына кайтып келгенден кийин Көпайсин Акчабаеваны өмүрлүк жар катарында тандап алып, турмуш жолуна бирге кадам ташташкан.

Келгенден соң, 1966-1972-жылдары Калинин атындагы колхоздо механизатор болуп эмгек жолун баштаган. 1972-жылдан 1983-жылга чейин кой чарбасынын өнүгүшүнө өз салымын кошууда жигердүүлүк менен эмгектенген. Ал чабандык кесипти аркалап, анын ысык-суугуна күйүп, жигердүүлүк менен иштеген. Анын бул кесиптеги ак ниет эмгеги жетишкендиктерди жаратышына түрткү болгон жана В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейлик медалы менен сыйлануруга татыктуу болгон. Ошол кезде КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары Л.И.Брежневдин колунан радиоприемник менен сыйланган.

1984-1997-жылдары колхоздо бригада башкарган учурунда жердин маданиятын көтөрүп, түшүмдүүлүгүн арттырууда жемиштүү иштеген.

Үй-бүлө күтүп, беш уул, эки кыздын татыктуу атасы болгон.

2011-жылы күтүлбөгөн жерден бул ааламдан узады. Бул инсандын артында 23 небере, 17 чебереси калды. Уулдары Кутпидин менен Калмырза «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда жумушчу, Таалайбек Бишкек шаарында жашайт, жеке ишкердик менен алектенет. Алимбек мамлекеттик автоинспекция (МАИ) кызматкери, Бактыяр РЭО МАИнин кызматкери, кыздары Дамира Россияда жашап, эмгектенет. Батма Момбеков айыл өкмөтүндө инвестиция тартуу жана коммуналдык маселелер боюнча башкы адис болуп иштейт. Ошентип, ушул тапта өрнөктүү жашап өткөн атанын жолун уул-кыздары ардак менен улантып келишет. Атанын артка калтырган изи анын татыктуу тарбиялаган балдары жана жасап калтырган эмгеги эмеспи, бул турмуш чындыгы экендигин Төлөн Жакыбалиев сыяктуу жөнөкөй, бирок жакшы жашап өткөн инсандардын өмүр таржымалы ашкере далилдеп олтурат.

Байжигитов Эсенбай



1944-жылдын 6-январында Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп, тылда элдин жашоосу кыйындап, бирок жеңиш орноп, согушка кеткендер аман-эсен кайтып келип, тынч жашообузду улантсак деген үмүттө турмуш кечирип жаткан убакта Кыла айылында туулган. Ал бир жаштан өткөндө элдин үмүт-тилеги орундалып, Жеңиш орноп, аман калган жоокерлер өз айылдарына кайтып келген. Чарбалар бүлүнүп, кендирди кескен жокчулук убакта анын балалыгы өттү. Эң негизгиси тынч жашоодо өмүр кечирип, №16- мектептен 5-классты аяктап, кийин кечки мектепте 11-классты бүтүрдү. 9-10 жашында эле, балакатка толук жетпестен туруп талаада иштеп, ат менен культивация жасап, өгүз менен чөп ташыган. Жашынан эмгекке үйрөнүп, эмгекке бышкан.

1960-жылы Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, механизатор-айдоочу, ширетүүчү адистиктерине ээ болгон. 1962-жылдын 17-августунан Калинин атындагы колхоздо механизатор болуп эмгек жолун баштаган.

1968-1969-жылдары Прибалтикада чек арада ротанын старшинасы болуп, жоокердик милдетин өтөгөн. Бир жылдан кийин жоокерлерди чек арага даярдап жөнөтүп командирлик милдетти аткарган.

Андан соң, өз айылында өз кесиби боюнча эмгек жолун уланткан. «ДТ-54» маркасындагы тракторун 6 жыл башкарган. 1972-жылы «Белорус-50» тракторун башкарып, тоют жыйнап, ташуу жумуштарын аткарды. Кышы менен колхоздун короо-сарайларына чөп ташып, малга тоют жеткирип турган. 1974-жылдан сүт-товар фермасында моторист болуп иштеди. Кийин кой кыркымга да активдүү катышты.1976-жылдан №10-бригадада учетчик, 1982-жылдан бригадирдин орун басары,1983-жылдан бригадир болуп иштеген. Пахта, тамеки, жүгөрү, беде өстүрүшкөн. 5 гектарга чейин үрөн үчүн эгинди кол менен эгишчү. Калганын сеялка менен эгишер эле. Пахтанын гектарынан 32 центнерден жогору түшүм алышкан. Ал 1992-жылга дейре бригада башкарып, эс алууга чыкканга чейин райондук суу чарба башкармасынын Калинин, Бүргөндү участкаларында кызмат кылды.

Ал колхоздо иштеп жатып, Оштогу финансы техникумун бүтүрүп, эсепчи адистигине ээ болгон. Мындан тышкары Оштогу айыл чарба техникумун ийгиликтүү аяктап, агроном адистигин алган.

Ал үзүрдүү эмгеги үчүн КРнын Ардак грамотасы менен сыйланды. 48 жылдык эмгегин чарбанын ишине арнады.

Байбичеси Шакаркан менен 46 жыл бирге жашап, эки уул, үч кыздуу болуп, 13 небере көрүштү.

Жоробаева Энекен



1945-жылдын 5-сентябрында Өзбек ССРинин Анжиан областынын Пахта-Абад районунун Маданият кыштагында туулган. 17 жашында Чек айылына Камилжан Жоробаевге турмушка чыгып, ушул айылда жашап калган.


Бир үй-бүлөнүн түйшүгүн да тартып, келиндик милдетин да аткарып, бул эле эмес колхозго чыгып, талаада иштеген. Эрте жазда кетмен менен жер чаап, күнүнө 50-70 теше жердин гозо көчөттөрүнүн түптөрүн жумшартууга үлгүрөөр эле.

Жарым гектар, кээде андан ашык аянтты чаап, бүткөрүү албетте оңой эмес болчу. Ал талаага көпчүлүктөн эрте келчү, каш карайганга чейин эринбей иштеген Энекан Жоробаева дайыма алдыңкылардын катарында жүрчү. Пахта терим мезгилинде да алдыңкы теримчи катарында таанылчу. Ошондо радиодон «Жоробаева Энекан 200 килограмм пахта терди»,-деп жар салчу. Бир сезондо 10-12 тонна пахтаны кол менен терип, күн сайын кырманга өткөрөөр эле.

Ошол кезде үй жумуштарын күндүзү аткарууга талаа ишинен бошочу эмес. Кечинде келип балдарынын кирин жууп, тамагын бышырып, камыр жууруп, таң агарып атпай дандырга нанын жаап бүтөөр эле. Пахта терим мезгилде түшкү чайга чыгар убакка эки, үч түйүнчөк пахта терип, араба келбей калганда улам бирден ташып олтуруп, терген пахтасын өзү көтөрүп кырманга жеткирчү. Ал өзү иштеген бригаданын пахта планын ашыгы менен мөөнөтүнөн мурда аткарышына кол менен пахта терип өз салымын кошуп келген.

Иштеп жүрүп, беш уул, эки кыз төрөдү. 1994-жылы өмүрлүк жолдошу бул ааламдан кеткенде мына ушул жети баласы менен калып, «эми балдарымды кантип багам», деп бир түйшөлүп алганы менен белин бекем бууп, үлүштүк жери менен кошо, кошумча жер алып, жалпысынан 12 гектар жер иштетти. Балдары анын жардамчысы. Бир жылда кирешеси мол болуп, ошол эле жылы тапкан пайдасына 40 кара мал, «Камаз» авто унаасын жана «ГАЗ-31» маркасындагы «Волга» автомашинасын сатып алышты. Бир караганда эркектерден калышпаган тайманбас, эрктүү, эмгекчил аялдын эмгегин билгендер аны мына ушул мээнеткечтиги үчүн сыйлашчу. Азыр да ошол кездеги кадыр-баркы менен жашап келет. Дайыма жанына жетелеп жүрүп, уул-кыздарын да эмгекке үйрөттү, жашынан ишке бышкан балдарынын ар бирине баары чогуу иштеп, улам бирден там салып берип олтуруп, азыр баарынын өзүнчө турак жайы бар. Өзү болсо кенже баласы менен чогуу турат. Бардыгы турмушка тың, аларга азыр да баш-көз болуп, өзү да үйдө кол куушуруп олтуруп калбай, жашы 71ге чыгып калса да кайратынан жазбай кара жумуштун майын чыгара иштеп келет. 2002-жылы өзү ниет кылган Сауд Аравияга барып, мусулманчылыктын улуу парзын өтөп келген.

Мадаминов Далимбек (1945-2016)



1945-жылдын 25-майында Кыла селолук Советинде жарык дүйнөгө келген. Ал ааламга көз жарып келгенде Батышта Улуу Ата Мекендик согуш оту күйүп, эл башынча кыйынчылык түшүп, эр жигиттердин баары кан майданга кетип, айыл-кыштактарда кемпирчал, жаш балдар-кыздар гана калган. Анын балалыгы мына ушул апаат мезгилде өттү. Мектеп жашына келип, билим уясынын босогосун аттап, «А» деген арипти үйрөнүп, билим алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкенден кийин Оштогу айыл чарба техникумун аяктап, атайын адистикке ээ болгон. Ал өзүнүн алгачкы эмгек чыйырын Калинин атындагы колхоздо айдоочулуктан баштаган. Техниканы бат өздөштүрүп, өз ишин жөндөп кеткен жигит кийин пахтачылык бригадасында эсепчи, бригадир болуп иштеген. Ал жетектеген бригада дайыма пахта планын ашыгы менен аткарууга жетишкен. 130-140 гектар аянтка пахта эгип, тонналаган түшүм жыйнашкан. Көбүнчө гектарынан 40-50 центнерге жеткирип пахта алышчу. Ал дыйканчылыкта ооматтуу адам болгон. Өзүнүн бригада башчысы катарындагы уюштургуч аракети, талыкпаган эмгеги менен айыл чарбасын көтөрүүгө салым кошкон.

Жерди кастарлап карап, эгилген түшүмдү бапестеп караган Далимбек Мадаминов жетектеген бригада мүчөлөрү эмгектеги ийгиликтери үчүн, дайыма жарышта алдыда болуп келген. Мына ушундай татыктуу эмгеги үчүн ишенимге ээ болгон кесип ээси 1999-2000-жылдары Момбеков айылдык кеңешине депутат болуп шайланган. Ал эми 1982-жылы Ленин райондук кеңешине депутат катарында эл ишенимине арзыган.

Ал акыркы мезгилде Момбеков айыл өкмөтүндө «Таза суу» долбоорун жетектеген.

Каармaныбыз бекем жана туруктуу үй-бүлө күткөн. Эки уул, алты кыз, 17 небереге кадырлуу ата, чоң ата, таята болгон.

Бул инсан 2016-жылдын 11-февралында 71 жашында жарыкчылык менен коштошкон.

Примбердиева Аккыз (1946-2010)



1946-жылы 19-мартта Өзгөн районунда Кароол айылында туулган. Ата-энеси билимдүү адамдар болушкан. Ал Оштогу Уркия Салиева атындагы кыздар орто мектебин ийгиликтүү бүтүргөн. Кийин Фрунзедеги кыз-келиндер институтунда билимин улантып, математика факультетин аяктап, жогорку билимдүү математика мугалими адистигине ээ болгон. Асыл максат, аруу үмүттө өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алган адистиги боюнча өзүнүн алгачкы эмгек чыйырын 1967-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектебинде баштап, бул билим уясында 1976-жылга чейин эмгектенген.

Ошол кезде жолдошу Түмөн Алдөмөтов «Сейдикум» совхозунда директор болуп иштеп, ал мына ушул айылдагы мектепте мугалимдик эмгек жолун улантканын. Андан соң, директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп иштеген. Кийинки эмгек жолунда Ленин районундагы №2-орто мектепте мугалимдик кесипке арналып, окуучулар үчүн өзүнүн билимин жана эмгегин жумшаган. Ал билим берүү тармагында эс алууга чыкканга дейре иштеген. Бул тармакка өзүнүн жыйырма беш жылдык өмүрүн жана эмгегин сарптаган. Ал кайсыл мектепте иштебесин бардык окуучуларга бирдей мамиле жасап, алардын терең билим, татыктуу тарбия алышына умтулган.

Ал жолдошуна эң жакшы жар, балдарына чыныгы эне болгон. Эки уул, бир кызын бапестеп багып, аларды эч нерседен кем кылбай чоңойткон. Үйдө ынтымакты бекемдеп, жубайлык жана энелик кадыр-барк менен жашаган. Кайра кайталангыс эненин асыл сапаты анын жан дүйнөсүндө орун алган. Өз айылында урмат-сый тапкан, окуткан окуучуларынын арасында абройго жетишкен аял инсаны болгон.

2010-жылы 63 жашында бул аалам менен биротоло коштошсо да өз үй-бүлөсү жана айылдаштары арасында Примбердиева Аккыз тууралуу кез-кезде жагымдуу ойлор айтылып келет. Себеби, ал аял, эне катарында ар тараптан өрнөк ала турган аялзаты болгон тура.

Осмонов Досмамат



1946-жылдын 10-февралында Базар-Коргон районунун Шыдыр айылында туулган. Үйдө он бир тууандын алтынчысы болуп чоңойгон. Аталган райондогу Ленин атындагы орто мектепте окуп, атайын орто билимге ээ болгон жана жетилүү аттестатын алгандан кийин Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду аяктаган. 1965-жылы атайын зоотехник адистигине ээ болгондон соң, «Ленин-Жолу» колхозундагы сүт-товар фермасында осеменатор-лаборант болуп эмгек кадамын баштаган. Ошондогу он тогуз жаштагы жаш жигит бул жумушунда дал ушул жерде үч жыл эмгектенген. Энгельс атындагы колхоздо ушул кызмат боюнча 1968-жылдан эмгек жолун уланткан. 1971-жылдан Калинин атындагы колхоздо сүт товар фермасында учетчик болуп иштеген, 1978-жылдан сүт-товар фермасынын башчысы, 1982-жылдан зоотехник, 1984-жылдын август айынан кой-товар фермасында учетчик болуп колхоздор тараганга чейин эмгектенген.

Колхоздордун тарашы менен жерлер менчикке берилип, эл өз алдынча жашоого өтүшкөн. Айыл чарбасындагы реформа ар бир адамдын өз жөндөмүнө жараша жашоосун улантышына мажбурлаган. Ошол кезде ал «Кут» дыйкан чарбасын уюштуруп, 18 гектар жерди иштете баштаган. Алгачкы жылдары буудай эгип, гектарынан 25 центнерден түшүм топтогон. Кийин киреше берүүчү өсүмдүк катарында бааланган пахта өстүрүп, анын гектарынан 30 центнерден пахта өндүрүүгө жетишкен.

2009-жылы эс алууга чыккандан кийин Кочкор-Ата шаарындагы техникалык колледжде чарба башчысы болуп, үч жыл эмгектенди да, андан соң, №77-кесиптик техникалык лицейде мына ушул эле жумушту аткарды. Ал эми азыр Көп-Там айылында жашап, дөөлөттүү карылыкта турмуш кечирүүдө. Жубайы Ырысбү менен балдарынын маңдайында, 50 жылдан мурда курушкан үй-бүлөнү бекем сактап келишет. Төрт уул, үч кыздын атасы, 22 небере, 2 чебереси бар. Уул-кыздарынын баары атайын жана жогорку билимге ээ болушкан. Атанын уулу, эненин кызы дедирип, татыктуу тарбия көрүшкөн.

Жолдошова Калинса



1948-жылы 20-июнда Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Көк-Таш айылында туулган. Анын балалыгы айылда өткөн. Ата-энеси кышында кыштоодо, жайында жайлоодо байыр алып, мал артында жүргөндүктөн ал мектепте окууга шарты жоктугунан окуп, билим алууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Ошондуктан, жаш кезинен талаа ишине аралашып, колхоз ишине катыша баштаган. Эрте жаздан жер тегиздеп кетмен да чапкан, өсүмдүк жер бетине өнүп чыга келгенден тартып, түптөрүн жумшартууда иштеп, керээлиден кечке колхоз жумушуна катышкан. Сезон учурунда белине ак этек тагынып, кол менен пахта терип, эмгектин чыныгы үлгүсүн көрсөткөн.


Мезгил өтүп, жалындаган жаштык учуру келип, бой керип өскөн курагында 1969-жылы Жолдошов Абдиллажанга турмушка чыккан. Ошол кезде болочок жолдошу колхоздо механизатор болуп эмгектенген. Бир үй-бүлөдө түтүн булатып, экөө ынтымактуу жана бактылуу турмуш курушту. Мезгил өтүп, катарынан наристелер жарыкчылыкка келип, үч кыз жана эки уулдун кадырлуу ата-энеси болушкан.

Жолдошова Калинса таң менен кошо ойгонуп, саарлап талаага келип, керээлиден кечке талбай иштегендиктен күнүнө 150 килограммдан кем эмес пахта терип, алдыңкы теримчилердин катарында жүргөн. Анын эмгеги дайыма сыйлыктар менен бааланып, эмгеги эл оозунда мактоолор менен айтылган.

Ал колхоз өндүрүшүндөгү көп жылдык, үзүрдүү талыкпаган эмгеги үчүн 1984-жылы 17-августта « Эмгек ардагери » медалы менен сыйлануу татыктуу болгон.

Кыргыздын карапайым бул аялзаты өзүнүн эмгегин жалаң колхоз жумушуна арнап келген. Үйдө куру бекер бош олтуруп калган убагы болгон эмес, керээлиден кечке таң аткандан каш карайганга чейин саат менен эсептешпей иштеген мезгили айтылса кийинкилер үчүн жомоктогудай сезилиши мүмкүн, бирок бул турмуштун чындыгы. Ал отпускага чыгып, эс алуу дегенди билген эмес, өз балдарынын келечеги үчүн бермет терин даркан талаага төккөн, ал сыяктуу эмгек адамдарынын мээнетинен талаалар мол түшүмдүү аймакка айланган. Жеке кызыкчылыктан коомдун кызыкчылыгын жогору коюп, ак иштеп, таза жашаган мындай адамдардын басып өткөн жолунан өрнөк гана алууга болот.

Төлөнов Анарбек (1950-2006)



1950-жылы 20-майда Тоскоол-Атанын Шаркыратма деген жеринде жарык дүйнөгө келген. Анын балалыгы айылда өттү. Бара-бара наристе кез артта калып, мектеп жашына жетип, эс тарткандан соң, Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте окуп, атайын орто билимге ээ болгон. Кесип алууну максат кылууга умтулган жигит андан соң, Фрунзедеги айыл чарба техникумун аяктаган. Андан соң, Оштогу кооперативдик техникумда окуп, аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, соода жаатында кесипке ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолунун башталышы мазмундуу ирмемдер менен кайталанган. Биринчи 1974-жылы Бостон пахта даярдоочу пунктунда товаровед болуп иштеген. Кийин кассирликтен эмгек жолун улантканан. Ал өзүнүн эмгек чыйырында Калинин атындагы колхоздо кассир болуу менен колхоздор тараганга дейре иштеген. Андан соң, Кыла селолук Советинде мына ушул кызматты аркалаган. Ал өз ишине так, эсеп-кысап иштеринде жоопкерчилик менен караган тажрыйбалуу адис катарында өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алган. Акыркы мезгилде «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк бирикмесинин борбордук конторасында кампа башчысы болуп иштеди.

Ал жөнөкөй жашап, жөнөкөй кызматта иштесе да, өзүнүн басып өткөн жолунда өрнөктүү эмгектенди. Ал бир сырдуу, токтоо жана адамгерчилиги менен кадыр-барк тапкан. Кандай гана маселе жаралбасын сабырдуулугу менен оң жагына чече билүүгө умтулган. Жардамга муктаж адамдарга дайыма кайрымдуулук жардамын берип, колдоо көрсөтүп келген.

Ынтымактуу үй-бүлө күткөн. Беш кыз, эки уулуна камкор ата болгон. Тирүү кезде балдарынан 4 небере көргөн. Эгерде тирүү болгондо азыр 66 жашка чыкмак жана 13 небереге таалайлуу чоң ата, таята болмок. Анткени 2006-жылдын 30-ноябрында ден соолугунун айынан 56 жашында бу жарыкчылык менен коштошкон.

Турсунбаева Дилбаркан



1950-жылы 13-июнда Кыла селолук Советине караштуу Чек айылында туулган. Алгач Кыла айылындагы мектептен 4-классты аяктап, Калинин атындагы мектепте 8-класска чейин окуган, акырында Ж.Турусбеков атындагы орто мектепти бүтүргөн. Андан соң, жибекчилик боюнча атайын адистикке ээ болгон.

Ал мектепти аяктагандан кийин колхоздун борбордук балдар бакчасында иштеп калган. Окуучулук кезде мектептин өздүк көркөм чыгармачылык ийримине катышып, айрыкча ырга шыктуу болчу. Бир курдай атайын уюштурулган иш чарада анын ырдап жатканын көргөн балдар бакчасынын башчысы Адиева Лайли чакырып алып: сен балдар бакчасына иштегин, анткени жакшы ырдайт турбайсыңбы, ошондуктан тарбиячылык ишти сунуш кылып жатам,-деди. Анын кабыл алуусу менен балдар бакчасына үч жыл эмгектенди. Кийин турмушка чыккандан кийин мектепте механизаторлукка үйрөнгөн кесиби менен иштеп, колхоздо комбайндын рулуна олтуруп, пахта терди. Сезондо ал бункерден тонналаган пахта төгүп, белгиленген нормасын ашыгы менен аткарды.

Колхоздун китепканасында иштеген сегиз жылы да мазмундуу өттү. Мында китепке кызыккан окурмандар менен иштеди. Китепканадан элдин агымы үзүлчү эмес, бул ага өтө кызыктуу жумуштай сезилген.

Ал өзүнүн уюштургуч жөндөмү менен жетекчилердин сунушу менен колхоздо пахтачылык бригадасын жетектеди. Албетте, мында да жемиштүү иштеди. Кайрадан китепканачылык жумушуна келди. Ал жалпысынан китепканада 16 жыл эмгектенди.

Акырында ал жибекчилик бригадасына башчылыкка дайындалды. Он төрт жыл жибек куртунан жибек пилласын өндүрүү тармагын жетектеди. Ал 1991-жылга дейре жалпысынан 30 жыл колхоз өндүрүшүндө эмгектенди. Бир да ирет мамлекеттик планды толтурбаган мезгил болгон эмес.

Алтымыш алты жаштагы эмгек каарманы ушул тапта бир уул, бир кызынан алты небере, төрт чебере көргөн. 2012-жылы Ажыга барып, мусулманчылыктын улуу парзын өтөп келди. Азыр Кочкор-Ата шаарында жашайт, өзүнүн бакыбаттуу жашоосу бар.

Субанова Рабыкан



1950-жылы 15-сентябрда Кыла селолук Советине караштуу «Коммунизм» участкасында туулган. Бактылуу балалыкты өз башынан өткөргөн Рабыкан Субанованын секелек кези али да эсинде. Ошондо чачына ак бантик тагынып, билим алууну эңсеген кыз мектептин босогосун аттаган. Кызыктуу ирмемдерди артка калтырып, Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти аяктап, орто билимге ээ болгондон соң, 1968-жылдан Кыла селолук Советиндеги клубдун башчысы болуп эмгек жолун баштаган. 1970-жылдан селолук Советтин катчылыгына шайланган жана бул кызматында жемиштүү иштеген. Бул жерде иштеп жатканда ал Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. Ишенимге ээ болгон ошол учурдун татыктуу кадры көп өтпөй баштапкы партиялык уюмун жетектеп, коммунисттердин башында туруп, күнү түнү эл кызматын аркалаган.

1977-жылдан турмуш шартына байланыштуу бул кызматын өзгөртүүгө туура келген. Анткени, жолдошу Жаныш Исманов аскер кызматкери болгондуктан, Тажикстан ССРинин Табашар шаарына көчүп келип, убактылуу мына ушул жерде байыр алышып, бул жердеги аскер бөлүгүндө ал ага техник болуп жумушка орношкон.

1991-жылы жолдошу Жаныш Исманов ден соолугунун айынан бул ааламдан өтө эрте кетти. Анткени, ошол кезде ал бар болгону 40 жашта болчу, ал эки кыз, бир уулу менен калган. Бирок, белин бекем бууп, балдарынын келечеги үчүн, жашоосун улантууга бел байлаган. Андан соң, 1992-жылдан Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Кочкор-Ата шаарындагы техникалык колледжде комендант болуп эмгек жолун уланткан.

Азыр ал балдарынын камкор жана бактылуу энеси. Кыздары Айгүл, Жыпариза үй-бүлө күтүп, жолдошторуна сүйүктүү жар, балдарына мээримдүү эне болушкан. Уулу Аскардын да үй-бүлөсү бар. Азыр бактылуу эне өз үйүндө небereлеринин жанында жашоонун агымы менен өмүр кечирип келет.

Кадыров Буркан (1952-2003)



1952-жылы 17-июнда Кыла селолук Советинде төрөлгөн. Чек айылындагы мектептен 4-классты аяктап, Ломоносов атындагы жатак-мектебинде 8-классты аяктаган. Андан соң, борборубуздагы финансы-экономикалык техникумга кирип, окуп бүтүргөндөн кийин эсепчилик адистигине ээ болгон. Ошондогу жапжаш жигиттин өзүнүн аруу максатын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк болгон. Анын биринчи эмгектик кадамы Калинин атындагы колхоздо өз адистиги боюнча башталган. Көп өтпөй катардагы эсепчиликтен башкы эсепчиликке дайындалган. Бул да болсо анын өзүнүн ишке тетик, жөндөмдүү экендигин көрсөтө алгандыгынан эле. 1985-жылдан колхоз тараганга чейин мына ушул кесипти аркалап келди. Ал ар тараптан өз ишине такшалган, тажрыйбалуу адис болгон. 2000-жылы Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарба институтун сырттан окуп бүтүрдү. Акыркы мезгилде Ноокен райондук керек-жарак коомунун төрагасы болуп иштеди. Кийинки убакта саламатчылыгынын начарлашы менен иштөөгө мүмкүнчүлүгү болбой калды.

Жубайы Нуржамал менен 33 жыл чогуу ынтымактуу жашоо кечиришти. Алар төрт уул, үч кызга бактылуу ата-эне болушту. Азыр бул инсандын артында 23 небере, 1 чебереси калды. Анткени, ал ден соолугунун айынан 2003-жылдын 20-январында бул дүйнө менен биротоло коштошту.

Кадыров Буркандын баштап коюп, аягына чыкпай калган жумуштары бар болчу. Айылдагы чоң мечиттин курулушу бүтпөй калды. Кудайдын экинчи үйү деп эсептелген бул жайды аягына чыгарып, ачылышын жасап, ушул жерде биринчи намазды окуйм деген ою ордунан чыккан жок. Атанын баштаган ишин балдары жана бир туугандары соңуна чыгарышты. Айылдыктар бул мечитке анын ысмын ыйгарышты. Кимиси гана болбосун «Буркан» атындагы мечит дешет.

Бул инсан өзүнүн эмгегин бир кездеги Калинин атындагы колхоздун экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүнө жумшаган. Азыр айылдыктар кезегинде бул инсанды өз кесибинин устаты катарында билишчү.

Аккозова Адалат



1952-жылы 19-февралда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1969-жылы Узакбай Абдукаимов атындагы Багыш орто мектебин аяктаган. Ошол эле жылы Оштогу соода техникумуна тапшырып, атайын адистикке болуу максатын ишке ашырууга умтулган. 1971-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Көк-Жаңак шаарындагы соода уюмунан эмгек жолун баштаган. Андан соң, Оштогу соода уюмунда эмгек жолун улантты. 1975-жылдан турмушка чыккандыгына байланыштуу кайрадан Кочкор-Ата соода уюмунда өз адистиги боюнча иштей баштады. Жашынан максат кылып, жеткен кесибинде улам үйрөнүп, тажрыйба артып олтурду. Анын соода тармагындагы эмгеги бааланып, «Соода тармагынын отличниги» төш белгисине ээ болду.

Мезгилдин өзгөрүшү, рыноктук мамиленин өкүм сүрүп, менчиктештирүүнүн башталышы менен мамлекеттик соода жайларында да иш кескин токтоп, канчалаган адистер башка жумуштарды жасоого мажбур болушту. Кыла айылдык Кеңешинин аялдары ага ишеним көрсөтүп, айыл өкмөтүндө аялдар кеңешинин төрайымдыгына шайлап алышты. Эми ал кыз-келиндердин активдүүлүгүн көтөрүү, ролун жогорулатуу максаты менен иштей баштады. 2000-2002-жылдары Момбеков айыл өкмөтүндө айылдык маданият үйүнүн башчысы болуп иштеди. 2006-жылдан Кыла айылынын башчылык милдетин аткарды. 2008-жылдан тартып, айыл өкмөттө социалдык мамелелер боюнча адис катарында да элдин социалдык маселелерин чечүү жаатында иштиктүү жумуштарды алып барды.

Ага 1981-жылы Кыргыз ССР соода министрлигинин, 1985-жылы Ош областтык соода уюмунун, 2008-жылы Жалал-Абад областтык ички иштер башкармалыгынын Ардак грамоталары ыйгарылган. 2015-жылдын 20-январында КРнын «Ардактуу аксакалдар жана айымдар коомдук бирикмесинин «Кыргыз Республикасынын ардактуу айымы» наамы ыйгарылды. «Дүйнө элдеринин этносторунун үчүнчү эл аралык этникалык маданий фестивалынын алкагындагы «Кыргыз боз үйү жумалык» фестивалына активдүү катышкандыгы үчүн КРнын Президенти, өкмөтү, маданият, маалымат жана туризм министрлигиннин диплому менен сыйланды.

Жолдошу Тиллебаев Ырысбек менен ынтымактуу бирге жашап, үч уул, бир кыздын энеси болгон. 10 чебереси бар. Ал бактылуу эне. Эң өкүнүчтүүсү эң жакын адамы-жолдошу Тиллебаев Ырысбектин 2016-жылдын 22-июлунда 65 жашында күтүлбөгөн жерден бул ааламдан кетиши болду. Алар эң сонун жашашкан, өрнөктүү үй-бүлө курушкан.

Балтабаев Нематжан



1953-жылдын 20-ноябрында Калинин атындагы колхоздун Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Алгач Кыла орто мектебинен 8-класска чейин окуп, 1970-жылы Ж.Турусбеков атындагы орто мектептен 10-классты аяктап, орто билимге ээ болгондугу тууралуу жетилүү аттестатына ээ болгон.

Ал балалыгынан эңсеген мал доктору болом деген арзуу үмүтүн ишке ашырууну көздөп, ошол эле жылы Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга тапшырган. Аталган окуу жайын 1974-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Атайын кесипке ээ болгондон кийин биринчи эмгек жолундагы кадамын Калинин атындагы колхоздун сүт-товар фермасынан лаборанттыктан баштаган. Андан кийин ишке жөндөмдүү жаш кадрдын кызматында улам өзгөрүүлөр болуп олтурган. 1975-жылдан кой-товар фермасында тери даярдоочу, 1976-жылдан техник-осеменатор болуп иштеген.

Дал ушул кызматында иштеп жаткан учурда 1979-жылы колхоз музоо өндүрүү боюнча биринчи орунга жетишкендиги үчүн, бул ийгиликте анын чоң салымы бар экендиги эске алынып, «Жигули» автоунаасын сыйлыкка алган. Андан соң, 1981-жылдан сүт товар фермасында учетчик, 1983-жылдан осеменатор болуп иштеген.

1992-жылдан Калинин атындагы колхоздо экономист-статист болуп которулуп, чарба жоюлганга дейре иштеп келди. Бул жөнөкөй, бирок так иштөөнү талап кылган жооптуу жумушунда ак ниети менен эмгектенди. Чарбалар тарап, менчиктештирүү өкүм сүргөндөн кийин, тактап айтканда 1996-2007-жылдардын аралыгында «Ислам» дыйкан чарбасын жетектеди. 2007-жылдан тартып, Момбеков айыл өкмөтүндө экономист-статист болуп, таза жана ак ниети менен иштеген. 2013-жылы эс алууга чыккан.

Ал кайсыл жумушта иштебесин өзүнүн инсандык эң жакшы сапаттарын көрсөтө алгандыктан, улуу-кичүүнүн арасында жакшы адис, жакшы адам катарында урмат-сыйы болгон.

Ал байбичеси Мавлюда менен 1975-жылдан тартып, бактылуу жашоо кечирип келет. Ушул тапта 4 кыз, бир уулдун, таалайлуу атасы, 16 неберенин таята, чоң атасы.

Оморбаев Абдижалил



1953-жылы 19-январда Кыла айылында туулган. Атасы Оморбай Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Кан майданды көргөн бул инсан жубайы Зульфия менен алмончоктой болгон балдарды тарбиялады. Баарын окутуп, ата-энелик камкордугун көрүшкөн. Алардын ичинен Абдижалил Оморбаев да Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгондон кийин, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумдун ветеринардык бөлүмүн аяктап, аты айтып тургандай ошол мезгилде эң көрүнүктүү жана керектүү деп эсептелген адистикке ээ болгон. Адистик алган жигиттин биринчи эмгек жолу 1973-жылды Калинин атындагы колхоздун мал чарбасында ветеринар болуп иштөө менен башталган. Ошол кезде бул чарбанын малы жылга-жыбытка батпай дүркүрөп, колхоздун экономикасынын башкы булагы болуп турган. Ал мезгилде жыл этегине келгенде 21 миң кой, 8000 миң мал, 1000 чукул жылкы боло турган. Ошончо малга бар болгону төрт гана адис иштеген. Мына ушул адистердин бири болгон Абдижалил Оморбаев ошол күндөн, 1996-жылы колхоз жоюлуп, малдар таркатылганга чейин бир жерде, эч жакка кетпей иштеди. Тактап айтканда анын, 23 жылдык үзүрдүү эмгеги колхоздун мал чарба тармагына арналды. Эң кызык жери, 23 жылдын аралыгында бир да ирет эмгек өргүүсүнө чыкпаптыр. Анын эмгек китепчесинде бир күн да үзгүлүк болбогондугу жазылган. Анткени, анын ордун бир айга алмаштырып турууга кадр жетишпеген.

Төшүнө өкмөттүк сыйлык такпаганы менен өз ишин кынтыксыз, кемчиликсиз аткарып келди. Дарегине бир да ирет сын айтылбаптыр. Бир жолу 1977-жылы Кыла селолук Советине депутаттыкка шайланды.

Жубайы Райкан менен кырк бир жыл бирге, ынтымактуу жашоо кечирип келатышат. Төрт уул, бир кызды татыктуу тарбиялашкан. 16 небереге таалайлуу чоң ата, чоң эне, таята, тайэне болушкан.

Балтабаева Зулфия



1955-жылы 25-декабрда Ленин районуна караштуу Кыла айылында аалам жаңыртып наристе төрөлүп, ага «Зульфия» деп ысмын ыйгарылган.

Балтабаева Зулфиянын балалыгы ата-энесинин тарбиясында өттү. Жанынан жакшы тарбия алып, тетик өскөн кыз айылдагы №17-мектепте окуп, мугалимдеринин колунан билимдин уюткусун алып, турмуштун даңгыр жолуна түштү. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү аяктады. Бирок, ал мектепке эмес, таңында аппак шооласын чачыраткан даркан талаага эмгектенүү үчүн келди. Анткени ал бешене терин төгүп иштеп, колхозго өзүнүн жаштык эмгегин кошууну максат кылган. Ошентип, Зульфия Балтабаеванын жалындуу жаштыгы ак булалуу талаада өттү. Таң агарып, теребелге күндүн шооласы түшө электе жумушуна жөнөчү. Эң биринчи эмгек чыйыры Калинин атындагы колхоздо «Ак чардак » кыздар бригадасын жетектөө менен башталган. Бригадада 15-20дан кем эмес кыздар иштешкен. Баары мектеп партасынан түз эле өндүрүшкө келишкен. Андан кийинки эмгек чыйыры колхоздогу балдар бакчаларынын мекемесиннин башчысы болуп иштөө менен улантылды. Ошол кезде Калинин атындагы колхоздо 6 балдар бакчасы иштеген. Эмгегин жаш наристелерге арнады. Колхоздогу борбордук балдар бакчасын жетектеп, бригадалардын талаа стандарындагы бакчалардын баарына көзөмөл жасай турган.

Акыркы мезгилде менчиктештирүү саясаты жүрүп, бакчалар жоюлуп, «Наристе » балдар бакчасы калып, аны жетектөө милдети мына ушул айымга жүктөлгөн. Бул бакчада 2013-жылга чейин жигердүү эмгектенди. Анын кырк жылдык эмгеги бактылуу балалыкка туш болгон наристелердин арасында өттү.

Өзүнүн эмгек жолунда жемиштүү иштеди. Анын ийгиликтери Союз учурундагы колхоздон тартып, айыл өкмөттүн, райондун, областтын Ардак грамоталары менен коштолду. Ленин райондук «Билим берүүсүнүн ардагери» төш белгиси менен сыйланды.

Туруктуу үй-бүлө күттү. Жолдошу Балтабаев Алижан менен 42 жылдан бери бактылуу жашоо кечирип келет. Төрт кыз, бир уулга, 14 небереге мээримдүү жана камкор эне болду.

Азыр ал 4 кыз, 1 уулдун жана 14 неберенин бактылуу энеси.

Калмуратова Сапаргүл (1955-2015)



1955-жылдын 15-майында Сузак районуна караштуу Барпы өрөөнүндөгү Үлгү айылында карапайым колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кат сабатын ошол эле айылдагы орто мектептен ачкан. Ошол кездеги айылдык шартка байланыштуу мектептин тогуз жылдык классын аяктайт. Жаштыгынан жаратылышка кызыгып суктанып жүрүп, Жалал-Абад кесиптик окуу жайында окуп багбанчылык адистигине ээ болуп айылына кайтып келет. 1971-жылы тагдыр Алимжан Калмуратов менен табыштырып, аны менен кырк бир жылдык бактылуу өмүрүн өткөрөт. Алимжанга жаңы гана турмушка чыккан мезгилде бакта багбан болуп эмгектенип, ошол эле жерден партияга кабыл алынган. Андан соң Калинин атындагы колхоздогу жибекчилик бригадасынын үрөн даярдоо бөлүмүндө кызмат өтөгөн. Анын жөндөмдүүлүгүн байкашкан колхоз жетекчилеринин жолдомосу менен Сапаргүл Ошко жибекчилик курсун окуу үчүн жөнөтүлөт.

1977-1995-жылдары Калинин атындагы колхоздо пахтачылык бригадасын башкарат.

1996-жылдан тарта «Курманжан датка» дыйкан чарбасын жетектейт. Бул жерге да жетекчиликке аны эл шайлайт. Негизи Сапаргүл жаштыгынан тырышчаак, тың болгондугу үчүн ал жетекчи болууга ылайыктуу инсан эле. Ал жашынан эмгекке үйрөнгөн, чарба жумуштарында такшалган, тажрыйбалуу кесип ээси болчу. Эмгеги менен кадыр-барк тапкан, бардык аракетин айыл чарбасына арнаган, агрардык тармакты эң мыкты түшүнгөн жана өздөштүрө алган. Өзүнүн кайратмандыгы бир топ аялзатынан айырмаланып турган.

Ал эми 2005-2010-жылдардын ичинде Көк -Там айлынын айыл башчысы болуп, акырында ден соолугу начарлагандыгына байланыштуу эс алууга чыккан.

Беш уул жана бир кыздын кадырлуу энеси болгон Калмуратова Сапаргүл 2015-жылы 60 жаш курагында аалам менен кош айтышкан.

Усупжанова Бактыкан



1956-жылдын 12-декабрында Ленин районунун Калинин атындагы колхозунун Калинин участкасында туулган. Атасы Абакул менен апасы Адалат карапайым колхозчу болгон.

Ал алгач Калинин сегиз жылдык мектебин, кийин Кыла орто мектебин аяктаган. Ал мектептин жогорку классында окуп жүргөндө эле колхоздогу «Ак чардак» кыздар бригадасынын мүчөсү болчу. Сабактан кийин талаага келип пахта терип, эмгекке үйрөнүп калган. Мектепти мыкты окуп, эң жакшы баалар менен бүткөнүнө карабастан, чыныгы жер ээси болуу максатын көздөп, өндүрүштө калууну чечти. Себеби, ошол кезде мектептин айрым бүтүрүүчүлөрү айылда калып иштеп, комсомолдук кыздар бригадаларын уюштуруу колго алынган мезгил эле. Ал ошол кездеги Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Юсупжан Момбековдун сунушу менен ал да 1980-1981-жылдары «Эдельвейс» кыздар бригадасын жетектеп калды. Ошол кезде ал эмгектеги эң жакшы көрсөткүчтөрү үчүн «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалына татыктуу болгон. Алар алгач жүгөрү данын, кийин пахта өстүрүшкөн. 1982-1988-жылдары колхоздун №13-бригадасын башкарды. Бир да ирет пахта планын толтурбай калган учурлары болгон эмес.

1988-жылдан бригада башчылыгын тапшырып, балдар менен иштөөнү көздөп, балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенди. Жер иштетүүнүн ыгы менен сырын эң жакшы өздөштүргөн дыйкан кийинки мезгилде атайын жер алып ижара менен иштетти. Ал өстүргөн көчөттөр көйкөлүп өсүп, бышып жетилгенде түшүмдү мол берип келди. Анын баарында бул аялзатынын эмгеги чоң болгон. 2004-жылы эс алууга чыккан.

Комсомолдук жаштар бригадасын жетектеген учурда эмгектик ийгиликтери үчүн ага «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы, колхоздун, райондун Ардак грамоталары ыйгарылган. 1978-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Усупжанова Бактыкан көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» орденине татыктуу болгон. Бул эки уул, жети кызы аркылуу алган ардактуу наамы. Алмончоктой болгон сегиз небере көргөн.

Азыр да айыл элинин турмушуна катышып келет. Ушул тапта Жазгак айылындагы аялдар кеңешинин төрайымы.

Мырзакулов Мамасейит



1956-жылы 22-сентябрда Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу Жазгак айылында туулган. Жаштайынан ушул айылда өсүп, ушул айылда иштеген. 1973-жылы Кыла орто мектебин ийгиликтүү бүтүргөн. 1974-1976-жылдары Советтик Армиянын катарында, Германияда артиллерист болуп жоокердик кызматын өтөгөн. Эмгек жолун мурдагы Калинин атындагы колхоздо эсепчи болуп иштөөдөн баштаган. Көп өтпөй эле №4- пахтачылык бригадасына бригадир болуп дайындалган. Ар жыл сайын пахтанын планын гектарына 36 центнерден аткарып турган. Иштеп жүргөн жылдары пахтанын түшүмдүүлүгүн гектарына 37-38 центнерге чейин жеткирген. Мырзакулов Мамасейиттин мындай ийгиликтерге жетишүүсүнө, колхоздун төрагасы Юсупжан Момбековдун жана атактуу бригадирлер М. Акчабаев, М. Амадалиевдердин салымдары чоң болгон.

Ал мектепти аяктагандан кийин Оштогу айыл чарба техникумун ийгиликтүү бүтүргөн.

Мырзакулов Мамасейиттин кесиби башка болсо да, колхоздун бухгалтериясында эсеп бөлүмүнүн башчысы болуп 6 жыл үзүрлүү эмгектенген. Ушул жылдар ичинде бир да колхозчуну нааразы кылбай, өзүнүн чынчыл, ак ниет, калыс адис экендигин көрсөтө алган. Андан кийин колхоздун мал чарбасында иштеп, эсепке так экендигин дагы далилдеген. Малчы-койчуларды туура, таза эмгеги, эсепти так билген сапаты менен ыраазы кылып, алардын урматтоосуна татыган. Колхоздун экономикасын жогорулатууга чоң салымын кошкон.

Мезгилдин агымын бат түшүнүп, жер иштетүүнү да өздөштүргөн, ар жылы ижарага жер алып, эгин эгип, өстүрүп, жасаган аракетинин жемишин көрүп, келатат. Эгемендүүлүк жылдарында айыл башчылык кызматта биринчи болуп иштөөчүлөрдөн болгон. Үч жолу катары менен айылдык жана райондук кеңештин депутаты болуп шайланган. Ошол кезде айылдык кеңеште бюджеттик комиссиянын төрагасы милдетин жоопкерчилик менен аткарган. Депутат катары бюджеттеги каражаттын туура пайдаланышына салымын кошкон.

Комсомолдун Ленин райондук комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Андан тышкары колхоздун, айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин бир нече грамоталарына татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, бир уул, үч кызды тарбиялап өстүргөн. 2016-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Айылдын атын чыгарган татыктуу адамдар

Мурдагы Кыла, азыркы Момбеков айылы бул аймакта төрөлгөн ар бир адам баласы үчүн ыйык жана улуу Ата Журт саналат. Ар бир адам баласы үчүн өзү «төрөлүп-өскөн айылы, анын Мекени» деп бекеринен айтылбаган чыгар. Ушул жерде төрөлгөн жана боз топурагын чаңытып, балалыгы өткөн ар бир адам кайсыл жерде болбосун анын туулуп-өскөн жери суралат. Сыртта жүргөн адамдан дайыма болбосо да, кайсыл бир учурда кай жерликсиң? деген суроо узатылат. Айрыкча эл оозуна илинген ар бир адамга ушул суроо берилет. Айтайын дегенибиз бул аймактан да, республиканын булуң-бурчунан, борборунан Россиянын шаарларына чейин эмгектенип, элге кызмат кылып жатышкан уул-кыздар бар, алар өз жеринин сыймыгы жана ар-намысы.

Борбиев Эркинбай (1912-1945)



1912-жылы Чек айылында туулган. Анын балалыгы кыйын кезеңге туш болгон. Улуу Октябрь социалисттик революциясы орногондо беш жаштагы бала болгон. Октябрдын ак таңы мына ушул өңдүү балдарга жарык шооласын чачкан. Мектептен билим алып, сабатсыздыгын жойгон. Эс тартып, жигиттик куракка жеткенде жаңы замандын жарчысы катарында өзүнүн эмгегин сарптаган. Комсомолго өтүп, ыктыярдуу отряддын командири катарында колхоздоштурууга каршы басмачы болуп чыгышкан эски таптын өкүлдөрүнө каршы согушкан. Ошол кезде Коммунисттик партиянын тапшырмасы менен Ачы райкомунун биринчи катчылыгына шайланган.

Германия СССРге кол салганда ал 29 жаштагы кайраттуу жигит кези эле. Өз жүрөгүнүн каалоосу менен элжерин баскынычылардан коргоого кан майданга жөнөп, алоолонгон согуш отун көрүп, баатырдык менен салгылышкан. Ошол кезде бир гана максат душманды жеңип, тынч заманды орнотуу эле. Он беш республикадан барышкан бардык жоокерлердин, анын катарында Борбиев Эркинбайдын ой-максаты бир гана Жеңишке жетүү болчу. Эки жылдан кийин оор салгылашуу учурунда капысынан ок жаңылып, жарадар болуп, госпиталга жеткирилген. Дарыланган-дан соң, аны өз жерине жөнөтүшкөн.

Согуштагы жараты анын саламатчылыгын начарлатып, 1945-жылы каза тапкан. Ошондо ал бар болгону 35 жаштагы жигиттик толуп турган убагы болчу. Анын жалгыз кызы Караматтан төрөлгөн балдары Абдрахман, Абдилла, Абдиназар, Бакыт, кызы Бактыгүлдөр азыр Момбеков айыл өкмөтүндө жашашат. Бул инсан аз жашаганы менен тарыхта кайталангыс из калтырган.

Арзыкулов Сатар (1921-1991)



1921-жылы Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу Кыла айылында туулган. 1940-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, өзүнүн эмгек жолун Кыла мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. Ал 1941-жылы немецтик-фашисттик баскынчылар менен болгон каргашалуу согушка кетип, Советтик Армиянын катарында беш жыл бою кыргыз элинин күжүрмөн жоокери катары өз эли, жери, Мекени үчүн кан-жанын аябастан кызмат өтөгөн. Арзыкулов Сатар 1945-жылдан 1946-жылга чейин Кыла мектебинде директор, 1946-жылдан 1949-жылга чейин комсомолдун Базар-Коргон райондук комитетинин биринчи секретары, комсомолдун Жалал-Абад облустук комитетинин секретары болуп иштеген. 1949-1951-жылдары республикалык жогорку партиялык мектепте окуган. 1951-1952-жылдары партиянын Жалал-Абад обкомунда бөлүм башчы болуп иштеген. 1952-жылдан 1955-жылга чейин партиянын Базар-Коргон райкомунун биринчи секретары болуп иштеп, өзүн иштин көзүн билген, кыраакы жетекчи экендигин көрсөтө алган. 1955-1957-жылдары КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн.С. Арзыкулов 1957-жылдан 1961-жылга чейин партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалган. 1961-жылдан баштап 1971-жылга чейин партиянын Баткен, Лейлек, райкомдорунун биринчи секретары болуп иштеген. 1971-1975- жылдары Ош областынын Социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болгон. Ал эми 1975-жылдан баштап Ноокен районундагы Рахманжан атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Ал 1980-жылы ардактуу эс алууга чыккандан кийин да Момбеков айылдык аксакалдар кеңешинин төрагасы, 1983-жылдан Калинин атындагы колхоздун жарандарды коргоо бөлүмүн башчысы, кийинчерээк эмгек жана согуш ардагерлери кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Арзыкулов Сатар отуз жылдан ашуун областтык советтин депутаты болгон, үч жолу 1995-жылы 3-чакырылыш, 1963-жылы 6-чакырылыш, 1967-жылы 7- чакырылышта Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган.

Мамлекетке жана эл арасында сиңирген үзүрлүү эмгеги үчүн С. Арзыкулов СССРдин бир нече ордендери жана медалдары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Алсак, 1944-жылы “Кызыл жылдыз” ордени, 1945-жылы “Күжүрмөн Кызыл жылдыз” ордени, 1985-жылы экинчи даражадагы “Улуу Ата Мекендик согуш” ордени, 1966-жылы “Даңк” ордени менен сыйланган. “Германияны жеңгендиги үчүн”, “Эрдиги үчүн”, “Улуу Ата мекендик согушка 50 жыл” сыяктуу көптөгөн медалдар менен сыйланган..

С. Арзыкулов алты баланы татыктуу тарбиялап өстүргөн. Бул инсан 1991-жылдын 14-майында бул ааламдан узаган.

Кадыров Иманалы (1939-2016)



1939-жылдын 23-февралында мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районунун Кыла айылында туулган. Анын балалыгы карапайым адамдардын үй-бүлөсүндө өткөн. Ата-энеси колхоздо иштеп, турмуш кечирген жөнөкөй адамдар болушкан. Алар өз баласы Иманалынын окуп-билим алышына шарт жаратып беришкен. Мектепти бүткөндөн кийин, шаарга жөнөтүп, кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетинде окуп калышына мына ушул жөнөкөй адамдар камкордук көрүшкөн. 1963-жылы аталган жогорку окуу жайын аяктап, физика-математика боюнча мугалим адистигине ээ болгон. Эң биринчи Кочкор-Ата шаарчасындагы жатак мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. Андан соң, партиянын Ленин райкомунда мектеп бөлүмүн жетектеген.

Ошол кезде ал Өктөм аттуу кызга баш кошкон. Алар эң сонун, таалайлуу өмүр кечиришти. Жубайы Өктөм Иманалы Кадыровдун илимдин артына түшүп, окумуштуулук даражага жетүү максатына шериктеш эле. 1969-жылы ал кыргыз илимдер академиясынын аспирантурасында эки жыл окуп, 1971-жылы физика-математика илимдеринин кандидаттыгына дисстертациясын коргоого жетишти.

Бирок, ал илим жагында дагы чоң ийгиликтерге жетише албады. Буга акыркы мезгилдеги ден соолугунан жабыр тартып жүрүшү да себеп. Ал илимдер академиясында, политехникалык институтта эмгектенди, кийин окутуучулук кесибин таштап, эс алууга чыкканга чейин башкы инженер болуп иштеди. Ал адамгерчиликтүү, боорукер, ак көңүл, бирөөнү жамандабаган, балдарына катуу сүйлөбөгөн мүнөзү жумшак инсан болчу. Жубайы Өктөм менен ынтымактуу жашоо кечиришип, эки уулду эң мыкты, татыктуу тарбиялашты жана алардын окуп, билим жана кесип алышына чыныгы ата-энелик камкордугун көрүшкөн.Тун уулу Таалай жогорку окуу жайынын юридикалык факультетин кызыл диплом менен аяктаган. АКШнын Бишкектеги өкүлчүлүгүндө иштейт. Кийинки уулу Талант мектепти алтын медаль менен аяктап, Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун кызыл диплом менен бүтүргөн. Азыр үй-бүлөсү менен Америкада жашап, өз кесиби боюнча иштейт.

Бул инсан 2016-жылдын 4-июлунда 77 жаш курагында күтүлбөгөн жерден жол кырсыгына учурап дүйнө салды.

Караев Раимжан



1941-жылы 19-декабрда Ноокен районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Кыла айылында туулган. Балалыгы өзү төрөлгөн айылда өтүп, жашы жеткенде мектептин босогосун аттап, агай-эжейлеринен билимдин уюткусун ала баштаган. Кочкор-Ата шаарчасындагы №5-Ломоносов атындагы орто мектебин аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгондон кийин дарыгер болууну эңсеген өспүрүм 1959-жылы Воронеж медициналык институтунун студенти болуу бактысына жетишкен. Аталган окуу жайын 1964-жылы бүтүрүп, жогорку билимге жана өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алган дарыгерлик кесипке ээ болгон. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы республикалык оорукананын бет-жаак хирургиясы бөлүмүнөн алгачкы эмгек жолун баштап, өзү тандаган адистик боюнча хирург болуп иштей баштаган. Андан соң, 1966-жылдан тартып 1978-жылга чейин Кыргыз Мамлекеттик медицина институтунун анатомия кафедрасында ассистент болуп эмгектенген. Ал арада 1969-1971-жылдары чек арада аскер дарыгери болуп иштеп, 1971-1974-жылдары аспирантурада окуп, кийин медицина илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактаган. Бул анын илим жаатындагы ийгилиги эле. Андан соң, бул инсандын эмгек жолунда улам жаңы өзгөрүүлөр, жаңы башталыштар жаралып олтурган.1979-1981-жылдары Кыргыз медицина институтунун ординатура, аспирантура, докторантура бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген мезгилдер анын өмүрүндөгү кайталангыс мазмундуу, бир чети кайталангыс ирмемдерди өз ичине камтыды.

Ал жаңы идеяларды, жаңы жетишкендиктерди жаратуунун демилгечиси болуп калды. 1981-жылы Фрунзе шаарында балдар стоматологиялык ооруканасын уюштуруп, эки поликлиника ачат. Бул да анын эмгек жолундагы дагы бир жетишкендик болчу. Өзү уюштурган иштин башында болуп, 1981-жылдан 1985-жылга чейин ошол жаңы ачылган поликлиниканын башкы дарыгери милдетин аркалаган. Караев Раимжан андан соң, тактап айтканда 1985-жылы Кыргыз Мамлекеттик медицина институтуна дарылоо боюнча проректор болуп дайындалат. Бул жоопкерчиликтүү кызматта көп жылдар үзүрдүү жана жемиштүү иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Раимжан Караев саламаттыкты сактоо тармагына 50 жыл татыктуу кызмат кылып, өзүнүн билимин жана эмгегин мына ушул тармактын өсүп-өнүгүшүнө жумшаган.

Сагынбаев Каржады



1942-жылдын 10-майында Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинде туулган. Анын балалыгы согуштун оор мезгилинде мына ушул жерде өткөн. Эс тартканда мектептен билим алган. Ал эми бой керип, жигиттик куракка жеткенде Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган. Анын студенттик мезгили 1962-1967-жылдарга туура келет. Алган адистиги боюнча филолог, фрунцуз тилинин мугалими.

Жогорку билимге ээ болгондон кийин, 1967-жылдын 1-сентябрынан кыргыз мамлекеттик университетинен эмгек жолун баштаган. Бул мезгилдердин аралыгында жаштардын билимин жогорулатууда жана татыктуу кесипке ээ болууларында өзүнүн чыныгы эмгегин жана дал ушул тармактагы бай тажрыйбасын жумшап келди. Ал студенттер арасында ар тараптан каныккан, жетилген жана такшалган чыныгы окутуучу катарында көрсөтө алды. Кесиптештери арасында инсандык улуу сапаттары менен урмат-сый тапты. 1985-2016-жылдардын аралыгында аталган окуу жайынын чет тилдер боюнча факультеттер аралык кафедраны жетектеп келди.

1970-1973-жылдары СССРдин 50 жылдыгы атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы аспирантурада окуду, муну менен ал илим жаатында ойлогон ой-максатына жетүүгө кадам таштады. Натыйжада аспирантураны ийгиликтүү аяктап, филология илимдеринин кандидаттыгын жактады.

Үй-бүлө күттү, үч баланын мээримдүү жана камкор атасы болду.

Анын азыркы Жусуп Баласагын атындагы университетиндеги көп жылдык талыкпаган эмгеги аталган окуу жайынын, КРнын билим берүү министрлигинин Ардак грамоталары менен бааланды. « Кыргыз улуттук университетинин эмгек сиңирген кызматкери» наамына татыды. Көп жылдык үзүрдүү эмгеги үчүн «Эмгек ардагери» медалына татыктуу болду.

Азыр эмгектик, илим жаатында, турмушта да ар тараптан бай тажрыйба топтогон өз кесибинин устаты. Ушул тапта Бишкек шаарында жашайт. Коомдо, өз кесиптештери жана замандаштары алдында чоң кадыр-барктуу бар инсан.

Борбиев Солтоналы



1942-жылы 20-июнда Ленин районундагы Кыла селолук Советине караштуу Калинин атындагы колхоздо туулган.

Ал 1959-жылы Кочкор-Атадагы орто мектепти ийгиликтүү бүтүргөн. 1965-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун бүтүрүп, балдар дарыгери адистигине ээ болгондон кийин ординатурага кирип, 1967-жылы аяктаган. Саламаттыкты сактоо министрлигинин жолдомосу менен алгачкы эмгек жолун Ленин райондук ооруканасында балдар дарыгерлигинен баштаган. 1970-жылдан Москвадагы медициналык академиянын педиатрия илимин изилдөө институтунун аспирантурасынан билимин улантып, 1973-жылы медицина илимдеринин кандидаттык даражасын ийгиликтүү жактаган. Ошол кезден Фрунзедеги кыргыз акушердик жана педиатрия илим изилдөө институтунда кичи илимий кызматкер болуп иштей баштаган. Азыркы кезде эне жана баланы коргоо улуттук борборунда эмгектенет.

Ал өзүнүн илими-изилдөө жолунда 30дан ашык илимий, 50дөн ашык санитардык агартуу маселелер боюнча эмтектердин, элет жерлеринде жана алыскы тоолуу аймактарда жашаган балдардын туура тамактануусу жөнүндө методикалык колдонмолордун автору. Ал адабиятка жакын талант катарында маалым. 2002-жылы «Кутман жерим-Ноокеним», 2005-жылы «Кайрылчы кайра балалык» аттуу ырлар жыйнактары басылып чыккан. «Жалал-Абад шамдары» чыгармаларынын топтомдору окурмандардын колуна тийгени турат.

Анын эмгеги көптөгөн сыйлык баракчалары, КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин, профсоюздук борбордук комитетинин Ардак грамоталары, 2002-жылы КРнын Президентинин Ардак баракчасы, «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» төш белгиси, эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнүн коло медалы менен баалангган, жогорку категориядагы дарыгер.

Жубайы И.Арабаев атындагы педагогикалык университетинде окутуучу, кызы Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнүн кадрлар бөлүмүнүн башчысы, уулу Бишкек шаардык №5-тиш оорулар бейтапканасында тиш дарыгери, кенже кызы И.Арабаев атындагы университетин аяктап, эмгек жолун баштаган. Демек, татыктуу иштеп, өрнөктүү жашаган бул инсан таалайлуу балдардын бактылуу атасы.

Сыдыков Үсөн



1943-жылдын 15-мартында Кыла айылында туулган.1965-жылы Кыргыз айыл чарба институтун,1986-жылы Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн.

1965-жылдан Ленин районундагы Арал совхозунан агроном адистиги боюнча эмгек жолун баштаган. 1965-1966-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин аткарган. 1966-1968-жылдары Лейлек райондук айыл чарба башкармасында экономист, 1968-1971-жылдары аталган мекемеде финансы-пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1971-1975-жылдары партиянын Лейлек райкомунда инструктор, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 2-катчы, 1975-1978-жылдары Лейлек райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1978-1983-жылдары КПнын Базар-Коргон райкомунун 1-катчысы,1983-1988-жылдары КПнын Кара-Суу райкомунун 1-катчысы, 1988-жылы Кыргыз ССР мамлекеттик агропромдун төрагасынын-министрдин 1-орунбасары, 1988-1990-жылдары Кыргыз ССР министрлер Советинин 1-орунбасары- мамлекеттик агроөнөр жай комитетинин төрагасы,1990-1991-жылдары Кыргызстан КПнын Ош обкомунун 1-катчысы-облсоветтин төрагасы, 1991-жылы Ош обкомунун алдындагы партиялык комиссиянын төрагасы, 1992-1993-жылдары КРнын Казакстандагы соода боюнча өкүлү, 1993-1996-жылдары КРнын нан продуктылары жана даярдоо өндүрүштүк бирикмесинде башкы директор, 1996-2000-жылдары «Кыргыз Дан-Азык» АКнын башкармасынын төрагасы, 2000-2002-жылдары Шериктештик мамлекеттеринин аткаруу комитетинин департаментинин төрагасынын орун басары-департаменттин директору, 2002-2005-жылдары «Кыргыз-Дан-Азык» ачык акционердик коомунун директорлор кеңешинин төрагасы, 2005-2006-жылдары КРнын Президентинин Администрация жетекчиси, 2006-2008-жылдары КРнын Президентинин мамлекеттик кеңешчиси кызматтарын аркалаган.

Өлкөбүздүн айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон чоң салымы үчүн «КРнын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер» наамына татыктуу болгон. Эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Мамлекеттик кызматтын биринчи класстагы мамлекеттик кеңешчиси болгон.

Мамасейитов Садирбек (1945-2017)



1945-жылы 8-майда Ноокен районунун Кыла айылында туулган. Анын балалыгы ата-энесинин тарбиясында өткөн. Ата-энеси чабан болгондуктан, жаштыгынан билим алууну эңсегендиктен айылда калып, туугандарынын үйүндө жүрүп окуган, 8-класстан кийин Кочкор-Ата шаарчасындагы жатак мектебинен окуусун уланткан, ал кезде интернат жатакана менен камсыз кылып, бирок окуучулар тамак-ашты өздөрү төлөп ичишчү.

Ал балалыгынан эмгектенип үйрөндү. Жайкы каникул учурунда ата-энесине жардамдашып, кой кайтарчу. Ал жаш кезинен эле Москвада окуймун, директор боломун деп ниет кылган. Ошентип мектепти аяктагандан кийин 1966-1971-жылдары Москва шаарындагы Тоо-кен институтунда окуп, тоо инженер механиги деген адистикке ээ болгон. 1971 -1972-жылдары “Таш-Көмүр” шахта башкармалыгына караштуу байытуу фабрикасында башкы механиктин орун басары болуп эмгектенген. 1972-1975-жылдары Таш-Көмүр шаардык комсомол комитетинин катчысы болуп иштеген. 1975 -1986-жылдары тазалоочу забойдун тоо жумушчусу, тоо мастери, №1- казуучу участканын начальнигинин орун басары жана начальниги, андан кийин Таш-Көмүр шахта башкармалыгынын нөөмөт начальниги болуп иштеген. Ал кайсыл кызматта иштесе да, так жана жогорку жоопкерчилик менен эмгектенген. Улам өз ишинде такшалып, тажрыйба артып олтурган, анын натыйжасы ар убак жемиштүү жыйынтыкталган.

1976 жана 1979-жылдары Караганды шаарында кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча курстардан өткөн. 1984-1986-жылдары Донецк политехникалык институтунда окуп, өнөр жай жана курулуш өндүрүшүнүн уюштуруучусу деген адистикке ээ болгон. 1986-1990-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Тоо-техникалык мамлекеттик көзөмөл мекемесинин инспектору, 1990-1994-жылдары Таш-Көмүр шахта башкармалыгынын директору болуп иштеген. Аталган ишкана шахта башкармалыгы болуп 1932-жылы уюштурулса, ошондон тарта бир дагы кыргыз жетекчи иштеген эмес экен, анын биринчи кыргыздан башчысы да ушул Садирбек Мамасейитов болгон.

Жубайы Мамасейитова Бумайрам менен чогуу, ынтымактуу жашоо кечирип, төрт уулдуу болушкан, небере-чеберелердин бактылуу чоң атасы эле. Бирок, саламатчылыгынын айынан 2017-жылдын башында дүйнө салды.

Молдобаев Алижан (1948-1987)



1948-жылы 25-сентябрда Жалал-Абад областынын Ленин районуна караштуу Хиля кыштагында туулган. 1967-жылы Кочкор-Ата шаарындагы орус тилдүү мектепти аяктап, атайын орто билим алууга жетишкен. 1972-жылы Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринардык факультетин аяктап, атайын жогорку билимдүү адис квалификациясына ээ болгон. Ал студент мезгилинде өзү окуган тайпада, курста, факультетте комсомол уюмун жетектеген. 1972-жылдын 21-июлунан 20-сентябрына чейин Скрябин атындагы айыл чарба институтунун алдындагы аткычтар полкунда Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

Ал өзүнүн эмгектик ишмердүүлүгүн 1972-жылдын 11-октябрынан Кара-Суу районундагы Нариман ветеринардык участкасынын башчылыгынан баштаган. 1973-жылдын 6-январынан Кара-Суу ветеринардык станциясынын ага ветеринардык дарыгери, башчынын орун басарлыгына которулган. 1973-жылдын 3-декабрь айынан тартып, Кара-Суу райондук башкы ветеринардык дарыгери- райондук ветеринардык станциянын башчысы болуп дайындалган. 1980-1983-жылдары Кара-Суу районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун партиялык комитетинин катчысы кызматын аркалаган. 1984-жылдан кайрадан Кара-Суу районунун башкы ветеринардык дарыгери- райондук ветеринардык станциянын башчысы болуп дайындалган. 1984-1987-жылдары Кара-Суу райондук элдик көзөмөлдөө комитетинин штаттан тышкаркы айыл жана суу чарба бөлүмүнүн штаттан тышкаркы инспектору болгон. Беш жолу райондук Кеңештин, эки ирет областтык Кеңештин депутаттыгына шайланган. 1973-жылдан КПССтин мүчөсү болгон.

Элдик көзөмөлдоо органынын ишине активдүү катышкандыгы үчүн бир нече жолу элдик контролдун Ош областтык комитетинин, Кыргыз ССРинин Элдик Контролунун, Кыргыз ССРинин 60 жылдыгынын урматына өндүрүштүк жогорку көрсөткүчтөрү жана республиканын эл чарбасын, билим жана илим жаатын көтөрүүдөгү зор эмгеги үчүн республиканын Эмгек Даңкы китебине жазылып, (1985) Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Ошону менен бирге ага 1986-жылы СССР Жогорку Советинин «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы ыйгарылган.

Үй-бүлө күтүп, бир уул, эки кыздын атасы болгон.

1987-жылы 39 жашында белгисиз себептерден улам бул жарыкчылык менен коштошкон.

Мурзакматов Абдыманап



1949-жылы Ноокен районунун Калинин атындагы колхозго караштуу Кыла айылында туулган. Мектепти 1966-жылы бүтүрүп, ошол жылдан тартып, анын эмгек жолу башталган. 1966-1968-жылдары Калинин атындагы колхоздо мал чарбасы боюнча эсепчи болуп иштеген. Келечекте дарыгер болууну эңсеген өспүрүм 1968-жылы Кыргыз Мамлекеттик Медицина институтуна кирип, 1974-жылы аны ийгиликтүү аяктаган. 1974-1975-жылдары Ош шаардык ооруканасында бир жылдык интернатураны ийгиликтүү бүтүрүп, андан кийин Ош шаарынын №1-шаардык ооруканасында участкалык терапевт болуп эмгек жолун улантканы.

1976-1980-жылдары Таш-Көмүр шаардык бириккен поликлиникасында жетекчи, 1980-1982-жылдары шаардык бириккен ооруканасынын башкы дарыгеринин орун басары, 1982-1984-жылдары Шамалды-Сай шаарчалык ооруканасынын башкы дарыгери болуп эмгектенген.

1984 -2003-жылдары Жалал-Абад курортунун башкы дарыгери, 2003-2010-жылдары Чүй областында жайгашкан “Кыргызстан” санаториясынын башкы дарыгери болуп кызмат кылган. Ал саламаттыкты сактоо тармагында көп жылдар жетекчилик кызматты аркалап, мазмундуу жана кызыктуу ирмемдерди өз башынан өткөргөн. 2010-жылдан тартып ардактуу эс алууда.

Ал өлкөбүздүн саламаттыкты сактоо тармагына кошкон баалуу салымы үчүн Кыргыз Республикасынын «Эмгек сиңирген дарыгери», Жалал-Абад шаарынын «ардактуу атуулу» наамдарына ээ болуп, «Кыргыз Республикасына 10 жыл» төш белгиси, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин Ардак грамоталары менен сыйланган. Эл депутаттарынын Шамалды-Сай шаарчалык кеңешинин депутаты, Жалал-Абад шаарынын беш жолку депутаты болгон. Кыргызстан профсоюздар федерациясынын сьезддеринин бир нече жолку делегаты, Кыргызстан медициналык профсоюздарынын Борбордук Комитетинин бир нече жолку чакырылыштарынын мүчөсү болгон.

Ал Жалал-Абад курортунда башкы дарыгерлик эмгек жолунда жемиштүү иштеген. Анын эмгеги менен аталган курорттун эмгек жамааты жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылышкан жана ошол кезде ВЦСПСтин, Бүткүл Союздук профсоюздар федерациясынын, Кыргызстан профсоюздар федерациясынын Өтмө Кызыл Туусун жеңип алып, Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, бир кыз, эки уулу, неберелери бар.

Куватов Жорокул



1949-жылдын 4-апрелинде Ош облусунун Ленин районунун Кыла айылында туулган.1966-1968-жылдары Майлуу-Суу электромеханикалык техникумунда окуган. 1968-1970-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.1971-жылы «Кыргызфильм» киностудиясында эмгектенген. 1971-1978-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинде окуп, ийгиликтүү аяктагандан кийин жогорку билимдүү юрист адистигине ээ болгон.

Алгачкы эмгек чыйыры 1977-1978-жылдары Кочкор районунун прокуратурасынын тергөөчүсү болуп иштөө менен башталган. 1978-1979-жылдары Тянь-Шань районунун прокурорунун жардамчысы, 1979-1986-жылдары Тянь-Шань районунун прокурорунун орун басары, 1986-1989-жылдары партиянын Нарын жана Ысык-Көл областтык комитетинин инструктору, 1989-1993-жылдары Тянь-Шань районунун прокурору, 1993-1995-жылдары Ош облусунун Өзгөн районунун прокурору, 1996-2002-жылдары Башкы прокуратуранын бөлүмүнүн прокурору, 2002-2006-жылдары Ысык-Көл облусунун прокурорунун орун басары, 2006-2007-жылдары Ош облусунун Кара-Суу районунун прокурору, 2008-2013-жылдары Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Башкармасынын прокурору кызматтарын аркалап, кандай кызмат ордунда болбосун ийгиликтүү жана жемиштүү иштеген. 1984-1987-жылдары эки жолу Украинанын Харьков шаарында, 1991-жылы Москва шаарында кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарында окуган, 1986-жылы Болгарияда жана 1989-жылы Новосибирь, 2006-жылы Швециянын Стокгольм шаарында саясий деңгээлин көтөргөн.

«Аскердеги каармандыгы үчүн» медалы, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин, ВЛКСМ БКнын «Эң жаш пахтакерге» медалы, Ысык-Көл облмамадминистрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2008-жылы Россия Федерациясынын талаш проблемалары, коопсуздук, коргоо жана укук коргоо Академиясынын профессору болгон. Ошол эле жылдын 10-апрелинде Россия менен Кыргыз Республикасынын ортосунда кызматташтыкка кошкон салымы үчүн «Петр Великийдин» экинчи даражадагы ордени менен сыйланган. 1994-2003-жылдары 9 жыл Ноокен районунун Бишкек шаарында окуп жашагандардын «Ынтымак» коомунун 1-президенти болуп, алардын муктаждыгына, окуудагы проблемаларына көңүл буруп, кадр маселелерине салым кошкон. Ички иштер министрлигинин алдындагы Академияга биринчи генераль Эргеш Алиевдин ысмынын ыйгарылышына Эсенжан Атаханов, Дооронбек Садырбаевдер сыяктуу аталган коомдун жетекчиси катары салым кошкон.

Үй-бүлөлүү. Эки кыз, бир уулдун сүйүктүү атасы, беш неберенин камкор чоң атасы. Анын жашоодогу ураану: «Жерде Адам гана керемет, калганы анын керемети», «Ким болсоң да адам бол, бирок адамды эч бир кылба кор».

Мамасейитова Бумайрам (1951-2013)



Мээнеткеч болуп жашыңдан,
Мезгилдин, көчтүн башында.
Азыр да элди ойлогон,
Аялдан чыккан асыл баа.

1951-жылы Майлуу-Суу шаарында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. 1969-жылы Москва шаарындагы Бүткүл союздук мамлекеттик институтунун кинематография жана экономика факультетине кирип, ийгиликтүү аяктагандан кийин үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Таш-Көмүр шаарына келип, өзүнүн эмгек жолун баштаган. 1973-жылы шаарда Эмгекке жайгаштыруу жана коомчулукту маалыматташтыруу бюросу түзүлүп, ал мына ушул мекеменин жетекчилигине дайындалган. 1980-1982-жылдары Эл депутаттарынын Таш-Көмүр шаардык кеңешинин жооптуу катчысы,1989-жылы партиянын шаардык комитетинин бөлүм башчысы, 1990-жылы шаардык комитеттин катчысы болуп дайындалган. 1991-1996-жылдары Жалал-Абад облустук мамлекеттик мүлк фондусунун Таш-Көмүр шаарындагы өкүлү болуп иштеген. 1994-жылы “Элесинвест” инвестициялык акционердик фондун түзөт. 1998-жылы “ASKO-CO” жоопкерчилиги чектелген финансы-инвестициялык компаниясынын генералдык директору болуп дайындалган. 2001-жылдан тартып “Жаштык инвест” акционердик инвестициялык фондун жетектеген. Ал Кыргыз Республикасынын Баалуу кагаздарынын турукташуусуна жана өнүгүүсүнө өз салымын кошкон. Кыргыз Республикасынын инвестициялык институтунун мүчөсү, жыйырма жылга жакын Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаты, жети жыл шаардык аялдар кеңешинин төрайымы болуп иштеп келген. Республикада биринчилерден болуп “Ак шоола” аялдар коомдук фондун уюштурган жана экономика, бизнес, ишкердүүлүгүндө аялзатынын орду өзгөчө экендигин жеке үлгү көрсөтүү менен коомчулукка далилдеген.

КПСС БКнын, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин, КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик комиссиясынын бир нече Ардак грамоталары менен сыйлануунга татыктуу болгон, бул анын эмгегине болгон урмат-сый эле.

2005-жылы Майлуу-Суу шаарынын мэри болуп дайындалган. Кийин IY чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланып, ал жерде Миграция, эмгек, социалдык саясат жана саламаттыкты сактоо боюнча комитетинин төрайымы болуп иштеген. Аялдардын ичинен биринчи болуп, Кыргыз Республикасынын ошондогу президенти К.С. Бакиевдин колунан “КР мамлекеттик мекемелеринин эмгек сиңирген кызматкери” наамын алган.

Үй-бүлө күтүп, төрт уул, небере, чеберелердин таалайлуу энеси болгон.

2013-жылдын сентябрь айында кыргыздын чыгаан кыздарынын бири Бүмайрам Мамасейитова дүйнө салды.

Алиев Момунжан



Ал Кочкор-Ата шаарчасында туулган. Атасы Калинин атындагы колхоздо бухгальтер болуп иштеген. Апасы ошол кезде Кыргызстандын Түштүгүндөгү көпчүлүк пахтакерлер сыяктуу талаада пахта жыйнап-терүүдө иштеген. Момунжан Алиев өзүнүн балалык чагында уролог, же хирург дарыгери болууну эңсеген. Эки жолу медициналык окуу жайына кирүүгө болгон аракетинин жыйынтыгы ийгиликсиз болду. Үчүнчү жолу тиш дарылоо дарыгерлигине өтүүгө умтулду. Ошол кезде сынак да жеңил эмес болчу. Мына ушул адистик боюнча институттун студенти болуу ага насип этип, бара-бара предметтик сабактар киргенден соң, окууга болгон умтулуусу аны алдыга карай жетелей берди. Жубайы менен бирге 1984-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун аякташты. Ал кардиология адистиги боюнча окуу жайын кызыл диплом менен бүтүргөн. Гульнара Тойчиева академик Миррахимовдун баарына белгилүү болгон кардиологиялык борборунда клиникалык ординатурадан өттү. Каарманыбыз Алиев Момунжан Фрунзе шаарындагы №4- стоматологиялык поликлиникада дарыгер болуп иштей баштады. Андан соң, Ош областтык саламаттыкты сактоо башкармасынын жолдомосу менен Ноокен районунда, өзүнүн сүйгөн Кочкор-Ата шаарчасында эмгек жолун улантты. 1996-жылдан Бишкек шаарына которулду. Бул жерде анын үч баласы мектепти аякташты. 2006-жылдан Кыргызстандын өкүлчүлүгүнүн алдындагы өлкөбүздөн барып иштеген мигранттарын тейлөөчү анчейин чоң эмес, медициналык борбордо иштеп калды. Бар болгону төрт штат-акушер-гнеколог, уролог, жана эки тиш дарыгери анын кесиптештери эле. Анын тагдыры мына ошентип, Москва шаарында жашап, иштөөнү буюрду. Акырындап жүрүп олтуруп, «Светал Медикал» көп тармактуу клиникасында иштей баштады. Ал эми жубайы кардиолог. Мына азыр, тиш дарылоо дарыгерисиз өзүнүн жашоосун элестете албайт.

Ал алгач Кыргызстандан барган эмгек мигранттарын тейлесе, азыр Борбордук Азиянын, Кавказдын, Молдавиянын атуулдарына жана москвалыктарга кызмат кылышат.

Тун баласы Азамат жогорку окуу жайын бүткөндөн соң, тил багытында иштеди жана Кыргызстандын президентинин алдындагы башкаруу академиясында магистратураны бүтүрүп, мамлекеттик кызматты тандап алды. Уулу Арзымат атасы менен кесиптеш болуп, «Светал Медикал-24» медициналык борборунда иштейт. Ал Москвадагы кыргыздардын арасынан жалгыз стоматолог-имплантологдун сертификатын алууга жетишкен. Кызы Айдай да стоматолог адистигин тандап алган. Азыр Айдай менен Азамат Бишкекте өз үй-бүлөлөрү менен жашап, иштешет.

Ал иштеген «Светал Медикал- 24» медициналык борбору Москвадагы «Деловая аудитория» журналынын «2015-жылдагы эң мыкты медициналык клиника» номинациясын жеңип алган.

Сатыкулова Гүлсара



1949-жылы 28-декабрда Ленин районунда туулган. Анын апасы Таттыбү Борбиева Кыла селолук Советинин төрайымы болуп иштеген. Ал кызы Гүлсара Сатыкулованын таалим-тарбия алышында ар тараптан үлгүлүү аял болгон.1955-жылдан Калинин атындагы сегиз жылдык мектептин 1-классына кирип, 8-класска чейин окуган. Ал орто мектепти Кочкор-Ата шаарындагы мектеп-интернаттан улантып, ийгиликтүү аяктаган. Ал мектептен кийин эле комсомолдун райондук комитетинде иш кагаздары сектору болуп иштеген. Андан соң, ага 1971-жылы Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун чет тилдер факультетинин студенти болуу бактысы насип эткен. 1976-жылы жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимге жана татыктуу кесипке ээ болгондон кийин Сузак, Базар-Коргон райондук комсомол комиттеринде иштеди. Андан соң, Базар-Коргон районунда мектепте мугалимдиктен тартып, мектептин директорлугуна чейин жооптуу кызмат аркалады. Андан соң, партиянын Ленин райкомунда сектордук учет бөлүмүндө иштеген. Анын билим берүү тармагындагы эмгек жолу райондун борборундагы №1-орто мектепти жетектөө менен улантылган. Бул аялзаты убагында билим берүү тармагында үзүрдүү иштеп, келечек муундарын окутуп, тарбиялоодо эмгек сиңирген.

1992-жылдан Бишкек шаарында жашап, эмгектенет. Бул жерде Октябрь райондук аксакалдар сотун 10 жылдан бери жетектейт. Ар кандай чыр-чатактарды сотко жеткирбей жыйынтык чыгарып, оң жагына чечүүгө умтулуп келет.

Ал алты тилде эркин сүйлөй алган өзгөчөлүккө ээ. Чет элдик студенттерге кыргыз тилин үйрөтүп келет. Учурда «SOS» балдар айылында №12-үйдөгү балдар жана алардын энелери менен карым-катнашта иштеп жаткан учуру.

Ушул тапта Руслан, Нурбек, Сапар аттуу үч уулдун бактылуу энеси. Аларга өзүнүн энелик мээримин берип, татыктуу тарбиялаган. Ушул тапта балдарынын төрүндө энеликтин бактылуу доорунда жашап жаткан кези.

Абдумомунов Абдикалил



1955-жылы 15-июнда Хиля айылында туулган.

1978-жылы кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун стоматология факультетин аяктаган. Фрунзе шаарындагы №3-шаардык стоматологиялык эмканасында интернатурасын өтөгөндөн соң, Кант райондук ооруканасында дарыгер стоматолог-ортопед болуп эмгек жолун баштаган. 1980-жылдан Москва шаарындагы башкы стоматологиялык илим изилдөө институтунун ортопедиялык стоматология тармагы боюнча аспирантурасында окуган. Андан соң, «Обоснование принципов избирательного пришлифовывания фронтальных групп зубов у больных с заболеваниями парадонта» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган.

1985-жылдан Кыргыз мамлекеттик медициналык инситутунун стоматология кафедрасында ассисент болуп эмгектене баштаган. Ага 2001-жылы ортопедиялык стоматология кафедрасы тарабынан доцент наамы ыйгарылган. 2007-жылы «Клинико-функциональное обоснование возможности коррекции адаптационно-компенсаторных изменений в зубочелюстной системе при частичной утрате убов» деген темадагы доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактады. Ал Кылада төрөлүп-өскөн атуулдардын ичинен биринчи доктор болгон.

Каарманыбыз 65тен ашуун илимий эмгектин, 1 монографиянын, 4 билим берүүнү жакшыртуу багытындагы сунуштардын, 15тен ашуун окутуунун усулдук сунуштарынын ээси.

2008-2012-жылдары И.К.Ахунбаев атындагы кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ортопедиялык стоматология кафедрасын жетектеген. 2013-2014-жылдары Кант шаарындагы Азиялык Медициналык институтунун стоматология факультетинин деканы, 2014-жылдын июль айынан тартып С.Тентишева атындагы Азиялык медициналык институтунун ректору милдетин аткарат. 2015-жылдын сентябрь айынан Астана шаарындагы республикалык дипломдон кийинки дарыгерлерди окутуу институтунда профессор, Бишкектеги Заманбап Маалыматтык Технологиялар менен билим берүү институтунда (ИСИТО) стоматология кафедрасында профессор. Ага КРнын «Саламаттыкты сактоосунун мыктысы», 2013-жылы Стамбул шаарында өткөн Бүткүл дүйнөлүк стоматологдор конгрессинде «Бүткүл дүйнөлүк стоматологдор ассоциясынын Академиги» наамдары ыйгарылган.

Ал КРнын дене тарбия, спорт жана жаштар саясатынын мыктысы, бокс жана кикбокс боюнча эл аралык категориядагы судья, СССРдин спорт чебери, Кыргыз ССРинин бир нече жолку чемпиону жана башка сыйлыктардын лауреаты. 1973-1978-жылдары СССРдин жогорку окуу жайлары арасында өткөрүлгөн спорттук мелдештердин бокс боюнча чемпиону, эл аралык жана бүткүл союздук турнирлердин (Новогород, Ульяновск, Брест, Ленинград, Москва, Ереван, Минск,Фрунзе) финалисти жана жеңүүчүсү болгон.

Үй-бүлөлүү, бир уул, бир кыздын атасы.

Арзыкулов Замирбек



1956-жылдын 4-декабрында Ош областындагы мурдагы Ленин районунун Хиля айылында жарык дүйнөгө келген. Анын бактылуу балалыгы өзү туулуп-өскөн айылында өттү. 1973-жылы орто мектепти аяктап, кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун педиатрия факультетине тапшырды. Бул анын балалыктан дарыгер болом деген эңсөөсүнүн ишке ашышы эле.

Аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктагандан соң, Ноокен районундагы Бүргөндү участкалык ооруканасынан терапевт-дарыгер болуп иштөө менен алгачкы эмгек чыйырын баштады. 1982-1986-жылдары Бишкек шаарындагы «Тез жардам» медициналык станциясында реаниматолог-дарыгерликтен эмгек чыйырын улантты. 1986-2003-жылдары шаардык клиникалык ооруканандын кардиология бөлүмүндө кардиолог реаниматолог-дарыгерлик кызматты аркалады. 1990-жылы ага саламаттыкты сактоо департаменти кардиология бөлүмүнүн башчысы жана кардиореаниматолог катарында кардиореанимация дарыгерлерин окутуу жана аларды тез жардам медициналык станциясына иштөө үчүн даярдоо милдетин тапшырды. 1996-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Бишкек шаардык саламаттыкты сактоо департаментинин башкы кардиолог-дарыгери кызматын аткарып келет. Ошону менен бирге 1996-жылдан башкы дарыгердин дарылоо боюнча орун басары болуп иштөө менен бирге аталган клиниканын профсоюздук комитетин жетектеди.

Замирбек Арзыкуловдун жогорку сапаттагы даярларды даярдоодогу кесиптик чыныгы чеберчилиги, кардиологиядагы мыкты билими, эң башкысы саламаттыкты сактоо тармагындагы баа жеткис эмгеги КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы жана «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон. 2008-жылы ага эмгектеги жогорку көрсөткүчтөрү, Россия менен Кыргызстандын ортосундагы кызматташтыкта жана илимдин өнүгүшүндөгү салымы үчүн Россия Федерациясынын илимдер Академиясынын Пирогов ордени менен кошо профессор наамы берилди.

Ал Венгрия, Латвия, Россия, Казакстан өлкөлөрүнүн борбордук шаарларында өткөрүлгөн эл аралык конференцияларда докладдар менен катышкан.

Азыркы мезгилде 2003-жылдан тартып, Бишкек шаардык №1-клиникалык ооруканасында кардиология бөлүмүнүн башчысы кызматы менен кошо анестезиология жана реаниматология боюнча ФУВ (чечмелеп бериңиз) кафедрасында асиссент милдетин аркалап келатат.

Үй-бүлөлүү. Үч кыз, бир уулдун, 7 неберенин бактылуу атасы.

Төрөканов Кубанычбек



1958-жылдын 11-майында туулган. 1965-1975-жылдары Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте окуп, атайын орто билимге ээ болгон жана аталган мектепти ийгиликтүү аяктаган. Андан соң, 1975-1981-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунда окуп, атайын жогорку билимге ээ болгон жана татыктуу адистик алууга жетишкен.

1981-1986-жылдары Жалал-Абад шаардык ооруканасында лор дарыгери, 1986-1989-жылдары шаардык оорукананын комсомол комитетинин катчысы милдетин аткарган. Убагында комсомолдук иштердин чыныгы уюштуруучусу болгон. Эң биринчи ал комсомолдо тарбияланып, комсомолдун такшалуу мектебинен өткөн.

Ал эми 1989-1991-жылдары Жалал-Абад шаардык оорукананын кесиптик кошундарынын төрагасы, 1991-1994-жылдары Жалал-Абад областынын саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин областтык комитетинин төрагасы, 1994-2001-жылдары Жалал-Абад областтык аукцион борборунун директору, 2001-2005-жылдары “Кыргызпахтасы” жабык акционердик коомунун пахта сатуу борборунун жетекчиси, 2005-2007-жылдары мамлекеттик резиденцияда айыл чарба иштери боюнча директорунун биринчи орун басары, 2007-2008-жылдары президенттик аппараттын инвестициялык жумуштар боюнча офисинин директору, 2008-2010-жылдары Кыргыз өкмөтүнүн биринчи вице-премьеринин кеңешчиси, 2010-2011-жылдары айыл чарба министринин кеңешчиси, 2012-2016-жылдары “Сантино” жоопкерчилиги чектелген коомунун директору кызматтарын чоң жоопкерчилик менен аркалаган.

Төрөканов Кубанычбек ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы, Ош областтык, Жалал-Абад шаардык Ардак грамоталар менен сыйланган. Өкмөт тарабынан берилген көптөгөн баалуу сыйлыктардын ээси.

Үч уул, бир кыздын атасы. Жубайы Дарыйка Рашеванын кесиби-терапефт-дарыгер. КРнын «Саламаттыкты сактоосунун мыктысы». Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. ИСИТО жогорку окуу жайынын медициналык колледжинде сабак берет.

Мырзакулова Адалят



1959-жылы 2-апрелде Ленин (азыркы Ноокен) районундагы Хиля селолук Советинде туулган. Анын балалыгы да өзү туулуп-өскөн айылда ата-энесинин тарбиясында өткөн. 1976-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан соң, Фрунзе шаарындагы медициналык мамлекеттик институтунун санитардык-гигиеналык факультетинин студенти болуу менен өзү тандап алган кесиби боюнча билим ала баштаган.

Анын алгачкы эмгек жолу аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, жогорку билимдүү адис катарында дипломго ээ болгондон соң, эпидемия жана гигиена илим изилдөө институтунда кенже илимий кызматкер болуп иштөө менен башталган. 1989-жылдан кургак учук илим изилдөө институтунда ага илимий кызматкер болуп эмгек чыйыры улантылган. 2006-жылдан бүгүнкү күнгө дейре И.Ахунбаев атындагы кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында микробиология кафедрасында доцент. 2002-жылы «Стафилококкторду өстүрүү ыкмасы» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, медициналык илимдеринин кандидаты наамын алууга жетишкен. Ошону менен бирге ал саламаттыкты сактоо тармагына өзүнүн белгилүү деңгээлде салымын кошо алган.

Адалят Мырзакулова медицина тармагында бир катар эмгектердин автору. Негизги темалар боюнча 50дөй мкаласы илимий медициналик журналдарга басылган. Жогорку окуу жайларынын вестниктерине жарыяланган. Бир нече ирет эл аралык семинарларга катышып, атайын сертификаттарга ээ болгон. Илимий эмгектери боюнча Кыргыз патентинен патентке ээ болуп, өзү автор болгон эмгектерин жайылтууга укук алган. Мындан тышкары КРнын «Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

Эки кыз, бир уулдун бактылуу энеси, үч неберенин таалайлуу тайэнеси. Тун кызы Айгүл дарыгер кесибине ээ болгон, азыр Канадада жашап, иштейт. Кызы Нургулдун кесиби менеджер, ишкердик менен алектенет. Уулу Бектур студент.

Төлөнова Бактыкан



1960-жылдын 28-мартында Ленин районуна караштуу тоо койнундагы Шаркыратма деген жерде туулган. Анткени, анын ата-энеси өмүр бою мал чарбасында эмгектенип, көпчүлүк өмүрлөрү жайлоодо, тоо арасында өткөн. Анын балалыгы да ата-энесинин тарбиясы астында болду. Жашы жеткенде мектептин босогосун аттап, 1978-жылы Ж.Турусбеков атындагы орто мектепти аяктап, жетилүү аттестатына ээ болду. Ал ак халатчан дарыгер болом деген арзуу үмүтүн 1983-жылы Ташкенттеги Орто Азия медициналык педиатрия институтун аяктоо менен ишке ашырган. Окуу жайын бүтүрүп келгенден кийин Жалал-Абад шаарындагы балдар ооруканасынан интернатурадан өткөн. Ал Сакалдыдагы участкалык ооруканада балдар дарыгери болуп бир жыл иштегенден соң,1985-жылы Ленин райондук ооруканасында башкы дарыгердин энеликти жана балалыкты коргоо боюнча орун басары болуп эмгек жолун улантты. Андан соң, 1988-жылдан Калинин атындагы колхоздун айылдык врачтык амбулаториясында башкы дарыгер болуп эмгектенди. 1990-жылдан Жалал-Абад областтык саламаттыкты сактоо башкармалыгына дарыгер-методист болуп которулган. 1994-1996-жылдар аралыгында областтык медициналык статистикалык бюросунда башчы,1996-жылдан Бишкек шаардык медициналык статистикалык бюросунун башчысы, 1997-жылдан КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин реформалоо бөлүмүндө адис, 2000-жылдан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун ассоциациясынын бөлүм башчысы болуп эмгектенди.

Ал өз кесибине байланыштуу Германия жана алыскы жакынкы чет өлкөлөрдө тажрыйба алмашууларда болуп, адистик чеберчилигин улам жогорулатып олтурган.

2010-жылдан тартып, Чүй областтык медициналык маалымат мекемесинде бөлүм башчы болуп иштей баштаган.

Союз учурунда Ленин райондук оорукананын башкы дарыгеринин орун басары болуп иштеп турганда КПССтин катарына өткөн.

Медицина тармагындагы үзүрдүү жана жемиштүү эмгеги үчүн «КРнын саламаттыкты сактоосунун мыктысы» төш белгиси менен сыйлануга татыктуу болгон. КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

40тан ашык сертификаттардын ээси жана илимий конференцияларга докладдар менен катышкан, көптөгөн медициналык эмгектердин автору.

Мамыров Надырбек (1961-1912)



1961-жылы Ленин районунун Кыла айылында жарык дүйнөгө келген. 1978-жылы Ж. Турусбеков атындагы мектепти ийгиликтүү бүтүргөн. 1980-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын дене тарбия бөлүмүн артыкчылык диплому менен аяктаган. 1984-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун, 1996-жылы КМУнун юридика факультетин дагы артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1986-1989-жылдары Фрунзе шаарындагы камволнооту комбинатынын комсомол комитетинин секретары, 1990-жылдан ВЛКСМ БКнын идеология бөлүмүнүн инструктору болуп иштеген. 1997-жылдан коопсуздук кызматына өтүп, КГНБнын, МНБ, СНБнын бөлүмүнүн башчысынын орун басары жана бөлүм башчысы болуп кызмат кылган. 1998-жылдан тартып, КРнын Бажы комитетинин коопсуздук кызматы башкармалыгынын начальниги, 2002-жылдан баштап “Кыргызстан аба жолдору” АКнын президентинин авиациалык коопсуздук жана режим боюнча жардамчысы, 2005-жылдан “Манас” эл аралык аэропорту ААКнын авиациалык коопсуздук жана режим боюнча вице-президенти болуп иштеген. 2007-жылдан 2012-жылдарга чейин “Кыргызстан” авиа компаниясынын президентинин авиациялык коопсуздук боюнча жардамчысы болуп эмгектенген.

Мамыров Надырбек кайсыл гана кызматта иштебесин өз милдетин ак ниеттүүлүк менен аткарган, өзүн мыкты уюштуруучу, жигердүү кызматкер катары көрсөткөн. Мамлекет жана өкмөт башчыларын, расмий делегацияларды алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн тосуп алууда өтө жоопкерчиликтүү кадр экенин көрсөтүп, саммиттердин катышуучуларын жана Россиянын президенти В. В. Путинди тосуп алуу жана узатуу иштерине катышкан жана коопсуздукту сактоонун уюштуруучуларынан болгон. 2004-жылы анын демилгеси менен Шериктештик мамлекеттери арасында биринчи илимий-практикалык конференция өткөн.

Россия Федерациясынын Президенти В.В.Путин анын татыктуу эмгегин баалап, өз ысымы жазылган алтын саат менен сыйлаган, эл аралык валюта фондунун төрагасынын ыраазылык катына ээ болгон. Ал КМШ мамлекеттеринин авиациялык коопсуздук боюнча мамлекеттер аралык комитетинин мүчөсү болгон. Эң өкүнүчтүүсү өз Мекенинин коопсуздугу үчүн адал эмгек жасап келаткан кыргыз жигити 2012-жылы 27-апрелде күтүүсүз жерден каза болгон. Аны акыреттик сапарга узатуу зыйнатына республиканын көрүнүктүү жетекчилери жана мамлекеттик ишмерлери катышкан. Аны өз жердештери азыр да өз айылы жана айылдаштары үчүн жардамын аябаган адамгерчиликтүү, кайрымдуу жана боорукер инсан катарында билишет.

Көчөров Алимжан



1961-жылдын 3-майында Кыла селолук Советине караштуу Калинин атындагы колхоздо чабандын үй-бүлөсүндө туулган. Үй-бүлөдөгү он баланын төртүнчүсү. 1978-жылы Кыла орто мектебин ийгиликтүү аяктап, атайын орто билимге ээ болуу менен бирге жетилүү аттестатын алууга жетишкен. Ошол жылдан Кыргыз мамлекеттик медициналык окуу жайына кирип, аталган окуу жайын 1985-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, балдар дарыгери адистигине ээ болгон. Анын алгачкы эмгек жолу 1985-жылдан Майлуу-Суу шаардык ооруканасынан балдар дарыгери болуп иштөө менен башталган. Ал эми 1989-1992-жылдары Майлуу-Суу шаардык эмканасын жетектеген. 1992-жылдан шаардагы санитардык эпидемиологиялык станциясында эпидемиолог дарыгер болуп иштеген. 1996-жылдан Бишкек шаарында жашап, ошол жылдан тартып 1999-жылга чейин Чүй областынын Аламедин районундагы №2-эмканада балдар дарыгери, 1999-2007-жылдары Чүй областындагы кургак учукка каршы ооруканада балдар бөлүмүндө дарыгер, 2008-2009-жылдары Бишкек шаарындагы №3-эмканада дерматолог дарыгери болуп эмгектенген. 2009-2016-жылдары Бишкек шаарындагы №13-эмканасынын директорунун орун басары, 2016-жылдан №9-эмкананын директорунун орун басары кызматын аркалап келет.

Ал өзүнүн билимин жана эмгегин саламаттыкты сактоо тармагынын өнүгүшүнө сарптап келди. Кадрдык жактан такшалып, дасыккан, тажрыйбалуу жетекчилердин бири катарында өсүп-жетилди.

Саламаттыкты сактоо тармагында алгачкы кадам таштагандан тартып, адам баласынын ден соолугу үчүн кызмат кылып келет. Кайсыл жерде иштебесин өзүнүн кесибине жоопкерчилик менен карап, өз ишине так, жөндөмдүү аракети үчүн кесиптештери арасында иш билги адис катарында урмат-сыйы бар.

Үй-бүлөлүү. Үч кыз, бир уулдун таалайлуу атасы. Жубайы Айсалкын Сулайманованын кесиби да саламаттыкты сактоо кызматкери. Тун кызы Бактыгүл республикалык ички иштер министрлигинде адис, кызы Аида каржы министрлигинде жетектөөчү адис, кенже кызы Бурул Москва шаарында жашайт. Уулу Нуртилек Алимжанов банк кызматкери. Демек, бул инсан үй-бүлөсүндө чыныгы жолдоштук да, камкор ата катарында да кадыр-баркы бар.

Абдимомунова Апалкан



1961-жылдын 28-сентябрында Кыла айылында туулган. Анын ата-энеси өздөрүнүн бешене тери менен эмгектенип, беш кыз, үч уулун тарбиялап, өстүрүшкөн. Апалкан да өз бир туугандары сыяктуу айылда өз ата-энесинин мэрими менен чоңойду. Жашы жетип, билим алуу курагына келгенде 1979-жылы айылдагы Хиля №17- орто мектептин босогосун аттап, мугалимдеринен «А» деген ариптен баштап, үйрөнүүгө дит койду. Мугалимдеринин өткөн ар бир сабагын кунт коюп угуп, үйдө да сабагына дилгирлик менен даярданып, акырында мектепти ийгиликтүү аяктап, орто билим алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишип, жетилүү аттестатына ээ болгондон соң, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун чет тилдер факультетинин студенти болуу бактысына жетишти. Ушул күн анын турмушундагы унутулгус жагымдуу күндөрүнүн бири эле. 1985-жылы окуу жайын аяктап, чет тили мугалими адистигине ээ болгон мезгил ага экинчи кубанычты тартуулады. Жогорку билимдүү мугалим адистигин алып, аны күбөлөндүргөн дипломго ээ болгондон кийин өзү окуган айылдагы мектептен алгачкы эмгек чыйырын баштады. Андан кийин Жалал-Абад мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетинде анын эмгек жолу 1996-жылга чейин улантылды. 1997-жыл анын илим жаатында иштөөгө болгон аракети Бишкек шаарына алып келди. Мына ушул жылдан тартып, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин педагогика факультетинде англис тили боюнча окутуучулук милдетин аркалап келатат.

2012-жылы өз кесиби боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоого жетишти. Окуу жайында иштеп жатып, 30дан ашык макала жазып, 4 окуу куралын чыгарды. Кесиптештери арасында урмат-сый тапты. Жетекчиликтин Ардак грамотасы, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин «Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» төш белгиси менен сыйланды. Анын спорттун волейбол түрүнө кызыгуусу түрдүү мелдештерде ийгиликке жетишүүсүнө түрткү болду. Ал эми актердук таланты менен өткөрүлгөн маданий иш чараларда каармандардын образдарын жаратты. Кесибине байланышкан семинарларга катышты. Американын элчилиги тарабынан уюштурулган окууларга активдүү катышкандыгы жана форумдардагы жетишкен ийгиликтери, чеберчилик класстарын жемиштүү өткөргөндүгү үчүн бир нече ирет сертификат, дипломдорго ээ болду.

Үй-бүлөлүү. Төрт уулу бар, эки келиндүү болгон. Уулдары Чынгыз, Элгиз жогорку билимдүү, Жанболот улуттук университеттин, Канболот Кытайдагы Шанхай университетинин студенттери. Үч неберенин бактылуу чоң энеси.

Ушул тапта илимдин кандидаты, доцент Апалкан Абдимомунова илимдин өнүгүшүнө салым кошуу үчүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп келаткан учуру.

Мамажакыпов Маматсак



1961-жылдын 25-майында Ош областынын Ленин районунун Кыла айылдык Советинин Коммунизм айылында туулган. 1978-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, атайын орто билимге ээ болгон. Ошол эле жылы Фрунзе шаарынан ВУЗга тапшырып, Белоруссия Республикасынын Витебск мамлекеттик медициналык институтунун фармацевтика факультетин бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон.

Анын алгачкы эмгек чыйыры 1983-жылдан Кочкор-Атадагы №113-дарыканада химик-аналитик болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Бул жерде ага бир аз убакыттан кийин жетекчинин орун басарлык кызматы тапшырылган. Бул милдетти ал жогорку жоопкерчилик менен аткарып, өзүнүн жетекчиликтеги уюштуруучулук жөндөмүн көрсөтө алган. 1984-жылдан Көк-Таш шаарындагы №105-дарыканада жетекчи, андан соң, 1985-жылдан Ленин райондук борборлоштурулган №22-дарыканада жетекчинин орун басары болуп эмгектенген. 1988-жылдын 25-декабрынан Таш-Көмүр шаардык № 45-борборлоштурулган дарыкананы жетектеген. Бул жерде ал жемиштүү иштеген. Ал мында жетекчилик кызматты аркалап турганда Жалал-Абад областтык жетекчиликтин камкордугу менен областтык капиталдык курулуш мекемеси тарабынан борборлоштурулган дарыкананын эки кабаттуу заманбап жайы курулган. 1995-жылдын 19-апрелинен тартып, 2010-жылга дейре Жалал-Абад областтык формация башкармасынын жетекчилик милдетин аткарган. 2010-жылдан «Ноокенформация» акционердик коомунун жетекчиси болуп иштеп келди.

Анын аптека тармагындагы көп жылдык үзүрдүү эмгеги областтык, райондук Ардак грамоталар менен бааланган.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Гүлбара Осмонованын кесиби мугалим. Көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» ардактуу наамына татыктуу болгон. Алар алты кыз, бир уулдун бактылуу ата-энеси. Балдарынын баарына жогорку билим алышына шарт жаратып беришкен. Азыр үч кызы турмушка чыгышып, өздөрүнүн бакыбаттуу жашоолору бар. Балдарынын төртөө жогорку окуу жайларынын студенти.

Эгембердиев Арсланбек



1978-жылдын 22-мартында ал кездеги Ленин, азыркы Ноокен районундагы Хиля (азыркы Кыла) айылында жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөдөгү сегиз бир туугандын- жети эркек, бир кыздын алтынчысы болуп, бактылуу балалыкта чоңоюп өстү.

Ал өзүнүн балалык, окуучулук күндөрүн жакшы эскерет. «1985-жылы Кыла №17-орто мектептин босогосун аттап, биринчи класска барганмын, ал алигиче эсимде. Бул мектепте кучак жайып тосуп алган, мага «А» тамгасын үйрөткөн менин биринчи мугалимим Бабашов Сапарбай агай болгон». Ал биринчи класстан эле эң мыкты баалар менен окуп, агайын таң калтырган. Жалаң «беш» деген бааларды алууга жетишкен окуучунун сүрөтү мектептин Ардак доскасында илинип турчу. Ал 5-класстан чоң класстардын катарына кошулуп, бул жерде Жуманазарова Үпөл эжекеси эң жакшы тарбия жана билим бергендигин өзүнүн өмүр таржымалын жазганда дайыма унутпайт.

« Ал эжекемдин менде өтө көп эмгеги бар, билим эле бербестен турмушумда өтө керектүү, маанилүү нерселерди үйрөттү. Эгерде мен жашоомдо кандайдыр бир жетишкендиктерге, жетишип, же кандайдыр бир ийгиликтерди багынткан болсом, анда ошол иштеримде ушул Үпөл Жуманазарованын эмгеги бар. Ал кез Союз убагы болчу, чоң класстагыларды колхозго пахта тергени чыгарчу, ошол учурда мектепти эки айга чейин жабып койчу. Пахта терип колхозго жардам берип, классташ, курбу балдар-кыздар менен ойноп пахта терген кереметтүү ирмемдер эң сонун убак катарында эмдигиче эсимден кетпеген. Ал кезди эч качан кайтара албайсың, менин эң бир бактылуу балалык окуучулук кездерим эле. Ушинтип менин балалыгым пахта терип, талаада, адырда кой кайтарып өткөн. Менин балалык кезим эч бир нерсеге алмашкыс ирмемдерди камтыган деп айтсам болот. Ошентип мектепти ийгиликтүү аяктап, Бишкек шаарына келгем».

Эгембердиев Арсланбек шаарга келгенден соң, каражат таап, ишкердик чөйрөсүнө аралаша баштады. Анын максаты бул тармакта ийгиликтерге жетишүү болчу. Өз күчү менен жогорку окуу жайына тапшырып, студент болуу бактысына ээ болду. Жогорку билим алып, адистикке ээ болгондон кийин Эл аралык «Манас» аэропортунда эмгектенди. Бул жерде жөнөкөй адис катарында эмгек жолун баштап, улам бийиктиктерге умтулуп, кызматы жогорулап олтурду. 2010-жылы ««Манас» аэропортунан өз каалосу менен жумуштан кетип, өзүнүн жеке ишкердүүлүгү менен алектенүүгө өттү. Ошондон тарта жеке ишмердүүлүгүндө ийгиликтерге жетишип, мүмкүнчүлүгүнө жараша элге жардам берип келет.

Абдыжапаров Кадырбек



1990-жылдын 2-мартында Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Кыла айылында туулган. 2012-жылы КРнын Президентине караштуу мамлекеттик башкаруу академиясын аяктап, мамлекеттик муниципиалдык башкаруу адистигине ээ болгон. 2014-жылы аталган окуу жайдын магистратурасын бүтүргөн. 2015-жылы кыргыз улуттук университетинен юрист кесибин алган. Студент кезинде «Келечек жаштары» коомдук фондунун активисти катарында жаштардын активдүүлүгүн көтөрүүгө салымын кошкон. Ал эми 2015-жылдын 31-майынан тартып, «Ноокен Жаштары» коомдук бирикмесинин жетекчиси катарында дайыма маанилүү иш-чараларды уюштуруунун башында жүрөт.

Айта кетчү сөз Бишкек шаарында 2015-жылы Ноокен районунан борбордогу жогорку окуу жайларында окуп жатышкан жаштардын башын бириктирген «Ноокен жаштары» коомдук бирикмеси өзүнүн алгачкы кадамын баштады. Бул жылдын 31-май күнү коомдук бирикменин катарына кошулган жаштардын турмушундагы унутулгус окуялардын бирине айланды. Ал жетектеген «Ноокен жаштары» коомунун максаты Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайларында окуп жатышкан студент жаштардын ынтымагын жана биримдигин чыңдоо, алардын турмушундагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө көмөктөшүү жана колдоо көрсөтүү, ошону менен бирге Ноокен районунун мектептеринин бүтүрүүчүлөрү менен карым-катнашта иштеп, алардын туура кесип алышына багыт берүү жана алардын окуу жайларына тапшырууларына көмөк көрсөтүү болгон. Анын демилгеси менен борбордо окушкан студент-жаштар арасында сегиз айыл өкмөтү менен эки шаар боюнча атайын төрага, төрайымдары шайланып, бирдиктүү иш-аракеттер жүрүп жатат.

Абдыжапаров Кадырбек 2016-жылдын 11-декабрында көпчүлүктүн колдоосу менен Момбеков айылдык кеңешинин депутаттыгына шайланды.


Селолук Совет

Хиля айыл өкмөтүндө 1949-жылдан тартып, Кебек Калмуратов, Чамашов Апсамат, Анарбай Талиев, Аланбаев, Адиева Лайли, Тешебаева Айша, Нураева Гүлсүн, Азекова Саван, Сеитова Анипа, Эгембердиев Садиш, Тиллебаев Рысбектер төрагалык кызматтарды аркалашкан.

1996-жылдан тартып, Момбеков селолук Совети Момбеков айылдык башкаруусу болуп кайра түзүлгөндүгү, 2009-жылы Момбеков айылдык башкаруусу Момбеков айылдык округу болуп өзгөргөндүгү туурасында архивдик маалыматтар берилген. Ал эми 2016-жылдан айыл округу Момбеков айыл аймагы болуп өзгөртүлгөн. Ошондон тартып, жергиликтүү бийликтин башында алгач Ташболот Султанов, Тажикул Кубатов, Калдарбек Мамыров, Немат уулу Жайнак, Данияр Төрөканов иштеп келишкен. Ал эми аталган айыл аймагын азыр Жамбила Сеитова жетектейт.

Селолук Советтин жетекчилери

Борбиева Таттыбү (1914-1966)



1914-жылы Майлуу-Суунун Сары-Бээ айылында өзүнчө тиричилигин жасап, үй-бүлөсүн баккан карапайым адамдын үйүндө жарык дүйнөгө келген. Кыркынчы жылдардан кийин алардын үй-бүлөсү Кыла селолук Советине көчүп келишип, Чек айылында отурукташып калышкан. Борбиева Таттыбү да колхоздоштуруу жылдарында жаш болгондугуна карабастан, бул саясатка аялдардын арасынан алгачкылардан болуп катышкан. Колхоздо пахта өстүрүүдө жигердүүлүк менен иштеген. Анын ишке тетик, уюштургуч жөндөмүн байкашкан жетекчилер окуп, билим алса, керектүү кадр болорун эске алышып, Фрунзе шаарына сабатсыздыгын жоюуга жөнөтүшкөн. Ал жерде Борбиева Таттыбү партиялык мектепти окуп бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согушка чейин жана кийин да 1954-жылдарга дейре Кыла селолук Советин жетектеген. Мезгилдин өтө катаал учурунда мына ушул кызматты аркалап, өзүнүн тайманбас, өткүр, чечкиндүүлүгү жана акыйкатты баалагандыгы менен азырга чейин көпчүлүктүн эсинде калган. Ал өзүнүн эмгегин жаңы замандын артыкчылыгын элге түшүндүрүп, айылды экономикалык, социалдык, маданий жактан өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон. Коммунист катарында да партиянын саясатын кеңири жайылткан жана анын активдүү мүчөсү болгон. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин сыйлыктарына ээ болгон. Улуу Ата Мекендик согушта тылда жүргүзгөн үлгүлүү иштери эске алынып, «Кызыл Жылдыз» ордени жана башка медаль, төш белгилер менен сыйланган.

Чынында Таттыбү Борбиева эмгегин таза жүрөгү менен ишине жана элге арнаган. 1966-жылы жүрөк оорусунун айынан 51 жашында дүйнө салган.

Калмуратов Кебек(1920-1986)



1920-жылы Ноокен өрөөнүндөгү Көк Таш айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ошол кезде Совет бийлиги орноп, бай-манаптардын жерлери, мал-мүлкү Советтерге өтүп, карапайым элдин бактысына эркиндик, теңдик нуру жанган. Анын балалыгы мына ушундай кырдаалга туш келген, бул ал сыяктуу балдардын ошол учурдагы бактысы эле. Жашынан дене-бою болумдуу болуп өскөндүктөн, кийин эс тартканда өзүнүн көрүнүшү жагынан балбан турпатындагы адам болгон. Кичинесинен Семетей болуштан кат-сабатын ачкан.

Ата Мекендик согуш башталып, колуна курал кармаган эр азаматтар жигиттердин баары согушка карай курал жарагын камдап жөнөп кетишкен, тылда болгону жаш кыздар, аялдар, улгайган энелер жана карыялар калган. Улуу Ата Мекендик согуштун кыйынчылык мезгилинде Кебек тылда калып эмгектенген.

Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин эл чарбасын калыбына келтирүүгө кызуу аракеттер жүргөн. Кебек Калмуратов Каганович атындагы колхозду 1952-жылга чейин жетектеп, кийин ошол эле колхоздо пахтачылык бригадасынын бригадири болуп эмгектенген. Колхозчулардын башын бириктирип, алардын бардык күчч-аракетин чарбанын өсүп-өнүгүшүнө жумшаган.

Кыла айыл Советинин төрагасы болуп иштеп жаткан учурда да талыкпай иштеп, калктын жашоосунун оңолушуна аракеттенген жана ошол кезде айылга газ түтүктөрү тартылып келинген. Анын колхоздун экономикасын көтөрүүдөгү эмгеги өзгөчө чоң болгон.Бул инсан 1986-жылы бул аалам менен кош айтышкан.

Талиев Анарбай (1926-1986)



1926-жылы Кыла селолук Советинин Жазгак айылында туулган. Мектепте алган 7-класстык билими менен эсепти жакшы билгендиктен колхоздун №7-бригадасында табелчи болуп иштеген. Атасы Тали бай адам болгон. Совет өкмөтү орногондо алгач аны кулакка тартышкан. Анан мал-мүлкүн колхозго өткөрүп берип кулакка тартылбай, бошотулган. Андан көп өтпөй бул ааламдан өткөн. Ошол кезде баласы Анарбай жапжаш бала эле.

Анарбай Талиев он жети жашында мектепте мугалим болуп иштей баштаган. Кийин 1944-жылы өзү иштеген Калинин мектебин жетектеген. 1945-жылы Кыла селолук Советинде катчы болуп иштеген. Көп өтпөй селолук Советтин төрагасы болуп эмгектенген.

Ал 1954-жылы Фрунзедеги айыл чарба техникумун аяктап, агроном кесибине ээ болгон. 1958-1961-жылдары Калинин атындагы колхоздун мал чарба фермасын башкарган жана бул мезгилде колхоз мал чарба продукцияларын өндүрүүдө жогорку көрсөткүчтөрдү жараткан. 1961-1965-жылдары айыл чарбасында катарынан №4,5,6-бригадаларды жетектеп, жердин маданиятын көтөрүп, түшүмдүүлүктү жогорулатууга чоң салымын кошкон.1965-жылдан участкалык агроном, агроном-энтомолог болуп иштеген. 1967-1970-жылдары Арал совхозунда агрономдук милдетти аткарган. Ошол кезде Калинин атындагы колхоздун Аралдагы жерлерин иштетишкен. Бул мезгилде ал өзүнүн чыныгы устат агроном, тактап айтканда жер иштетүүнүн адиси экендигин көрсөтө алган.

1970-1975-жылдары Калинин атындагы колхоздо кадрлар бөлүмүнүн башчысы,1975-1986-жылдары райондук суу чарба башкармасынын Калинин участкасынын башчысы болуп иштеген. Ал татыктуу иштеп, бешене тери менен жашоо кечирип, артына кайталангыс из калтырды.

1986-жылдын 8-октябрында дүйнө салды.

Аялы Полотайым менен 36 жыл чогуу өмүр сүрүп, ынтымактуу жашоо кечирип, үч уул, үч кызын татыктуу тарбиялашты. Баары мектептеги билимин жогорку окуу жайында улантышты, чыныгы адистикке ээ болуп, ушул тапта алган кесиптеринин үзүрүн көрүп жатышат.

Тун кызы Бүрабиянын кесиби дарыгер болчу, кыска жашап, татыктуу иштеп, жашында дүйнө салды. Уулу Оморбай француз тилинин мугалими. Тариэл «Кочкор-Атакурулуш» акционердик коомунун башкы директору, Рахима, Нурдин «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда эмгектенишет, Гүлапиянын кесиби экономист, азыр Россияда иштейт.

Рахманова Калыс (1928-1952)



1928-жылы эл колхоздорго биригип, дал ушул учурдагы өктөм мезгилди башынан кечирип, али бутка тура элек татал мезгилде Кыла селолук Советинин «Коммунизм» участкасында жарык дүйнөгө келген. Бала кезинен тетик, чыйрак өскөн. Анын балалыгы колхоздоштуруу учурундагы катаал мезгилди, Улуу Ата Мекендик согуштагы тылдагы кыйынчылыктарды, кайра калыбына келтирүүдөгү кыйын кезеңдерди башынан өткөрдү. Жашы жетип, мектептин босогосун аттап, агай-эжейлеринен жакшы тарбия жана билим алган. Жүрүш-турушу адептүү кыз, эң жакшы баалар менен 7-классты аяктаган. Мезгилдин өйдө-ылдыйына жараша ал өтө зирек, акылдуу болуп өстү. Жашынан эмгекке үйрөнүп, турмушка көнүктү. Жаштыгына карабастан өзү жашаган айылын өнүктүрүп-өстүрүүгө умтулду. Ал Кыла айылдык кеңешине төрайым болуп шайланган күндөн тартып, өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын жогору койду. Кезегинде Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепти бүтүрдү. Табиятында Жараткан берген кайраты, сергек, көрөгөчтүгү менен айырмаланып турган. Жаштарга камкордук көрүп, алардын окуп, билим алышына шарт жаратып берчү. Анын турпатынан жаш болгондугуна карабастан турмушка каныгып калгандай улуулардай акылга байлыгы менен башкалардан айырмаланып тураар эле. Ал кыйын кезеңде жашап, иштеди. Мезгилдин өктөмүн өз мүрү менен көтөрүп, элге адал эмгек сиңирди.

Бирок, ал өзү максат кылган аруу-тилектеринин аягына чыга алган жок. Анын бактысына Жараткан бар болгону 24 жаш өмүр берди. Ошондо он гүлүнүн бири гана ачылып, жаздай жадырап, кулпуруп турган убагы болчу. Эгерде саламатчылыгы чың болгондо калк үчүн дагы көптөгөн залкар иштерди жасамак. Ден соолугунан жабыркап, ошол гүлгүн куракты бул ааламдан өчүрдү. 1952-жылы саламатчылыгынын айынан оо дүйнө кезип, кайра кайрылгыс кетти. Ал элдин кызматы үчүн өзүнүн ден соолугун, жаштыгын таптакыр аяган эмес.

Өмүрдөн эрте кетпесе,
Башына дагы бак конмок.
Кулпурган кезде өчпөсө,
Олтурган орду так болмок.

Тешебаева Айша



1934-жылы 2-июлда Базар-Коргон районунун Акман айылында мугалимдин үйүндө жарыкчылыкка келген. Атасы Тешебай өзүнүн эмгегин келечек муундарына арнап келген, узак жылдар мектепте директор болуп иштеген. Апасы үй кызматындагы аял болчу. Тешебаева Айша айылдагы Колот жети жылдык мектебинен жетинчи классты бүтүрүп, Базар-Коргон районундагы №1-орто мектептен улантып, бүтүргөн. Ал райондо кыздардан биринчилерден болуп, орто мектепти аяктаган. Андан соң, Колот мектебинде мугалим болуп, окуучуларга сабак берген. Бул жылдар 1953-1954-жылдарга туура келет. Ушул жылдардын аралыгында Токтогул орто мектебинде да эмгектенген.

1960-жылы Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолу Базар-Коргон районундагы жатак-мектебинде улантылган. 1964-жылы Калинин атындагы сегиз жылдык мектепте алгач мугалим, анан окуу бөлүмүнүн башчысы,1965-жылдан Кыла орто мектебинин директору болуп иштеген. 1972-1975-жылдардын аралыгында катардагы мугалим болуп, окуучуларга билим берген.

1975-жылдын 23-июнунда Кыла селолук Советинин төрайымдыгына шайланган. Ал бул кызматта ак ниеттүүлүк менен эң таза иштеп, калкка татыктуу кызмат кылган. 23-октябрда өз арызы менен кызматынан бошотулган. Дал ушул мезгилде Кыла №11-орто мектебинде математика мугалими болуп иштеген. 1979-жылдын 19-февралында Ж.Турусбеков атындагы №16- мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы жана математика мугалими болуп дайындалган.

1991-жылдын 14-январында эс алууга чыккан.

Эс алууга чыкканы менен мектептен алыстай алган эмес. Математика мугалими болуп эмгек жолун улантканы. Ал өмүр бою өзүнүн эмгегин элге кызмат кылууга, келечек муундарына билим берүүгө арнап келди. Калк иши үчүн өзүнүн ден соолугун да аяган эмес, жеке кызыкчылыгынан коомдук кызыкчылыкты артык көргөн. 38 жылдык эмгек жолунун төрт жылында Кыла селолук Советин жетектеген.

Бактылуу карыя азыр 82 жашта. Сузак районуна караштуу Ынтымак айылында жашайт.

Акрамова Бүбүкан (1937-1999)



1937-жылы Бүргөндү айылында төрөлгөн. Жашы жетип, мектептин босогосун аттап, билим алууга ынтызар кыз 7-классты аяктаган. Кийин иштеп жүргөн учурда кечки мектептен билим алуусун уланткан. Убакыт өтүп жетилип, Акрамов Амрамзан аттуу жигитке турмушка чыккан. Ал мезгилде айыл жеринде бош олтурган адам болчу эмес, анткени адам күчү өтө керек болгондуктан, баары колхоздо иштеп, мамлекеттик пландын аткарылышына салым кошкон. Калинин атындагы колхоздун пахта талааларында берметтей терин төгүп, түшүмдүн берекелүү алынып, мол жыйналышында үлүшү болгон. Пахта терим мезгилинде анын теримге болгон ышкысы күч эле. Бир үзүмүнөн кол толо берекелүү болгондо анын жыйнаган пахтасы да ошончолук арбын болчу. Алдыңкы теримчи аталып, эмгектин ударниги-эпкиндүүсү болоор эле.

Колхозчулардан өзүнүн жеткилең көз карашы, жөндөмү, уюштуруучулук сапаты менен айырмаланып турган. Анын мына ушул сапаттарын байкаган жетекчилер 1961-жылы аны Кыла селолук Советинин төрайымдыгына сунуш кылышты эле, көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп, дал ушул кызматка шайланды. Селолук Советте жетекчилик кызматын 1963-жылга чейин улантты. Дал ушул жылдан №6-пахтачылык бригадасын башкарды. Ал жетектеген бригада пахта планын алдыңкылардын сабында орундатчу. Кийин колхоздун борбордук балдар бакчасынын башчылыгына дайындалып, бул милдетти да абийирдүүлүк менен аткарды. Кайрадан айыл чарбасына кызматка келди. Мында ал колхоздун №14-бригадасын жетектеди.

Ал кызматта жетекчи болуп, ишти уюштура билүүнүн устаты болсо, үйдө өзүнүн алты кыз, эки уулуна чыныгы энелик мээримин төгүп, алпештеп өстүрүп, татыктуу тарбиялады. Жолдошу Амрамзан менен 1954-жылдан бери чогуу жашап, уул-кыздарды өстүрүп, дөөлөттүү жашашты.

Бул тирүүлүктө жаралмак да, кайсыл бир күнү кайырсыз кетмек да бар. Ал да 1999-жылы дүйнө салды.

Нураева Гүлсүн



1943-жылы 13-февралда Ленин районунун Ноокен айылында туулган. Базар-Коргон районундагы Совет кыштагындагы орто мектепти аяктап, атайын орто билимге ээ болгондон кийин,1960-жылы ага Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология жана химия факультетинин студенти болуу бактысы насип этти. Билимге умтулуп, окуу жайында өзүнүн ар тараптан активдүүлүгүн көрсөтө алган кыз Коммунисттик партиянын кандиттыгына кабыл алынган.

1965-жылы биринчи эмгек чыйырын Ленин районундагы Арал орто мектебинен өзүнүн адистиги боюнча баштап, кыргыз, орус класстарынын окуучуларына сабак берген. Дал ушул мектепте иштеп жатканда партиянын катарына өткөрүлдү.1966-жылдан Коминтерн орто мектебинде, 1967-жылдын октябрынан Турусбеков атындагы орто мектепте иштеди. Дал ушул мектепте иштеп жатканда мектептин баштапкы партиялык уюмун жетектеген.

1968-жылдан чоң ишеним менен Кыла селолук Советинин төрайымы жоопкерчилиги жүктөлдү. Ал бул кызматында 1975-жылга чейин иштеп, бул мезгилдин аралыгында Калинин атындагы колхоздун айыл чарба өсүмдүктөрү боюнча белгиленген планын ашыра аткарууга салым кошту. Ал кезде шарт башка партиялык тапшырма да ошончолук жоопкерчиликти талап кылчу. Жетекчилер баш болуп үймө үй кыдырып иштеп, план толбой калчу болсо, партиялык жоопкерчиликке тартылаар эле. Кала берсе жумуштан кетирилчү. Ошол кезде да ал селолук Советтин партиялык уюмун жетектей турган. Ал да мына ушундай шартта иштеп, элден, кала берсе базардан айыл чарба сырьелорун сатып алып, планды аткарышчу.

1975-жылдан ал Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеди.1978-жылдан «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк мекемесинде алгач нефть продуктылары боюнча ага лаборант, кесиптик чеберчилигин өркүндөтүп келгенден соң, газ боюнча лаборант болуп эмгектенген. Дал ушул жумушунда 2008-жылга дейре иштеди.

Анын билим берүү тармагындагы, советтик кызматтагы жемиштүү эмгеги «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалдары, көптөгөн грамоталар менен бааланды.

Анын «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк бирикмесиндеги эмгек жолун кызы Гүлбара улантып, азыр химиялык анализдөө лабораториясынын башчысы.

Ал эми Гүлсүн Нураева ушул тапта үч неберенин таалайлуу тайэнеси. Көп-Там айылындагы кадыр-барктуу инсан.

Азекова Саван



1946-жылдын 25-мартында Кыла селолук Советинин Калинин атындагы колхозунда туулган. Жашы жеткенде билим уясынын босогосун аттап, окууга дилгир тырышчаактыгы менен мектепти ийгиликтүү аяктаган.1967-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын кызыл диплом менен бүтүрүп, ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болуу бактысына туш келген.

Бойго жетип, келишкен кыз болгондо Тобокел Абдыкеримовго сүйүктүү жар болду. Жолдошу ошол кезде Лейлек райондук ооруканасынын башкы дарыгери болуп иштеп жаткан. Ал райондун Искра орто мектебинде башталгыч класстардын окуучуларына сабак бере баштады.1968-жылдан «Жоогазын» балдар бакчасынын башчылыгына дайындалды. 1970-жылы КПССтин катарына өттү. 1972-жылга чейин аталган балдар бакчасын жетектеп, дал ошол жылдан Карл Маркс атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгек жолун улантты.1978-жылы мугалимдердин Бүткүл союздук сьездине катышты.

1978-жылдын октябрь айында Саван Азекова Кыла селолук Советинин төрайымдыгына шайланды. Бул кызматта 1982-жылга дейре иштеп, ден соолугуна байланыштуу өз арызы менен жумушунан бошоду.

1983-жылдан Майлуу-Суу шаарындагы Курчатов атындагы №7-мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы,1990-жылдан №3- мектепте директор болуп иштеп, Курчатов атындагы орто мектепти да жетектеп келди. Ал билим берүү тармагында да жемиштүү иштеп, окуучулардын сапаттуу билим, татыктуу тарбия алышында үзүрдүү эмгек сиңирди.

Эмгек жолунда Бүргөндү, Кыла айылдык кеңештерине, Майлуу-Суу шаардык, Ленин райондук кеңештерине депутат катарында элге эмгеги сиңди. КПССтин мүчөсү катарында татыктуу иштеп, партиянын Ленин райкомунун текшерүү комиссиясынын мүчөсү да болду.

Бүткүл Союздук жаштар союзунун Ардак грамотасы, «Эмгек ветераны», В.И.Лениндин туулгандыгынын 100 жылдык юбилейлик медалдары менен сыйланды.

Ушул тапта бир уулдун, үч неберенин бактылуу энеси жана тайэнеси.

Азыр Кочкор-Ата шаарында жашайт. Эс алууда жүрсө да коомдук турмуштан алыстаган эмес, шаардагы төртүнчү кварталдын аялдар кеңешинин төрайымы.

Тиллебаев Ырысбек (1951-2016)



Тиллебаев Ырысбек жубайы Адалат менен

1951-жылдын 25-ноябрында Ленин районундагы Кыла айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1968-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1970-1972-жылдары Советтик Армиянын катарында Владивосток шаарында жоокердик милдетин өтөгөн. Андан соң, Оштогу айыл чарба техникумун аяктап, атайын адистикке ээ болгон. Ал өзүнүн алгачкы эмгек жолун Калинин атындагы колхоздо баштаган. Колхоздун комсомол комитетинин катчысы болуп иштеген жылдары жаштардын активдүүлүгүн көтөрүүгө салым кошо алган. Өзүнүн эмгек жолунда участкалык агроном кызматында 1975-1983-жылдар аралыгында эмгектенген.1983-жылдан колхоздун текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп иштеп, бул милдетти ак ниеттүүлүк менен аткарган. 1993-жылдан колхоздун башкы агроному болуп эмгектенип, бул кызматы аркылуу жердин маданиятын көтөрүүгө, түшүмдүүлүгүн арттырууга, сапаттуу түшүм алууга билимин жана эмгегин сарптаган. 1994-1996-жылдары Кыла селолук Советин жетектеген. 1996-жылдан айыл өкмөттүн башчысынын орун басары болуп иштеген. 2000-жылдан Кыла суу пайдалануучулар ассоциациясын башкарып келди. Бул жумушунда 2008-жылга чейин эмгектенип, иштеп жатканда сууну сапаттуу жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн күрөштү.

2011-жылы эс алууга чыкты. Анын жасаган эмгегин эл жогору баалаган. Бир нече ирет жергиликтүү жана райондук кеңештерге депутат катарында калкка кызмат кылып келди.

Жалал-Абад областынын улууттар аралык мамилелерди чыңдоого көмөк көрсөтүп, өз салымын кошкондугу үчүн КРнын ички иштер министрлигинин онунчу башкы башкармалыгынын алкыш баракчасы менен сыйланган.

2016-жылдын 22-июнунда 65 жашында ден соолугунун айынан дүйнө салды.

Колхоз башкармалары

Султансеитов Жүдөмүш (1894-1939)

Бул инсан 1894-жылы жарыкчылыкка келген. Ал төрөлгөн айыл кийин Көп-Там айылы аталган. Октябрь революциясынын шарапаты менен өзү курдуу өспүрүм-жаштар сыяктуу мектепте окуп, сабатсыздыгын жойгон. Өзүнүн келечегин сезе билген Жүдөмүш Султансеитов билимдүү адам өз мезгилинин адамы болорун, эң башкысы доордун агымын сезген, Октябрь төңкөрүшү менен келген жаңы саясатты жеткилең түшүнгөн. Майда чарбалар уюштурула баштаганда, колхоздорду түзүүгө жана уюштурууга активдүү катышкан. Жерди соко менен айдап, үрөндү кол менен эгишкен. Ал ошол учурда колхоздун төрагалыгына шайланган. Шарт оор, техника деген жок. Ат күчү да жетишпейт. Өгүз менен кош айдап, кетмендеп жер чаап, кол менен эгин эгишкен. Тоодо жашаган эл тегиздик жерлерге көчүрүлүп келип, колхоз өндүрүшүнө тартылышкан. Мына ушул мезгилде элдин күчүн колхоз иштерине уюштуруп, жумуштун башында чарбанын жетекчиси катарында Жүдөмүш Султансеитов жүргөн. Ошол мезгилде башкалардан өзүнүн уюштуручулугу менен айырмаланып турган. Ал тажрыйбалуу инсан, дасыккан жетекчи, өз мезгилинин чыгаан адамы болгон.

Колхоздун төрагалыгынан кийин ал кара малга, кийин жылкыга ферма башчысы болуп иштеген. Ал эми 1933-жылдан 1935-жылга чейин пахтачылык бригадасын жетектеген. Дегиси кайсыл кызмат болбосун ак ниети менен аткарган. Бирок, 1937-жылы жалган жалаа менен репрессияга туш болгон. «Кулактун тукуму, болуш болушкан» деген айып менен бир жыл түрмөгө камалган. Ошол жерде ден соолугунан жабыр тартып, ооруп калганда, Арзыкул иниси чыгарып алгандан эки жылдан кийин 45 жашка чыккан жапжаш курагында 1939-жылы ааламдан өткөн.

Бул инсан жаңы замандын артыкчылыгын билген жана чын жүрөгү менен кызмат кылган ошол мезгилдин татыктуу адамы болгон.

Үй-бүлө күтүп, эки уулдуу болгон.

Ахмедов Жорокул(1913-1975)



1913-жылы Көк-Таш айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Айылдык мектептен жети жылдык билим алган.

Эң алгачы эмгек жолун Бүргөндүдө Каганович атындагы колхоздо МТСте иштеп баштаган. Ал эми коллективдештирүү мезгилинде колхоздорду уюштурууга активдүү катышкан. Ошол учурда байлыгын сактап калууга умтулган байлар басмачы болуп чыгышып, жаңы саясатка каршы болушкан. Алар колхоздун төрагасынын орун басары Мамитбекти бычактап өлтүрүп кетишкен. Ал аз келгенсип, «Жорокул сенин абалың да ушундай болот», деп коркутушкан. Каганович атындагы колхозду коллективдештирүүгө катышкан жана бул чарбаны жетектеген. Ошол кезде чоң казандарга ата-ла бышыртып, тамак-аштан кыйналган элге таратып турган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда кан майдандагы жоокерлерге белектерди жөнөткөн. Каганович атындагы колхозду башкарып турган кезде 1944-жылы Жоомарт Бөкөнбаев менен Донбаска тамак-аш жеткиришкен. Ал эми Улуу Ата Мекендик согушта калк атынан жардам ирээтинде кандуу майданга 110 миң рубль акчалай жардамын жөнөткөн. Анын жөнөткөн жардамы үчүн Сталиндин атынан ыраазычылык каты келген. Ал туурасында кезегинде басма сөз бетинде минтип жазылган. « Жалал-Абад областынын Ленин районундагы кайсыл бир колхоздун председатели Жорокул Ахметов өз колхозунан «жүз кой, он ат жардам беремин» дегенде кыргыз колхозчусунун бул жардамына кубанып украиналыктар кол чабышты. Ж.Ахметов танк курууга өз каражатынан бир жүз беш миң сом берген. Мына ушундай эмгеги үчүн ага 1945-жылдын 6-июнунда 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы эмгеги үчүн «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы ыйгарылган. Ошол эле жылы ага Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы тапшырылган.

1954-1958-жылдары Энгельс атындагы колхозду жетектеген. Дал ушул чарбаны башкарып турганда колхоз экономикалык жактан чоң өсүштөргө ээ болгон. Ошол кезде 1957-жылы ал ВДНХнын көргөзмөсүнө катышып, күмүш медаль менен сыйлануруга татыган. Экинчи ирет ошол жылы «Ардак белгиси» ордени менен сыйланып, Жалал-Абад облусттук кеңешине депутатыкка шайланган.1958-1960-жылдары Калинин атындагы колхоздо башкарманын төрагасы болуп иштеген. Калган өмүрүнүн акырына чейин фермада башкаруучу болуп эмгектенген. Эс алууга чыгып да тыным албай, үйдө олтуруп көнбөгөндүктөн кайрадан колхоздо учетчик милдетин аркалаган. Бул инсан колхоз өндүрүшүнө бараандуу салым кошкон. Анын эмгеги 1946-жылы «Ардак белгиси», 1951-жылы «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен бааланган.

Ошентип алты уул, бир кыздын кадырлуу атасы Ахметов Жорокул 1975-жылы 20-январда пайгамбар жашында 63 жаш курагында ааламдан көз жумган.

Абдраманов Тагайбек (1919-1968)



1919-жылы Совет өкмөтүнүн орногонуна бар болгону эки жыл толгондо көз жарып, ыңаалап, жарыкчылыкка келген. Эл эми гана ак-караны таанып, жаштары сабатсыздыгын жоюуга кадам кое баштаган учур болгон. Чоң атасы Төрөкул мал-коюу көп бай адам болгон. Карапайым элдин бактысына Октябрь революциясы орногондо өз эрки менен малынын баарын колхозго өткөрүп берген. Анын атасы кыргыздын улуттук өнөрүн барктаган түшүнүктүү. ар-намыстуу адам болгон. 1926-1928-жылдары атасы Абдраман күлүк чапкандыгы менен ашкере белгилүү эле. Той-аштарга үзбөй чакырылып, дайыма байгени мына ушул адам алчу экен. Ошол учурда анын балбандыгын кеп кылган элдин оозунан көпкө чейин түшчү эмес. Ошондонбу, айтор бир курдай тойдо күлүк чаап келип, ошондо да байге алып, көпчүлүктүн көз тийгенби, айтор бу тирүүлүктөн өтүп кеткен. Атасы 20 жашында каза болгондо Тагайбек бир-бир жарым жаштын ортосундагы наристе эле. Атасынын дүйнө салышы менен уулу Тагайбек, кызы Сабира жаш калган. Алар чоң атасы Төрөкулдун колунда чоңоюшкан. Совет доорунун артыкчылыгын билген чоң атасы аны советтик мектепте окуткан. Бирок, бар болгону 4-класстык билим алган. Кийин Тагайбек Абдраманов ошол билими менен Каганович атындагы колхоз өндүрүшүнө катышкан. Ал өзү ишке берилген, жөндөмү менен башкалардан айырмаланган. Жашынан ишке так, жоопкерчилик менен караган жаш жигитти чарбанын жетекчилери Калинин атындагы колхоздо эсепчиликке дайындашкан, андан соң бригадир болуп эмгектенген.

Ал Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен ал да кан майданда баскынчылар менен салгылашкан. Немецтер басып алган шаарларды, анын ичинде Сталинград шаарын бошотууга каармандык менен катышкан. Согуш учурунда денесине осколка тийип, жарадар болуп айылына кайтып келген.

Ошол кезде ал мектепте алган 4-класстык билими менен, анын үстүнө ден соолугуна карабастан, жарадар абалында Каганович атындагы колхозду татыктуу жетектеген.

Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн бир катар орден-медалдар менен сыйланган.

1968-жылы 4-октябрда согуштун тагынын жабырланган ден соолугунун таасиринен 49 жашында дүйнөдөн кайткан. Ал 2 уул, 4 кыздуу болгон жана бир небере көргөн эле. Эгерде азыр тирүү болгондо 15 небере, 22 чеберете бактылуу чоң ата, таята болмок.

Бейиш эненин таманында

«Бейиш кайда?» деп сураса, «Эненин таманы астында» деген экен. “Эне болбосо бизди ким төрөмөк. Төбөбүз көккө жетип турса да ЭНЕнин эмгегин, улуулугун, ыйыктыгын танбашыбыз керек. Жараткандын жардамы менен бул тирүүлүккө алып келген энелерге күн сайын ийилип, таазим кылсак аздык кылат. Мен дайыма энелердин бактылуу болушун, оорубашын кудайдан тилеп, эмнегедир алар тууралуу жазуу канчалык оор болсо да, калемимдин кудуретине жараша бул ыйык асылзат туурасында жазып келем. Бул менин ЭНЕнин алдындагы парзымдай туюлат.

Тарыхтан алып караганда дайыма Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал, Курманжан энелерибизди туу тутуп аздектеп тилге алып келебиз. Ал эми бүгүнкү күндө алардан кем калышпаган апаларыбыз, эже-сиңдилерибиз менен бир өлкөдө жашап, иштеп жүрөбүз. Аялдар тууралуу даректүү баяндарды жазам деп жүрүп, не деген керемет асылзаада айымдарга кезиктим. Алардын айрымдарын билгеним менен жакындан таанышып, ким экенин билбептирмин. Кээси менен жаңыдан тааныштым. Канчалаган айымдардын жан-дүйнөсүн үйрөндүм. Бактысына кубанган аялзаттарын көп көрдүм. Кызматында бакыт тапканы менен үй-бүлөсүндө ага колдоо болбогондорун да кезиктирдим. Күтүлбөгөн жерден ден соолугунан ажырап мунжу болгондоруна да кез келип, алардын ой түйгуусун уктум. Бир үйдөн кубанып чыксам, экинчисинен жан -дүйнөм эзилип, жүрөгүм ооруду. Оо көпкө дейре алардын элеси карегимден кетпей кыйноо тартып да жүрдүм.


Эгерде өткөнгө бир кылчайып карасак, өз бактысынан башкалардын бактысын артык көрүп, мамлекет, эл-журт деп иштеп, бирок бул ааламдан өтүп кетишкен Өлмөскан Атабекова, Саадат Ногоева, Анакыз Жумабаева, Мариям Узденова, Роба Абдысаматова, Зуура Нурматова, Зебикан Кутмановалардын эмгегин көпчүлүк билишет.

Бул китепте көп бала төрөп, өстүрүү менен аларды татыктуу тарбиялап, ошону менен бирге өзү жашап-иштеген аймагынын өсүп-өнүгүшүнө өз эмгеги менен салым кошкон Баатыр энелердин өмүр жана эмгектик ишмердүүлүгү, алардын мазмундуу жашоолору туурасында сөз болот.

Биз энелерди өмүр бою сыйлап өтсөк аздык кылат. Көзү өткөндөн кийин да биз эненден гана адам болуп, жарыкчылыкка келгенибизди унутпай жүрөлү. Ал эми бул китептин каармандары да энелер, алардын баары сыйлоого да, сыйланууга да татыктуу. Бардык энелерге ийилип, таазим этем. АПА деген улуу атка татып, энелик мээрими, энелик эмгеги менен бул тирүүлүктө өзүнө таандык из салган энелер көп. Алардын издери балдары, алардын артка калтырган издери, салып кеткен чыйыры. Ал эми биздин арабызда жашап, балдарынын төрүндө бактылуу карылыктын доорун сүрүп олтурган асыл апаларыбыз азыр да ошол өрнөгү менен жашап келишет. Чынын айтканда көп бала төрөп, алардын түйшүгүн тартып, аздектеп багып өстүргөн энелер, ырасында эле Баатыр энелер.

Баатыр энелер

Мамажакыпова Токтокан (1914-2004)



1914-жылы июнь айында Кыла айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Балалыгы айылда өттү. Өтө жаш кезинде бөтөн үйгө келин болуп түшкөн. Жолдошу Азек Мамажакыпов колхоздун коюн баккан. Экөө турмуш жолун бирге башташкандан кийин жолдошуна жардамчы чабан болуп иштей баштаган. Койлорун жакшы асырап, арбын төл алып алдыңкы чабан катарында макталып жүрдү.

Мамажакыпова Токтокан 14 баланы жарык дүйнөгө алып келип, алардан үч уул, алты кызды тарбиялап, эрезеге жеткирген. Ал балдарына камкор эне катарында өзүнүн мээримин, чыныгы эмгегин сарптады. Ал эмгегинин жемишин балдары эрезеге жетип, турмуштан өз ордуларын тапканда көрө алды. Ал эми азыр бул эненин артында беш кыз, эки уул алардын уучун улап келет.

Колхоздо мал чарбасында да иштеп, көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн үч даражадагы «Энелик» медалдарына, «Эне даңкы» орденине татыктуу болгон. Ал эми 1971-жылдын 28-ноябрында ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылды.

Анын уул-кыздарынын баары ата-эненин камкордугу менен окуп, билим жана кесип алышты, баары өзүнчө үй-бүлө күтүштү. Биринчи кызы мугалим болсо, калганынын баары саламаттыкты сактоо тармагы боюнча адисттикке жетишти. Бул дөөлөттүү эне убагында 25 небере, 17 чебере көрдү.

Токтокан Мамажакыпова өз балдарына камкор жана мээримдүү эне болгон. Ак сүтүн берип, багып-чоңойткон уул-кыздарынын урмат-сыйын көрүп, дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирди. Жакшы жашады, 2004-жылы 90 жашында бу тирүүлүктүн бардык жыргалы менен коштошуп, дүйнө салды.

Мурзакулова Калбү (1925-1998)



1925-жылы Ош областынын Кыла айылында туулган. 1944-жылдын 6-апрелинде Мурзакулов Жумаш экөө баш кошуп, аруу үмүт, асыл максат менен бирге турмуш жолуна кадам ташташкан. Экөө 54 жыл бирге ынтымактуу жашап, бактылуу үй-бүлө курушкан. Бул үй-бүлөдө катарынан алмончоктой болгон алты кыз, беш уул жарыкчылыкка келген. Удаа төрөлгөн наристелер биринин артынан экинчиси удаалаш өсүп, ата-эненин мээрими жана тарбиясы менен чоңоюшкан. Айрыкча эненин бала үчүн чыныгы тарбиясы бөтөнчө эле. Ал да башка энелер сыяктуу тогуз ай омурткасы сыздап, боюна көтөрүп, жарыкчылыкка алып келип, ак сүтүн эмизип, түн күзөтүп, алдейлеп бешик терметкен уйкусуз түндөрдү башынан өткөргөн. Эненин арзуу тилек, ойлогон ой максатын уул-кыздары аткара алышты. Алар турмуштан орун таап, ар бири өздөрүнчө бакыбаттуу жашоо кечирип келишет.

Калбү Мырзакулова көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн мамлекет тарабынан сыйга да, сыймыкка да жетишти. Алгач 1,2,3- даражадагы «Энелик» медалдарга ээ болсо, улам балдар төрөлгөн сайын үч даражадагы «Эне даңкы» ордендери менен сыйланды. Он бир бала бактылуу энени 1969-жылы «Баатыр эне» ардактуу наамына, «Баатыр эне» орденине жеткирди. Үй-бүлөдө өмүрлүк жолдошу, уул-кыздары арасында кадыр-баркка ээ болду.

Бирок, шум ажал анын энелик бактысын көпкө чейин узарткан жок. 1998-жылдын 21-мартында 73 жашында бул жарыкчылык менен биротоло коштошту. Артында анын энелик улуулугун, аялдык сапатын ашкере далилдеген «ЭНЕ» деген ат калды. Азыр анын балдарынан тараган 42 небере, 8 чебере ата-энесинин мээрими менен алды эрезеге жетсе, арты бой тартып, өсүп келатат. Улуулардын уучун кийинкилер улайт деген ушул тура. Аялбы, эркекпи бул ал адамдын артына калтырган изи эмеспи.

Сүйөркулова Салтанат (1926-2012)



1926-жылы Кыла айылында жарыкчылыкка келген. Атасы Мамажакып диний адам болгон. Мына ушундан улам мектепте окубай калган. Үйдө энесинин тарбиясын алып, үй тиричилигин жасоону, эмгекти, кызга таандык сапаттарды үйрөнгөн. Жашы жеткенде Сүйөркулов Аскарга өмүрлүк жар болуп, бирге үй-бүлө күтүшкөн. Алар жакшы жана бакыбаттуу жашашкан. 1942-жылдан 2005-жылга чейинки аралыкта 63 жыл бирге ынтымактуу турмуш кечиришип, алты уул, төрт кызга бактылуу эне болду. Мына азыр 6 уул, 2 кызы өздөрүнчө үй-бүлө күтүп, мезгилдин агымына жараша жашоо кечирип келишет. 32 небере, 52 чебере, 2 кыбырасы бар.

Ал энелик мээрими менен бала да тарбиялады, алардын жакшы өсүп-жетилишинде мээнетин да, күчүн да аяган жок. Ошону менен бирге колхоздо жигердүү иштеди. Бошогон мезгилде кыргыздын улуттук өнөрү болгон кол өнөрчүлүктү аздектеп, кооз буюмдарды жасоонун чебери эле. Колунан көөрү төгүлгөн уздук өнөрү менен көбүнө таанылды.

Уул-кыздарынын баарынын өз кесиптери бар. Тун уулу Бешмурза механик, «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун техникалык транспорт башкармасында 40 жыл автоколоннаны жетектеп келди, Кочкорбай мамлекеттик автоинспекциясында иштесе, Өмүралы жылкычылыкты көп жылдар аздектеди, Жаналы-техникалык транспорт башкармасында 39 жыл күзөттө механик болуп иштеди. Бегалы мугалимдик кесипти тандап алып, окуучуларга билимдин уюткусун берди. Базар мамилеси өкүм сүргөн азыркы учурда ишкердик менен алектенет. Сүйүналы-«Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда оператор, Бактыкан саламаттыкты сактоо тармагынында медайым, Зирекандын кесиби да билим берүү кызматкери- мугалим. Демек, анын уул-кыздары азыр эл кызматындагы өрнөктүү адамдар.

Сүйөркулова Салтанат 2012-жылы уул-кыздарынын убайын көрөр кезде дөөлөттүү карылык насип этпей дүйнө салды.

Козубай кызы Уулай (1926-2004)




1926-жылы Кыла селолук Советинде Көп-Там айылында (Совет өкмөтүнүн таасири менен элдер көчүрүлүп келип, кыр катар үйлөр пайда болгондо мына ушундайча аталган) жарык дүйнөгө келген. Атасы эскиче окуган диний адам болгон. Ал жашынан апасынан жети жашында ажырап, атасы менен эки кыз калып, кийин атасы башкага үйлөнүп, өгөй эненин колунда калышкан. Мектепте окуп, 7-классты аяктагандан кийин Өлмөскан Атабекова менен бирге Жалал-Абадда бухгальтерлерди даярдоочу окуу жайында окуп, кесипке ээ болгон. Ошондон тарта Каганович атындагы колхоздо табелчи болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Өз ишине тың, тартипти бекем сактаган жаш кадарды жетекчилер кийин колхоздун эсеп-кысап бөлүмүнө эсепчиликке которушкан.

1948-жылы аны өзүнө жарашкан жубай катарында тандап алган Султанов Алдөмөткө турмушка чыккан да, турмуштун агымы менен өз үй-бүлөсүнүн жароокер жары, балдарынын камкор энеси катарында эки милдетти бирдейинен алып, кала берсе өз кызматын да аткарган. Кийин катарынан балдары төрөлгөндөн соң, анын эне үчүн эң башкы милдети болгон-бала тарбиялоого өзгөчө көңүл буруп, үйдө өз балдарын камкордукка ала баштаган. Ал өзгөчө бала тарбиясына көңүл бурган. Аларды багып-чоңойтуу менен бирге коомдогу алдыңкы адам болушу үчүн бардык аракетин жумшаган. Жолдошу менен кырк жыл бирге, бактылуу өмүр сүрүп, турмушта ага эң жакын таяныч, жароокер, күйүмдүү жар болуу менен бирге балдарына камкор, мээримдүү эне болгон.

Козубай кызы Уулай он бир баланы татыктуу тарбиялап, өстүргөн, эл сыйлаган, кадырлуу эне эле. Ага көп бала тарбиялап өстүргөндүгү үчүн ардактуу наам менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылган.

2004-жылдын 13-январында 78 жашында ал дүйнө салган.

Анарбаева Марапат (1926-2001)



1926-жылы 10-мартта Ленин районунун Каганович колхозуна караштуу Бостон айылында туулган. Айылдагы мектепте 3-класска чейин окуган. Балалыгынан чыйрак өскөн кыз турмушка да эрте чыккан. Жолдошу Ганыбай Анарбаевге эң жакшы жар болуп берген. Алар мотурайган балдарга ата-эне болушуп, катарынан жарыкчылыкка келген уул-кыздарына кандай гана кыйынчылык болбосун чыныгы аталык, энелик камкордугун көрө алышкан. 45 жыл чогуу жашап, ынтымактуу өмүр кечиришти. 6 уул, 6 кыз жарыкчылыкка келип, бул үй-бүлөнү кубанычка бөлөгөн, ар бир баланын төрөлүшү өзүнчө сүйүнүч эле. Ал өзүнүн энелик мээримин, ак сүтүн берип, 12 баласын алпештеп чоңойтту.

Колхоз ишинен да четте калган эмес. Үй тиричилигин да жасап, балдарын да тарбиялап, пахта бышкан терим мезгилинде таң агарбай туруп, талаага жөнөп, белине этек байлап, килолоп пахта терип, алдыңкы теримчилердин сабында жүргөн.

Түн күзөтүп, уйкусуз таң аттырып, бешик терметип, алдейлеп бала өстүргөн эненин эмгеги өкмөт тарабынан алгач үч даражадагы «Энелик» медалдарына, кийин дагы үч даражадагы (1962,1966) «Эне даңкы» ордендерине татыктуу болгон. Ал эми 1970-жылы ага «Баатыр эне» ордени ыйгарылган. Ошентип, 12 баланын мээримдүү энеси «Баатыр эне» ардактуу наамына татыган. Эненин эмгегин, эненин мээнетин өкмөт мына ошентип, жогорку сыйлык менен баалап, анын төшүнө Алтын Жылдызды такты.

Эмгекчил, кадырлуу байбиче, камкор эне 2001-жылдын 11-августунда бул тирүүлүктүн бардык жыргалынан кол жууп, оо дүйнө кезип кете берди. Ак ниет эмгегин кезегинде колхоз ишине арнап, бош убакыт бөлүп балдарын да татыктуу тарбиялаган эненин басып өткөн эмгек жолу өрнөктүү эле. Анын уучун улап, артында 62 небере, 64 чебере, 49 кыбыра калды. Ошентип, буюрса Абдипатта, Марапат Анарбаевдердин тукуму муундан муунга уланып келет.

Жумабаева Жамила (1928-2016)



Мурдагы Ленин (ошол кезде Масы) районундагы Шалка айылында 1928-жылдын 5-августунда жарык дүйнөгө келген. Бир үй-бүлөдө төрт бала чоңоюшкан. Ал мына ушул балдардын үчүнчүсү эле. Атасы мусулман динин ыйык туткан адам болгон. Ал балдарын ыйман, адеп-ахлакка тарбиялап келген.

Жумабаева Жамила жашынан зирек, тетик өскөн. Мезгил адымдап, убакыт учкан куштай зымырап, секелек кези өтүп, бой тарта баштаганда Анаркул Жумабаев аттуу жигиттин жары болду. Экөө турмуш жолуна бирге кадам таштап, ынтымактуу үй-бүлө курушкан. Жолдошу колхоздун коюн багып, узак жылдар чабандык кесип менен алектенген. Кышында кыштоодо болсо, жайында жашыл жайлоодо кой бакты. Ал эми жубайы жардамчы чабан катарында дайыма жолдошуна таяныч болду. Ал кезде жолдошу чабан болсо, аялы дайыма жардамчы чабан катарында иштечү. Кой төлдөгөн мезгилде сакманчы болушкан. Экөө алтымыш жылга чукул бирге жашап, беш уул, беш кызды тарбиялашкан. Ал күн сайын күндүзү кой артында жүргөнү менен балдарын тарбиялоого эне катарында чоң көңүл бурган. Уул-кыздары эс тарткандан тартып, эмгекке үйрөтүп, эмгек гана адам баласынын жакшы жашоосунун булагы экендигин үйрөткөн.

Бул үй-бүлөнүн уучугун улаган татыктуу балдар өсүп-жетилди. Окушту, билим жана кесип алышты. Үй-бүлө күтүп, турмуштан орун табышты, ушул тапта ар биринин бакыбаттуу үй-бүлөсү бар, азыр алар өздөрү бала тарбиялаган ата-эне болушкан. Бул эненин артынан 36 небере, 17 чебере жарык дүйнөгө келген. Алардын алды турмуш курса, арты мотурайган наристе.

Жумабаева Жамила көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн 1963-жылы 1,2- даражадагы «Энелик» медалдары, 1964-жылы 2-даражадагы, 1966-жылы 3-даражадагы «Эне даңкы» ордендери менен сыйланган. Андан соң, «Баатыр эне» ардактуу наамына ээ болгон.

2016-жылдын 8-июнунда 88 жашында дүйнө салган.

Чамашова Тажи (1928-2015)



1928-жылы Тоскоол-Атанын Шыңгыма деген жеринде ата-энесин кубандырып, ыңаалап жарык дүйнөгө келген. Ал мезгилде шарт башка. Жаштардын жакшы шартта окуп, билим алышына мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ошентсе да, сабатсыздыгын жоюп, билим алууга умтулган жаштар жагымсыз жерде болсо да мектептен окууга ынтызар болушкан. Ал да ошол кезде жер кепдеде уюштурулган башталгыч мектепте окуп, 3-классты бүтүргөн. Согуш учуру, мектептен калып, 13 жашар кезинен жогорудан сайдан отун агызып, төмөндөн тосуп алышат да, отун даярдашат. Токойдон алма, алча терип, анын согун чыгарып, идиштерге куюп, майданга жөнөтүшөт. Карын тое тамак жебей, жарытылуу кийим кийбей жеңиш үчүн мына ушундай секелек кыздардан тартып салым кошушкан.

Согуш аяктап, тынч жашоо жүрө баштаганда Кылалык жигит Чамашов Апсаматка турмушка чыккан. Ал согуштан келип, колхоздо иштеп жаткан учуру эле. Экөө биргелешип, үй-бүлө күтүп, мезгилдин өктөмүн өз баштарынан өткөрүп, кыйынчылыгын өз мүрү менен көтөрүп, 53 жыл чогуу жашашкан. Алгачкы кездеги түйшүктүү жашоонун баары артта калып, катарынан төрөлгөн балдар удаалаш эрезеге жетишти. Тогуз уул, бир кызына эң жакшы камкордук көрүшүп, аларга чыныгы ата-энелик сапаттары менен таалим тарбия беришти. Өрнөктүү үй-бүлөдө төрөлүп-өскөн балдар ата-эненин жолу менен үлгүлүү тарбия алышкан.

Көп бала төрөп өстүргөндүгү үчүн Тажи Чамашова үч даражадагы «Энелик» медалдары, «Эне даңкы» ордени менен сыйланды. 1975-жылы ага эне үчүн эң жогорку сыйлык «Баатыр эне» ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылды.

2015-жылдын 20-апрелинде 89 жашында узаган таалайлуу эне кадыр-баркы менен өмүр кечирген. Азыр 38 небере, 6 чебере мына ушул эненин өрнөктүү жолу менен жашоо улап, ар бири өздөрү окуп, билим алган кесиптери боюнча эл кызматын аркалап келишет.

Шакирова Кайринса (1928-1999)



1928-жылы Өзбекстандын Избаскент районунда жарыкчылыкка келген. Анын балалыгы ошол кездеги оор кырдаалга туш болгон. Анткени, жаңы Совет өкмөтү эми гана кадамдарды таштап, карапайым эл эркиндикке ээ болуп, колхоздоштуруу жүрө баштаган учур болчу. Андан кийин да мезгилдер зымырады.

Ошентип, мезгил өтүп, балалыктар артта калып, бойго жетип, суйкайган кыз болду. 1947-жылы Чек айылындагы Өсөр аттуу жигитке турмушка чыгып, бир үйдө бир бүтүн болуп, жашоого ишеним менен карап, кадам ташташтары. Ошентип өздөрүнчө түтүн булатып, бекем жана туруктуу үй-бүлө курушкан. Бирдейинен бири бирине таяныч болуп, колхоздун өндүрүшүнө катышышып, ал жибек куртун багып, жибек пилласын өндүрүүнүн устаты болуп калган. Ошол эле учурда ак бадырактай жайнаган булалар жыйналып алынгандан кийин пахта талаасында да эмгектенип, бригаданын пахтанын планын толтурушуна чоң салымын кошкон. Ошол кезде бешене тери чымырканып иштеген эмгегинин ийгиликтери үчүн ал “Чебер пиллачы” аталган. Ошону менен бирге “Москвич-412”маркасындагы унаа менен сыйланган. Кыскасы, ал убагында колхоз өндүрүшүнө активдүү катышып, айыл чарба жумуштарынын бардык тармактарына салым кошкон.

Алар он бир балалуу болуп, мына ушул алты кыз, беш уулун татыктуу тарбиялап, аларга ата-энелик мээримин берип, эрезеге жетишине салмактуу камкордук көрө алышкан. Ата-эненин колдоосу менен уул-кыздары турмуштан өз ордуларын табышкан.

Кадырлуу эс алууга чыгып, дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип жаткан убакта- 1999-жылы 71 жашында күтүлбөгөн жерден дүйнө салган. Бирок, анын артында Кайринса Шакирова туурасында «аялдын султаны, аялдын чыгааны, чыныгы эне эле» деген аныз кеп калды.

Кочкорбаева Найча



1930-жылы 15-майда Кыла айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Жаш курагында эле ата-энеси ааламдан өтүп балакатка жете элек Найча тай энеси Багым, таятасы Маматтын колунда тарбияланды. Мектеп жашына чейин үйүндө болуп кийин, Кара-Көл айылындагы орто мектептен кат сабатын ачкан. Окуп жүргөн мезгилинде да ар кандай маданий иштерге да активдүү катышып, мактоо баракчаларына ээ болуп жүргөн. 1938-жылы мектептин 7-классын аяктаган.

16 жаш курагында Кыла айылында жашаган Кочкоров Камчыбек аттуу жигитке турмушка чыккан. Жолдошу Камчыбек жылкычылык менен алектенип, 2 үйүр жылкы баккан. Алгачкы мезгилден тартып, Найча жолдошуна жардамчы, бири бирине таяныч болуп жашоо кечиришкен. Кийин колхоздун короо толо коюн багып, мал чарбасынын өнүгүшүнө салым кошуп келишкен. Алар кышында кыштоодо, жайында жайлоодо байыр алып, чабандык кесиптин ысык-суугуна күйүп, мына ушул түйшүктүү, жоопкерчиликтүү адистик менен алектенип келишти.

Бул мезгилде Найча эненин катарынан наристелери жарык дүйнөгө келип, бири биринин артынан удаа өсүшкөн. Ал 45 жашына чейин алты уул, төрт кыздуу болуп, он бала төрөп, өстүрүп, «Баатыр эне» болгон. Анын балдары ата-эненин мээнети, беришкен татыктуу тарбиясы менен жакшы өсүп жетилишкен, баарынын өздөрүнүн бакыбаттуу турмуштары бар.

Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн Найча Кочкорбаева алгач үч даражадагы «Энелик» медалдарына татыктуу болгон. Андан соң, ага үч даражадагы «Эне даңкы» ордени ыйгарылган. Уул-кыздарынын мээримдүү энесине акыркы мезгилде «Баатыр эне» ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылган.

Урбаева Ташкан (1930-2005)



(Сүрөттө оңдо)

1930-жылы 10-июнда Өзбекстандын Маданият айылында туулган. Жашы жеткенде турмушка чыгып, жолдошу Токтосун Урбаев менен узак жылдар ынтымактуу жашоо кечирип, 11 баланын, тактап айтканда төрт кыз, жети уулдун бактылуу энеси болгон жана аларды татыктуу тарбиялаган. Ал балдарын багып, үйдө гана олтурган эмес.


Колхоздун жумуштарына да активдүү катышкан. Кетмен менен талаа тегиздеп, жер чапкан жана пахта бышкан учурда пахта терген. Күндөлүк нормасын дайыма ашыра аткарып, алдыңкы теримчилердин сабын толуктап турган. Ошол кезде ар беш, он күндүктүн жыйынтыгы чыгарылганда алдыңкылардын катарында ага да баалуу кездемелер сыйлыкка берилген.

Анын балдары жакшы өсүп жетилишти. Окушту, кесип алышты. Ушул тапта баары үйбүлө күтүп, өздөрүнчө бакыбаттуу жашоолорун улантып келатышат. Тун уулу Эркиндин кесиби зоотехник, кызы Парида балдарына мээримин берип, энелик милдетин аткарып, үйдө өз тиричилиги менен алек. Баатырдын кесиби агроном, Рафукжан механизатор-лук адистик алган, Акматжан «Анар» заводунда жумушчудан тартып, цехтин башчысына чейин жеткен. Азыр ишкердик менен алектенип, Бишкекте тигүү цехин иштетет. Асанбай, Үсөн жеке чарбалары бар. Малика чебер, Алишер-техник-механик адистигин алган. Кочкор-Атада курулуш уюмунда механик болуп иштеген.

Ташкан Урбаева 11 баласынан 43 небере, 45 чеберелүү болгон. Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөн энеге үч даражадагы «Энелик» медалдары, «Эне даңкы» ордендери, 1965-жылдын 29-апрелинде «Баатыр эне» ордени ыйгарылган.

Бирок, балдарынын убайын акырына чейин көрө албады. 2005-жылдын 26-февралында уул-кыздарынын жан-дүйнөсүнө кайгы салып, тирүүлүк менен биротоло коштошкон. Бирок, анын «ЭНЕ» ыйык жана бийик сапатка сугарылган аты ар бир баласынын көөдөнүндө жазылып кала берди.

Кудаярова Марал (1930-2000)



1930-жылы 5-июнда Кыла селолук Советинде туулган. Ата-энеси Майлуу-Суунун Көк-Таш айылында жашаган. Кийин Жазгак айылына көчүп келишкен да, турак алып жашап калышкан. Жашы жетип, мектепте окуп, башталгыч классты бүтүргөн.

Жашы турмуш курагына жеткенде Кудаяров Шерматка өмүрлүк жар болуп, жашоонун агымы менен турмуш жолуна кадам таштады. Турмуштун ысык-суугун, оор-жеңилин бирге көтөрүп, жашоонун түрдүү ирмемдерин өз баштарынан кечиришти. 50 жылдык бирге өткөргөн өмүрлөр, кайталангыс күндөр, анын өйдө-ылдыйы, баары эсте калды. Бирок, мазмундуу, татыктуу жашашты. Экөөнүн ортолорунда үч уул, жети кыз жарыкчылыкка жаркырап келип, ата-эненин аруу үмүтү ишке ашты. Алардын ар биринин төрөлүшү өзүнчө кайталангыс кубаныч эле. Наристелердин күлмүңдөгөн күлкүсү, бал тилинин чыгышы, тамтуң басышы, торолуп өсүп, мектепке барышы, анан окуу жайларында окушу, кыскасы балдарына байланышкан баардык учурлар энени кайдыгер калтырган эмес. Үйдө балдарын тарбиялап, үй жумуштарын жасап, анан кичинесин бешикке бөлөп, талаа станындагы бакчага жеткирип, анан талаадагы жумушун жасачу, ал сыяктуу энелердин тиричилиги күн сайын ушинтип өтөөр эле. Жаз келгенде кетмен менен жер тегиздеп, гозонун түптөрүн чаап, жегенелеп, чеканка жасап, акырында пахта терими башталганда пахта теришчү. Кыскасы, жаздан кечки күзгө чейин тыным болчу эмес. Калинин атындагы колхоздун №3-бригадасында пенсияга чыкканга чейин иштеди.

Жашынан бир ой, бир максат менен турмуш жолуна бирге кадам таштаган Кудаяров Шермат менен 50 жыл бирге жашап, үч уул, жети кыздуу болушту. Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн «Энелик» медалдары, «Эне даңкы» ордендери, акырында ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылды.

2000-жылы 70 жашында бул аалам менен биротоло коштошуп, дүйнө салды.

Субанова Ибадат



1931-жылы 25-августа Момбеков айыл өкмөтүндөгү Каганович атындагы колхоздо колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Анын балалыгы Совет өкмөтү бир калыпка түшө баштаган, колхоздошуруу кызуу жүргөн, анан да бул саясатка каршы чыгышкан басмачылардын таасири кете элек мезгилге туура келген. Эрезеге жетип, бой керген куракка келгенде Субанов Калмамат менен 1949-жылы күркүрөгөн күз мезгили башталар айда баш кошушуп, турмуш жолуна бирге кадам ташташкан. Туруктуу жана бекем үй-бүлө күтүшүп, алардын бактысына данакер болгон балдар катарынан төрөлүп, жети уул, эки кыздын энеси болгон.

Ошол мезгилдеги баардык колхозчулардай эле Ибадат Субанова да кетмен менен гозо көчөттөрүнүн түптөрүн жумшартып, отоо чөптөн арылтып, жегенелеп, чеканка жасап, бышканда пахта терип, бешене терин төгүп кайратмандык менен эмгектенген. Күнүнө 200-250 килограмм пахта терип, күндүк нормасын ашыгы менен аткарып, алдыңкы саанчылардын катарында жүргөн.

Анын колхоз өндүрүшүндө жасаган өзгөчө эмгеги бааланып,1977-жылы «Калинин колхозунун пахтачысы» төш белгиси, Ардак грамотасы менен, 1980-жылы Лениндин 110 жылдыгына карата юбилейлик медаль менен сыйлануу татыктуу болгон.

Ал эми көп балалуу бул эне 1966-жылы «Энелик» медалы, 1971-1974 жылдары үч даражадагы «Эне даңкы» ордендери менен сыйланган. 2015-жылы көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөн таалайлуу энеге «Баатыр эне» ордени ыйгарылган.

Азыркы мезгилде балдарынын ичинен беш уул, эки кызы аман-эсен калып, ушул тапта алардын кадырлуу энеси, отуз небере жана отуз чеберенин чоң энеси, тай энеси болуп төрдө өз ордунда бактылуу карылыктын доорун баштан кечирип жаткан мезгили.

2000-жылдан кадырлуу эс алууга чыккан дөөлөттүү кары,

Кимсанбаева Саадаткан



1933-жылдын 15-сентябрында Ленин районунун Кыла селолук Советине караштуу Чек айылында жарык дүйнөгө келген. Жашоо шартка байланыштуу мектеп жашына жеткени менен окубай калган. Бир үйдүн жалгыз болуп, ата-энесине эркелеп чоңойду. Бирок, турмушка эрте чыкты, жашынан жашоо эмне экендигин, үй-бүлөнү канткенде сактап кала тургандыгын өз ата-энесинин тарбиясынан улам эрте билди. Ага өмүрлүк жолдош болгон Сабыржан Кимсанбаев менен турмуштун кенен жолунда ынтымак менен жашоо кечиришти. Аларга Жараткан Алла үй-бүлөлүк бакытты тартуу этти. Алардын бактысы катарынан ыңаалап жарыкчылыкка келип, мотурайып өскөн балдары болчу. Керээлиден кечке талаада тыным албай иштесе да, кечинде үйүнө келгенде наристенин күлкүсүн, бал тилин укканда чарчоосунун унутуп, дароо аларга үйрүлө түшүп, үй тиричилигин да жасап, уул-кыздарына да камкордук көрүп, энелик тарбиясын берүүгө убакыт таба билчү. Анткени, анын эң башкы максаты уул-кыздарын эл керегине жараган азамат кылып тарбиялап өстүрүү тилеги болчу.

Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн мамлекет бул энени сыйлыктан кур койгон жок. 1966,1968,1972-жылдары үч даражадагы «Энелик» медалдары менен сыйланды. 1970,1972-жылдары ага «Эне даңкы» ордендери тапшырылды. Балдары үчүн берилген сыйлыктар анын энелик улуу даражасын улам көтөрүп, балдарына болгон сыймыктануу сезими күчөп барды. 1984-жылы эне үчүн эң жогорку сыйлык «Баатыр эне» ордени менен сыйланууга татыктуу болду. Бул тогуз ай омурткасы сыздап, боюна наристесин көтөрүп, ал жарыкчылыкка келгенде түн уйкусунан безип, ак сүтүн берип бала тарбиялаган эненин баа жеткис эмгегине болгон мамлекеттин сый-урматы эле. Ошол жылы жан аябай талаада жигердүү иштеген бул энеге «Эмгек медалы» медалы да тапшырылды.

Азыр 83 жаштагы эне өз айылынын кадырлуу карыясы өз балдары менен небереринин урмат-сыйга бөлөнгөн энеси.

Акбарова Шырман (1933-2012)



1933-жылы Пахта-Абад районунун Маданият айылында Номуна колхозунда туулган. Ал мектепке барган убагы согуш жылдарына туш келди. Билим алып, окууну эңсеген секелек кыз 8-классты бүтүргөн. Турмуш шартына байланыштуу андан ары окуусун уланткан эмес. Анын балалыгы согуштун катаал учурларына туш келип, сөөгү ката элек тестиер кыз кичинесинен кара жумушка аралашып, колхоз ишине катышкан. Согуш аяктап, бүлүнгөн чарбаларды калыбына келтирүү ишинде да колхоз жумушунан четте калган эмес. 1950-жылы Кыла селолук Советинин Чек айылына Төлөш Акбаровго жар болгон да, бир үй-бүлө болуп, турмуш жолуна чогуу кадам ташташкан. Бир гана балдарын чоңойтуп, үй тиричилиги менен алек болбостон, пахта бышканда теримге катышкан, нормадан ашырып пахта терип, алдыңкы теримчи аталган. Андан соң, жибек куртун багып, колхоздо планын биринчилерден болуп ашыра аткарып, «Жибекчи» деген медаль менен сыйланган. Ошону менен бирге «Жигули» автоунаасын сыйлыкка алган. Бул ошол кездеги эң баалуу сыйлык болгон жана эмгекти баалагандык эле.

Кийинки мезгилде тамеки көчөттөрүн өстүрүп, таңгак-таңгак тамеки сырьесун мамлекетке өткөрүп, белгиленген нормасын ашыра аткарган. 1990-жылды пенсияга чыкканга дейре колхоз ишинен калбай, тыным албай, талыкпай эмгектенип келген.

Шырман Акбарова беш уул, беш кызды төрөп, аларды татыктуу багып чоңойткон бактылуу эне эле. Алардан 44 небере, 8 чеберелүү болгон. Көп балалуу мээнеткеч энеге 1975-жылы «Баатыр эне» ордени менен «Баатыр эне» деген ардактуу наам ыйгарылган.

Жолдошу Токтош Акбаров менен бирге ынтымактуу жашоо кечирген талайлуу эне Ажыга барып, мусулманчылыктын улуу парзын аткарып келген.

2012-жылы 16-июлда балдарынын сүйүктүү жана камкор энеси 79 жашында бул тирүүлүктүн кубанычы менен капалыгын, жеңиши менен жемишин артка калтырып, дүйнө салган.

Төлөнова Шайбү (1933-2016)



1933-жылы 24-мартта Кетмен-Төбөнүн Өзгөрүш айылына караштуу Коңур-Өгүз деген жеринде туулган. Атасы Коңко согушка кетип кайтпай калган. Апасы Батма бир уулу менен эки кызы жана Шайбүнү алып, тоо арасындагы Тоскоол айылына келип, жашап калышкан. Мезгил закымдаган куш сыяктуу бир заматта учуп, секелек кыз кези өтүп, бой керип өсүп, жашы жеткенде Кылалык Төлөнов Айтмаматка жар болду. Экөө биргелешип, турмуштун жолуна бирге кадам таштап, бекем үй бүлө курушту. Жолдошу чабандык кесипти аркалап, ага жардамчы чабан, бир бирине таяныч, арка-бел болуп иштешти. Колхоздун талаасында да тыным албай эмгектенди. Анын жашынан үйрөнүп, аздектеп келген кол өнөрчүлүк өнөрү да бар эле. Боз үйдүн жасалгаларын, ат жабдыктарын жана ушул сыяктуу буюмдарды жасоо өнөрү курч болчу.

1984-жылы эс алууга чыкканга чейинки анын 40 жылдан ашык эмгеги Калинин атындагы колхоздун өндүрүшүнө арналды. Үй-бүлөдө жолдошуна күйүмдүү жубай, балдарына камкор эне болду. 12 бала төрөп, ону аман-эсен чоңойду. Көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» ардактуу наамына жана орденине татыктуу болду.

Уул-кыздарынын атайын орто жана жогорку билимге ээ болушунда жолдошу экөөнүн ата-энелик эмгеги чоң. Тун уулу Анарбек Төлөнов Калинин атындагы колхоздо өмүр бою кассир болуп иштеди. Кызы Калбү Төлөнова ушул тапта Момбеков селолук Советинин депутаты. Бактыкан Төлөнова Бишкекте саламаттыкты сактоо тармагында эмгектенет. Гүлсүнбү «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда технологиялык-транспорт башкармасында жетектөөчү бухгальтер, Бурул тамак-аш боюнча адис, Таалай «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда күзөт кызматында, Арстан ишкердик менен алектенет, Багым «Кыргызнефтегаз» акционердик коомуна караштуу спорт комплексинде, Элмира, Аннуир, Бибигүлдөр да жогорку билим алышкан, мезгилдин ыргагы менен азыр Россияда эмгектенишет.

Татыктуу балдарды тарбиялаган дөөлөттүү эне 2016-жылдын 9-майында 83 жашында дүйнө салды. Анын уул-кыздарынан тараган азыр 27 небере, 5 чебере жашоо нугун улантып келет.

Көчөрова Бурулай



1934-жылы Ленин районуна караштуу Бүргөндү айылында жарык дүйнөгө келген. Бул айылда ата-энесинин камкордугу менен анын балалыгы өткөн. Жаңы саясат өкүм сүрүп, эл колхоздоштуруу учурунун кыйын мезгилин башынан өткөрүп жаткан чакта анын наристе кези өткөн. Капысынан Совет жергесине немецтик баскынчылар кирип келип, эл башына мүшкүл түшкөн кезде ал жети жаштагы секелек учуру эле. Ошондуктан, өзү кырдуу жаш кыздардай эле жаш кезинен билеги ката электе кара жумуш жасоого туура келген. Тылдагы кары-жаштын арасында ал да колхоз ишинен четте калган эмес. Жеңиш орноп, бара бара турмуш жолуна түшүп, жашоо бир калыпка келе баштаган кезде 1951-жылы Калинин атындагы колхоздун тургуну Көчөров Маман менен турмуш жолун бирге таштап, биргелешип, бекем үй-бүлө курушкан. Ошол кезде жолдошу колхоздун кой чарбасында чабан болуп иштеп жаткан. Ал кезде жолдошуна көмөктөшүп, аялы жардамчы чабандык милдетти аткарган. Ал да ушул милдетти аткарып, жолдошуна жардамчы чабан катарында кой чарбасынын өнүгүшүнө салым кошуп, мына ушул жооптуу да, татаал да кесипти аркалаган. Кой чарбасына мамлекет канчалык көңүл бурганы менен бул кесиптин түйшүгү жеңил эмес болчу. Күн тынымын, түн уйкусун бузуп, кой артында жүрүшкөн.

Ал колхоздо жардамчы чабан болуп иштеп, бул кесиптин ысык-суугуна көтөрүп келген. Ал эми үйдө өзүнүн он баласына чыныгы энелик мээримин, тарбиясын берип, алпештеп чоңойтуп, алардын окуп, билим алып, эрезеге жетиш

ине камкордугун көргөн.

Көчөрова Бурулайдын көп бала төрөп, тарбиялап өстүрүүдөгү баа жеткис эмгеги «Энелик» медалдарына, «Эне даңкы» ордендерине, 1975-жылы ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне» орденине татыктуу болгон.

Эне үчүн тарбиялап, өстүргөн уул-кыздары татыктуу өсүп-жетилип, эл керегине жараса ошол сыймык, түн уйкусунан кечип, ак сүтүн берип эмизип, бапестеп өстүргөн баа жеткис эмгегин актагандык эмеспи.

Алимбекова Тотухан



1935-жылы 20-июнда мурунку «Кыла» колхозунда туулган. Тотухандын балалык чагы Бостон айылында өз ата-энесинин тарбиясы астында өткөн. Эрезеге жетип Алимбеков Айти аттуу жигитке турмушка чыгып, турмуш шартына байланыштуу 1955-1966-жылдары Арал совхозунда жашашып, чарбанын талааларында эмгектенишкен.

1965-жылдан тартып азыркы Ноокен районуна караштуу Момбеков айыл өкмөтүндө жашап эмгектенип келишет. Көп жылдар бою колхоздун талааларында айыл чарбасынын кайсыл гана жумушу болбосун тандабай иштеген. Анын жаштыгы, токтоо мезгили, кыскасы эмгекке жараган убактысынын баары эмгек менен өттү.

Ушул мезгилдин аралыгында бактылуу эне болду, Жараткан Алла ага катарынан алмончоктой болгон уул-кыздарды жарыкчылыкка берди, демек он балага камкор, мээримдүү эне болуп, тарбиялап өстүргөн. Алардын мектепте окуп, кийин окуу жайларында улантып, өздөрү каалаган кесипке ээ болуп, ар кимисинин жашоодогу өз ордун табышына жол ачып, багыт берген.

1978-жылы 24-июлда ал көп бала төрөп, аларды багып-өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» ордени менен сыйланган. Анын балдары бой тартып, эрезеге жетип, турмуштан орун табышты.

2004-жылы жолдошу Айтмырза экөө узак сапар алып, мусулманчылыктын улуу парзы болгон Сауд Аравияга Меккеге барып, Ажы болуп келишкен.

Азыркы мезгилде 5 уул, 5 кыздын кадырлуу апасы жана 38 небере, 10 чеберенин бактылуу чоң эне, тай энеси болуп, мезгилдин жаркыраган добушун тыңдап, жашоонун даамын татып, наристелердин күлкүсү менен таттуу тилине машырланып, жашоо көчүн улап келет. Анын артында мына ушул көчтү улаган балдар келатат.

Шакирова Калича



1935-жылы Көк-Таш айылында малчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энеси Акмат менен Азипа өмүр бою мал артында жүрүп, жашоо кечирип келишкен. Ал алты бир туугандын эң улуусу болгон. Жакшы шарт болбой мектепте окубай калып, балалыгынан ат үстүндө чоңойду. Селкинчек тээп ойногон балалык кези артта калып, жетилгенде өз айылына Тагайга өмүрлүк жар болуп, үй-бүлө күтүшүп, ынтымактуу турмуш өткөрүшкөн. Жолдошу жылкычылык кесипти аздектеп келди. Ал улакчылык өнөрү менен нечен курдай жарыштарга катышып, байге алып, кыргыз өнөрүн кеңири жайылткан адамдардын бири болду.

Шакирова Калича 1953-жылдан тартып, мал чарбасында иштеп, саанчылык кесипти аздектеп келди. Ар бир саан уйдан күнүнө 10-12 литрден сүт саап алчу. Ал эми айына 2500 килограммдын айланасында сүт өндүрчү. Социалисттик мелдеште атаандаштарын жеңип чыгып, килем, торпок менен сыйланган күндөрү көп болду. 1988-жылга чейин туу катары тутунган саанчылык кесипте өрнөк менен иштеди. Анан колхоздун айыл чарбасында иштеп, пахтачылык бригадасында кол менен пахта терди. Алдыңкы теримчи атыкты. Өз кесибинин устаты болгон. Мына ошондуктан, колхоз башкармалыгы анын эмгегин баалап, сыйлык катарында атайын турак жай куруп берген.

Иштеп жүрүп, 10 балалуу болуп, аларды тарбиялап эрезеге жеткирди. Мезгилдин агымына жараша өз жумуштары бар. Жөнөкөй устачылык менен кесиптенген балдары бар, анан саламаттыкты сактоо кызматкери, мугалим, анан да мал өстүрүп, фермердик жолду тандап алганы да бар. Кантсе да, балдарынын баары турмушка бышкан, өздөрүнүн бакыбаттуу турмушта жашоо кечиришет.

Элдик табыптыкты өнөр тутуп, жүрөк көтөрүп, кош бойлуу келиндердин баласы ылдыйлап калса, көтөрүп, жогору болсо түшүрөт, көзгө коночо консо аны да эмдейт. Анан да уздук өнөргө маш, өрмөк согуп, улуттук буюмдарды да жасай билет. Каармaныбыздын сөзгө чебер, куюлуштура кеп айткан, сөздү барктаган жагы бар. Кыз узатуу, уул үйлөө тойлорунда келиштире жамактата сүйлөп, алакан жайып, ак батаасын берет. Ошентип, Шакирова Калича ушул тапта Момбеков айыл аймагынын чек айылында дөөлөттүү карылыкты башынан өткөрүп олтурган кези.

Эрменова Санталат



1936-жылдын 1-июнунда Базар-Коргон районунун Ачы районуна караштуу Гава айылында Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, кадыр-баркы менен жашоо кечирген Алымкул балбандын үй-бүлөсүндө туулган. Анын балалык чагы мына ушул Гава айылында ата-энесинин тарбиясында өткөн. Эс тартканда айылдагы мектептин босогосун аттап, бешинчи класска чейин билим алган да, андан соң, эки жыл Базар-Коргон районундагы Кызыл-Ай айылындагы мектепте окуган. Ошентип, ал 7-класс билим алган. Ошол кезде мындай билим алуу жогорку билим катарында эсептелген. 1956-жылы Эрменов Мундузга өмүрлүк жар болуп, Кыла айылдык кеңешине караштуу Каганович атындагы колхоздо байыр алып жашап калган. Ошол кезде өмүрлүк жолдошу колхоздо дан бригадасын жетектеген. Ал үйдө бош тим олтуруп калган эмес. Жолдошунун жанында жүрүп, колхоз ишине активдүү катышкан. Кетмен чаап, жер тегиздеп, пахта терип, кыскасы кандай гана жумуш болбосун ак ниети менен аткарган. Ал үйүндө жолдошуна жакшы жар, катарынан төрөлгөн алты уул, төрт кызга мээримдүү жана камкор эне болду. Үй тиричилигин жасап, балдарына энелик тарбиясын берип, ал эми керээлиден кечке талаада иштеген.

Анын колхоз ишиндеги ак ниет эмгеги ошол мезгилдин шартына ылайык баалуу белектер менен бааланып турган. Ал эми көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн алгач « Энелик» медалдары, үч даражадагы «Эне даңкы» ордендери менен сыйланган. Ал эми 1981-жылдын 11-декабрында СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указына ылайык «Баатыр эне» орденине татыктуу болуп, сыймыктуу наам ыйгарылган.

Азыр 80 жаштагы бактылуу эне Момбеков айыл өкмөтүнүн Курулуш айылында дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип жаткан убагы. Ушул тапта «10 баланын таалайлуу энеси, 36 неберенин, 20 чеберенин чоң эне, тайэнеси» деген улуу сыймыкты аркалап келет.

Макибаева Саламат



1936-жылы Токтогул районундагы Жаз-Кечүү айылында орто дыйкандын үй- бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Ойноок балалык кез артта калып, гүлгүн курак болгон жаштык кезге келип, бой тартып, 1952-жылы Кедей Макибаевге жарашыктуу жар болду. Ошондон тарта экөө бир үйдөн түтүн булатып, ынтымактуу үй-бүлө курушту. Колхоз жумуштарында да кошо иштешти, балдарына камкор ата-апа болушту. Алардын кадыр-баркы менен уул-кыздары тарбияланышты.

Саламат Макибаеванын эмгек жолу 1955-жылы Каганович атындагы колхоздо саанчы болуп иштөө менен башталган. Ошол кездеги оор жылдарда мал чарбачылыгында иштеп, эл турмушунун оңолушуна, өлкөнүн эл чарбасын калыбына келтирүүгө салым кошуп, жигердүү иштеп, ар дайым эпкиндүү эмгекчилердин катарында жүргөн. 1968-жылдан Калинин атындагы колхозунда колхозчу болуп иштеп, чарбанын дыйканчылык ишине аралышып, ак эмгек, адал мээнети менен катарлаштарынын көбүнө үлгү болгон. Талаага чыгып дыйкан, үйгө келип эне болуп, чөбүрөгөн балдарын жетилтип, эл арасына кошкон. Эмгектин алдыңкысы катары өз мезгилинде бир катар төш белгилерди жана Ардак грамоталарды алган, колхоз башкармалыгынын баалуу материалдык сыйлыктары менен сыйланган. Мындай сыйлыктар ошол мезгилде өтө баалуу болгон.

Макибаева Саламат 1990-жылы колхоз өндүрүшүнөн алыстап, жашы жетип, пенсияга чыккан. Жолдошу Кедей Макибаев экөө 7 уул, 5 кыз - он эки перзент көрүп, балдарынын сүйүктүү ата -энеси катары урмат-сыйга бөлөнүшкөн. Ал көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн “Баатыр эне” наамына арзып, көкүрөгүнө Алтын жылдыз тагынган. Азыркы учурда 50 небере, 42 чеберенин чоң энеси жана таенеси.

Балдарынын таалайлуу энеси ушул тапта уул-кыздарынын төрүндө дөөлөттүү карылыкта даңазалуу өмүр кечирип жаткан убагы. Эне үчүн балдарынын маңдайында, алардын жашоо жыргалын көрүп, дайыма сүймөнчүк менен өмүр кечирүүдөн артык жыргал барбы, бул кадырлуу эне үчүн кадыр-барк жана аброй.

Кулмурзаева Темиржан



1937-жылдын 10-июнунда Ноокен айылында жарык дүйнөгө келген. Наристе бала, секелек кез артта калып, бой керген суйкайган курак болуп, жигитке жагып, үй-бүлө күтчү убакка келгенде Чек айылынын жашоочусу Тажимырза Мурзаевге турмушка чыккан. Экөө турмуштун арабасын бирге тартып, жашоо агымы менен өмүр кечиришти. 1954-жылдан колхоздо пахта терип иштей баштады. Сап кууган теримчилерден калышпай алдыга чыкса чыгып, бирок артта калбай, этектеп пахта төгүп, кырманга түйүндөп пахта ташып, бригаданын пахта планынын биринчилерден болуп аткарылышына салым кошкон теримчилердин бири мына ушул Темиржан Кулмурзаева эле кезегинде. Күнүнө 140-150 килограммдан пахта терген алдыңкы теримчини колхоздун радиосунан айтып, эмгегин жар салчу тура. Андан соң, айыл чарбасынын кайсыл гана тармагы болбосун жигердүү иштеп келди. Жибек куртун багып, баалуу сырье болгон була өндүрдү. Мал сарайларга гана эмес, коробкалап баккан жибек курту көбөйүп кеткенде жашаган бөлмөлөргө чейин бакты. Анда да нормасын ашыгы менен аткарчу. Акыркы мезгилде тамеки көчөттөрүн өстүрдү. Жалбыректары бир четин үзүп келишсе, экинчиси үзүмгө жарап, анысын бүткүчө кайрадан эле өсүп чыгып, шаштыларын кетирген күндөрдө эс алууну билбей калышчу. Мында да планын эки барабар аткарчу. Ошентип, колхоздун ишинде кайсынысы гана болбосун жан дили менен иштеп, чыныгы мээнети менен жашоо кечирди.

Жараткан Алла энеге тогуз баланы жаркыратып берди да, экөөн алып, жетисин калтырды. Мына ушул жети балага баарына бирдей энелик мээримин чачып, камкордугун көрүп, жетилтти. Баары эрезеге жетишти, үй-бүлө күтүп, алар да ата-эне болушту. Азыр бул Темиржан Кулмурзаева 27 небере, 16 чебереге таалайлуу чоң эне, тайэне болду. Небере-чеберелерин жетелеп, бакытка балкыган дөөлөттүү Баатыр эне ушул кезде Чек айылындагы кадырлуу энелердин бири.

Жунусова Арзыкан



1937-жылы 28-июнда Майлуу-Суу шаарында төрөлгөн. Чоң атасы Анарбай колунда бар бардар адам болгон. Атасы Султан жөнөкөй, жоош-момун адам эле. Алар турмушта эч нерсеге кор болбой, кыйналбай жакшы жашашкан. Бир үй-бүлөдө чоңоюшкан бир уул, үч кыздын экинчиси болуп таалайлуу өсүп-жетилген.

Он алты жашында аны өзүнө жаккан адамга турмушка беришкен. Жолдошу Жунусов Эгем колхоздун малын багып, ал кездеги түйшүктүү, бирок барктуу кесип болгон малчылыкты аздектеп келген. Экөө бирге жашай баштагандан тартып, жубайы Арзыкан Жунусова жардамчы малчы болуп, экөө биргелешип иштеп, жашоо кечиришти.

Ал алгачкы күндөн колхоз ишине аралаша баштагандан тартып, жумуштун оор-жеңилин ылгабай жан-оту менен берилип иштеген. Жаңы туут кунажындардын үрпүн жылуу суу, таза чүпүрөк менен этияттап тазалап бүткөндөн кийин гана музоосуна эмизип, ийдирип алчу. Алгачкы күндөн ушул тартипке үйрөндү. Анан күн сайын аарчып, тазалап, түптөрүнө кык койбой иретке келтирип, таза кармап, керээлинден кечке зерикпей иштээр эле. Анан кунажындарды саан короого тапшыргандан кийин башкасын кабыл алышчу, аларды да дал ушандай жакшы карап, асырап багып, кайрадан мурдагыдай сааңга өткөрүп, кийинкисин алышчу. Ошентип, мына ушул кесибин эс алууга чыкканга чейин аздектеп аткарып, отуз жылдан ашуун убакыт иштеп келди.

Мал чарба фермасында иштеп жатканда колхоздун Жазгактагы үйүндө жашап келишти. Эс алууга чыккандан соң, Көп-Там айылдына көчүп келип, турак-жай күтүп, байыр алышты.

Ал жолдошуна жакшы жар, ал эми өзүнүн сегиз уул, эки кызын энелик мээримин берген камкор эне болду. Көп бала төрөп, өстүргөн даңктуу эне алгач «Энелик» медалдары, «Эне даңкы ордендери» менен сыйланса, 1978-жылдын 15-декабрында ага ардактуу «Баатыр эне» ордени ыйгарылды. Эненин бала тарбиялоодогу өлчөөсүз эмгегин мамлекет мына ушул ардактуу наам менен баалады.

Кожомбердиева Кундуз



1938-жылы 15-июлда Өзбекстандын Миян айылында туулган. Анын балалыгы саратанда боз топурак ызгыган мына ушул айылда өткөн. Айылдагы мектептен 4-классты аяктаган. Андан соң, Кыргызстанга көчүп келишип, Кыла айылындагы мектепте окуусун улантып, бүтүргөн.

Ата-энеси ал 17 жашка чыкканда турмуш жолуна узатышкан. 1956-жылдан тартып, өмүрлүк жолдошу Сатар Кожомбердиев экөө бир үй-бүлө күтүп, он бир баланын бактылуу энеси болду. Жолдошу колхоздо кой чарбасында иштеп, бири чабан, экинчиси жардамчы чабан болуп, кышында кыштоодо, жайында жайлоодо байыр алышкан. Бул жумуш канчалык оор, түйшүктүү болгондугуна карабастан, ал кезде ардактуу кесиптердин катарында бааланар эле. Мамлекет мал чарба тармагына олуттуу көңүл буруп, анда иштеген малчылар, жылкычылар менен чабандарга турмуштук керектөөлөрүн толук камсыздап, жеткиликтүү шарт түзүп береер болчу. Ал 35 жыл жардамчы чабандык кесипти аркалап, жети кыз, төрт уулун алпештеп багып өстүрдү.

Кожомбердиева Кундуздун көп бала төрөп, өкмөт өстүргөн энелик баа жеткис мээнетин баалап, алгач катарынан 1,2,3-даражадагы «Энелик» медалдары, кийин үч даражадагы «Эне даңкы» ордендери менен сыйлады. Акырында 1980-жылы «Баатыр эне» ардактуу наамы ыйгарылып, «Баатыр эне» орденине татыктуу болду.

2000-жылдын 14-октябрында жолдошу жарыкчылык менен коштошуп, ал балдары менен жалгыз калды. Уул-кыздары баары бой жетип, окуп, билим алып, зоотехник, эсепчи, мугалим, дарыгерлик кесипке ээ болушту. Ар бири өзүнчө турмуш куруп, бекем үй-бүлө күтүштү. Эненин тогуз ай омурткасы сыздап боюна көтөрүп, түн уйкуснан кечип, ак сүтүн берип, алпештеп чоңойткон үмүтүн балдары аткарышты. Азыр алардын төрүндө дөөлөттүү карылыкта жашоо кечирип келет.

Мамасабирова Темиржан (1939-2005)



1939-жылы Ош областынын Ленин районуна караштуу Сакалды айылында жарык дүйнөгө келген. Наристе убагы, балалык кези артта калып, айылдагы мектептин босогосун аттап мугалиминен «А» деген арипти үйрөнүп, 7-класска чейин билим алды да, билим уясынан канат кагып учуп чыкты. Эс тартканда эле сабагынан соң, апасы Балташка жардамдашканы пахта талаасына чыгып, пахта терчү. Толук ачылганда ак бадырактай жайнаган пахталар көзгө бир укмуш сезилип, анын балалык сезимдерин ойнотуп, ышкысын арттырчу. Мектепти аяктаары менен колхоздо калып, талаада иштеди. Учу кыйырсыз талаалар анын ой-кыялын алда кайда чабыттатып, эркин куштай кайдадыр алып жөнөчү. Андан ары окуп-билим алуунун ордуна бактысын пахтачылыктан табууну тандап алды. Апасы кол менен пахта терүүдө алдына киши салдырбаган чебер теримчи эле. Дайыма атаандашын артка калтырып, жарышта мөөрөй берчү эмес. Ал да апасындай пахта терүүнүн алдыңкы сабына бат эле кошулду. Эне-бала Москвадагы эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө атайын чакыруу менен барышканда, ал бактысын чынында эле пахтазардан тапканына жетине албдай кубанды. Ойлогонундай эрезеге жеткенде аны жактырган Жаркул Мамасабировго жар болду. Турмуш жолуна бирге кадам ташташкан жаш үй-бүлөнүн түбөлүк бирге болсок, алмончоктой болгон наристелер жарыкчылыкка келсе, алардын күлкүсүнө магдырап, бактылуу жашоо кечирсек деген аруу үмүттөрү бар эле. Чынында ынтымактуу жашашты. Аруу сезим, ширелишкен махабаттан беш кыз, беш уул жарыкчылыкка келди. Булар экөөнүн бактысы эле. Биринен бирин ажыратпай, биринен экинчисин артык көрбөй, баарына бирдей энелик мээримин берди.

Анын эмгеги 1957-жылдын 23-октябрында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен бааланды. Ошол эле жылы «Эң мыкты эмгеги үчүн» медалына татыктуу болду. Эмгектен чарчабай талааны шаңга бөлөгөн мээнеткеч теримчи көп бала төрөп, аларды татыктуу тарбиялагандыгы үчүн 1972,1877,1982-жылдары «Эне даңкы» ордендерине, 1984-жылы «Баатыр эне» ордени менен ардактуу наамына ээ болду. Ошол жылы ага «Эмгек ардагери » медалы берилди.

Энелик бактыга манчыркап, жашоо кечирген убакта-2005-жылы жапжаш курагында эрксизден бул ааламдан кол үзүп, оо дүйнө салды. Азыр анын артында «Темиржандын балдары», дедирип, сыймык менен өсүп жетилишкен 10 уул-кыздан 40 небере, 20 чебере калды. Буюрса ааламды жаңыртып ыңаалап, дагы наристелер жарыкчылыкка келеер.

Мурзакулова Касиет



1941-жылы август айында «Ленин-Жолу» колхозуна караштуу Шайдан айылында туулган. Атасы Жумали Улуу Ата Мекендик согуш башталганда башкалардын катарында ал да от күйгөн согушка кетип, кан майдандан кайтпай калган. Алар үйдө эки кыз, бир уул тарбияланышты. Атасыз балдардын жоопкерчилиги жалгыз өзүнө жүктөлгөн апасы ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп, балдарын жеке өзү багып-өстүрдү.

Мына ушундай шартта өскөн Мурзакулова Касиет шартка байланыштуу мектепте окууга мүмкүнчүлүгү болгон жок. Турмуш куруу курагына келгенде 1957-жылы Мурзакулов Абдимиталипке өмүрлүк жар болду. Ал жаш кезинен турмуш жолуна кадам коюп, үй-бүлөдө жолдошуна ишенимдүү жубай эле. Ошол кезде жолдошу колхоздо чабандык кесипти аркалап, короо толо кой багып жаткан. Алгачкы күндөн экөө биргелешип, чарбанын коюн багып, ал жардамчы чабан болуп иштеди. Жаштыгы эмгек менен өттү.

Алардын үй-бүлөсүндө сегиз уул, төрт кыз жарыкчылыкка келди. Жараткандын буйругу менен азыр болсо төрт уул, төрт кызы калды. Ал эне катарында балдарынын тарбиясына өзгөчө көңүл бурду. Алардын туура тарбияланып, жакшы өсүп-жетилип, турмуштан өз ордуларын табышында анын эмгеги чоң. Эми балдарынын баары эрезеге жетип, өздөрүнчө үй-бүлө курушту. Тун баласы Таалай «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда жетекчинин орун басары, Каныбек, Нурдин, Нурбек, Арзыкан Россияда, Бермет, Зыйнат ишкер, Гүлнаранын кесиби бухгалтер. Анын уул-кыздарынын окуп, билим жана кесип алып, жашоодо өз ордуларын табышында анын камкор эне катарында эмгеги чоң эле.

Көп бала тарбиялап өстүргөндүгү үчүн Мурзакулова Касиетке «Энелик» медалдары, «Эне даңкы» ордендери, 1982-жылдын 20-апрелинде «Баатыр эне» наамы менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылган.

Азыр бактылуу эне Көп-Там айылында жашайт. Жолдошу Абдитмиталип Мурзакулов экөө ушул тапта балдарынын маңдайында жашоо кечирген бактылуу карыялар.

Касымбекова Бурулай



1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, элдин башына кыйынчылык түшкөн мезгилде жарыкчылыкка келген. Анын балалыгы мына ушул оор шартта-элдин курсагы тамакка тойбой, эптеп күн кечирип жаткан кезге туш болду. Атасы Акберди согушка кетип кайткан жок. Бир чети турмуштун кыйынчылыгынанбы, мектепке киргени менен көпкө окуй албай калган. Бой керип өсө электе, билеги күчкө толбой туруп колхоз ишине каралашты. Аңгыча эрезеге жетип, 1964-жылы Касымбеков Темирге турмушка чыгып, турмушта бир бирине таяныч болуп жашоо кечиришти. 52 жыл бирге ынтымактуу өмүр жолун кезишти. Катарынан уул-кыздарды төрөп, балдарын да багып, өстүрдү. Баласын бөлөп, башына бешигин көтөрүшүп, кичинекейлерин жетелеп, таң саарынан талаага жөнөп, балдарын талаа станындагы бакчага таштап коюп, өзү керээлиден кечке белине этек байланып, кол менен пахта терди. Нормасын аткарбай калган бир да күн болчу эмес. Күн сайын бажырайып ачылган пахта талаасында агаттарга катарлаша түшкөн теримчилер менен сап кубалашып, 120-130дан кем эмес пахта терип, өрнөктүү теримчинин чыныгы үлгүсүн көрсөттү. Сезон учурунда убакыт менен эсептешпеген, жалаң эмгек менен өткөргөн күндөр көп кайталанчу, чаалыгып калып, эс алуу үчүн убакыт табылчу эмес. Анткени, ар бир теримчинин күндөлүк нормасы болгон, аны ашыгы менен аткаруу милдет болчу.

11 уул-кызды тарбиялап, өстүрүп, 40тан ашык небере, отуздай чебере көрдү. Көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн үч даражадагы «Энелик» медалдары, «Эне даңкы» ордендери ыйгарылып, 1979-жылы ардактуу наамы менен кошо «Баатыр эне » орденине татыктуу болду.

2015-жылы жолдошу Темир Касымбеков менен кошо мусулманчылыктын улуу парзы болгон Ажылык милдетин өтөп келди. Азыр аны айылда «Ажы эне», дешип урмат менен тилге алышат. Ал эми өз балдарынын кадыр-барктуу энеси, ушул тапта дөөлөттүү карылыкты өз башынан өткөрүп жаткан таалайлуу эне. Бул инсандар өз айылындагы турмуштук да, эмгектик да мол тажрыйбасы бар үлгүлүү адамдар.

Сариева Бегай



1942-жылы 24-январда Эски Кочкор-Ата айылында туулган. Атасы Жолборс Сулайман байдын баласы болгон. Совет бийлиги орногондо жылга-жыбытка батпаган мал, кой, жылкысын, турак-жайларын алып, өзүн кулакка тартып жиберген. Таятасы Канат бий да мына ушундай абалда калган.

Кийин Совет бийлиги түптөлүп, жашоо бир нукка түшүп, жаштар мектепте билим алып, өнүгүүгө багыт алынды. Ошондой шартта Бегай мектепте окубай калган. Буга атасы да себепкер. Анткени, эл жаңыча жашоого бет алып, бир топ убакыт өтсө да атасы Совет бийлигинин артыкчылыгын билген эмес. Ошентип бойго жетип,17 жашка чыкканда Орозбек Сариевге турмушка чыгып, жашынан башка үй-бүлөгө келин болгон. Ал жолдошуна жакшы жубай болуп, балдарына мээримдүү энелик милдетин аткарды. Жолдошу «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк бирикмесинде алгач оператор, кийин машинист болуп, жалпысынан 42 жыл эмгектенди.

Бегай Сариева жолдошу менен ынтымактуу жашоо кечирди. Аларга мотурайган наристелерди төрөп берди. Төрт уул, беш кыз ата-эненин камкордугу менен жакшы өсүп жетилишти. Балдарынын татыктуу өсүп-жетилишинде анын энелик эмгеги өлчөөсүз эле. Кыздары-Жакуткан, Гүлнара мугалим, Азия-саламаттыкты сактоо кызматкери, Назирасынын биринчи кесиби медик, кийин эсепчилик адистикке ээ болуп ушул тапта «Манас» аэропортунда эсепчи, Нуриянын кесиби да эсепчи. Уулдары Мамытбек, Асан, Субан «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда, уулу Ыманалы ички иштер кызматында иштейт. Баары билим, татыктуу кесип алышты. Ар биринин өздөрүнүн бакыбаттуу жашоосу бар.

Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн ага үч даражадагы «Энелик» медалдары, үч даражадагы «Эне даңкы» ордендери ыйгарылды. 2011-жылы энелер үчүн эң жогорку сыйлык «Баатыр эне» ордени менен «Баатыр эне» наамы берилди. Мамлекет мектепте билим албаган, бирок көп бала төрөп, калктын санынын өсүшүнө салым кошкон бул аялдын энелик улуу даражасын мына ушинтип баалады. Ал азыр 74 жашта. Эски Кочкор -Ата айылында бакыбаттуу жашоо кечирип келет.

Исакулова Кыздаркан



1942-жылдын 15-июнунда Кыла селолук Советине караштуу Бостон айылында жарыкчылыкка келген. Жашы жеткенде Ж.Турусбеков атындагы мектептин босогосун аттап, үч жарым жыл окугандан кийин кокусунан буту сынып, мектептен калып, ошондон тарта окубай калган.

Секелек кези артта калып, мезгил зымырап, бой жеткенде 16 жашында 1950-жылы Исакулов Камчыбекке жар болуп, турмуш жолуна кадам койгон. Ал кезде аял-эркек үйдө олтуруп калган эмес. Аялдар да эркектерден кем калышпай колхоздо керээлиден кечке иштешкен. Ал да талаага жумушка чыгып, тыным албай эмгектенген. Кандай гана жумуш болбосун майын чыгара аткарып, бат эле жетекчилерге иши менен көрүнүп, айылда алдыңкы колхозчу аталган.

Анын эмгегин баалашкан жердештери эки ирет Кыла селолук Советке депутаттыкка шайлашкан. Депутат катарында да элдин суроо-талабын абийирдүүлүк менен аткарууга аракеттерди жасаган. Тапшырылган жумушту так, жоопкерчилик менен аткаргандыгы үчүн колхоз жетекчилери унааларга май куюучу жерге которушкан. Бул жерде да кемчиликсиз иштеген. Кийин турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинатында да эмгектенген.

1978-жылы жолдошу Камчыбек Исакулов каза таап, 32 жашында жети баласы менен калган. Ошондо да кабагым-кашым дебей уул-кыздарынын жоопкерчилигин мойнуна алып, үйдө аял, сыртта эркек болуп, колхоз жумушунан четте калган эмес. Балдарына чыныгы энелик тарбиясын да берип, аларды окутуп да, эрезеге жеткирди. Турмуштан өз ордун таап, өзүнчө үй-бүлө күтүп, жашоо кечирүүлөрүндө анын энелик эмгеги чоң. Азыр тун уулу Кубанычбек ишкердик менен алектенет. Таалайбек Кочкор-Ата шаарында «Энергосбыттын» жетекчиси. Арзыкан үй кызматында, Анаркан акушер, Райкан тигүүчү, Чолпонай Москвада иштейт, Чынардын кесиби мугалим. Мына ушул балдарын төрөп, тарбиялап эрезеге жеткиргендиги үчүн 2013-жылы ага ардактуу наам менен кошо «Баатыр эне» ордени ыйгарылган. Дөөлөттүү эне бактылуу карылыкты баштан кечирип, ушул тапта Бостон айылында жашоо кечирип жаткан убагы. Өзүнүн эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнап, уул-кыздарын тарбиялап-өстүрүүгө өмүрүн арнаган Кыздаркан Исакулова ушул бүгүнкү күнгө дейре мазмундуу жана өрнөктүү жашап, кызыктуу, кайталангыс ирмемдерди өз башынан өткөрдү.

Ассаева Макпуратхан



1943-жылы Өзбекстандын Андижан областынын Пахта-Абад районунун Маданият айылында туулган. Анын балалыгы мына ушул айылда өткөн. Мезгил зымырык куш болуп, балалык да, секелек да кездер өтүп, бой тартты.

1958-жылы он беш жашында Чек айылында жашаган Сражидин аттуу жигитке сүйүктүү бар болду. Ошол кездин шартында кыздарды эрте турмушка узатышкан. Жолдошу ошол кезде колхоздо эмгектенген карапайым механизатор жигит эле.

Макпуратхан Ассаева колхоз ишине да эртелеп аралашты. Он алты жашынан колхоздун талаасына чыгып, эринбей эмгектенип, эмгектин маңызын, артыкчылыгын билди. «Ким иштесе, ал тиштейт» деген сөздүн маанисин билди. Бешене тери менен иштеп, талаада ар бир өсүмдүктүн түбүнө анын бермет тери тамды. Эртеден кечке дейре «ак алтындуу» талаада талыкпай иштеп, этектеп пахта төгүп, күнүнө 100-150 килограммдан кемитпей ак була терип, өзү эмгектенген №1-бригаданын пахта планынын аткарылышына салым кошту, бригаданын эң мыкты теримчиси аталган.

Ошол кезде ар жылдын эрте жазында- тыт көчөтүнүн жалбыректары чыккан мезгилден тарта жибек куртун өстүрүп, ак була өндүрдү. Мында да килолоп ак була тапшырып, алдыңкы пиллачы аталды. Жолдошу Сражидин Ассаев экөө бир-бирине таяныч болуп иштешип, эмгектери менен өрнөк көрсөтүштү. Махпуратхан Ассаеванын пахта териндеги эмгектик ийгиликтери бааланып, “Москвич-412” маркасындагы унаа менен сыйлануга татыктуу болгон.

Сражидин Ассаев менен бактылуу жашоо кечирип, төрт уул, алты кыздын кадырлуу ата-энеси болушту, ушул тапта 37 небере, 20 чеберенин таалайлуу чоң эне, тайэнеси.

Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн бир нече даражадагы орден-медалдарга жана “Баатыр эне” ардактуу наамы менен кошо орденине татыктуу болгон.

Бөдөнова Ырысбү



1945-жылы 19-июнда мурдагы Ленин району, азыркы Ноокендин Кызыл-Туу айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы тегирмечи болуп, эки тегирменди иштетип элге жардам берсе, апасы колхоздо эмгектенген. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кийин айылдык орто мектептен жети жылдык билим алган. Андан ары өз билимин улантууга шарты туура келбеген. Бойго жетип, турмуш куруу мезгилине келгенде Көк-Там айылындагы Бодонов Бүркүт аттуу жигит менен турмуш жолун бирге баштап, өздөрүнчө үй-бүлө күтүшкөн.

Ынтымактуу жашоо кечиришкен жубайлар 1962-1987-жылдары бирге жашашып, 12 балалуу болушкан. Бул убакыт аларга кайталангыс, жакшы ирмемдерди тартуулады. Бирок, капысынан 1987-жылы өмүрлүк жолдошу оо дүйнө узап, үй-бүлөсүн таштап кете берди. Ошентип, жолдошунан ажыраган Ырысбү Бодонова балдары менен жалгыз калып, алардын жоопкерчилиги жеке өзүнө жүктөлдү. Мына эми аталык да, энелик да милдетти ал өзүнө алды. Канчалык кыйналса да, белин бекем бууп, балдарын жеке өзү тарбиялап өстүрдү. Калинин атындагы колхоздун өндүрүшүнө үзгүлтүксүз катышты. Бешигин башына көтөрүп алып, талаага барып, керээлиден кечке 180-200 килодан пахта терген күндөрү көп болду.

Тамеки өстүрүүгө чарбалар көңүл буруп, бул сырье мамлекетте айыл чарбасындагы негизги кирешелүү тармакка айланганда ал тамеки да экти. Кыр-катар тизип, кургатып, таңгакталган тамеки сырьесун колхозго тонналап тапшырды.

Үйдө болсо энелик милдетин аткарып, уул-кыздарын татыктуу тарбиялап, эрезеге жеткирди, аларга энелик мээримин жана тарбиясын берди. Эненин татыктуу тарбиясын алган балдары турмуштан өз ордуларын табышты. Өкмөт көп балалуу энеге «Баатыр эне» ардактуу наамын ыйгарды. Бактылуу эне ошентип, төшүнө жаркыратып орден такты.

Акбарова Насибахан



1946-жылы 26-апрелде Өзбекстандын Избаскент районунун Маданият айылында туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда жакшы, адептүү тарбияланып, жашы жеткенде айылдык мектептен сегиз жылдык билим алган. Он жети жашында Кыла айыл өкмөтүндөгү Чек айылында жашаган Алымбек аттуу жигитке турмушка чыккан. Ошол жылдан тарта колхоздо иштеп, талаа жумушунан бир күн да калбай, өндүрүшкө катышкан. Сезон мезгилинде пахта терим өнөктүгүндө саарлап талаага келип, күүгүм киргенде нормасын ашыра аткарып үйүнө кайтаар эле, мындай мезгилдер жыйым-терим аяктаганга дейре күн сайын кайталанчу. Күнүнө кеминде 80 килограммдан 150 килограммга чейин пахта терчү. Ал кезде күндөлүк норманы аткара албай калышса түндөсү айдын жарыгында да пахта терген күндөр болгон. Кийин жибек куртун багып, була өндүрдү, Жибек куртун багуу жана буланы тапшыруу тыт көчөтү жалбырак алгандан башталып, июнь айынын орто ченинде аягына чыкчу. Аны өстүрүүдө да эң алдыңкылардан болуп, планын ашыгы менен аткарып жүрдү. Бир кезде тамеки да баалуу өсүмдүк болуп, таңгак-таңгак тамеки өстүргөн. Ошентип, айыл чарбасынын кайсыл гана өсүмдүгү болсун бапестеп багып, түнү-түнү тыным албай иштеди.

Насибахан Акбарова үй-бүлөнүн бактылуу жары болуп, эки уул, алты кызды төрөп, аларды да тарбиялап, өстүрдү.

Бул бактылуу энеге көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн “Баатыр эне” ордени ыйгарылган. Ушул тапта 7 баланын, 26 небере, 14 чеберенин бактылуу энеси.

2013-жылы мусулманчылыктын улуу парзы болгон Сауд Аравияга барып, ыйык жерден ажылыктын улуу милдетин өтөп келген. Азыр Чек айылында дөлөөттүү карылыкты баштан кечирип, неберелеринин маңдайында бакыбаттуу жашоо кечирип олтурган убагы.

Мураталиева Дилбар (1947-2015)



1947-жылы Кыла селолук Советинин Бостон айылында туулган. Анын ойноок балалыгы мына ушул айылда өткөн. Жашы жетип, мектепке кабыл алынып, 7-классты бүтүргөн. Шарттын жоктугунан андан ары окуусун уланта албай калган. Бир чети жаш кезинен, тактап айтканда он жети жашынан турмуш жолуна кадам таштады. Жолдошу Жоомарт Мураталиев экөө турмуштун агымы менен жашоо кечирип, жашоонун арабасын бирге тартып келишти. Элүү бир жыл ортодо жаман сөз айтылбай, оор-жеңилди, жакшы-жаманды бирге көтөрүп, жылуу мамиле, жагымдуу маанай менен турмуш кечиришти.

Жараткан Алла бул ынтымактуу үй-бүлөгө 13 перзентти жарыкчылыкка тартуу этти. Алардан 12 си-төрт уул, 9 кыз ата-эненин камкордугуна бөлөнүп, башкалардан кем болбой, жакшы жашоодо тарбияланып, өсүштү. Ал балдарына эне катарында жакшы акылын, тарбиясын берип, адеп-ахлакка, ыйманга тарбиялады. Жолдошу экөө балдарынын окуп, билим, кесип алышына шарт түзүп беришти. Бул үчүн күнү түнү колхоздун талаасына талыкпай эмгектенди. Кечинде гана үй тиричилигин жасоого убакыт тапчу. Ошондо да балдарына көңүл буруп, алардын туура тарбия алышына кайдыгер болгон эмес. Эненин жакшы тарбиясы менен уул-кыздары жакшы өсүп-жетилишти.

Ал убагында колхоздо иштеп, пахталар өсүп-жетилип, бышкан мезгилде пахта терүүнүн устаты катарында таанылды. Эртең менен баласын бешикке бөлөп алып, башына көтөрүп, талаага жөнөчү. Керээлиден кечке иштесе да, кабагым-кашым дебей ошол калыбында үйүнө кайтат. Мындай түйшүктүү кездер балдар чоңойгонго чейин кайталанчу. Анын өмүрүнүн көпчүлүгү пахта талаасында талыкпай эмгектенүү менен өттү.

Мээнеткеч, иштерман, балдарынын камкор жана сүйүктүү энеси Дилбар Мураталиева 2015-жылы 66 жашында дүйнө салды. Бул анын үй-бүлөсү үчүн оор жоготуу болду. Анткени, бул ааламдан убагынан эрте кетти.

Ал көп бала төрөп, өстүргөндүгү үчүн «Энелик » медалдары, «Эне даңкы » ордендери, «Баатыр эне» ардактуу наамы менен сыйланууга татыктуу болгон.

Баратова Гүлүмкан



1950-жылы 8-мартта «Коммунизм» колхозунда туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, билимди айылдагы Жусуп Турусбеков мектебинен алган.

Ата-энеси малчы болгондуктан алар жайында жайлоодо, кышында кыштоодо мал багып, кызы Гүлүмкан аларга кол кабыш кылып, бир чети жардам берсе, экинчиден эмгектенүүгө үйрөнгөн. 1964-1965-жылдары колхоздо механизатор болуп эмгектенген. Ошол кезде болочок жолдошу менен таанышкан. Ошентип 1967-жылы ага турмушка чыккан. Ошентип, экөөнүн ынтымактуу жашоосу бир үй-бүлөдө, бир бирин түшүнүү менен улантылган. Биргелешип, татыктуу жашоо кечирип, 12 баланын кадырлуу ата-энеси болушкан.

Алар балдарын кереэлиден кечке колхоздун талаасында иштеп, бешене тери менен тапкан адал эмгектери менен багып-өстүрүшкөн. Карапайым бул адамдар таза эмгеги менен жашап, балдарын да өздөрүндөй тазалыкка үйрөтүштү. Ал эми Баратова Гүлүмкан балдарын үйүндө калтырып, таң саарынан пахта терип жүрөөр эле. Ал эми үйүндө кайненеси Малия жалгыз уулунун балдарын карап, уул-келинине көмөк көрсөтөөр болчу. Ал күнүнө 100-120 килограммдан пахта терип, нормасын ашыгы менен аткарууга жетишчү. Мына ушундай теримчилердин эмгеги менен алгач ал иштеген бригада, кийин колхоз мамлекетке пахта тапшыруунун планын мөөнөтүнөн мурда аткарып келген.

Ал колхоз өндүрүшүндө да иштеп, балдарын тарбиялап, эрезеге жеткирүүгө да жетишкен. Балдарына энелик мээримин берүү анын балдары алдындагы ыйык милдети болчу. Көп бала төрөп, аларды татыктуу тарбиялаган таалайлуу эне 1976, 1978, 1984-жылдары «Энелик» медалдары жана 1986-жылы «Баатыр Эне» ордени менен сыйланган.

Шайымкулова Артыкбү



1952-жылдын 15-июлунда Токтогул районунун Өзгөрүш айылында туулган. Тельман орто мектебинде окуп, ийгиликтүү аяктаган. Бирок, ата-энеси көп балалуу болгондуктан, окуусун андан ары улантууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. 1970-жылы Кочкор Шайымкуловго жар болуп, Көп-Там айылында жашап калган. Жолдошу өмүр бою «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун техникалык-транспорт башкармасында иштеп жүрүп, ден соолугунун айынан 63 жашында дүйнө салды. Экөө кырк жыл чогуу жашап, жети баланы тарбиялап, өстүрүшкөн.

Шайымкулова Артыкбү балдарына камкор жана мээримдүү эне да болду. Аларга чыныгы энелик мээримин берди. Ошону менен бирге Калинин атындагы колхоздун даркан талаасында жан үрөп иштеп, өндүрүшүнө активдүү катышты. №7-бригадада жер тегиздеп, кетмен чаап, гозо көчөттөрүн өстүрүп, бышканда күнүнө 120-130 килограммдан кем эмес пахта терди. Нормасын аткаруу үчүн таң агарып атпай талаага келип, түндөсү айдын жарыгында пахта терген мезгилдери көп болду. Терим аяктаганда талаада калган косегин үзүп, пахтасын алышчу. Күн сайын баласын бешикке бөлөп алып, башына көтөрүп, бир күн да калбай талаада иштеди. Анан тамеки көчөттөрүн өстүрүп, бапестеп багып, таңгактап түшүм алды. Ошол кезде тамекинин түйшүгү, мээнети татаал болгон.

Эми ал кыйынчылык күндөрдүн баары артта калды. Балдары эрезеге жетти, ар бири өзүнчө үй-бүлө күттү, эненин үмүтүн акташты. Жети баласынан 27 небере, 1 чебере көрдү. Төшүнө жаркыратып, «Баатыр эне» орденин такты.

Азыр 64 жаштагы эне дале кайратынан жазбаган. Балдарынын төрүндө олтурган балпайган бактылуу эне. Жараткандын берген мына ушул таалайына ыраазы.

Бабашова Саткынай



1953-жылы 2-майда Өзбек ССРинин Анжиан областына караштуу Пахта-Абад районунда туулган. Ал жаш кезде ата-энеси Ленин районундагы Рахманжан айылына көчүп келип, анын балалыгы мына ушул айылда өткөн. Турмуштук шартка байланыштуу Лейлек районундагы мектепте окуп, орто билимге ээ болуп, жетилүү аттестатына ээ болгон.

Жолдошу өмүр бою мектепте иштеп, окуучуларга билим, тарбия берип келди. Анын жашоосу мына ушул инсан менен байланышта жүрдү. Ошентип, 1971-жылы Бабашов Сапарбай менен турмуш жолуна бирге кадам таштап, ошол жылдан тарта ынтымактуу жашоо кечирип келишет. Ал үч уул, төрт кызды төрөп, тарбиялап өстүргөн жана аларга энелик мээримин төгүп, эрезеге жеткирген. Анын бала төрөп, тарбиялоодогу түйшүктүү эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, 1982-жылы биринчи даражадагы «Энелик» медалы менен сыйланган. Андан соң, ага 1986-жылы экинчи даражадагы, 1988-жылы үчүнчү даражадагы «Энелик» медалдары ыйгарылган. 2011-жылдын 28-февралында анын уул-кыздарды жарыкчылыкка алып келип, багып-өстүрүүдөгү баа жеткис эмгеги «Баатыр эне» орденине татыктуу болуп, мына ушул ардактуу наам берилген.

Азыр 21 неберенин, 2 чеберенин таалайлуу чоң энеси жана тайэнеси. Үйү наристелердиин бактылуу үнүнө жаңырып, жүзүндө кубаныч бийлеген эненин жан-дүйнөсү мээримге сугарылган.

Саткынай Бабашова бүгүнкү күндө жолдошу Сапарбай Бабашов менен Кыла айылында бактылуу жашоо кечирип келет. Уул үйлөп, келин алып, кыздарын турмушка берген. Анын энелик мээрим берип чоңойтуп, өстүргөн уул-кыздары окуп, билип, кесип алышып, ар бири үй-бүлө күтүп, турмуштан өз ордуларын табышкан. Мында албетте, эненин талыкпаган, үзүрдүү эмгеги чоң.

Төлөнова Турдукан



1956-жылы Ленин районуна караштуу Кыла айылдык Советинде туулган. Жапжаш балалык кези артта калып, мектеп жашына келип, мугалимдерден «А» деген арипти үйрөнүп, Жусуп Турусбеков атындагы мектептен 8-классты аяктаган. Бирок, шартка байланыштуу окуусун андан ары улантууга мүмкүнчүлүк болбой калган. Секелек кез артта калып, мезгил өтүп, суйкайган сулуу кыз болгондо анын бактысына өзүнө жарашкан жолдош туш болуп, Анарбек аттуу жигитке жарашкан жар болду. Экөө бир бирине таяныч, эриш-аркак болуп, турмуш жолун улашты. Убакыт өтүп, ортодо татынакай балдар жарыкчылыкка келди. Эми алардын ордосу дагы да бекемделип, ынтымактуу, таалайлуу бүлө болушту, башкалар суктанган жашоо уланды. Бир бирине колдоо көрсөтүп, турмуштары дагы куралды. Жолдошунун өз жумушу бар. Ал колхоздун талаасына чыгып, коомдук жумушка аралашты. Терим болгондо килограммдан пахта терип, тонналап, бригаданын эсебине өткөрүп, дайыма алдыда болуп жүрдү. Күндөлүк нормасын ашыгы менен аткарып, эмгектеги мыкты көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн сыйланууга татыды. Жарышта теримчилерден калышпай, алдыда болууга умтулчу. Кайсыл бир күнү бир себептен күндүзү нормага жетпей калса, айдын жарыгында пахта терген убакыттар да болду. Бирок, жумуштан кайтканда балдарын көрүп, дем алуунун ордуна дароо чарчоосу жазыла түшүп, мээримин берип, үй тиричилигин жасай кетчү. Анан эртелеп туруп, таң саарынан кайрадан талаага теримге шашаар эле. Сезон мезгилинде күндүн ачыгында теримди аягына чыгарууга ал гана эмес, баары ашыгаар эле. Кийин тамеки өстүрүү да мамлекетте саясатка айланды. Ошол кезде күндүн салкындашын күтпөй, күндүн ысыгына карабай тамеки жалбыректарын үзүп, түйүн-түйүн тамекини керээлиден кечке тизип, анан жайып кургатып, таңгактап, колхозго өткөрүп жүрдү.

Ал беш кыз, эки уулуна татыктуу эне болду. Азыр Көп-Там айылында жашайт. 13 неберенин чоң эне, тайэнеси.

Татыктуу инсандар

Адам баласы жарыкчылыкка келгенден кийин баары эле артына бараандуу из калтыра албайт экен. Бири жөнөкөй жашаса, бири бардар жашап, дагы бир убактысын пайдалуу өткөрө албаса, бир катары бу тирүүлүктө элге таза мээнети менен кызмат жасап өтөт тура. Адам баласы бири бак өстүрүп, артына из калтырса, бири татыктуу кызмат кылып, ал эми көпчүлүгү эл керегине жараган өрнөктүү уул-кыздарды тарбиялап, из калтырат дешет. Эң негизгиси Исхак Разаков айткандай: « Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом да таза болот», деген сыяктуу ак иштеп, таза мээнети менен калкка кызмат кылгандар бир топ. Алардын арасында бу тирүүлүктөн көзү өткөндөр да, азыр арабызда кадыр-баркы менен жашап, иштеп жатышкандар бар. Көрсө, калкыбыз эзелтен бери элдин чыныгы уул-кыздарынан уучу кур болбой келет экен. Аларды тизмелей келсек, ар бир аймакта бар, ал эми азыркы Момбеков айыл өкмөтүнүн аймагында да бир топ. Алардын арасынан бир катарын бул китептин каарманы кылып алдык.

Исмаилов Үтүр (1935-1997)



1935-жылдын сентябрь айында Кыла айылында жарык дүйнөгө келген. Мектепти ушул айылдан аяктап орто билимге ээ болгон. Билимин андан ары улантуу максатын көздөгөн өспүрүм, Кыргыз Мамлекеттик университетинин чет тилдер бөлүмүнө кирип, аталган окуу жайдын студенти болуу бактысына ээ болгон. 1963-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин чет тилдер бөлүмүн аяктап, жогорку билимдүү мугалим адистигине ээ болгон.

Эн алгачкы эмгек жолун Ленин-Жолу орто мектебинде окуучуларга англис тилинен сабак берүү менен баштаган. Көп өтпөй ошол эле мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орун басарлыгына дайындалган жана бул жумушун ал өтө жоопкерчилик менен аткарган. Дал ушул жерде иштеп жатканда ал партиянын катарына кабыл алынган. Андан соң Карл Маркс атындагы орто мектепте төрт жыл директордук кызматты аркалаган. 1972-1973-жылдары Калинин атындагы колхоздо партиялык комитеттин катчысы болуп он жылдан ашуун иштеген. Ошол эле жылдан Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген.1982-жылдан Рахманжан атындагы колхозду жетектеген.1986-жылдан мурдагы Ленин, азыркы Ноокен райондук айыл чарба департаментинде жетектөөчү адис болуп эмгектенди, 1988-жылдан райондук калкты иш менен камсыз кылуу мекемесин жетектеп, андан кийин Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасынын тоют боюнча орун басарлык милдетин аткарды. Ошол кезде Калинин атындагы колхоздун аймагында тамеки ферментациялоочу заводун уюштурган. Бул Жалал-Абаддагы тамеки ферментациялоочу заводдун чакан цехи болгон. Колхоздогу бул цех төрт жыл иштеген.


Ал иштеп жүргөн учурда Анжиандагы пахтачылык институтун артыкчылык диплому менен бүтүрүп, окумуштуу-агроном адистигине ээ болгон.

Ал өмүр бою өзүнүн билимин жана эмгегин элге кызмат кылууга, айыл чарбасын көтөрүүгө жумшады. Бирок, бир Ардак грамотасынан башка мамлекеттик жогорку сыйлыктарды алган жок. Ал Калинин атындагы колхоздун парткому болуп иштеген мезгилде Социалисттик Эмгектин төрт Баатыры чыккан.

1997-жылы 63 жашында саламатчылыгынын айынан бул ааламдан өткөн. Кийин Көп-Там айылындагы бир көчөгө мына ушул инсандын ысмы ыйгарылган.

Жубайы Гүлсүн Нураева менен 23 жыл бирге, ынтымактуу жашоо кечирген. Кызы Гүлбарага чыныгы аталык мээримин берип, анын окуп, билим алышына камкордук көргөн.

Таджиматов Маматкадыр (1940-2003)



1940-жылдын 23-январында Ленин районунун Кыла айылында туулган. 1961-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарын окутуу адистигин бүткөргөн.

1961-жылы Горький мектебинде башталгыч класстар мугалими, 1965-жылдан Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болгон. 1967-жылы аталган окуу жайын бүтүрүп, орус тили жана адабияты мугалими адистиги боюнча атайын жогорку билимге ээ болгон.

1970-жылдан Баетов атындагы орто мектепте орус тили жана адабияты мугалими, 1972-жылдан Кыла орто мектебинде аскердик билим берүү мугалими, ошол эле жылдан Ленин райондук билим берүү бөлүмүндө методист, райондук «Билим» коомунда жооптуу катчы, 1976-жылдан Ленин райондук автомектепте директордун орун басары, 1978-жылдан Ош областтык элдик контролдоо комитетинин Ленин райондук комитетинде инспектор, 1979-жылдан райондук кинофикацияда директор, 1981-жылдан Ленин-Жол автомектебинде директордун орун басары,1991-жылдан ДОСААФта,1992-жылдан Кыла орто мектебинде аскерге чейинки өспүрүмдөрдү даярдоо боюнча жетекчи болуп иштеген.

Кандай гана кызмат болбосун бул инсан өзүнүн эң жакшы жактарын көрсөтө алган. Ошондуктан, жаш кадр катарында 1965-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Ага көп жылдык татыктуу эмгеги үчүн 1991-жылы «Эмгек ардагери» медалы берилген. Ал жогорку сыйлыктарга ээ болбосо да, мамлекеттик наамдарга жетээрлик татыктуу эмгек сиңирген.

Жубайы Орозгүл менен 36 жыл чогуу жашашып, эки кыз, үч уулга татыктуу ата болгон. Беш уул-кызынын ичинен кызы Гүлнара ата кесибин улады. Ал Ош мамлекеттик институтунун физика-математика факультетин аяктаган. Жазгак мектебинде окуу тарбия иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген.

Таджиматов Маматкадыр эгерде азыр арабызда жүргөндө 15 небере, 1 чебере көрмөк. Себеби, Пайгамбар жашы болгон 2003-жылы 28-апрелде 63 жаш курагында ден соолугун айынан бул ааламдан кеткен.

Алдаматов Түмөнбай (1941-2016)



1941-жылы 12-апрелде туулган. 1968-жылы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүтүрүп, эмгек жолун ошол эле жылы Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздо агроном болуу менен баштаган. 1974-жылы Кыргыз айыл чарба институтунда алты айлык квалификацияны жогорулатуу курсунан өткөн. 1974-жылы апрель айында Ленин райондук айыл чарба башкармасынын башкы агроному болуп дайындалган. 1975-жылдан тартып, Ленин районундагы жаңыдан уюштурулган “Сейдикум” совхозунун директорлук кызматын аркалап, кыска убакыттын ичинде совхозду пахта өндүрүү боюнча алдыңкы чарбага айландырган. Мына ушул ийгилиги үчүн Түмөнбай Алдаматов Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

1979-жылы ал Ленин райондук айыл чарба башкармасынын начальниги болуп дайындалып, бул кызматта он жыл иштеген. Ошол жылдары Ленин району пахта өндүрүү боюнча республикада эң алдыңкы райондордун бири болгон. Ошондогу эмгеги үчүн дагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасына татыктуу болгон. 1988-1989-жылдары Ленин районундагы “Ынтымак” совхозунун директору болуп дайындалып, кыйрап бара жаткан совхозду пахта өндүрүү боюнча алдыңкы орунга жеткирип, чарбаны миллионер совхозго айландырган. Ал 1978-1988-жылдары Ош областынын Ленин райондук партиялык комитетинин бюро мүчөсү, эл депутаттарынын райондук кеңешинин аткаруу комитетинин мүчөсү жана 1980-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон. Ал 1989-жылдан Ош областынын Кара-Суу районундагы элиталык үрөнчүлүк чарбасынын директору болуп иштеген. 1991-жылы түз шайлоонун негизинде эл депутаттарынын Ленин райондук советинин төрагасы болуп шайланган. 1992-жылы областтык кеңештин төрагасынын экономика маселелери боюнча орун басары кызматында эмгектенген. 1994-жылы дан эгиндеринин жана пахтанын үрөнүн өстүрүү боюнча “Кыргоо” үрөнчүлүк чарбасын уюштуруп, 2010-жылга чейин аны жетектеген.

“В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы” жана “Эмгек ардагери” медалдары менен сыйланган. Райондук жана областтык кеңештердин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Жубайы Примбердиева Аккыз менен бактылуу өмүр сүрүп, татыктуу балдарды тарбиялашкан. Үч баласы, тогуз небереси бар. Кызы Алдаматова Өлмөскан азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Бажы кызматы тармагында иштейт, бажы кызматынын полковниги. Уулу Алдаматов Эркинбек Кочкор-Ата шаарында “Кыргызнефть” акционердик коомунда эмгектенет. Уулу Алдаматов Эсенбек өзүнүн жеке чарбасы менен алектенет.

Эгембердиев Садиш (1944-1999)



1944-жылдын 1-майында Ноокен айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1951-жылы Ленин районундагы мектеп-интернатына 1-класска барып, 1961-жылы окууну ийгиликтүү аяктаган.

1962-1964-жылдары Советтик Армияда жоокердик милдетин өтөөдө ийгиликтүү кызмат кылып, 1964-1969-жылдары Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтунда окуган жана тийиштүү адистикке ээ болгон. Эмгек жолун 1970-жылы Кара-Суу районунун Мады айылындагы мамлекеттик асыл тукум мал чарба станциясында зоотехник болуп иштөө менен баштаган. 1971-1979- жылдар аралыгында Ноокат райондук айыл чарба бирикмесинде башкы зоотехник жана райондук айыл чарба башкармасынын начальниги болуп иштеген. Ошол мезгилде тажрыйбалуу мал чарба адиси, дасыккан жетекчи катары райондун социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына, айрыкча мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө чоң эмгек сиңирген. 1980-1990-жылдары Ноокен районунун Калинин атындагы колхозунун партиялык комитетинин катчысы болуп эмгектенип, мезгилдин талабын, ошол учурдун партиянын саясатын ырааттуулук менен иш жүзүнө ашырып келген. 1991-1996-жылдары Момбеков айылдык кеңешинин төрагасы болуп иштеп, эгемен Кыргыз Мамлекетинин түптөлүшүнө, анын пайдубалынын бекемделишине жеринен салым кошкон. 1996-1999-жылдары Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу «Жаңы-Айыл» дыйкан чарбасын жетектеген. Ал кайсы гана тармакта иштебесин өзүнүн кесипкөйлүгү, иштин көзүн таба билгендиги менен айырмаланып, уюштургучтугу жана элди артынан ээрчите билгендиги менен дароо көзгө урунчу. Эмгегине жараша бир катар Ардак грамоталарды, төш белгилерди алган, эл ичинде сыйлуу адам катары бааланып, кадыр-баркка ээ болгон. Үй-бүлө күтүп, балдарын дагы эмгекчил, мекенчил, Кыргыз мамлекетинин чыныгы патриоту кылып тарбиялоого аракет кылган бул инсан 1999-жылдын 22-декабрында мезгилсиз дүйнө салган. Анын артында эл, жерин сүйгөн, Мекенчил адам катарында жакшы сезимдер калды. Ал өзүнүн билимин, тажрыйбасын эл кызматына арнап келди. Анын жан-дүйнөсү инсандыктын мыкты сапаттарына сугарылган эле.

Жумабаев Маматжан (1949-2003)



1949-жылдын 20-январында Ленин районунун Кыла айылында туулган. 1968-жылы Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду аяктап, атайын адистикке ээ болгон. 1968-1971-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1971-жылдан эмгек жолун сүт-товар фермасында зоотехник болуп иштөө менен баштаган. Ошол жылдын 14-августунда Зулайка Тургунбаева экөө баш кошуп, турмуш жолун бирге башташкан. Ал өз кесибинде иштеп жүрүп, Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. Кийин чарбанын кой-товар фермасын жетектеген. Анын эмгек жолунда улам өзгөрүүлөр болуп, бири бирине окшобогон кайталангыс ирмемдерди башынан кечирди. Эмгек жолунда Калинин атындагы колхоздун пахтачылык бригадасын да башкарды. Ошол кезде Анжиандагы пахтачылык институтунун агрономия факультетинде сырттан окуду. Анын жоопкерчиликтүү жана уюштуруучулук сапатын баалашкан чарбанын жетекчилиги колхоздун башкы агрономдугуна дайындады. Көп өтпөй эле колхоздун башкармасынын төрагасынын талаачылык боюнча орун басарлыгына которушту. Ал иштеген учурда колхоз пахтанын көрсөткүчү боюнча жогорку тепкичке чыкты. Бул кызматынан соң, жылкы товар фермасын жетектеп, көп жылдар иштеп, союз тараганга чейин эмгектенди.

Бул инсандын эмгегин билишкен жердештери Кыла айылдык кеңешине депутаттыкка шайлашты.

1999-жылы иштетилбей жаткан адыр жеринен алгач 45 гектар жер алып, өздөштүрүүнү чечти. Алгач адыр үстүнөн өткөн эки чакырым жерди ээлеген каналдан труба аркылуу суу чыгарып, бир жыл жер иштетүүгө даярдык көрүү менен алпурушту. Аянттын четинен арык казып, анын жээгине декоративдүү даректардын жана жаңгак көчөттөрүн олтургузду. 2001-жылы 14 гектарга буудай эгип, жакшы багып-өстүргөндүктөн ойдогудай түшүм алды. Адыр жеринин 20 гектарын суулу аянтка айландырды.

Үй-бүлө күтүп, жубайы Зулайкага жакшы жолдош, бир уул, беш кызына татыктуу ата, он жети неберелүү болду.

2003-жылы 54 жашында ден соолугунун айынан дүйнө салды. Аз, бирок артына из калтыраарлык жашады.

Ал өздөштүргөн жерлер азыр кароосуз калган эмес, балдары иштетип, түшүмдүү аймакка айландырышты. Эккен көчөттөрүү күнөстүү бак болду. «Жакшы адамдан бак калат», деген ушул тура. Жубайы Зулайка Тургунбаева он жети жылдан бери бул жерлерди бош калтырбай жашылча, жемиш, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүп келет.

Акматов Маматкадыр



1953-жылы Ноокен районунда туулган. Мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин жогорку билим алууну эңсеген жигит окуусун андан ары улантты. 1976-жылы Ош мамлекеттик институтунун филология факультетинин англис тил бөлүмүн аяктаган. Ал эми мезгилдин шардабына карата кайрадан кесип алууну максат кылып, 1995-жылы Караганда шаарындагы кооперативдик, азыркы бизнес экономикалык институтун бүтүрүп, экинчи ирет жогорку билимге ээ болду.

Эң алгачкы эмгек жолу 1976-жылы Кыла мектебинде чет тили мугалими болуп иштөө менен башталган. Билим берүү тармагында окуучуларга чет тилин үйрөтүп, 1980-жылга чейин эмгектенди. Ошол жылдан экинчи кесибинде иштөөгө кадам койду. Базар-Коргон райондук даярдоо конторасында директордун орун басары кызматын аркалады. 1987-жылдан аталган райондук керек-жарак коомунун төрагасынын орун басарлык кызматын аткарды. 1991-жылдан тартып, Ынтымак керек-жарак коомунун төрагасы, 1993-жылдан Бүргөндү керек-жарак коомунун төрагасы, 2001-жылдан Ош шаарындагы «Достук» базарында директордун орун басары, 2003-жылдан Кара-Суу базарында, 2007-жылга чейин фирманын жетекчиси болуп иштеди. Акыркы жылдары агартуучулук жана адеп табияты жаатында иликтеп, эмгектерди жаратып келет. Бул багытта «Адам бол» китебин басмадан чыгарган.

1999-2000-жылдары «Канткенде Кыргызстанды өнүктүрөбүз?» деген темада Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасына депутаттыкка ат салышкан. Менчиктештирүү аяктаганда стратегиялык ири обьектилердин 15 пайызга чейинки акциясын соцфондго өткөрүү маселесин көтөрүп, аягына чыккан. 2013-жылдын жыйынтыгы менен ишканалардан 332 миллион сом двидент соцфонддун эсебине түшкөн, жыл сайын белгиленген сумма аталган мекемеге түшүп келет.

Бул инсан азыр пенсияда. Ушул тапта кудай таануу илиминин үстүндө иштеп жаткан кези.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын, 12 неберенин атасы.

Бүгүнкү күндө Ош шаарында жашайт.

Мейманкулова Санабар



1955-жылы 20-декабрда Кыла селолук Советине караштуу Чек айылында туулган. Атасы Улуу Ата Мекендик согушка катышкан инсан эле. Апасы Бурулкан өмүр бою колхоздун балдар бакчасында эмгектенип, балдарга камкордук көргөн мээримдүү аял эле.

Санабар Мейманкулова Калинин атындагы мектепте окуп, билимин улантып, Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин аяктап, француз тили адистигине ээ болгон. 1980-жылдан Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында алгачкы эмгек жолун баштап, жаштарга чет тилинен үйрөтө баштаган.1983-1996-жылдары Бүргөндү айыл өкмөтүндө жооптуу катчы кызматын аркалаган. 1998-жылдан 2000-жылга чейин «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда архив иштери боюнча адис кызматын аткарган. 2001-жылдын январынан тартып, Кочкор-Ата поселкалык башкармалыгында жооптуу катчы, 2004-жылдын 1-июнунда шаар статусу берилгенден 2014-жылга чейин аппарат жетекчиси болду. 2015-жылдын январь айынан тартып, Кочкор-Ата шаардык кеңешинде аппарат башчысы кызматын аркалап келет.

Ал кайсыл гана кызматта болбосун ишине так, жоопкерчиликти жогору баалаган кадр катарында өзүнүн жакшы сапаттарын көрсөтө алган. Мына ошондон улам Бүргөндү айылдык кеңешине төрт чакырылышта тең депутаттыкка шайланган. 2012-жылы «Муниципиалдык кызматтын отличниги» төш белгиси менен сыйланган. 2013-жылы «Кочкор-Ата шаарынын ардактуу атуулу» наамы берилген.

Жолдошу Кушбаков Абдуталип менен бар болгону 16 жыл чогуу жашап, эки уулдуу болушкан. Анткени, ал 54 жашында дүйнө салган. Бул аялзаты бүгүнкү күндө коомдо өзүнүн орду бар кадыр-барктуу инсан.

Талиев Тариел



1957-жылдын 11-майында Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.1980-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун архитектура-курулуш факультетин бүтүрүп, куруучу адистигине ээ болгон. Эмгек жолун Кыргыз ССР айыл чарба курулуш министерствосунда инженер болуп иштөөдөн баштаган, андан соң эмгек жолу ага инженерликтен улантылган.1981-жылдан Жалал-Абад агроөнөржай курулуш трестинин өндүрүш бөлүмүнө инженер болуп которулган. 1982-жылдын сентябрь айынан Ленин-Жол ПМКсында мастер, нормировшик, прораб болуп эмгектенген. 1987-жылдан өндүрүштүк бөлүмдүн башчысы, 1989-жылдын январь айынан Ленин райондук чарбалар аралык механизациялашкан №1-көчмө колоннасынын башкы инженери болуп дайындалган. Ошол эле жылдын 29-июнунда эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда Ленин райондук чарбалар аралык механизациялаштырылган №2-көчмө колоннасынын башчылыгына шайланган. 1994-жылы аталган мекеме «Кочкор Ата айыл курулуш» акционердик коому болуп өзгөрүп, акционердик коомдун төрагалыгына шайлангандан тартып, аталган мекемени жетектеп келет. Ал кайсыл кызматта иштебесин өз ишине так, жогорку жоопкерчилик менен караган жөндөмдүү адис катарында башкалардан айырмаланып турган. Бара-бара такшалып, тажрыйба артып, өз ишинин устаты катарында таанылган.

Ал жетектеген мекеменин өткөн тарыхына кайрыла турган болсок, 1947-жылы Майлуу Суу-Асеке нефть түтүгү курулуп, Көк-Таш шаарчасы курулуп бүткөндөн кийин «Орто Азия нефть курулуштрестинин» базасында курулуш башкармалыгы түзүлүп, ошол эле жылы Кочкор-Ата шаарын курууга киришкен. Ошондон тарта «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин карамагында курулуш уюму «Ош обл айыл курулуш» трестинин №7- курулуш-монтаждоо башкармасы, Ленин райондук курулуш монтаждоо башкармасы, Ленин механизациялаштырылган курулуш монтаждоо башкармасы, Ленин райондук агропромдун механизациялаштырылган курулуш монтаждоо көчмө колоннасы жана башка аттар менен райондук, Ош, Жалал-Абад облустарынын аймактарында көп сандаган капиталдык курулуштарды куруп келди. 1994-жылы Ленин механизациялаштырылган курулуш монтаждоо колоннасы «Кочкор Ата айыл курулуш» акционердик коому болуп кайра түзүлүп, азыркы эмгек жамаатынын күчү менен ондогон социалдык, маданий, чарбалык обьектилер, мектептер курулуп, пайдаланууга берилди.

Тариел Талиев «Кочкор Ата айыл курулуш» акционердик коомун 35 жылдан бери жетектеп келет. Бул жылдардын аралыгында Арал айылында 400 орундуу клуб, 10 эки квартиралуу турак үй, Масы айылында 32 квартиралуу турак үй, 280 орундуу балдар бакчасы, Базар-Коргон районунда 3 отуз эки квартиралуу турак үй, 1020 орундуу мектеп,

Бирдик айылында 820 орундуу мектеп, Кочкор-Ата кыш заводу, Достук айыл өкмөтүндөгү көп квартиралуу турак жайлар, «Манзини» томат чыгаруучу заводу, Кочкор-Ата шаарында 4 отуз эки квартиралуу турак жайлар курулган. Мындан тышкары Дүйнөлүк банктын, Азия өнүктүрүү банкынын жана Эл аралык Мерсико уюмунун каржылоосу менен мектеп, ооруканалардын имараттары ремонттолуп, бир нече өзгөчө маанилүү ирригациялык каналдар калыбына келтирилип, реаблитация жумуштары бүткөрүлгөн. Баса белгилеп кетүүчү нерсе, акционердик коомдун эмгек жамаатынын күчү менен Кыргызстандын Түштүк аймагынын дээрлик көпчүлүк райондорундагы курулуш обьектилери, Ноокен, Базар-Коргон, Кара-Суу райондорунун мамлекеттик администрацияларынын имараттары курулуп пайдаланууга берилген.

Өзүнүн эмгек жолун курулуш инженери болуп иштөөдөн баштаган алгачкы күндөн бул тармактын ыгын, сырын үйрөнүүгө умтулган. Өл өзүнүн эмгегин курулуш иштерин өркүндөтүүгө, өзү жашаган аймактын өсүп-өнүгүшүнө жумшады. Андан бери агылып, мезгил сызды. Бүгүнкү күндө тажрыйбасы арткан, дасыккан жетекчи болуп чыга келди. Өзү жетектеген эмгек жамаатында гана эмес, Түштүк аймагында кадыр-барк тапты.

Ал жетектеген мекеме республиканын Түштүк аймагындагы ири курулуштарды курууга катышкан бай тажрыйбалуу көрүнүктүү ишканалардын бирине айланды.

Анын көп жылдык жемиштүү эмгеги 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, 2006-жылы КРнын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу суу чарба департаментинин, 2007-жылы КР Өкмөтүнө караштуу атрхитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Эл ишенимине арзыган тажрыйбалуу жетекчи Кочкор-Ата шаардык, Ноокен райондук кеңештерге депутат болуп шайланып, бул жооптуу милдетти аркалоодо калк кызматын ишенимдүүлүк жана чоң жоопкерчилик менен иштеген.

Тариел Талиевге «Кочкор-Ата шаарынын ардактуу атуулу» наамы берилген.

Үй-бүлөлүү. Сегиз баланын камкор атасы.

Мамыров Калдарбек



1958-жылы 3-мартта Кыла айылдык Советине караштуу «Коммунизм» участкасында туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, 1965-жылы айылдык орто мектептин босогосун аттаган.

1975-жылы орто мектепти аяктагандан соң, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумдун ветеринардык бөлүмүнө кирип, бүтпөстөн туруп, 1976-жылдан Грузия республикасында жоокердик кызматын ар-намыстуулук менен өтөгөн.

1978-жылдан Калинин атындагы колхоздо ветеринардык дарыгер болуп эмгек жолун баштаган. Өндүрүштөн ажыратылбастан туруп, Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринардык факультетин бүтүргөн. Колуна диплом алып, жогорку билимдүү ветеринардык дарыгер кесибине ээ болуу бактысы ошондо бул жаш жигитке да насип этти. Алгачкы эмгек жолун баштагандан тартып, өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алган кесибинде иштеп жатып, бара-бара телчигип, такшалып олтурган. Жөндөмүнө жараша адистиги боюнча кызматтык жогорулоолорго жетишкен. Ал эми 1992-1997-жылдары башкы ветеринардык дарыгер кызматын аркалаган. Бул мезгилде жетекчилик жактан да бир кыйла такшалып калган болчу. Жылдар өтүп, анын эмгек жолунда бурулуштар жасала баштаган.

Андан соң, 1997-1998-жылдары Кочкор-Ата шаарчасындагы колхоз базарында лаборатория башчысы, 1998-жылдын май айынан 2008-жылдын июль айына дейре Ноокен райондук ветеринардык башкарманын башчысы кызматын аркалаган. Андан кийин 2008-жылдын июль айынан 2009-жылдын апрель айына чейин Жалал-Абад областтык ветеринардык башкармалыктын башкы адиси, 2009-апрель айынан 1- октябрга чейинки аралыкта Момбеков айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенген.

Ал эми 2000-2004, 2004-2008, 2012-2016-жылдары катары менен бир нече чакырылышта элдин ишеними менен айылдык кеңештин депутаттыгына шайланып, калктын жүгүн аркалаган. Анын эл кызматындагы эмгеги бир катар Ардак грамоталар жана алкыштар менен бааланган.

Мырзакулова Арапаткан



1961-жылы 25-августа Кыла селолук Советинде туулган. 1979-жылы Ош шаарындагы педагогикалык окуу жайынын мектепке чейинки мекемелер бөлүмүн бүтүргөн. Ал ошол кезде бар болгону Кыла айыл өкмөтүндө паспорттук стол жана аскердик учет инспектору болуп иштеп жаткан.

Арапат Мырзакулова 2002-жылдан чет элдик уюмдарга долбоор жазууга киришти. Анын аракети текке кеткен жок, долбоору өтүп, «Коммунизм» айылындагы эски жайды капиталдык ремонттон өткөрүп, айылдык фельдшердик пункт уюштурушту. Айыл өкмөттүн айыл-кыштактарындагы бардык саламаттыкты сактоо жайлары керектүү болгон медициналык жабдуулар менен камсыз болду. Анан калса, Чек айылындагы Калинин толук эмес орто мектебине кошумча имарат курулду.

Андан кийин «Группа по построению мира» деп аталган коомдук фонд менен иштеп, чыр-чатактардын алдын алуу багытында улуттар ортосундагы биримдикти чыңдоо үчүн бир топ иштиктүү жумуштарды жасады. Бул аймак Өзбекстан менен чектешкендиктен, кыргыз, өзбек республикалардагы чек аралаш жашаган элдердин балдарын бирге жайкысын эс алуучу лагерлерге жөнөттү. Ошентип ал, 2002-жылдан 2005-жылга чейин ЮНИСЕЕВ, ЮСАИД эл аралык уюмдары менен иштешти.

Өз айылында Тургунай Осмонова аттуу үч уул, бир кызы бар тубаса сүйлөбөгөн аялдын турмушун өз көзү менен көрүп, аялдык жүрөгү ооруду. Суусуз адырдагы жалгыз үйдүн аз камсыз болгон, жашоо абалы оор бул үй-бүлөгө элдин күчү менен тобокел жасап, үйдү бузуп жиберишти да, жаан-чачынга карабай эрте күздө ал айылдаштары менен Тургунай Осмоновага жаңы үйдү куруп бүткөрүп беришти.

Ал алгач 1983-жылы Бүргөндүдөгү балдар бакчасында тарбиячы болуп иштеген. 1984-жылдан Кыла селолук Советиндеги «Гүлкайыр» балдар бакчасында тарбиячы,1985-1986-жылдары Калинин атындагы колхоздун мектепке чейинки мекемесинде методист, 1993-жылдан сүт товар фермасындагы балдар бакчасында улуу тарбиячы, 2001-жылдан Момбеков айыл өкмөтүндө салык кызматкери, паспорттук стол жана аскерге каттоо инспектору (бул кызматта он жыл иштеген) болуп иштеп жаткан учурда айыл өкмөтүнүн маданият Үйүнүн директору болуп да иштеген.

1992-жылы жолдошу Сабыр Кушназаров 30 жашында жумуш учурунда күтүлбөгөн жерден каза тапкан. Ошондон тарта бир уул, бир кызын багып, чоңойтуп эрезеге жеткирди. Уулу Сапарбек азыр Россияда. Кызы Сайкал Момбеков айыл өкмөтүнүн маданият Үйүн жетектейт. Ал азыр Жазгак айылында жашайт.

Эгембердиев Кубанычбек



1970-жылы 11-августта Ноокен районуна караштуу Кыла айылында туулган. Жогорку билимдүү юрист, экономист. Эмгек жолун 1985-жылы ошондогу Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздо колхозчу болуп иштөө менен баштаган.1991-1997-жылдары Кочкор-Ата дүң жана соода мөмө-жемиш кеңсесинде даярдоочу болуп иштеген. 1998-2000-жылдары Кочкар-Ата шаарчалык кеңешинде социалдык маселелер боюнча ага адис, 2010-2011-жылдары Жалал-Абад жылуулук менен камсыздоочу ишканасында башкы инженер болуп эмгектенген. 2012-жылдан 2017-жылга чейин Кочкор-Ата шаарынын мэри кызматын аркалап келген. Шаарды жетектеп турганда ал өзүнүн чыныгы жетекчилик уюштуруучулугун көрсөтө алды. Анын жетекчилиги менен шаардын мектептери, балдар бакчалары, саламаттыкты сактоо жайларынын материалдык-техникалык базасы чыңдалып, шарты жакшыртылган. Көчөлөр оңдолуп, тротуарлар салынып, тартипке келтирилген. Тазалык иштери жакшыртылып, бул мекеменин ишин жөнгө салууда анын эмгеги чоң болгон. Бул мезгилде билим берүүнү, маданиятты өнүктүрүүгө көңүл буруп, жаш спортсмендерди, жаш өспүрүмдөрдү, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, аскердик бөлүктөрдүн жоокерлерин колдоп келген. Эң башкысы ал шаарды жетектеп турган жылдары Кочкор-Атада кадрлардын тапшырылган ишке болгон жоопкерчилиги өсүп, шаарда чоң өзгөрүүлөр жаралып, өнүгүүлөр ачык эле байкалган. Ал өзүнүн күч-аракетин шаардын көрктөнүп-өсүшүнө жумшаган.

Анын кызматы КРнын билим берүү министрлигинин, Жалал-Абад областтык, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын, КРнын өкмөтүнүн областтагы өкүлчүлүгүнүн, Жалал-Абад шаардык мэриясынын, областтык ички иштер башкармалыгынынын Ардак грамоталары менен бааланган. «Кожомкулдун байгеси» эл аралык күрөш боюнча спорттук федерациясынын медалы, «Муниципиалдык кызматтын отличниги», «Дене тарбия жана спорттун отличниги» төш белгилерине татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, үч кыз, эки уулдун атасы.

Ооганчылар

Афган согушу миллиондогон адамдарды күйүткө салган. Анын кесепетинен миңдеген адамдар жакынынан айрылып, жетим-жесир калды. Алардын күйүтү алиге чейин басыла элек. Аталган каардуу согушка Кыргызстандан да миңдеген жоокерлер аттанган. Канчалаган кыргыз эрдик көргөзүп, канчасынын сөөгү кайтып келген.

Афган согушу - афган күчтөрүнүн жана советтик аскерлер ортосундагы ич ара куралдуу тирештен башталган. Бир тараптан Афганистанда прокоммунисттик режимди сактоого умтулуу, башка тарабынан мусулман-афгандык каршылык согуштун тутануусуна негиз болгон. Кан суудай агып, канча өмүрдү жалмаган согуштун башкы себеби - Афганистандагы ички саясий кризиске чет жактагылардын кийлигишүүсү. Бул жергиликтүү традициячылдар менен солчул-радикалдык модернисттердин бийлик талашуусуна алып келген. 1978-жылы “Апрель революциясы” деп аталган ыңкылаптан соң солчул аскер күчтөрү бийликти “Халык” жана “Парчам” марксисттик партияларына өткөрүп берген. Жогорку партиялар элдик-демократиялык партияга биригип, бийликке келет. Жаңы өкмөт элдин колдоосуна таянбай, аз келгенсип ички оппозициячыларына аеосуз кысым көргөзө баштайт. Бул негизде өлкөдөгү толкундоолор жана “Халык” менен “Парчам” тараптарларынын ортосундагы ажырым Советтик жетекчиликти аскердик күчтөрүн киргизүүгө мажбурлайт. “Интернационалдык жардам” шылтоосу менен 1979-жылы СССР Афганистанга куралдуу аскер күчтөрүн киргизет. Бул СССРдин жогорку Кеңешинин чечимисиз, КПСС политбюронун токтому менен гана ишке ашырылган.

Афганистандагы советтик аскерлердин алгачкы киргизилген саны 100 миңден ашуун эле. Ал эми кандуу кармаштарга 546 255 советтик жоокерлер жана офицерлер катышкан. Аталган согушта 71 жоокер Советтер Союзунун баатыры наамына татыган.

Советтик аскерлерди Афганистандан чыгаруу аракеттери 1988-жылдын 15-майынан башталган.

Такталган расмий маалыматтарга караганда Афган согушунда советтик армия 14 427 жоокерин жоготкон. КГБ-576, ИИМ-28 адамын жоготкон. Булар өлгөндөрдүн жана дайынсыз жоголгондорунун саны. Согушта жарадар болгондор- 49 984, туткунга түшкөндөр- 312 киши болгон. Ал эми ар түрдүү оор жараат жана контузия алгандардын саны 53 миңден ашуун. СССРдин госпиталдарына түшкөн жоокерлердин көпчүлүгү оор жарааттын айынан каза тапкан.

Узак убакыт Советтер Союзунда Афганистандагы советтик аскердик күчтөрдүн аракеттери “интернационалдык жардам” катары бааланган. Бирок, СССРдин элдик депутаттарынын 2-сьезди Афган согушун кылмыш катары баалаган.

Кыргызстандан аскердик комиссариат аркылуу жөнөтүлгөндөрдүн саны 7141 жоокерди түзгөн. Алардын ичинен 252си согушта каза тапкан. 585 жоокер ар кандай деңгээлдеги оор жаракаттарды алып, майып болуп кайтышкан. Төрт жоокер дайынсыз жоголуп, бүгүнкү күнгө чейин өлүү же тирүүсү белгисиз. Бул Кыргызстандан согушка аттанган жоокерлердин гана саны. Ал эми башка өлкөлөрдө аскердик окуу жайларда окуп же аскердик кызмат өтөп жүргөндө Афганистанга согушка жөнөгөн кыргызстандык жигиттердин так эсеби бүгүнкү күнгө чейин тактала элек. Өкүнүчтүүсү Афган согушуна катышкандардын

ичинен бул дүйнө менен кош айтышкандардын саны жыл санап өсүүдө. Афган согушуна катышкан ондон ашык кыргыз генералдары бар. Алар-Абдыгул Чотбаев, Бекбоев, Молдошев, Бошкоев, Бакыт Калыев, Рашид Орозматов, Субанов, Югай, Мамыркулов ж.б.

Ал эми Момбеков айыл өкмөтүнүн аймагынан да Афганистанга интернационалдык милдетин өтөгөн кыргыз жигиттери болгон. Азыр алардын арасынан айрымдары айыл аймагында жашап иштесе, кээси жашоонун айынан сыртта эмгектенип жүрүшөт. Бул жоокерлерге мамлекет тарабынан мезгил-мезгили менен жеңилдиктер берилип турат. Анткени, алар жоокердик милдеттерин оор кырдаалда, татаал сыноолор менен өтөп келишкен.

Рахманов Абдижалил (1962-2016)



1962-жылы 30-октябрда Көп-Там айылында туулган.1979-жылы Ж.Турусбеков атындагы орто мектепти аяктаган. Ошону менен бирге мектептеги окуу өндүрүштүк комбинатында айдоочулукту бүтүрүп чыккан. Ошол эле жылы «Кыргызнефтегаз» өндүрүштүк мекемесинин техникалык-транспорт башкармасында айдоочу болуп эмгек жолун баштаган.

Көп өтпөй ошол жылы өзүнүн каалоосу менен Советтик Армиянын катарына жоокердик милдетин өтөөгө жөнөгөн. Ал Ооганстандын Кушка шаарында снайпер болуп милдет өтөөгө туш болгон. Ал өз көзү менен Ооганстандагы элдин абалын, ал жердеги кагылышууларды көргөн. Салгылашуу учурунда бутуна ок тийип, жаракат алган. 1979-1981-жылдары ал өз милдетин абийирдүүлүк менен өтөп келгенден соң, техникалык транспорт башкармасында эмгек жолун уланткан.

Ооган жериндеги жоокердик милдетин өтөөдөгү эрдиктери үчүн «За боевые заслуги» медалы, Ооган жеринен советтик жоокерлердин чыгарылган күндөрүнүн ар биринде медалдар менен сыйланган. «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун техникалык транспорт башкармасында 2007-жылга чейин эмгектенип, кийин жеке ишкердик менен алектенген.

Үй-бүлө күтүп, үч кыз, эки уулдуу болгон. Азыр 3 небереси бар.

2016-жылдын 4-июнь айында 54 жашында ден соолугунун айынан дүйнө салды. Анын уул-кыздары татыктуу өсүп жетилишип, атанын тирүүсүндө орундалбай калган арзуу үмүтүн аткаруу тилектери бар. Кыздары Салтанат, Каныкей, Айчүрөк, уулу Кубаныч кыргыз-түрк лицейин эң жашы окуп бүтүшкөн. Уулу Мурат кыргыз улуттук университетинин 4-курсун аяктаган. Кыздары Салтанат, Каныкей кийин Ала-Тоо Ата түрк университетин бүтүрүштү. Айчүрөк Турцияда университетте 3-курста, Кубаныч Бишкектеги медициналык академияда 3-курста окушат.

Мурзакулов Акматжан



1965-жылдын 21-декабрында Бостон айылында туулган. Ал ушул айылда чоңоюп, өскөн. 1991-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин аяктаган да жогорку билимдүү адистигин күбөлөндүргөн дипломго ээ болгон. Мына ушуну менен анын эмгек жолунда жаңы кадамдар башталган.

1984-1988-жылдары Афганистанда жоокердик милдетин өтөгөн. Ошол учурдагы ар бир күнү күнү бүгүнкүдөй эсинде. Газни деген жерде унаа менен курулуш материалдарын жеткирип келатканда душмандардын огуна кабылган. Күтүлбөгөн жерден гранатамед тийип, унаанын тенти күйүп, кулак тунган. Бир заматта ажал алдына келип тургандай жүрөк түрсүлдөгөн абалга келген. Ошол учурда унаасын тездик менен башкарып, качып кутулган. Артта октун зуулдап учкан үнү кулак жаңыртып турган. Рота боюнча ага «Кызыл Жылдыз» орденин берүүнү сунуштаган. Бирок, жарадар болгон эмес дешкен да, орден берилген эмес. Кантсе да, жүрөк үшүткөн опурталдуу ирмемди башынан өткөргөн. Ошондо өз жеринин кымбаттыгын дагы бир сезген. Мындай коркунучтуу убактар андан кийин да кездешкен. Мына ушундай татаал кырдаалда жокердик милдетин өтөп келген.

Ал өз жериндеги эмгек жолунда Ноокен райондук салык инспекциясында ага салык инспектору болуп тогуз жыл иштеп, бөлүмдүн башчысы кызматын аркалаган. Ал Афганистанда интернационалдык милдетин ар-намыстуулук менен аткаргандыгы үчүн 1987-жылдын 13-январында «За боевые заслуги», 2004-жылдын 28-мартында «Афганистандан Советтик жоокерлерди чыгарганга 15 жыл», кийин 20,25 жылдык юбилейлик медалдар менен сыйланган. 2010-жылдын 1-ноябрында «Афган согушунун ардагери» медалы ыйгарылган. Мындан тышкары дагы бир катар татыктуу сыйлыктарга ээ болуп, ага төш белгилер тапшырылган.

Үй-бүлөлүү. 1 кыз, 2 уулдун атасы. Келинчеги Малик Акчабаев атындагы орто мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштейт. Каарманыбыз 1993-жылдан тартып, «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун өндүрүштү автоматташтыруу участкасында экинчи категориядагы инженер болуп эмгектенип келет.

Чернобыль апаатынын катышуучулары

Быйыл Чернобыль атом электр станциясындагы жарылууга 31 жыл толду. Жарылуудан кийинки иштерге 2 миң 300дөй кыргызстандыктар катышып, алардын 500дөйү 50 жашка чыкпай, каза табышкан. Көзү тирүү калган бир жарым миңдей адамга мамлекет тарабынан колдоо болуп келатканына карабай, алардын дээрлик баардыгы ден соолуктун азабын тартып келатышат.

1986-жылдын 26-апрелинде Украинанын Чернобыль атом электр станциясындагы жарылуунун каскагы калган башка совет республикалары сыяктуу эле кыргызстандык миңдеген үй-бүлөлөргө да көз жаш алып келген. Чернобыль алааматын жоюу иштерине мурдагы Советтер Союзунун республикаларынан бардыгы 860 миң адам катышкан.

2001-жылы Бишкектеги Фучик гүлбагында Чернобыль алааматынан каза тапкандарга эстелик коюлган.

Чернобыль - бул жалпы адамзаттын кайгысы. Айрыкча анын оор жүгү Украинанын мойнуна түштү. Акыркы 10 жылда Украина Чернобылдын көйгөйү менен жалгыз өзү кармашып келатат. Кырсыктын кесепетин жоюуга жыл сайын, күн сайын казынадан каражат бөлүнөт. Айта кетүүчү нерсе, акыркы 17 жылда ал иштерге 130 миллиард доллар сарпталды. 163 айылдын жана шаарлардын 163 миң калкы башка жактарга көчүрүлдү. Муну менен эле анын маселеси чечилип калбайт. Алааматтын азабын балдар да тартаары бышык.

Украинанын Кыргызстандагы элчилиги тараткан маалыматка караганда, Чернобылдагы кырсыктан үч жарым миллион украиналыктар жапа чеккен. Өлкөнүн 10 пайыз аймагы радиацияга чалдыгып, миңдеген гектар айдоо аянттары жарактан чыккан. 2000-жылдын 15-декабрында Украина Президенти Леонид Кучма Чернобыль атом электр станциясын биротоло токтотуу тууралуу чечим кабыл алган. Эсептөөлөргө караганда, Чернобыль алааматын биротоло жоюуга дагы 670 миллиондой АКШ доллары керек.

Кыргыз мамлекети тарабынан Чернобылга баргандарга бир катар жеңилдиктер каралган. Бул кырсыктын залакасы бул адамдардын ден соолугуна да чоң зыянын тийгизген.

Арапов Кымбатбек (1967-2002)



1967-жылы 15-январда Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинде туулган. Айылдагы Жусупбек Жунусалиев атындагы (мурдагы Калинин) атындагы №8-мектепти бүтүрүп, Бүргөндү кесипчилик-техникалык окуу жайын аяктаган. 1984-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ал эки жылдык жоокердик милдетин өтөөдө Украинадагы Чернобылдагы атом электр станциясынын жарылуусунан кийинки иштерге катышкан. Бул мезгилдин аралыгында жоокердик милдетти өтөө жеңил эмес болчу. Ошого карабастан, ал бул милдетти абийирдүүлүк менен аткарып келген. 1986-жылы кызмат өтөп келгенден кийин Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүндө күзөт кызматында иштеген. Андан соң, Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн кайгуул күзөт бөлүмүндө эмгек жолун уланткан. Ал убагында ички иштер кызматында жоопкерчиликти жана тартипти бекем сактаган, такшалган кадр катарында өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алган. Өз кесиптештери арасында кадыр-барк тапкан.

Жердештери аны Ноокен айылдык Советине депутаттыкка шайлашкан, бул ишенимди ар-намыстуулук менен аткарган. Советтик Армиянын катарында Чернобылдагы жарылуудан кийинки иштерге жоокер катарында активдүү катышкандыгы үчүн бир катар төш белги, медалдар менен сыйланууга татыктуу болгон.

Бирок, эң өкүнүчтүүсү анын өз кызматындагы эмгек жолун андан ары улантууга мүмкүнчүлүгү болбоду. 2002-жылдын 10-ноябрында бар болгону 35 жаш курагында күтүлбөгөн жерден жол кырсыгынан каза тапкан.

Анын артында эки уул, бир кызы калган. Бул инсан балдарына чыныгы ата катарында эң мыкты камкордуктарды көрчү жана алардын келечегине ишенимдүү пайдубал куруп берем деген чоң максаттары бар эле. Кырчындай болгон өмүрдүн кыйылышы менен ал өз максат-тилегине жете албай калды. Буюрса атанын бүтпөгөн иштерин уул-кыздары бүткөрөр деген ой бар.

Баткен окуясы далайлардын өмүрүн алган

Алынган маалыматтарга таянсак, 1999-жылдын теке айынын (июль) 30унда Баткен облусунун Зардалы аймагында саны 17 чамалуу куралчан адамдар пайда болгон.

31инде Баткен районунун акими Абдрахман Маматалиев кырдаал тууралуу Бишкекке маалымат берген. Бул учурда куралчан адамдар Зардалынын жашоочуларынан тамак-аш сатып ала баштаган. Ошол кездеги ИИМ жана МУКК белгисиз куралчандар менен байланыш түзүүгө аракет кылып, бирок натыйжа чыккан эмес.

Баш оонанын (август) 6сында аким Абдрахман Маматалиев, МУККнын райондук бөлүмүнүн кызматкери Бокоев жана Коргоо министрлигинин эки жоокери куралчан адамдардын лагерине сүйлөшүүгө жөнөп кетишкен. Бирок, андан майнап чыккан эмес. Аким жана МУКК кызматкерлери куралчандар тарабынан барымтага алынган.

Бул кабар борборго жетери менен Ички иштер министри Өмүрбек Кутуев, МУКК жетекчисинин орун басары Токон Мамытов, Коргоо министри Мырзакан Субанов Коопсуздук кеңешинин катчысы Эсен Топоев шашылыш түрдө Баткенге учуп барышкан.

Баш оонанын 9унда күч түзүмдөрүнүн жана президенттик администрациянын жетекчиси Болот Жанузаков маалымат жыйын өткөрүп, куралчан адамдардын өздүгү аныкталбаганын билдирген. Бирок, ошол эле маалда орус тилдүү “Дело №” гезити куралчандардын башында Өзбекстандын ислам кыймылынын жетекчиси Тахир Юлдашев турганын, ал эми Кыргызстанда жүргөн топту Жума Намангани жетектерин жазып чыккан.

13-числодо барымтага алынган аким Абдрахман Маматалиев, МУКК кызматкери, майор Бокоев жана Коргоо министринин эки жоокери бошотулган. Так эмес маалыматтарга таянсак, кыргыз бийлиги аларды бошотуп алууга 50 миң акча сунуштаган. Ушундан кийин куралчандар Тажикстан аймагына жылган.

16сында Кыргызстан менен чектеш аймактын бир нече жерине бомба ташталган. Тажик бийлиги муну Өзбекстандын аба күчтөрүнөн көргөн. Бирок, өзбек тарап муну моюнга алган эмес.

18инде Кыргызстанга таандык эки вертолет Жылуу-Суу аймагынан жылып бараткан куралчандарга абадан сокку урган.

22синде Тажикстан тараптан 30га жакын куралчан адам кирип, Кожо-Ашкан менен Зардалы айылдарына басып алган. 23үндө алар Алтын-Жайлоодо чалгындоо иштерин жүргүзүп жаткан 4 жапон геологун, тилмеч Өмүрбек Жанакеевди жана генерал Анарбек Шамкеевди барымтага алган.

23үнөн 24үнө караган түнү Алтын-Жылгага жакын жерде Ош облустук милициясынын атайын кошууну менен куралчандар ортосунда атышуу башталган. Бул кармаш 4 саатка созулуп, Баткен РИИБүсүнүн жетекчиси К. Султанов жарадар болгон.

Баш оонанын 24үндө президент Аскар Акаев 1999-жылдын 11-августундагы бандалык күчтөрдү жок кылуу боюнча чыккан жарлыкты аткарбаганы үчүн генерал-полковник Мырзакан Субановду кызматтан алган. Коргоо министри болуп генерал Эсен Топоев дайындалган.

29-числодо Өзбекстандын аскер аба күчтөрү Алай районундагы Кара-Тейит айылына бомба таштаган. Натыйжада айылдын 3 тургуну каза таап, 10го жакын үйлөр бузулган.

118ге жакын ар кандай имараттар жараксыз абалга келген.

Аяк оонанын (сентябрь) 13үндө жогорудагы окуяга байланыштуу президент Аскар Акаевдин буйругу менен Баткен району облус макамын алып, анын курамына Баткен, Лейлек, Кадамжай райондору жана Кызыл-Кыя шаары киргизилген.

Арадан эки ай өткөндөн кийин тогуздун айынын (октябрь) 25инде барымтадагы 4 жапон геологу тилмеч Ө. Жанакеев жана генерал А. Шамкеев туткундан бошотулган.

Ошол кездеги басма сөзгө чыккан маалыматтарга таянсак, бул куралдуу кагылыш 35ке жакын жараныбыздын өмүрүн алып, бир нечесин жарадар кылган. Куралчан адамдар кийинки жылы Өзбекстан тараптан Жалал-Абад облусунун Чаткал районуна кирип келишкен. 11-сентябрда ИИМдин атайын кызматы менен алардын ортосунда атышуу жүрүп, куралчандар толугу менен жок кылынган. Бул кармашта кыргыз милициясынын эки кызматкери: ага лейтенант Муратбек Туйтунов менен сержант Мирдин Түгөлбаев курман болгон.

(Колдонулган адабияттар:“Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия” Бишкек 2003.

“Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору”, “И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Педагогикалык университети”,“Башкы ред. Ү.А.Асанов, жооптуу ред. А.А. Асанков”, . “Ред кеңеш: Ө.Ж.Осмонов (төрага) Т.Н Өмүрбеков”)

Баткен окуясына Момбеков айыл аймагынан да жоокерлер катышкан жана чек аранын бекемдиги, эл-жердин тынчтыгы үчүн чыныгы эр жигиттик милдеттерин өтөшкөн.

Калакбашов Абдуракман



1969-жылы Кыла селолук Советинин Калинин участкасында (Чек) туулган. Айылдагы Жусупбеков Жунусалы атындагы орто мектебин аяктагандан кийин Майлуу-Суу шаарындагы кесиптик техникалык окуу жайын бүтүрүп, токарь адистигине ээ болгон.

1987-1989-жылдары жоокердик милдетин Грузияда Кара Деңиздин жээгинде өтөгөн. Баткен жергесине кирип келишкен террорчуларды жоюуга да ак ниеттүүлүк менен катышкан. 1999-жылдын 4-августунда Мекенди коргоого чакырылып, 24-октябрда кайтып келген. Ошол учурда Хайдаркен шаарчасынын Сырт айылында террорчулардын кирип келиши өлкө үчүн кооптонууну туудурган. Жоокерлер дайыма бир жерде жатчу эмес, улам которулуп турушчу. Болбосо капысынан кол салышчу болсо кырып коюшмак. Алар күндө эле келе берчү эмес. Ошол күнү күндүзү ок-дарыларын ташышкан. Кечки 6-7лерде ат менен түшүшкөн. Түнкү саат 11 менен 12нин ортосунда ай жарыгы тоонун арт жагына жашырынган. Ага чейин эки жолу гранатмед менен атышкан. Бир жоокердин бутуна тийип, үзүлүп кетип, каза тапкан. 17-сентябрдан 18-сентябрга караган түнү түнкү саат бирлерден өткөндө 60-70тей террорчу бастырып кирген да, алар Калакбашов Абдуракман болгон взводдун жоокерлерине туш болушкан. Күндүзү эле тегеректеп ороп, түнкү убакты күтүп турушкан да, кирери менен снайпер менен атып, жеринде взводдогу 32 жоокерден жети жоокердин өмүрү кыйылган. Саат түнкү бирден тартып үч саат айыгышкан согуш жүргөн. Баскынчылардын командири Аблазиз Юлдашовго ок тийип каза тапкан. Таң агарып ата баштаганда мына ошондо Гувамыш, Гавян тоолорун ашып, Тажикстанга өтүп кетишкен. Мына ошол жерде Калакбашов Абдуракман да жоокерлердин катарында элдин тынчтыгы, өлкөнүн бекемдиги үчүн террорчуларды сыртка сүрүп чыгарууда эр жигиттик милдетин өтөгөн.

Ошентип, Калакбашов Абдуракман Мекендин бекемдиги, элдин тынчтыгы үчүн чыныгы жоокердик милдетин ар-намыстуулук менен аткарган.

Ишкердик дүйнөсү

Усупбеков Уларбек



1961-жылы 6-декабрда Жазгак айылында туулган. Атасы Токтогул Калинин колхозунда өмүр бою айдоочу болуп иштеп келген. Апасы Бүсара да эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнаган. Үйдө беш бир туугандын улуусу Уларбек. Мектептен билим алгандан соң, 1988-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун машина куруу факультетин бүтүрүп, инженер-механик адистигине ээ болгон.

Биринчи эмгек чыйырын Майлуу-Суу электр тармактар ишканасында айдоочулуктан баштаган. Андан соң, электр лампалар заводунда технологдуктан эмгек жолун улантканкийин 1982-1992-жылдары аталган шаардагы эсептөөчү техникаларды чыгаруучу заводдо механиктен, цехтин башчысына чейин иштеген. 1992-жылдан Жалал-Абад областтык Советте туризм башкармалыгында башкы адис, «Ала Тоо» туристтик фирмасында башкы адис милдеттерин аткарган. 1995-жылдан Ноокен районунда асфальт-бетон заводуна жетекчиликке дайындалгандан кийин иштебей токтоп калган бул ишкананы калыбына келтирип, ишке киргизип, 20 жыл башкарып келди. Ошол кезде Ноокен району менен Кочкор-Атанын ички жолдору оңдолуп, асфальт бастырыла баштаган. Мындан тышкары Майлуу-Суу шаары, Базар-Коргон райондоруна чейин асфальтты ташып кетчү.

Ал 2007-жылдан бизнес чөйрөсүнө аралаша баштаган. Соода жана коомдук тамактануу жайларын иштетип, бир чети элди тейлесе, экинчиден жаңы жумушчу орундарын түздү. Нан жабуучу навайкана курду. Дегиси анын иш жайында 15 адам жумуш менен камсыз болуп, өз үй-бүлөсүн багып келет. Анын ишкердик чөйрөсүн кеңейтүү максаты бар, алдыда аптека ачууну пландаштырып жатат. Бул жайдын иштеши менен дагы кошумча жумушчу оруну түзүлөт.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Санабардын кесиби саламаттыкты сактоо кызматкери. Ал жубайына чыныгы жолдош, ал эми эки уул, эки кызга аталык мээримин берип, камкордугун көрүп келет. Балдарынын алды турмуш куруп, 6 небере көргөн.

Кабулжан Кимсанбаев



Өлкөбүз Союздан бөлүнүп, өз алдынча эгемендик алганы менен жаңы баскан баладай тамтуң жүрүп, ал эми калктын аргасы кетип турганда Кабулжан Кимсанбаев да эки дипломунун пайдасын көрө албады. Бир кесиби инженер-технолог, экинчиси финансы жаатындагы адистиги бар. Анткени, союз учурунда дүркүрөп иштеп турган өнөр жай ишканаларында жумушу кескин токтоп, кала берсе жеке адамдардын менчигине өтүп, талкаланып, бузулуп жаткан убак болчу. Оператор болуп иштеп жаткан Кочкор-Атадагы “Анар” заводу да мына ушундай өкүнүчтүү абалга келген. Андан соң, “Кыргызнефтегаз” акционердик коомунда иштеди. Бирок, эмгек маянасы турмуштук керектөөнү камсыздай алган жок. Ошол кезде кырчындай болгон кыргыз жаштары көбүркөөк каражат табуу үчүн Россиянын шаарларына агылып кетип жаткан. Алардын катарында Кабулжан Кимсанбаев да өз үйүнөн алыс болгондугуна карабастан, турмуштук зарылчылыктын айынан иштөө үчүн барып, “Сургутнефтегазда” эмгектенип калды. Ал бул жерде өз Мекенинде жумуш орунун түзүү үчүн каражат топтоону чечти.

Россияда иштеп тапкан каражаты менен 1994-жылдан Кочкор-Ата шаарында ишкердикти баштады. Ошол кезде Кочкор-Атада гана эмес, Жалал-Абад областында пластик эшик, терезелерин чыгара баштаган жалгыз кыргыз жигити Кабулжан Кимсанбаев болгон. Жабдууларын Кытайдан алып келип орнотуп, бул жерде өзүнүн өндүрүштүк ишканасын ишке киргизди. Ал кезде пластик эшик-терезелерди жасоо бул жердеги рынокто жаңылык болчу. Ал жасап чыгарган эшик-терезелерге кардарлар улам көбөйө баштады. Өндүрүш нугуна түшүп, иш орундары улам көбөйүп, киреше арта баштаганда жыгач эмеректерин жасай турган жабдууларды алып келип орнотту.

Анын ишканасы азыр жеке адамдарга гана эмес, мекеме-ишканалар үчүн да буюмдарды жасап жатат. Өз кардарларын таап алган. Анткени, товардын сапатына өзгөчө көңүл бурат, ар бир товардын кепилдиги үчүн жооп берет. Себеби, акыркы үлгүдөгү, бардык мүмкүнчүлүгү бар жабдууларды орноткон. Мындан тышкары кондитер азыктарын даярдай турган цехти да иштетет. Анын цехтеринде ушул тапта 50дөн кем эмес адам иштеп, өз үй-бүлөсүн багыт жатат.

Кочкор-Ата шаарынын калкынын колдоосу менен экинчи ирет шаардык кеңештин депутаттыгына шайланган. Депутаттардын колдоосу менен шаардык кеңештин төрагалык милдетин да аткарган.

Жубайы Мариям менен ынтымактуу турмуш куруп, эки уул, эки кызга, 3 небереге бактылуу ата-эне болушкан. Бешене тери менен жасалган аракеттен куралган бакыбаттуу жашоосу бар. Колунан келсе, элди бутка тургузуп, жыргалдуу жашоо куруп бермек.

Амадалиев Чолпон



1973-жылы 25-октябрда Ленин районуна караштуу Кыла айылдык кеңешинин «Коммунизм» участкасында жер иштеткен чыныгы дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Трусбеков атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, атайын орто билимге ээ болгондугу тууралуу жетилүү аттестатын алгандан кийин турмуш жолуна кадам таштаган. 1991-1993-жылдары алгач Казакстанда, андан соң Үзөңгү-Куушта чек арада жоокердик милдетин өтөгөн. Кыргызстандагы жашоонун татаалдашы, жумушсуздуктун кескин өсүшү менен ал да жоокердик милдетин өтөп келгенден кийин Россиянын Новосибирь шаарында, кийин Якутиянын Мирный шаарында ишкердик менен алектенген.

Ал билимин жогорулатуу зарылдыгын билди, анткени, билим жана кесип алуу мезгилдин талабы эле. Ошондуктан, 2000-2005-жылдардын аралыгында Жалал- Абад шаарындагы техникалык университеттин энергетика факультетинде окуп, ийгиликтүү бүткөрдү. Өз жеринде, өз элине кызмат кылууну көздөгөн жигит Кыргызстанга биротоло келип, ишкердик менен алектене баштады да, өзүнүн ишмердүүлүгүндө ийгиликтерге кол сермеди.

2011-жылы Момбеков айылдык кеңешине депутат болуп шайланып, калктын кызыкчылыгы үчүн кызмат өтөдү. Депутат кезде өзүнүн бешене тери менен тапкан каражатынан айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоого жардам берди. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды колдоду. «Коммунизм» участкасынын көчөлөрүн оңдоого, көпүрөлөрдү жаңылоого көмөгүн көрсөттү.

Ал эми азыр коомдук тамактануу жайларын иштетет. Бул жерде ондогон жумушчу орунун түзгөн. Элге кызмат кылуу менен бирге жергиликтүү бюджетке салым кошуп келет.

Ал жубайы Самара менен 16 жылдан бери ынтымактуу жашоо кечирип келишет. Азыр төрт уул, бир кыздын бактылуу-ата энелери. Өзүнүн уул-кыздарынын келечеги үчүн ишенимдүү пайдубал түзүү менен бирге калкка ак ниети менен кызмат кылып келет. Анын алдыда буюрса келечекте ишкердикти дагы да өнүктүрүү менен жумушчу орундарын кеңейтип, өз айылынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошуу максаты бар.

Осмонов Мурат



1973-жылдын 4-сентябрында Көп-Там айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1990-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти бүтүрүп, жетилүү аттестатын алгандан кийин Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарбасын аяктап, атайын жогорку билимге ээ болгон. 1995-жылы зооинженер адистигине ээ болгону менен колхоздор жоюлуп, коомдук малдар таркатылып жок болуп кеткенден соң, жумушсуздуктун кескин өсүшү менен атасы баштаган орто жана чакан ишкердикти улантты. 1995-2000-жылдары чигит, күн карама, софлор иштетип, элге тамакка керектелүүчү май чыгарды. Бара-бара базарда чакан ишканаларда чыгарылган майлар өтпөй калды да, бул жумушун токтотууга туура келди.

Ал КАМАЗ жүк ташуучу унаа менен Ош-Бишкек жолунда ишкердик жасоого өттү. Бул жумушун 2004-жылга чейин жүргүзүп, атайын фирмага жумушка орношуп, 2010-жылга дейре эмгектенди.

Бул жумушунда иштеп жаткан учурда элге пайдалуу бир жумуш жасасам деген максатта 2008-жылдан брусчатка чыгарууга киришти. Бул үчүн алгач жабдууларын сатып алып, өзү Бишкекте атайын үйрөнүп келди да, ишмердүүлүгүн жүргүзө баштады. Кыла аймагында анын ишканасынан башка мындай өндүрүш болгон эмес. Ошентип, ал биринчилерден болуп, брусчатка чыгарууну колго алды да, өз кардарларын бат эле тапты. Ноокен, Базар-Коргон, Аксы райондоруна, Кара-Көлгө чейин анын чыгарган брусчаткаларын сатып кете башташты. Ал бул иши менен өз үй-бүлөсүн гана эмес, анда иштеген жумушчулардын үй-бүлөлөрүн да камсыздады. 2010-жылдан пескоблокторду чыгарууну баштады. Буга да кардарлар четинен табылды.

Кезегинде анын чакан цехинде 12 адам иштеп, өз үй-бүлөсүн бакты. Акыркы мезгилде брусчатка, бескоблокторду чыгарган цехтер көбөйүп кетиши менен жумуш бир кыйла солгундай түштү. Ошентсе да, бул жумушун таштаган жок. Бара-бара ишкердик жолунда ийгиликтерге жетише баштады, бул ишинде бат эле өз кардарларын тапты. Азыр алты адам иш менен камсыз болгон.

Ошентип, мезгилдин агымы менен жашаган жигит рыноктук экономиканы өздөштүрүп, өзүнүн эки уул, эки кызы үчүн келечекке пайдубал түзүү жана айылдагы жумушсуз жаштарды иш менен камсыз кылып, жергиликтүү бюджетке салым кошуу максаты менен иштеп жатат. Ушул тапта «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда эсепчилик кесипти аздектеп келаткан жубайы Сүйүмкан экөөнүн жашоодогу максаты өз колдору, бешене тери менен бакыбаттуу жашоо куруу.

Атыргүл Мураталиева



Базар экономикасынын өкүм сүрүшү, үй-бүлөлүк муктаждыктын улам өсүп баратышы жаш үй-бүлө Сүйүн, Атыргүл Мураталиевдердин да ишкердик чөйрөсүнө аралашуусуна мажбур кылган. Алгач ал Кочкор-Ата шаарында коммерция жасоо менен ишкердикти баштаган. Андан соң, үйдө нан жаап, магазиндерге өткөрүп жүрдү. Бул да турмуштук керектөөнү толук камсыз кыла албады. Анткени, балдары чоңоюп, мектепте окуп, алды жогорку окуу жайларынын студенти болуп калышкан. Анан үйдүн короосунун четине жол жээгине узатасынан дүкөн куруп, азык-түлүк товарларын коюп, атайын соода жайын ачты. Албетте, алгач кардар табуу кыйын, бирок бара-бара кардарлар келе баштады, алардын негизинен баары өздөрүнүн айылдыктары.

Алардын жеке мал чарба фермасы да бар эле. Аны иштетүүнү жолдошу Сүйүн өз колуна алган. Магазиндин ишин Атыргүл жана сабактан кийин анын балдары жүргүзүшөт. Ошентип, үй-бүлөсү менен иштешет.

Магазинди иштеткенден соң, аны нан жана нан азыктары менен өзү камсыз кылууну чечти. Ошентип, Мураталиевдердин үй-бүлөсү Пекинден атайын камыр жууруп, жасоочу жана нан бышыруучу меш сатып келишти. Бул чакан цехти күнү түнү иштетишип, өздөрүнүн магазинин гана эмес, башка дүкөндөрдү да нан жана нан азыктары менен камсыздай башташты. Ошентип, бул жерде жумушчу оруну да түзүлдү. Азыр Атыргүл Мураталиева дастаркон көркүн чыгарган боорсок, каттама сыяктуу нан азыктарынын көптөгөн түрүн жасайт, ушул күндө анын кардарлары Бишкекке чейин жеткен. Кээде кардары чыкса Москва шаарына чейин жасап жөнөтөт. Ошону менен бирге күн сайын ондогон үй саап, сүт азыктарын да дүкөнгө чыгарат.

Ишкер айым Атыргүл Мураталиева өзүнүн чакан цехинде жумушчу орунун түзүп, анан да өз айылдаштарына кызмат көрсөтүүдө. Ошентип, айылдык ишкер айым Атыргүл Мураталиева рыноктук мамиленин шартында өз ишмердүүлүгүн улантып келет.

Билим берүү

№16-Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинин тарыхы.

1. Мектеп кайсы жылда кандай ат менен ачылган.

№	Мектептин аталышы	жылдар
1	№8-бригаданын шыйпанында	1936-1937
2	Коганович	1939-1940
3	«Коммунизм» башталгыч билим берүүчү мектеп	1956-1958
4	Коганович атындагы 7 жылдык мектеп	1954
5	Т.Сатылганов атындагы 8 жылдык мектеп	1962
6	Ж.Турусбеков атындагы 8 жылдык мектеп	1963
7	Ж.Турусбеков атындагы №12-орто мектеп	1968
8	Ж.Турусбеков атындагы №16-орто мектеп	1978

2. Мектептин алгачкы жана азыркы көрүнүшүн чагылдырган сүрөттөр.



1975-жыл



1968-жыл, эски мектепте сабак учуру



2015-жыл. Азыркы мектеп

Окутуу тарбиялоо ишинде өзгөчө салым кошкон мугалимдер.

Алгачкы мектеп Семетей болуш жашаган үйдүн имаратында ачылган. Ал 1928-1929-жылдар болчу. Алгачкы окуучулардын бири Эргешов Тешебай болгон. Ал биринчи классты Семетей болуштун сарайында баштап, 1934-жылы 5-классты бүтүргөн. Бул сүрөттө алгачкы окуучу жана мугалимдердин бири Эргешов Тешебай агай чагылдырылган. Эргешов Тешебай 1935-1936-жылдары Жалал-Абадагы педагогикалык техникумда окуган. 1939-1940-жылы айылда Коганович мектебинде (азыркы мектепте) иштеген.



Мектептин алгачкы мугалими Эргешов Тешебай алгачкы окуучусу менен

1934-1935-жылдарда болуштун коргонундагы мектепте Оморов Боромбай директор болгон, Жуматаев окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Алгачкы мугалимдер Сатаров, Алисеитов.

1939-жылы жаңы мектеп салынган. Ал мектептин имараты 1996-жылдагы жер титирөөгө чейин сакталып турган. Жаңы мектеп 1939-жылы өзүнүн биринчи окуучуларын кабыл алган. Ошол кезде мектеп Когановичтин атын алып жүргөн. Мектептин мугалимдери Эргешов Тешебай, Кулумбетов Анарбек, Болотова Завла болушкан. 1940-1941-жылдарда Жунусалиев, 1942-1949-жылдары-Байсымаков директор болуп иштеген.1978-жылы №16 Жусуп Турусбеков атындагы орто мектеби болуп өзгөртүлгөн.

Мектепте директор болуп иштегендер.

№	Аты, фамилиясы	Иштеген жылдары
1	Оморов Боронбай	1934-1935
2	Жунусалиев М.	1940-1941
3	Байсымаков	1942
4	Арзыкулов Сабыр	1960
5	Арзымбаев Кулмамат	1975-1983
6	Ахметов Сапарбай	1984-1987
7	Атамурзаев Набижан	1987-1990
8	Ахметов Сапарбай	1990-1997
9	Мырзабекова Алымкан	1997-2008
10	Юлдашева Зияда	2008-азырга чейин

Биринчи КРнын «Эл агартуусунун отличниктигине» Мукамбетова Рабыш 1957-жылы татыктуу болгон.



Өсөров Райымберди билим берүү тармагындагы жетишкен ийгиликтери үчүн 1970-жылы В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган. 1972-жылы «Эл Агартуунун отличниктиги» мектептин материалдык базасын чыңдоого колдоо көрсөткөндүгү үчүн Ю.Момбековго ыйгарылган.

Биринчи алтын медалды Рахманова Гүлбара 1984-1985-окуу жылында алган. Күмүш медалы менен алгачкы жолу Амадалиева Тажикан аяктаган. Кийинки жылдары Назаева Катча, Сариева Назира, Калмуратова Алтынай, Пратов Мунар, Амиракулова Нуржамалга ыйгарылган.



Сүрөттө 1976-жылкы мектептин биринчи бүтүрүүчү классы жана алгачкы бүтүрүүчүлөрү, мугалимдердин арасында мурдагы РайБББнун башчысы С.Ахметов бар.



Бул сүрөттө 1974-жылкы эксперименталдык Лениндик класстын бүтүрүүчүлөрү 20 жылдык жолугушууда мектептин мугалимдери менен эски мектептин алдында.



Бул сүрөттө ушул мектепте алгачкы мугалимдерден: А.В.Ефименко, Саламат Караева, Борис Абдибаитов, Раимберди Өсөров, Айша Тешебаева, Мырзакелди Атантаев , Раиса Сергеевна Якубова бар.

Мамлекеттик, коомдук жогорку кызматтарда иштешкен мектептин бүтүрүүчүлөрү:

Алдаматов Түмөн-райондук аткаруу комитетинин төрагасы, Мамыров Надыр, Ахметов Сапарбай-1997-2006-жылдары РБББнын башчысы болгон, Акматова Аширайым-филология илимдеринин кандидаты, Качыкеев Турдумамат-психология-педагогика илимдеринин кандидаты, Арзыкулов Замирбек-медицина илимдеринин кандидаты, врач-кардиолог, Төрөканов Кубаныч-врач-хирург, Төрөканов Таалай-областтык ички иштер бөлүмүнүн Түштүк аймактык башкармасынын начальниги, болуп иштешкен. Абдымамат Мураталиев-КРнын Интеллектуалдык менчик жана инновациялар кызматы. «Күрп-Сай ГЭСинен Шайдан-Сай дарыясына чейин «Момунбек» атындагы суу каналын куруу обьектисине сугат жерлерди өнүктүрүүнүн схемасынын автору, Сеитова Анипа- мурда Момбеков айыл өкмөтүнүн башчысы болгон. Көп жылдар бою Калинин атындагы колхоздун айылдык советинин торайымы - Азекова Сабан ж.б



Мектеп директору: Юлдашева Зыяда



Окуу бөлүмүнүн башчысы: Токтоназарова Таттыбүбү



Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары: Абдыкулова Жанара

Кыла №17-орто мектеби







Селолук Советтин борборунда алгачкы мектеп 1928-жылы Мамадали карыянын мейманканасында ачылган. Биринчи жолу Султанов Мамакас окуучуларды окута баштаган. Ал кезде балдар жашына карабай мектепке барышкан.1933-жылы мектеп Мусакулдун мечитине которулган. Ошол жылдары Бостонов, Тарыхчиев, Бөлөкбаев деген мугалимдер эмгектенген. Андан кийин 1934-жылдан мектеп Ботобайдын мейманканасына которулуп, жаштарга билим берүү улантылган. Бул мектепте алгач Жунус Сариев директор болуп иштеген.1936-жылы Көчкөнбай Тиллебаев Жалал-Абад шаарындагы педтехникумду бүтүрүп келип, мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1939-жылдан Кубат Жуматаев мугалим болуп иштеп, Улуу Ата Мекендик согуш башталганда кан майданга аттанган. Ошол эле жылдары татар улутундагы үч бир туугандар- Завла, Алмагый, Жоодагыйлар иштешкен. Ошол кезде Чомоев Бейшен да мектепте мугалим болуп эмгектенген. 1940-жылдан Жунусаалы уулу Жусупбек, 1964-жылдан Айша Тешебаева директор болуп эмгектенишкен.

1964-жылы бир кабаттуу сегиз жылдык мектептин бир корпусу курулган. 1971-1972-жылдары мектептин жаңы имараты курулуп, он жылдыкка айланган. Ошол жылдары 30 мугалим 500дөй окуучуга сабак берген.

1972-1978-жылдары Үтүр Исмаилов мектепти жетектеген. 1978-1979-жылдары Камилжан Кимсанбаев, 1979-1981-жылдары Тургуналы Осмонов, 1981-1986-жылдары Алима Эргешова, 1986-1996-жылдары Раимберди Өсө-

ров, 1996-1997-жылдары Алмаз Тиллебаев, 1997-2000-жылдары Мансура Мамажанова, 2000-2001-жылдары Айтмамат Осмонов, 2001-2009-жылдары мектептин директордук кызматын аркалашкан. Ал эми 2012-жылдан мектепти Калмамат Осмонов жетектеп келет.

Бул мектепте Камилжан Кимсанбаев, Аллакул Абдраимов, Мамаш Мамасыдыков, Маматкадыр Тажиматов, Эркин Меңдигулов, Үпөл Жуманазаров, Зебикан Алаңбаевалар иштешкен. Ушул тапта мектепте КРнын «Билим берүүсүнүн мыктысы» Мансура Мамажанова, Саламат Таштанбекова, Гүлмира Кимсанбаева, Гүлайым Каракожоева, Зуура Козубаева, Анипа Токторбаева, Максуда Басидиновалар эмгектенишет.

Жазгак орто мектеби





Мектеп 1993-жылы 1-декабрда курулуп, пайдаланууга берилген. 1994-жылы 9-майда ачылышы болгон. Мектептин жалпы аянты 0,84 гектарды ээлейт.

Мектеп 3 корпустан турат. Ага областык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Зебикан Кутманова катышкан. Айылдын социалдык экономикалык абалын жакшыртуу үчүн мына ушул мектепке кошумча имарат керек эле. Ошентип USAID(Кош-Аракет) программасынын негизинде 4 класстык мектеп курулушу башталган, айылдын эли накталай салымдарын кошуп, жардамын беришкен. Андан сырткары натуралай жана жумуш күчү менен да жардам көрсөтүп турушкан. Мектеп тез эле убакыттын ичинде курулуп бүтүп, 2004-жылы ишке киришкен. Бул мектеп мурда 1992-жылдарда балдар бакчасы үчүн даярдалып, курулган пайдубалдын үстүнө тургузулган. Андан кийин айылдын калкы мектептин айланасын тосуу боюнча 2005-жылы АРИСтин программасы менен иштеп, анда өз салымдарын кошуп, уюшкандык менен жардамдарын беришкен. Андан сырткары 2007-жылы республикалык грант менен кошумча актовый залы жана мектептин курулушу башталып, ага айылдын элдери чоң салымдарын кошушкан. Ал мектеп мурда алынып келинген темирлер бетондор менен курулган. Ошентип мектептин үч башка имараты, үч башка убакта курулган.

1-корпус 120 орунга ылайыкташып, 1993-жылы, 110 орундуу 2-корпус 2005-жыл,

90 орундуу 3-корпус 2007-жылы курулган.

Мектепте 22 мугалим эмгектенет.





Мектепти жетектеген директорлор:

Чыйбылов Зайир, 1993-1997-жылдары
Жусупов Бекен, 1997-2005-жылдары
Сарымсаков Мусурат, 2005-2007-жылдары
Мырзалиева Гүлайым, 2007-2013-жылдары
Аджибекова Парида, 2013-2015-жылдары
Ал эми Ажыкулова Айгул 2015-2017-жылдары иштешкен.



Мектебинин биринчи директору.

Чыйбылов Зайир 1963-жылы 14-ноябрда колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Жети жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. М.И.Калинин атындагы орто мектебинде 8-классты аяктаган. Андан соң, Хыла №17- орто мектебинен 9-10-классын ийгиликтүү бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун колхоздон учечиктен баштаган. Ош мамлекеттик педагогикалык институнун биология факультетине тапшырып, 1982-1984-жылдары аскердик кызматын өтөгөн. Жоокердик милдетин эң мыкты өтөгөндүгү үчүн аскердик бөлүктүн грамоталары менен сыйланган жана 25 пайыз эмгек акы кошумча төлөнсүн деп чечим чыгарылган. 1984-1987-окуу жылын бүтүрүп, М.И.Калинин орто мектебинин колдоосунда окуу бөлүмүнүн башчылыгына которулган. 1988-1989-жылдары мектепти жетектеген.

1990-жылы жер титирөөнүн натыйжасында окуу корпусунун бир бөлүгү жараксыз болгондуктан, жаңы мектеп курууга туура келген. Мектептин курулушу 1991-1992-окуу жылында жүргүзүлүп, 1993-жылы бүткөрүлүп, октябрдан мектеп ишке түшүп, жаңы кадрлар менен толукталган. «Жазгак» деген наам алып, толук эмес орто мектеби түзүлүп, мектеп жетекчилигине дайындалган. 1997-окуу жылында өз арызы менен ден соолугуна байланыштуу кызматынан бошотулган.



Сарымсаков Мусурат

1980-жылы 20-майда Ноокен районундагы Момбеков айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Алгачкы 1984-жылы Наристе №16-балдар бакчасында мектеп жашына чейин тарбияланган. 1986-жылы жашы жеткенде Кыла №17-орто мектебине 1-класска кабыл алынган. Ал мектепте өзүнүн жүрүш-турушу, мыкты билим алуусу менен классташтарынан айырмаланган. Ушул эле мектепти 1997-жылы ийгиликтүү аяктап, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин информатика факультетине тапшырган. 2001-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, атайын адистикке ээ болгон. Алгачкы эмгек жолунда Жазгак орто мектебине математика жана информатика мугалими болуп ишке кабыл алынган. Андан соң Кыла №17-орто мектебинде эмгектенип, 2004-жылы окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. 2005-жылдан Жазгак орто мектебине директор болуп эмгектенген. 2007-жылы өз арызынын негизинде жумуштан бошогон.

Ажыкулова Айгул



Жазгак №34-орто мектебинин мурдагы директору.

1965-жылы 7-октябрда Ленин районундагы Үч-Коргон селосунда туулган. Жети жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. 1982-жылы Рахманжан атындагы №13-орто мектебин аяктап, ошол эле жылы Ош мамлекеттик институтунун филология факультетинин студенти болуу бактысына туш келип, 1987-жылы аяктаган. Алай районунун Дарaут-Коргон айылындагы Коммунист орто мектебинде эмгек жолун баштаган. 1990-1994-жылдары Рахманжан атындагы №13-орто мектебинде иштеген, 1994-жылдан 2010-жылга чейин Кыла орто мектебинде эмгектенген. 2010-2015-жылдары Наристе №16 - балдар бакчасында директор болуп иштеген. 2015-жылдын март айынан 2017-жылдын башталышына чейин Жазгак №34 -орто мектебин жетектеген.





Малик Акчабаев атындагы №44- орто мектеби



Аталган мектеп 2007-жылы пайдаланууга берилип, окуучулар жаңы жана таза мектепте окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бирок, заңгыраган мектеп салынганы менен ички жасалгасы, керектүү эмеректердин жетишсиздиги, окуу китептеринин жоктугу көйгөйдү жараткан. Демек, материалдык-техникалык базаны чыңдоо зарылдыгы турган. Анан да кадр маселеси жетишсиздикти жараткан. Дагы бир көйгөлүү маселе таза суунун жоктугу эле.

Ушундай шартта мектептин директорлугуна Урмат Султанова келген. Ал жаңы мектептеги биринчи ишин таза



суу чыгаруудан баштаган. Ага Бостон айылынын тургундары жардамга келишип, алардын акчалай колдоосу менен үч кудук курууга жетишкен. Мында айылдык кеңештин депутаты Ташмамат Стамбаев, айыл тургундары Курманбек Кенжеев, Рахимжан Шахабидинов, Мырзаабдулла Абдырахмановдор чоң жардам беришкен. Мырзаабдулла Абдырахмановдун демилгеси менен айылдагы алгачкы мугалим Тешебай Эргешовдун үй-бүлөсүнүн колдоосу менен усулдук бөлмө заманбап жасалгаланып, ага мына ушул билим саяпкеринин ысмы берилген. Ошондон тарта ар жылы демөөрчүлөрдүн жардамы менен класстык кабинеттер жабдылып турган. 2009-жылы Бостондогу «Атлас Коттон» пахта заводу компьютерлер менен камсыздаган. Ошол эле жылы Мерсико 88900 миң сомдук 8 даана китеп шкафы, 8 даана мугалимдер үчүн стол, 16 даана орундук менен жабдыган. Мында «Эмгек берекеси» пахта заводу, ата-энелер жамааттык салым кошушкан. Момбеков айылдык комитети 350 миң сом сарптап жылытуу системасын орноткон. Демөөрчүлөрдүн колдоосу менен мектептин коридорлору жасалгаланган. 2010-жылы ишкер, айылдык кеңештин депутаты Айбек Акчабаевдин жардамы менен жалпысынан 160 миң сомдук каражат сарпталып, эки кабинет евроремонт жасалып, жаңы эмеректер сатылып алынган.

Мектептин материалдык техникалык базасынын чыңдалышына 2011-жылы АРИС жана демөөрчүлөр чоң салым кошкон. 2014-жылы айыл өкмөт тарабынан 360 миң сом сарпталып мектептин айланасын тосмологон. 2015-жылы Жогорку Кеңештин депутаты Бакыт Сыдыковдун колдоосу менен 79000 сомдук эки класс комплект орундук, стол, 150 миң сомдук видеокөзөмөл, 100 000 сомдук интерактивдик доска, 25 миң сомдук проектор, экран,10 000 сомдук ксерокс. 25 миң сомдук ноутбук берилген.



2008-2009, 2010-2011-окуу жылдарында эки жыл катары менен мектеп жаңы окуу жылына даярдык боюнча Ноокен районунда биринчи орунга ээ болгон. «Жылдын мыкты мугалими» кароо-сынактарында мектептин бир катар мугалимдери райондо жеңүүчү болушкан, ал эми предметтик сабактар боюнча өткөн олимпиадаларда райондо биринчи, областта экинчи орундарды камсыз кылган окуучулар болгон. Мектептин окуучулары спорттук олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлеп келишет.



Азыркы Жунусалиев атындагы мектептин тарыхы

(1930-1963-жылдары)

Алгачкы мектеп 1930-жылы молдо казынын атканасында сабатсыздыкты жоюу максатында ачылган.

Мектептин алгачкы мугалимдери Ормонов Назарали, Надиров Сатимбай, Абдувалиев Калмырза, Атантаев Кудайназар, Эгембердиев Сулайман жана башкалар болушкан.

1940-жылы мектептин алгачкы жайы курулуп, 8 жылдык мектепке айланган. Мектеп директорлугуна Кулумбетов директор болуп келип, жаңы мугалимдердин катарына М.Тургунбаев, Б.Кудайназаров, А.Мырзаканов, А.Паязов, А.Талиевдер кошулган. Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарында көп сабаттуу мугалимдер аскерге чакырылып, толук эмес билимге ээ болгон мектеп окуучулары мугалим болуп иштешкен.

Аскерге чакырылгандардын катарында (азыркы аты мектепке коюлган) Ж.Жунусалиев Сталинград алдындагы салгылашууда баатырларча курман болгон. Ошондой эле Б.Кудайназаров согуштан аман кайтып, мугалимдик кесибин улантканы.

Көп кыйынчылыктарга карабастан мектепте окуу токтотулбай окутулуп турган.

1943-жылы мектепти Ж.Жунусалиев,1944-жылы А. Талиев жетектеген.

1946-1962-жылдарда М.Масимов мектеп директору болуп иштеген. Мектеп окуучулары саны жагынан өсүп, орун жетишпей жаңы мектеп куруу талап кылынган. Ошондуктан окуучулар Калинин колхозунун мекемесинде (азыркы Чек айылында) окутулуп турган. Бул жылдарда А. Турдунбаев мектеп директору болуп турган. Бул мезгилдер ичинде Калинин атындагы орто мектеп (азыркы №23 Ж.Жунусалиев) мектеби түптөлүп, билим сапатын жана материалдык базасын чыңдоого карай жол ачылган.

Жаңы доордун жаңы мектеби





1963-жылы Ю.Момбековдун колдоосу астында 220 орундуу жаңы мектеп салынып, ачылышы болгон. Ошондой эле эски Калинин атындагы колхоздун имараты мектепке кошумча корпус катары өткөрүлгөн. Бул жылдарда Т.Адиев андан кийин М. Кубатов мектеп директору болуп иштеген. Айыл жергесинин сабатсыз катмары толук билим алууга шарттар түзүлгөн, түнкү жана күндүзгү окуулар уюштурулган. 1965-1971-жылдарда Ж. Айдаров мектеп директору болуп иштеп, жаңы мугалимдердин катары улам жаңы кадрлар менен толукталып турган.

Бул мезгил ичинде мектеп директору А. Борбиевдин жетекчилиги алдында окуу тарбия процесси толук жолго коюлуп, уюштуруу жана чарбалык деңгээли өскөн.

1983-жылы мектеп директорлугуна Г. Мундузбаева дайындалган. 1986-жылы 1-класстарга биринчи жолу 6 жаштан кабыл алуу жүргүзүлгөн. (бул

мезгилге чейин 7-8 жаштан кабыл алынган). Окуу тарбия процессинде ийгиликтүү аракеттер аткарылган. Окуучулардын сан жагынан артышы жаны кошумча корпус талап кылынып, 1990-жылы 5 класс комплектиден турган корпус куруу иши бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Окуу прцессин практикалык иштер менен айкалыштырып, сапаттык өзгөрүүлөр, анын ичинде билим сапатын көтөрүү жана тарбиялоо, окутуу системасында жаңы новатордук ыкмалар иштеп чыгуу жана аткаруу жолго коюлган. Окутуунун материалдык-техникалык базасы чыңдалган жана лингафон каанасы, лабораториялык кааналар менен толукталган.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы келип чыккан өлкөдөгү экономикалык кризис, билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келген. Бул мезгилдерде мектеп директорлугуна З. Чыйбылов дайындалган

1993-жылдары мектеп тарыхында чукул бурулуштун мезгили болду. Бул жылы Жазгак айылында №34-толук эмес билим берүүчү орто мектеп ачылып, мектептин материалдык базасы 2ге бөлүнүп, кадрлардын жарымы бул мектепке тартылган. Математика, тарых, чет тил, география, химия, процессинин төмөндөшүнө алып келген. Калинин атындагы №23-орто мектеби Ж.Жунусалиев ысымына өзгөртүлгөн.

1994-жылы мектеп директорлугуна К. Жүдөмүшова дайындалган. 1998-2001-жылдары мектеп директору болуп, К. Сейдибакасова иштеген.

1999-2001-жылдарда М. Рахманова мектептин директору болуп иштеген. Бул мезгилдерде басым негизинен кадрлар менен толуктоого аракеттенип, мектептин уюштуруу жана тарбиялык иштери жолго коюла баштаган. Ал эми «Келечек» балдар жана өспүрүмдөр уюму түзүлгөн. Окуу тарбия процесси сандык өзгөрүүлөргө жеткен.

2002-жылы мектеп АБР тарабынан 1-жолу капиталдык ремонттон өтүп, кошумча класс комплектиден турган корпус бүткөрүлгөн, мектепке электрдик









жылытуу системасы киргизилип, отун-энергия запастарын сактоочу жай курулган.

2007-жылы АРИС тарабынан мектепте спорт аянтчасы курулуп, керектүү спорттук шаймандар менен жабдылды.

2007-жылы ОБСЕ тарабынан маалымат ресурстук борборун ачууга жетишти. Мектеп жаңы жаш кадрлар менен толукталган.

2011-жылдан тартып мектеп директору болуп Аджибекова Парида дайындалды. Аджибекованын демилгеси менен мектеп базасы чыңдалып, окуу процесси кыйла алдыга жүрдү.

Жетишсиз кадрлар толукталып, предметтик ачык сааттар тез-тез өткөрүлүп жана усулдук иштер жайылтуу жана мугалимдердин билимин жогорулатуу, куррикулум программасы киргизилүүдө.

Мектеп тарыхындагы директорлор

Жунусалиев Жусупбек (1914-1942)

1914-жылы азыркы Майлуу-Сай шаарынын үстүндөгү Көлмөн жайлоосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жусупбек билимге жашынан кызыккан. Ошентип окууга дилгирленип жүргөндө Базар-Коргон районунда ачылган жаштардын мектебинде 1 жыл окуйт. Окууну бүткөндөн кийин Ленин районунун Бүргөндү кыштагында Кызыл-Кыя, Жаңы-Арык мектептеринде мугалим болуп иштеген. Кийин Момбеков (мурунку Хиля) кенешине караштуу Кыла мектебинде да эмгектенет. Андан кийин ошол эле кыштак кенешиндеги Калинин мектебине директор болуп которулат, ушул кызматта 3 жыл үзгүлтүксүз, дилгирлүү жана кызматын сүйүү менен иштеген. Ушул жерде иштеп жатканда Улуу Ата Мекендик согуш башталат.

Эр азаматтар элин-жерин коргоочу азаматтардын катарында Жусупбек Жунусалиев да бар эле. Ал 1941-жылы аскердик чини боюнча улуу лейтенант Ж.Жунусалиев Панфиловчулардын дивизиясында кызмат өтөгөн. Алгач бөлүмдүн, кийинчерээк взводдун командири болуп душман менен согушкан. Москванын алдындагы каттуу салгылашууда 1942-жылы баатырларча курман болгон.

Мектеп жетекчилери:
Масимов С
Адиев Ташкара
Кубатов Мейманкул
Борбиев Акымбай
Мундузбаева Гуля
Чыйбылов Заир
Жүдөмүшова К
Сейдибакасова Гүлсүн
Рахманова Мейликан
Аджибекова Парида



Мектептин азыркы директору Шайыргүл Чыйбылова.

Билим саяпкерлери

Мамадалиев Шакир (1925-2008)



1925-жылдын 20-июнунда Ош областынын Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинин Калинин атындагы колхоздо колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал өзүнүн өмүр баянында минтип жазат: «Мен 1936-жылга дейре ата-энемдин тарбиясында болуп,ошол жылы Хиля мектебинин 1-классына кирип окуп, 1942-1943-окуу жылында 7-классты бүттүм. 1943-жылдын июль айынан 1946-жылдын сентябрь айына чейин катардагы колхозчу болуп эмгектендим».

Анын өмүр баянында жазылгандай 1946-жылдын сентябрь айынан тартып, Каганович, азыркы Ж.Турусбеков атындагы мектепте мугалим болуп эмгек чыйырын баштады. Бул жерде 1948-жылдын 25-августуна чейин окуучуларга сабак берди. Ошол мезгилден тартып, Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайынын студенти болуу бактысына жетишти. Анткени, анын келечек муундарга билимдин чыныгы уюткусун берген мугалимдик кесипке ээ болуу максаты бар эле.1951-жылы аталган окуу жайын аяктап, мына ушул ой-максатына жетишти.1951-жылдын августунан баштап, Карл Маркс атындагы мектепте, андан соң,1952-1953-окуу жылында Хиля мектебинде иштеп, мугалимдик кесиптин түйшүгүн тартып, ардак менен эмгектенди.1965-жылдан Калинин атындагы сегиз жылдык мектебинде эмгектенип, 1986-жылга чейин билим берүү тармагына эмгек сиңирди. Жалпысынан анын 41 жылдык эмгеги окуучуларга билим жана тарбия берүүгө арналды. Билим берүү тармагындагы көп жылдык үзүрдүү эмгеги үчүн «Кыргыз республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисине, «Эмгек ардагери» медалына татыктуу болду.

Бул инсан өз кесибинде мол тажрыйба топтоп, өз адистигинин устаты болду. Ал башкалардан өзгөчөлөнгөн сөзгө чебер, тунук акыл-ойго бай, турмушка болгон көз карашы терең, ар тараптан өрнөк алчу инсан эле. Куюлуштура жамактатып жазып, ыр түрмөктөрүн тизмектеп, төгүлө сөз берметтерин ак баракка калтырды. Кыргыздын кырк уруусун иликтеп, Саяк уруусунун санжырасын жазып, бирок, аны өзүнчө китеп кылып чыгарууга мүмкүнчүлүгү болбоду. Айрым бир адамдар андан көчүрүп, жазып алып, автор болуп да калышты. Бирок, анын эмгегин билгендер ошол санжыра Шакир Мамадалиевге таандык экендигин сезип жүрүштү.

Өмүрлүк жубайы Инабат менен 55 жыл чогуу жашап, бу тирүүлүктө ынтымактуу жашоо кечиришип, төрт уул, жети кызга татыктуу ата-эне болушту. Бул инсан 2008-жылдын 31-мартында 80 жашында дүйнө салды. Бирок, ал өмүр жана эмгек жолу менен өрнөк болгон замандын чыныгы инсаны катарында жашап өттү. Ал өз балдарынын жакшы тарбия алышына чыныгы аталык камкордугун көрдү. Алардын таза иштеп, таза жашашына мына ушул инсандын чоң таасири бар. Анын көзү өткөндөн кийин өзү жашаган айылдын көчөсүнө мына ушул кадыр-барктуу инсандын ысмы коюлду.

Жубайы Инабат Мамадалиева азыр уул-кыздарынын төрүндө бактылуу карылыктын доорун сүрүп олтурган кези. Ал кезегинде жолдошуна татыктуу жар, балдарына сүйүктүү эне болду. Катарынан алмончоктой болгон наристелерин жарыкчылыкка алып келип, аларга чыныгы энелик мээримин, тарбиясын берип, колхоз мезгилинде чарбанын өндүрүшүндө үзүрдүү иштеди. Кезегинде кетмен чапты, гозо көчөттөрүн бапестеп бакты, башкалар сыяктуу өсүмдүктүн түбүндө анын бешене тери тамды, ак ниет эмгектенди. Пахта бышкан мезгилде таң агарып атпастан талаага келип, этек толтура пахта төгүп, алдыңкы теримчилердин сабында болду. Жигердүү иштеп, татыктуу жашады. Өзү сыяктуу эмгек алдыңкыларынын катарында ага да «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылды. Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн төшүнө жаркыратып, «Баатыр эне» орденин такты. Азыр 81 жаштагы бактылуу эне 43 небере, 41 чеберенин таалайлуу чоң эне, бактылуу тайэнеси.

Бул инсандар үлгүлүү өмүр сүрүшүп, жакшы адам катарында жашашты. Шакир Мамадалиевдин артында «чыныгы мугалим, ак ниет инсан эле» деген жакшы ат калды. Шурудай тизип, дептер-дептер жазган ырларын, санжыраларын байбичеси Инабат эне аспиеттеп ушул күнгө чейин сактап келет. Анын качандыр бир мезгилде ал өстүргөн балдарынын бири өзүнчө китеп кылып, жарыкка чыгараар деген арзуу үмүтү бар. Ал өз балдарына тарбия болсун деп ыр түрмөктөрүн жазып калтырган.

Жашоо бар жерде, жыргал бар,
Шаңданып ырдаар ырлар бар.
Жүлүнүңдү сыздатып,
Жүрөктө жаткан сырлар бар.
Өлүмдүн жүзү курусун,
Өзөккө тоңгон муздар бар.
Өңгөчүңдөн кетпеген,
Өңдү үшүтөр ызгаар бар.
Үй ичинде үн созуп,
Үн алышса кыз балдар,
Өбөктөп үйдүн сыртында,
Өкүрсө уул-урпактар.
Эне-атадан төрөлүп,
Эчен жыл өтүп арадан.
Балапан куштай бапестеп,
Башына болуп саябан.
Ата-энени көрбөдүм,
Балакатка жеткиче.
Баладан кызмат аяган,
Шаабы, же жеткен кедейби,
Ким болсо дагы карыганда,
Келечек күтөт баладан.

Мен да ошолор сыяктуу,
Мээримди төгүп караган,
Үмүтүм терең дайрадай,
Алысмын чексиз санаадан.
Жоомартбек, Талант, Медербек,
Кенжетай уулум Раушанбек,
Булар-канымдан бүткөн балдарым,
Кызматыма жараган.
Тарбиялап өстүрдүм,
Таап алган жокмун талаадан.
Бир бирине жөлөнүп,
Өнүп-өстү балдарым.
Бир тушкан жатындаш,
Бир бири менен акылдаш.
Эркe, Барча, Гүлбайра,
Венера, Айнур, Жамийла,
Эң кенжеси Замира,
Ээрчишип өскөн кыздар бар,
Бул жетөөнөн тышкары,
Зымыраткан, Зулхумар,
Алтын, Күмүш,Зейнепкан,
Булардан кичүү Малика,
Ээринден кетпес татымдуу,
Этегинде туздар бар.

Абдыжапаров Орунбай (1927-1972)



1927-жылдын 10-апрелинде мурдагы Ачы, азыркы Сузак районунун Октябрь кыштагында туулган. Мектептеги алган билимин Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик университетинде улантып, кыргыз тили жана адабияты адистигине ээ болгон.

Анын биринчи эмгек жолу мектепте окуучуларга билим берүү менен башталган. 1944-жылдан Батышта согуш жүрүп, тылда колхоздордо жумуш күчөп турганына карабастан, Ачы районунун Октябрь башталгыч мектебин жетектегенден тартып окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүүгө өзгөчө көңүл бурган. 1945-жылдан Ачы райондук билим берүү бөлүмүндө мектептер боюнча инспектор, 1946-жылдан Октябрь мектебинде физика-математика мугалими, 1947-жылдын 15-августунан башталгыч мектептин директору болуп иштеген. 1950-жылдан тартып, Ачы районундагы «Большевик» мектебин жетектеген. 1951-жылдан мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштеп жатып, окуу бөлүмүнүн башчылык милдетин да аткарган.

Анын эмгек жолу 1956-жылдан Ленин районундагы Коминтерн орто мектебинде директор болуп иштөө менен улантылган. Андан соң, 1958-жылдан Коммунизм мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштеген. 1960-жылдан Сталин атындагы мектепте орус тили мугалими, 1962-жылдан Калинин атындагы мектепте орус тили мугалими, 1967-жылдан Кыла орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп 1969-жылга дейре эмгектенген. Ал өзүнүн билимин жана көп жылдык эмгегин жалаң билим берүү тармагына келечек ээлерине татыктуу билим жана тарбия берүүгө, мектептердин материалдык техникалык базасын чыңдоого арнаган, билимдин сапатын жакшыртууга жумшаган. Ал бул тармакта татыктуу жана келечектүү кадрларды даярдаган жана алардын чыныгы тарбиячысы жана устаты болгон.

Бул инсан билим берүү тармагына чоң эмгек сиңирип, тажрыйба топтогон, кадыр-баркка ээ болгон. Бул инсан 1972-жылы жапжаш курагында бул тирүүлүк менен кош айтышкан.

Сабыр (1928-1990)



1928-жылы 7-январда Ош областынын Ленин районуна караштуу Кыла айылында төрөлгөн. Орто мектепти ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин, колхоздо бухгалтер болуп иштеп туруп, 1950 -1954-жылдары Советтик Армиянын катарында, авиациялык полкто кызмат өтөгөн.

1948-жылы А. С. Пушкин атындагы Жалал-Абад мамлекеттик мугалимдер институтуна өтүп, аны 1950-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. 1950-жылдан 1955-жылга чейинки аралыкта Базар-Коргон мектебинин жана Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептин директору болуп иштеген.

1956-жылдан 1959-жылга чейин Ленин районунда райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын чоң жоопкерчилик менен аткарып, бул жумушта жемиштүү иштеген.

1957-1961-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн. 1968-1972-жылдары Ломоносов атындагы мектеп-интернатта директор, 1972-жылдан баштап өмүрүнүн аягына чейин Ж. Турусбеков атындагы мектепте мугалимдик кесипте иштеп келген.

11 баланын камкор атасы болгон, жубайы Арзыкулова Уулкан көп бала төрөп өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне” ордени менен сыйланган. Алган жары менен бирге балдарына жакшынакай тарбия берип, бардыгын жогорку билим алууга жеткирген.

Анын көпчүлүк окуучулары азыркы убакта эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында, мамлекеттик бийлик органдарында жана ар кайсы мекемелерде үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Арзыкулов Сабырдын эл-жери үчүн жасаган ак ниет эмгегин өкмөт жогору баалап, ага “Эмгек ардагери” медалын, Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 30,40 жылдык юбилейлик медалдарын, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалын жана башка көптөгөн сыйлыктарды ыйгарган.

Сабыр Арзыкулов кайсы жерде гана эмгектенбесин, өзүн принципиалдуу, ак көңүл, кайрымдуу, ишине терең берилген адам катары көрсөтө алган. Айрыкча жолдошторунун, теңтуштарынын, кесиптештеринин арасында кадыр-баркка ээ, сыйлуу жана эң жөнөкөй инсан болгон.

Ал аз, бирок өрнөктүү жашап өттүкөн. 1990-жылы ал бул ааламдан кеткен күнү бар болгону 68 жашта эле.

Мамасыдыков Мамаш (1928-2000)



1928-жылдын апрель айы мына ушул инсандын ыңа-алап жарык дүйнөгө келген убагы. Кыла селолук Советинде карапайым үй-бүлөдө туулган. Ал балалыгынан эле тетик, турмушка дилгир болуп өскөн. Ошол кезде Совет өкмөтүнүн курулганына он бир жыл болгон. Жер-жерлерде ачылган мектептерде барган сайын шарт жакшыртыла баштаган. Бирок, азыркыдай заңгыраган имараттар болбосо да, билим берүүнү жакшыртууга болгон аракеттер тынымсыз жүргөн. Ошол кезде ал Ленин районунун борборунда (ал кезде Масы) жайгашкан №1-мектептин босогосун аттап, жетинчи классты ийгиликтүү бүтүргөн. Окуп билим алууну эңсеген өспүрүм 1949-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайынын студенти болду. Ошол мезгилден тарта көбүнөн өзгөчөлөнүп жакшы окуп, мыкты адис болуп чыгууга умтулду. Убакыт учкан куш сыяктуу мезгил закымдап, анын окууну аяктаар кез да келди. 1951-жылы аталган окуу жайын бүтүрүп, мугалим адистигине ээ болду.

Биринчи эмгек жолу өз айылындагы Кыла мектебинин башталгыч класстарынын окуучуларына сабак берүү менен башталды. Ар бир сабагын окуучуларга жеткиликтүү өтүү үчүн дайыма алдын ала бышыктап даярданаар эле. Ал ошол мектепте иштеп, дал ушул жерде мөмөлүү дарак сыяктуу канат жайды. Алган билимине кошумча нечен ирет мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуучу курстарды аяктады. Ар биринен жаңылык алып, өз сабагында, өз ишинде колдонуп, улам такшалып, дасыгып жүрүп олтурду. Арадан жылдар өтүп, мурда өзү тажрыйбалуу мугалимдерден үйрөнсө кийин өзү жаш кадрларга устат болду.

Анын колунан келечектеги илимдин кандидаттары, окумуштуулар, көрүнүктүү инсандар өсүп чыгышты. Билим берүү тармагындагы үзүрдүү эмгеги үчүн «КРнын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгисине татыктуу болду.

Жубайы Санталат менен 44 жыл чогуу жашап (13тү төрөп, 7си калган) 4 уул, үч кызды татыктуу тарбиялап, эрезеге жеткиришти. Ал убагында 10дон ашык небере көрдү. Азыр 27 небере, 15 чебереси бар.

Бул инсан 2000-жылдын 22-июнунда 72 жашында ден соолугунун айынан дүйнө салды.

Борбуев Абдималик (1932-2004)



1932-жылы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1942-жылы Каганович атындагы жети мектептин босогосун аттап, билим алууга ынтызар бала адептүү жүрүш-турушу, мыкты окушу менен классташтарынан айырмаланып, 1949-жылы бул мектепти эң жакшы баалар менен аяктаган. Ал билимин андан ары улантып, жаштардын келечеги үчүн кызмат кылуу максатын көздөп, ошол эле жылы Жалал-Абад шаарындагы мамлекеттик педагогикалык окуу жайына келип кирген. Илим-билимге суусаган жаш жигиттин көксөөсү аталган окуу жайын аяктаган убакта-1953-жылы ишке ашкан. «Башталгыч класстары мугалими» деген адистикке ээ болгон жаш кадр ошол эле жылдан Жусуп Турусбеков атындагы, өзү алгачкы билимдин уюткусун алган мектебинен алгачкы эмгек чыйырын баштаган. Бир убакта ушул мектептин партасында олтуруп, агай-эжейлеринен билим алса, ошондон тарта ал өзүнүн мугалимдери сыяктуу досканын жанында туруп алып, классты тегерете карап, анан окуучуларга сабак берүү бактысына туш болгон. Колуна класстык дептерди көтөрүп, бөлмөгө кадам таштап кирери менен бир учурдагы өзү өңдүү бардык окуучулар ордуларынан жапырт тура калып, «саламатсызбы агай» деп айтканын укканда бүт делебеси толкундап, көөдөнүн кандайдыр бир жылуулук уялай түшкөн. Алгачкы толкунануу сезими оо көпкө дейре эсинен кетпей жүргөн.

1968-1969-жылдары ал окуткан 4-«А» классы областта эксперименталдык класс болуп таанылды. Ошол кезде республиканын билим берүү министрлигинен келген Рысбекова бул класска өзгөчө баа берген. СССРдин билим берүү министри Прокофьевдин колунан Ардак грамота менен сыйланган. Үч ирет «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгисине ээ болгон. В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган. Ошентип, ал ошол мектептен эч кайда кетпей 1992-жылга дейре кырк жылга чукул эмгектенди. Окуучулардын чурулдашкан үндөрү, үмүт жанган балбылдаган көздөрү дайыма анын карегинен кетпей турчу. Ал өз окуучуларына канчалык жылуу мээрими менен караса, анын окуучулары да дайыма « агай» деп урмат менен мамиле кылышчу. Анын өз адистигине берилгендиги, мугалимдик кесипти ыйык сактап, жан дили менен сүйө билгендиги анын кадыр-баркын көтөрдү. Кесиптештери арасында да такшалган, дасыккан, тажрыйбасы мол мугалим, чыныгы кесиптеш катарында аброй таап, ошол урмат-сыйы менен 1992-жылы ардактуу эс алууга чыккан. 2004-жылы каза тапкан.

Сариев Аширбек (1933-1981)



1933-жылы 25-мартта Ош облусунун Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1940-жылы башталгыч класска окууга кирип, таалим алат. Кийин 1951-жылга чейин өзү туулуп-өскөн колхоздо бригадир-эсепчи болуп иштеген. Андан кийин Эски Кочкор-Атада мектепте башталгыч класстарга сабак бере баштайт. 1949-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайга кирип, 1953-жылы аны ийгиликтүү аяктап, башталгыч класстын мугалими деген кесипке ээ болуп чыгат. Окуу жайды бүткөндөн кийин Жусуп Турусбеков атындагы мектепте башталгыч класстын мугалими болуп эмгек жолун улантканы.

1975-жылы Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетине кирип, аны 1980-жылы сырттан окуп аяктап, тарых мугалими деген адистикти алып чыгат.

Ал мектепте иштөөдөн тышкары коомдук турмушка, саясий өнөктүктөргө да активдүү катышкан. Эске сала кетсек, 1960, 1970, 1980-жылдары үч ирет СССРдин Бүткүл союздук эл каттоосуна катышкан, элди каттап, эсептөөгө активдүү катышып, бул саясий өнөктүктү ийгиликтүү бүтүрүүгө өз салымын кошкон.

Окуткан окуучуларынын сүйүктүү мугалими, кесиптештеринин кадырлуу адамы, жубайына өмүрлүк жар, уул-кыздарына камкор ата болгон Аширбек Сариев 1981-жылы 15-сентябрда күтүүсүз жерден дүйнөдөн кайтат. Сариев Аширбек өзүнүн аз өмүрүндө билим берүү тармагына өлчөөсүз эмгек сиңирген. Ал балдарга ак-караны таанытып, билимдин уюткусун берген, өз өмүрүн жана эмгегин татыктуу муундарды тарбиялоого жумшаган. Ал аз жашаганы менен окуучулары арасында жакшы мугалим, чыныгы, жөпжөнөкөй инсан катарында калды. Азыркы учурда анын окуткан окуучулары түрдүү кесиптин ээлери болуп иштеп жатышат. Анын Эрмеков Замир, А. Манибаев, Матубраимов Митал, Рахманова Гүлбайра, Мамыров Калдар сыяктуу окуучулары бүгүнкү күндө татыктуу кесиптерди аркалашып, элге кызма кылып келишет. Кезеги келгенде булар «Аширбек Сариев биздин эң мыкты агайыбыз болгон», дешет.

Сариев Аширбек үй-бүлөсүндө да камкор ата болгон, жети баланы-төрт уул, үч кыздуу тарбиялап өстүрдү. Азыркы күндө балдары үй-бүлө күтүп, түрдүү кесипте иштеп жатышат. Атанын сый-урматы азыр да сакталып келет.

Сүйүнбаев Дүйшөналы (1934-2000)



1934-жылдын 14-февралында Ош областынын Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Мазар-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Сүйүнбай Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде эмгек фронтунда Таш-Көмүр көмүр шахтасында иштеген. Ал Мазар-Суу айылындагы мектепте окуп, мугалимдеринен билим алган. Билиминин улантууга умтулган жигит 1963-жылы Токмоктогу маданият техникумун ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол эле жылы Мазар-Суу айылындагы мектепте окуучуларга музыкадан сабак бере баштаган. Алгачкы күндөн ал өзү сүйгөн кесибинде берилип иштеп, балдардын музыка дүйнөсүнө болгон кызыгуусун арттырууга умтулган. Анын кийинки эмгек жолу Токтогул райондук клубду жетектөө менен улантылган. Бул жерде чыгармачыл таланттардын башын бириктирип, райондун элине руханий азык берген. Андан соң, Карл Маркс атындагы мектепте мугалимдик эмгек жолун уланта баштаган.

1966-жылдан Кыла селолук Советине караштуу Жусуп Турусбеков атындагы мектепте балдарга музыкадан сабак берген. Белгилеп кетүүчү жагдай, анын таланттуу кадр экендигин байкаган Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Юсупжан Момбеков атайын мына ушул мектепке келип, окуучуларды музыкага үйрөтүүнү суранган. Ошентип, өнөрлүү инсандын эмгегинен көптөгөн шыктуу улан-кыздар музыка дүйнөсүн үйрөнүшкөн.

Дүйшөналы Сүйүнбаев 1972-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин аяктап, жогорку билимге ээ болгон. Андан кийин Фрунзедеги искусство институнда 3-курска чейин окуп, үй-бүлөлүк шартка байланыштуу аягына чыгара албай калган. Ал мектепте 1992-жылга чейин эмгектенип, аралыгында Кыла орто мектебинин окуучуларына да сабак берип жүргөн. Бул инсан билим берүү тармагында 40 жыл жемиштүү эмгектенген.

Ал музыкалык аспаптарда-комузда кол ойнотуп, аккордеондо сыбызгыта күү черте билген. Тууганбай Абдиев менен эң жакын жолдоштордой карым-катнаша болгон.

Дасыккан мугалим, өз кесибинин устаты 2000-жылы бул жарыкчылык менен коштошкон. Үй-бүлө күтүп, 2 уул, 7 кыздын бактылуу атасы болгон. Анын уул-кыздарынан бул инсандын 25 небереси,10 чебереси жарыкчылыкка келген. Бүгүнкү күндө неберелери да окуп, билим алып, эл керегине жараган азамат болуп чоңоюшту.

Осмонов Тургуналы




1936-жылдын 5-майында Майлуу-Суу шаарындагы Сары-Бээ айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Анын ата-энеси үй-бүлөлүк шартына байланыштуу ошол кездеги Масы районунун Калинин участкасына көчүп келишип, биротоло отурукташып калышкан. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кийин Калинин атындагы мектептен 7-классты бүтүрүп, кийин 10-классты райондук Ленин-Жол орто мектебинен аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгон. Андан соң, билимин тереңдетип, атайын кесипке ээ болууну эңсеген жигит 1956-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин студенти болууга шарт түзүлгөн. Мезгил зымырап, студенттик кездин кызыктуу жана мазмундуу учурларын өз башынан өткөрүп, акыры бул убакыттар да артта калып, 1961-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөн.

Ошентип, ал өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алган кесибине ээ болгондон кийин алгачкы эмгек жолун 1961-жылы Кочкор-Атадагы Ломоносов атындагы мектеп-интернатында мугалим болуп эмгектенүү менен баштаган. Бул жерде 1969-жылга чейин теориялык алган билимин иш жүзүндө терең өздөштүрүп, жөндөмдүү кадр экендигин далилдей алган. Мына ушундай сапаттары менен ал райондун билим берүү тармагында татыктуу жана келечектүү адис катарында айырмаланган.

Райондук жетекчиликтин колдоосу менен ал 1969-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептин директорунун орун басары болуп дайындалып, бул кызматта 1973-жылга дейре эмгектенген. Андан соң, 1974-жылы Шамалдуу-Сай айылындагы орто мектепте директор болуп иштеген, 1979-жылдан тартып, Кыла айылындагы орто мектепти 1984-жылга чейин жетектеген.

1986-1990-жылдары Рахманжан атындагы орто мектебинин директору кызматын аркалап келди. Ал ардактуу эс алууга чыккандан соң, 1992-жылдан тарта ишкердик менен алектенип келди.

Мирзаабдулла ажы Абдурахманов



1936-жылдын 26-майында Бүргөндү айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1956-жылы Маданияттагы Сталин атындагы №20-мектеп-интернатты бүтүргөн.

1956-1958-жылдары Кочкор-Атадагы “Кыргызнефть” өндүрүштүк бирикмесинде жумушчу, оператор болуп иштеген.1958-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетине окууга кирип, тарых факультетинин биринчи курсун бүткөндөн кийин, Ош педагогикалык институтуна которулуп, 1963-жылы орус тили жана адабияты боюнча мугалим адистигин алган. 1963-1965 жылдары Баткен районундагы Дара селолук Советине караштуу “Палал” орто мектебинде мугалим, 1965-1974-жылдарда Базар-Коргон районундагы №20- Фрунзе мектебинде мугалим, 1974-1979-жылдарда Ноокен районундагы №16- Ж.Турусбеков атындагы мектепте мугалим, 1979-1980-жылдары Кочкор-Атадагы №14-академик И. М. Губкин атындагы орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1980-1986-жылдарда Ноокен райондук билим берүү бөлүмүндө методист, инспектор жана райондук кечки жана сырттан окуу мектебинде директордун орун басары болгон. 1986-1996-жылдары кайрадан Турусбеков атындагы мектебинде орус тили жана адабияты мугалими жана коомдук пайдалуу эмгек сабактары боюнча уюштуруучу болуп иштеген.

1999-жылы анын алгачкы “Доор эпкиндери”, 2004-жылы “Өмүр сокмоктору”, 2006-жылы “Муну жашоо дешет”, 2008-жылы “Жылдар белеги”, 2013-жылы “Жашоодогу чоң жолдон кичинекей үзүндүлөр” аттуу китептерин басмадан чыгарган.

2002-жылы мусулманчылыктын бешинчи парзын аткарып кайтат. Ажыдан келип ата-энесине арнап, үй-музей уюштурат. Ал Жалал-Абад областындагы бир катар мектептерде, колледж, лицейлерде окуучулар менен жолугуулар өткөрөт. Китепканачылар менен китеп көргөзмөлөрүн уюштурат. Райондогу №44- М. Акчабаев атындагы орто мектепти камкордукка алган, алар менен тыгыз байланышып келет.

Ал 1969-жылы май айында республикалык алтынчы илимий-практикалык конференцияга доклад менен катышкан. “Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы” (1989), беш жылдыктардын жеңүүчүсү, жогорку категориядагы ага мугалим, КРнын элге билим берүүсүнүн ардагери (2014), бир канча медалдардын ээси.

Кыла селолук советине эки жолу депутат болуп шайланган.

2014-жылдын сентябрь айында Россия Федерациясынын Орел областындагы атасы курман болгон Болхов шаарына барып, советтик жоокерлер, партизандар, офицерлерге арнап орнотулган обелисктен атасынын аты, фамилиясы жазылганын көргөн жана атасы коюлган жердин топурагынан алып кайткан.

Ардактуу агай азыркы күндө Ноокен райондук ардагерлер кеңешинин мүчөсү.


Айдаров Жаркул (1936-2010)



1936-жылы 31-августта Майлуу-Суу өрөөнүндөгү Сары-Бээ айылында жөнөкөй адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Өсөрбай Улуу Ата Мекендик согушка кетип, апасы оорукчан болуп, жаш Жаркул атасынын бир тууганы Сарыков Айдардын колунда тарбияланат. Балалыгы агасынын колунда өтүп, 1956-жылы мектепти аяктаган. Жаш кезинен билим алууну максат кылган жаш өспүрүмдүн Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик университеттин филология факультетинин биринчи курсунун студенти болуу менен тилеги ишке аша баштаган. Аталган окуу жайын 1961-жылы «эң жакшы» деген баалар менен аяктаган. Алгачкы эмгек жолун Ленин районундагы Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинен баштаган. Кийин ишке тың, зирек, келечегинен үмүттөндүргөн жаш кадр катары комсомолдук ишке тартылып, комсомолдун Ленин райондук комитетинин 1-секретарына чейинки кызматтарда иштеген. Андан кийин көп жылдар бою мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болгон. Көптөгөн жеткинчектерди турмуштук туура жолго үндөп, элибиздин каада-салттарын, кыргыздын нукура үрп-адаттарын урматтоого, эл-жерди сүйүп, патриот болууга тарбиялаган. Айрыкча өсүп келе жаткан муундардын сабаттуу жаза билүүсүнө, турмушта кеңири колдонулуучу ар түрдүү иш кагаздардын жазылышын, кай жерде, кандай колдонуларын үйрөтүүгө көңүл бурган. Окуучуларын кай жерде, кандай шартта болбосун адамдык касиетти жоготпоого чакырган. Коммунисттик партия бийлик кылып турган мезгилде ал такшалган агитатор, тажрыйбалуу пропагандист катары ар түрдүү коомдук иштерге активдүү катышкан, түрдүү шайлоолордо, эл каттоолордо иштеген, партия менен өкмөттүн чыгарган чечимдерин, кабыл алган токтомдорун элдин калың массасына жеткирүүгө жан үрөп кызмат кылган. Тажрыйбалуу мугалим, КРнын «Эл агартуусунун отличниги», өмүрүнүн 52 жылын агартуу системасына арнаган. Айдаров Жаркул төрт кыз, төрт уулду өстүрүп, жогорку билимге ээ кылган, алардан элүү жылга жакын бирге түтүн булаткан жубайы Энекан менен бирге отуздан ашык неберелерди көргөн. Азыркы мезгилде алардын ар бири өз алдынча очор-бачар жашоо кечирип келишет.

Жаркул Айдаров 2010-жылы жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Кимсанбаев Камилжан (1936-1984)



1936-жылдын 10-мартында Ленин районуна караштуу Кыла айылында туулган. 1950-жылы Кыла башталгыч мектебинин 7-классын бүтүргөн. 1950-жылдан 1953-жылга чейин №1-Ленин жол орто мектебинде окуган. Мектептен алган билими менен чектелбей, андан ары улантууну көздөгөн өспүрүм 1953-жылы Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер институтунун кыргыз тил, адабияты факультетинин студенти болгон. 1955-жылы аны бүтүп, жети жылдык Калинин мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. Ошол эле жылдын аягында Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик милдетин 1958-жылы өтөп келгенден кийин кайрадан эмгек жолун мектепте окуучуларга билим берүү менен уланткан. Өз ишине тың, билимдүү адис билим берүү жетекчилеринин көз кырынан өтүп, ишенимге ээ болуп, 1959-жылдан окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1963-жылы Кыла мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулуп, 1978-жылга чейин ошол мектепте ошол кызматта иштеген. 1978 - 1979-жылдары Кыла орто мектебинде директор кызматын аркалаган. 1980-1982-жылдары директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болгон. 1982-1984-жылдары ден соолугуна байланыштуу катардагы мугалим болуп иштеген. Андан көп узабай 1984-жылдын 4-августунда, 48 жашында дүйнөдөн мезгилсиз көз жумган.

Бул инсан билим берүү тармагындагы татыктуу эмгеги үчүн 1970-жылы 21-мартта СССРдин Жогорку Советинин жарлыгы менен В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган “Күжүрмөн эмгеги үчүн”, 1984-жылдын 38-июлунда “Эмгек ардагери” медалдары менен сыйланган. Эң өкүнүчтүүсү бул сыйлык ага көз жумгандан кийин ыйгарылган.

Кимсанбай Камилжан үч кыз, үч уулдун атасы болгон, азыр небере, чеберелери бар. Ал тууралуу ар түрдүү учурларда, “Чындык үчүн ар дайым чырылдаган инсан болгон” (Ү.Жуманазарова), “Ишинде да, турмушта да тактыкты тыкандыкты сүйгөн агай болгон” (М.Мамажанова), “Өтө боорукер, жароокер жана шайыр инсан эле” (Т.Каракожоева), “Мектепке келген жаш мугалимдерге атадай камкордук кылып, өз үйүнөн орун берчү” (З.Койчубаева) деген сыяктуу эскерүүлөр ар түрдүү басылмаларда жарыяланган. Камилжан Кимсанбаевдин көзү өткөндөн кийин жана азыркы учурда да анын өз ишине берилген, жөнөкөй, адамгерчилиги мол, дегиси адамдык эң мыкты сапаттарга бай татыктуу инсан экендиги айтылып келет. Ал аз жашаса да, үзүрдүү жана жемиштүү иштеп, татыктуу жашап өттү.

Молдобеков Өзгөнбек



1938-жылы 5-майда Өзгөн районунун борборунда төрөлгөн. 1964-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктап, кыргыз адабияты жана кыргыз тили мугалими адистигине ээ болгон. Анын алгачкы эмгек чыйыры Сакалды орто мектебинде өз адистиги боюнча башталган. 1970-жылдан Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте директордун окуу иштери боюнча орун басары, ошол эле жылдын 25-августунда Ленин райондук билим берүү бөлүмүндө методист болуп эмгек жолун улантты да, бул кызматта 1993-жылга дейре эмгектенген.1993-жылдан Кара-Булак айылындагы тогуз жылдык мектепке директорлукка дайындалды. Тоо арасындагы бул мектепте 1998-жылга чейин иштеп, аталган билим уясынын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо, билимдин сапатын көтөрүүдө жемиштүү иштеди. Анын уюштуруучулук аракети менен Кара-Булак айылында жаңы мектептин курулушу курулуп, бүткөрүлүп, мектеп окуучулары таза жана заманбап билим уясында окууга ээ болушту. 1998-жылдан Кочкор-Атадагы Семетей атындагы орто мектепте директордун окуу иштери боюнча орун басары кызматында эс алууга чыкканга-2000-жылга дейре эмгектенди.

Эс алууга чыгып да үйдө олтуруп калган жок. 67,5 теше жерди иштетип, пахта экти, түшүмү мол болду. Кийин беде, андан соң, жүгөрү өстүрдү. Бир кездеги билим берүүнүн адиси ошентип, жер өздөштүрүп, жер сырын да билди.

Анын билим берүү тармагындагы үзүрдүү эмгеги КРнын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, КРнын «Билим берүүсүнүн мыктысы», төрт жолу «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү», райондун «Ардагер мугалими» төш белгилерине татыктуу болду.

Төрт кыз, эки уул, сегиз небере, сегиз чеберенин таалайлуу атасы, чоң ата, таятасы болду. Жубайы Акчайым Токторалиева менен элүү эки жыл чогуу ынтымактуу жашоо кечиришип, татыктуу балдарды тарбиялап, өстүрүштү. Анын кесиби да мугалим болчу. Бул тармактагы үзүрдүү эмгеги үчүн «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү», «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгилери менен сыйланган. 1964-жылдан 1992-жылга чейин билим берүү тармагына эмгеги сиңген дасыккан мугалим 2015-жылы 74 жашында бул жарыкчылык менен коштошкон.

Ал эми Молдобеков Өзгөнбек азыр Көп-Там айылында дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип жаткан убагы.

Атамурзаев Набижан



1939-жылдын 30-майында Ленин районунда туулган. 1965-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтту бүтүрүп, жогорку билимдүү чет тили мугалими адистигине ээ болгон. Алгачкы эмгек чыйыры мурдагы Рахманжан атындагы колхоздун аймагында жайгашкан, азыркы Тешебай Орозматов атындагы орто мектепте англис тили мугалими болуп иштөө менен башталган. Андан соң, 1966-1973-жылдардын аралыгында Коминтерн, азыркы Төрөгелдиев атындагы орто мектепте алгач мугалим, кийин директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары, андан соң окуу бөлүмүнүн башчысы, тактап айтканда директордун окуу иштери боюнча орун басары кызматтарын аркалап, билим берүүнүн сапатын көтөрүү, тарбия берүүнү жакшыртуу багытында баа жеткис эмгек сиңирген. 1973-жылдан бул билим саяпкеринин эмгек жолу Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте улантылып, бул жерде биринчи англис тили мугалими, анан директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары кызматтарын 1993-жылга чейин аркалаган. Анын билим берүү тармагындагы баа жеткис тажрыйбасы, уюштуруучулук мыкты сапаттары эске алынып, райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчилигинин ишеними жана мугалимдер жамаатынын колдоосу менен аталган мектептин директорлугуна дайындалган жыл 1988-жылга туура келет. Мына ушул мезгилден тартып, үч жыл бул билим уясын жетектеп келди.

1978-жылы бир сезондо өз колу менен 9609 килограмм пахта терип, мамлекетке тапшыргандыгы үчүн да анын эмгеги Ардак грамота менен бааланган. Мындай көрсөткүчтү бардык эле пахтачылар да жарата беришкен эмес.

Набижан Атамурзаева өзүнүн 49 жылдык эмгек жолунун аралыгында райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы инспектору болуп иштөө менен бул ирет жалпы райондун мектептеринде билимдин сапаты жана окуучуларга берилген тарбиянын чыңдалышы үчүн салым кошуп келди. 1993-жылдан тартып, 2012-жылга дейре Кочкор-Ата шаарындагы колледжде мугалим болуп эмгектенди.

Анын билим берүү тармагындагы эмгеги бааланып, 1978-жылы «Ардак белгиси» ордени, 1979-жылы Кыргыз ССРинин «Эл агартуусунун отличниги», 2009-жылы ЖАМУнун «Эмгек сиңирген кызматкери», 2014-жылы Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан «Билим берүүнүн ардагери» төш белгилери менен сыйланган. СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышкан.

Бул инсандын 6 баласы, 22 небереси, 10 чебереси бар. Бул таалайлуу адамдын өмүр бактысы. 2012-жылы Сауд Аравияга-Меккеге барып, мусулманчылыктын ыйык парзын өтөп, Ажы болуп кайткан.

Борбиев Сонунбү



1941-жылы 6-декабрда Ноокен өрөөнүндөгү Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ошол кездеги кээ бир шарттарга байланыштуу мектептин 7-классын аяктап, кийин 1959-жылы орто мектепти бүтүргөн. Мектепти аяктары менен эле жапжаш кезде Осмонов Тургуналыга турмушка чыгып, аны менен өмүрлүккө баш кошкон. Кийин борбор калаадагы кыз-келиндер институтунун 2-курсунан кийин шартка байланыштуу Ош мамлекеттик институтунун математика бөлүмүнө которулуп, окуусун уланткан. Ошол мезгилде ал үч балалуу таалайлуу эне эле.

Анын эмгек жолу эң алгач Жусуп Турусбеков атындагы орто мектебинде математика мугалими болуп иштөө менен башталган. Анын бул билим уясындагы эмгек жолу 1961-1979-жылдарды өз ичине камтыды. Өзүнүн бар күчүн, билимин жана эмгегин жаш муундардын эң мыкты тарбия алып, билимге жетишине сарптады. Бул мектептеги эмгек жолунун беш жылында директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарлыгына арнады.

Анын кийинки эмгек жолу мектептен балдар бакчасына багытталды. Тактап айтканда 1979-1993-жылдары Калинин атындагы колхоздун аймагындагы жайгашкан балдар бакчасын жетектеген.

Дал ушул жерде иштеп жатып, 1993-жылдан ардактуу эс алууга чыкты. Бул мезгилде ал турмуштук да, эмгектик да чоң тажрыйбага жетишкен. Ошентип, ал өзүнүн кадырлуу өмүрүн балдарынын төрүндө неберелеринин маңдайында алардын күлкүсүнө, бал тилине машырланып эс алып олтурууга арноону каалады. Ал жолдошу менен уул-кыздарынын жакшы тарбия алышына, кесипке ээ болушуна чогуу камкордук көрдү.

Ушул тапта кыздарынын туну Гүлнара Бишкекте медициналык колледжде мугалим. Заирбек-бизнесмен, анын өзүнүн нан чыгарчу заводу бар. Мараттын кесиби экономист, ушул тапта ишкердик менен алектенет.

Азыркы мезгилде беш уул, бир кыздын төрүнүн көркү, он төрт небере, жыйырма бир чеберенин таалайлуу чоң эне, тай энеси.

Бабашов Сапарбай



1948-жылдын 25-майында Ленин районунун Кыла селолук Советинде туулган. Атасынын атасы Акмат Кылада бий болгон дешет. Совет бийлиги орногондо байлыгы менен бийлигин өткөрүп бериптир. Ошондуктан, ал бир топ байлар сыяктуу жазаланган эмес. Эки уулунан бири жайлоодо каза таап, бир уулу Бабаш калган. Ал үй-бүлө күтүп, үч уул, үч кыздуу болгон. Кенже уулу Сапарбай бир жашка чыкканда атасы каза таап, апасы Зейненин тарбиясында калган. Ал мектепке киргенден тартып, ынтызарлык менен окуп, 1960-жылы Кыла башталгыч мектебин эң жакшы баалар менен аяктаган. Андан соң, Калинин сегиз жылдык мектебин аяктаган. 1965-1968-жылдары Жалал-Абаддагы Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайында окуп, жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарын окутуу адистигин бүтүрдү. 1968-жылы Кыла мектебинде башталгыч класс мугалими болуп эмгек жолун баштаган. Ошол эле жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, алгач танкалык аскердик бөлүктө офицердик курста эки ай окуп, кенже лейтенант аскердик чинине ээ болгондон кийин Германиянын Магденбург шаарында Хиллер-Слебин кыштагынын жанында аскердик базада эки жыл (1968-1970) кызмат өтөгөн. Ал Армияда жүргөндө КПССтин катарына кабыл алынган. Акырында ага ага лейтенант аскердик чини берилген.

Андан кийин 1971-жылдан Кыпчак-Талаада карлик классында, андан соң Карл Маркс атындагы орто мектебинде, Кыла мектебинде башталгач класстар боюнча мугалим болуп иштеген. Мектепте иштеп жаткан учурунда Кыргыз мамлекеттик университетинде сырттан окуп, жогорку билимдүү тарых мугалими адистигине ээ болгон. 1975-жылдан Лейлек районундагы Кулунду айылындагы Ленин атындагы орто мектепте тарых мугалими, 1978-жылдан Базар-Коргон районундагы Кызыл-Үңкүр токой чарбасындагы Алыкул Осмонов атындагы №21-орто мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары, кийин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен партиялык уюмдун катчысы милдетин аткарган.

1985-жылдан Кыла орто мектебинде тарых жана география мугалими болуп иштеген жана кесиптик кошундун төрагасы, партуюмдун катчысы милдеттерин аткарган.

2007-жылдан саламатчылыгына байланыштуу эс алууга чыккан.

Билим берүү тармагындагы татыктуу эмгеги үчүн ага «Социалдисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси ыйгарылган.

Жубайы Саткынай Бабашова менен 47 жылдан бери ынтымактуу жашоо кечирип келет. Үч уул, 4 кыздын атасы, 21 небере, эки чеберин чоң ата, таятасы.

Ахметов Сапар



1949-жылдын 20-февралында Кыла селолук Советине караштуу «Коммунизм» колхозунда туулган. Ахметов Сапар мектепти мурдагы Каганович деп аталган кийин Коммунизм мектебинде окуду. 1966-жылы онунчу классты аяктап, жетилүү аттесатына ээ болгондон кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин студенти болуу бактысы насип этти. Мезгил адымдап, күлүк сымал закымдап, студентик татаал да, кызыктуу да ирмемдерди өз ичине бириктирген жылдар өтүп, окуу жайын аяктап, 1971-жылы жогорку билимдүү мугалим адистигине ээ болду.

Өзү окуган мектептен эмгек жолунун биринчи кадамын баштады. Андан соң, 1972-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөп келгенден кийин 1973-жылдан өзү алгачкы эмгек чыйырын баштаган Ж.Турусбеков атындагы орто мектептен эмгек жолун улантты.1974-жылы директордун тарбиялык иштер боюнча орун басарлыгына дайындалды.1975-жылдан кайрадан мугалим, 1985-жылдан мектептин директору болуп иштеди. 1987-1985-жылдары директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары, 1989-1990-жылдары райондук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1990-1997-жылдары Ж.Турусбеков атындагы орто мектепте директордук кызматты аркалады. 1997-2005-жылдары Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматында татыктуу иштеди. 2006-2012-жылдары «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун суу менен камсыздоо участогунда инженердик милдетти аткарды.

2012-жылдан эс алууга чыкты. 2015-жылдын декабрь айынан Кочкор-Ата шаарындагы Чынгыз Айтматов атындагы №28- орто мектепти жетектеп келет. Өзүнүн жемиштүү эмгегин, мол тажрыйбасын дале билим берүү тармагына арнап жатат.

Анын эмгеги КРнын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасына, «Билим берүүнүн мыктысы», «Профсоюздук кыймылдын мыктысы» төш белгилерине татыктуу болгон. 2014-жылы ага «Ноокен районунун ардактуу атуулу» наамы берилген. Ал «Сызгыч жана циркулдун жардамы менен бурчтун трисекциясын түзүү», «Сызгыч жана циркулдун жардамы менен кубду эки эселентүү» деген темадагы математикадан эки эмгектин автору. Бул маселелер 2500 миң жылдан бери чечими жок делип келген. Азыр да мына ушундай тыянак бар. Бирок, бул инсан бул маселелерди мына ушул эмгектеринде чечип берген. Бирок, муну эч ким түшүнгүсү келбейт. Балким, кайсыл бир мезгилде анын колдоочулары чыгар.

Жубайы Адашкан Матмусаева Ж.Турусбеков атындагы орто мектепте тажрыйбалуу педагог, улуу мугалим.

1 кыз, 4 уул, 13 чебереси бар.

Матмусаева Адашкан



1950-жылы 20-октябрда Кыла айылында туулган. Ойноок кез, гүлгүн балалык, ата-эненин маңдайындагы эң кереметтүү, ажайып ирмемдер анын башынан өттү. Таттуу кыялдарга жетеленген балалыгы менен Ж.Турусбеков атындагы мектептин босогосун аттады. Мектептен ак караны таанып, мугалимдеринен сабак алып, орто билимге ээ болуп, андан соң, Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайына келип кирди. 1971-жылы аталган окуу жайын аяктап, башталгыч класстар мугалими адистигине ээ болду.

Ошол эле жылы мектепте пионер вожатыйлыктан эмгек жолун баштады. Окуучулар менен аралашкан кызыктуу күндөр, алар менен өткөргөн маанилүү иш чаралар, мектептеги мазмундуу ирмемдер аны жаңыча иштөөгө, кандайдыр бир жаңылыктарды жаратууга шыктандыраар эле. Кийин ага башталгыч класстардын окуучуларын окутуу тапшырылды. Ошол кезде үлгүлүү эмгеги үчүн СССРдин пионерлеринин 50 жылдыгында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйлануга татыктуу болду.

Мектепте иштеп жүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайында сырттан окуп бүтүрүп, 1978-жылы жогорку билимин тастыктаган дипломго ээ болду. Бул мезгил да анын эмгек жолундагы чоң бурулуш болчу.

Ал алгачкы эмгек чыйырын баштаган Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептен эч кайда кеткен жок. Ошондон тарта бир жерде, бир мектепте талыкпай иштеп келди. Эмгек маянасынын аздыгына, ар кандай кырдаалдын туулганына карабай, кээ бир кесиптештерине окшоп, көп маяналуу жумуш издеп, жер которуп, сыртка иштегени кетүүнү туура көргөн эмес. «Саргара жортсоң кызара бөртөсүң » дегендей 45 жылдык билим уясындагы эмгеги жемишин берип олтурат. 1997-жылы ага «КРын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси ыйгарылды.

Үй-бүлөлүк бактысын тапты. Жолдошуна жарокер жар. Балдарына күйүмдүү, камкор эне болду. Алдейлеп өстүргөн 1 кыз, 4 уулу бар. Алардан 13 небере көрдү. Энелик бакыт ушул эмеспи.

Кебекова Барчакан



1950-жылы 5-февралда Ленин, азыркы Ноокен районунун Кыла айылында туулган. 1968-жылы Жусуп Турусбеков атындагы мектептин 8-классын аяктагандан кийин Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайынын студенти болуу бактысы ага да буюрду. 1972-жылы аталган окуу жайын бүтүргөндөн кийин М.И.Калинин сегиз жылдык мектебинен алгачкы эмгек чыйырын баштап, келечек ээлерине билим бере баштаган. 1979-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун аяктап, жогорку билимдүү кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон.1974-1982-жылдары Бүргөндү айыл өкмөтүнө караштуу Карл Маркс атындагы орто мектепте өз адистиги боюнча эмгек жолун уланткан. 1982-жылдан Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары болуп иштеген жана ушул мезгилде селолук Советтин депутаттыгына шайланып, бул ишенимди да ар-намыстуулук менен аткарган.

Барчакан Кебекованын андан аркы эмгек чыйыры кайрадан мектепте улантылган. 1985-жылы райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчилиги анын билим берүү тармагындагы уюштуруучулук жөндөмүн жана татыктуу эмгегин баалап, ишеним көрсөтүү менен райондогу мектептердин бирине жетекчиликке талапкерлигин сунуш кылган. Бирок, турмуш шартка байланыштуу ал бул сунушту кабыл алган эмес. Ошондуктан, ошол жылдан тартып, кайрадан Кыла мектебине катардагы мугалимдикке которулган. 1997-жылдан аталган мектепте окуу бөлүмүнүн башчылык милдети тапшырылган. Бул кызматты ийгиликтүү аткарып, өз кызматында жемиштүү иштеген. Ошол эле убакта кыргыз тили боюнча райондук бирикменин жетекчиси болгон. 2000-жылдан Жазгак орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Бул кызматта ал 2005-жылга чейин эмгектенген.

Бул аялзаты өзүнүн кырк жылдан ашык эмгегин түйшүктүү, ары жооптуу болгон мугалимдик кесипке арнап, билим берүү тармагына өлчөөсүз салым кошуп келет. 2013-жылы «Мектептин ардагер мугалими» төш белгиси менен сыйланган, «КРнын эл агартуусунун отличниги». Өз кесип ээсинин устаты, өрнөктүү мугалим Барчакан Кебекованын азыркы кезде бир уулу, үч небереси бар.

Мырзабекова Алымкан



Ал жери кооз, табияты сулуу, суусу тунук, таланттардын жергеси аталган Аксы районунда төрөлүп-өстү. Жогорку билим алып, «Билим саяпкери» деп барктал-ган мугалимдик кесипке ээ болду. Бул кесипти аркалап, келечек муундар үчүн билимдин чыныгы уюткусун берди. Анын айрыкча Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте иштеген жылдары мазмундуу болду. Аталган мектептин өзүндө эле 30 жылга жакын окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болуп иштеди.

Ал мектептин №28-каанасын адабий иллюстративдик каана кылып уюштурган. Бул жердеги бардык көргөзмө куралдарды, сүрөттөрдү өз колу менен даярдап, мазмундуу, эстетикалык жактан өтө бай кылып жасалгалаган.

Алымкан Мырзабекова педагогика, психология предметтерин изилдеп үйрөнүп, андагы мугалимдер үчүн эң керектүү темалардан схема-таблица түрүндө көргөзмө куралдарды даярдап, өзүнүн билими менен жаралган педагогика-психологиялык темаларда стенддерди түзүп, мугалимдер үчүн заманбап усулкана уюштурган. Ал усулкана Ноокен районунда эң алдыңкы усулкана деп табылып, сынакта Гран прини жеңип алган.

Момбеков айылындагы Ж.Турусбеков атындагы мына ушул №16-орто мектеби 1999-жылдын 11-ноябрында эксперименталдык аянтчадан гимназия класстары бар жалпы билим берүүчү орто мектеби болуп Кыргыз Республикасынын илим жана билим, маданият министрлигинин №350-чечими менен түзүлгөн. Гимназия класстары бар жалпы билим берүүчү орто мектепте англис тили, математика, кыргыз, орус тилдери, ЭЭМ предметтери тереңдетилип окутулду. Мектептин тарыхында биринчи жолу 1987-жылы Кыргыз Илимдер академиясынын лаборатория башчысы Жумалиев Кубанычбек Мырзабековичтин жардамы менен мектепке бир класс комплект «Искра» маркасындагы компьютер алынып келинди. Ал эми 2000-жылы «Мээрим» фондусу тарабынан тогуз даана «Ай-Би-Эм» компьютерлери менен камсыздалган. Ата-энелер да мектепке компьютер сатып беришкен.1998-жылы «Сорос» фондусу менен келишим түзүшүп,190 даана 496157.64 сомдук түрдүү мазмундагы китептер, «Панасоник» аудиотехникасы менен камсыз болушкан.

Ал китеп базасын чыңдоого өзгөчө көңүл бурган.1999-жылдан 2004-жылга чейинки мезгилде 288743 сомдон ашык 4208 даана китеп сатып алынган.

1999-2000-окуу жылында АБР 1 миллион 447000 сом каражат жумшап, мектептин жылытуу системаларын жаңылап берди. Анын шарапаты менен кышкы мезгилде жылуу класстарда окуучулардын окуп, мугалимдердин сабак өтүүсүнө заманбап шарт жаратылды. Мындан тышкары мектептин №1,2,3 корпусун жана устакананы жылытуу үчүн жаңы жай курулуп, жылытуу системасы тийиштүү жабдуулар менен камсыздалды.

2000-2001- окуу жылында АБРге жазылган долбоордун негизинде мектепке жаңы тех-

никалык каражаттар жана мебелдер сатып алынып, окуу устаканасы, класстык бөлмөлөр, актовый зал, фое ремонттолуп, эшик-терезелер жаңыланды жана ушул сыяктуу алгылыктуу жумуштар жасалган. Ага 1 миллион 447471 сом акча каражаты сарпталган. 2002-жылы кайрадан АБР колдоо көрсөтүп, түстүү телевизор, видеоаппаратуралар, техникалык каражаттар сатылып алынды. Кийинки жылы да аталган Азия өнүктүрүү банкы аркылуу жаңы үлгүдөгү компьютер, 2 даана принтер,1 ксерокс, 1 кондиционер, 155 даана парта отургучтары менен камсыздалды. Ошону менен бирге спорт товарлары, жаңы мебелдер менен толукталды.

Демөөрчүлөрдүн жардамы менен 2001-2002-окуу жылында билим уясы капиталдык ремонттолуп, мектептин айланасы кеңейтилип, бетон жана асфальт бастырылды. Ал эми өздөрү мектептин айланасын тосмолоого жетишишти.

2002-жылы бир нече жерге суу түтүктөрү орнотулуп, суу чыгарылды. Ошентип, таза суу менен камсыз болуп, мектептин айланасындагы бактар жана гүлдөргө суу жеткирилди. 2001-2002-окуу жылында мектептин айланасына 261 түп арчанын, 260 түп түрдүү роза гүлдөрүнүн,110 түптөн ашык мөмөлүү жана декоративдүү даректардын көчөттөрү олтургузулду. Мектепти жетектей баштаган алгачкы жылы эле мектептин айланасынан 200 чарчы метр аянтты атайын бөлүп алып, Арстанбаптан сорттуу 200 түп жаңгак алып келип олтургузуп, атайын бак уюштурууга жетишти. Азыр бул көчөттөр мөмөлүү бакка айланды.

Анын жетекчилиги менен мектептин көмөкчү чарбасы киреше берүүнүн булагына айланды. Бир катар жумуштарды мына ушул көмөкчү чарбадан түшкөн каражаттын негизинде жасап алышчу.

Ал мектепти республикадагы алдыңкы мектептердин катарына кошууга умтулду.

-Менин биринчи максатым мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдап, окуучуларга эң сонун шарттарды жаратуу болгон, ал эми экинчи максатым билим берүүнүн сапатын жогорку деңгээлге жеткирүү эле,-дейт каармaныбыз.- Бирок, экинчи максатыма толук жете албадым. Себеби, көрө албастыктан улам, тоскоолдуктардын күч алышы менин андан ары мектептеги жетекчилик ишимди улантууга мүмкүнчүлүк бербеди. Анан да жашым пенсия курагына жетип, эс алууга туура келди. Ошентип Ж.Турусбеков атындагы орто мектебин бир учурда биз сөз кылган Ленин окуган гимназияга жеткирүү максатым ишке ашпай калды.

Алымкан Мырзабекова 1990-1995, 1995-2000-жылдары катары менен эки чакырылышта айылдык кеңештин депутаты катарында да жемиштүү иштеди.1999-жылдан тартып, 15 жыл областтык шайлоо комиссиясынын мүчөсү катарында саясатка да аралашты.

Билим берүү тармагындагы өлчөөсүз эмгеги 1991-жылы КРнын «Эл агартуусунун мыктысы», 2000-жылы КРнын «Эмгек сиңирген мугалими» ардактуу наамы менен бааланды. 2016-жылдын 25-февралында Кыргыз Республикасынын «Ала-Тоо айымдары» коомдук экологиялык кыймылы тарабынан «Ала-Тоо айымы» төш белгиси ыйгарылды.

Каармaныбыз туруктуу үй-бүлө күттү. Өмүрлүк жолдошу Жармамат Султанов кырк жылга чукул мектепте дене тарбия мугалими болуп иштеди. Алар эки уул, бир кызды татыктуу тарбиялашып, алмончоктой болгон алты небере көрүштү. Үй-бүлөдө да кадырбарктуу, уул-кыздары сыймыктанган бактылуу ата-эне болушкан.

Рахманова Мейилкан



1953-жылы 26-декабрь айында Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа айылында туулган.

1971-жылы Оштогу №1-кыздар орто мектебин (азыркы У.Салиева атындагы) бүтүрүп, Бишкек шаарындагы КМУнун (азыркы Улуттук Университет) чет тилдер факультетинин француз тили бөлүмүнө кирген. 1976-жылы университетти бүтүрүп, ушул эле жылы азыркы Ж.Жунусалиев атындагы орто мектебине кирип француз тили мугалими болуп алгачкы эмгек жолун баштаган.

Окуу тарбия ишинде үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн 1980-жылы Билим берүү министирлигинин Ардак грамотасы менен сыйланып, 1981-жылы “Эмгектеги артыкчылыгы үчүн” деген медаль менен сыйланган.

1992-жылы №15-Беки уулу Семетей атындагы орто мектебине мугалим болуп, ал эми 1992-1993-окуу жылында класстан тышкаркы иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген.

1999-жылы №23-орто мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы, 2000-2001-окуу жылынан баштап мектеп директору болуп 2001-жылдан 2012-жылга чейин эмгектенген. Ал бул мектепти жетектеген жылдары билим уясынын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо Азия өнүктүрүү банкы, МЕРСИко, АРИС эл аралык уюмдары менен бирдикте иштеп, бир катар орчундуу жумуштарды аткарган.

Окуу-тарбия иштериндеги ийгиликтери үчүн КРнын “Эл агартуусунун мыктысы” төш белгиси менен сыйланган. Мындан сырткары республиканын, областтын, райондун бир нече жолку ардак грамотасынын ээси.

2014-жылы ага “Ноокен районунун ардактуу мугалими” деген төш белгиси ыйгарылган. Ал ардагер мугалим.

Мейилкан Рахманова билим берүү тармагына өзүнүн билимин, эмгегин жана көп жылдык тажрыйбасын сарптап келет. Ал өзүнүн эмгек жолунда канчалаган келечек муундарына билим берип, мектептин уясынан учурду. Андан билим алышкан бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү бүгүнкү күндө өлкөбүздүн бир катар эл чарба тармактарында эмгектенип жатышат.

Үй-бүлөлүү, 2 кыз 3 уулдун, 17 неберенин бактылуу чоң энеси.

Мундузбаева Гүлаш



1954-жылы 16-майда туулган. 1971-1976-жылдары Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунда окуп, жогорку билимге ээ болуп, орус тили жана адабияты адистигин алууга жетишкен. Кошумча түрдө 1983-жылы директорлордун, 1984-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы идеологиялык кадрлардын, 2007-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү академиясынын, 2013-жылы Бишкектеги «Балажан» директорлордун билимин жогорулатуу курстарында кесиптик чеберчилигин жогорулаткан.

Анын билим берүү тармагындагы алгачкы эмгек чыйыры 1976-жылы Насирдин Исанов атындагы жатак мектебинде өз кесиби боюнча окуучуларга сабак берүү менен башталган. Аталган мектепте 1983-жылга дейре жети жыл жемиштүү иштеп, мугалимдик кесипте телчигип, такшалуунун жолунан өткөн.1983-жылдан тартып, 1991-жылдардын аралыгында Калинин атындагы №23-мектепти жетектөө менен бул билим уясынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого белгилүү деңгээлде салым кошууга умтулган. Бул мектепте ал жемиштүү иштеди. Өзүнүн болгон күч-аракетин, билимин, тажрыйбасын жана эмгегин билимдин сапатына, жаштардын жаркын келечегине сарптады. Андан кийин анын эмгек жолу өзгөрүүлөр менен улантылды. Тактап айтканда, 1991-1992-жылдар аралыгында Ноокен райондук билим берүү бөлүмүндө методист, 1992-1993-жылдардын ичинде Кочкор-Атадагы кесиптик окуу комбинатынын окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. 1994-жылдан баштап Кочкор-Ата шаарындагы балдар чыгармачылык үйүнүн директору кызматын аркалап келет. Аталган мекемеде эле иштегенине он үч жылдын жүзү болду. Бул жерде таланттуу балдар менен иштешет, алардын өнөрүнүн өрчүшүнө шык, демөөр берип, жан-дүйнөсүндө талант ышкысын жандырууга түрткү болуп келет.

Бул аялзатынын билим берүү тармагындагы 40 жылдык эмгек жолунун 33 жылы жалаң жетекчилик кызматка арналган. Бул мезгилдеги келечек муундар үчүн жасаган бараандуу эмгеги Кыргыз Республикасынын «Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисине татыган. Билим берүү министрлигинин, областтык, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн Ардак грамоталары менен сыйлануунга татыктуу болгон.

Ал өз кесибинде жана үй-бүлөсүндө үч баланын, 5 неберенин таалайлуу энеси катарында өз бактысын тапкан.

Тоялиева Таттыбү



1957-жылы 25-февралда Момбеков айылынын «Коммунизм» участкасында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Тоялиев Акмат бир учурда Момбеков айыл өкмөтүндө иштеген. Мектеп мезгилине чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кийин Турусбеков атындагы орто мектепти бүтүргөн. Ош Мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуп, 1980-жылы бул окуу жайын да ийгиликтүү аяктап, мугалимдик адистикке ээ болгон. Биринчи эмгек жолун орто мектепте англис тилинен сабак берүү менен баштаган. Ал билим уясында талыкпай эмгектенип, окуучуларга татыктуу билим, мыкты тарбия берүүгө аракеттенди. Ал эми жаңыдан эмгек жолун баштаган жаштарга өз тажрыйбасын үйрөтүп, артынан ээрчите билди. Дүйнө-мүлк жыйноого аракеттенбей, ак эмгеги менен келечек муундар үчүн билим берүү тармагында адал кызмат кылды. Бирок, анын билим берүүдөгү татыктуу эмгеги өкмөттүк сыйлыктар менен бааланбай калды. Анткени менен ал окуткан окуучулар дайыма Таттыбү Тоялиеванын мугалимдик эмгегин жогору баалашат. Окуучусу Нурматова Гүлгакы гана бул мугалимдин талантына баа берип, ага арнап төмөндөгүдөй ыр жазган:

Атына заты жарашкан,
Таттыбү деген атыңыз.
Мээрим төгүп балдарга,
Бизге абдан жактыңыз.

-Окуучунун жаш жүрөгүнөн чыккан бул ыр саптарын окуганда билим саяпкеринин жан дүйнөсү толкундап, эргип иштеп, жашоого болгон кумарлануусу дагы да арта түшөт.

Бул билим саяпкерине окуучулардын дилинен арналып жазылган ырлар бул эле эмес. Анын даректине нечен курдай ыраазычылык сөздөрү, каалоо-тилектер айтылган. Булардын баары дасыккан мугалимдин баа жеткис эмгегине болгон сый-урмат.

Ушул мектепте окуучуларды окутуп, аларга билимдин уюткусун берип, билим берүү тармагына өлчөөсүз эмгек сиңирип келгенине 32 жылдан ашты, 2015-жылдан тарта ардактуу эс алууга чыккан.

Жумабаева Мария



1957-жылы, 4-августта Жалал-Абад областынын Ала-Бука районуна караштуу Жой-Белент айылында туулган. Мектепке барганга чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. Атасы Жумабаев Төрөкул колунан көөрү төгүлгөн өнөрдү кастарлаган чебер уста болгон. Апасы колхоздо карапайым колхозчу болуп иштеген. Ошондой эле чебер, тазалыкты так сактаган, сарамжалдуу аял болгон. Жашы жетип, 1964-жылы 7 жашында айылдагы Жданов, азыркы Жуманазаров атындагы орто мектепке 1-класска барган. 1974-жылы 10-классты бүтүрүп, жетилүү аттестатын алып, атайын орто билимге ээ болгондон кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун методика жана башталгыч класска билим берүү бөлүмүнүн студенти болуу бактысына ээ болгон. Эмгек жолун Ала-Бука районундагы 1-Май орто мектебинде башталгыс класстар мугалими болуу менен эмгек жолун баштаган.

Турмуш шартынын агымы аны 1979-жылы Ноокен районунун Момбеков айыл өкмөтүндөгү мурдагы Калинин, азыркы Жусупбек Жунусалиев атындагы №23-орто мектепте башталгыч класстар мугалими болуп иштөө менен улантылган. 1993-2008-жылдар аралыгында мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Ал 1996-жылдан 2016-жылга чейин шайлоо өнөктүгүндө шайлоо комиссиясынын төрайымы милдетин аткарып келет.

Анын билим берүү тармагындагы үзүрдүү эмгеги жергиликтүү жана КРнын билим берүү министрлигин Ардак грамотасына татыктуу болгон. 1998-жылы ага «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы», 2015-жылы «Ноокен районунун ардактуу мугалими» төш белгилери ыйгарылган.

Жолдошу Батыркулов Жунусалы менен көп жылдар ынтымактуу жашоо кечирип, татыктуу балдарды тарбиялап келишти. Алар төрт кыз, бир уулдун таалайлуу ата-энеси, ондон ашык неберенин бактылуу чоң ата, чоң эне, таята, тайэнелери болушкан. Уулу Талантбек Батыркулов Баткенде эл-жерин баскынчылардан коргоодо жоокердик милдетин абийирдүүлүк менен өтөгөн. Ал балдарына чыныгы энелик мээримин төгүп, тарбиясын берип, алардын жогорку билим алышында жолдошуна чыныгы таяныч боло алган.

Ал дайыма өзүнүн кайын-атасы Момуналы Батыркулов менен кайын энеси Орозгүл Батыркуловага балдары жаш кезде дайыма жардам берип, көмөк көрсөтүп келгендиктери үчүн ыраазы.

Билим берүү тармагында татыктуу иштеп, ал эми өз балдарына чыныгы энелик мээримин берип, өрнөктүү жашаган Жумабаева Мария азыркы кезде жолдошу Батыркулов Жунусалы менен ардактуу эс алып, уул-кыздарынын төрүндө бактылуу жашоо кечирип келишет.

Аамадалиев Калил



1957-жылы 6-декабрда Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Мектеп мезгилине чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, кийин билим алуу үчүн Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепке кадам койгон. 1975-жылы ал орто мектепти ийгиликтүү аяктап, билимин жогорулатууну эңсеген жигит, жогорку окуу жайынан билимин улантып, 1980-жылы Ош мамлекеттик университетин бүтүрүп, жогорку билимдүү мугалим адистигине ээ болгон.

Биринчи эмгек жолун мурдагы Ленин районуна караштуу Рахманжан атындагы колхоздун Орозматов орто мектебинде музыка мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылдан Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепке музыка мугалими болуп которулуп, өз айылында иштеп калган. Ал өмүр бою балдарга билим, тарбия берип келди, алардын музыка дүйнөсүнө болгон кызыгуусун арттырды, музыканын маанисин, артыкчылыгын, кадыр-баркын үйрөттү.

Ошол мезгилден тарта Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептен эч кайда кетпей бир жерде 36 жыл бою эмгек сиңирди. Анын эмгеги кез кези менен алкыштар, Ардак грамоталар менен бааланып турду.

1995-жылы ага Жалал-Абад областынын элге билим берүү башкармалыгы тарабынан Ардак грамота ыйгарылды. 2009-жылы Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Ардак грамота менен сыйланган. 2010-жылы ага Ноокен райондук мамлекеттик администрациясы жана эл депутаттарынын райондук кеңеши тарабынан алкыш жарыялаган. Мындан сырткары бир катар Ардак грамоталарга ээ болгон.

Бүгүнкү күндө да өз кесибинде талыкпай иштеп, балдарга музыка сабагынан билим берип, алардын музыкага болгон кызыгуусун арттырып, жан-дүйнөсүнө өнөр отун жандырып келет.

Ал бактылуу жана ынтымактуу үй-бүлө күттү. Ушул тапта эки уул, бир кыздын ардактуу атасы жана алты неберенин чоң атасы, тай атасы болду. Алардын келечекте окуп, билим алып, замандын татыктуу адамы болуп өсүп-жетилишине камкордук көрө билди.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелери

Кыла айылындагы “Наристе” балдар бакчасы





Ноокен районуна караштуу Момбеков айыл өкмөтүндөгү балдар бакчасы 1963-жылы курулган. 1964-жылдан ишке берилип, анан алгачкы жетекчиси Адиева Лайликан болгон. Андан кийин 1966-1968-жылдары бакчаны Акрамова Бүбүкан жетектеген. 1974-1975-жылдары Сатымкулова Мактым, 1976 -1978-жылдары Абдыжапарова Адина балдар бакчасынын башчысы болуп иштешкен. 1980-1983-жылдары Нышанова Кайринса, 1983-1991-жылдары Орунбаева Тажикан бакчанын жетекчилик кызматын аркалашкан. 1991-жылдан баштап, 1997-жылга чейин балдар бакчасынын иши убактылуу токтотулган. Имарат 1993-1996-жылдары чек ара заставасынын пайдаланууусуна берилген.



1998-жылдан баштап №16- “Наристе” балдар бакчасы кайрадан иштеп, анын башчысы болуп Балтабаева Зульфия эмгектенген. Ошол мезгилде балдар бакчасы бир гана имараттан турган. Кийин балдар бакчасынын экинчи имараты АРИС тарабынан кайрадан оңдолуп, ремонттолуп, ишке берилген. Балтабаева Зульфия бала бакчаны жетектеп турган мезгилде ал жерде төрт тайпа иштеген, балдар ойной турган селкинчектер курулган, шарты бир кыйла жакшырган. 2009- 2010-жылдары бакчага Ажыкулова Айгүл дайындалган. Ал бакчанын экинчи корпусунун бир бөлмөсүнө ремонт жасатып, наристе тайпасын ачууга жетишип, натыйжада бакчада беш тайпа иштей баштаган. 2011 -2012-жылдары АРИС тарабынан бакчанын ажатканасы жаңыдан курулду, ошондой эле бакчанын үч тайпасынын балдар жайында эс алып олтуруучу жайлары толук ремонттолуп, ишке берилген.

2014-2015-окуу жылынан тартып балдар бакчасына директор болуп Жунусова Мавлюда дайындалган. Ошол кезде бакчага отункана, бакчанын экинчи имаратынын кире беришинин чатыры курулду. Айыл өкмөтү тарабынан жайкы ашкана курулуп берилди. МЕРСи КО тарабынан 174 000 сомдук парта, стул алынып берилген. Ал эми ЖКнын азыркы депутаты Бакыт Сыдыков тарабынан 98 00 миң сомдук стол, стулдар менен камсыздалды. Азыркы учурда №16 -“Наристе балдар бакчасында 18 кызматкер иштейт, 5 тайпада 150гө жакын балдар тарбияланышат.

Жунусова Мавлюда



1967-жылы 10-июнда Ленин районунун Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. 1974-жылы мектеп босогосун аттап, билим алууга кадам таштаган.

1982-1986-жылдары Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына кирип, башталгыч класстар бөлүмүн бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1986-жылдан Калинин атындагы №23-орто мектебинде башталгыч класстардын окуучуларына сабак берүү менен эмгек жолун баштаган. 1998-2002-жылдары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуп бүтүрүп, Момбеков айыл өкмөтүндөгү Кыла №17-орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 2009-2015-жылдары мектептин директорунун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп иштеген.

2015-жылдын 20-февралынан баштап, Момбеков айыл өкмөтүндөгү №16-«Наристе» балдар бакчасынын директору болуп үзүрдүү эмгектенип келет.

Жолдошу Эргешов Жусуп «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун НТДУ мекемесинин мастери.

Беш баланын-үч уул, эки кыздын энеси.

Чек айылындагы “Кызгалдак” №21- балдар бакчасы

“Кызгалдак” балдар бакчасы 1965-жылы курулган, алгач ал жерде мейманкана жайгашкан, кийин, 2008-жылы ылайыкташтырылып кайра курулуп, ишке берилген. Долбоору боюнча бул бакча 60 балага эсептелген. Бирок тарбияланууучулар азыр андан көп. 2008-жылдан баштап бакчага Кадырова Бурулкан директор болгон. Анын демилгеси менен бакчанын имаратынын ичи-тышы толук ремонттон өткөрүлүп, балдар жайкысын олтура турган бир канча орундуктар жасалган, Оюн аянтчасы, ар түрдүү селкинчектер, сыйгалак курулуп, баллондор орнотулган. Бала бакчанын базасы чыңдалып, окуу-тарбия иштери жолго коюлган. Бакчага 3 жаштан 5 жашка чейинки балдар тартылып келген болсо, кийин кенже жана ортонку тайпа деген эки тайпа ачылган. Бакча кызматкерлери өз демилгелери менен бакчанын сыртын жана ичин өздөрү көрктөндүрүшкөн. Беседкаларга ар түрдүү сүрөттөрдү тартышып кооздошкон. Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштерин дагы да колго алышып, ар түрдүү бак даректарды, арчаларды гүлдөрдү эгишип, олтургузуп, карап турушат.



Ата-энелердин демилгеси менен бакчага килемдер, терезе пардалар, телевизор, керектүү оргтехникалар, ар түрдүү катуу жана жумшак оюнчуктар алынган.

2009-жылы тайпалар жана коридорлор заманбап жабдуулар менен жасалганды. Ушул жылдан тартып кадрдык камсыздоо жакшы жолго коюлган. Окуу-тарбия иштери алдыга жылып, ар түрдүү иш чаралар өткөрүлүп турат.

Атап айтсак, 1-сентябрь, карылар, му-



галимдер күнү, алтын күз, Жаңы жыл, 23-февраль, 8-март, 1-июнь балдарды коргоо күнү өткөрүлүп жатты. Майрамдарга карата балдарга белек-бечкек берүүлөр да унутта калган жок.

Балдардын көркөм чыгармачылык деңгээлин көтөрүү максатында бакчага цирктер, куурчак театрлар келип, балдардын маанайын көтөрүп кетишет. Мындан башка да мектептин демилгеси менен Токтоназаров Полот агай жетектеген балдардын куурчак театры көрсөтүлгөн. Мунун натыйжасында балдардын көркөм чыгармачылыкка кызыгуусун арттырып, аң-сезимин жогорулатууга өбөлгө түзүлгөн. Андан сырткары жаш таланттар, туулган күн менен көңүл ачуулар, спорт боюнча иш чаралар, куунак старт оюндары да өткөрүлүп турат.

Тарбиячылар райондун башка бала бакчаларында өткөрүлгөн семинарларга катышып, тажрыйба алмаштырып, үйрөнүп жатышты. 2011-жылы бала бакчага айыл өкмөттүн эсебинен 70 миң сом жана ата-энелердин жардамы 26 миң сом болуп, жылытуу системасы орнотулган. Ушул эле жылы айыл өкмөттүн жардамы менен 25 миң сомго таза суу үчүн кудук курулган.

2015-жылдын 21-октябрынан тартып Жийдегүл Инаятова бала бакчага директору болуп дайындалган. Андан бери да балдар бакчасынын шарты бир кыйла жакшыртылган.

Инаятова Жийдегүл



Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун, Ноокен айыл өкмөтүнө караштуу Таш-Алыш айылында туулган. 1990-жылы Рахманжан атындагы №13- орто мектебинен 11-классты ийгиликтүү бүтүргөн. 2006-жылы ЖАМУнун чет тилдер факультетин ийгиликтүү аяктаган жана чет тили мугалими квалификациясына ээ болгон. Алгач эмгек жолун 2006-жылы Ж. Жунусалиев атындагы орто мектебинде чет тили мугалими болуп эмгектенип баштаган. 2011-жылы ушул эле мектепте кесип бирлигинин төрайымы болуп дайындалган. Үзүрлүү эмгеги менен жакшы ийгиликтерге жетишкен. 2015-жылдын 21-октябрынан баштап айыл өкмөттүн сунушунун негизинде №21-“Кызгалдак” балдар бакчасынын башчысы болуп дайындалып, азыр дал ушул кызматты аркалап келет.

Үй-бүлөлүү, бир уулу бар. Келечектеги максаты-жаш жеткинчектерди тарбиялоого көмөк көрсөтүү, бала бакчада балдардын сабакты мыкты өздөштүрүүсүнө карата талапты күчөтүү, жеткиликтүү билим берүү, инновациялык ыкма, машыгуулардын негизинде балдардын туура жүрүм-турумун калыптандыруу жана өз билимин өркүндөтүү үстүндө талыкпай иштеп келет.

Кадырова Бурулкан



1967-жылы Ош областынын Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Кыла айылында, азыркы Момбеков айылында туулган. 1982-жылы Калинин атындагы сегиз жылдык мектептен 8-классты аяктагандан кийин, 1982-жылы Жалал-Абаддагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырган.1986-жылы башталгыч класс мугалими адистиги боюнча билим алып чыккан.

Окууну аяктаган соң, өзү окуп кеткен мектепке келип эмгек жолун улантканы. 2008-жылы айыл өкмөтүнүн сунушу менен Чек айылында уюштурулган 60 орундуу №21- “Кызгалдак” балдар бакчасына башчы болуп дайындалган. 2010-жылы мектепке чейинки билим берүүнүн методикасын терең билүү максатында И. Арабаев атындагы жогорку окуу жайына тапшырган. Аны 2014-жылы аяктап, “Мектепке чейинки билим берүүнүн методисти” адистиги боюнча билим алган. Азыр келечекте муундарга тарбия-билим берүү тармагында, бала бакчада тарбиячы болуп иштеп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, үч кыз, бир уулдун энеси.

Көп-Там айылындагы “Гүлкайыр” №22-балдар бакчасы



Аталган балдар бакчасынын имаратын куруу иштери 1963-жылы башталып, 1967-жылы пайдаланууга берилген. Типтүү. Бакча 120 орунга ылайыкталган, бүгүнкү күндө 120 бала тарбияланып жатат.

Алгачкы жылдары

Балдар бакчасы 1967-жылы ачылып, Акрамова Бүбүкан жетектеген. Алгач бакчада 4 тайпа болуп, 115 бала тарбияланган. 1976-жылы балдар бакчасынын жетекчилигине Тойчиева Бүбүсара дайындалган.

Кайрадан калыбына келтирүү жылдары

2009-жылы аскердик бөлүккө берилген жеринен кайра кайтарылып алынып, АРИС тарабынан жардам көрсөтүлүп кайра реконструкцияланган.

Матиллаева Жайлоокан 2009-жылы балдар бакчасына жетекчи болуп дайындалган. Бакчаны кайрадан калыбына келтирүүдө ошол мезгилде бакча башчысы болуп турган Матиллаева Жайлоокан жетектеген жамааттын салымы чоң, анткени аскердик бөлүк жайгашкан мезгилде балдар үчүн курулган курулуштардын баары (беседкалар, оюн аянтчалары) талкаланып жок кылынган эле. Аскердик бөлүк чыгып кеткенден кийин өтө кыйынчылык менен кайрадан ремонт иштери жүргүзүлүп, айыл аралап, үйме-үй кыдырып жүрүп элди жардам көрсөтүүгө үгүттөгөн.

Бакчаны бүгүнкү абалына алып келишкен. Бул иштерди жүргүзүүдө Шайымкулова Жумагүл, Бекмаматова Рапакан, Калмуратова Орунгүл, Шайымкулова Артыкбүнүн эмгектери зор.







Бакча бүгүнкү күндө

2015-жылдын апрель айынан тарта балдар бакчаны “КРнын билим берүүсүнүн мыктысы” Ажибекова Парида жетектеп келүүдө. Ушул эле жылы айыл өкмөттүн жардамы менен балдар бакчасы кайрадан ремонттолду. Бүгүнкү күндө бакчада балдарга керектүү болгон бардык шарттар түзүлгөн. Ата-энелердин жардамы менен стол, стулдар жасалып коюлду. Жогорку кеңештин депутаты Бакыт Сыдыков тарабынан балдар бакчасына 50 000 сомдук видео байкоо орнотулду.








Бостон айылындагы №17-балдар бакчасы





Бостон айылында Союз учурунда иштеп турган балдар бакчасы менчиктештирүү саясатынын жүрүшү менен сатылып кетип, айылдын балдарынын бакчага болгон муктаждыгы пайда болгон.

Айылдын лидер айымы Сайра Мырзакматованын демилгеси менен АРИСке долбоор жазылып, анын негизинде мурдагы Калинин атындагы колхоздун №7-бригадасынын талаа станы капиталдык ремонттон өткөрүлүп, балдар бакчасына айланган. Ага АРИС тарабынан 399 миң сомдук колдоо көрсөтүлүп, андан тышкары Момбеков айыл өкмөтүнүн көмөгү менен 2008-жылы бул балдар бакчасы ишке түшүрүлгөн. 2008-2009-жылдары аталган балдар бакчасын Адашкан Макеева жетектеген. 2009-жылдан тартып, азыркы мезгилге дейре бул мектепке чейинки билим берүү мекемесин жетектөө милдети Карачач Жакыповага жүктөлгөн.

2008-жылдан тартып бул балдар бакчасына 2013-жылга дейре капиталдык ремонт жасалган эмес. Ошол жылы айыл өкмөтүнүн көмөгү менен балдар сыртта ойноочу беседка курулган, 2014-жылы темир мештеринин ордуна жаңы жылуулук системасы орнотулган. Ал эми 2015-жылы чатыры алмаштырылып, пластик эшиктер коюлган.



Адашкан Макеева

Жакыпова Карачач



1963-жылы 15-мартта Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинин Бостон айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1980-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектебин бүтүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайынын студенти болгон. Аталган окуу жайын 1989-жылы аяктап, Коммунизм участкасындагы «Гүлкайыр» балдар бакчасында тарбиячылыктан эмгек жолун баштаган. 1991-жылы балдар бакчасы жоюлуп кеткенде, дыйкан чарбасында эмгектенген.

2008-2009-жылдары Бостон айылындагы жаңы ачылган балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенген. Мына ушул жылдан аталган балдар бакчасын жетектеп келет.

Үй-бүлөлүү. Жолдошу Жакыпов Абдиназар дыйкан чарбасында эмгектенет. Алар үч уул, бир кыздын ата-энеси.

Саламаттыкты сактоо

Момбеков айыл өкмөтүнүн аймагында азыр бир үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, үч айылдык фельдшердик-акушердик пункт иштейт. Жалпысынан саламаттыкты сактоо кызматкерлери элдин ден соолугу үчүн кызмат кылышат.

Кыладагы №13- үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу



1986-жылы Калинин айылдык врачтык амбулатория болуп түзүлгөн. Бул саламаттыкты сактоо мекемесин адистиги боюнча стоматолог Төбөкел Абдыкеримов жетектеген. Кийин аны Бактыкан Төлөнова, Жамбул Жаркулов, Советбек Өсөровдор башкарышкан.

2012-жылдан Кочкор-Ата медициналык-санитардык бөлүктүн №13-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу болуп кайра түзүлгөн.

Кийинки жетекчилер:

2003-2004-жылдары Гүлбайра Рахманова;

2004-2006-жылдары Бүажар Сакмаматова;
2006-2009-жылдар Бурулкан Мадумарова;
2009-2010-жылдар Майсара Эгембердиева;
2010-2014-жылдар Гүльнара Таштанбекова;
2014-2016-жылдар Нурмамат Жолдошов;
2016-жылдан Нуржамал Самиева.

Калинин Фельдшердик-акушердик пунктун жетектегендер:

Бегалиева Анипа-фельдшер;

Мамутова Гүлсара- медайым,1991-жыл.

Джураева Орозгүл-медайым,1988-жыл.

Жазгак медициналык пункту 2000-жылы ачылган. Бул жайды 1994-2005-жылдары Мелис Молдобаев, 2000-2006-жылдары Бүсадат Шералиева башкарса, 2006-жылдан бери Сапаргүл Сатыбалдиева жетектеген.

2008-жылы Таштак айылында фельдшердик-акушердик пункт ачылган. Бул медициналык жайды акушер Эркайым Назарова жетектеп келатат.

Айылдык врачтык амбулатория 1985-жылы ишке кирген.

Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда көп жылдан бери эмгектенишкен тажрыйбалуу медайымдар:

Бабашева Гүлмира, 1985-жылдан берки 32 жылдык тажрыйбасы бар. Ал участкалык медайым.

Кудайбердиева Айнура, 2002-жылдан бери үй-бүлөлүк медайым, анын бул кызматты аркалаганына 15 жылдын жүзү болгон.

Тиленбаева Бермет, 2002-жылдан тартып үй-бүлөлүк медайым, анын эмгек стажына 22 жыл, 2006-жылдан баштап улуу медайым.

Мамасадыков Нурбек, 1994-2006-жылдары мед ага кызматын аркалаган.

2013-жылдан тиш дарыгери Жаркынбек Эргешов, лаборант Жумагүл Ырыскулова да бул саламаттыкты сактоо жайынын дасыккан адистери.

Ал эми азыркы мезгилде үй-бүлөлүк дарыгерлер тобун Нуржамал Самиева жетектейт. Бул жерде бүгүнкү күндө улуу медайым Бермет Тиленбаева, медайымдар Гүлмира Бабашева, Гүлсара Мамутова, Айнура Кудайбердиева.

Калинин фельдшердик-акушердик пунктун Орозгүл Джураева, ал эми бул жерде акушер Уулкан Түнтеева.

Көп-Там айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу



Көп-Там айылында 1968-жылы чайканага ылайыкташкан жайда медициналык пункт ачылган. 1970-жылы айылдык фельдшердик-акушердик пункт болуп түзүлгөн. Ошол кезде биринчи фельдшер болуп Чумак Сергей иштеген. 1972-жылы фельдшердик милдетти Антонина, ал эми акушердик кызматты Татьяна аттуу адистер аркалашкан.1974-жылдын сентябрынан Вакулина Татьяна Васильевна акушер болуп иштей баштаган. 1975-жылдын майынан тартып, Бүсара Мырзалиева фельдшердик-акушердик пунктту башкарган. Андан соң, Раиса Вакуленко эмгектенип, Союз тарагандан соң, ал Россияга кеткенден кийин ордуна Жакуткан Султанова акушер болуп кызмат аркалаган.

Бул саламаттыкты сактоо жайы 2000-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу болуп өзгөрүлдү. Жетекчилигине Балайым Урманова дайындалган. 2004-2014-жылдары ал бул кызматты аркалап, пенсияга кеткенден соң, 2015-жылдан Райма Өсөрова бул милдетти аткарып калды.



2000-жылдан улуу медайым болуп, Гүлсара Жумагулова эмгектене баштаган. 2004-жылдан бул милдетти Бүсара Мырзалиева аркалады. 2009-жылдан Айчүрөк Арзыкулова улуу медайым болуп дал ушул күнгө дейре эмгектенип келет.Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда 5 кызматкер эмгектенет. Алар Көп-Там, Курулуш айылдарынын 3500 миң калкын тейлешет.

Бостон айылындагы ФАП

Бул фельдшердик-акушердик пункттун имараты мурда 1984-жылы чайкана болуп ачылган. 1990-жылы элдин өтүнүчү менен бул жерде фельдшердик-акушердик пункт уюштурулган. 2008-жылы АРИСтин колдоосу менен имарат капиталдык ремонттон өткөрүлүп, жаңы эмеректер менен жабдылган. 2012-жылдан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун көмөгү менен кайрадан капиталдык ремонттолду. Айыл өкмөттүн да тикеден тике жардамы болду. ФАПтын ак халатчандары 1800 элди тейлешет. Жаш балдар, кош бойлуу аялдар, пенсионерлер, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, Баатыр энелерге акысыз кызмат көрсөтүлөт. Бул жерде жылына 48-50 кош бойлуу аял каттоодо турат, 45-50 бала төрөлөт.



ФАПтын биринчи фельдшери Эркайым Назарова. Андан кийин беш фельдшер эмгектенген. Бул жерде 2012-жылдан бери Манзура Оморбаева фельдшер болуп иштейт. Ал 1993-жылы Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайын бүтүргөн. Кочкор-Ата шаарындагы төрөт үйүндө акушер болуп, биринчи эмгек жолун баштаган. 1993-жылдан Бостон фельдшердик-акушердик пунктунда эмгек жолун уланткан. Ал өзүнүн эмгек жолунда 2005-жылдан «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин профилакториясында, 2007-2008-жылдары Эски Кочкор-Атада ФАПта фельдшер болуп эмгектенген.



Абдимомунова Аширкан 1957-жылдын 12-августунда Кыла айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.1975-1977-жылдары Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайында окуган жана атайын адистикке ээ болгон. 1977-1980-жылдары Ноокен райондук оорукананын төрөт үйүндө, терапия бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 1980-1984-жылдары Кочкор-Ата шаарындагы профилакторияда эмгектенген.1985-жылдан Бишкек шаарындагы №3-эмканада, 1986-2002-жылдары Ноокен районундагы Момбеков айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан мурдагы Калинин айылдык врачтык абулаториясында, азыркы №13-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда эмгектенген. 2003-жылдан Бостон айылындагы фельдшердик-акушердик пунктунда иштеп келатат.

«Фармсервиз» жабык типтеги акционердик коому



Айыл өкмөттүн борборунда 2016-жылдын май айынан тартып, «Фармсервиз» жабык типтеги акционердик коомунун бөлүмү эсептелген дарыкана иштей баштаган. Бул дарыкананын кызматкерлери элди керектүү болгон дары-дармектер менен камсыздап турат.

Бул дарыкана Бермет Тиленбаеванын эмгеги менен уюштурулган. Ал мында айыл элинин муктаждыгы менен мына ушул дарыкананы ачкан. Анын кесиби саламаттыкты сактоо кызматкери. Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайынын сестралык иш бөлүмүндө эң жакшы баалар менен окуп, кызыл диплом менен ийгиликтүү бүтүргөн.



Анын алгачкы эмгек чыйыры Кочкор-Ата шаарындагы ден соолукту калыбына келтирүүчү оорукананын нерв оорулар бөлүмүндө медайым болуп иштөө менен башталган. 2001-жылдан тартып, Момбеков айылдык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда медайым болуп эмгек жолун уланткан. 2006-жылдан улуу медайым милдетин аткарып келет.

Үй-бүлөлүү. Жолдошу Искендер Тайчиков менен 21 жылдан бери бекем, ынтымактуу үй-бүлө куруп келишет. Алар төрт уулдун бактылуу ата-энеси.

Жумагулова Гүлсара



1947-жылы 3-мартта Бүргөндү селолук Советине караштуу Кыпчак-Талаа айылында туулган. Атасы Эшенкул эмгегин колхоз өндүрүшүнө арнап келген, бригада да башкарган. Апасы Маликf үйдө балдарын тарбиялап, аларга энелик мээримин берген. Үйдө үч кыз, беш уул өсүп-жетилишкен. Ал балдардын экинчиси болчу. Кыпчак-Талаа айылындагы башталгыч мектептен билим алып, кийин Карл Маркс атындагы мектепти аяктады. Андан соң, Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайынын фельдшер-акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1969-жылдан Калинин атындагы колхоздогу фельдшердик-акушердик пунктта эмгек жолун баштап, 1999-жылга чейин калктын саламатчылыгы үчүн кызмат кылып келди. Кийин айылдык врачтык амбулаторияда акушер, ага медициналык кызматкер болуп эмгектенди.

Өзүнүн алган билимин жана ак ниет эмгегин адам баласынын саламатчылыгы үчүн жумшап келди. 40 жылдан ашык убакыт бою үстүнөн ак халатын түшүрбөй оорулууга шыпаа берип, дарыдан да кымбат болгон таза пейилин, жумшак мүнөзүн, аялдык жана кызматтык улуу сапатын элге арнады. 1999-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору уюшулганда Бостон айылдык саламаттыкты сактоо жайын башкарды. 2005-жылы пенсияга чыккандан кийин да элдин өтүнүчү менен беш жыл иштеди. Ал өкмөттүк сыйлык алган жок, бирок карапайым айылдыктардын урмат-сыйына ээ болду.

Гүлсара Жумагулова өзүнүн билимин жана эмгегин саламаттыкты сактоо жайында иштеп, элдин ден соолугунун чың болушуна арнады. Калк кызматында адал эмгектенип, төшүнө жаркыратып өкмөттүк сыйлыктарды такпаса да, элдин алкышына арзып, калктын сыйын алды.

Анын саламаттыкты сактоо тармагындагы үзүрдүү эмгеги бир нече жолу Ардак грамоталар, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланды.

Азыр 70 жаштагы дөөлөттүү эне Кыла айылында жашайт. Ушул тапта эки уул, эки кыздын таалайлуу энеси. 10 уул, 2 кыз неберенин чоң эне, тайэнеси.

Розахунов Рахманжан



1951-жылдын 9-апрелинде Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздо жыгач устанын үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. Алгач Кылада төрт жылдык мектепте окуп, кийин Калинин атындагы мектептен 8-классты бүтүрүп, Жусуп Турусбеков атындагы орто мектебин аяктаган. Мектепте окуп жатканда эле келечекте саламаттыкты сактоо кызматкери болсом, элдин ден соолугу үчүн кызмат кылсам деген аруу тилеги бар эле. Ошентип, жетилүү аттестатын алары менен өз жүрөгүнүн каалоосу менен ойлогон ой, көздөгөн максатына жетишүүгө умтулду. 1971-жылы Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайынын фельдшердик-акушердик бөлүмүн бүтүрүп, атайын адистикке ээ болгон. Анын алгачкы эмгек жолу 1971-жылы Кызыл-Жардагы Ош областтык психатриялык ооруканасында башталган. Ленин райондук ооруканасына караштуу Кара-Булак участкалык фельдшердик-акушердик пунктту жетектеген мезгили 1972-1979-жылдарга туура келет. Бул жерде жети жыл эмгектенип, тоо арасында жашоо кечирген элдин саламатчылыгы үчүн камкордук көрүп келди. Андан соң, Кыла айылдык фельдшердик-акушердик пунктту жетектеди. 1979-жылдан 1994-жылга чейин ФАПтын жетекчилик кызматын аткарып, эс алууга чыкты.

Ал өзүнүн эмгек жолунда «элге татыктуу кызмат кылсам, оорулуулар болбосо» деген бир гана максатты көздөдү. Ал зерикпей үймө үй кыдырып чыгаар эле. Айылда жаңы төрөлгөн наристе болсо, төрөт үйүнөн чыгаары менен дароо барып, наристенин ден соолугун көздөн кечиргенден соң, каттоого алчу. Кайсыл үйдө кимдер жашайт, кимиси дарыгердин кеңешине, же кызматына муктаж, баарын жадыбалдай билчү. Саламаттыкты сактоо тармагында иштеген эмгеги үчүн ал өкмөттүк сыйлыкка умтулган жок, өздөрү билип беришпеди да. Бирок, элдин сыйына ээ болду.

1977-жылдан бери өзүнө өмүрлүк жар деп тандап алган Мансура Мамажанова менен ынтымактуу үй-бүлө куруп, бактылуу жашап келишет. Жубайынын кесиби мугалим. Кыла орто мектебин эки жыл жетектеген. Экөөнүн бир кызы, эки небереси бар.

Бул инсан азыр Кыла айылында бакыбаттуу жашоо кечирип келет. Бактылуу үй-бүлөнүн кожоюну.

Мырзалиева Бүсаракан



1952-жылы 15-ноябрда Ноокен районунун Кыла айыл Советине караштуу Көк-Таш участкасында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Көк-Таштагы И. В. Курчатов атындагы орто мектепти 1970-жылы бүтүргөн. 1970-жылы Майлуу-Суудагы медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүнө тапшырган. 1974-жылы ошол окуу жайын ийгиликтүү аяктап, апрель айынан Ноокен районунун Ынтымак айылына фельдшер болуп дайындалган. Ошол эле жылы үй-бүлө шартына байланыштуу Момбеков айылынын Курулуш участкасына которулуп, ал жерде жалпысы 40 жыл иштеген. Анын ичинен 28 жыл фельдшердик-акушердик пункттун башчысы, 2002-жылдан тарта сегиз жыл, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун улуу медициналык айымы, акыркы жылдары эмдөө медайымы болуп иштеген. 1980-жылдан бери жогорку категориядагы фельдшер квалификациясын алып келген.

Анын саламаттыкты сактоо тармагындагы татыктуу эмгеги үчүн Курулуш айылынын тургундары Момбеков айылдык кеңешине төрт жолу депутат кылып шайлашты. Элдин ишеничин аткаруу үчүн жумушка болгон жоопкерчилиги мурдагыдан да арттырып, медико-санитардык агартуу иштерин жүргүзүүдө жетишкендиктерге ээ болгон. 2003-жылы Ноокен райондук саламаттыкты сактоо жетекчилиги “Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери” деген наам жана төш белгисине көрсөтүштү. Аны медициналык кызматкерлердин кесиптик майрамы күнү Ноокен районунун акими салтанаттуу түрдө тапшырган. Мындан тышкары, бир нече ирет райондук мамлекеттик администрациянын, Момбеков айыл округунун Ардак грамоталары менен сыйланган. 1992-жылы Ноокен райондук Ардак тактасына, 2002-жылы Момбеков айыл округунун Ардак тактасына сүрөтү коюлган. 2000-жылы “Момбеков айылдык округунун Ардактуу атуулу” деген наам берилген. Момбеков айыл өкмөтүнүн аялдар кеңешинин мүчөсү. 2014-жылдын август айынан бери ардактуу эс алууда.

Жолдошу Турсункулов Эргеш “Кыргызнефтегаз” ААКнын газ өндүрүү бөлүмүндө машинист кесибинде 30 жыл эмгектенген. Алардын төрт кызы, бир уулу бар, чоң кызы Турсункулова Жаркын апасынын кесибин аркалаган. Айбарча Жалад-Абад Мамлекеттик Университетинин чет тил факультетин ийгиликтүү аяктаган. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн Венгрия, Кытай, Россия, Түркия мамлекеттеринде болгон. Уулу Замирбек жогорку окуу жайынан “Нефтегаз өндүрүү” факультетин бүтүрүп, азыр ишкердик менен алектенет. Сабира - “Кыргызнефтегаз” ААКсына караштуу технологиялык транспорт башкармалыгында эмгектенет. Бегимай - Жалал-Абад экономика жана ишкердик университетинин экономика факультетин ийгиликтүү аяктады.

Жакыпова Дарыяхан



1960-жылдын 20-апрелинде Кыла айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Балалыгынан сүйкүмдүү кыз ата-энесинин эң жакшы тарбиясын алды. Окууга курагы жеткенде Кыла орто мектебинин босогосун аттап, мугалимдеринен билимдин уюткусун алууга умтулду. Жетилүү аттестатына ээ болгон кыз 1977-жылы Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетинин студенти болуу бактысына жетишти. Студенттик күндөр, бир бирине окшобогон кызыктуу ирмемдер артта калып, 1983-жыл жогорку окуу жайын аяктап, атайын жолдомо менен Майлуу-Суу шаарындагы оорукананын терапевт-дарыгери болуп алгачкы эмгек чыйырын баштаган.1992-жылы аталган оорукананын башкы дарыгерлигине дайындалды. 1994-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Кочкор-Ата шаардык ооруканасында үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда жетекчи болуп иштеп калды. 2001-жылдан дал ушул оорукананын башкы дарыгеринин орун басары милдети жүктөлүп, бул кызматта 2010-жылга чейин эмгектенди. Ал эми мына ушул жылдан Кочкор-Атадагы «Керемет» санаториясында башкы дарыгер кызматын аркалап келет.

Анын эмгеги 2005-жылы Республиканын саламаттыкты сактоо министрлигинин жана 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2007-жылы КРнын «Саламаттыкты сактоосунун отличниги» төш белгисине татыктуу болгон.

Бой жетип убагы келгенде бир үй-бүлөнүн сүйүктүү келини болду. Жолдошу Абдыразаков Абдыкапар менен 1981-жылдан тартып, башкача айтканда 35 жылдан бери ынтымактуу жашоо кечирип келет. Алардын бактысына Жараткан бул үй-бүлөгө бир уул, бир кызды насип этти. Азыр алмончоктой болгон үч небереси бар.

Ал өз апасынан кандай тарбия алса, уул-кыздарына да дал ошондой тарбия берди. Тун уулу Кубанычбек Ош мамлекеттик университетин аяктап, бажы кызматкери адистигине ээ болгон. Азыр ишкердик менен алектенип келет. Жубайы Наргиза фармацевт. Алар алмончоктой болгон бир уул, бир кызды чоңойтуп жатышат. Кызы Назира, жолдошу Илхам менен Америада жашап, иштешет, алар Илнур аттуу уулдуу болушкан.

Дарыяхан Жакыпованын уул-кыздары турмуштан өз ордуларын таап, бакыбаттуу жашоо кечирип келишет. Балдарынын үй-бүлөлүк ийгиликтеринде ата-эненин эмгеги чоң. Анткени, мына ушул инсандардын өрнөктүү жашоолорунан үлгү алышкан алардын балдары ата-энелеринин өмүр көчүн улап келишет. Демек, Дарыяхан Жакыпова үй-бүлөлүк да, эмгектик да бактысын таап олтурат. Эң башкысы бул аялзаты саламаттыкты сактоо тармагындагы эмгек жолунда эң мыкты адис, тажрыйбалуу дарыгер экендигин иш жүзүндө көрсөтө алды.

Рахманова Гүлбайра



1968-жылдын 3-апрелинде мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районундагы Кыла селолук Советине караштуу Курулуш айылында туулган. Ата-энесинен эң мыкты тарбия алган секелек кыз жашы жетип, Жусуп Турусбеков атындагы орто мектептин босогосун аттап, алдыңкы окуучулардын катарында билим алып, алтын медаль менен аяктаган. Келечекте ак халатчан дарыгер болууну эңсеген жаш кыз Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун студенти болуу бактысына туш келип, студенттик кызыктуу жана мазмундуу ирмемдерди башынан кечирип, акырында аталган окуу жайын да 1992-жылы кызыл диплом менен бүтүргөн. Анын алгачкы эмгек жолу Майлуу-Суу шаарындагы ооруканандын терапия бөлүмүндө дарыгерликтен башталган. Ошол эле мезгилде шаардагы медициналык окуу жайда иштеп, студенттерге неврология, психатрия, сестралык иш предметтеринен сабак берген. Анын кийинки эмгек жолу 1994-жылдан Кочкор- Ата шаарындагы медициналык санитардык бөлүктүн терапия бөлүмүндө дарыгер, ошол эле учурда эмканада терапевт дарыгер болуп эмгек жолун уланткан.

1997-2002-жылдардын аралыгында Кыла айылдык дарыгердик амбулаторияны жетектеген. 2003-2006-жылдары Кочкор-Ата үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда директордун орун басары, 2007-жылдан медико-социалдык эксперттик комиссияда эксперт-терапевт дарыгер болуп эмгектене баштаган. 2014-жылдын 1-сентябрынан аталган мекемени жетектеп келет.

Адам баласынын ден соолугун чыңдоо тармагындагы сиңирген эмгеги үчүн Кочкор-Ата, Таш-Көмүр шаардык, райондук, областтык жана КРнын саламаттыкты сактоо, социалдык өнүктүрүү министрликтеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Бир уул, бир кыздын бактылуу энеси.

Гүлбайра Рахманова жаш болгонуна карабай көпчүлүк арасында өз иши менен аброй тапкан дешет. Анын эмгек жолунун ар бир ирмеми көз алдында. Кыла айылдык дарыгерлик амбулаторияда иштеген жылдары өзгөчө эсинде. Таң саарынан жумушка келип, айлананы караңгылык каптаганына карабастан түнкү 12ге чейин иштеген күндөрүн унутпайт. Ал эми Кочкор-Ата үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда иштеген учурда оорулуу адамдардын үйүнө чейин барып, ден соолугунан кабар алып келип, анан анын дарыгеринен абалын сураса билбей калган күндөр да болгон. Ошондо ал оорулуу туурасында өзү айтып берчү.

Ал эми 2014-жылдан бери медико-социалдык эксперттик комиссияны жетектегенден тартып, бул кызматында дагы да тажрыйба топтоду, жетекчиликке такшалды.

Кыла айылдык маданият үйү



Маданият үйү айылдыктардын маданий эс алуучу жайы. Бул маданият үйүн Сайкал Кушназарова жетектейт. Ал дайыма бул жерде өткөрүлгөн иш чаралардын башында турат. Башкасын айтпаганда да 2016-жыл аралыгында «Тарых жана маданият жылына карата» бир катар маданий иш-чаралар уюштурулду, даталуу күндөр, майрамдык иш-чаралар мына ушул Маданият үйүндө өткөрүлдү. Бул жерде Нооруз, 8-март аялдардын эл аралык майрамы, Ооган согушунун ардагерлери менен жолугушуусу, Мекен коргоочулар күнүнө карата «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», Эне тил күнүнө карата китепканалар арасында «Айылдан чыккан Даткайым», «Доор таланттары», «Керемет жерим Кыргызстан», аттуу кароо-сынактары, «Кымыз майрамы», «Кыз узатуу» фестивалдары өттү. Белгилүү ырчылардын концерттик программалары, Үркүндүн 100 жылдыгына арналган кинофильм коюлду. Маданий оюн-зооктор, тематикалык жана чыгармачыл жолугушуулар, сүрөт, китеп көргөзмөлөрү, семинарлар уюштурулду. 2016-жылы өзгөчө жаз көктөмү менен кошо келген 8-март жана Нооруз майрамына карата иш-чаралар да мына ушул Маданият үйүндө болду. Нооруз майрамы Жазгак, М.Акчабаев, Кыла орто мектептердин окуучуларынын күчү менен даярдалган концерт тартууланды. 5-май Конституция күнүнө карата айыл өкмөттүн аймагындагы мектептердин мугалимдери лекция окушту. Тарых жана маданият жылына карата райондогу мектептер жана маданият үйлөрү аралык «Ыр кесе» кароо-сынагы маданият үйүндө өттү. Улуу Ата Мекендик согуштун 71 жылдыгына карата 9-майда согуштун ардагерлери чакырылып, айыл өкмөттүн аймагында жайгашкан «Түбөлүк отко» гүлдөр коюлуп, курман болгондорго арналып куран окулуп, эскертилди.1-июнь-балдарды коргоо күнүнө карата балдарга арналган концерттик программа коюлду. 7-августта Кыла Маданият үйүндө республикага белгилүү бир катар ырчылар концерт коюшуп, элдин маанайын көтөрүп кетишти. 23-сентябрда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили» жөнүндө Мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 27 жылдыгына карата мектептерде Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган ачык сааттар өткөрүлдү. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну Ысык-Көлдө экинчи ирет өткөрүлүп, ага Момбеков айыл өкмөтүнөн барышкан өкүлдөр кыргыздын улуттук буюмдары менен жасалгаланган боз үй тигип, кыргыздын улуулугун даңазалашты.

Сайкал Кушназарованын берген маалыматына караганда маданиятты өнүктүрүүгө жергиликтүү бюджеттен 448050 миң сом, Кыргыз өкмөттүн түрткү берүүчү грантынын эсебинен Көп-Там айылдык маданият үйүнүн чатырын алмаштырууга 500000 миң сом акча каражаты сарпталган. Маданият тармагына жумшалган жалпы каражат тарых жана маданият жылында 948050 миң сомду түздү.

Ички иштер кызматкери

Төрөканов Кадырбек



1962-жылдын 31-мартында Ленин, азыркы Ноокен районуна карашттуу Кыла селолук Советинин Курулуш айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Анын балалыгы ата-энесинин тарбиясында мына ушул айылда өткөн. Балакатка жетип, мектеп жашына келгенде 1969-жылы Жусуп Турусбеков атындагы мектепке кирип, 1979-жылы бул билим уясын аяктап, атайын орто билимге ээ болгон. 1980-1983-жылдары Советтик Армиянын катарында Аскер Деңиз флотунда жоокердик милдетин өтөп келген. 1983-1986-жылдары өзүнүн эмгек жолун Калинин атындагы колхоздо катардагы жумушчулуктан баштаган. Анын эмгек жолундагы бурулуш 1987-жылга туура келди. Ошол жылы комсомолдун Ленин райондук комитетинин жолдомосу менен райондук ички иштер бөлүмүндө милиционер болуп эмгек жолун улантты. Ички иштер кызматында ал өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды. Ошондуктан, 1991-жылы ички иштер кызматынын мамлекеттик автоинспекциянын инспектору болуп дайындалды. 1997-жылдан ага инспектору, 2001-2007-жылдары Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмүндө ага инспектору кызматтарын аркалады. 2007-2010-жылдары Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн мамлекеттик автоинспекциясында мамлекеттик ага автоинспектору, 2010-2012-жылдары мамлекеттик автоинспекциянын башчысы, 2012-2015-жылдары МАИнин ага тескөөчүсү болуп иштеп келген, 2015-жылдан Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн МАИсинин бөлүм башчысы.

2006-жылы анын ички иштер кызматындагы эмгеги бааланып, республиканын ички иштер министрлигинин буйругу менен «Азамат» медалы, 2007-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын, областтык ички иштер башкармалыгынын Ардак грамоталары, 2011-жылы «Локалдуу конфликтердин» катышуучусу, Ооган аргагерлер Советинин 20 жылдык, 2012-жылы КРнын ички иштер министрлигинин «Кадырман», «Ардак» медалдары менен сыйлануга татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү. 5 уул, 1 кыздын бактылуу жана камкор атасы.

Байланыш тармагы

Ходжалиева Ханифа



1968-жылы 13-февралда Бүргөндү селолук Советинде туулган. Алгач мектептин босогосун аттап, Улугбек атындагы №35-орто мектепти бүтүргөн. Андан соң, 1985-жылы Кочкор-Ата шаарындагы электро механикалык техникумду бүтүрүп, эсепчилик адистигине ээ болгон. Алгачкы эмгек чыйыры Кочкор-Ата шаарындагы «Анар» заводунда башталган. 1991-жылы Союз тарагандан кийин, чарбалар жоюлуп, завод-фабрикаларда өндүрүш токтоп, аталган ишканада да жумуш солгундап, акырында менчиктештирүүгө кеткенден кийин, жумушсуздук өкүм сүрүп, ал рыноктук экономиканын шартында өз алдынча ишкердик жолуна түшкөн. Эң оболу «Кудурет» дыйкан чарбасын уюштурган жана аны жетектеген. Бул чарбага үлүштүк жерлери менен 76 үй-бүлө биригишкен.

Ал эми 2008-жылдан тартып, «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын Момбеков айыл аймагындагы бөлүмүн жетектейт. Бул жерде пенсия, пособие алган 800 адамды тейлешет. Ошентип ал тогуз жылдан бери түйшүктүү, жоопкерчиликтүү кесипти аркалап келет. Өзүнүн жигердүү эмгеги аркылуу ал улуу-кичүүнүн урмат-сыйына ээ болгон.

«Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын Ленин райондук, Жалал-Абад областтык филиалдарынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Республикалык «Ала-Тоо» айымдары коомдук кыймылынын «Ала-Тоо айымы» төш белгисине татыктуу болгон.

Эки уул, эки кыздын бактылуу энеси. 4 небереси бар.

Жазгак айылындагы «Мустафа ата» мечити

Жазгак айылында мурда өзүнчө атайын курулган мечит болгон эмес. Элдин суранычы манен мурдагы пахта кырманы, кийин жибекчилик лабораториясынын жайы болгон эски имарат мечит катары пайдаланып, айылдыктар намазын мына ушул эч кандай шарты болбогон ыңгайсыз жайда окуп келишкен. Ошол кезде бул мечиттин имамы Мустафа Эшенгелдиев болгон. 2015-жылы элдин өтүнүчү менен Жазгак айылынын тургуну, Бишкек шаарында жашап иштеген Максут Нусупов аттуу жигиттин шарапаты менен ал атайын демөөрчүлөрдү таап, чет элдик колдоочулардын жардамы аркылуу 100 орунга ылайыктуу жаңы, заманбап мечиттин курулушунун пайдубалы башталып, күздө курулуп бүткөрүлүп, пайдалануюга берилди.

Мына эми бул кудайдын экинчи үйү аталган мечитте жума намазы окулат. Бул мечитке жыйырма жылга чукул имамдык кылып, элди ыйманга тарбиялоонун үстүндө иштеп келген Мустафа Эшенгелдиевдин аты берилген.

Мустафа Эшенгелдиев (1926-2013)



1929-жылы Токтогулдун Үч-Терек айылында туулган. Мектепте 4-класска чейин окуган. Жашынан атасынан ажырап, (атасы Жуманазар согушка кетип, кайтпай калган) апасы башкага турмушка чыгып кетип, чоң энесинин колунда тарбияланган. Чоң энеси карып, өзү өткөндөн кийин өзүнүн апасы Ырысбүнү тогуз жашында издеп, Кылага келип тапкан. Ошол кезде өгөй атасы Акматжан болуш экен. Экөө бала көргөн эмес. Эс тартканга чейин алар менен кошо жашайт да, өмүрлүк жубай деп, тандап Жылдызга үйлөнүп, үй-бүлө күтүп өзүнчө бөлүнүп чыгат. Анткени, өгөй ата мени, же баланды деген шарт коет. Кийин апасы Ырысбүнү өзүнө алып алат. Бирок, апасы саламатчылыгынын айынан 58 жашында жарыкчылык менен коштошот. Балалыгы армандуу өтүп, жетимчиликтин азабын тартып, араң тапканда апасынан да ажырап, тагдырдын татаал тагдырын баштан кечирет.

Алгач Калинин айылында, кийин Рахманжан атындагы колхоздо жашоо кечиришти. Кайрадан Калинин атындагы колхозго көчүп келип, биротоло байыр алып, колхоздо колхозчу болуп иштеген. Кийин талаачылык бригадасын башкарган. Өз ишине так, жоопкерчиликти жогору сезген бул инсан таза, ак ниети менен иштеп, бир топ сыйлыктарды алган. Анын акыркы жыйырма жылдык эмгеги айылдагы мечиттин имамдыгына арналган. Буга чейин дин кызматкерлеринен дин илимин окуган. Ал башкалардан өзгөчөлүгү элди

ыйманга, жаштарды адептүүлүккө тарбиялаган. Өзү имамдык кылган мечитти каттоодон өткөрүп, «Ак мечит» деп ат койдурган. Жолдон баратканда жаш балдарды көрсө да өзү келип, учурашкандыгынын өзү тарбиялоонун жакшы бир жолу болгон. Ал өтө кичи пейил, кайрымдуу, боорукер инсан болгон. Айылда өтө кадыр, барктуу, инсандык сапаттары менен көпчүлүк үлгү ала турган абройлуу адам эле. Он балага ата болуп, алардан үч уул, төрт кыз эрезеге жетип, өздөрүнчө турмуш курушту.

Мустафа Эшенгелдиевдин дин илимин баалагандыгы жана да ашкере эмгекчилдиги Куран китебин баш-этегине чейин өтө кылдаттык менен дептерге кол менен көчүрүп жазган. Балалагынан жетим чоңоюп, кыйынчылыкты көп көрүп, чоңойгондуктанбы, айтор адабиятка кызыккан, сөздү баалаган, кепке чебер, кайталангыс чыгармаларды жазып калтырган баарына бере бербеген өнөрү болгон. Бир курдай өлкө башчысы Аскар Акаев келгенде бийликтегилер даярдап койгон карыя оозуна сөз кирбей турганда, турган жеринен куюлуштура батаасын бергенде, эл да, президент да ыраазы болуп, кош колдоп учурашкан сүрөтү гезит бетине басылган. Анда табиятынан берилген ыр жазуу өнөрү болгон.

Алла таала ыраазымын өзүңдөн,
Жетимдерди сыйлайм деген сөзүңдөн.
Ата-энемин жаш өлгөнүн ойлосом,
Жалгызга окшоп, жаш куюлат көзүмдөн.

Ата-энеден жалгыз болуп төрөлдүм,
Жараткандын айтканына көнөрмүн.
Мага дагы нөөбөт келсе бир күнү,
Арманым жок, бул дүйнөдөн жөнөрмүн.

Султанов Акбаралы



1978-жылдын 22-мартында Ленин районуна карашту Кыла селолук Советинин Жазгак айылында жарыкчылыкка келген. Ал балалыгынан эс тарткандан баштап, дин илимине кызыккан. Мектепте окуп, Калинин атындагы толук эмес орто мектебинин 8-классын аяктагандан кийин өзүнүн эңсеген тилегин ишке ашыруу үчүн Наманган шаарындагы медреседе үч жыл окуган. Андан соң, Ислам университетинин Жалал-Абаддагы филалында эки жыл окуп, 1998-жылы диний илимге ээ болгон. Муну менен чектелбестен, өз алдынча да окуп, диний көз карашын дагы да кеңейткен.

Мустафа Эшенгелдиевден кийин Жазгак айылындагы «Ак мечит» мечитине имамдыкка айылдын карыялары билимдүү деп мына ушул Султанов Акбаралыны сунуш кылышкан. 2010-жылы эл мечиттин имамдыгына шайлап, областтык казыяттын буйругу менен «Мустафа ата» мечитинин имамдык милдети жүктөлгөн. Ошондон тарта, айыл элин ыйманга тарбиялаган кудайдын экинчи үйү эсептелген мечиттин имамы катарында жаш болсо да өз милдетин ишенимдүү аткарып жатат.


Үй-бүлөлүү, эки уул, үч кыздын атасы. Келинчеги Майрамкан да медреседе окуп, диний билим алган.

Эски Кочкор-Ата мечити

Эски Кочкор-Ата айылынын карыялары мурда мечит деген эле аты болбосо бирок ыңгайсыз, шарты жок жайда намаз окуп келишкен. 2014-жылы элдин, жамааттын жана демөөрчүлөрдүн көмөгү менен жаңы мечиттин жайынын курулушу башталып, 2016-жылы бүткөрүлдү. Эми жайын-кышын жагымдуу шарты менен кудайдын үйү эсептелген жаңы мечитте намаз окула баштады. Мечиттин демилгечилери айылдын карыялары болушса, аларды жаштар колдоп чыгышты.

Мечит айылдагы 54 кожолуктун ыйман жолунда жүрүп, мечитке барышкан адамдарына кызмат кылат. Айт намазында бул айылдан 100дөн кем эмес киши мечитте намаз окушат.

Сариев Субан



1966-жылдын 31-июлунда эски Кочкор-Ата айылында туулган. Айылдагы мектепте окуп, жетилүү аттестатына ээ болгон. Анын балалыгы мына ушул айылда өткөн. Тоо арасында жайгашкан өзүнүн киндик каны тамган айыл элине кызмат кылып, жаштарын ыйман, адеп-ахлакка тарбиялоодо анын эмгеги чоң. Жаш экендигине карабастан, мусулман динин ыйык тутуп, мечиттин имамы катарында таза жана ак дилден иштеп келаткандыгы үчүн айыл арасында урмат-сыйга ээ болгон. Бул жайга имам болгонго чейин диний кызматкерлерден атайын билим алган. Ал мечиттин эски жайында да 2005-жылдан имамдык кылып келген. Өзү ушул тапта «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунда эмгектенет.

Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы.

Момбеков айылдык кеңеши

2016-жылдын 11-декабрында болуп өткөн жергиликтүү кеңештерге шайлоонун жыйынтыгы менен эл шайлаган, ар кандай кесип ээлеринен куралган 21 депутат мандатка ээ болушкан. Алар өздөрүнүн кезектеги сессиясында жергиликтүү бюджетти бекитип алышты. Быйылкы жылы алдыда айыл өкмөттүн экономикалык абалын чыңдоо, элдин социалдык абалын жакшыртуу максаттары турат.

Бул китепке айылдык кеңештин татыктуу деп эсептелген айрым депутаттары да киргизилди.

Төлөнова Калбү



1958-жылы 16-январда Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1975-жылы Калинин атындагы колхоздун өндүрүшүндө иштөө менен эмгек жолун баштаган. Ал “Жаштык” комсомолдук-кыздар бригадасын уюштуруп, ага бригадир болуп иштеген. 1983-жылы Фрунзедеги комсомолдук кызматкерлерди кайра даярдоо курсун бүтүргөн. 1980-жылдан КПССтин мүчөсү болгон. 1982-жылы Калинин атындагы колхоздун комсомол комитетинин секретары, 1986-жылы Калинин атындагы колхоздун маданият үйүнүн директору, 1987-жылдан сүт-товар фермасында асыл тукумдуулук боюнча зоотехник, 1996-жылдан дыйкан чарбалардын кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 2009-жылдан бери Момбеков жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрайымы болуп иштеп келе жатат. Иштеген мезгилинде эмгеги бааланып, бир топ сыйлыктарга ээ болгон: Алсак, ВЛКСМ БК тарабынан “Өз ишинин мыкты устаты” деген төш белгиси, жаш жеткинчектерди марксизм-ленинизм жана коммунизмдик духунда тарбиялоодо жүргүзгөн эмгеги үчүн ВЛКСМдын Борбордук Комитетинин Кыргыз республикасынын айыл чарба жана мелиорация министрлиги Жайыт департаменти тарабынан Кыргыз республикасында 2009-жылдан башталган жайыттарды реформалоо өнөктүгүнө кошкон салымы жана аны рационалдуу пайдалануунда жетишкен жогорку көрсөткүчтөрү үчүн, Кыргыз Республикасынын айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Ардак грамоталарына, “Айыл чарбасынын отличниги” төш белгисине жана көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйлануунга татыктуу болгон.

1982-жылы “Махабат дастаны” киносуна катышкан. 1982-1987-1990-2000-2011, 2016-жылдарда айылдык кеңештин депутаттыгына шайланган. 1995-2000-2010-жылдары Аксакалдар сотунун төрайымы, 1998-жылдан дүйнөлүк ЮСАИД, АРИС, АСТЕД, ИФАТ уюмдары менен кызматташып келет. Бир уулдун бактылуу энеси.

Арапов Бактыбек



1962-жылдын 5-июлунда Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздо төрөлгөн. Алгач 1979-жылы №17-Кыла орто мектебинде окуп бүтүргөн. Андан соң, 1981-жылы Жалал-Абад шаарындагы кооперативдик техникумда окуп, атайын адистикке ээ болгон.

1982-1984-жылдары Советтик Армиянын катарында Ооган жергесинде танкалык ротада «Т-62 » маркасындагы танкада айдоочу болуп жоокердик милдетин өтөгөн. Алар дайыма даярдыкта турушкан. Анткени, ошол учурда күнү түнү кооптуу жагдай туулуп, кырдаал опурталдуу эле. Көп учурда душмандар менен тынымсыз атышууларга катышкан.

Күйүүчү май өткөн түтүктөрдү душмандар жардырып кетпеши үчүн күзөттө турушкан. Душмандар да советтик жоокерлердин кыймыл-аракетине байкоо салышчу. Ал трубаларды жардырып жиберишкен. Ошол учурда аларды жаңылоо үчүн барышканда душмандын аеосуз жаадырган огуна кабылышкан. Жоокерлер айдаган БТРге ок атышканда командирге ок тийип, жеринде каза болгон. Ошол эле жерде аткылоодон БТР күйүп, анын айдоочусу белорус жигити Артурдун өмүрү кыйылган. Бактыбек Арапов төрт жоокер менен барганда аларды да аткылай башташкан. Бирок, артына кайтпастан өлгөн жоокерлердин денесин алып кетүүгө үлгүрүшкөн. Ооган жеринде бир жарым жыл жоокердик милдетин өтөп, мына ушул өңдүү кырдаалдарга туш болгон.

Ал Ооганстандагы жоокердик милдетин өтөөдөгү эрдиктери үчүн «За отвагу», «Мужество» медалдары, «За заслуги» орденине татыктуу болгон. Жоокердик милдетин өтөп, өз айылына келгенден кийин ички иштер кызматында Майлуу-Суу шаарында иштеп, отставкага чыккан. Акыркы мезгилде «Эмгек берекеси» пахтаны кайра иштетүүчү заводунда эмгектенген.

Үй-бүлөлүү, үч уул, эки кыздын атасы, 7 небереси бар.

Өткөн шайлоодо Момбеков айылдык кеңешинин депутаттыгына шайланган жана эл ишенимин аткарууда жигердүү иштеген. Ал эми 2016-жылдагы жергиликтүү кеңешке шайлоодо кайрадан депутаттыкка шайланды. Азыр айыл өкмөтүндөгү Ооганчылар коомунун төрагасы.

Кенжебек Субанов



1966-жылдын 4-майында Кыла селолук Советинин Коммунизм айылында туулган. Ал үйдө балдардын эң кенжеси болгондуктан, ата-энеси атын Кенжебек койгон. Анын оюнга тойбогон ойноок балалыгы өз айылында өттү. Көчөнүн боз топурагын чаңытып, ата-энесинин мээрими менен төрөлүп, өстү. Каткырык таштап ойногон балалык кез да артта калып, мектептин босогосун аттап, мугалимдеринен «А» деген арипти үйрөнүп, окуп, билим алууга умтулду. 1983-жылы Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепти аяктап, атайын орто билимдүү адистикке ээ болгон. Андан соң, 1985-1987-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн.

Ал азыр Тоскоол-Ата токой чарбасында токойчулук кесипти аздектеп келүүдө. Балалыгынан табиятты сүйгөн бул жигиттин бешенесине токой арасында кызмат кылуу, жаратылыштын сулуулугун коргоо буюрду. Ошентип, Бул кызматты аркалоо менен токойду коргоо жана сактоо, анын байлыктарын көбөйтүүгө белгилүү деңгээлде салым кошууда.

Момбеков айылынын тургундары 2012-жылы анын эмгегин баалап жана зор ишеним көрсөтүү менен айылдык кеңештин депутаттыгына шайлашкан. 2016-жылдагы жергиликтүү кеңештерге шайлоодо ал кайрадан элдин ишенимине ээ болду. Демек, эми депутат катарында да анын эл кызматындагы милдети чоң.

Жубайы Өктөмкан менен 1989-жылдан бери чогуу жашап, бекем жана туруктуу үй-бүлө курушкан. Алардын үй-бүлөсүндө беш уул, үч кыз жарыкчылыкка келип, ата-эненин мээрими жана камкордугу менен өсүп, татыктуу муун катарында жетилишти. Көп бала төрөп, тарбиялап өстүргөндүгү үчүн «Баатыр эне» орденине жана «Баатыр эне» ардактуу наамына ээ болгон.

Момбеков айыл өкмөтүнүн аппараты

Китептин башталышында маалымат берилгендей Жалал-Абад области боюнча 8 район, 5 шаар. Алардын катарында Ноокен районуна Арал, Бүргөндү, Достук, Масы, Момбеков, Ноокен, Сакалды, Шайдан айыл өкмөттөрү кирет.

Момбеков айыл өкмөтү Кыла, Бостон, Көп-Там, Жазгак, Чек, Жаңы кыштак айылдарынан турат. Айыл өкмөттүн аймагында Маданият үйү, 5 мектеп, 5 балдар бакчасы, бир үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 4 ФАП иштейт.

1996-жылдан тартып, Момбеков селолук Совети Момбеков айылдык башкаруусу болуп кайра түзүлгөндүгү, 2009-жылы Момбеков айылдык башкаруусу Момбеков айылдык округу болуп өзгөргөндүгү туурасында белгиленген. Ал эми 2016-жылдан айыл округу Момбеков айыл аймагы болуп өзгөртүлгөн.

Айыл өкмөт башчылары
Султанов Ташболот
Немат уулу Жайнак
Кубатов Тажикул
Мамыров Калдарбек
Төрөканов Данияр
Сеитова Жамбила

Кубатов Тажикул



1959-жылдын 9-сентябрында Ош областынын Ленин районундагы Кыла айылында туулган. Бир үй-бүлөдө жети бир тууган тарбияланган. Ал балдардын төртүнчүсү.

1969-жылдын 1-сентябрында Калинин атындагы сегиз жылдык толук эмес орто мектебинин босогосун аттап, 1976-жылы 10-классты ийгиликтүү аяктаган. 1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөгөн. 1981-жылы Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтуна тапшырып, 1987-жылы жогорку билимге ээ болуп, атайын адистик алууга жетишкен. Жогорку окуу жайын аяктагандан соң, 1987-жылдан «Коминтерн» колхозунда гидротехник болуп эмгек жолун баштаган. Бул кызматында 1988-жылга чейин эмгектенген. 1988-1994-жылдары Момбеков селолук Советинин төрагасынын орун басары болуп иштеген. Жергиликтүү Советтин эки жолку чакырылышынын депутаты болгон.

1994-жылдын декабрынан «Кыргызнефть» ХСМУ ПО ишканасында техникалык коопсуздук боюнча инженери болуп иштеген. 1996-жылдан база башчылыгына которулуп, 1997-жылга чейин эмгектенген.1997-2009-жылдары аталган ишкананын курулуш-монтаждоо участкасынын база башчысы кызматын аркалаган.

2009-жылдын 10-сентябрынан 2011-жылга чейин Москва айыл округунун башчысы болуп эмгектенген. Ден соолугуна байланыштуу 2011-жылдан өз каалоосу менен ээлеген кызматын тапшырган.

2012-жылы Момбеков айылдык Кеңешинин депутаттыгына шайланган жана эл кызматын аркалаган.

Учурда беш уулдун камкор атасы, эки неберенин таалайлуу чоң атасы. Беш уулун татыктуу тарбиялап, алар азыр жогорку окуу жайларында окуп жатышат.

Төрөканов Данияр



1967-жылдын 4-майында мурдагы Ош областынын Ленин районунун, азыркы Ноокен районунун Момбеков айыл аймагынын Курулуш айылында туулган. 1974-жылы Жусуп Турусбеков атындагы №16-орто мектептин босогосун аттап, 1984-жылы 10-классты аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгон. 1984-жылы Белоруссия Республикасынын Витебск шаарындагы мамлекеттик медициналык институтунун фармация бөлүмүнүн студенти болуу бактысына ээ болгон.

1985-1988-жылдары Советтик Армиянын катарында Аскер-деңиз флотунда жоокердик кызматын өтөгөн. 1993-1995-жылдары кыргыз «Фармимпортэкспорт» жоопкерчилиги чектелген коомуна караштуу дарыкананы жетектөө менен эмгек жолун баштаган. 1995-1997-жылдары «Ноокенфармация» ачык акционердик коомунун башкармасынын орун басары, 1997-1999-жылдары «Жалал-Абадфармация» ачык акционердик коомунун дарыканасынын башчысы, 1999-2001-жылдары «Ноокенфармация» ачык акционердик коомунун башчысы, 2001-2012-жылдары Түштүк аймактык дары-дармектер менен камсыздандыруу департаментинин фармацевтикалык инспекция бөлүмүнүн башкы адиси, «Ноокенфармация» жабык акционердик коомунун директору жана жетектөөчү адиси болуп эмгектенген.

2012-2013-жылдары Момбеков айылдык кеңешинин депутаттыгына шайланган. 2013-жылдан 2016-жылдын этегине чейин Момбеков айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалап келген. Ал аталган айыл өкмөтүн жетектеген мезгилдин аралыгында бул аймактын экономикасынын, социалдык тармактарынын өсүшүнө, бул багытта инвести-

циялардын тартылышына чоң салым кошо алды.

Анын эмгеги 2006-жылы дары-дармектер менен камсыздандыруу департаментинин, 2014-жылы Баткен согушунун катышуучуларынын республикалык комитетинин Ардак грамоталары, 2012-жылы КРнын «Саламаттыкты сактоосунун отличниги», 2015-жылы «Боевое братстсво» Эл аралык союзунун грамотасы менен сыйлануга татыктуу болгон. Айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өсүп-өнүүгүсүнө кошкон зор салымын эске алып, «Кыргыз Республикасынын муниципиалдык кызматтын отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, атасы.

Айыл башчылар

Меңдибаев Тургуналы



1957-жылдын 20-февралында Ленин районуна караштуу Кыла селолук Советинин мурдагы Калинин, азыркы Чек айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1975-жылы Кыла орто мектебин аяктагандан кийин 1976-1978-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөп келгенден соң, Калинин атындагы колхоздун курулуш бригадасында эмгек жолун баштаган. 1980-жылдан колхоздогу «Эдельвейс» комсомолдук кыздар, андан соң, №13-бригадада 1989-жылга чейин учетчик болуп эмгектенген. 1990-жылдан ушул эле колхоздун №2-бригадасында колхоз жоюлганга дейре бригада башкарган. Ал бригада башкарган мезгилинде пахтанын гектарынан 35-40 центнерге жеткирип түшүм алып, КРнын Ардак грамотасы менен сыйлануу-га татыктуу болгон. 1997-жылдан ушул эле бригаданын эсебинен «Бай» деп аталган кооперативдик чарба уюштурган да, аны 2004-жылга чейин жетектеген. 2005-жылдан тарта 2006-жылдын апрель айына дейре Момбеков айыл өкмөтүндө жетектөөчү соцадис болуп эмгектенген. Ушул жылдын май айынан баштап, Чек айылынын башчылык кызматын аркалап келет. Ал Момбеков айылдык Кеңешинин депутаттыгына шайланып, эл ишенимин аткарууда да жигердүү иштеген.

Ал айыл башчы катарында Чек айылынын калкынын бардыгынын жашоо шартын, социалдык абалын эң жакшы билет. Алардын көйгөйлүү маселелерин чечүүдө айыл өкмөт менен элдин ортосунда көпүрөлүк милдетти аткарып келет.

Үй-бүлөлүү. 5 уул, 1 кыз, 28 неберенин камкор атасы, чоң ата, таятасы.

Макибаев Акынбек



1957-жылы 25-июлда Ош областынын Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздо колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал бир үйдө чоңойгон 12 бир туугандын үчүнчүсү. Мектеп жашына жеткенде 1964-жылы Ж.Турусбеков атындагы орто мектептин босогосун аттап, мугалимдеринен таалым-тарбия алып,1974-жылы орто мектепти аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгон. Ошол жылдан колхоздун №7-бригадасында колхозчулуктан эмгек жолун баштаган. 1976-1978-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн.

1986-жылы Ош-совхоз техникумун аяктап, агроном адистигине ээ болгон.

1978-1991-жылдары аталган бригадада учетчик болуп иштөө менен эмгек жолун уланткан.1991-1997-жылдары бригадирлик кызматты аркалаган.1997-2006-жылдары дыйкан чарбасын жетектеген. 2006-жылдан тартып Бостон айылынын башчылык милдетин аткарып келет.

2004-2008-жылдары райондук кеңештин депутаты катарында элдин ишенимин аркалаган.

2008-жылы ага «Ноокен районунун ардактуу атуулу» номинациясы берилген.

Беш уул, бир кыздын атасы. 22 небереси бар.



Амиракулов Абибилла
Курулуш айылынын башчысы.



Мадан Ажимуратов
Кыла айылынын башчысы.

Мамадалиев Талантбек



1964-жылдын 11-августунда Ош областынын Ленин районундагы Калинин атындагы колхозго караштуу Хиля айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.1981-жылы Хиля орто мектебин аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгон. 1982-1984-жылдары Советтик Армиянын катарына чакырылып, эр жигиттин Ата-Журт алдындагы ыйык парзы болгон жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөгөн. Анын алгачкы жылы 1985-жылдан Майлуу-Суу шаарындагы автосервисте иштөө менен башталган жана аталган жайда 1992-жылга дейре эмгектенген. Дал ушул жерде үчүнчү разряддагы мастерлик квалификациясы берилген.1992-жылдан Кочкор-Ата автосервисте дал ушул кызматта иштөө менен эмгек чыйырын улантканан. Анын ишке тетик, жөдөмдүүлүгүн байкашкан жетекчилик бригадирликке дайындашкан, бул милдетин ал 1997-жылга дейре аткарган. Ошол жылдан тартып, ал өзү Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу дыйкна чарбасында эмгектене баштаган. 2015-жылдан Жазгак айылынын башчылыгына дайындалган.

Ал ошол жылдан тартып, мына ушул кызматты аркалоо менен айыл элинин социалдык маселелерин чечүүгө аракеттерди жасап келет.

Үй-бүлөлүү.



Таалай Мамасабиров
Көп-Там айылынын башчысы.



Бекиш Молдалиев
Жаңы Кыштак айылынын башчысы.


Ноокен району
Момбеков айыл Өкм






Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Ноокен району
Момбеков айыл Өкм



Жыйынтыктоочу сөз

Эзелтен элибиз тегин аңдап, каадасын кастарлап, бабалардын нуска керээздерин бапестеп багып келген. Өз мезгилинде элибиз канчалык каржалып, канчалаган каар замандардын зардалына, запкысына кабылып, заманасы тарып, башынан бак, ордосунан оомат кетип тургандa да уюткулуу улуу элдин урпагы экендигин унуткан эмес. Мекенин, улутун, келечегин ойлогон бабаларыбыз «жети атаны билүү – парз!» – деп, өсүп келе жаткан муундун кулагына кумдай куюп тургандыктан бул дил-насаат ар бир кыргыз баласынын дилинде кыттай уюп, улуттун урааны болуп, намыстуу, мекенчил болууга, тегин, жерин сүйүүгө үндөгөн ыйык түшүнүккө айланган.

Сөз жыйынтыгында Өмүрбек Самудинов деген илим изилдеген инсандын бир жазгандарын эске салгыбыз келди. Ата-бабаларыбыз жети атасын сураса жеткиликтүү билбей, санжырага таң болуп, баштары маң болуп тургандарды: «жети атасын билбеген жетесиз, андан суроо сурап нетесиз», мындайлар жүргөн жерде: «эл бийлээр кыйын болбойт, ордолуу жыйын болбойт» дешип киши катары көргөн эмес. Тарыхын билбегендер кайсаңдаган кайсак делип, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп журт алдында сөзгө жыгылган. Аталарыбыз андайлар менен «жети атасын билбеген кул» деп, сүйлөшпөй да коюшкан. Себеби, санжыранын сыры, касиети тарыхтын түпкүрүнө кетип, осуят, мурас катары калтырылган руханий казынабыздын ачкычы эле.

Кыргыздын туусу болгон Барсбек, Алп Сол, Мухаммед Кыргыз, Ормон хан, Жусуп Абдрахманов, Исхак Раззаков, Чынгыз Айтматов сындуу залкар инсандарыбыз ошол улуу элдин уулдары, тектүү улуттун тукумдары экендигин билгендиктен жаттын кулу болбой, элдин уулу болуп, кыргыздын башын бириктирип, дүбүртүн дүйнөгө таанытып, тарыхты-жети атаны билүү – өлкөбүздүн келечеги, өнүгүү багыты болоорун өз иштери менен тастыктап кетишкен.

Тарыхты бүгүнкү күндө да абдан зарыл. Көрүнүктүү тарыхчыбыз Осмонаалы Сыдык уулу белгилегендей: «Жүрөгүндө оту бар жигиттер үчүн тарыхты билүү керек». Тегин жерден тарыхый бабабыз Мухаммед Абулгазы Бахадур хан «Түрктөрдүн санжырасы» аттуу эмгегин түрк элдеринин энчисине калтырып кетпегендир. Анткени, бүгүн көөнө тарыхына, түпкүлүгүнө кайрылган гана эл, мамлекет гана мамлекет катарында жашап кала алаары белгилүү болуп олтурат.

Эгерде тарыхка кайрылсак, кыргыздар бир мезгилде Эне-Сай, Миң-Өзөндү мекендеп, тибет, түрк, түргөш, табгач элдери менен тең ата мамиле түзүп, өрүшү өсүп, конушу көбөйүп, бейкут жатканда капыстан чыккынчылык менен касташкан жоосу басып киргендиги, күтүүсүздөн кол салган жана саны, күчү жагынан артыкчылык кылган алар күчтүү жоосу болгон кыргыздарды катуудан казаны, жумшактан күлү калганча чабышкандыгы баяндалат. Ошондо, кан күйгөн айкаштын жүрүшүндө душмандардын колбашчысы жети жашка чейинки балдарды аман калтыруу буйругун бергени айтылат. Андан эмнеге мындай кылышканын сурашканда, булар ата-тегин, тарыхын, ким экендигин билбейт, булар кул болуп өсөт, бизге кулдар да керек деп жооп айткан делет. Бул шум кабарды укkан кыргыздын аман калган тобун жетектеп турган акылман карыясы туш тарапка чабарман жиберип, ошол бардык жети жашка чейинки балдарга жети атасын, жети атасынын тарыхын үйрөткүлө деген экен…

Мына ушул улуу ойдун, улуу насааттын аркасында, улуу осуяттын тарбиясы менен кыргыз кайра өзүнүн кыргыз экендигин таанып, келкели келгенде туусун түндүгүнөн чыгара көтөрүп, асабасын желбиретип, душманын чөгөлөтүп, мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирген.

Өмүрбек Самудинов минтип жазат: Кыргыз 1800 жылдык тарыхын билген, же 74 муундун санжырасын сактап, айтып келген санжыргалуу, тек-жайы тереңге кеткен, даңкы далайга таанымал даңазалуу эл болгон. Бир муунга орточо 25 жылдан эсептегенде жети муунга чейинки

эле санжыраны билген адам 175 жылдык ата-бабаларынын басып өткөн тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын, нарк-насилин билген. Андай адамдар ата-бабаларыбыздын адаты, расими, согуш иши, дини, өнөрү деги кайсы темада сүйлөшпөсүн: манасчылары, акындары, баатырлары, сынчылары, олуялары, чеберлери, кыскартып айтканда кыргыздын тарыхы тууралуу өтө кызыктуу маек жүргүзүшкөн. Мындай сөздүн усталарын эл урматтап, калк кадырлаган. Ал эми жети атасын билбегендерди ошол себептүү тегин билбеген «кул» – дешкен. Алар сабатсыз, караңгы, түркөй, өтө пас адамдар катары эсептелинген. Анткени, кыргыздарда жети атаны билүү катуу талабын койгону кыргызды – санжыра, бабаларынын рух күчү сактап келген. Бүгүнкү күндө да бул касиетибизди жоготуп, аны баалабай коюу бир сөз менен айтканда түркөйлүк… болоор эле.

Ал эми азыр кандай? Азыр Айтматов жазган маңкурт эмес, акыл-эстүү маңкурттар пайда болду. Алар эзелки тарыхыбызды, каада-салттарыбызды, эне тилин билмек тургай эки сөздү эптей албай калышты. Атам замандан берки тарыхты сүйлөп келе жаткан эне тилди жарды деп, билип да, билбей да «маңкурт» болуп бара жаткандарга мындан артык айтаар сөз, дээр кеп таппайсың.

Дагы бир тарбиялык касиети, байыртан жети муундун бардык өкүлдөрү — ак калпакчан аталарыбыз, ак элечек энелерибиз ошол жетинчи баласынын келечеги үчүн туура сүйлөп, түз жүрүшкөн. Салттан четтеп, ушак айтуу, уурулук жасоо, ала жипти аттоо, айбанчылык жолго баруу, мекенге кыянаттык кылуу сыяктуу чеки иштерге барышкан эмес. Анткени, жети атаны сураша келгенде санжыра, тарыхты чегип билген адам, аа сенин чоң атаң – ууру, бабаң – башкесер, чоң энең начар аял эле, же тетирисинче сенин бабаң – баатыр, жетең – билимдүү, энең эл оозуна алынган жанда жок колунан көөрү төгүлгөн зайып эле деп, анын кимдин тукуму экендигин баалап, жети атасы аркылуу анын кимдигин, кандай атанын урпагы экендигин аныктап коюшкан.

Аттигиң, жети атанын наркын бүгүн билсек, аталарыбыз жинди сууну, балдарыбыз баңги затты унутуп, апаларыбыз ордун билип, кылтылдаган кыздарыбыз кыз кылыгын кайрып келет беле дейсиң. Ал эми төбөлдөрүбүз «жебеген жердин астында, жегендер элдин башында» болуп, эл кызыкчылыгын өз кызыкчылыгына алмаштырган «дүжүрлүккө» жетпейт беле? .. Заманга шылтап эле жер-сууларыбызды, тоо-ташыбызды, атап айтканда «абийирибизди» соодалап жүрүп отурсак, эртең эстүү чыккан жигиттерибиз жети атасын кой, өз атасынын атын айткандан уялып, эл караган бети жер карабайт деп ким кепил боло алат.

Андыктан көрпенделиктен чыгуунун негизги жолу «улуттук намыска келүү!». Андай дегенибиз биз кыргыздар белгилүү окумуштуу Л.Н.Гумильев белгилегендей, тарыхтан жок болуп кетээрде кайрадан өсүп, күчтөнө турган пассионардуу – каны таза, акылы тунук калктардын бирибиз. Дегенибиз, көрөңгөбүз кур эмес, камчыга сап, элибизге баш боло турган, ата наркын билген, намыска жарай турган «жүрөгүндө оту, билегинде күчү бар» уул-кыздарыбызга элдин ишеними чоң.

Сөз аягында айтаарыбыз, жогоруда белгилегендей бүгүн ар бир кыргыз тилин, дилин, тегин, тарыхын билип, Ала-Тоосун, Ак калпагын, Манасын ыйык тутуп, бабаларыбыздын баскан жолун, ата бабалар аздектеген тарых таржымалын биз да аздектеп, жети жаштагы баладан, жетимиштеги карыяга чейин билсек «адам» болуп жашап, «улут» катары өсүп, «кыргыз» деген атты кыйлага тааныtаар элек.-дейт Өмүрбек Самудинов.

Ошентип, кылым карыткан, санжыралуу айыл жана айылдыктар туурасында жазуубузду аягына чыгардык. Бирде унаага олтурсак, көбүнчө жөө-жалаңдап, таштуу, анан боз топурактуу көчөлөр менен кээде ач, кээде ток калып, эл аралап маалыматтарды топтодук. Мүмкүн болушунча бешене тери, адал эмгеги менен иштеген ар бир кесиптин «дыйканын» тапканга аракет жасадык. Төштөрүндө жаркыратып, орден-медалдарды алышпаса да, чыныгы адамдыктын асыл сапаттары менен сугарылган каармандарды тапканга умтулдук. Сыртта жүрүп,

бул айылдын Юсупжан Момбекова сыяктуу белгилүү инсандарды билгенибиз менен көбү бизге бейтааныш болчу. Айрыкча, биздин маалыматтарды чогултушубузга Чек, Жазгак, Көп-Там айылдардын башчылары Тургуналы Меңдибаев, Талант Мамадалиев, Таалай Мамасабировдор бул биздин жумушубуз дешпестен биз менен кошо жүрүп, жардамдарын беришти. Дайыма болбосо да, кез-кезде колдорунан келген жардам берүүгө аракет жасашкан калган айылдардын башчыларын, айрыкча айылдык маданият Үйүнүн жетекчиси Сайкал Кушназаровага китептин маалыматтарынын топтолушуна көрсөткөн жардамы үчүн ыраазыбыз.

«Сөз келгенде айтпаса сөз атасы өлөт» деген кеп бар кыргызда. Ошол сыяктуу сөз келгенде айта кетсек, бирде ишенсе, бирде ишенбей, же ишенсе да колдорунан эмне келет? дегендей таризде сырттан карап жүргөндөр да, кайдыгер карап, салкын көз карашта болгондор да болбой койгон жок. « Тарыхты башкалар да жазышкан, дагы жазышат, буларга маалымат бербегиле», деп бизге кырс сүйлөп, кээ бир айыл башчыларына эскерткендер да болушту. Кала берсе райондогу айрым бир жетекчимин дегендер өз менчигиндей «биз аларга жазбагыла деп айтканбыз», деп түз эле тоскоолдук кылууга аракет кылып, токтотууга умтулушту. Ошого да караган жокпуз. Канчалык бут тосуп, кедергисин тийгизүүгө умтулган айрым бир адамдардын көрө албас аракеттерине, айрымдарынын кош көңүл мамилелерине карабастан, баштаган ишибизди аягына чыгарууга аракет жасадык. Анткени, биз элдин алдында бул маселеде жоопкер болчубуз, ошол жоокерчиликтин өтөөсүнөн чыгышыбыз абзел болчу. Бирок, бул китепке эмгеги элине сиңген көптөгөн адамдар кирбей калгандыгы чындык. Анткени, жогоруда айткандай алардын баарын ийне-жибине чейин иликтеп, түгөл маалыматтарды алууга айрым бир кайдыгер мамилелерден улам мүмкүнчүлүк болбой калгандыгы өтө өкүнүчтүү.

Эч кандай жумуш аткарбаган адамдан кемчилик табуу кыйын албетте. Бирок, жасалган иште, айрыкча бүткөн жумуштун сынчысы көп болот. Анын сыңарындай «минтип жазса болоор эле», же «паланча кирбей калыптыр» дешкендер да чыгар.

Бизди кубандырганы карапайым, жөнөкөй адамдардын колдоосу болду, китепке материалдарды жыйнап жүрүп, не деген асыл адамдарга туш болуп, алардын таза пейилине сүйүнсөк, колдоо көрсөткөндүн ордуна тоскоолдук кылууга умтулган пейли терс, мүнөзү катаал кишилерди көрүп, өкүндүк. Биз аларга капа деле болбойбуз.

Эгерде биз аш-тойлорго, шаан-шөөкөттүү майрамдарга каражат сарптай берүүнү кыскарта турган болсок, биз тарыхты эчак эле жазып, кийинкилерге мурас катарында сактап коер элек. «Баарына эле кереги тийбеген китепке каражат кетирүүнүн ордуна көчөлөрүбүздү оңдоп алсак жакшы эмеспиз», деген сыяктуу көз караштардан (китеп жазгандарды колдошпосо деле көчөлөрүбүз оюлуп, унаа түгүл адам жүрүүгө мүмкүн болбой калбадыбы!?) арылсак, жерибиздин тарыхы, көзү өткөн жана бүгүнкүн күндө таза иштеп, элине кызмат кылып жатышкандар туурасында жазылган китептер архивдерде, китепканаларда, музейлерде, кала берсе ар бир адамдын үйүндө сакталып турса зыянынан пайдасы көбүрөөк болоор беле. Келечек муундар үчүн, алардын өз айылынын жана айылдаштарынын тарых-таржымалы жазылып, басмадан чыгып, колдоруна тийип, калып калса, тарбиялык таасири болор эле деген максатта жасаган иш-аракеттерибизди жаманбы, жакшыбы мээнет менен соңуна чыгардык. Бир чети ар бир айылдын тарыхынан мамлекеттин тарыхы толукталат эмеспи.

Биздин сунушубузду колдогон Момбековдукдарга дагы бир ирет чын пейилден ыраазычылыгыбызды жана ар бир үйдө ынтымак, ден соолук, бай-бакыбаттуу жашоонун болушуна тилектештик билдиребиз.

Автор

МАЗМУНУ

КЫРГЫЗСТАН 10
Момбеков айыл аймагы 12
Айылдардын тарыхы 12
Колхоздор 17
Кыла селолук Совети 18
Тарыхый инсандар 40
Эгемберди казы Канай уулу (1881-1976) 40
Калы бий 42
Семетей болуш баяны 44
Ботобай Жунусов (1884-1976) 52
Социалисттик Эмгектин Баатырлары 54
Юсупов Эшенкул (1915-1993) 54
Момбеков Юсупжан (1926-1983) 55
Маткалык Амадалиев (1926-1995) 57
Малик Акчабаев (1932-2001) 58
Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары 59
Абдуллаев Абдурахман (1897-1943) 60
Матмусаев Калбай (1900-1988) 61
Анарбаев Ганыбай (1908-1989) 62
Субанов Карим (1910-1987) 63
Субанов Аким (1912-2005) 64
Молдобаев Абакул (1912-1987) 66
Молдобаев Мейман (1913-1989) 67
Мамыров Молош (1914-1994) 68
Мурзакматов Кара (1916-1992) 69
Сүйөркулов Аскар (1916-2005) 70
Абдымомунов Оморбай (1916-1999) 71
Мамыров Абдираим (1916-1975) 72
Кубатов Мейманкул (1918-1991) 73
Эргешов Тешебай (1920-1998) 75
Борбиев Үркүнбай (1920-1978) 76
Мамажанов Абдипатта (1921-1994) 77
Найманов Асылбек (1922-1989) 78
Кошоев Эсенбай (1922-2005) 79
Арапов Ташмат (1923-1998) 80
Жолдошов Каримжан (1923-1991) 81
Орозбеков Абдыкадыр (1924-2004) 82
Төрөканов Байжигит (1924-2001) 83
Анарбаев Аким (1924-2000) 84
Субанов Калмамат (1924-2015) 85
Момунов Ажимамат (1924-2012) 86
Асранкулов Ысмайылжан (1924-2002) 87
Чамашов Апсамат (1925-2000) 88
Урбаев Токтосун (1924-2010) 89
Мамадалиев Курбанали (1925-2014) 91
Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутаттар 92
Төлөнова Сүйүнбү (1936-2016) 92
Каримов Акмаджан 93
«Эл эмгектен эскерет» 94
Эмгек ардагерлери 95
Аттокуров Атамкул (1887-1978) 95
Нуров Төлөн (1898-1974) 96
Кулушев Мурат (1898-1988) 97

Султанов Алдөмөт (1903-1988) 99
Мамажакыпов Азак (1912-2007) 100
Мамадалиев Сарыбай (1912-1981) 101
Мурзакулов Жумаш (1914-1998) 102
Аттокурова Салия 103
Жумабаев Анаркул (1920-2003) 104
Мамадалиев Парпибай (1921-2012) 105
Мырзакматов Аман (1921-1999) 107
Кудаяров Шермат (1921-1990) 108
Салиев Калбай (1923-1994) 109
Молдобаева Мейликан (1924-1984) 110
Эгембердиев Токон (1924-2004) 111
Байчерикова Турдубү (1924-2003) 112
Кочкорбаев Камчыбек(1925-1990) 113
Кубатова Бурулкан (1925-1999) 114
Айтимбетов Кайым (1926-2005) 115
Жүдөмүшов Тешекул 116
Эрменов Мундуз (1926-2012) 117
Мырзакматов Калил (1926-2000) 118
Усанбаева Мактымай 119
Бегимкулов Үтүр (1926-1996) 120
Уметалиев Эргеш (1926-2000) 121
Көчөров Маман (1926-2012) 122
Атамкулов Элбек(1927-1990) 123
Кадыров Курбанали (1927-2015) 124
Жунусов Эгем (1927-2014) 125
Мисиров Абжапар (1927-2015) 126
Төлөнов Гуламкадыр (1928-1997) 127
Борбиев Алакул (1928-2013) 128
Мамырова Кайры(1928-1997) 129
Шакиров Өсөр (1928-2008) 130
Акбаров Төлөш (1929-2006) 131
Мамасабиров Жаркул (1930-2007) 132
Кимсанбаев Сабыржан (1930-2011) 133
Момбекова Жумагүл 134
Төлөнов Айтмамат (1930-1994) 135
Жолдошов Тетеш (1930-1993) 136
Купахунов Амракул (1931-2003) 137
Тургунбаев Мадан (1931-2015) 138
Абдымомунов Самидин (1931-1998) 139
Мамажакыпов Пазыл 140
Касымбеков Зайнап (1933-1985) 141
Назарматова Марапат (1933-2002) 142
Каримбердиев Жакыпбек 143
Жакыпов Тургунбай (1935-2005) 144
Сариев Орозбек (1935-1998) 145
Рахманов Дубана (1936-2013) 146
Мамышова Саламат 147
Амадалиев Абдыразак (1936-1995) 148
Мусурманкулова Суусар (1936-1996) 149
Молдобаев Каканович 150
Маматалиева Гүлпар 152
Мырзакматова Алмакан (1937-2010) 153
Мураталиев Жоомарт 154
Орозбеков Абитали (1938-2012) 155
Мырзахматов Усупахмат 156

Жоробаев Камилжан (1938-1994) 157
Мурзакулов Абдимиталип 158
Мергенбаев Мамасалы 159
Касымбеков Темир 160
Абдураимова Тиллекан 161
Рахманова Рабыкан (1939-1973) 162
Муратов Сабыр 163
Кадырова Салкын (1940-1999) 164
Рахманов Турдубай (1940-1994) 165
Сыдыков Абдумомун (1940-2010) 166
Ажыкулов Мамат (1940- 2011) 167
Мамашова Анипа 168
Маматова Толгонай 169
Анарбаева Рахима 170
Баратов Абдумомун 171
Момошов Өкүм 172
Мисирова Шакар 173
Орозбекова Шырман 174
Акматова Бегай (1942-1986) 175
Баялиев Сатыбалды (1943-2012) 176
Жакыбалиев Төлөн (1943-2011) 177
Байжигитов Эсенбай 178
Жоробаева Энекен 179
Мадаминов Далимбек (1945-2016) 180
Примбердиева Аккыз (1946-2010) 181
Осмонов Досмамат 182
Жолдошова Калинса 183
Төлөнов Анарбек (1950-2006) 184
Турсунбаева Дилбаркан 185
Субанова Рабыкан 186
Кадыров Буркан (1952-2003) 187
Аккозова Адалат 188
Балтабаев Нематжан 189
Оморбаев Абдижалил 190
Балтабаева Зулфия 191
Калмуратова Сапаргүл (1955-2015) 192
Усупжанова Бактыкан 193
Мырзакулов Мамасейит 194
Айылдын атын чыгарган татыктуу адамдар 195
Борбиев Эркинбай (1912-1945) 195
Арзыкулов Сатар (1921-1991) 196
Кадыров Иманалы (1939-2016) 197
Караев Раимжан 198
Сагынбаев Каржады 199
Борбиев Солтоналы 200
Сыдыков Үсөн 201
Мамасейитов Садирбек (1945-2017) 202
Молдобаев Алижан (1948-1987) 203
Мурзакматов Абдыманап 204
Куватов Жорокул 205
Мамасейитова Бумайрам (1951-2013) 206
Алиев Момунжан 207
Сатыкулова Гүлсара 208
Абдумомунов Абдикалил 209
Арзыкулов Замирбек 210
Төрөканов Кубанычбек 211

Мырзакулова Адалят 212
Төлөнова Бактыкан 213
Мамыров Надырбек (1961-1912) 214
Көчөров Алимжан 215
Абдимомунова Апалкан 216
Мамажакыпов Маматсак 217
Эгембердиев Арсланбек 218
Абдыжапаров Кадырбек 219
Селолук Советтин жетекчилери 220
Борбиева Таттыбү (1914-1966) 220
Калмуратов Кебек(1920-1986) 221
Талиев Анарбай (1926-1986) 222
Рахманова Калыс (1928-1952) 223
Тешебаева Айша 224
Акрамова Бүбүкан (1937-1999) 225
Нураева Гүлсүн 226
Азекова Саван 227
Тиллебаев Ырысбек (1951-2016) 228
Колхоз башкармалары 229
Султансеитов Жүдөмүш (1894-1939) 229
Ахмедов Жорокул(1913-1975) 230
Бейиш эненин таманында 232
Баатыр энелер 233
Мамажакыпова Токтокан (1914-2004) 233
Мурзакулова Калбү (1925-1998) 234
Сүйөркулова Салтанат (1926-2012) 235
Козубай кызы Уулай (1926-2004) 236
Анарбаева Марапат (1926-2001) 237
Жумабаева Жамила (1928-2016) 238
Чамашова Тажи (1928-2015) 239
Шакирова Кайринса (1928-1999) 240
Кочкорбаева Найча 241
Урбаева Ташкан (1930-2005) 242
Кудаярова Марал (1930-2000) 243
Субанова Ибадат 244
Кимсанбаева Саадаткан 245
Акбарова Шырман (1933-2012) 246
Төлөнова Шайбү (1933-2016) 247
Көчөрова Бурулай 248
Алимбекова Тотухан 249
Шакирова Калича 250
Эрменова Санталат 251
Макибаева Саламат 252
Кулмурзаева Темиржан 253
Жунусова Арзыкан 254
Кожомбердиева Кундуз 255
Мамасабирова Темиржан (1939-2005) 256
Мурзакулова Касиет 257
Касымбекова Бурулай 258
Сариева Бегай 259
Исакулова Кыздаркан 260
Ассаева Макпуратхан 261
Бөдөнова Ырысбү 262
Акбарова Насибахан 263
Мураталиева Дилбар (1947-2015) 264
Баратова Гүлүмкан 265

Шайымкулова Артыкбү 266
Бабашова Саткынай 267
Төлөнова Турдукан 268
Татыктуу инсандар 269
Исмаилов Үтүр (1935-1997) 270
Таджиматов Маматкадыр (1940-2003) 271
Алдаматов Түмөнбай (1941-2016) 272
Эгембердиев Садиш (1944-1999) 273
Жумабаев Маматжан (1949-2003) 274
Акматов Маматкадыр 275
Мейманкулова Санабар 276
Талиев Тариел 277
Мамыров Калдарбек 279
Мырзакулова Арапаткан 280
Эгембердиев Кубанычбек 281
Ооганчылар 282
Рахманов Абдижалил (1962-2016) 283
Мурзакулов Акматжан 284
Чернобыль апаатынын катышуучулары 285
Арапов Кымбатбек (1967-2002) 286
Баткен окуясы далайлардын өмүрүн алган 287
Калакбашов Абдуракман 289
Ишкердик дүйнөсү 290
Кабулжан Кимсанбаев 291
Амадалиев Чолпон 292
Осмонов Мурат 293
Атыргүл Мураталиева 294
Билим берүү 295
№16-Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинин тарыхы. 295
Кыла №17-орто мектеби 298
Жазгак орто мектеби 299
Малик Акчабаев атындагы №44- орто мектеби 301
Азыркы Жунусалиев атындагы мектептин тарыхы 303
Жунусалиев Жусупбек (1914-1942) 305
Билим саяпкерлери 306
Мамадалиев Шакир (1925-2008) 306
Абдыжапаров Орунбай (1927-1972) 308
Сабыр (1928-1990) 309
Мамасыдыков Мамаш (1928-2000) 310
Борбуев Абдималик (1932-2004) 311
Сариев Аширбек (1933-1981) 312
Сүйүнбаев Дүйшөналы (1934-2000) 313
Осмонов Тургуналы 314
Мирзаабдулла ажы Абдурахманов 315
Айдаров Жаркул (1936-2010) 316
Кимсанбаев Камилжан (1936-1984) 317
Молдобеков Өзгөнбек 318
Атамурзаев Набижан 319
Борбиев Сонунбү 320
Бабашов Сапарбай 321
Ахметов Сапар 322
Матмусаева Адашкан 323
Кебекова Барчакан 324
Мырзабекова Алымкан 325
Рахманова Мейилкан 327
Мундузбаева Гүлаш 328

Тоялиева Таттыбү 329
Жумабаева Мария 330
Аамадалиев Калил 331
Мектепке чейинки билим берүү мекемелери 332
Кыла айылындагы “Наристе” балдар бакчасы 332
Чек айылындагы “Кызгалдак” №21- балдар бакчасы 333
Көп-Там айылындагы “Гүлкайыр” №22-балдар бакчасы 335
Бостон айылындагы №17-балдар бакчасы 337
Саламаттыкты сактоо 338
Кыладагы №13- үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу 338
Көп-Там айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу 339
Бостон айылындагы ФАП 340
«Фармсервиз» жабык типтеги акционердик коому 341
Жумагулова Гүлсара 342
Розахунов Рахманжан 343
Мырзалиева Бүсаракан 344
Жакыпова Дарыяхан 345
Рахманова Гүлбайра 346
Кыла айылдык маданият үйү 347
Ички иштер кызматкери 348
Төрөканов Кадырбек 348
Байланыш тармагы 349
Ходжалиева Ханифа 349
Жазгак айылындагы «Мустафа ата» мечити 350
Эски Кочкор-Ата мечити 353
Момбеков айылдык кеңеши 354
Төлөнова Калбү 354
Арапов Бактыбек 355
Кенжебек Субанов 356
Момбеков айыл өкмөтүнүн аппараты 357
Кубатов Тажикул 357
Төрөканов Данияр 358
Айыл башчылар 359
Меңдибаев Тургуналы 359
Макибаев Акынбек 360
Мамадалиев Талантбек 361
Жыйынтыктоочу сөз 363

